КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ КУРЧАП
ТУРГАН ЧӨЙРӨНҮ КОРГОО ЖАНА ТОКОЙ ЧАРБАСЫ БОЮНЧА
МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН
БИОЛОГИЯ-ТОПУРАКТААНУУ ИНСТИТУТУ**

**КЫРГЫЗСТАНДЫН "АЛЕЙНЕ" ЭКОЛОГИЯЛЫК КЫЙМЫЛЫ**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
# КЫЗЫЛ КИТЕБИ

**ЭКИНЧИ БАСЫЛЫШЫ**

**БИШКЕК 2006**

УДК 502/504
ББК 20.1
К97

## Редакциялык кеңеш

**Төрага:**

А.А. Давлеткельдиев, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча Мамлекеттик агенттигинин директору

**Төраганын орун басары:**

Э.Дж. Шукуров, география илимдеринин доктору, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмери, профессор, Кыргызстандын «Алейне» экологиялык кыймылынын төрагасы (башкы редактор);

А.Т. Чынгожоев, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча Мамлекеттик агенттигинин стат-катчысы;

А.М. Бурханов, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча Мамлекеттик агенттигинин директорунун орун басары;

С.М. Маматов, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча Мамлекеттик агенттигинин директорунун орун басары;

**Редакциялык коллегиянын мүчөлөрү:**

Т.С. Мусуралиев, биология илимдеринин кандидаты;

Ш.М. Асылбаева, илимий кызматкер;

Р.Н. Ионов, биология илимдеринин доктору;

Э.Ш. Касыбеков, биология илимдеринин доктору;

И.С. Содомбеков, биология илимдеринин доктору, профессор;

В.М. Сураппаева, биология илимдеринин кандидаты (жооптуу катчы);

Э.Т. Турдукулов, биология илимдеринин доктору, профессор.

**Чыгарылышка жооптуу:**

**У.А. Мамбеталиев NFPF FAO координатору**

К97 **Кыргыз Республикасынын Кызыл китеби**/Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттиги, Улуттук Илимдер Академиясынын Биология-топурактаануу институту, Кыргызстандын "Алейне" экологиялык кыймылы. – 2-чи бас. – Бишкек: 2006. – 544 б.– Текст кырг., орус, англ. тил. – ISBN 9967-23-367-2

Кыргызстандын Кызыл китебинин экинчи чыгарылышы биринчисинен 20 жылдан кийин чыгып отурат. 2005 ж. кайрадан такталган жаңы тизмеге сейрек жана жоголуп кетүү коркунучунун алдында турган козукарындардын 4 түрү, өсүмдүктөрдүн 83 түрү, жөргөмүштүн 1 түрү, курт-кумурскалардын 17 түрү, балыктардын 7 түрү, жерде-сууда жашоочулардын 2 түрү, сойлоп жүрүүчүлөрдүн 8 түрү, канаттуулардын 57 түрү, сүт эмүүчүлөрдүн 23 түрүнүн макалалары берилди.

Басылма, биринчи иретте, Кыргызстандын жаратылышынын сакталуусуна жооптуу мамлекеттик мекемелердин кызматчыларына, ошондой эле, экологдорго жана биологиялык ресурстарды колдонуучуларга арналган.

FAO NFPFтин каржылоосу менен басмадан чыгарылган.

**К 1502010000-06** **УДК 502/504**
**ISBN 9967-23-367-2** **ББК 20.1**

© Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттиги

© Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Биология-топурактаануу институту

© Кыргызстандын "Алейне" экологиялык кыймылы

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ОХРАНЕ ОКРУЖАЮЩЕЙ СРЕДЫ И ЛЕСНОМУ ХОЗЯЙСТВУ ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БИОЛОГО-ПОЧВЕННЫЙ ИНСТИТУТ НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ЭКОЛОГИЧЕСКОЕ ДВИЖЕНИЕ КЫРГЫЗСТАНА “АЛЕЙНЕ”

# КРАСНАЯ КНИГА
# КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ВТОРОЕ ИЗДАНИЕ

БИШКЕК 2006

УДК 502/504
ББК 20.1

К97

## Редакционный совет

**Председатель:**

А. А. Давлеткельдиев, Директор Государственного агентства по охране окружающей среды и лесному хозяйству при Правительстве Кыргызской Республики

**Заместители председателя:**

Э. Дж. Шукуров, доктор географических наук, заслуженный деятель науки Кыргызской Республики, профессор, председатель экологического движения Кыргызстана «Алейне» (главный редактор)

А.Т. Чынгожоев, Статс-секретарь Государственного агентства по охране окружающей среды и лесному хозяйству при Правительстве Кыргызской Республики

А. М. Бурханов, Заместитель директора Государственного агентства по охране окружающей среды и лесному хозяйству при Правительстве Кыргызской Республики

С.М. Маматов, Заместитель директора Государственного агентства по охране окружающей среды и лесному хозяйству при Правительстве Кыргызской Республики

**Члены редакционной коллегии:**

Т. С. Мусуралиев, кандидат биологических наук;
Ш. М. Асылбаева, научный сотрудник;
Р. Н. Ионов, доктор биологических наук;
Э.Ш. Касыбеков, доктор биологических наук;
И.С. Содомбеков, доктор биологических наук, профессор;
В. М. Сураппаева, кандидат биологических наук (ответственный секретарь);
Э.Т. Турдукулов, доктор биологических наук, профессор.

**Ответственный за выпуск:**
**У.А.Мамбеталиев координатор NFPF FAO**

К97 **Красная книга Кыргызской Республики/** Государственное агентство по охране окружающей среды и лесному хозяйству при Правительстве Кыргызской Республики, Биолого-почвенный институт Национальной академии наук Кыргызской Республики,. Экологическое движение Кыргызстана “Алейне”. – 2-е изд. – Бишкек: 2006. – 544 стр. – Текст на кырг., русс., англ. яз. – ISBN 9967-23-367-2

Второе издание Красной книги Кыргызстана выходит 20 лет спустя после первого. Приведены очерки обновленного в 2005 г. списка редких и находящихся под угрозой исчезновения видов, включая 4 вида грибов, 83 – растений, 1 вид паукообразных, 17 видов насекомых, 7 видов рыб, 2 – земноводных, 8 – пресмыкающихся, 57 – птиц и 23 вида млекопитающих.

Издание ориентировано, в первую очередь, на работников государственных учреждений, ответственных за сохранение живой природы Кыргызстана, а также на экологов и пользователей биологическими ресурсами.

**Издано при финансовой поддержке FAO NFPF**

**К 1502010000-06**
**ISBN 9967-23-367-2**

**УДК 502/504**
**ББК 20.1**

© Государственное агентство по охране окружающей среды и лесному хозяйству при Правительстве Кыргызской Республики
© Биолого-почвенный Институт Национальной академии наук Кыргызской Республики
© Экологическое движение Кыргызстана “АЛЕЙНЕ”

STATE AGENCY ON ENVIRONMET PROTECTION AND FORESTRY UNDER
THE GOVERNMENT OF KYRGYZ REPUBLIC

INSTITUTE FOR BIOLOGY AND PEDOLOGY OF NATIONAL ACADEMY OF SCIENCES OF
KYRGYZ REPUBLIC

ECOLOGICAL MOVEMENT “ALEINE” OF KYRGYZSTAN

# KYRGYZ REPUBLIC
# RED DATA BOOK

SECOND EDITION

BISHKEK 2006

УДК 502/504
ББК 20.1
К97

## Editorial board

**Editor-in-cheif:**

Arstanbek A. Davletkeldiev, Director of State agency on environment protection and forestry under the Government of Kyrgyz Republic.

**Deputies of editor-in-cheif:**

Emil Dj. Shukurov, Prof., Dr. Sc., Chairman of "Aleine" ecological movement of Kyrgyzstan (head editor).

Abdymital T. Chynkojoev, State Secretary of State agency on environment protection and forestry under the Government of Kyrgyz Republic.

Aitkul M. Burhanov, Deputy Director of State agency on environment protection and forestry under the Government of Kyrgyz Republic.

Samagan M. Mamatov, Deputy Director of State agency on environment protection and forestry under the Government of Kyrgyz Republic.

**Members of editorial board:**

Cand. Sc. Turatbek S. Musuraliev;
M.Sci. Shaigul M. Asylbaeva;
Dr. Sci. Rostislav N. Ionov;
Dr. Sci. Erkin Sh. Kasybekov;
Dr. Sci. Ishenbai S. Soodanbekov;
Executive secretary Cand. Sc. Venera M. Surappaeva;
Dr. Sci., Prof. Eshaly T. Turdukulov.

**In charge of publication:**

**Urmat A. Mambetaliev FAO NFPF Coordinator**

К97 **Red Data Book of Kyrgyz Republic/** State agency on environment protection and forestry under the Government of Kyrgyz Republic. Institute for Biology and Pedology of National Academy of Sciences of Kyrgyz Republic. Ecological Movement "Aleine" of Kyrgyzstan. – 2 ed. – Bishkek: 2006. – 544 p. – Text in kyrg., russ., engl. lang.

Second edition of Red Data Book of Kyrgyz Republic includes 4 fungi species, 83 – plants, 1 species of spiders, 17 species of insects, 7 fish species, 2 – amphibians, 8 – reptiles, 57 species of birds and 23 species of mammals.

In the first, the present issue is offered to employers of state institutions, who are responsible for nature conservation in Kyrgyzstan. The book is also useful for ecologists and users of natural biological resources.

**Published under financial support of FAO NFPF.**

**К 1502010000-06** **УДК 502/504**
**ISBN 9967-23-367-2** **ББК 20.1**

© State agency on environment protection and forestry under the Government of Kyrgyz Republic
© Institute for Biology and Pedology of National academy of sciences of Kyrgyz Republic
© Ecological Movement "Aleine" of Kyrgyzstan

# Мазмуну


Сөз башы 8
Киришүү 11

Биринчи бөлүм. Козукарындар жана татаал түзүлүштүү өсүмдүктөр 29
Козукарындар 31
Татаал түзүлүштүү өсүмдүктөр 47

Экинчи бөлүм. Жаныбарлар 229
Муунак буттуулар 231
Балыктар 295
Жерде-суудa жашоочулар жана сойлоп жүрүүчүлөр 315
Канаттуулар 347
Сүт эмүүчүлөр 473

Көрсөткүчтөр 529


# Содержание


**Предисловие** **8**
**Введение** **11**

**Часть первая. Грибы и высшие растения** **29**
**Грибы** **31**
**Высшие растения** **47**

**Часть вторая. Животные** **229**
**Членистоногие** **231**
**Рыбы** **295**
**Амфибии и рептилии** **315**
**Птицы** **347**
**Млекопитающие** **473**

**Указатели** **529**


# Contents


**The foreword** **8**
**Introduction** **11**

**First part. Fungi and Plants** **29**
**Fungi** **31**
**Plants** **47**

**Second part. A nimals** **229**
**Arthropods** **231**
**Fishes** **295**
**Amphibians and Reptiles** **315**
**Birds** **347**
**Mammals** **473**

**Indices** **529**

# Сөз башы

Биздин азыркы убакта Жердин тарыхында адамбаласы тарабынан жаратылыш чөйрөсүнүн (дээрлик таптакыр кыйроого чейин) аябай кескин өзгөрүшүнүн убагы экендигин түшүнүү кантип кападар кылбасын. Азыркы учурда Адам тукумунун таасиринин натыйжасында планетабызда өсүмдүктөр менен жаныбарлардын миңдеген түрлөрү жок болуп кетиши мүмкүн. Бул процессти токтотуу абзел, себеби биологиялык ар түрдүүлүктүн мындан ары азайышы экосистемалардын туруктуулугунун бузулушуна алып келет.

Акыркы эки он жылдыкта биз сейрек жана жоголуп бара жаткан түрлөр, биологиялык ар түрдүүлүк, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн коргоо, мониторинг, кадастр, «Кызыл китеп» жана башка ушул сыяктуу түшүнүктөрдү колдоно баштадык. Биологиялык ар түрдүүлүктү коргоо формаларынын бири болуп «Кызыл китеп» саналат. Бул китептер жоголуу коркунучунда турган жаныбарлар жана өсүмдүктөрдүн түрлөрү жана алардын санын турукташтыруу же калыбына келтирүү боюнча практикалык сунуштар жөнүндөгү маалыматтарды камтыйт.

«Кызыл китептин» улуттук биринчи чыгарылышынан бери (Кыргыз ССРинин Кызыл китеби, 1985) 20 жыл өттү. Бул жылдар ичинде көптөгөн жапайы жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн саны боюнча байкаларлык өзгөрүүлөр болду. КР УИА Биология-топурактаануу институтунун окумуштуулары тарабынан акыркы 20 жылда сейректеп жана жоголуп бара жаткан жаныбарлар менен өсүмдүктөргө анализ жасалып, алардын таралышын тактоо боюнча Кыргызстандын бүткүл территориясында илимий экспедициялар жүргүзүлдү. Сейректеп жана жоголуп бараткан жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн тизмеси такталып, Борбордук Азиянын деңгээлинде талкууланган, Россия, Украина, Саха Республикасы, Грузия, Финляндиядан келген адистер тарабынан расмий такталган жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген.

1985-жылы чыгарылган «Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине» салыштырмалуу жаңы китептин көлөмү кеңейтилди. Бирок, бул жаныбарлардын санынын төмөндөшү менен жердеген жерлеринин начарлашынан улам эмес, негизги себеп, өсүмдүктөр менен жаныбарлар азыркы кезде бир топ мыкты изилденгендигинде.

«Кызыл китептин» чыгарылышы – абдан маанилүү окуя. Бул китепке киргизилген сейрек жана жоголуп бара жаткан өсүмдүктөр менен жаныбарлардын түрлөрү биологиялык ар түрдүүлүктү коргоонун ийгиликтүү стратегиясына өтө муктаж. Мындай стратегия биздин табигый улуу мурасыбызды коргоону гана камсыз кылбастан, биологиялык ресурстарды пайдалануу принциптерин да өзгөртөт, ага толугураак мүнөздөмө берет.

Бул басылма Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик токой кызматы, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Биология-топурактаануу институту жана Кыргызстандын «Алейне» экологиялык кыймылы бейөкмөт уюму араларындагы тыгыз кызматташтыктын натыйжасында чыгарууга мүмкүндүк болду.

Бул китепти даярдоодо жигердүү иштешкен окумуштууларга, Кыргызстандын токой секторунун кызматчыларына, китепти басып чыгарууга көмөк көрсөтүшкөн ФАОнун Токой департаментине, Евросоюздун «JUMP» долбооруна жана Түркиянын Эларалык кызматташтык администрациясына терең ыраазычылыгымды билдиремин.

**А.Бурханов**

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча Мамлекеттик агенттигинин директорунун орун басары

# Предисловие

Как ни печально осознавать, но наше время стало в истории Земли временем наиболее резкого изменения (почти до грани разрушения) человечеством природной среды обитания. В настоящее время, в результате антропогенного воздействия, на планете могут исчезнуть тысячи видов растений и животных. Этот процесс необходимо останавливать, потому что дальнейшее сокращение биоразнообразия может привести к дестабилизации экосистем.

В последние два десятилетия мы начали использовать такие понятия, как редкие и исчезающие виды, биоразнообразие, охрана растительного и животного мира, мониторинг, кадастр, Красная книга и другие. Одной из форм сохранения биологического разнообразия являются Красные книги. Они содержат информацию о наиболее уязвимых видах животных и растений и практические рекомендации по стабилизации или восстановлению их численности.

Со времени первого издания национальной Красной книги (Красная книга Кыргызской ССР, 1985) прошло 20 лет. За эти годы произошли заметные изменения в численности многих видов диких животных и растений. Учеными Биолого-почвенного института НАН КР сделан анализ материалов редких и исчезающих видов животных и растений за последние 20 лет, проведены научные экспедиции по всей территории Кыргызстана по уточнению их ареала распространения. Полученный список редких и исчезающих видов животных и растений обсужден на Центрально-азиатском уровне и получил официальные подтверждения специалистов из России, Украины, Республики Саха, Грузии, Финляндии и утвержден правительством Кыргызской Республики.

По сравнению с “Красной книгой Киргизской ССР”, выпущенной в 1985 году, объем новой книги увеличился. Но это не из-за снижения численности и ухудшения мест обитания животных, а главная причина в том, что многие растения и животные теперь значительно лучше изучены.

Выход «Красной книги» - очень значимое и важное событие. Редкие и исчезающие виды растений и животных, включенные в нее, остро нуждаются в успешной стратегии охраны биологического разнообразия. Такая стратегия способна не только обеспечить спасение нашего величайшего природного наследия, но и изменить принципы использования биологических ресурсов, придав им неистощительный характер.

Настоящее издание стало возможным благодаря тесному сотрудничеству между Государственной лесной службой КР, Биолого-почвенным институтом НАН КР и неправительственной организацией Экологическое движение Кыргызстана «Алейне».

Выражаю благодарность ученым, работникам лесного сектора Кыргызстана, проделавшим колоссальную работу и подготовившим эту книгу, Лесному Департаменту ФАО, проекту Евросоюза «JUMP» и Турецкой международной администрации по сотрудничеству, оказавшим поддержку в подготовке и издании книги.

**А. Бурханов**
Заместитель директора Государственного агентства по охране окружающей среды и лесному хозяйству при Правительстве Кыргызской Республики

# The Foreword

However sad to realize, our time have become the one of the sharpest changes of environment (almost edging full demolition) caused by the mankind in the history of the Earth. At the moment, as a result of anthropogenic impact, thousands species of plants and animals are endangered. This process must be arrested as further biodiversity reduction can lead to destabilization of ecological systems.

For last two decades we frequently use such concepts as rare and endangered species, the biodiversity, protection of flora and fauna, monitoring, cadastre, the Red Book etc. Red Book is one way of preservation of biodiversity. They contain data on the most vulnerable animal and plant species and practical recommendations on stabilization or restoration of their stocks.

20 years have passed since the first publication of the national Red Book (Red Book of the Kyrgyz Soviet Socialist Republic, 1985). Within this time the stocks of many species of wild animals and plants have substantially changed. Within last 20 years the scientists of Biology and Soil Institute of National Science Academy of the Kyrgyz Republic have analyzed data on rare and endangered species of animals and plants and scientific expeditions across the whole Kyrgyzstan have been carried out to specify their distribution areas. The found list of rare and endangered species of animals and plants was discussed at the Central Asia countries level and officially acknowledged by experts from Russian Federation, Ukraine, Republic of Saha, Georgia and Finland and adopted by the Government of the Kyrgyz Republic.

Contents of the new book is extended compared to “Red Book of the Kyrgyz SSR” released in 1985. But this is not because of reduction of stocks or deterioration of animal habitats, but for most plants and animals are now much better explored.

Release of the Red Book is very significant and important event, and rare and endangered species of plants and animals included are in desperate need of a successful strategy for protection of biodiversity. Such strategy would be capable not only to ensure saving our greatest natural heritage, but to change principles of use of biological resources shaping them into inexhaustible ones as well.

The present edition became feasible thank to close cooperation between State Forestry Service of the Kyrgyz Republic, Biology and Soil Institute of National Science Academy of the Kyrgyz Republic and Ecological Movement of Kyrgyzstan “Aleine” (NGO).

We acknowledge Kyrgyz scientists and forestry specialists who worked enormously hard to prepare this book, as well as the Forestry Department of FAO, “JUMP” project (European Union), and Turkish International Cooperation Administration for support in preparation and publication of the book.

**A. Burhanov**

Deputy Director of State agency on environment protection and forestry under the Government of Kyrgyz Republic

# Киришүү

Айрым биологиялык түрлөрдү сактап калуу жөнүндө ой байыркы замандарда эле келип чыккан. Коомдун өнүгүүсүнүн алгачкы баскычтарында ар кайсы уруулар өзүнүн келип чыгышын жаныбарлар жана канаттуулар менен байланыштырышкан да, аларды тотем катары эсептеп, коргошкон. Бул түшүнүктүн издери биздин күнгө чейин уруулардын аттарында, фольклордо, салт жана үрп-адатта сакталып келет.

Көчмөн жана аңчылык кылган элдерде жапайы жаратылыш менен миңдеген жылдар бою жашоо-тиричиликти камсыз кылуучу, салыштырмалуу туруктуу тең-салмактуу карым-катнаш түзүлгөн. Жер иштетүү маданиятына өтүү менен азыркы учурда да уланып жаткан табигый экосистемаларды эгин талааларына айландыруу башталды. Кургактыктын жарымынан көбүрөөк мейкининдеги жапайы жаратылыш салыштырмалуу сак турган кезинде биосферага жана биологиялык ар түрдүүлүккө болгон коркунуч жергиликтүү гана мүнөзгө ээ болгон. Түрдүн жок болуусуна түздөн-түз адам тарабынан кырылуусу себепкер болгон. XX кылымдын ортосунан тартып бул абал олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болду, бузулган экосистемалар жана антропогендик ландшафт континенттердин жарымынан көбүн ээледи. Бул учурдан тартып түрдүн тукум курут болуусу негизинен табигый экосистемалардын деградациясы жана антропогендик экосистемаларга алмаштырылышы менен байланышкан массалык мүнөзгө ээ болду.

Айрым түрлөр гана эмес, бүтүн биологиялык топтор, өзгөчө, эволюциянын жана биологиялык ар түрдүүлүктүн планетардык борбору болгон жана глобалдык тиричилик камсыз кылуунун эң маанилүү бөлүгү болуп эсептелген тропикалык жаанчыл токой зоналарында жок болууда. Ачууга жана сүрөттөп жазууга биз али жетишпеген миңдеген түрлөр жыл сайын каттоосуз жок болууда. Бул илим үчүн гана жоготуу болбостон, адам коому үчүн катастрофанын жакындашы болуп эсептелет.

Биологиялык ар түрдүүлүктү экосистемалардын туруктуу иш-аракетинин шарты деп кароого болот. Экосистемалардын туруктуу иштөөсү учурдагы тиричилик формаларына, анын ичинен адам баласына жагымдуу планетардык климаттын түзүлүшүнүн шарты болуп эсептелет. Биологиялык ар түрдүүлүксүз адамдын тиричилигинин мүмкүн эместиги анык.

Биологиялык ар түрдүүлүктүн азаюусу жана табигый экосистемалардын жоголуусу планетардык масштабда жүрүүдө. Ошондуктан, маселени бардык өлкөлөрдүн аракеттерин бириктирүүдө гана чечүүгө мүмкүн. Бул маселени чечүү үчүн жасалган аракеттердин биринчилеринен болуп 1934-жылы Брюсселде Жаратылышты коргоонун эларалык бюросун түзүү саналат. Бул демилге ЮНЕСКО тарабынан колдоого алынган жана 1948-жылы Жаратылышты коргоо боюнча Эларалык биримдик түзүлгөн (ЖКЭБ). ЖКЭБдин демилгеси менен 1966-жылдан баштап *Фактылардын Кызыл китеби* басылып чыгарылат. Анда жок болуу коркунучунда турган жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн тизмеси келтирилет.

1974-жылы СССРдин Кызыл китеби түзүлгөн. 1978-жылы сүт эмүүчүлөрдүн 62 түрү жана түрчөсү, канаттуулардын 63 түрү жана түрчөсү, жерде-сууда жашоочулардын 8 түрү, сойлоп жүрүүчүлөрдүн 21 түрү, өсүмдүктөрдүн 444 түрү киргизилген СССРдин Кызыл китебинин биринчи чыгарылышы жарык көргөн. Алардын ичинде Кыргызстандын территориясында да кездешкен түрлөр болгон.

1981-жылы Кыргыз ССРнин Өкмөтү тарабынан улуттук Кызыл китепке киргизилүүчү түрлөрдүн тизмеси бекитилген. 1984-жылы кошумча тизме ырасталган. Жалпысынан алганда Кыргыз ССРинин Кызыл китебине сүт эмүүчүлөрдүн 13 түрү жана түрчөсү, канаттуулардын 31 түрү жана түрчөсү, сойлоп жүрүүчүлөрдүн 3 түрү, балыктардын 1 түрү, курт-кумурскалардын 16 түрү жана жогорку өсүмдүктөрдүн 65 түрү кирүүгө тийиштүү эле.

Тилекке каршы, 1985-жылы чыккан Кыргыз ССРнин Кызыл китебине биринчи тизмедеги эле түрлөр кирген: сүт эмүүчүлөрдүн 13 түрү жана түрчөсү, канаттуулардын 20 түрү жана түрчөсү, сойлоп жүрүүчүлөрдүн 3 түрү, балыктардын 2 түрү, курт-кумурскалардын 5 түрү жана жогорку

өсүмдүктөрдүн 65 түрү. Ошондон бери бүгүнкү күнгө чейин тизмелер кайра каралган эмес жана Кызыл китеп кайра чыгарылган эмес.

2005-жылы май айында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому менен козукарындардын 4 түрү, жогорку өсүмдүктөрдүн 83 түрү, муунак буттуулардын 18 түрү, балыктардын 7 түрү, жерде-сууда жашоочулардын 2 түрү, сойлоп жүрүүчүлөрдүн 8 түрү, канаттуулардын 57 түрү, сүт эмүүчүлөрдүн 23 түрү киргизилген жаңы тизме бекитилген.

Алдын ала талкуулоо мурунку тизмектеги түрлөрдүн бир бөлүгү жетишерлик эмес негизде киргизилгендигин, ал эми башка бөлүгүнүн статусун аныктоо үчүн маалыматтын жетишсиздигин көрсөттү. Башка жагынан алып караганда, түрлөрдүн катары атайын коргоо иш-аракеттерине муктаж жана Кызыл китепке киргизилиши зарыл. Мамлекеттик Кызыл китептин биринчи чыгарылышынан бери көптөгөн түрлөрдүн абалы өзгөрдү, ошондой эле жаңы маалыматтар да чогулду. Эларалык тажрыйба жана Кызыл китептер жөнүндөгү жоболор китепке киргизилген түрлөрдүн абалын мезгил-мезгили менен кайра карап чыгуунун зарылдыгын белгилейт. Жаңы чыгарылышта түрдүн санынын көбөйүшү абалдын начарлап кетишинин жана чындыгында жок болуп кетүү коркунучунун алдында турган түрлөрдүн санынын көбөйүшүн көрсөтпөйт. Жаңыдан киргизилген түрлөр үчүн алардын абалын тагыраак түшүнгөндүгүбүздү, мурда салыштырмалуу жакшы абалда деп эсептелген түрлөрдү толугураак изилдей келгенде, алардын коркунуч абалында калгандыгы белгилүү болгондугун билдирет. Тизмеге кирген түрлөрдүн башка бир бөлүгүнүн абалы, мүмкүн, Кызыл китептин биринчи чыгарылышынан берки убакытта начарлаган. Мындан тышкары, Кыргызстанда салыштырмалуу жакшы абалдагы түр глобалдык масштабда алып караганда коркунуч алдында болушу мүмкүн жана өзгөчө ЖКЭБдин Кызыл китебине кирген түр болсо, аны тийиштүү түрдө коргоо зарыл.

Жаңы тизме түрлөргө белгилүү бир статусту берүү жана Кызыл китепке киргизүү үчүн ЖКЭБ тарабынан сунуш кылынган баалоо принциптерин да эске алат. 2001-жылы кабыл алынган 3.1 версиясы түрдүн (түрчөнүн, жергиликтүү популяциянын) жок болуп кетүү ыктымалдуулугун баалоонун негизинде түзүлгөн. Ар түрдүү категориялардын өз ара катышы схемада көрсөтүлгөн:




**1-сүрөт. Категориялардын түзүлүшү**

1-сүрөттөгү категориялар түрдүн тукум курут болуу ыктымалдуулугун баалоо боюнча орун алышкан.

Мындай баа берүү түрдүн абалынан гана көзкаранды болбостон, ал түр жөнүндө биздин билимибизден да көзкаранды. Маалымат жетишерлик болгондо гана белгилүү бир түр үчүн коркунучтун деңгээли жөнүндө толук ой жүгүртө алабыз.

Ошондуктан, баа берилбеген жана маалыматы жетишсиз болгон түрлөрдү ишенимдүү түрдө тигил же бул категорияга тиешелүү деп кароого болбойт.

Тамгалык белгилөөлөр англис тилиндеги терминдерге туура келет:

EX – Extinct - “Жок болуп кеткендер”

EW - Extinct in the Wild - “Жапайы жаратылышта жок болгондор”,

CR - Critically Endangered - “Толук жоголуу чегинде тургандар”,

EN - Endangered - “Жок болуп бара жаткандар”,

VU - Vulnerable - “Аярлуулар”,

NT - Near Threatened - “Коркунуч абалына жакын тургандар”,

LC - Least Concern - “Аз коркунуч туудургандар”

DD - Data Deficient - “Маалыматтын жетишсиздиги”,

NE - Not Evaluated - “Баа берилген эмес”.

Белгилүү бир категорияга кирүү үчүн түр туура келген критерийлерге жооп бериши керек. Негизги критерийлер 1-таблицада берилген. Түрдү тигил же бул категорияга киргизүүдө бул таблицаны колдонууга болот. Эгер түр критерийлердин биреөнө да туура келбесе, ал Кызыл китепке киргизилбейт.

**1-таблица. Кызыл китепке киргизүүгө тийиштүү түрлөр үчүн ЖКЭБдин категориялары жана критерийлери**

| ЖКЭ Бнин жаңы категориялары<br><br>Критерийлер: | Толук жоголуу чегинде тургандар | Жок болуп бара жаткандар | Аярлуулар |
|---|---|---|---|
| **А. Баалоо мезгилиндеги дүйнөлүк популяциянын кыскарышы** | 10 жылда же үч муунда 80% | 10 жылда же үч муунда 50% | 10 жылда же үч муунда 20% |
| 1. Сандын байкалган, бааланган же мурда божомолдонгон кыскаруусу же<br>2. Төмөнкү маалыматтар боюнча сандын келечекте белгиленген же божомолдонгон кыскаруусу:<br>a. түздөн-түз байкоо жүргүзүү<br>b. таксондун өзгөчөлүктөрүнө туура келген көптүк (молдук) индекси<br>c. таралуу жана жашоо аймагынын кыскаруусу жана / же жашоо чөйрөсүнүн сапатынын начарлоосу<br>d. иш жүзүндөгү жана потенциалдык эксплуатациянын деңгээли e. башка түрлөрдүн, аргындашуунун, патогендердин, булгоочулардын, конкуренттердин же мителердин таасири | | | |
| **В. Таралуу аймагынын чектелүүсү, азаюуусу же өзгөрүүсү** | Төмөнкү үч белгинин экөөсүнүн негизинде: | 100-1000 кв.км ден азыраак | 500-5000 кв.км ден азыраак |
| 1. күчтүү фрагментация: (жоготкон ареалын кайра калыбына келтирүү ыктымалдуулугу азайган обочолонгон популяциялар) же бир гана локалитетте жашоочу таксон.<br>2. төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча азаюу же начарлоо: a. таралуу аймагы<br>b. жашоо аймагы с жашоо чөйрөсүнүн аянты, узактыгы жана / же сапаты<br>d. жашоо участогу же популяциянын саны e. чоң особдордун саны | = 1 | 5 тен аз | 10 дон аз |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 3. төмөнкү параметрлердин кырдаалдуу өзгөрүүсү:<br>a. таралуу аймагы<br>b. жашоо аймагы<br>c жашоо участогунун (локалитеттин) же популяциянын саны<br>d. чоң особдордун саны | > 1 | > 1 | > 1 |
| **C Санынын чектелиши жана азаюуусу**<br>чоң особдордун саны төмөнкү экөөнүн бири:<br>1. азаюуунун тездиги<br>2. уланып жаткан азаюуу, ошондой эле<br>a. күчтүү фрагментацияланган ареал же<br>b. бардык индивидуумдар жалгыз гана локалитетте | 250 особдон аз 3жылда же 1 муунда 25% бүт популяция 50дөн аз | 2500 особдон аз 5жылда же 2 муунда 20% бүт популяция 250 дөн аз | 10000 особдон аз 10жылда же 3 муунда 10% бүт популяция 1000ден аз |
| **D. Саны өтө аз же чектелген**<br>1.чоң особдордун саны же<br><br>2. опуляция сезгич | 50ден кем<br><br>колдонууга мүмкүн эмес | 250ден кем<br><br>колдонууга мүмкүн эмес | 1000ден кем<br>Жашоо аянты 100 кв.км ден же 5 локалитеттен аз |
| **E. Сандык анализ**<br>Жаратылышта жок болуп кетүүсүнүн ыктымалдуулугу жок дегенде: | 10 жылда же 3 муунда 50% | 10 жылда же 5 муунда 20% | 100 жылда 10% |

1-таблицада келтирилген критерийлер түрдүн дүйнөлүк популяциясын баалоо үчүн иштелип чыккандыгын эске алуу керек. Эреже катары, ар бир өлкөдө абалы өлкөдө болуу мүнөзүнө, ареалынын бөлүгүнө көзкаранды болгон дүйнөлүк популяциянын бөлүгү гана жашайт. Ар бир популяциянын саны табигый түрдө өзгөрүп турат, бирок ареалдын чет жактарында бул өзгөрүүлөр маанилүүрөөк келет да, түрдүн жалпысынан жакшы абалда тургандыгына карабастан, белгилүү бир жерлерде убактылуу жок болуп кетиши байкалат. Түр бир өлкөдө сейрек кездешүүчү болсо, башка бир өлкөдө көп санда болушу мүмкүн. Кээбир түрлөр белгилүү бир территорияларда убактылуу, көбөйүү мезгилинен тышкары же кокусунан болушат. Ошондуктан, баа берүү ар бир өлкө үчүн айкын жагдай боюнча, бирок түрдүн дүйнөлүк абалын эске алуу менен жүргүзүлүшү керек.

Улуттук жана регионалдык Кызыл китептин түрлөрү үчүн критерийлер өлкөнүн өзгөчөлүгүн эске алуусу керек да, ЖКЭБ тарабынан сунуш кылынган ыкмалардын биримдигин сактоо керек.

Түрлөрдүн айрым группаларынын жоктугу чөйрөнүн параметрлеринин өзгөрүүсүнө экосистеманын туура жооп бере албастыгын билдирет.

Категорияларды аныктоонун негизинде түрдүн негизги тиричилик параметрлери (көрсөткүчтөрү) (санынын, ареалынын, жашоо чөйрөсүнүн ж.б. абалы) боюнча илимий маалыматтарды анализдөө жатат. Чындыгында, ушундай көрсөткүчтөрдүн түрдүн тиричиликте калуусунун критикалык деңгээлине жакындашы анын жок болуп кетүү коркунучун аныктоосу керек (1-сүр.). Бирок мындай көрсөткүчтөр бардык түрлөр үчүн белгилүү эмес же аларды белгилөө кыйын болушу мүмкүн, ошондуктан, категорияларды аныктоо критерийлердин формалдык системасы аркылуу ишке ашырылат.

Түрлөрдүн (түрчөлөрдүн) жапайы жаратылышта жок болуп кетүү коркунучу боюнча баалоонун улуттук системасы төмөнкү категорияларды камтыйт:

Жок болуп кеткен (0) түрлөр «Өлкөдө жок болуп кеткендер» «Regionally Extinct» (EX) же «Өлкөнүн жапайы жаратылышында жоголуп кеткендер» «Regionally Extinct in the World» катары аныкталуусу мүмкүн. Түрдүн акыркы особу кандайдыр-бир шарттардын негизинде өлсө же жок болуп кетсе, ал түр өлкөдө жок болуп кеткен деп эсептелинет. Мындай түрлөрдүн бир бөлүгү ошондой эле дүйнөдө жок болуп кетиши мүмкүн «Globally Extinct» (EX). Эгер түр маданиятта гана, өстүрүүчү жайда гана же мурунку ареалынан тышкары жасалма популяция катары сакталып калса, ал түр өлкөнүн жапайы жаратылышында жоголуп кеткен болуп саналат.

Мындай түрлөрдүн бир бөлүгү ошондой эле дүйнөнүн жапайы жаратылышында жок болуп кетиши мүмкүн «Globally Extinct in the Wild» (EW).

Коркунуч туудурган түрлөр (1) «Толук жоголуу чегинде тургандар» - «Critically Endangered» (CR) же «Жок болуп бара жаткандар» -«Endangered» (EN) катары бааланышы мүмкүн. Түрдүн тиричилик көрсөткүчтөрү критикалык деңгээлге жетсе (же жакынкы арада жетүү ыктымалдуулугу чоң болсо) толук жоголуу чегинде турат деп эсептелинет. Ошондуктан, ал жапайы жаратылышта толук жок болуп кетүүнүн өтө жогорку деңгээлдеги коркунучунун алдында турат. Түрдүн тиричилик көрсөткүчтөрү критикалык деңгээлге жакын турса (же жакынкы келечекте ага жакындоо ыктымалдуулугу жогору болсо), ал жок болуп бара жаткан түр катары саналат. Ошондуктан, ал жапайы жаратылышта толук жок болуп кетүүнүн жогорку деңгээлиндеги коркунучунун алдында турат (3-тиркеме).

Аярлуу түрдүн тиричилик параметрлери критикалык деңгээлден алыс эмес (же келечекте алыс эмес болуп калуу ыктымалдуулугу орточо), ошондуктан, түр жапайы жаратылышта толук жок болуп кетүүнүн орто деңгээлиндеги коркунучунун алдында турат (3-тиркеме). Эгер түрдүн тиричилик параметрлери кескин кыскарып бара жатса же олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болсо, ал аярлуу түр «Кыскарып жаткан» - «Vulnerable: Declining»-(VU:D=VU, ЖКЭБдин D критерийин санабаганда) катары, эгер анын тиричилик параметрлери чектелген болсо, «Табигый сейрек»-«Vulnerable: Naturally rare» – (VU:R=VU, ЖКЭБнин D, E критерийлери) катары бааланышы мүмкүн.

Түрдүн жок болуп кетүү коркунучунун потенциалдык абалы «Коркунуч абалына жакын тургандар» (3) – «Near Threatened» - (NT) категориясы менен аныкталат. Түрдүн тиричилик параметрлери түрдүн тиричиликте калуусунун критикалык деңгээлинен салыштырмалуу алыс турса, бирок келечекте ага жетүү ыктымалдуулугу бар болсо, ал түр коркунуч абалына жакын турган түр катары саналат. Ошондуктан, ал жапайы жаратылышта жок болуп кетүүнүн потенциалдык коркунучунун алдында турат.

Бул категориянын түрлөрү аярлууларга жакын жана иш жүзүндө коргоо статусу бирдей. Бул категорияга, айрыкча, мурда жок болуп кетүү коркунучунун алдында турган, бирок ареалын калыбына келтирген жана санын стабилдүү абалга жеткирген түрлөр, ошондой эле, жаратылышты коргоо иш-аракеттерине киргизилген жана абалы коргоо чараларынан көзкаранды болгон түрлөр тиешелүү.

«Маалыматтын жетишсиздиги» (4) - Data Deficient – (DD) категориясы статусу аныкталган эмес (белгисиз) түрлөрдү камтыйт жана жок болуп кетүү коркунучунун категориясы болуп саналбайт. Түрдү бул категорияга киргизүү менен көбүрөөк маалымат керектиги көрсөтүлөт жана келечектеги изилдөөлөрдүн бул түрдүн жок болуп кетүү коркунуч категорияларынын биринин катарына киргизүүгө мүмкүнчүлүк бере тургандыгы билдирилет. Түрдүн тиричилик параметрлери боюнча колдо бар маалымат жок болуп кетүү коркунучун түз же кыйыр баалоого ылайыксыз болсо, түр статусу боюнча аныкталган эмес болуп эсептелет.

Түрлөрдү категориялаштырууда төмөнкү жалпы эрежелерди сактоо керек:

- критерийлердин шкаласы боюнча улуттук (регионалдык) деңгээлде баалоого жапайы жаратылыштын түрлөрү тиешелүү: а) табигый ареалынын ичинде туруктуу же убактылуу тараган, б) 10 жыл бою жапайы жаратылыш шартында көбөйүп келе жаткан көчүп кирген, адаптациялашкан түрлөр; мындай баалоого тиешелүү эмес: а) адаптациялашпаган көчүп кирген түр, б) кокусунан кирген мигранттар (көчүү учурлар да кирет), байкоо жүргүзүүнүн узак мөөнөтү ичинде бирин-серин жана регулярдуу эмес катталган, миграциялык жолу нормада өлкөнүн территориясынан өтпөгөн (ошондуктан, анын табигый ареалы болуп эсептелбейт);
- эндемик жана обочолонгон популяция катары жашоочу түрлөр критерийлер боюнча статусунун коррекциясыз бааланат;
- эгер түрдүн өлкөдөгү популяциясы андан чоң улут аралык обочолонгон популяциянын бөлүгү болсо, түргө ушул улут аралык популяциянын категориясы берилет;
- түрдүн көбөйүүчү жана миграциялоочу особдорунун топтору айрым бааланышы мүмкүн;
- түрлөр бардык категориялар боюнча бааланат да, эң жогору ылайыктуу категорияга киргизилет;

- ❖ эгер түздөн-түз байкоо жүргүзүүнүн маалыматтарын колдонууга мүмкүнчүлүк болбосо, эксперттик баалоо, жыйынтык чыгаруу, божомолдоо методдорун колдонууга болот;
- ❖ эгер түр категорияларга туура келбесе, бирок «Аярлууларга» жакын болсо, ал «Коркунуч абалына жакын тургандар» категориясына кирет;
- ❖ эгер түрдү баалоо ылайыктуу маалыматтардын жоктугуна байланыштуу кыйынчылыкка дуушар болсо жана Кызыл китептин категориялары эмес, каттоонун техникалык категориялары болсо:
- ❖ «Аз коркунуч туудургандар» - Least Concern – LC – критерийлер боюнча бааланган, бирок аларга жооп бербеген же «Коркунуч абалына жакын тургандар» эмес;
- ❖ «Бааланбоочулар» - Not Applicable (NA) – улуттук деңгээлде баалоого тийиштүү эмес;
- ❖ «Баа берилген эмес (Бааланбаган)» - Not Evaluated – NE – критерийлер боюнча баалана элек.

(Ошондой эле, Өзбекстан Республикасынын Кызыл китебин караңыз, 2003)

Критерийлер боюнча критерийлерди баалоо түрдүн абалы жөнүндөгү белгилүү көлөмдөгү так маалыматты талап кылуучу татаал процесс. Адатта мындай баалоо атайын өткөрүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде адистердин колунан келет. Тилекке каршы, мындай изилдөөлөр каражаттын жана тийиштүү адистердин жоктугуна байланыштуу дайыма жана бардык өлкөлөрдө жүргүзө берилбейт. Айрым учурларда баалоо жетишсиз же туура эмес маалыматтын негизинде жасалат. Ошондуктан, кээде түрдүн статусун өзгөртүүнү баалоону тактоо деп кароого, аны реалдык абалга жакындаштырууга мүмкүн. Келтирилген маалыматтар (2-3-табл.) дүйнөдөгү Кызыл китепке кирген түрлөр жөнүндө түшүнүк алууга мүмкүндүк берет.

**2-таблица: Систематикалык категориялар боюнча (1996-2004) жоголуп кетүү коркунучунун алдында турган (ж.к.к.а.) түрлөрдүн саны**

| | Сүрөт-төлүп жазылган түрлөрдүн саны | 2004-жылы бааланган түрлөр-дүн саны | 1996-98 жж ж.к.к.а. түрлөр-дүн саны | 2000-ж ж.к.к.а. түрлөр-дүн саны | 2002-ж ж.к.к.а түрлөр-дүн саны | 2003-ж ж.к.к.а. түрлөр-дүн саны | 2004-ж ж.к.к.а. түрлөр-дүн саны | Сүрөттөлгөн жазылган түрлөрдүн санына карата 2004-ж ж.к.к.а. түрлөрдүн саны, % | Бааланган түрлөрдүн санына карата 2004-ж ж.к.к.а. түрлөрдүн саны, % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Омурткалуулар** | | | | | | | | | |
| Сүт эмүүчүлөр | 5,416 | 4,853 | 1,096 | 1,130 | 1,137 | 1,130 | 1,101 | 20% | 23% |
| Канаттуулар | 9,917 | 9,917 | 1,107 | 1,183 | 1,192 | 1,194 | 1,213 | 12% | 12% |
| Сойлоп жүрүүчүлөр | 8,163 | 499 | 253 | 296 | 293 | 293 | 304 | 4% | 61% |
| Жерде-сууда жашоочулар | 5,743 | 5,743 | 124 | 146 | 157 | 157 | 1,770 | 31% | 31% |
| Балыктар | 28,500 | 1,721 | 734 | 752 | 742 | 750 | 800 | 3% | 46% |
| Бардыгы: | 57,739 | 22,733 | 3,314 | 3,507 | 3,521 | 3,524 | 5,188 | 9% | 23% |
| **Омурткасыздар** | | | | | | | | | |
| Курт-кумурскалар | 950,000 | 771 | 537 | 555 | 557 | 553 | 559 | 0,06% | 73% |
| Моллюскалар | 70,000 | 2,163 | 920 | 938 | 939 | 967 | 974 | 1% | 45% |
| Рак сымалдуулар | 40,000 | 498 | 407 | 408 | 409 | 409 | 429 | 1% | 86% |
| Башкалар | 130,200 | 55 | 27 | 27 | 27 | 30 | 30 | 0,02% | 55% |
| Бардыгы: | 1.190.200 | 3,487 | 1,891 | 1,928 | 1,932 | 1,959 | 1,992 | 0,17% | 57% |
| **өсүмдүктөр** | | | | | | | | | |
| Мохтор | 15,000 | 93 | - | 80 | 80 | 80 | 80 | 0,50% | 86% |
| Папоротниктер | 13,025 | 210 | - | - | - | 111 | 140 | 1% | 67% |
| Жылаңач уруктуулар | 980 | 907 | 142 | 141 | 142 | 304 | 305 | 31% | 34% |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Эки үлүштүүлөр | 199,350 | 9,473 | 4,929 | 5,099 | 5,202 | 5,768 | 7,025 | 4% | 74% |
| Бир үлүштүүлөр | 59,300 | 1,141 | 257 | 291 | 290 | 511 | 771 | 1% | 68% |
| Бардыгы: | 287,655 | 11,824 | 5,328 | 5,611 | 5,714 | 6,774 | 8,321 | 2,89% | 70% |
| | | | | **Башкалар** | | | | | |
| Эңгилчектер | 10,000 | 2 | - | - | - | 2 | 2 | 0,02% | 100% |
| Бардыгы: | 10,000 | 2 | - | - | - | 2 | 2 | 0,02% | 100% |
| Жалпы: | 1.545.594 | 38,046 | 10,533 | 11,046 | 11,167 | 12,259 | 15,503 | 1% | 41% |

Түрлөрдүн группаларынын көпчүлүгүндө коркунучтагы категорияларга тийиштүү түрлөрдүн бөлүгүнүн көбөйүү тенденциясы байкалат. Бул тенденция Кызыл китептеги түрлөрдү сактоо боюнча дүйнөдөгү жана ар кайсы өлкөлөрдөгү иш-аракеттер мындай абалды өзгөртүү үчүн жетишсиз экендигин далилдеп турат. Тилекке каршы, мындай тенденция биздин өлкөбүздө да байкалып келет. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, улуттук Кызыл китептеги түрлөрдүн саны 1985-жылга караганда өстү.

**3-таблица: 1996-жылдан 2004-жылга чейин CR – «Критикалык абалда тургандар», EN – «Коркунуч абалында тургандар» VU - «Аярлуулар» категорияларында турган түрлөрдүн санынын өзгөрүүсү**

| | CR | | | | EN | | | | | VU | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Таксон | 1996-/ 98 | 2000 | 2003 | 2004 | 1996-/ 98 | 2000 | 2002 | 2003 | 2004 | 1996-/ 98 | 2000 | 2002 | 2003 | 2004 |
| Сүт эмүүчүлөр | 169 | 180 | 184 | 162 | 315 | 340 | 339 | 337 | 352 | 612 | 610 | 617 | 609 | 587 |
| Канаттуулар | 168 | 182 | 182 | 179 | 235 | 321 | 326 | 331 | 345 | 704 | 680 | 684 | 681 | 688 |
| Сойлоп жүрүүчүлөр | 41 | 56 | 57 | 64 | 59 | 74 | 79 | 78 | 79 | 153 | 161 | 159 | 158 | 161 |
| Жерде-сууда жашоочулар | 18 | 25 | 30 | 413 | 31 | 38 | 37 | 37 | 729 | 75 | 83 | 90 | 90 | 628 |
| Балыктар | 157 | 156 | 162 | 171 | 134 | 144 | 143 | 144 | 160 | 443 | 452 | 442 | 444 | 470 |
| Курт-кумурскалар | 44 | 45 | 46 | 47 | 116 | 118 | 118 | 118 | 120 | 377 | 392 | 393 | 389 | 392 |
| Моллюскалар | 257 | 222 | 250 | 265 | 212 | 237 | 236 | 243 | 221 | 451 | 479 | 481 | 474 | 488 |
| өсүмдүктөр | 909 | 1,014 | 1,276 | 1,490 | 1,197 | 1,266 | 1,291 | 1,634 | 2,239 | 3,222 | 3,331 | 3,377 | 3,864 | 4,592 |

Түрлөр обочолонуп жашашпайт. Алар биосферанын бөлүгү болушат жана эволюциясы белгилүү бир географиялык чөйрө менен байланыштуу болгон биологиялык топтун составына кирет. Жашоо чөйрөнүн бузулушу көпчүлүк түр үчүн коркунуч туудурат. Ошону менен бирге, тийиштүү түрлөрдү санынын кыскарышынын натыйжасында биологиялык топтун жакырданышы туруктуу калыбына келүү жөндөмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келет. Табигый экосистемалар жашоого ыңгайлуу чөйрөнү жаратуу жана контролдоо, экологиялык туруктуулукту калыбына келтирүү жөндөмдүүлүгүн жоготууда. Натыйжада, климаттын начарлашынын ыктымалдуулугу жогорулайт, адамдын жашоосуна коркунуч туулат. Кызыл китептин түрлөрү адам жана жаратылыштын ортосундагы карым-катнаштын начардыгы жөнүндө, планетада жашоо шарттарын камсыз кылуучу биосфералык механизмдердин бузулушунун улануусу жөнүндө билдирип турушат. Ошондуктан, негизги маселе болуп, Кызыл китептин түрлөрүн табигый жаратылыштын бөлүгү катары, биологиялык көп түрдүүлүктү табигый экосистемалардын негизи катары, табигый экосистемаларды экологиялык катастрофаларды болтурбоонун гарантиясы жана жашоону камсыз кылуунун негизи катары сактап калуу эсептелет.

**4**-таблица Кыргызстандын Кызыл китебине кирген түрлөрдүн экосистемалар боюнча орун алуусу

| Экосистеманын типтери | Түрлөрдүн саны | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | өсүмдүктөр жана козу карындар | Муунак буттулар | Балыктар | Жерде-сууда жашоочулар жана сойлоп жүрүүчүлөр | Канаттуулар | Сүт эмичүүлөр | Жалпы |
| Токойлуу | 20 | 10 | - | - | 9 | 3 | 42 |
| Бадалдуу | 14 | - | - | 2 | 2 | 4 | 22 |
| Шалбаалуу | 14 | 4 | - | 1 | 6 | 5 | 30 |
| Талаалуу | 13 | 10 | - | 7 | 14 | 7 | 51 |
| Саваноиддик | 22 | - | - | - | 2 | 5 | 29 |
| Чөлдүү | 30 | 6 | - | 8 | 6 | 5 | 55 |
| Суулуу-сууга жакын | - | 2 | 6 | 1 | 23 | 2 | 34 |

Эскертүү: кээ бир түрлөр бирден ашык экосистемаларда жашашы мүмкүн, ошондуктан, тилкенин суммасы группадагы түрлөрдүн жалпы санына дал келбеши мүмкүн.

4-таблица коркунучтагы түрлөрдүн эң көп саны Кыргызстандын өзгөчө, тоо этектеринде жана тоонун төмөнкү бөлүгүндө көпчүлүк учурда маданий жерге айландыруу, жайыт дигрессиясы, браконьердик менен байланышкан, эң эле бузуучу антропогендик таасирге дуушар болуучу чөл жана талаа экосистемаларында кездешерин көрсөтөт. Чөптүү экосистемаларда (шалбалуу, талаалуу, саванноиддик жана чөлдүү) Кызыл китептин 233 түрү жашайт, ошол эле учурда токойлуу жана бадалдуу экосистемаларда 64 түрү, ал эми суу-саз экосистемаларында 34 түрү жашайт. Башка жагынан, аянтына жараша Кызыл китептин түрлөрүнүн концентрациясы бардык экосистемаларда жогору. Бул жалпы абалдын начардыгы жана калыбына келтирүүнүн зарылдыгы жөнүндө айтып турат.

Бул чыгарылышта түрлөр боюнча маалымат кыргыз, орус жана англис тилинде берилген. Ар бир түр жашаган жери көрсөтүлгөн карта-схема менен коштолгон. Түрлөр систематикалык тартип боюнча орун алган. Түрлөрдүн систематикалык группасынын ар бирин кыскача кириш сөз баштайт. Кыргыз, орус, латын жана англис тилиндеги алфавиттик көрсөткүчтөр керектүү түрдү табууну жеңилдетет.

Бул чыгарылыш Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик токой кызматынын, Улуттук илимдер академиясынын Биология жана топурактаануу институтунун кызматкерлеринин, Кыргызстандын Экологиялык кыймылы «Алейне», «Биом» өкмөттүк эмес уюмдардын, Каунтепарт Консорциумдун жана ФАОнун колдоосунун, Түркиянын эларалык кызматташтык администрациясынын жана башкалардын кызматташтыгынын натыйжасында ишке ашты. Кызыл китептин экинчи чыгарылышын даярдоого катышкандардын бардыгына редакциялык кеңеш терең ыраазычылыгын билдирет.

**проф.Э.Дж.Шукуров**
Башкы редактор

# Введение

Идея сохранения отдельных биологических видов восходит к глубокой древности. На первых ступенях развития общества различные роды и племена вели свое происхождение от зверей, птиц, которых считали тотемами и оберегали. Следы этих представлений сохранились до наших дней в родовых названиях, фольклоре, обычаях и обрядах.

У кочевых и охотничьих народов сложились отношения относительно устойчивого равновесия с дикой природой, обеспечивающие сосуществование на протяжении многих тысячелетий. С переходом к земледельческим цивилизациям началось широкое замещение естественных экосистем культурными землями, продолжающееся в настоящее время.

До тех пор, пока дикая природа оставалась относительно сохранной более чем на половине пространства суши, угрозы биосфере и биологическому разнообразию носили локальный характер. Вымирание видов было вызвано преимущественно прямым истреблением человеком. Ситуация существенно изменилась с середины XX века, когда разрушенные экосистемы и антропогенный ландшафт заняли более половины континентов. С этого момента вымирание видов стало носить массовый характер, в основном, в связи с деградацией и замещением естественных экосистем антропогенными.

Исчезают не только отдельные виды, но целые биологические сообщества, особенно в зоне тропических дождевых лесов, являющихся важнейшей частью глобального жизнеобеспечения и планетарным центром эволюции и биоразнообразия. Многие тысячи видов исчезают ежегодно без учета, поскольку их не успевают открыть и описать. И это не просто потеря для науки, но приближение катастрофы для человечества.

Биологическое разнообразие является условием устойчивого функционирования экосистем. Устойчивое функционирование экосистем является незаменимым условием формирования планетарного климата, благоприятного для современной формы жизни, к одному из проявлений которой относится человек. Можно утверждать, что без биологического разнообразия само существование человека будет невозможно.

Сокращение биологического разнообразия и потеря естественных экосистем происходят в планетарном масштабе, поэтому решить проблему возможно лишь при объединении усилий всех стран. Одной из первых попыток решения этой задачи стало создание в 1934 г. в Брюсселе Международного бюро охраны природы. Эта инициатива была поддержана ЮНЕСКО, и в 1948 г. был создан Международный Союз охраны природы (МСОП). По инициативе МСОП с 1966 г. издается "Красная книга фактов", в которой приводится список видов животных и растений, которым угрожает вымирание.

В 1974 г. была учреждена "Красная книга СССР". В 1978 г. вышло первое издание Красной книги СССР , в которую были включены: 62 вида и подвида млекопитающих, 63 вида и подвида птиц, 8 видов амфибий, 21 вид пресмыкающихся, 444 вида сосудистых растений. Среди них были также и виды, находящиеся на территории Кыргызстана.

В 1981 г. Правительством Киргизской ССР был утвержден список видов, подлежащих включению в национальную Красную книгу. В 1984 г. был утвержден дополнительный список. В общей сложности, в Красную книгу Киргизской ССР должно было быть включено 13 видов и подвидов млекопитающих, 31 вид и подвид птиц, 3 вида пресмыкающихся, 1 вид рыб, 16 видов насекомых и 65 видов высших растений. К сожалению, в первое издание Красной книги Киргизской ССР, вышедшее в 1985 г., вошли лишь виды первого списка: 13 видов и подвидов млекопитающих, 20 видов и подвидов птиц, 3 вида пресмыкающихся, 2 вида рыб, 5 видов насекомых и 65 видов высших растений. После этого, вплоть до настоящего времени, списки не пересматривались и Красная книга не переиздавалась.

В мае 2005 г. Постановлением Правительства Кыргызской Республики был утвержден новый список, включающий 4 вида грибов, 83 вида высших растений, 18 видов членистоногих, 7 видов рыб, 2 вида амфибий, 8 видов рептилий, 57 вида птиц, 23 вида млекопитающих.

Предварительное обсуждение показало, что часть видов прежнего списка включены в него без достаточных оснований, для другой части не хватает информации для определения их статуса.С другой

стороны, целый ряд видов нуждаются в особых мерах охраны и должны быть включены в Красную книгу. За время, прошедшее после выпуска первого издания национальной Красной книги, произошли некоторые изменения в состоянии многих видов, накопилось также определенное количество новых данных. Не случайно международная практика и положения о национальных Красных книгах предусматривают необходимость периодического пересмотра состояния включенных в них видов. Увеличение числа видов в новом издании не обязательно означает ухудшение ситуации и действительного увеличения числа видов, которым грозит вымирание. Для многих вновь включенных видов это означает лучшее представление об их состоянии, и ранее считавшийся относительно благополучным вид при более полном изучении оказывается в числе угрожаемых. Для другой части вновь включенных может быть признано существенное ухудшение их состояния за период, прошедший после предшествующего издания. Кроме того, вид, относительно благополучный в Кыргызстане, может оказаться угрожаемым в глобальном масштабе и тоже должен быть обеспечен надлежащей защитой, особенно, если он включен в Красную книгу МСОП.

Новый список учитывает также принципы оценки, предложенные МСОП для внесения в Красную книгу и присвоения видам определенной категории. Версия 3.1, принятая в 2001 г., построена на основе оценки вероятности исчезновения вида (подвида, локальной популяции). Соотношение различных категорий можно представить на схеме (рис. 1).




**Рисунок 1. Структура категорий**

На рис.1 расположение категорий отвечает вероятности оценки вымирания вида. Эта оценка зависит не только от состояния вида, но и от состояния наших знаний о нем. Наиболее полно мы можем судить о степени угрозы для конкретного вида, имея достаточную информацию. Поэтому неоцененные виды и виды, по которым недостаточно данных, не могут быть с уверенностью отнесены к конкретной категории, оценивающей вероятность вымирания.

Буквенные обозначения соответствуют звучанию терминов на английском языке:

EX – Extinct - “Исчезнувшие”,
EW - Extinct in the Wild - “Исчезнувшие в дикой природе”,
CR - Critically Endangered - “Находящиеся на грани полного исчезновения”,
EN - Endangered - “Исчезающие”,
VU - Vulnerable - “Уязвимые”,
NT - Near Threatened - “Находящиеся в состоянии близком к угрожаемому”,
**Status:** VU. It is North Tien Shan endemic species (Kazakhstan and Kyrgyzstan), in Kyrgyzstan it is distributed in Alexander Mountain Range, Chui Valley and Issyk-Kul Hollow. This plant is valuable for a selection (introduced in botanical gardens in Middle Asia and Kazakhstan), early-flowering (March – April) plant with nice blossoms. It makes interesting hybrids with Ostrovski's Tulip in the nature. It grows at silty-soil and metal soils (where another plants weakly growing) in piedmonts and low-lands. Limiting factors: ploughing-up, excessive pasturage and mass collection of flowers, especially in surrounding of settlements. Creation of botanical wildlife areas in areas with concentrated populations, the prohibition of flower and bulb collection, the prohibition of pasturage in the period up to forming of seeds, are necessary for preservation of the species.

# Корольков мандалагы, жалтырак мандалак

*Tulipa korolkowii* Regel (T. nitida Th. Hoog)





Лилиялардан - Liliaceae Juss. - Лилейные

**Статусу:** VU. Орто Азиянын эндеми, негизги ареалдары Өзбекстан жана Тажикстан (Батыш Тяньшань, Памир-Алай). Сейрек кездешкен, жогору декоративдүү, кооз өсүмдүк.

**Мүнөздөмө.** Пияз түбү жумуртка сымал, диаметри 1,5-2,5 см, кара, калың кабыктуу, кабыгынын жогору жагынын ичи кийиз-чачтай түктүү. Сабагынын бийиктиги 10-20 (30) см, түксүз. Жалбырактары 3, ажыратылган, боз, кырлары өтө тармал, учуна шуштугуй. Гүлү бир, сары, гүл коргону кыйшык (имерилген), бийиктиги 6 см ге чейин, ачык-кызыл, ичинен жалтырак, түбүндө кичинекей кара тагы бар. Гүл коргонунун желекчелери негизинен томолок, сырткылары – жазы, сүйрү ромб сымал, тармал, ичкилери – тескери-үчбурчтуу-жумуртка сымал, учунда ичке оюкчалуу. Аталыгы гүл коргонунан кыска: аталык жипчеси кара же кызгылтым; чаңдыгы – сары. Энелиги кыска мамычалуу, кызгылтым. Кутучасы кыска өсүндүлүү, узундугу 3 см ге, диаметри 1,5 см ге чейин жетет.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Март-апрелде гүлдөйт, июнь-июлда мөмөлөйт. Уругу аркылуу көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түштүк-батыш Тяньшань, Памир-Алай (Өзбекстан, Тажикстан, Казакстан). Кыргызстанда Түркстан тоо кыркасында (түндүк беттери) кездешет.

**Өсүү шарттары.** Кумдуу, шагылдуу жана таштуу тоо этектеринин беттери.

**Саны.** Жаратылышта саны боюнча маалымат жок.

**Чектөөчү факторлор.** Жогору декоративдүү түр болгондуктан, жергиликтүү калк тарабынан ченемсиз чогултулат. Адамдын чарбачылык иш аракеттери: үнөмсүз мал жаюу, жерлерди өздөштүрүү.

**Өстүрүү.** Ташкент (1956-жылдан бери) жана Дүйшөмбү шаарларынын (1967 жылдан бери) Ботаникалык бактарында өстүрүлөт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Казак ССРинин (1981), Кыргыз ССРинин (1985) жана Тажик ССРинин (1988) Кызыл китептерине киргизилген. Атайын коргоо чаралары иштелип чыкпаган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Популяциясынын ареалынын ар башка жерлеринде иликтөө жүргүзүп, түр кеңири таралган аймактарда ботаникалык заказниктерди уюштуруу. Уруктанганга чейин гүлүн үзүп, пияз түбүн чогултуп, мал жаюуга тыюу салуу абзел.

# Тюльпан Королькова, блестящий

## *Tulipa korolkowii* Regel (T. nitida Th. Hoog)

**Статус:** *VU*. Эндем Средней Азии, с основным ареалом в Узбекистане и Таджикистане (Западный Тянь-Шань, Памиро-Алай). Редкое высокодекоративное растение.

**Описание.** Луковица яйцевидная 1,5 - 2,5см в диаметре, покрыта кожистыми, черными оболочками, в верхней части изнутри волосисто-шерстистыми. Стебель 10 - 20 (30) см высоты, голый. Листьев 3, они расставленные, сизые, сильно курчавые по краю, суживающиеся в верхней части. Цветок одиночный, в бутоне поникающий, до 6 см высоты, ярко-красный, с внутренней стороны блестящий, при основании с небольшим черным пятном. Листочки околоцветника обычно тупые, наружные - широко-продолговато-ромбические, волнистые; внутренние - обратно-треугольно-яйцевидные, на вершине с узкой выемкой. Тычинки короче околоцветника: нити черные или розовые; пыльники – желтые. Пестик с коротким столбиком, розовый. Коробочка с коротким носиком, до 3 см длиной, 1,5 см в диаметре.

**Особенности биологии.** Цветет в III–IV; плодоносит в VI–VII, размножается семенами.

**Распространение общее и в стране.** Юго-Западный Тянь-Шань, Памиро-Алай (Узбекистан, Таджикистан, Казахстан). В Кыргызстане встречается в Туркестанском хребте (северный макросклон).

**Места произрастания.** Песчаные, щебнистые и каменистые склоны в предгорьях.

**Численность.** Сведений о численности в природе нет.

**Лимитирующие факторы.** Высокодекоративный вид массово истребляется населением на букеты. Хозяйственная деятельность человека: распашка, неумеренный выпас скота.

**Культивирование.** Выращивается в ботанических садах в г. Ташкент (с 1956 г.) и в г. Душанбе (с 1967 г.).

**Меры охраны существующие.** Внесён в Красные книги Казахской ССР (1981), Киргизской ССР (1985), Таджикской ССР (1988). Специальные меры охраны не разработаны.

**Меры охраны рекомендуемые.** Организация мониторинга за состоянием популяций в разных точках ареала; ботанических заказников на участках с наибольшей его концентрацией. Запретить сбор цветов и луковиц, выпас скота до обсеменения вида.

**Источники:** 7, 24, 37, 59, 68.

# Korolkov's Tulip

## *Tulipa korolkowii* Regel (T. nitida Th. Hoog)

**Status:** VU. The species is endemic for West Tien Shan and Alai-Pamirs (with the main area in Uzbekistan and Tadjikistan) and little-known plant with generative reproduction (by seeds). In Kyrgyzstan it is distributed at northern macroslope of Turkestan Mountain Range and populates metal, sandy and stony slopes in piedmont zone. Period of flowering: 2–3 weeks in April. Limiting factors: ploughing-up and excessive pasturage. The creation of protected areas in localities with concentrated populations, the prohibition of flower and bulb collection, the prohibition of pasturage in the period up to forming of seeds, as well as monitoring in different parts of the area are offered for preservation of the species.

## Островский мандалагы

***Tulipa ostrowskiana* Regel**





Лилиялардан - **Liliaceae Juss. - *Лилейные***

**Статусу:** VU. Кыргыз жана Заилийск тоо кыркаларынын сейрек кездешкен чукул (кууш) эндем түрү. Жогору декоративдүү жана селекциялык материал карата көңүл бурууга татыктуу.

**Мүнөздөмө.** Көп жылдык пияз түптүү чөп өсүмдүк. Пияз түбү жумуртка сымал, диаметри 1,5-3 см ге жетип, сыртынан калың, жогору жагы ич жагынан жабышып жыш түктүү, каралжын күңүрт түстөгү кабык менен капталган. Өсүмдүктүн сабагы ичке, жылмакай келип, бийиктиги 20-30 см. Жалбырактары 2-3төн, жерде төшөлгөн, көгүлтүр, жылмакай, чет жактары бир аз тармал, учу ичке, сызгыч-ланцеттей формада. Гүлү бирден, сары, түбүнүн орто чени кара, бирок сары түс менен өзүнчө бөлүнүп курчалган. Гүл коргонунун желекчелери учтуу; сырткылары - ромбик сымал узунунан созулган, ичкилери - тескери сүйрү. Кутучасы 3 см узундукта, туурасы 1,1 см, ичке, узунунан созулган, жээктери паралелль сымал, тегерек же төрт бурч формада. Кутучасы узунунан карпофорасынын паралелль капталдарындагы ичке жылчыкча аркылуу жарылат. Уругу майда (0,5х4 см), ачык-күрөң, каймасы (курчоосу) жокко эсе.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Апрель-майда гүлдөп, май-июнда мөмөлөйт. Бишкек шаарынын шартында апрель айынын орто ченинде 10-12 күн аралыгында гүлдөйт. Жаратылышта жана маданий өстүрүүдө Колпаковский мандалагы менен жеңил аргындашып, гибриддерди пайда кылат. Уругу аркылуу көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Заилийск жана Кыргыз тоо кыркаларынын түндүк беттери (Казакстан, Кыргызстан). Кыргызстанда – Кыргыз тоо кыркасы.

**Өсүү шарттары.** Бөксө жана шагылдуу тоолордун ортоңку алкактарында кездешет.

**Саны.** Улам барган сайын азаюуда.

**Чектөөчү факторлор.** Түр өскөн аймактарда адамдын чарбачылык аракеттери: жерлерди өздөштүрүп айдоо, гүлдөгөн маалында мал жаюу. Мандалак өтө декоративдүү кооз болгондуктан, жергиликтүү калк массалык түрдө гүлүн чогултат.

**Өстүрүү.** Чет өлкөдө жана КМШ мамлекеттеринин ботаникалык бактарында пияз түбүнөн буга чейин жетиштүү түрдө өстүрүлүп келет. Кыргызстанда болсо мындай иштер анча изилдене элек.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Казак ССРинин Кызыл китебине (1981), СССРдин Кызыл китебине (1984), Кыргыз ССРинин Кызыл китебине (1985) киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Түрдүн эң жыш өскөн аймактарында ботаникалык заказниктердин аянтын кеңейтүү. Жаратылыштагы популяцияларына атайын иликтөө жүргүзүү, гүлүн үзүп, пияз түбүн чогултууга тыюу салуу. Маданиятташтыруу иштерин жүргүзүү зарыл.

# Тюльпан Островского

## *Tulipa ostrowskiana* Regel

**Статус:** *VU*. Узкоэндемичный вид Киргизского и Заилийского хребтов. Заслуживает внимания, как высокодекоративное растение и как материал для селекции.

**Описание.** Многолетнее травянистое луковичное растение. Луковица яйцевидная 1,5-3 см в диаметре, покрытая темными кожистыми оболочками, в верхней части изнутри густоприжатоволосистая. Растения с голым тонким стеблем 20-30 см высоты. Листья в числе 2 – 3, почти простертые по земле, сизые, голые, по краю слегка курчавые, вверху суживающиеся, линейно-ланцетные. Цветок одиночный, изящный, красный или оранжево-красный, оранжевый, желтый, с черным желтоокаймленным центром. Листочки околоцветника острые: наружные - продолговато-ромбические, внутренние - обратнопродолговатые. Коробочка 3 см. длины, 1,1 см ширины, узкая продолговатая с почти параллельными краями, округло прямоугольной формы. Коробочка растрескивается по всей длине до карпофора узкой щелью с почти параллельными краями. Семена мелкие (0,5 x 0,4 см), светло-коричневые, почти без каймы.

**Особенности биологии.** Цветет в IV–V; плодоносит V–VI. В г. Бишкек цветет в середине IV, 10-12 дней. В естественных условиях и в культуре легко гибридизирует с тюльпаном Колпаковского. Размножается семенами.

**Распространение общее и в стране.** Северные склоны Заилийского и Киргизского хребтов (Казахстан, Кыргызстан). В Кыргызстане – Киргизский хребет.

**Места произрастания.** Мелкоземистые и защебненные склоны средней части пояса предгорий.

**Численность.** Тенденция к заметному сокращению.

**Лимитирующие факторы.** Хозяйственная деятельность человека в местах обитания вида: распашка, интенсивный выпас скота в период цветения вида. Тюльпан высокодекоративен. В большом количестве собирается населением на букеты.

**Культивирование.** Успешно выращивается из луковиц в ботанических садах стран СНГ и за рубежом. В Кыргызстане в культуре недостаточно изучен

**Меры охраны существующие.** Внесен в Красную книгу Казахской ССР (1981), Красную книгу СССР (1984), Красную книгу Киргизской ССР (1985).

**Меры охраны рекомендуемые.** Расширить сеть заказников в местах высокой концентрации вида. Организовать мониторинг за состоянием природных популяций, запретить сбор цветов, выкапывание луковиц. Ввести в культуру.

**Источники:** 7, 24, 25, 35, 37, 59.

# Ostrovski's Tulip

## *Tulipa ostrowskiana* Regel

**Status:** VU. It is North Tien Shan endemic species narrowly spreaded in Alexander and Trans-Ili Mountain Ranges (Northern Kyrgyzstan and Southern Kazakhstan). The species is scarcely distributed in mid-montane belt at metal and silty-soil slopes. This popular ornamental plant is flowering in April – May, fruiting in May – June, propagating is generative (by seeds). This species often makes hybrids with *T. kolpakowskiana* both in nature and in culture. Limiting factors: excessive pasturage, mass collecting of flowers for bouquets by people. The species is cultivated in foreign botanical gardens but still is insufficiently studied in the culture in Kyrgyzstan. Prohibition of flower collection and pasturage in vegetation period, as well creation of small protected territories in places of concentrated populations and wide introduction in the culture, are necessary for conservation of the species.



# Жазы аталыктуу мандалак

*Tulipa platystemon* Vved.



Лилиялардан - Liliaceae Juss. - Лилейные

**Статусу:** VU. Алай тоо кыркасынын чукул эндеми.

**Мүнөздөмө.** Пияз түптүү, көп жылдык, кыска вегетациялуу, чөп өсүмдүк, геофит, ксеромезофит. Пияз түбү жумуртка сымал, диаметри 2 см ге чейин жетет, кызгылтым-күрөң ички кабыктуу, учунда жана түбүндө нык жапырылган түктүү. Сабагынын гүл сабы менен кошо бийиктиги 17 см, түксүз. Жалбырактары 4 даана, түксүз, бириккен эмес, төмөнкүлөрү имерилген; эң төмөнкүсү сызгычтай-ланцеттүү, туурасы 2 см. Гүлү 2, гүл коргонунун желекчелери сары, узуну 4 см, учу томолок, сырткыларынын жону сыя темгилдүү, сүйрү ромбдой, ичкилери тескери карай сүйрү. Аталыгы гүл коргонунан 2,5 эсе кыска; аталык жипчеси түксүз, ортосунан жогорураак кеңейген, эки учуна ичкерээк, чаңдыгы сары, жипчесинен бир аз узун. Энелиги аталыгынан 2 эсе кыска, отурган чаңалгычтуу.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Июнда гүлдөп, мөмөлөөсү боюнча маалымат жок.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Алай тоо кыркасы (Сарыбий ашуусу).

**Өсүү шарттары.** Маалымат жок.

**Саны.** Маалымат жок.

**Чектөөчү факторлор.** Түр өскөн аймактарда адамдын чарбачылык иш аракеттери, жазында мал жаюу, гүлүн үзүп, пияз түптөрүн казып алуу.

**Өстүрүү.** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Иштелип чыкпаган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Популяциясына иликтөө жүргүзүп, түр кеңири таралган жерлерде ботаникалык заказниктерди уюштуруу. Гүлүн үзүп, пияз түбүн чогултуп, мал жаюуга тыюу салуу.

## Тюльпан широкотычиночный

***Tulipa platystemon* Vved.**

**Статус:** *VU*. Узкий эндемик Алайского хребта.

**Описание.** Многолетнее травянистое коротковегетирующее луковичное растение, геофит, ксеромезофит. Луковица яйцевидная до 2 см в диаметре, с кожистыми красновато-коричневыми с внутренней стороны, у верхушки и у основания прижатоволосистыми оболочками. Стебель 17 см высотой вместе с цветоножкой, голый. Листья в количестве 4, расставленные, голые, нижние отогнутые; самый нижний линейно-ланцетный, 2 см ширины. Цветков 2; листочки околоцветника желтые, 4 см длины, туповатые, наружные с внешней стороны с фиолетовым оттенком, продолговато-ромбические, внутренние обратнопродолговатые. Тычинки короче околоцветника в 2,5 раза; нити голые, выше середины расширенные, к обоим концам постепенно суженные, пыльники желтые, немного длиннее нитей. Пестик почти в 2 раза короче тычинок, с сидячим рыльцем.

**Особенности биологии.** Цветет в VI; плодоносит - нет данных.

**Распространение общее и в стране.** Алайский хр. (пер. Сары-бия).

**Места произрастания.** Нет данных.

**Численность.** Нет данных.

**Лимитирующие факторы.** Хозяйственная деятельность человека: весенний выпас скота, сбор цветов, выкапывание луковиц.

**Культивирование.** Нет данных.

**Меры охраны существующие.** Не разработаны.

**Меры охраны рекомендуемые.** Организация ботанических заказников в местах наибольшей концентрации вида, мониторинг за состоянием популяций. Запретить сбор цветов, выкапывание луковиц, выпас скота.

**Источники:** 7, 37, 59, 68.

## Broad-stamened Tulip

***Tulipa platystemon* Vved.**

**Status:** VU. It is critically endangered species, narrowly spreaded endem of Alai Mountains (Sary-Biya Pass). Period of vegetation is short, flowers are yellow, flowering period in June; data about habitats, number and cultivation are absent. Limiting factors: economic development of lands (pasturage in spring period), massive collection of flowers and bulbs. There are necessary for the species conservation: the creation of special botanical wildlife areas in sites with concentrated populations, the organising of the monitoring, the prohibition of flower and bulb collection, the prohibition of pasturage.

## Мала кызыл мандалак

***Tulipa rosea*** **Vved.**





**Лилиялардан - Liliaceae Juss. - Лилейные**

**Статусу:** EN. Түркстан тоо кыркасынын тоо этегиндеги саны кескин азайып бара жаткан кууш эндем түр. Тез аранын ичинде натыйжалуу чараларды көрбөсө, бул түр таптакыр жоголуп кетүү коркунучуна дуушар болуп турат.

**Мүнөздөмө.** Пияз түбү анча ири эмес, диаметри 2 см, сыртынан кара, жогорку бөлүгү ичинен топурак кыртышынын үстүнө чейин жеткен чач, жүн сымал түктүү, калың кабык менен капталган. Анча бийик эмес (7-20 см) өсүмдүк. Сабагы 3, көгүлтүр, бири-бирине кезектешип жайгашкан, тармалдуу жана учуна ичкерген, жылаңач жалбырактуу. Төмөнкү жалбырагы сызгычтай-ланцеттүү, бийиктиги гүлүнөн узунураак. Жалгыз гүлүнүн бийиктиги 4,5 см. Гүл коргонун желекчелери мала кызыл, сыртынан көгүлтүр кызыл, ички түбү кичирээк кара тактуу. Сырткы желекчелери эллипс-ромб формада, ичкилери тескери жумурткадай. Аталык жипчелери жылаңач, кара, жогорусунан күрөңүрөөк, чаңдыгы менен тең. Чаңдыгы сары. Энелиги бозомук-күлгүн, жапыз мамычалуу, аталыгынан кыска. Жетиле элек кутучасынын диаметри 1 см, узундугу 1,5 см, кыска мурунчалуу.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Март-апрелде гүлдөп, май-июнда уруктанат. Пияз түбү жана уругу аркылуу көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түркстан тоо кыркасынын чыгыш тоо этектери.(Тажикстан, Кыргызстан,Өзбекстан). Кыргызстанда – Сүлүктү шаарынын ариддик тоо капталдарынын ар түстүү тектери.

**Өсүү шарттары.** Майда топурактуу жана сейрек чөл өсүмдүктүү төмөнкү тоо алкактарында деңиз деңгээлинен 600 –1200 м бийиктиктеринде кездешет.

**Саны.** Бул түр жоголуп кетүү коркунуч алдында турат.

**Чектөөчү факторлор.** Түр учураган жерлерди өздөштүрүп, калктын массалык түрдө гүлүн чогултуусу.

**Өстүрүү.** Кыргызстанда бул түрдү өстүрүү тажрыйбалары оң натыйжа берген эмес. Күзүндө отургузулган пияз түптөрү кийинки жылы жалпысынан гүлдөбөйт, кийинчерээк пияз түбү таптакыр солуп калат.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргыз ССРинин Кызыл китебине 1985-жылы, ал эми Тажик ССРинин Кызыл китебине – 1979-жылы киргизилген. Кыргызстанда популяцияларынын бир аз бөлүгү «Сүлүктү» ботаникалык заказнигинде жайгашкан.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Өтө сейрек учуроочу декоративдүү түр, таралуу аймагы чектелген. Жаратылыштагы популяцияларын изилдөө керек. Түр кездешкен аймактарды корукка алуу. Эң жыш өскөн аймактарында урук байлагыча мал жаюуга тыюу салып, ботаникалык заказниктерди уюштуруу.

# Тюльпан розовый

## *Tulipa rosea* Vved.

**Статус:** *EN*. Узкоэндемичный вид предгорий Туркестанского хребта, резко сокращающий численность. Вид находится на грани вымирания; дальнейшее его существование невозможно без осуществления срочных мер охраны.

**Описание.** Луковица небольшая до 2 см в диаметре, покрыта черными кожистыми оболочками, у верхушки изнутри волосисто-шерстистыми, простирающимися зачастую до поверхности почвы. Невысокое растение 7–20 см. Стебель голый с тремя сизыми курчавыми, расставленными, кверху суживающимися желобчатыми, голыми листьями. Нижний лист линейно-ланцетный по высоте превышает цветок. Цветок одиночный до 4,5 см высоты. Листочки околоцветника розовые, снаружи сизо-малиново-окрашенные, изнутри при основании с небольшим черным пятном. Наружные листочки околоцветника эллиптическо-ромбической формы, внутренние – обратнояйцевидные. Тычиночные нити голые, черные, в верхней части пурпурные, равны пыльникам. Пыльники желтые. Пестик бледно - розовый, с коротким столбиком, короче тычинок. Коробочка незрелая до 1 см в диаметре, 1,5 см. длины с коротким носиком.

**Особенности биологии.** Цветет в III–IV, плодоносит в V–VI. Размножается луковицами и семенами.

**Распространение общее и в стране.** Восточная часть предгорий Туркестанского хребта (Таджикистан, Кыргызстан, Узбекистан). В Кыргызстане – по выходам песроцветных толщ в аридных горах в районе г. Сулюкта.

**Места произрастания.** Пестроцветы с изреженной пустынной растительностью в нижнем поясе гор, на высотах 600–1200 м н. у. м.

**Численность.** Вид находится под угрозой исчезновения.

**Лимитирующие факторы.** Освоение территорий- местообитаний вида, массовый сбор цветов.

**Культивирование.** Опыт введения в культуру в условиях Кыргызстана не дал положительных результатов. Луковицы, посаженные осенью на следующий год частично цветут, позднее почти все погибают.

**Меры охраны существующие.** Занесён в 1985 году в Красную книгу Киргизской ССР, а в 1979 году – в Красную книгу Таджикской ССР. В Кыргызстане небольшая часть популяций находится в ботаническом заказнике «Сулюкта».

**Меры охраны рекомендуемые.** Редкое декоративное растение, имеет ограниченное распространение. Необходимо изучение популяций в природе. Обеспечить охрану среды обитания. Запретить выпас скота в местах концентрации вида до обсеменения. Организовать ботанические заказники.

**Источники:** 7, 24, 37, 59, 68.

# Pink Tulip

## *Tulipa rosea* Vved.

**Status:** EN. This critically endangered species is rare endem of northern piedmonts of Turkestan Mountain Range (Tadjikistan, Kyrgyzstan, Uzbekistan), ornamental plant with narrow area and sharply declining fund. It populates low-montane particolored bedrocks with sparse vegetation. Period of flowering: March – April, fruiting in June – July. Reproduction is both by seeds and daughter-bulbs, introduction into a culture in Kyrgyzstan was still unsuccessful. Limiting factors: economic development of lands and mass collection of flowers. The species was included into Red Book of Tajikistan in 1979 and in Red Book of Kyrgyzstan in 1985, however only small population is under a formal protection in Kyrgyzstan in «Sulyukta» botanical wildlife area. There are necessary for the species conservation: complete prohibition of flower collection and pasturage in vegetation period, the creation of additional botanical wildlife areas and also studying of natural populations.

# Төрт жалбырактуу мандалак

***Tulipa tetraphylla* Regel**





Лилиялардан - **Liliaceae Juss. - Лилейные**

**Статусу:** VU. Ички Тяньшандын эндеми.

**Мүнөздөмө.** Пияз түптүү эфемероид. Пияз түбү жазы жумуртка сымал, диаметри 1,5-3 см, кара-күрөң, катуу, калың кабыктуу. Сабагынын бийиктиги 3-25 см, түксүз. Жалбырактары (3-7), орок сымал, быржыктуу, көпчүлүк учурда ийри-буйру, кур сымал, боз, түксүз, ак кырдуу. Гүлү 1-4, сары, гүл коргону кыйшык (имерилген). Гүл коргонунун сырткы желекчелери (узуну 2-6 см, туурасы 0,7-2,9 см) жазы ланцеттүү же сүйрү ромбдой, сыртынан капталы узун көрүнгөн саргыч-жашыл тактуу, учундагы кыры сары, ички капталы сапсары. Ички желекчелери ичке, тескери сүйрү жумуртка сымал, узундугу 1,3-5,8 см, туурасы 0,8-3,5 см; сырты сары, борбордук тарамышы жашыл, эки жагынан тең штрихтей, жазы, учтугуй, жашыл тактуу, ички капталы нак сары. Аталыгы гүл коргонунан үч эсе кыска, бирок мөмөлүгүнөн бир жарым эсе бийик. Кутучасынын узундугу 3,7 см, туурасы 1,7 см, жазы созулуңку, учуна жана түбүнө кескин ичкерген, тегинде карпофоралуу (бийиктиги 0,5 см ге, туурасы 0,4 см ге жеткен); жогору бөлүгү кыска мамычага ичкерген (узундугу 0,4 см ге чейин).

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Май айында гүлдөйт, мөмөлөөсү боюнча маалымат жок.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Ички Тяньшань.

**Өсүү шарттары.** Таштуу беттер.

**Саны.** Маалыматтар жок.

**Чектөөчү факторлор.** Адамдын чарбачылык иш аракеттери: жазында мал жаюу, гүлүн үзүп, пияз түптөрүн казып алуу.

**Өстүрүү.** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Иштелип чыкпаган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Популяциясына иликтөө жүргүзүп, түр кеңири таралган жерлерде ботаникалык заказниктерди уюштуруу. Гүлүн үзүп, пияз түбүн чогултуп, мал жаюуга тыюу салуу.

# Тюльпан четырёхлистный

## *Tulipa tetraphylla* Regel

**Статус:** *VU*. Эндем Внутреннего Тянь-Шаня.

**Описание.** Луковичный эфемероид. Луковица широкояйцевидная 1,5 - 3 см в диаметре., с коричневато-черными, жесткими, кожистыми покровными чешуями. Стебель 3 - 25 см высоты, голый. Листья (3 – 7), серповидные, желобчатые, часто курчавые, ремневидные, сизые, голые, по краю белоокаймленные. Цветков 1 - 4; желтые, в бутоне поникающие. Внешние листочки околоцветника (2 -6 см длины, 0,7 - 2,9 см ширины) широколанцетные или продолговаторомбические, снаружи по спинке желто-зеленые в виде длинного пятна, по верхнему краю листочки желтые, с внутренней поверхности - чисто желтые. Внутренние листочки околоцветника узко-обратно-продолговато-яйцевидные 1,3 - 5,8 см длины, 0,8 - 3,5 см ширины; снаружи желтые; центральная жилка зеленая, с обеих сторон ее расположено штриховое, большое, островершинное, зеленое пятно. С внутренней стороны листочки чистожелтые. Тычинки в три раза короче околоцветника, но в полтора раза выше завязи. Коробочка 3,7 см длины и 1,7 см ширины широко продолговатая, б. м. внезапно суженная к основанию и вершине, имеет при основании карпофор (до 0,5 см высоты, 0,4 см ширины); вверху сужена в короткий столбик, до 0,4 см длины.

**Особенности биологии.** Цветет в. V., плодоносит – нет данных.

**Распространение общее и в стране.** Внутренний Тянь-Шань.

**Места произрастания.** Каменистые склоны.

**Численность.** Нет данных.

**Лимитирующие факторы.** Хозяйственная деятельность человека: весенний выпас скота, сбор цветов, выкапывание луковиц.

**Культивирование**. Нет данных.

**Меры охраны существующие.** Не разработаны.

**Меры охраны рекомендуемые.** Организация ботанических заказников в местах наибольшей концентрации вида, мониторинг за состоянием популяций. Запретить сбор цветов, выкапывание луковиц, выпас скота.

**Источники:** 7, 37, 59, 68.

# Quadrifolious Tulip

## *Tulipa tetraphylla* Regel

**Status:** VU. This Inner Tien Shan endemic species is spread at stony slopes, it is ornamental plant with large yellow greenish-striped blossoms. Number in nature is unknown; flowering in May. Limiting factors: collection of flowers and bulbs by people, pasture of cattle in spring period. At present it is out of any protection and there are no data about cultivation. Creation of botanical wildlife areas in sites with abundant population, the monitoring and the prohibition of pasturage, the prohibition of flower and bulb collection, are necessary for protection of the species.

## Зинаида мандалагы

*Tulipa zenaidae* Vved.





Лилиялардан - Liliaceae Juss. - Лилейные

**Статусу:** VU. Кыргыз тоо кыркасында чектелген аймактарды ээлегендиктен жоголуп кетүү коркунучунун алдында турган, сейрек кездешүүчү чукул (кууш) эндем түр.

**Мүнөздөмө.** Пияз түбүнүн диаметри 3 см, кабыктары калың, кара, кара-күрөң, ичи жогору жана төмөн бөлүгүнөн жабышкан чачтай түктүү. Жалбырактарынын алдыңкы жагы топуракка көмүлүп, гүлүнүн сабагы жокко эсе болгондуктан, гүлү топурак кыртышында жайгашкандай көрүнөт. Сабагы кызгылт көк сымал, узундугу 10-15 см, жарык аз тийген көлөкө жерлерде 40 см ге чейин жетиши мүмкүн. Жалбырагы 3, ири, сүйрү, көгүлтүр–күңүрт жашыл, тарамыштары жылаңач жана ачык көрүнүп турат. Гүлү бир, сары, сырткы жагы кызыл, узундугу 5 см. Кыска сабагы өсүмдүктүн баалуулугун төмөндөтөт. Гүл коргонунун сырткы желекчелери сүйрү же кыска ромбик сымал; ичкилери – тескерисинен сүйрү. Гүлүнүн борбору кара жылдызча сымал. Аталык жипчеси сары же кара. Чаңдыгы сары.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Апрель-майда гүлдөйт. Жаратылышта жана маданий өстүрүүдө уругу менен көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралуусу.** Кыргыз тоо кыркасы (Кыргызстан, Түштүк Казакстан).

**Өсүү шарттары.** Бөксө жана шагылдуу тоолордун этек жактарындагы ар кыл чөп-бетегелүү талаалардын жана бадалдардын арасында кездешет.

**Саны.** Жаратылыштагы саны чектелген.

**Чектөөчү факторлор.** Адамдын чарбачылык аракеттери: жаз айларында мал жаюу, гүлдөрүн үзүү, пияз түптөрүн казып алуу.

**Өстүрүү.** Интродукциялоого начар ыңгайлашкан, көчөттөрү тез эле солуп калат. Бишкек шаарынын шарттарында апрель айынын орто ченинде гүлдөп, гүлдөөсү 8-10 күнгө созулат. Урук байлоосу жокко эсе.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргыз ССРинин Кызыл китебине (1985) киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Түрдүн эң жыш өскөн аймактарында ботаникалык заказниктерди уюштуруп, популяциясынын абалына иликтөө жүргүзүү. Мал жайып, массалык түрдө гүлүн чогултуп, пияз түбүн казып алууга тыюу салуу керек.

# Тюльпан Зинаиды

## *Tulipa zenaidae* Vved.

**Статус:** VU. Узкоэндемичный вид Киргизского хребта, подвергающийся опасности быстро исчезнуть в связи с ограниченностью площади обитания.

**Описание.** Луковица до 3 см в диаметре, в кожистых, черных и черно-бурых оболочках, изнутри вверху и при основании прижатоволосистоопушенная. Растение с погруженным в почву основанием листьев и сидячим почти бесстебельным цветком. Стебель с фиолетовым оттенком, 10–15 см высоты, в слабоосвещенных местах до 40 см. Листьев 3, крупные, продолговатые, сизо-бледно-зеленые с яркими жилками, голые. Цветок одиночный, желтый с внешней стороны красный, до 5 см длины. Ценность растения снижает короткий стебель. Наружные листочки околоцветника продолговатые или узкоромбические; внутренние – обратно-продолговатые. Центр цветка в виде черной звездочки. Нити тычинок желтые или черные. Пыльники желтые.

**Особенности биологии.** Цветет в IV–V. В природе и в культуре размножается семенами.

**Распространение общее и в стране.** Киргизский хребет (Кыргызстан, Южный Казахстан).

**Места произрастания.** Мелкоземистые и щебнистые склоны в нижнем поясе гор среди разнотравно-типчаковых степей и зарослей кустарников.

**Численность.** Запасы в природе ограничены.

**Лимитирующие факторы.** Хозяйственная деятельность, нерегулируемый весенний выпас, массовый сбор цветов, выкапывание луковиц.

**Культивирование.** Трудно поддается интродукции, быстро выпадает из посадок. Цветет в г. Бишкек в середине IV, в течение 8-10 дней. Семян почти не образует.

**Меры охраны существующие.** Внесен в Красную книгу Киргизской ССР (1985).

**Меры охраны рекомендуемые.** Организация ботанических заказников в местах наибольшей концентрации вида, мониторинг за состоянием популяций. Запретить массовый сбор цветов, выкапывание луковиц, выпас скота.

**Источники:** 7, 24, 37, 59, 68.

# Zenaida's Tulip

## *Tulipa zenaidae* Vved.

**Status:** VU. It is vulnerable narrow-spreaded species, endem of Alexander Mountain Range (Northern Kyrgyzstan and Southern Kazakhstan), little-known plant. Small groups of plants are scarcely distributed in low mountains at metal and silty-soil slopes with forb grass and sheep's fescue steppes and scrubby vegetation. Flowering period: 8–10 days in April – May. Propagation is generative (by seeds) both in nature and in culture; it is plant of difficult cultivation (low seed production). Limiting factors: pasturage in spring period, collection of flowers and bulbs. This species is included in Red Book of the country since 1985. Creation of botanical wildlife areas in territories with concentrated populations, the monitoring, the prohibition of flower collection and pasturage are necessary for conservation of the species.

# Араладай юнона

*Juno orchioides* (Carr.) Vved.





Чекилдектерден - Iridaceae - **Ирисовые**

**Статусу:** VU. Батыш жана Түндүк Тяньшандын эндеми.

**Мүнөздөмө.** Көп жылдык жазгы өсүмдүк. Пияз түбүнүн жоондугу 2 см, тыкыс, бозомук кабыкчалар менен капталган; тамыры ичке жиптей, эттүү, өсүмдүктүн үстүңкү бөлүгү куурагандан кийин дагы сакталат. Сабагынын бийиктиги 10-30 см, түз, гүлдөө мезгилинде муун аралыктары жакшы билинет, (1) 3-5-гүлдүү. Жалбырактары ачык-жашыл, орок сымал, ак кырдуу, учуна бир кылка ичкерген, төмөнкүлөрүнүн түбүнүн туурасы 2-3 (5) см. Гүлдөрүнүн узундугу 4,4-6,0 см, ар түрдүү боёлгон: бозомук-сарыдан ачык-сарыга чейин, гүл коргонунун үстүңкү бөлүгүндө кара темгили болот. Кабы бозомук, катуу, учтугуй. Гүл коргонунун сырткы бөлүктөрү тилкелүү канаттай жана эллипстей желекчелүү учтуу, негизинен оюктуу. Ички бөлүктөрүнүн узундугу 10-15 мм, учтугуй үч айчыктуу желекчелери менен. Жону астынан бүтүн, тишчелүү, артынан – тилкелүү. Мамычасынын калакчалары бүтүн кырдуу, учу тегерек. Чаңалгычы тескери-бөйрөкчө сымал.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Араладай юнона жаратылышта жана атайын өстүрүүдө жакшы гүлдөп, мөмөлөйт. Марттын экинчи жарымында өсө баштайт, апрелдин ортосунан гүлдөөсү башталып, ал 1-2 жумага созулат. Уругу бышкандан кийин өсүмдүктүн жерден үстүңкү бөлүгү куурап калат. Вегетативдүү жол менен ар башка жаштагы көптөгөн пияз түптөрдү пайда кылып, уругунан да жакшы көбөйөт. Уругунан 4-5-жылда гүлдөйт. Араладай юнона КР УИАнын Ботаникалык багынын коллекциясында өстүрүлөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Кыргыз жана Талас тоо кыркалары.

**Өсүү шарттары.** Майда топурактуу, чополуу-таштуу, шагылдуу тоо этектеринде жана ортоңку тоо алкактарынын беттеринде кездешет.

**Саны.** Аныкталган эмес.

**Чектөөчү факторлор.** Малдын ченемсиз тепсөөсүнөн, элдер гүлүн үзүп, пияз түптөрүн казып алуусунан жабыркайт.

**Өстүрүү**. КР УИАнын Ботаника багында 40 жылдан ашык натыйжалуу өстүрүлүп келет.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргыз ССРинин Совет Министрлигинин Токтомуна ылайык 1975-жылдан бери коргоого алынган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Жайыттарды рационалдуу пайдалануу. Гүлүн үзүп, пияз түптөрүн казып алууга тыюу салып, түр кеңири таралган аймактарда ботаникалык заказник уюштуруу зарыл.

# Юнона орхидная

## *Juno orchioides* (Carr.) Vved.

**Статус:** *VU* .Эндем Западного и Северного Тянь-Шаня.

**Описание.** Многолетнее весеннее растение. Луковица около 2 см толщиной, покрыта кожистыми плотными бурыми оболочками; корни шнуровидные, мясистые, сохраняются после засыхания надземной части растения. Стебель хорошо выражен, с заметными к периоду цветения междоузлиями, 10 - 30 см высоты, (1)-3 - 5-цветковый. Листья светло-зеленые серповидные, по краю с белым окаймлением, к верхушке постепенно суженные ,нижние у основания 2 - 3(5) см ширины. Цветки 4,4 - 6,0 см длины, разной окраски: от бледно-желтой до ярко-желтой с более темным пятном на наружных долях околоцветника. Чехол бледный, жесткий, острый. Наружные доли околоцветника с сильно крылатыми ноготками и эллиптической пластинкой, на верхушке, обычно, выемчатой. Внутренние доли 10 - 15 мм длины, с острой трехлопастной пластинкой. Гребень в передней части цельный, зазубренный, в задней - рассеченный. Лопасти столбика цельнокрайние, туповатые. Рыльце обратно-почковидное.

**Особенности биологии.** Юнона орхидная в природе и в культуре обильно цветет и плодоносит. Отрастает во второй половине III, цветет с середины IV в течение 1-2 недель. Семена созревают и растение засыхает в VI. Хорошо размножается вегетативно, образуя гнезда из нескольких разновозрастных луковиц, и семенами. Из семян засцветает на 4-5 –й год.

**Распространение общее и в стране.** Кыргызский и Таласский хребты.

**Места произрастания.** Встречается по мелкоземистым, глинистым каменистым, щебнистым склонам от предгорий до среднего пояса гор.

**Численность.** Не установлена.

**Лимитирующие факторы.** Страдает из-за усиленного сбора цветов на букеты и выкапывания луковиц населением, а также от вытаптывания скотом.

**Культивирование.** В Ботаническом саду НАН КР успешно культивируется более 40 лет.

**Меры охраны существующие.** Охраняется с 1975 года в соответствии с Постановлением Совета Министров Киргизской ССР.

**Меры охраны рекомендуемые.**Рациональное использование пастбищ. Запрет сбора цветов, семян и выкапывание луковиц. Организовать ботанический заказник на площади с наибольшей концентрацией вида.

**Источники:** 3, 13, 37, 52, 59.

# Orchid-like Juno

## *Juno orchioides* (Carr.) Vved.

**Status:** VU. It is species endemic for Western and Northern Tien Shan and populates silty-soil, clayey and stony slopes, from piedmonts up to mid-montane belt, in Alexander and Talas Mountain Ranges. Number in nature is unknown; flowering 1–2 weeks from middle of April, propagation both vegetative and generative (seedlings flowers in $4^{th}$–$5^{th}$ year). The species is cultivated in Bishkek Botanical garden during a period over 40 years. Limiting factors: massive collection of bulbs and flowers (for bouquets by people), destruction by cattle trampling-down. The species is under a protection in the country since 1975. To optimise the protection there are offered: rational usage of pasturable lands, creation of botanical wildlife area in locality with abundant population, prohibition of flower and bulb collection.

# Колпаковский чекилдеги

## *Iridodictyum kolpakowskianum* (Regel) Rodionenko
## (*Iris kolpakowskiana* Regel)





Чекилдектерден - Iridaceae - Ирисовые

**Статусу:** VU. Ареалы жана саны кыскарып жаткан түр. Эрте гүлдөөчү, гүлзарларда жана дем алуучу бактарда отургузууга ылайыктуу, сугатты талап кылбагандыктан көңүл буруууга татыктуу түр.

**Мүнөздөмө.** Эрте жаздагы көп жылдык өсүмдүк. Пияз түбү жумуртка сымал, калыңдыгы 1-1,5 см, торчодой-булаланган ачык-күрөң кабыкчалуу. Сабагынын бийиктиги 8-20 см, бир гүлдүү, жалбыраксыз. Сабак түбүндөгү жалбырактары үчтөн турат, тегинен жалпы чел кабыктай жалбырак кучагы менен курчалган. Гүлү сыя, узундугу 4-6 см. Гүл коргонунун сырткы жалбыракчалары ачык-сыя, ийрилген, ак темгилдүү, ичкилери болсо тескери ланцеттей. Гүл таажысы сары. Мөмөсү – көп уруктуу, үч уялуу, кырдуу кутуча, үч бөлүктүү болуп ачылат.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Март-апрелде гүлдөйт. Май-июнда урук байлайт. Уругунан көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түндүк жана Батыш Тяньшань (Чыгыш Өзбекстан, Түштүк Казакстан, Түндүк Кыргызстан). Кыргызстанда – Талас жана Кыргыз тоо кыркаларынын этеги; Фергана тоо кыркасында кездешери тактоону талап кылат.

**Өсүү шарттары.** Тоо этектеринин жана төмөнкү алкактардын лесс шагыл-таштуу беттериндеги майда топурактуу жерлер. Ксеромезоморфтуу эфемероид.

**Саны.** Чектелген. Айыл-кыштактарда жана эс алуу жайлардын тегерегиндеги аймактарда өсүү аянттары өтө кыскарган.

**Чектөөчү факторлор.** Массалык түрдө калк гүлүн үзүп, пияз түбүн казып алып жоготууда.

**Өстүрүү.** Өстүрүүгө өтө ылайыктуу. Бишкекте апрелдин биринчи жарымында гүлдөйт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Казак ССРинин Кызыл китебине (1981), Кыргыз ССРинин Кызыл китебине (1985) киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Сан өлчөмүн аныктоо. Жайыттарды туура пайдалануу, түр кеңири тараган жерлерде ботаникалык заказниктерди уюштуруу керек. Гүлүн жыйноого жана сатууга таптакыр тыюу салуу.

# Иридодиктиум Колпаковского

## *Iridodictyum kolpakowskianum* (Regel) Rodionenko
## (*Iris kolpakowskiana* Regel)

**Статус:** *VU.* Вид с сокращающимся ареалом и численностью. Заслуживает внимания как раноцветущее растение для скверов и парков, не требующее полива.

**Описание.** Многолетнее ранневесеннее растение. Луковица яйцевидная 1 - 1,5 см толщины со светло - бурыми сетчатоволокнистыми оболочками. Стебли 8 – 20 см высоты, одноцветковые, безлистные. Прикорневые листья в числе трех, при основании одетые одним общим перепончатым влагалищем. Цветок фиолетовый 4-6 см длины. Наружные листочки околоцветника со светло-фиолетовым отгибом и белым пятном, внутренние обратноланцетовидные. Гребень желтый. Плод - многосеменная, трехгнездная, ребристая коробочка, раскрывающаяся тремя створками.

**Особенности биологии.** Цветет в III-IV; плодоносит в V-VI. Размножение семенное.

**Распространение общее и в стране.** Западный и Северный Тянь-Шань (Восточный Узбекистан, Южный Казахстан, Северный Кыргызстан). В Кыргызстане – предгорья Таласского и Киргизского хребтов; указание на нахождение в Ферганском хребте нуждается в проверке.

**Места произрастания.** Лессовые мелкоземистые каменистые склоны предгорий и нижнего пояса гор. Ксеромезофильный эфемероид.

**Численность.** Ограничена. Значительно сокращены места произрастания в окрестностях населенных пунктов и зонах отдыха.

**Лимитирующие факторы.** Массово истребляется населением на букеты, выкапываются клубнелуковицы.

**Культивирование.** Хорошо растет в культуре. В г. Бишкек цветет в первой половине апреля.

**Меры охраны существующие.** Внесен в Красную книгу Казахской ССР (1981), Красную книгу Киргизской ССР (1985).

**Меры охраны рекомендуемые.** Уточнить запасы. Рационально использовать пастбища, организовать ботанический заказник в районе с наибольшей концентрацией вида. Необходим полный запрет сбора и продажи цветов.

**Источники:** 23, 37, 56, 59.

# Kolpakovski's Blueflag

## *Iridodictyum kolpakowskianum* (Regel) Rodionenko
## (*Iris kolpakowskiana* Regel)

**Status:** VU. It is a species with reducing area, ornamental early-flowering plant, xerophilous ephemeroid. It is spreaded in piedmonts in Western and Northern Tien Shan and populates silty-soil, loess and stony slopes. Number in nature is limitedand decreasing. Flowering period: March – April; fruiting in May – June; propagation is generative (by seeds), well grows in culture. The species is included into Red Book of adjacent Kazakhstan in 1981. Limiting factors: massive collection of flowers (with bulbs) for bouquets by people, especially near settlements. There are offered for protection of the species: to estimate stock in the nature, to optimise the usage of pasturable lands, to create botanical wildlife area in locality with abundant population, to prohibit the flower collection/trade.

# Минквиц тезиуму

## *Thesium minkwitzianum* B. Fedtsch.





Санталдардан - Santalaceae R. Br. - Санталовые

**Статусу:** CR. Субэндем. Жоголуп кетүү коркунучунун алдында турган, өтө эле аз кездешкен реликт, илимге мааниси зор өсүмдүк. Кыргызстанда өскөн төрт түрдүн бири.

**Мүнөздөмө.** Жоон тамырдуу, көп жылдык өсүмдүк. Көп сабактуу, түксүз, кырдуу, узундугу 40 см ге чейин жеткен, жыш жалбырактуу. Жалбырактары күңүрт-бозомук, шуудурак, жазы ланцеттей, жээги агыш. Топ гүлү – көп майда гүлдүү чачы топ гүлгө чогулган. Гүлдөрү жазы ланцеттей 3 гүл жандагычтуу. Гүл коргонунун узундугу 11-15 мм, мык сымал, саргыч, кайрылган бөлүгү 5 тилкелүү. Мөмөлөрү – кырдуу, майда чуңкурлуу, сырты эллипстей, торчо тарамыштуу жаңгакча.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Май айында гүлдөп, мөмө байлайт. Уругу аркылуу көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Кыргызстандын аймагында Кумбел тоо кыркасынан гана белгилүү (Чаткал тоо тизмегинде). Кыргызстандан тышкары Өзбекстанда (Чаткал коругунда) да өсөт.

**Өсүү шарттары.** Таштуу беттер.

**Саны.** 7ге жакын өсүмдүгү Чаткал коругунан, 20-30дан ашууну Бешарал коругунан табылган.

**Чектөөчү факторлор.** Территорияларды адамдын чарбачылык аракетинен өздөштүрүлүшү (курулуш, кен казып алуу иштери).

**Өстүрүү.** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Казак ССРинин Кызыл китебине (1981),СССРдин Кызыл китебине (1984), Өзбек ССРинин Кызыл китебине (1984) киргизилген. Чаткал (Өзбекстан), Бешарал (Кыргызстан) коруктарында коргоого алынган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Бул түрдү Бешарал коругундагы эң негизги корголуучу түр катары карап, бардык популяциясын санынын эсебин алуу боюнча атайын изилдөөлөрдү жүргүзүү керек.

# Ленец Минквица

## *Thesium minkwitzianum* B. Fedtsch.

**Статус:** *CR*. Субэндемик. Чрезвычайно редкое реликтовое, находящееся под угрозой исчезновения растение, имеет большое значение для науки. Один из четырех видов, произрастающих в Кыргызстане.

**Описание.** Многолетнее растение с толстым многоглавым корнем. Стебли многочисленные, голые, ребристые до 40 см длины, густо облиственные. Листья темно-сизые, кожистые, широколанцетные, по краю беловато окаймленные. Соцветие многоцветковое, кистевидное. Цветки с 3 широколанцетными прицветниками. Околоцветник 12 - 15 мм длины, гвоздевидный, желтоватый с пятилопастным отгибом. Плоды ребристые и ячеистые эллиптические орешки с развитой сетью жилок.

**Особенности биологии.** Цветет и плодоносит в V. Размножение семенное.

**Распространение общее и в стране.** В пределах Кыргызстана извесен только с хребта Кумбель (система Чаткальского хребта). За его пределами - в Узбекистане (Чаткальский заповедник).

**Места произрастания.** Каменистые склоны.

**Численность.** Около 7 растений было обнаружено в Чаткальском заповеднике и 20 - 30- в Беш-Аральском.

**Лимитирующие факторы.** Хозяйственное освоение территории человеком (строительство, разработка полезных ископаемых).

**Культивирование.** Сведения отсутствуют.

**Меры охраны существующие.** Занесен в Красную книгу Казахской ССР (1981), Красную книгу СССР (1984), Красную книгу Узбекской ССР (1984). Охраняется в Чаткальском заповеднике (Узбекистан) и Беш-Аральском (Кыргызстан).

**Меры охрана рекомендуемые.** Желательно сделать этот вид одним из главных объектов охраны в Беш-Аральском заповеднике и провести исследования для обнаружения и учета численности его популяций.

**Источники:** 23, 25, 27, 31, 32.

# Minkwitz's Bastard Toad-Flax

## *Thesium minkwitzianum* B. Fedtsch.

**Status:** CR. This rare relic species is under extinction threat and has great scientific importance. It is registered in Kumbel Mountain Range (Kyrgyzstan) and in adjacent Uzbekistan (Chatkal Nature Reservation). Plants occur at stony slopes. Number in nature is very small (approximately 7 plants in Uzbekistan and 20–30 ones in Kyrgyzstan). Data over biology and cultivation are absent. Limiting factors: economic development of habitats. The species is included into USSR Red Book and into Red Book of Uzbekistan. The species is also included into Red Book of Kazakhstan but there are no registrations last years. This plant should be one of main objects of protection in Besh-Aral Nature Reservation. Additional study of distribution and number should be also continued.

# Суусамыр чайыр гүлү

*Silene sussamyrica* Lazkov





**Чеге гүлдүүлөрдөн - Caryophyllaceae Juss. - Гвоздичные**

**Статусу: EN.** Антропогендик таасирлердин натыйжасында тез эле жок болуп кетүү коркунучунда турган, сейрек учураган, чакан аймактан белгилүү, аз сандагы эндем түр.

**Мүнөздөмө.** Нык дүңгө каудекстүү, тамыр моюнчасында былтыркы жалбырак сабынын калдыгы сакталып калган көп жылдык өсүмдүк. Тамыр моюнчасындагы жалбырактары ланцеттей, сызгычтай-ланцеттүү, түксүз. Сабагынын бийиктиги 40 см ге жетет, тик өсөт. Гүлү – чачык топ гүлгө чогулган, төмөн ийилип турат. Чөйчөкчөсүнүн узундугу 10-12 мм, түтүктөй, кыска, учсуз, жээги кийиздей тытышкан түктүү тишчелүү. Желекчелери жашылыраак, түбүнө чейин сызгычтай бөлүк тилкелүү. Мөмөлөрү (карпофорасы) – түктүү.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Июнь-июлда гүлдөп, июль-августта уруктанат. Уругу аркылуу көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Суусамыр тоо кыркасынын түштүк беттери, Кабактоо, Молдотоо жана Көкийрим тоо кыркалары.

**Өсүү шарттары.** Тоо беттериндеги жарлардын, аска-зоолордун жаракалары.

**Саны.** Өскөн жерлеринде анча чоң эмес сандагы популяциялары кездешет.

**Чектөөчү факторлор.** Аныкталган эмес.

**Өстүрүү.** Өстүрүү аракети жасалган эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Коргоого алынган эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Суусамыр тоо кыркасынын түштүк бетинде сейрек кездешүүчү түрлөр үчүн ботаникалык заказник уюштуруу керек.

# Смолёвка суусамырская

## *Silene sussamyrica* Lazkov

**Статус:** *EN.* Редкий вид, встречающийся в небольшом количестве и на ограниченной территории, который легко может исчезнуть под воздействием антропогенных факторов.

**Описание.** Многолетник с плотнодерновинным каудексом, покрытым сохраняющимися остатками листовых черешков. Прикорневые листья ланцетные или линейно-ланцетные, голые. Стебли до 40 см высоты, прямостоячие. Цветки в кистевидном соцветии, поникающие. Чашечка 10-12 мм длины, трубчатая, с короткими туповатыми, по краю войлочно-опушенными зубцами. Лепестки зеленоватые, с пластинкой до основания разделённой на линейные доли. Карпофор опушённый.

**Особенности биологии.** Цветет в VI-VII; плодоносит в VII-VIII. Размножается семенами.

**Распространение общее и в стране.** Южный склон Суусамырского хребта, хребты Кавак-Тоо, Молдо-Тоо и Кокийрим.

**Места произрастания.** Трещины скал, каменистые склоны.

**Численность.** В пределах местообитаний встречается небольшими популяциями.

**Лимитирующие факторы.** Не установлены.

**Культивирование.** Не проводится.

**Меры охраны существующие.** Не охраняется.

**Меры охраны рекомендуемые.** Создать на южном склоне Суусамырского хребта ботанический заказник для охраны комплекса редких видов.

**Источники:** 29, 30.

# Susamyr Catchfly

## *Silene sussamyrica* Lazkov

**Status:** EN. It is rare species with limited area and can easily extinct under possible anthropogenic influence. The species is endemic for Susamyr (southern macroslope), Kavak-Too, Kokerim and Moldo-Too Mountain Ranges and inhabits rocky clefts and stony sloped. Number is small: all populations are not numerous. Data over biology and cultivation are absent, limiting factors are undetermined. At present time it is out of any protection. It is offered to create botanical wildlife area at in southern slope of Susamyr Mountain Range, for the conservation of this species and appropriate habitats.

# Качымдай кой тикен

***Allochrusa gypsophiloides* (Regel) Schischk.**
**(*Acanthophyllum gypsophiloides* Regel)**





Чеге гүлдүүлөрдөн - **Caryophyllaceae Juss. - Гвоздичные**

**Статусу: VU.** Ареалы тез кыскарып бараткан түр. Бул түрдүн тамырынын курамында 30%ке чейин стероиддик кошулмалар – сапониндер бар. Алар парфюмерияда, текстиль, тамак-аш өнөр жайында, курулуш материалдарын чыгарууда колдонулат.

**Мүнөздөмө.** Көп жылдык, тамыры жоон жана тик ылдый өскөн өсүмдүк. Гүлдүү сабагынын бийиктиги 70 см ге жетет, түп жагынан бутактанат, алар каптал жагына жайылган, көп учурда томолок шар сымал «камгактай» форманы түзөт. Жалбырактары сызгычтуу-шибегедей, түксүз же бодуракай, узундугу 1-3 см, туурасы 0,5-2 мм. Көп сандаган гүлдөрү биригип шыпыргыдай топ гүлдү түзүшөт. Чөйчөкчөсүнүн узундугу 4-6 мм, ичке коңгуроодой, түксүз. Желекчелери ак же кызыл-күлгүн, учу бүтүн.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Июнь-августта гүлдөп, август-сентябрда уруктанат. Уругу аркылуу көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Казакстанда, Өзбекстанда жана Тажикстанда таралган. Кыргызстандын аймагында Чаткал, Талас жана Пскем тоо кыркаларында кездешет.

**Өсүү шарттары.** Саваноиддер.

**Саны.** Кыскарып бара жатат.

**Чектөөчү факторлор.** Территорияларды чарбачылыкка өздөштүрүү. Эсепсиз тамырын чогултуу.

**Өстүрүү.** Өстүрүү иштери жүргүзүлбөгөн.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Казак ССРинин Кызыл китебине (1981),СССРдин Кызыл китебине (1984), Өзбек ССРинин Кызыл китебине (1984) киргизилген. Чаткал (Өзбекстан), Бешарал (Кыргызстан) коруктарында коргоого алынган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Бешарал коругунда бул түрдү негизги корголуучу түр катары караса болоор эле, анткени ал жерде анын саны азырынча жетишерлик. Түрдү атайлап өстүрүү зарыл.

## Колючелистник качимовидный

**Status:** Critically Endangered (CR B2ab (iii)). It is Middle Asian endemic representative of small relic genus, rare plant species known in Kyrgyzstan by the sample from Maimak vicinity only (north-westernmost Kyrgyzstan at the Kazakh border). These plants occur in nature by small groups at stony low-montane slopes, flowering during 15–20 days in June, propagating by seeds, but juveniles not occur and number in nature are unknown. A timber of this ornamental shrub is very nice and is valued by cabinet-masters. Cultivation in Bishkek Botanical garden (1955–1958) was unsuccessful because of weak competitiveness with another shrubs. Limiting factors: cattle-pasturage and felling (firewood-cutting by people). There are necessary to elucidate the number of plants and create botanical wildlife area near Maimak Ry Station, also to make the plantation in culture for the subsequent re-introduction.

# Орто Азия алмуруту

***Pyrus asiae-mediae* (M. Pop.). Maleev**





Роза гүлдүүлөрдөн – Rosaceae Juss. Роцветные

**Статусу:** EN. Көп белгисиз түр. Батыш Тяньшандын сейрек учуроочу эндеми. Түрдүн систематикалык орду талаш. Селекция үчүн жана алмуруттардын мол түшүмдүү козукарын илдеттерине жана шайтан көпөлөктөргө туруктуу түштүк сортторун чыгарууда өтө маанилүү.

**Мүнөздөмө.** Шактары жайылган, бийиктиги 12-16 м ге жеткен дарак. Бутактары жоон, тикенексиз. Жалбырактары жумуру, жээктери ири араа сымал, жалбырак сабы узун жана жылаңач, жемиши – алмурут, мөмө учу кесилген тоголок сымал, саргыч-жашыл. Жемиш эти катуу, ширелүү.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Алмуруттун чыгышазиялык топторуна же алардын гибриддерине таандык. Алар үчүн мезофиттүү, тыным мезгили кыска, суукка чыдамсыз, козукарын илдеттерине туруктуулук мүнөздүү. Уругу менен жана тамыр көчөттөрү менен көбөйөт. Апрель-май айларында гүлдөп, сентябрь-октябрь айларында мөмөлөйт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Чаткал, Пскем жана Узунакмат кырка тоолорундагы эски журттарда жалгыздап, сейрек кездешет.

**Өсүү шарттары.** Алма-жаңгак токой алкактарында деңиз деңгээлинен 1200 м бийиктиктеги суу өрөөндөрүнүн боюндагы аллювиалдык топурактарда өсөт.

**Саны.** Бирин-серин кездешет.

**Чектөөчү факторлор.** Мөмөлөгөн өсүмдүктөрдүн кыйылышы. Уругунан өсүүнүн жойулушу.

**Өстүрүү.** Чаткалда жана Узунакмат кыркы тоолорундагы айылдарда (Тегене капчыгайында) бирин-серин дарактары өстүрүлөт. Тегене капчыгайынан алынып келинип, КР УИАнын Ботаникалык багында өстүрүлгөн. Кышкы сууктан жабыркабайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин токтомунун негизинде республикада 1975-жылдан бери корукта. СССРдин (1975), Өзбек ССРинин (1984) жана Кыргыз ССРинин (1985) Кызыл китептеринде катталган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Түрдүн абалын жана санын көзөмөлдөп, сакталышын толук эсепке алуу. Өсүмдүк өскөн аймактарда заказник уюштуруу керек.

# Груша Средней Азии

*Pyrus asiae-mediae* (M. Pop). Maleev

**Статус:** EN. Вид малоизвестен. Узколокальный эндемик Западного Тянь-Шаня. Систематическое положение вида дискуссионно. Имеет большое значение для селекции и выведения устойчивых к грибным заболеваниям и повреждаемости плодожоркой южных высокоурожайных сортов груш.

**Описание.** Дерево до 12-16 м высоты с раскидистой кроной. Ветви толстые без колючек. Листья овальные, по краю крупнопильчатые, на длинных голых черешках, плоды грушевидные на верхушке усечённо-закругленные, зеленовато-желтые. Мякоть твердая сочная.

**Особенности биологии**. Относится к группе восточноазиатских груш или к их гибридам, для которых характерны мезофитность, короткий период покоя, слабая зимостойкость, высокая устойчивость к грибным заболеваниям. Размножается семенами и корневой порослью. Цветет в IV-V, плодоносит в IX – X.

**Распространение общее и в стране.** Встречается единично на Чаткальском, Пскемском и Узун-Ахматском хребтах, около бывших старых поселений.

**Места произрастания.** Растёт на аллювиальных почвах по долинам рек в поясе яблонево-ореховых лесов, на абсолютных высотах до 1200 м.

**Численность.** Встречается единично.

**Лимитирующие факторы.** Рубка плодоносящих растений. Отсутствие семенного возобновления.

**Культивирование**. В поселках на Чаткальском и Узун-Ахматском (ур. Тегене) хребтах культивируются единичные экземпляры. В Ботанический сад НАН КР ввезена из урочища Тегене. Зимует без повреждений.

**Меры охраны существующие**. На территории республики охраняется с 1975 г. в соответствии с постановлением Совета Министров Киргизской ССР. Внесена в Красные книги СССР (1975), Узбекской ССР (1984) и Киргизской ССР (1985).

**Меры охраны рекомендуемые.** Установить строгий контроль за численностью и состоянием вида. Создать заказник в месте его обитания.

**Источники:** 24, 25, 27, 56.

# Middle Asian Pear

*Pyrus asiae-mediae* (M. Pop). Maleev

**Status:** EN. It is narrow-spreaded little-known species of debatable taxonomic rank, West Tien Shan endem. Single individuals were reported in Chatkal, Pskem and Uzun-Akhmat Mountain Ranges nearby old settlements, in zone of apple-walnut forest, in flood-lands on alluvial soils, up to 1,200 m above sea level. Period of flowering: April – May, fruiting in September – October; reproduction is both generative (by seeds) and vegetative (by root-layers). This is valuable element of genetic fund for the selection of pear cultivars; it is cultivating in several villages and in Bishkek Botanical garden. Only one population of vague origin in Pskem River valley is known for certain. Limiting factors: felling of trees, absence of generative reproduction. There are necessary the estimation of the number and the area, organizing of monitoring in the population, and creation of botanical wildlife area in the habitat.

# Коржинский алмуруту

*Pyrus korshinskyi* Litv





Роза гүлдүүлөрдөн - Rosaceae Juss. - Розоцветные

**Статусу**: VU. Кыргыз Республикасынын аймагында өскөн үч түрдүн бири. Көп белгисиз таксон. Батыш Тяньшанда сейрек кездешкен эндем. Селекцияда түштүктөгү кургакчылыкка чыдамдуу, мол түшүмдүү алмурут сортторун чыгарууда өтө баалуу генофонд.

**Мүнөздөмө.** Жайылган шар сымал же шагы созулган, бийиктиги 10-12 м ге чейин жеткен дарак. Бутагы күңүрт-күрөң, жаш бутакчасы вегетациянын биринчи жарымында түктүү, кийинчерээк начар түктүү же түксүз. Жалбырактары ланцеттей, узунча-ланцеттей же тилкелүү, узундугу – 5-10 см, тегинен эң кеңири жазы, жээктери араа сымал тишчелүү. Гүлдөрүнүн диаметри 2-2,5 см, ак, желекчелери узунча-жумуру, кыска тырмактуу. Мөмөсү – жазы алмурут, жашылгыч-сары, ширелүү, даамы бир аз тилди куруштурат.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Алмуруттун чыгышазиялык топторуна же алардын гибриддерине таандык, аларга кыска тыныгуу мезгили, кышкы суукка чыдамсыз, козукарын илдеттерине, кургакчылыкка туруктуулугу мүнөздүү. Уругу аркылуу жана тамыр көчөттөрү менен көбөйөт. Жалбырактары апрелдин экинчи жана үчүнчү жарымында ачылат. Табигый шарттарда май айында гүлдөп, август-сентябрда мөмөлөйт. Жалбырак түшүүсү сентябрдын аягынан башталып, кыш түшкөнгө чейин бүтпөйт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Батыш Тяньшань, Памир-Алай (Тажикстан, Өзбекстан). Кыргызстанда – Чаткал жана Фергана кырка тоолорунда.

**Өсүү шарттары.** Кургак шагыл-таштуу жана майда топурактуу беттерде, кургак сайлардын жээгинде, төмөнкү жана ортоңку тоо алкактарында, деңиз деңгээлинен 1200-1700 м бийиктик аралыгында өсөт.

**Саны.** Көп эмес, бирин-серин кездешет.

**Чектөөчү факторлор.** Мөмөлөгөн дарактардын кыйылышы. Уругу аркылуу көбөйүүнүн жоктугу.

**Өстүрүү.** КР УИАнын ботаникалык багынын дендрарий коругунда 1954-жылы Фергана кырка тоосундагы Чарвак айылынын четинен жыйналган уруктан өстүрүлгөн. Жетилген дарактары кышка чыдамдуулугу канааттандыраарлык.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин токтомунун негизинде республикада 1975-жылдан бери корукка алынган. Кыргыз ССРинин Кызыл китебинде (1985) катталган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Түрдүн абалын жана санын көзөмөлдөп, бардык учураган даанасын корукка алуу зарыл.

# Груша Коржинского

*Pyrus korshinskyi* Litv

**Статус:** *VU*. Один из трех видов произрастающих на территории Кыргызской Республики. Таксон малоизвестен. Узколокальный эндемик Западного Тянь-Шаня. Ценный генофонд для селекции засухоустойчивых южных высокоурожайных сортов груш.

**Описание.** Дерево с шаровидно-раскидистой или вытянутой кроной до 10 - 12 м высоты. Побеги темно-коричневые, молодые, в первой половине вегетации опушённые, затем почти голые или голые. Листья ланцетные, удлиненно-ланцетные или языковидные, 5-10 см длины, с наибольшей шириной в нижней части, по краю городчато-пильчатые. Цветки 2-2,5 см в диаметре, белые, лепестки удлиненно-овальные с коротким ноготком. Плоды широко-грушевидные, зеленовато-желтые, сочные, слегка вяжущие на вкус.

**Особенности биологии.** Относится к группе восточноазиатских груш или к их гибридам, для которых характерны короткий период покоя, слабая зимостойкость, высокая устойчивость к грибным заболеваниям и засухоустойчивость. Размножается семенами и корневой порослью. Листья разворачиваются во второй и третьей декаде IV. В естественных условиях цветет в V, плодоносит в конце VIII - IX. Листопад начинается с конца IX и не заканчивается до наступления зимы.

**Распространение общее и в стране.** Западный Тянь-Шань, Памиро-Алай (Таджикистан, Узбекистан). В Кыргызстане – Чаткальский и Ферганский хребты.

**Места произрастания.** Сухие щебнистые, щебнисто-каменистые и мелкоземистые склоны, по берегам саев, в нижнем и среднем поясе гор в пределах 1200–1700 м н.у.м.

**Численность.** Незначительная. Встречается единично.

**Лимитирующие факторы.** Рубка плодоносящих деревьев. Отсутствие семенного возобновления.

**Культивирование.** В дендрарии – заповеднике Ботанического сада НАН КР выращивается из семян, собранных в окрестностях с. Чарвак, на Ферганском хребте в 1954 г. Взрослые экземпляры переносят зиму удовлетворительно.

**Меры охраны существующие.** На территории республики охраняется с 1975 г. в соответствии с постановлением Совета Министров Киргизской ССР. Внесена в Красную книгу Киргизской ССР (1985).

**Меры охраны рекомендуемые.** Установить строгий контроль за численностью и состоянием вида. Все экземпляры взять под охрану.

**Источники:** 24, 55, 56.

# Korzhinski's Pear

*Pyrus korshinskyi* Litv

**Status:** VU. It is narrow-spreaded little-known species endemic for West Tien Shan and Northern Alai-Pamirs, one of three Kyrgyz congeners. Single individuals occur in Chatkal and Fergana Mountain Ranges at dry metal, silty-soil and stony slopes, in bottom of dry gorges in low- and mid-montane belts, at 1,200–1,700 m above sea level. It is valuable species for genetic fund and for the selection of pear drought-resisting cultivars. Period of flowering: May, fruiting is in August – September, reproduction is by seeds and root-layers. Number in nature is insignificant. Limiting factors: felling of trees, absence of generative reproduction. *P. korshinskyi* is cultivating in Bishkek Botanical garden and is included in the list of endangered and protected species in 1975 by special Governmental Decree of Kyrgyz SSR. It is necessary to estimate a number and area, to organise the monitoring for population and habitats, and to protect all trees found.

# Кызыл жалбырактуу алма

***Malus niedzwetzkyana* Dieck**





Роза гүлдүүлөрдөн - Rosaceae Juss. - **Розоцветные**

**Статусу:** VU. Өтө сейрек кездешкен, жоголуп жана саны азайып бара жаткан эндем түр. Селекция үчүн баалуу түр.

**Мүнөздөмө.** Жаратылышта бийиктиги 4-7 м ге чейин жеткен дарак. Көп жылдык сабагынын кабыгы кызыл-күрөң, бир жылдыктары – чымкый күрөң-кызыл. Жалбырактары калың, тыгыз, күңүрт-жашыл, узундугу – 7-10 см, кызгылт темгилдүү. Гүлдөрү ачык-кызгылтым, диаметри – 3-5 см. Мөмөсү анча чоң эмес, шар сымал, көгүлтүр кызыл. Жемиши – чымкый кызыл. Уругу күңүрт-күрөң, күрөң-кызыл темгилдүү. Чаткал кырка тоосунда өскөн дарактарынын мөмөсүнүн кабыгы катуу, жыгачтанган сымал.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Уругу менен жана тамыр көчөттөрү аркылуу көбөйөт. Марттын үчүнчү декадасында жалбырактары ачылып, апрелдин аягында, майдын башында гүлдөйт, август-сентябрда мөмөлөйт. Вегетациясы октябрдын биринчи декадасында бүтөт. Кышкы суукка чыдамдуу.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Батыш Тяньшань (Казакстан, Өзбекстан, Кыргызстан), Батыш Кытай (Синдзяң). Машат тоосунан аныкталган (Сырдарыя Каратоо кыркасы). Кыргызстанда – Чаткал, Узун-Акмат жана Фергана (түштүк чыгыш бөлүгү) тоо кыркалары.

**Өсүү шарттары.** Жаңгак-жемиш токой алкагындагы капчыгайлардын суу боюнда жана тоо этектеринин беттери.

**Саны.** Бирин-серин кездешет.

**Чектөөчү факторлор.** Чарбалык иштердин күчөшү. Жайыттарды ченемсиз пайдалануунун натыйжасында топурак-кыртыштын тапталуусунан өсүмдүк жабыркайт. Мөмөсүн жаныбарлар колдонгондуктан, уругу менен көбөйүүсү жокко эсе. Кыргыз жана Сиверс алмасы менен чогуу өссө, анын гүлдөрү аралаш чаңдашып, нукура уруктуу өсүмдүктөрдүн саны азайууда.

**Өстүрүү.** Казакстанда бул алма «Кулджинка» деген ат менен кеңири өстүрүлөт. Ташкент, Алматы, Дүйшөмбү, Москва шаарларынын ботаникалык бактарында жапайы өсүмдүктөр өстүрүлөт. Кыргыз республикасынын УИАнын ботаникалык багынын шартында 22 жылдык өсүмдүк 7 м бийиктикке жеткен.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** 1985 жылы Кыргыз ССРинин Кызыл китебинде катталган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Афлатун жана Кара-Суу сууларынын капчыгайында, Ак-Терек-Гава капчыгайында, Кара-Алма суусунун капчыгайында өскөн өсүмдүктөрдү корукка алуу керек. Түр табигый кездешкен жерлерден алынган уругунан генетикалык жактан баалуу көчөттөрдү өстүрүү үчүн питомник уюштуруу зарыл.

# Яблоня Недзвецкого

## *Malus niedzwetzkyana* Dieck

**Статус:** VU. Очень редкий, эндемичный, исчезающий вид, с незначительной численностью. Ценный вид для селекции.

**Описание.** В природе деревья до 4 - 7 м высоты. Кора многолетних ветвей красно-бурая, однолетних – тёмно-пурпуровая. Листья плотные, тёмно-зелёные, 7 - 10 см длины с красноватым оттенком. Цветки ярко-пурпурные 3 - 5 см в диаметре. Плоды некрупные, шаровидные, фиолетово-красные мякоть розовато-пурпуровая. Семена темно-коричневые с малиновым оттенком. У растений с Чаткалского хребта кожица плодов частично опробковевшая.

**Особенности биологии**. Размножается семенами и корневой порослью. Листья разворачиваются в третьей декаде III. Цветёт в конце IV – начале V, плодоносит в VIII – IX. Вегетацию заканчивает в первой декаде X. Весьма зимостойка.

**Распространение общее и в стране.** Западный Тянь-Шань (Казахстан, Узбекистан, Кыргызстан), Западный Китай (Синьдзянь). Описан с горы Машат (хребет Сырдарьинский Каратау). В Кыргызстане – Чаткальский, Узун-Ахматский и Ферганский (юго-восточная часть) хребты.

**Места произрастания.** В поясе ореховоплодовых лесов по днищам ущелий и в нижних частях склонов.

**Численность.** Встречается единично.

**Лимитирующие факторы.** Усиленная хозяйственная деятельность. Растения плохо переносят уплотнение почвы при выпасе скота. Плоды поедают животные, прекращая семенное возобновление. При совместном произрастании с яблоней киргизов и Сиверса цветки её переопыляются и снижается численность семенных растений.

**Культивирование.** Широко культивируется в Казахстане под названием «Кульджинка». Дикорастущие растения культивируются в ботанических садах Ташкента, Алма - Аты, Душанбе, Москвы. В ботаническом саду НАН КР в 22-летнем возрасте достигла 7 м высоты.

**Меры охраны существующие.** Внесена в Красную книгу Киргизской ССР (1985г.).

**Меры охраны рекомендуемые.** Растения, произрастающие в ущельях рек Афлатун и Кара-Суу, в урочище Ак-Терек-Гава, ущелье р. Кара-Алма, взять на учет. Организовать питомник для выращивания генетического посадочного материала из семян, собранных в дикорастущих насаждениях вида.

**Источники:** 8, 14, 22, 25, 56, 61.

# Niedzvetzki's Apple-tree

## *Malus niedzwetzkyana* Dieck

**Status:** VU. This relic species is endemic for Tien Shan, one of three Kyrgyz congeners. It was described from Mashat Mountain (Syrdar Karatau Mountain Range), and is known in Western Tien-Shan and Xinjiang; in Kyrgyzstan it is spreaded in Chatkal, Uzun-Akhmat Mountain Ranges and in south-eastern part of Fergana Mountain Range. Single individuals sparsely occur in walnut and fruit forest zone. Period of flowering: end of April – beginning of May, fruiting in August – September; reproduction is both generative (by seeds) and vegetative (by root-layers). It is valuable species for genetic fund and for the selection and breeding of apple cultivars; the species is widely spreaded in a culture. Limiting factors: economic activity in habitats (plants are weakly resistant for soil compression caused by pasturage), absence of generative reproduction caused by the fruits' eating by animals, the degeneration owing to the cross-pollination when the species sprouting amongst Sievers' apple-trees. The species is included into Red Data Book of the Republic in 1985. Trees in Aflatun, Kara-Suu and Kara-Alma Ravines and in Ak-Terek-Gava localities should be especially protected. The organisation of special arboretum is need for plants received from natural seeds pure in genetics.

# Кызыл алма

**_Malus sieversii_ (Ledeb.) M. Roem. (_hissarica_ S. Kudr., _kirghisorum_ Al. Theod. et Fed., _jusepczuki_ Vass.)**





**Роза гүлдүүлөрдөн - Rosaceae Juss. - Розоцветные**

**Статусу:** *Категориясы LC.* [61, 21 ж.б.]. Кыргызстандын флорасынан Эл аралык Кызыл китепке киргизилген жападан жалгыз түр (IUCN RLTS, категориясы VU  B1+2c) [87].

**Мүнөздөмө.** Бийиктиги 3-5 м ге чейин жеткен, чакан мажаралуу дарак. Бутагынын кабыгы кызыл-күрөң, же боз, катмарланган. Жалбырактары калың же ичке, тыгыз, узундугу 10 см ге чейин. Гүлдөрү 2-5 сандагы топ гүлдө, ачык-кызгылтым, диаметри 5,5-6,0 см. Мөмөсү (алмасы) 2-3-төн, шар сымал же жалпайган шар сымал, диаметри 3-7 см, жашыл же саргыч, көпчүлүк учурда кочкул кызыл капталдуу, кычкылыраак-таттуу, кургагыраак даамдуу.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Апрелдин аягынан майдын башына чейин гүлдөйт, июль-сентябрда мөмөлөйт. Уругу жана тамыр көчөттөрү аркылуу көбөйөт [61, 55 ж.б.].

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Ортоазия тоолору (Кыргызстан, Түштүк Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан), Түндүк Ооганстан, Синдзяң жана Тарбагатай тоо кыркасы [61, 81, 23, 35, 20, 18]. Кыргызстанда - Кыргыз (түндүк беттери), Талас (батыш бөлүгү) [35], Суусамыртоо (түштүк беттери), Кабактоо [61], Чаткал, Узунакмат, Атойнок, Фергана тоо кыркалары, Чаткал, Кичи жана Чоңкемин сууларынын бассейни [20]; Алайдын түндүк-чыгыш жагындагы Турук капчыгайы [61].

**Өсүү шарттары.** Түнт токойлор алкагында, капчыгайлардын ойдуңунда жана беттеринде, деңиз деңгээлинен 1200-дөн 2400 м ге чейинки бийиктиктерде [61, 81, 23, 18].

**Саны.** Дарактары жалгыздан жана анча көп эмес топ-топ болуп, Кыргызстандын бардык территорияларындагы ареалында өсөт. Республиканын токой чарбачылыгынын карамагындагы алма токойлорунун негизги дарагы Кызыл алма болуп саналып, 2000 жылы алар 16,7 миң га аянтты ээлеген [21].

**Чектөөчү факторлор.** Адамдын чарбалык аракеттери жана жайыттарды ченемсиз пайдаланып мал жайюуу. Кээбир өскөн жерлерде дарактары отунга кыйылып, мезгил-мезгили менен зыянкеч курт-кумурскалардан жабыркайт [35].

**Өстүрүү.** Орто Азияда жана мурдагы СССРдин өлкөлөрүндө кеңири өстүрүлөт (түндүктө Москва жана Калининградка чейин [35]), Кыргызстанда кээде жергиликтүү калк өзүнүн чакан үй алдындагы аянттарда өстүрөт. Кыргыз Республикасынын УИАнын Ботаникалык багында 1953 жылдан бери өстүрүлөт [55].

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** 1994 жылы IUCN RLTS-га киргизилген [87], 1981 жылы Казакстандын Кызыл китебине киргизилген [23]. Бир нече аймактар Батыш Тяншандын коргоого алынган территорияларына таандык келет [18, 35] (Кыргызстанда – Падыша-Ата, Сары-Челек жана Беш-Арал коруктарында жана Дашман, Узунакмат, Ийрисуу ж.б. заказниктеринде).

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Негизги кездешкен ареалында иликтөө жүргүзүп, дарактарын кыйып-жоготсо, ЖКЭБтин коругу алдындагы түр катары штрафтын өлчөмүн көбөйтүү керек.

# Яблоня Сиверса

## *Malus sieversii* (Ledeb.) M. Roem. (*hissarica* S. Kudr., *kirghisorum* Al. Theod. et Fed., *jusepczuki* Vass.)

**Статус:** *Категория LC*. Горно-среднеазиатский полиморфный вид, ценный элемент генофонда, одна из второстепенных лесообразующих и плодовых пород [61, 21 и др.]. Единственный из видов флоры Кыргызстана, который включён в Международную Красную книгу (IUCN RLTS, категория VU B1+2c) [87].

**Описание.** Деревья до 3–5 м высоты, с компактной кроной. Ветви с красновато-бурой корой, или с серой, отслаивающейся. Побеги светлее, чем у *M. niedzwetzkyana*. Листья от плотных до тонких, длиной до 10 см. Цветки по 2–5 в соцветии, бледнорозовые, 5,5–6,0 см в диаметре. Яблоки по 2–3, сплюснуто-шаровидные, диаметром 3–7 см, зелёные или желтоватые, часто с пурпурным румянцем. сладковато-кислые, суховатые.

**Особенности биологии.** Цветёт в конце IV – начале V, плодоносит в VII–IX. Размножается семенами и корневой порослью. Вид обычно слабороcлый, но зимостоек и сравнительно неприхотлив [61, 55 и др.].

**Распространение общее и в стране.** Горы Средней Азии (Кыргызстан, Южный Казахстан, Узбекистан, Таджикистан), Северный Афганистан, Синьцзян и хребет Тарбагатай [61, 81, 23, 35, 20, 18]. В Кыргызстане – хребты Киргизский (северный склон), Таласский (запад) [35], Суусамыр-Тоо (южный склон), Кавак-Тоо [61], Чаткальский, Узун-Ахматский, Атойнокский, Ферганский, бассейны рек Чаткал, Кичи- и Чон-Кемин [20]; на Алайском, кроме урочища Турук [61], и Туркестанском хребтах отсутствует.

**Места произрастания.** В поясе чернолесья, по днищам и склонам ущелий, на высотах от 900 (в Кыргызстане обычно от 1200) до 2400 м н. у. м. [61, 81, 23, 18].

**Численность.** Деревья встречается как отдельно, так и сравнительно большими группами в лесных массивах, почти на всем ареале вида на территории Кыргызстана. Находящиеся в ведении органов лесного хозяйства Республики массивы яблоневых лесов, в которых основной породой является яблоня Сиверса, по оценкам на 2000 год имеют площадь около 16,7 тыс. га [21].

**Лимитирующие факторы.** Хозяйственная деятельность, чрезмерный выпас скота. В ряде мест произрастания деревья вырубаются на топливо, периодически сильно поражается вредными насекомыми [35].

**Культивирование.** Широко культивируется в Средней Азии и в странах бывшего СССР (на север до Москвы и Калининграда [35]), в Кыргызстане иногда выращивается местными жителями на приусадебных участках. В Ботаническом саду НАН КР культивируется с 1953 года из семян, плодоносить начали в 8 лет [55].

**Меры охраны существующие.** Вид занесён в IUCN RLTS в 1994 году [87], как уязвимый в глобальном масштабе, а также в Красную книгу Казахстана в 1981 году как сокращающийся в численности [23]. Ряд мест произрастания находится на охраняемых территориях в Западном Тянь-Шане [18, 35] (в Кыргызстане – в заповедниках Падыша-Атинском, Сары-Челекском и Беш-Аральском, а также в заказниках Дашманском, Узун-Ахматском, Ийрисуйском и др.).

**Меры охраны рекомендуемые.** Взять под контроль маргинальные популяции (на хребтах Суусамыр-Тоо, Кавак-Тоо, Алайском), увеличить размер штрафов за уничтожение деревьев, как объектов, находящихся под охраной МСОП.

# Sievers's Apple-tree

## *Malus sieversii* (Ledeb.) M. Roem. (*hissarica* S. Kudr., *kirghisorum* Al. Theod. et Fed., *jusepczuki* Vass.)

**Status:** LC. This species is polymorph and spreaded mainly in Middle Asia mountains, valuable food-plant for apple selection. It is only one species from the flora of Kyrgyzstan which is listed in IUCN RLTS (category VU B1+2c). Area of the species in the country includes Alexander (western part of northern macroslope), Talas (western part), Suusamyr-Too (southern slope), Uzun-Akhmat, Chatkal, Atoinok, Fergana and Alai (north-eastern part) Mountain Ranges, and basins of Chatkal, Kichi-Kemin and Chon-Kemin Rivers. Trees occur individually and by groups in forest belt at 1,200–2,400 m above sea level. Period of flowering: end of April – beginning of May, fruiting in July – September, propagation is both generative and vegetative. Apple forests in Kyrgyzstan (*M. sieversii* is the main component) are under a managing of forest governmental authorities and occupy about 16,700 ha. Limiting factors: economic activity in inhabits, felling (firewood-cutting), fruit collecting by people and eating by animals, excessive pasturage; hybridization factor for genetic pureness is unstudied. However at present this species is not endangered in the country. The species is widely cultivated in world arboretums, in Bishkek Botanical garden – since 1953. Special monitoring for some small isolated marginal natural populations is offered to protect this species, as well monitoring and explanatory work for people and fines for illegal felling.

# Кнорринг долоносу

*Crataegus knorringiana* Pojark





Роза гүлдүүлөрдөн - Rosaceae Juss. - Розоцветные

**Статусу:** VU. Чектелген кууш эндем түр.

**Мүнөздөмө.** Бийиктиги 5-6 м ге жеткен дарак. Жалбырактары ичке эллипстей, жумуртка же калакча сымал. Мөмөсү сары, майда, данекчелери беш терең чуңкурлуу. Бул өсүмдүктүн курамында тритерпендер аныкталган.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Табигый шартта апрелдин аягы – майдын башында гүлдөйт. Мөмөсү сентябрда бышып жетилип, октябрда вегетациясы аяктайт. Уругунан көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Кыргызстан: Чычкан дарыясынын өзөнү, Чаткал, Фергана, Алай тоо кыркалары.

**Өсүү шарттары.** Дарак-бадалдардын арасында, суулардын өзөнүндө, таштуу жана майда топурактуу төмөнкү жана ортоңку алкактардагы тоо беттеринде кездешет.

**Саны.** Анча көп эмес. Бирин-серин өсөт.

**Чектөөчү факторлор.** Өсүмдүк өскөн территорияларды чарбачылык жактан өздөштүрүү. Жергиликтүү калк отун катары пайдаланат. Калыптанып өсүшү өтө начар.

**Өстүрүү.** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** 1985-жылдан бери Кыргыз ССРинин Кызыл китебинде катталган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Тоскоолата жана Каралма токой чарбаларында сакталып калган өсүмдүктөрдүн эсебин алып, аларды кыйуудан, жаш көчөттөрүн мал оттотуудан сактоо зарыл.

## Боярышник Кнорринг

*Crataegus knorringiana* Pojark

**Статус:** *VU*. Узкоэндемичный вид.

**Описание.** Дерево до 5 - 6 м высоты. Листья узкоэллептические или яйцевидные, слаболопастные. Плоды жёлтые, мелкие, с пятью сильно ямчатыми косточками. В растении выявлены тритерпены.

**Особенности биологии.** Цветет в конце IV- начале V. Плоды созревают в IX. Вегетацию заканчивает в X. Размножение семенное.

**Распространение общее и в стране.** Кыргызстан: долина р. Чичкан, Чаткальский, Ферганский, Алайский хребты.

**Места произрастания.** Среди древесно-кустарниковой растительности в долинах рек, на каменистых и мелкоземистых склонах в нижнем и среднем поясах гор.

**Численность.** Незначительна. Растет единичными экземплярами.

**Лимитирующие факторы.** Хозяйственное освоение территории произрастания. Используется населением на топливо. Очень слабо возобновляется.

**Культивирование.** Сведений нет

**Меры охраны существующие.** Внесен в Красную книгу Киргизской ССР (1985).

**Меры охраны рекомендуемые.** В Тоскоул-Атинском и Кара-Алминском лесхозах все оставшиеся растения охранять от порубок и потрав молодых растений скотом.

**Источники:** 15, 24, 55.

## Knorring's Haw-tree

*Crataegus knorringiana* Pojark

**Status:** VU. This narrow-spreaded insufficiently studied species is endemic for Kyrgyzstan and is known in Chychkan Ravine, Chatkal, Fergana and Alai Mountains. It occurs by single individuals (trees up to 5–6 m of height) on stony and silty-soil slopes and in river valleys with trees and shrubs, in low- and mid-montane belts; number is insignificant. Period of flowering: end of April – beginning of May, fruiting in September, propagation is generative but reproduction is observed very seldom. Limiting factors: weak propagation, economic activity in inhabits, felling (firewood-cutting by local people). This species has a food value, there are also triterpenes revealed in plants; it is cultivating in Bishkek Botanical garden since 1958, but propagation by seeds is not registered. The species is included into Red Book of the country in 1985. It is necessary to check all individuals and to organise full protection for the species in Toskaul-Ata and Kara-Alma Forestries.

# Персия алма-четини

## *Sorbus persica* Hedl





Роза гүлдүүлөрдөн - Rosaceae Juss. - Розоцветные

**Статусу**: VU. Декоративдүү эндем түр.

**Мүнөздөмө.** Бийиктиги 5 м ге чейин жеткен дарак. Бир жылдык өркүндөрү кызгылтым-бозомук, түксүз же сейрек түктүү. Жалбырактары жөнөкөй эллипстей же узунча-ланцеттүү, узундугу – 5-8 см, туурасы – 4-6 см, анча терең эмес айчыктуу, калың, үстү жагы жылаңач, асты ак кийиздей түктүү, гүл тобу аз гүлдүү. Гүл сабы гүлдөгөн маалда ак кийиздей түктүү (булалуу), кийинчерээк жылаңачтанат. Желекчелери ак, түп жагына карай кууш. Мөмөсү шар сымал же сүйрү, саргыч-кызыл көгүлтүр мом катмарлуу.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Изилденбеген.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түндүк Иран, Түркмөнстан (Борбордук Копетдаг), Памир-Алай жана Батыш Тяньшань (Казакстан, Өзбекстан, Кыргызстан жана Тажикстан). Кыргызстанда: Талас, Кыргыз, Узун-Акмат, Фергана, Көкийримтоо жана Чыгыш Акшыйрак тоо кыркаларында кездешет. Кээбир жерлерде анын жакын аралыктарда өскөнүн гербарий чогултуудан божомолдосо болот.

**Өсүү шарттары.** Капчыгайлардын ичинде учурайт.

**Саны.** Өтө чектелген, жалгыздан учурайт.

**Чектөөчү факторлор.** Элдик кол өнөрчүлүккө массалык түрдө кыюу. Начар калыбына келүүсү.

**Өстүрүү.** 1967-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын Ботаникалык багында өстүрүлүп келет. Өсүмдүктүн өсүшү өтө начар. Гүл байлабайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин токтомунун негизинде 1975-жылдан бери мамлекеттик коргоого алынган. Кыргыз ССРинин Кызыл китебинде (1985) катталган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Түрдүн азыркы кездеги абалын аныктоо.Сакталып калган экземплярларын каттоого алып, Көкарт суусунун агымынын ортоңку нугунда (Тогузторoо району) ботаникалык заказник уюштурса, персия алма-четининен башка дагы сейрек кездешүүчү түрлөр коргоого алынат.

# Рябина персидская

## *Sorbus persica* Hedl

**Статус:** VU. Эндемичный, декоративный вид.

**Описание.** Дерево до 5 м высоты. Однолетние побеги красновато-бурые, голые или слабоопушенные. Листья простые эллиптические или продолговато-эллиптические, 5-8 см длины, 4 - 6 см ширины неглубоколопастные, кожистые, сверху голые, снизу беловойлочные, соцветия малоцветковые. Цветоножки во время цветения беловойлочные, позже оголяющиеся. Лепестки белые, суженные к основанию. Плоды шаровидные или продолговатые, оранжево-красные с сизоватым налетом.

**Особенности биологии.** Не изучены.

**Распространение общее и в стране.** Северный Иран, Туркмения (Центральный Копет-Даг), Памиро-Алай и Западный Тянь-Шань (Казахстан, Узбекистан, Кыргызстан и Таджикистан). В Кыргызстане: хребты Таласский, Киргизский, Узун-Ахматский, Ферганский, Кокийирим и Ак-Шийрак-Западный. В ряде мест произрастания в недавнее время можно судить только по гербариям.

**Места произрастания.** По ущельям.

**Численность.** Ограниченная, встречается единичными экземплярами.

**Лимитирующие факторы.** Массовая порубка на поделки народного промысла. Слабое возобновление.

**Культивирование.** В Ботаническом саду НАН Кыргызской Республики культивируется с 1967 года. Растения весьма угнетены в росте, не цветут.

**Меры охраны существующие.** Вид принята под государственную охрану в соответствии с постановлением Совета Министров Киргизской ССР в 1975 г. Внесена в Красную книгу Киргизской ССР (1985).

**Меры охраны рекомендуемые.** Выяснить современное состояние вида.Взять на учет и повсеместно охранять сохранившиеся экземпляры. В среднем течении р. Кёгарт Тогуз-Тороузского района организовать ботанический заказник, где наряду с рябиной персидской получат защиту и другие редкие виды.

**Источники**: 56.

# Persian Rowan

## *Sorbus persica* Hedl

**Status:** VU. It is narrow-spreaded endemic species with reducing area and number. Single individuals occur in ravines in Fergana, Uzun-Akhmat, Talas, Alexander, Kokerim-Too and Ak-Shyirak-Western Mountain Ranges. At present it is known from many localities by herbarium samples only. Period of flowering: May, fruiting in September; propagation is generative but reproduction is very limited. This ornamental tree is cultivating in Bishkek Botanical garden since 1967 but no flowering. Limiting factors: weak propagation and mass felling (for hand-made articles of decorative art). The species is included into Red Book of the country in 1985. It is necessary to check the current state of populations this species, to protect all registered specimens and to create special botanical wildlife area in middle part of Kugart River gorge (Toguz-Toroo District).

# Петунников бадамы

*Amygdalus petunnikowii* Litv.





Роза гүлдүүлөрдөн - Rosaceae Juss. - Розоцветные

**Статусу: VU.** Жер Ортолук деңизинен Азиянын борборуна чейин өскөн тукумдун 40 түрүнүн бири. Реликт, аз санда кездешкен эндем түр.

**Мүнөздөмө.** Бийиктиги 1 м ге чейин жеткен бадал. Бутактары түксүз, тикенеги жок. Жалбырактарынын узундугу 2-3 см, туурасы 3-5 (10) мм, ичке ланцеттей, теги учтуу шынаадай, кыска жалбырак саптуу. Гүлдөрү мала кызыл, кыска гүл саптуу. Мөмөсү тегиз эмес капталдуу, теги кыйшык имерилген, жыш түктүү сары мөмө коргондуу, данегинин сырты тор-тилкелүү.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Апрелдин орто ченинде гүлдөйт. Мөмөлөрү сентябрда бышат. Вегетациясы сентябрдын аягы – октябрдын башында аяктайт. Уругу аркылуу көбөйөт. Табигый шартта өзүнөн-өзү өсүп чыгуусу жокко эсе.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Батыш Тяньшань (Казакстан, Өзбекстан). Кыргызстанда – Чаткал тоо кыркасы (Чаткал дарыясынын бассейни) жана Талас тоо кыркасы (батыш бөлүгү).

**Өсүү шарттары.** Дарактуу жана бадалдуу өсүмдүктүүлүк алкактардын түндүк шагылдуу капталдары.

**Саны.** Маалымат жок.

**Чектөөчү факторлор.** Түр өскөн аймактарда малды чексиз жаюу.

**Өстүрүү.** 1965-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын Ботаникалык багында өстүрүлүп келет. Вегетациясы апрелдин биринчи жарымында башталат. Апрелдин орто ченинде гүлдөп, мөмөсү сентябрдын аягында бышып жетилет. Кыштан негизинен жабыркоосуз чыгат, бирок өтө ызгаардуу температуралуу кыштарда кээбир экземплярлары солуп калат.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтомунун негизинде 1975-жылдан бери мамлекеттик коргоого алынган түрлөрүнүн тизмесине киргизилген. Кыргыз ССРинин Кызыл китебинде (1985) катталган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Түр максималдуу учураган аянттарда: Чаткал тоо кыркасынын Чаткал дарыясынын боюнда, Талас тоо кыркасынын батыш бөлүгүндө ботаникалык заказниктерди уюштуруу; ботаника багына интродукциялоо зарыл.

# Миндаль Петунникова

## *Amygdalus petunnikowii* Litv.

**Статус:** *VU.* Один из 40 видов произрастающих от Средиземноморья до центра Азии. Реликтовый узкоэндемичный вид.

**Описание.** Кустарник до 1 м высоты. Ветви голые, лишённые колючек листья. 2 - 3 см длины и 3 - 5 (10) мм ширины, узколанцетные с остроклиновидным основанием, короткочерешковые. Цветки розовые на коротких цветоножках. Плоды неравнобокие, при основании косооттянутые, с густоопушённым, рыжеватым околоплодником, косточка на поверхности седчато-бороздчатая.

**Особенности биологии.** Цветет в середине IV. Плоды созревают в IX. Вегетацию заканчивает в конце IX - начале X. Размножение семенное. В естественных условиях самосев почти отсутствует.

**Распространение общее и в стране.** Западный Тянь-Шань (Казахстан, Узбекистан). В Кыргызстане – Чаткальский (бассейн р. Чаткал) и Таласский ( западная часть) хребты.

**Места произрастания.** Северные щебнистые склоны в поясе древесной и кустарниковой растительности.

**Численность.** Сведения отсутствуют.

**Лимитирующие факторы.** Чрезмерная пастьба скота в местах произрастания вида.

**Культивирование.** В Ботаническом саду НАН Киргизской Республики культивируется с 1965 г. Начинает вегетировать в первой половине IV. Цветет в середине IV, плоды созревают в конце IX. Зимует обычно без повреждений, в годы с резкими перепадами зимних температур часть растений гибнет.

**Меры охраны существующие.** Включён в список видов, охраняемых государством, утвержденный Советом Министров Кыргызской ССР в 1975 г. Внесен в Красную книгу Киргизской ССР (1985).

**Меры охраны рекомендуемые.** Организация ботанических заказников в местах с большей концентрацией вида: в Чаткальском хребте, в бассейне р. Чаткал и в западной части Таласского хребта; интродукция в ботаническом саду.

**Источники:** 55, 56.

# Petunnikov's Almond

## *Amygdalus petunnikowii* Litv

**Status:** VU. This narrow-spreaded relic shrub is endemic for West Tien Shan, in Kyrgyzstan it is known in western part of Talas Mountain Range and in the basin of Chatkal River (northern slope of Chatkal Mountain Range). Small groups occur at metal slopes of northern exposition, in zone of the arboreal vegetation and between shrubs. Period of flowering: middle of April, fruiting in September, propagation is generative but reproduction is almost absent in nature. Number is unknown. Limiting factors: weak propagation and excessive cattle-pasturage in inhabits. It is cultivating in Bishkek Botanical garden since 1965 as well in another botanical gardens. This plant is included in the list of endangered and protected species in 1975 by special Governmental Decree of Kyrgyz SSR. There is offered to study the current state of populations, and to create botanical wildlife area in a habitat, for the preservation of the species.

# Боз кемпир

***Styphnolobium korolkowii*** **(Kochne) Jakovl.**
**(*Sophora griffithii* Stoks ssp. *korolkowii* Kochne)**





Чанактуулардан - Fabaceae Lindl - Бобовые

**Статусу:** CR. Кыргызстандагы кездешкен тукумдан жалгыз түр.

**Мүнөздөмө.** Жаш бутактары күмүштөй ак, көп жылдык бутактары боз кабыктуу бадал. Жалбырактары жупсуз канаттай, үстү жагы жашыл, асты ак түктүү, күмүштөй, жумуру жалбырактуу. Гүлдөрү сары, чачы топ гүлгө чогулган. Чанактары төрт кырдуу, алар ичке тегиз эмес канатчалуу.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Май айында гүлдөп, июль-августта уруктайт. Уругу аркылуу көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Негизги экземплярлары Разансай капчыгайында, Нарын суусунун боюнда (Батыш Тяньшань) өсөт. Эчкилүү тоонун батыш беттеринде, Карасуу суусунун төмөнкү нугунда, Чаактоо капчыгайында, ошондой эле Нарын суусунун оң жээгинен тартып Күрпсай капчыгайына чейинки жерлерде бирин серин жолугат. Бул түрдүн табигый таралган жерлеринин эң түндүк чеги болуп эсептелет.

**Өсүү шарттары.** Жапыз тоолордогу таштактуу, аскалуу, эшилме, шагыл жерлер.

**Саны.** Саны эсепке алынган эмес.

**Чектөөчү факторлор.** Түрдүн өсүмдүктөрүнүн көпчүлүгү Бишкек-Ош жолун, Күрпсай суу сактагычын курууда, Разансай кыштагын уюштурууда, Эчкилүүтоо кыркасынын батыш жагына авто жолун салуудан жок болуп кеткен.

**Өстүрүү.** КР УИАнын Ботаникалык багында уругун эккенде жаш көчөттөрү тез эле куурап калат. Топурак менен кошо көчүрүлгөн көчөттөрдөн бирөө өсүп жетилип, гүлдөө мезгилине жетип, мөмө байлаган. Калкаласа кыштайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Атайын коргоо чаралары иштелип чыккан эмес. Кыргыз ССРинин Кызыл китебинде (1985) катталган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Сакталып калган өсүмдүктөрүн тийиштүү токой чарбалары көзөмөлгө алыш керек. Эң ири популяциясы кездешкен Разансайда боз кемпирге ботаникалык заказник уюштуруу зарыл.

## Софора Королькова

*Styphnolobium korolkowii (Kochne)Jakovl.*

(Sophora griffithii Stoks ssp Korolkowii Kochne)

**Статус:** *CR.* Единственный вид рода, который встречается в Кыргызстане.

**Описание.** Кустарник с серебристо- белыми молодыми ветвями и серой корой на старых побегах. Листья непарноперистые, сверху с зелеными, снизу беловойлочными, серебристыми, овальными листочками. Цветки желтые, собраны в кистевидные соцветия. Бобы четырехгранные, по ребрам узкокрылатые с перетяжками.

**Особенности биологии.** Цветет V, плодоносит VI-VIII. Размножается семенами, вегетативно.

**Распространение общее и в стране.** Основная часть экземпляров растет в ущелье Разан-Сай и вдоль реки Нарын (Западный Тянь-Шань). Единичные экземпляры встречаются по шлейфу западного склона Эчкили- Тоо у низовья р. Кара-Суу, в ущелье Чаак-Тоо, а также по правому берегу р. Нарын до ущелья Курп-Сай. Это самая северная точка его естественного распространения.

**Места произрастания.** На пестроцветных склонах низкогорий.

**Численность.** Учет не проведен.

**Лимитирующие факторы.** Значительная часть растений уничтожена при сооружении автомагистрали Бишкек-Ош, водохранилища Курп-Сай, создании поселка в Разан-Сае и строительстве автодороги по шлейфу западного склона хребта Эчкили- Тоо.

**Культивирование.** При посеве семян в Ботаническом саду НАН КР всходы быстро выпадают. Из пересаженных с комом земли растений сохранился один экземпляр, который вступил в фазу цветения. Плоды завязывает. Зимуют при укрытии.

**Меры охраны существующие.** Специальные меры охраны не разработаны. Занесен в Красную книгу Киргизской ССР (1985).

**Меры охраны рекомендуемые.** Оставшиеся растения взять под охрану соответствующими лесхозами. В Разан-Сае, где имеется самая большая популяция, организовать ботанический заказник с софорой.

**Источники:** 41, 56.

## Korolkov's Pagoda-tree

*Styphnolobium korolkowii (Kochne)Jakovl.*

*(Sophora griffithii Stoks ssp Korolkowii Kochne)*

**Status:** CR. It is narrow-spreaded endemic species with reducing area and number; the northernmost and only one representative of this ornamental shrub genus in Kyrgyzstan. Area of the species is limited by the middle part of Naryn River basin (Kurpsai, Ryazan-Sai, Tchaak-Too and Kara-Suu localities). These plants populates metal slopes at particoloured and mottled clayey soils in piedmont zone. Period of flowering: May, fruiting in June – August; propagation is both generative and vegetative. Cultivation is problematic: in Bishkek Botanical garden all seedlings were lost, only one specimen from shrubs re-placed together with soil clod was saved and even began a flowering, it hibernates in a shelter. Limiting factors: transformation and destruction of habitats caused by construction of roads, excessive pasturage of a cattle (especially goats). Any special measures for the conservation are absent despite of the species was included into Red Book of the Republic. There are offered to take all survived specimens under a protection by corresponding Forestries and to create special protected area with complex routine of nature conservation in Ryazan-Sai Ravine.

# Байбиче чекей

*Ammopiptanthus nanus* (D. Don) Cheng





Чанактуулардан - Fabaceae Lindl - Бобовые

**Статусу:** EN. Сейрек кездешкен ареалы үзүк (дизъюнктивдүү) түр. Белгилүү реликт тукумдун эки түрүнүн бири, Кыргызстанда ал тукумдун жалгыз өкүлү.

**Мүнөздөмө.** Бийиктиги 1,5 м ге жеткен дайыма жашыл бадал. Бутактары салыштырмалуу жоон, ийри-буйру, кабыгы саргыч, жаш өркүндөрү боз түктүү. Жалбырактары жазы эллипстей, кыска саптуу, агыш жыш түктүү. Гүлдөрү сары, жаш бутактардын учунда өөрчүп, жыш чачыктай топ гүлдү түзүшөт. Чанагы сүйрү, түксүз же сейрек түктүү, кабыгынын жиги ичке түктүү.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Июнь-июлда гүлдөп, июль-августта мөмөлөйт. Уругу жана вегетативдүү жол менен көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Кашкарда (Кытай) жана Кыргызстанда белгилүү (Кабактоо жана Жумгалтоо тоолору, Көкөмерен суусунун бассейни).

**Өсүү шарттары.** Аска-таштуу, ар башка түстөгү топурактуу тоо беттери.

**Саны.** Жалгыздан өсөт. 1979-жылдагы эсеп боюнча 15000 даана түбү бар.

**Чектөөчү факторлор.** Коноздугу жана дарылык касиети элди чогултууга кызыктырып, сел жүрүүнүн, чарбалык иштердин натыйжасында анын саны кескин кыскарып кетип жатат.

**Өстүрүү.** КР УИАнын Ботаникалык багында бир нече жолу атайлап өстүрүлгөн; уругу күзүндө себилгенде өсүндүсү апрелде пайда болуп, начар өскөн. Кышка өсүмдүктөрү жыгачтанбастан, жазында соолуп калат. Дүңгөлүү топуракта өспөйт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** СССРдин (1975) жана Кыргыз ССРинин кызыл (1985) китептерине киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Миңкуш суусунун өзөнүндө башка эндем жана сейрек кездешүүчү түрлөр менен бирге ботаникалык заказник уюштуруу зарыл.

## Аммопиптант карликовый

### *Ammopiptanthus nanus* (D. Don) Cheng

**Статус:** EN. Редкий вид с дизъюнктивным ареалом. Один из двух известных представителей реликтового рода, в Кыргызстане единственный представитель рода.

**Описание.** Вечнозелёный кустарник до 1,5 м высоты. Ветви сравнительно толстоватые, извилистые с желтоватой корой, молодые сероопушенные. Листья широкоэллиптические, серебристо-опушенные на коротких черешках. Цветки желтые, собранные на концах веток в густые кисти. Бобы продолговатые, почти голые или редко волосистые, швы тонко опушенные.

**Особенности биологии.** Цветет в VI-VII, плодоносит в VII-VIII. Размножается семенами и вегетативно.

**Распространение общее и в стране.** Известен из Кашгарии (Китай) и Кыргызстана (горы Кавак-Тоо и Джумгал-Тоо бассейне реки Кокомерен).

**Места произрастания.** По склонам пестроцветных толщ.

**Численность.** Растет одиночно. По данным подсчета 1979 года 15000 экземпляров.

**Лимитирующие факторы.** Декоративность и лекарственные свойства привлекают сборщиков, частно смывается селевыми потоками, хозяйственная деятельность также сокращает численность.

**Культивирование.** В Ботаническом саду НАН Кыргызской Республики неоднократно испытывался в культуре; при осеннем посеве всходы появились в IV, росли слабо. В зиму растения уходят неодревесневшими, к весне погибают. Не переносят задернения почвы.

**Меры охраны существующие.** Включен в красные книги СССР (1975) и Киргизской ССР (1985).

**Меры охраны рекомендуемые.** Организовать заказник на реке Минкуш для охраны в комплексе с другими редкими и эндемичными видами.

**Источники:** 22, 24, 56, 61.

## Dwarf Ammopiptanth

### *Ammopiptanthus nanus* (D. Don) Cheng

**Status:** EN. This ornamental evergreen shrub plant is rare species with disjunctive area and only one representative of the genus in Kyrgyzstan, has a value as medicinal plant and the important element of the genetic fund. It is known from Kashgaria (China) and the area limited by Kokomeren River basin (Kavak-Too and Dzhumgal Mountain Ranges). Plants occur on slopes with sod-less soil on particolored bedrocks, in the mid-montane zone. Period of flowering: June – July, fruiting in July – August; propagation is both generative and vegetative. Cultivation is problematic: in Bishkek Botanical garden all seedlings were lost next winter. Number was about 15,000 individuals in 1979; present data are not quantitative. Limiting factors: anthropogenic influence (including collection), and erosion of slopes. This plant is included into Red Books of USSR and Kyrgyzstan and protected in Min-Kush botanical wildlife area. There are offered to expand the territory covered by preservation routine.

# Кыска канаттуу ак барсылдак

## *Colutea brachyptera* Sumn





Чанактуулардан - Fabaceae Lindl - Бобовые

**Статусу:** VU. Сейрек кездешкен, Кыргызстанда өскөн тукумдун үч түрүнүн бири.

**Мүнөздөмө.** Бийиктиги 1 м ге жеткен жалбырагы күбүлүүчү бадал, көп жылдык бутактарынын кабыгы боз, бир жылдык өркүндөрү ак кабыктуу. Кыска саптуу жалбырактарынын узундугу 5-8 см, 3-4 жуп жалбыракчалуу, алар сейрек, жапырылма түктүү. Гүл сабы жалбырагынан кыска. 4-8 сары гүлдөрү биригип, ийилген чачык топ гүлдү түзүшөт. Гүл саптары, чөйчөкчөсү кара түктүү. Чанактарынын узундугу 5 см, туурасы 2,5 см, эллипстей, жаргактуу, чачыранды жапырылган ак түктүү. Уругу кара-күрөң, узундугу 5 мм ге жетет, тегерек, капталынан сырты оюк чекиттүү.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Май-июнда гүлдөп, июнь-июлда мөмөлөйт. Уругу аркылуу, сейрек вегетативдик жол менен көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Фергана жана Алай тоо кыркалары (Кыргызстан, Өзбекстан).

**Өсүү шарттары.** Кумдуу кызыл чополуу, шагыл-таштуу жапыз жана бөксө тоолордун капталдары, конгломераттар.

**Саны.** Маалымат жок.

**Чектөөчү факторлор.** Ар түрдүү чарбачылык иштердин, антропогендик фактордун кесепети жана кооз гүлүн үзүп чогултуу.

**Өстүрүү.** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргыз ССРинин Кызыл китебине (1985) киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Жаратылышта санын тактап, түр кеңири учураган аймактарда ботаникалык заказник уюштуруу.

## Пузырник короткокрылый

*Colutea brachyptera* Sumn

**Статус:** *VU*. Один из трех очень редко встречающихся вид данного рода в Кыргызстане.

**Описание.** Листопадный кустарник до 1 м высоты, кора у старых ветвей серая, однолетние побеги белокорые. Листья короткочерешковые 5-8 см длины, с 3-4 парами округлых рассеянно коротко-прижатоволосистых листочков. Цветоносы с цветочной кистью короче листьев. Цветки желтые, собраны в 4-8-цветковые поникшие кисти. Цветоносы и чашечки черноволосистые. Бобы до 5 см длины, 2,5 см ширины, эллиптические, перепончатые, опушены белыми рассеянными прижатыми волосками. Семена коричнево-бурые, около 5 мм длины, округлые, сбоку выемчатые с вдавленно-точечной поверхностью.

**Особенности биологии**. Цветет V-VI, плодоносит VI-VII. Размножается семенами, очень редко вегетативно.

**Распространение общее и в стране.** Ферганский и Алайский хребты (Кыргызстан, Узбекистан).

**Места произрастания.** На продуктах распада красных меловых песчаников и конгломератов, по каменисто-щебнистым и скалистым склонам ущелий в предгорьях и нижнем поясе гор.

**Численность.** Сведений нет.

**Лимитирующие факторы.** Антропогенные воздействия-проведения хозяйственных работ и массовый сбор цветущих растений.

**Культивирование.** Сведений нет.

**Меры охраны существующие.** Включен в Красную книгу Киргизской ССР (1985).

**Меры охраны рекомендуемые.** Учет численности в природе, организовать ботанический заказник, в местах где имеются наибольшие концентрации популяций.

**Источники:** 24, 62, 72.

**Status:** VU. This ornamental perennial plant is rare narrowly spreaded endem of Kyrgyzstan. The specific area is limited by northern low- and mid-montane part of Ketmen-Tyube Hollow (Chychkan Ravine, south-eastern spur of Talas Mountain Range and southern slope of Suusamyr-Too Mountain Range). Plants occurs on metal and stony slopes, mainly of eastern exposition. Period of flowering: June – July, fruiting in July – August; propagation is generative (by seeds). Number in nature is very insignificant. Limiting factors: land development in habitats. The species is unknown in a culture and in territories of existing protected areas, despite of it is listed in Red Books of Kyrgyzstan. It is offered for species' conservation to create botanical wildlife area in left slope of Chychkan Ravine and to organise monitoring for all populations and area.

# Алай физохлайнасы
## *Physochlaina alaica* E. Korot





Паслендордон - Solanaceae Juss - Пасленовые

**Статусу:** VU. Сейрек учуроочу эндем түр.

**Мүнөздөмө.** Тамырлары 2 м ге чейин терең кеткен, сындырганда морт тамырлуу, көп жылдык өсүмдүк. Көптөгөн түз өскөн бутактуу, сейрек жана без түктүү, бутактарынын бийиктиги 50 см ге чейин жетет, жалбырактарынын узундугу 6-10 см, туурасы 4-7 см, жазы жумуртка сымал, түбүнөн конустай, узун жалбырак саптуу. Жалбырактары үстү жагынан түксүз, астынын негизги боочолорунун буласы сейрек, жазы жумуртка сымал, учунан тегерек, бүтүн кырлуу же айчык тишчелүү. Топ гүлү – башчалуу-манжа сымал. Гүлдөрүнүн киргил-сары-кызгылт жана каралжын тактары бар. Чөйчөкчөсү без түкчөлүү, мөмөсү калың кабыктуу. Гүл коргонунун узундугу 12-16 мм. Аталыгы жипчелери менен эни боюнча ийилмесиндей, теги булалуу. Кутучасынын узундугу 10-12 мм, туурасы 8 мм. Уруктары саргылт, бөйрөк сымал, бир капталы басырыңкы.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Уругу аркылуу көбөйөт. Май-июнь айларында гүлдөп, июль айынын аягында уруктанат.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түркстан жана Алай кырка тоолору (Исфара, Сох жана Шахимардан дарыяларынын өзөнү) – Тажикстан жана Кыргызстан.

**Өсүү шарттары.** Аскалардын жана бадалдардын көлөкөлөрүндө, арчалуу токойлордун ачык аянттары.

**Саны.** Өтө аз санда.

**Чектөөчү факторлор.** Жайыттарда малды башаламан откоруудан жана мелиорация иштеринин кесепетинен саны азайып баратат.

**Өстүрүү.** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Атайын коргоо аракеттери иштелип чыккан эмес. 1981-жылдан бери Кыргыз ССРинин Кызыл китебинде катталган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Популяциялары учураган Селик жана Кичик капчыгайларында корукка алуу максатында ботаникалык заказниктерди уюштуруу зарыл.

# Пузырница Алайская

## *Physochlaina alaica* E. Korot

**Статус**: *VU*. Редкий узкоэндемичный вид.

**Описание.** Многолетнее, с глубоко уходящими до 2 м, при изломе хрупкими корнями растение. Стебли многочисленные, прямостоячие, рыхловолосистые и железистые, до 50 см высоты, листья 6-10 см длины, 4 - 7 см ширины, широкояйцевидные, к основанию конические, длинночерешковые. Листья с верхней стороны почти голые, с нижней, по главной жилке, - рыхловолосистые, широкояйцевидные, на верхушке округлые, к основанию конические, цельнокрайние или выемчатозубчатые, на длинных черешках. Листовая пластинка 6–10 см длины, 4–7 см ширины. Соцветие головчато-кистевидное. Цветки грязно-кремовые с темными пятнышками. Чашечка железисто-волосистая, при плодах кожистая. Венчик 12–16 мм длины, грязно-кремовый, с темными пятнышками. Тычинки по длине равны отгибу, с нитями, при основании опушенными Коробочка 10-12 мм длины, 8 мм в поперечнике. Семена желтоватые, почковидные, с одной стороны вдавленные.

**Особенности биологии.** Размножается семенами. Цветет в V–VI; плоды созревают в конце VII.

**Распространение общее и в стране.** Туркестанский и Алайский хребты (в долинах рек Исфара, Сох и Шахимардан) – Таджикистан и Кыргызстан.

**Места произрастания.** Растет в тени скал, под кустарниками, на открытых полянах в арчёвниках.

**Численность.** Очень незначительна.

**Лимитирующие факторы.** Выбивается скотом при нерегулируемом выпасе, уничтожается при мелиорации пастбищ.

**Культивирование.** Сведений нет.

**Меры охраны существующие.** Специальные меры охраны не разработаны. В 1981 году занесен в Красную книгу Киргизской ССР.

**Меры охраны рекомендуемые.** Для охраны популяций создать ботанические заказники в урочищах Селик и Кичик.

**Источники информации:** 24, 63, 79.

# Alai Physochlaina

## *Physochlaina alaica* E. Korot

**Status:** VU. This plant is endemic for North-eastern Alai-Pamirs, rare narrowly located and endangered species. The species was found in Sokh and Shakhimardan River valleys, it populates open glades between Juniper forest, under shrubs and shades of rocks. Period of flowering: May – June, fruiting in end of July, propagation is generative (by seeds), introduction into a culture in Kyrgyzstan was still unsuccessful. Number in nature is insignificant. Limiting factors: uncontrollable pasturage (destruction by cattle trampling-down) and melioration. Any special methods for the preservation are not elaborated, despite of including into Red Book of the country in 1981. There is offered to create botanical wildlife areas in Selik and Kichik localities.

## Чатырчалуу тяньшанчек

*Tianschaniella umbellifera* B. Fedtsch.ex M. Pop





Эндиктерден - Boraginaceae Juss - Бурачниковые

**Статусу:** VU. Борбордук Тяньшандын бир кыйла кыскарып бара жаткан сейрек эндем түрү. Монотиптүү тукумдун өкүлү.

**Мүнөздөмө.** Көп жылдык. Тамыры ичке, типтик. Сабагы начар өнүккөн, бийиктиги 30-40 см, ичке, жөнөкөй же бутактуу, түксүз же бирин серин түктүү. Тамыр моюнчасынан өскөн жалбырактарынын саны 6-10, сүйрү, чачыранды тишчелүү. Сөңгөк жалбырактары катарлаш, жабышкан боз түктүү. Чачы гүл тобу ар башка цимоздук жалган чатырчадай гүл тобунан турат. Гүлдөрү ичке, узун, топтошкон чатырдай гүл сабында жайгашкан. Чөйчөкчөсү боз түктүү. Желекчеси көгүш же агыш, энелик түтүкчөсүнүн узундугу 1 мм, кыска туурасынан бүктөлгөн, жоонойгон учтары дөмпөк бүдүрлүү. Мөмөлүгү кыска гинофорго ички жагынан бириккен, төрттөн турган жаңгакча. Анын жээктери якорь сымал тикенектүү. Бул чатырчадай топ гүлгө жайгашкан монотиптүү өзгөчө гүл тиби.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Июль-августта гүлдөп, август-сентябрда уруктайт. Уругу аркылуу көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Кыргызстан: Борбордук Тяньшань (Ысыккөл областынын сырты, Тескей Алатоонун түштүк капталы, Торугарт кырка тоосу, Чатыркөл көлүнүн тегереги).

**Өсүү шарттары.** Бийик тоолуу капчыгайлардын, суу жээктеринин майда, жука топурактуу аскалуу беттери.

**Саны.** Ареалынын чегинде аз санда топтошуп же жалгыздан өсүшү ыктымал.

**Чектөөчү факторлор.** Мал жайыттарды үнөмсүз пайдалануунун натыйжасында табыгый өскөн жерлердин бузулушу.

**Өстүрүү.** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргыз ССРинин Кызыл китебине (1985) киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Ареалын популяциясынын абалын изилдеп, түр көп учураган аймактарда ботаникалык заказник уюштуруу.

## Тяньшаночка зонтиконосная

### *Tianschaniella umbellifera* B. Fedtsch.ex M. Pop

**Статус:** *VU*. Значительно сокращающийся узкоэндемичный вид Центрального Тянь-Шаня. Представитель монотипного рода.

**Описание.** Многолетник. Корень тонкий, вертикальный. Стебли слабые, восходящие 30 - 40см высоты, тонкие, простые или ветвистые, голые или слабоопушенные. Розетки прикорневых листьев из 6 - 10 продолговатых листочков, рассеяно - щетинистые. Стеблевые листья очередные, прижато-серопушистые. Соцветие кистевидное из отдельных цимозных соцветий, образующих ложные зонтики. Цветки на тонких, длинных цветоножках, расположенных пучками в виде зонтика. Чашечка серопушистая. Венчик голубой, беловатый, трубка короткая около 1 мм длины, в зеве имеются сводики, верхушка которых утолщенная и сосочковатая. Плодики –орешки в количестве четырех прикреплены брюшной стороной к короткому гинофору, края орешка крыловидные с якорными шипиками. Своеобразный монотипный род с зонтиковидно расположенными цветками.

**Особенности биологии.** Цветет в VII–VIII; плодоносит в VIII–IX. Размножение семенное.

**Распространение общее и в стране.** Кыргызстан: Центральный Тянь-Шань (сырты Иссыккульской области, южный макросклон Терскей Алатоо, хребет Торугартский, окрестности оз. Чатыр-Кель).

**Места произрастания.** Скальные маломощные мелкоземистые почвы по берегам рек и ущельям, в верхнем поясе гор.

**Численность.** В пределах ареала растет, видимо одиночными экземплярами или небольшими группами.

**Лимитирующие факторы.** Нарушение местообитаний в результате бессистемного выпаса скота.

**Культивирование.** Сведений нет.

**Меры охраны существующие.** Внесен в Красную книгу Киргизской ССР (1985).

**Меры охраны рекомендуемые.** Изучить ареал и состояние популяций. В местах наибольшей концентрации вида организовать ботанический заказник.

**Источники:** 24, 25, 47, 64.

## Tianschaniella

### *Tianschaniella umbellifera* B. Fedtsch.ex M. Pop

**Status:** VU. It is rare mosaic-distributed perennial plant, endemic for Inner and Central Tien-Shan. In Kyrgyzstan it is known from several sites only: area near Tchatyr-Kul Lake, Torugart-Too, Ak-Shyirak-Eartern and Terskei Ala-Too (Ottuk Ravine in south-eastern part). The species sporadically populates meagre silty-soil places, at rocky river-banks and in rocky gorges. Period of flowering: June – July, fruiting in September; propagation is generative (by seeds). The species is unknown in a culture, number in nature is insignificant. Limiting factors: destruction of habitats caused by excessive cattle pasturage. This plant is still out of any special protection despite including into Red Book of the country in 1985. It is necessary to continue study of distribution and ecology, and to create botanical wildlife area, for conservation of the species.

# Алай наталиелласы

*Nathaliella alaica* B. Fedtsch.





Норичниктерден - Scrophulariaceae - Норичниковые

**Статусу:** CR *B2ab(iii)*. Гималайдан келип чыккан, сейрек кездешкен, монотиптүү тукумдун эндем түрү. Декоративдүү.

**Мүнөздөмө.** Көп жылдык, жапыз бойлуу, тик жана калың тамырлуу, сабаксыз чөп өсүмдүк. Каудекси жан тамыр жалбырактардын калдыктары менен жыш жабылган, кыл сымал түктүү, жан тамыр розеткалуу, бүтүн, узунча-жумуртка сымал, узун жалбырак саптуу (жалбыракка теңдеш), көптөгөн сандагы жалбырактары бар. Гүлдөрү тамырга жакын жайгашкан, узундугу 2-2,5 см, кыска гүл саптуу, сыя-кызгылтым, узун түтүкчөлүү, билинер-билинбес эки эриндүү, 5 анча тең эмес бөлүкчөлүү имерилген. Аталыгы 4, мамычасы жазы чаң алгычтуу. Кутучасы эки уялуу, түксүз.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Июнь-июлда гүлдөп, уруктайт. Уругу аркылуу көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Өзбекстан, Кыргызстан: Шахимардан, Исфайрамсай сууларынын бассейни, Курбанкөл көлүнүн тегереги.

**Өсүү шарттары.** Таштак тоо беттери, аска-зоолор.

**Саны.** Популяциясы өтө эле аз, жоголуп кетүү коркунучу бар.

**Чектөөчү факторлор.** Адамдын чарбачылык иштери, өскөн аймактарынын бузулушу.

**Өстүрүү.** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** СССРдин Кызыл китебине (1984) киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Түрдүн азыркы кездеги популяциясынын абалын изилдеп, максималдуу кездешкен аймактарда ботаникалык заказник уюштуруп, декоративдүү өсүмдүк катары өстүрүү зарыл.

# Наталиелла алайская

## *Nathaliella alaica* B. Fedtsch.

**Статус:** CR *B2ab(iii)*. Редкий, эндемичный вид монотипного рода гималайского происхождения. Декоративен.

**Описание.** Многолетнее, низкое с толстым вертикальным корнем, бесстебельное травянистое растение. Каудекс густо покрыть с остатками прикорневых листьев и щетинистыми волосками и прикорневой розеткой из многочисленных цельных продолговато-яйцевидных листьев на длинных (равных на пластинке) черешках. Цветки прикорневые, около 2-2,5 см длиной на коротких цветоножках, розово-фиолетовые, длиннотрубчатые, неяснодвугубые, с 5 слегка неравными долями отгиба. Тычинок 4, столбик с расширенным рыльцем. Коробочка двугнездная, голая.

**Особенности биологии.** Цветет и плодоносит в июне-июле. Размножается семенами.

**Распространение общее и в стране.** Узбекистан, Кыргызстан: бассейн р. Шахимардан, Исфайрам-Сай, окрестности оз. Курбан-Куль.

**Места произрастания.** Каменистые склоны гор, скалы.

**Численность.** Популяции ничтожно малы, могут исчезнуть.

**Лимитирующие факторы.** Хозяйственная деятельность человека, нарушение местообитаний.

**Культивирование.** Нет данных.

**Меры охраны существующие**. Внесен в Красную книгу СССР (1984).

**Меры охраны рекомендуемые.** Изучение современного состояния популяций вида, организация ботанического заказника в местах наибольшей концентрации, введение в культуру в качестве декоративного растения.

**Источники:** 5, 24, 48.

# Nathaliella

## *Nathaliella alaica* B. Fedtsch.

**Status:** Critically endangered (CR B2ab(iii)), rare local endem of north-western part of Alai Mountains, representative of the monotypic genus of Himalayan origin. This stemless perennial plant is known from basins of Isfairamsai and Shakhimardan (area near Kurban-Kol Lake) Rivers (Kyrgyzstan and Uzbekistan) only. It populates stony slopes and rocks in mid-montane belt. Flowering and fruiting plants are observed in June – July; propagation is generative. Number is extremely small. Limiting factors: small territory of occupancy and distribution; small populations can be lost in result of any possible transformation and destruction of habitats caused by disturbing human activity. The species is unknown in a culture and in territories of existing protected areas, despite of it is listed in USSR Red Book. For the species' conservation there are offered monitoring for populations, creation of botanical wildlife areas, introduction into a culture (as nice-flowering species), as well to continue study of specific area of occupancy and biology.



# Ольга инкарвиллеясы

## *Incarvillea olgae* Regel



Бигнониялардан - Bignoniaceae Juss. - Бигнониевые

**Статусу:** CR *B2ab(iii)*. Өтө сейрек кездешкен, жоголуп кетүү коркунучунун алдында турган, өзгөчө коргоону талап кылган байыркы түр.

**Мүнөздөмө.** Бийиктиги 1 м ге чейин жеткен көп жылдык өсүмдүк. Жалбырактары канаттай тилкелүү, чоку жалбырагы бүтүн кырдуу. Гулдөрү шыпыргыдай, жыш эмес топ гүлгө чогулуп, сабактын учунда жайгашат. Желекчелеринин узундугу 4 см ге чейин жетет, алар бирдей эмес беш бөлүктүү, эки эриндүүдөй болуп көрүнөт, күлгүн-кызыл, кээде ак. Чөйчөкчөсү уч бурчтуу тишчелүү. Аталыгы 4, эки канатчалуу чаңчалуу. Мөмөсү - көп уруктуу, сүйрүрөөк, сырты катуу кутуча, узундугу - 10 см ге чейин жетет.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Июнь-июлда гүлдөп, август-сентябрда уруктанат. Уругу аркылуу көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Тажикстан (Батыш Памир, Памир-Алай). Кыргызстанда - Алай тоо кыркасынын түндүк беттери, Сох жана Шахимардан сууларынын арасы.

**Өсүү шарттары.** Деңиз деңгээлинен 700-2500 м бийиктиктеги өзөн бойлорундагы кумдуу, таштак жерлер жана боз топурактуу тоонун беттери.

**Саны.** Ареалында эң аз, чакан, бирин-серин кездешет. Түр жоголуп кетүү коркунучунун алдында турат.

**Чектөөчү факторлор.** Жергиликтүү калк анын кооздугуна карап, үзүп-жыйнашат. Айрым өскөн жерлеринде геологиялык иштер жүргүзүлүп жатат.

**Өстүрүү.** Кыргыз Республикасынын УИАнын Ботаникалык багында 1941-1944, 1952-1954 жылдары атайын өстүрүүдө жакшы натыйжа болгон. Көлөкөлүү жерлерде таптакыр өспөйт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргыз ССРинин Кызыл китебине (1985) киргизилген, формалдуу түрдө Айдаркен ботаникалык заказнигинде коргоого алынган. Атайын коргоо чаралары көрүлгөн эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Популяцияларын тактап, кошумча ботаникалык заказниктерди уюштуруу, атайлап колдо өстүрүү иштерин жүргүзүү керек.

# Инкарвиллея Ольги
## *Incarvillea olgae* Regel

**Статус:** CR *B2ab(iii)*. Очень редкий, находящийся под угрозой исчезновения древний вид, требующий особой охраны.

**Описание.** Многолетнее растение до 1 м высоты. Листья перисто-рассеченные, самые верхние цельные. Цветы в верхушечном, рыхлом метельчатом соцветии. Венчик крупный до 4 см длины, с неравными пятью лопастями, слегка двугубый, розово - пурпуровый, редко белый. Чашечка с треугольными зубцами. Тычинок 4, с двукрылыми пыльниками. Плод - многосемянная, удлиненная, кожистая коробочка до 10 см длины.

**Особенности биологии.** Цветет в VI–VII; плодоносит VIII–IX. Размножается семенами.

**Распространение общее и в стране.** Таджикистан (Западный Памир, Памиро-Алай). В Кыргызстане – северный макросклон Алайского хребта в междуречье рек Шахимардан и Сох.

**Места произрастания.** В галечниковых поймах рек, на конусах выноса каменистых и глинистых склонов на высотах от 700 до 2500 м над ур. м.

**Численность.** Ареал крайне ограничен. Встречается единичными экземплярами. Вид находится в критической опасности.

**Лимитирующие факторы.** Из-за декоративных качеств обламывается населением. В местах произрастания идут геологические разработки.

**Культивирование.** В ботаническом саду НАН КР культивировали в 1941–1944, 1952–1964 гг. получены хорошие результаты. Совершенно не переносит затенения.

**Меры охраны существующие.** Занесена в Красную книгу Киргизской ССР (1985) и формально находится под охраной в ботаническом заказнике Хайдаркан. Специальных мер охраны нет.

**Меры охраны рекомендуемые.** Провести инвентаризацию популяций, организовать дополнительные ботанические заказники, возобновить культивирование.

**Источники:** 24, 64, 76.

# Olga's Chinese Trumpet-creeper
## *Incarvillea olgae* Regel

**Status:** Critically endangered (CR B2ab(iii)), rare local species endemic of north-western spurs of Alai Mountains. This ornamental perennial plant is only one representative of the relic genus in Kyrgyzstan and is known from the area between Sokh and Shakhimardan Rivers (Katrang-Too Mountain Range). The species populates pebbles in riverbeds and stony and clayey slopes, at 700–2,500 m above sea level. Period of flowering: June – July, fruiting in August; propagation is generative (by seeds) only. Number is extremely small, plants occur by single specimens. Limiting factors: small territory of occupancy and distribution, flower collection, disturbance of habitats caused by the mine industry. The species was successfully cultivated in Bishkek Botanical garden in 1941–1944 and 1952–1964; the plant reveals absolute intolerance to the shading. The species is included into Red Book of the country in 1985 and is under protection in Khaidarken botanical wildlife area. For the species' conservation there are offered to create additional botanical wildlife area and to resume and expand the cultivation in Bishkek Botanical garden.

## Укмуштуу шилби
*Lonicera paradoxa* Pojark





Шилбилерден – Caprifoliaceae Juss - Жимолостные

**Статусу:** CR *B2ab(iii)*. Үзгүлтүктүү (дизъюнктивдүү) ареалдуу, реликт, эндем түр.

**Мүнөздөмө.** Бийиктиги 1,5 м ге чейин жеткен жапыз, ксероморфтук көрүнүштөгү бадал, көп жылдык бутактарынын кабыгы боз, катталган; бутактары кыска, жаш бутактары сары, кыска жана жыш түктүү. Жалбырактары майда, эллипстей, түбү шынаадай, канаттай айчыктуу, төмөнкүлөрү бүтүн, жалбырак сабы кыска, кылдай-безчелүү түктүү. Шилбилердин ичинен жалбырактары айкын айчыктуу болгон жалгыз түр. Гүлдөрү жуп, гүл сабы кыска, безчелүү, түктүү жана жалбырак колтугунда орун алган. Мөмөлөрү шар сымал тоголок, бош, кызыл.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Июль-августта гүлдөп, август-сентябрда мөмөлөйт. Уругу менен көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Мурунку учурда бул түр Түркстан жана Алай тоо кыркаларынын түндүк беттеринде (Тажикстан, Өзбекстан жана Кыргызстан) кеңири таралган; азыркы кезде ареалы үзгүлтүктүү: Алай тоо кыркасында (Кыргызстан) Курбанкөл көлүнөн жогору Көксуу суусунун капчыгайынан гана белгилүү; Республиканын чегинен тышкары Түркстан тоо кыркасында сакталып калган (чыгыш бөлүгүндөгү Миңтеке дарыясынын капчыгайынан жана борбордук бөлүгүндөгү Кусавлысай капчыгайынан); мындан тышкары Заравшан тоо кыркасынын түндүк бетиндеги Демиор капчыгайы.

**Өсүү шарттары.** Ири таштуу, адырлуу тоолордун этектериндеги акиташтуу аскалар жана жыш өскөн бадалдардын, шалбаалуу-боздоңдордун топторунун жана сейрек өскөн арчалуу токойлордун арасындагы, деңиз деңгээлинен 2000-3000 м ге чейинки бийиктиктерде.

**Саны.** Деградацияга дуушар болуп, аянты өтө чектелген төрт жерде өсөт. 1969-жылдан 1973-жылга чейин Алай тоо кыркасында экземплярларынын саны 22 ден 12 ге чейин азайган. Түркстан тоо кыркасында 20 экземпляр кездешет. Жалпы саны 30-40 түптөн ашпайт.

**Чектөөчү факторлор.** Чарбачылык жактан территорияларды өздөштүрүү. Уругу аркылуу көбөйүүсү жок. Жергиликтүү калк тарабынан отун катары пайдаланылат.

**Өстүрүү.** Эч кандай маалыматтар жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** СССРдин (1984 ж.) жана Кыргыз ССРинин Кызыл китебинде (1985ж.) катталган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Түрдүн азыркы кездеги абалын, биологиясын жана экологиясын изилдөө. Жайгашкан аянтында, Курбанкөлдүн бассейнинде ботаникалык заказник уюштуруу керек.

# Жимолость странная (парадоксальная)

## *Lonicera paradoxa* Pojark

**Статус:** Категория CR *B2ab(iii)*. Реликтовый эндемичный вид с дизъюнктивным ареалом.

**Описание.** Низкий приземистый кустарник ксероморфного облика, высотой до 1,5 м, на старых ветках кора серая, отслаивающаяся; побеги укороченные, молодые ветки жёлтые густо и коротко опушённые. Листья мелкие, эллиптические с клиновидным основанием, перисто-лопастные или разрезанные, нижние – цельные на коротком железисто-щетинистом опушённом черешке. Это единственный вид жимолости с ясно лопастными листями. Цветки парные, пазушные, на коротком железистом и опушённом цветоносе. Ягоды шаровидные, свободные, красные, семена мелкие.

**Особенности биологии.** Цветёт в VII–VIII, плодоносит в VIII–IX. Размножение семенное.

**Распространение общее и в стране.** Раньше вид был довольно широко распространён по северному склону Туркестанского и Алайского хребтов (Таджикистан, Узбекистан и Кыргызстан); в настоящее время ареал имеет дизъюнкции. В Алайском хребте (Кыргызстан) известен лишь из ущелья реки Кёк-Суу выше озера Курбан-Кёль; за пределами республики сохранился в Туркестанском хребте (ущелье реки Мин-Теке в восточной части и ущелье Кусавлисай в центральной части), а также в ущелье Демиора на северном склоне Зеравшанского хребта.

**Места произрастания.** По крупнокаменистым шлейфам у подножия известковых скал и по каменисто-щебнистым склонам, в зарослях кустарников, в лугово-степных группировках, по склонам в изреженных арчёвников, на высотах 2000–3000 м н. у. м.

**Численность.** Ограничена четырьмя деградирующими небольшими очагами произрастания. В Алайском хребте с 1969 по 1973 гг. число экземпляров снизилось с 22 до12, в Туркестанском хребте насчитывается 20 экземпляров. Общее количество не превышает 30-40 кустов.

**Лимитирующие факторы.** Хозяйственное освоение территории произрастания. Отсутствие семенного возобновления. Используется населением на топливо.

**Культивирование.** Сведений нет.

**Меры охраны существующие**. Занесен в Красную книгу СССР (1984 г.) и в Красную книгу Киргизской ССР (1985 г.).

**Меры охраны рекомендуемые.** Изучить биологию, экологию и современное состояние вида. Организовать заказник в месте обитания, в бассейне озера Курбан-Коль.

**Источники:** 22, 24, 25, 56.

# Paradoxical Honeysuckle

## *Lonicera paradoxa* Pojark

**Status:** Cathegory CR B2ab (iii). It is critically endangered very rare narrow-spreaded species, tertiary relict shrub, one of 10 Kyrgyz congeners. The species has disjunctive area and distributed in Alai Mountains (Kok-Suu River gorge stream-up of Kurban-Kol Lake) in Kyrgyzstan territory and in two localities in territories of adjacent countries (Uzbekistan and Tadjikistan, Turkestan and Zerawshan Mountain Ranges) only. These plants populates stony placers and slopes between shrubs at 2,000–3,000 m above sea level. Total world number of individuals is about 30–40. Period of flowering: May, reproduction is generative but renewal and propagation by seeds in nature are almost absent. Limiting factors: very weak reproduction, economic development of lands in habitats, felling (firewood-cutting by people). The species is listed in USSR Red Book and in Red Book of Kyrgyzstan. Studies of ecology and current state of population, as well the creation of botanical wildlife area in habitat near Kurban-Kol Lake, are urgently necessary for species' conservation.

# Евгения коңгуроо гүлү

*Campanula eugeniae* Fed.





Коңгуроо гүлдүүлөрдөн - Campanulaceae Juss - Колокольчиковые

**Статусу:** VU. Батыш Тяньшандын эндеми (Талас жана Фергана тоо кыркалары). Декоративдүү кооз гүлдөгөн өсүмдүк.

**Мүнөздөмө.** Көп жылдык чөп өсүмдүк. Дүңгөлүү, көп жана бутактуу тамыр сабагында кыска жана көп сандаган боз өркүндүү. Алар былтыркы жылдын жалбырак саптарынын катмарланган кыска калдыктары, тамыр моюнчасындагы бирин-серин жалбырактары же гүл байлоочу сабактары менен жабылган. Сабагынын бийиктиги 10-15 см, жөнөкөй, ичке, жип сымал, тамыр моюнчасындагы жалбырактарынан жана мөмө байлабаган өркүндөрүнүн жалбырактарынан бир аз ашык. Жыш жалбырактуу, бир гүлдүү, кээде эки гүлдүү. Төмөнкү жалбырактары тамыр моюнчасында, узуну (5)8-10 см келген ичке саптуу; жалбырак пластинкалары ичке ланцеттей, эки учуна тартылган, шуштугуй. Жиптей саптарынан эки эсе кыска, түксүз, ичке, бүтүн кырдуу, билинээр-билинбес тишчелүү; Сабактагы жалбырактары сызгычтай-ланцеттүү, кезектешип жайгашкан, жалбырак сапсыз. Гүлдөрүнүн узундугу 1,5 см, типтик же ийилген, жалгыздан. Чөйчөкчөсү тескери конустай, көмөкчүсү жок, түксүз, беш тишчелүү; тишчелери ичке сызгычтай, гүл коргонунан бир аз кыска, бирок түтүкчөсүнөн бир нече эсе узун. Гүл коргону көгүш, ичке коңгуроодой, өтө ири эмес үч бурчтуу айчыктарга бөлүнгөн. Мөмөсү – кутуча, тескери конустай, кыска, учуна томолок, түбү ачылуучу тешикчелери менен. Уругу көп санда.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Май-августта гүлдөп, июнь-сентябрда мөмөлөйт. Уругу аркылуу көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Талас жана Фергана тоо кыркалары.

**Өсүү шарттары.** Мрамордуу аскалардын жаракаларындагы, субальпы жана тоолордун ортоңку алкактарындагы беттери.

**Саны.** Өтө чектелген санда.

**Чектөөчү факторлор.** Территорияларды чарбачылык жактан өздөштүрүү.

**Өстүрүү.** Маалыматтар жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Атайын коргоо аракеттери иштелип чыккан эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Түрдүн популяциясын тактап, толугунан коргоого алып, корукка алынуучу жерлерди аныктоо.

## Колокольчик Евгении

*Campanula eugeniae* Fed.

**Статус:** VU. Эндем Западного Тянь-Шаня (Таласский и Ферганский хребты). Декоративное красивоцветущее растение.

**Описание.** Многолетнее травянистое растение. Дернистое, многоглавое и ветвистое корневище, снабженное многочисленными укороченными серыми побегами, покрытыми короткими чешуевидными остатками отмерших листовых черешков образующие рыхлые розетки листьев, частью же дающими цветущие стебли. Стебли 10 - 15 см высоты, простые, тонкие, нитевидные, немного превышающие прикорневые листья и листья бесплодных побегов, олиственные, одноцветковые, реже двуцветковые. Нижние листья розеточные, длинные, с удлиненными тонкими черешками (5)8 – 10 см длины; пластинки листьев узколанцетные, к обоим концам оттянутые, острые. Почти в два раза короче нитевидных черешков, голые, тонкие, почти цельнокрайние, неяснозубчатые; стеблевые листья линейно-ланцетные, очередные, сидячие. Цветки 1,5 см длины прямостоячие или поникающие, одиночные. Чашечка обратноконическая, без придатков, голая, пятизубчатая; зубцы узколинейные, несколько короче венчика, но в несколько раз длиннее трубочки. Венчик голубой, узкоколокольчатый, неглубоко раздельный на острые треугольные лопасти. Плод – обратноконическая коробочка, короткая, под конец кругловатая, открывающаяся дырочками у основания. Семена многочисленные.

**Особенности биологии.** Цветет в V-VIII; плодоносит в VI-IX. Размножение семенное.

**Распространение общее и в стране.** Таласский и Ферганский хребты.

**Места произрастания.** В трещинах мраморных скал, в субальпийском и среднем горных поясах.

**Численность.** Очень ограничена.

**Лимитирующие факторы.** Хозяйственное освоение территорий.

**Культивирование.** Сведения отсутствуют.

**Меры охраны существующие.** Специальные меры охраны отсутствуют.

**Меры охраны рекомендуемые.** Уточнение популяции вида, полная охрана, выделение заповедных участков.

**Источники:** 43, 59, 77.

## Eugenia's Bell-flower

*Campanula eugeniae* Fed

**Status:** VU. This ornamental perennial plant is endemic of Western Tien Shan, mosaic-distributed and rarest of six congeners in Kyrgyzstan. Species occurs in Talas and Fergana Mountain Ranges and populates clefts in marble rocks in mid-montane and subalpine belts. Period of flowering: May – August, fruiting in June – September; propagation is generative (by seeds) only. Number in nature is limited; information over cultivation is absent; at present time it is out of any protection. Land development is the limiting factor. There are offered to invent the areas of occupancy and create botanical wildlife areas for the species' conservation.

# Шакаптар ламиропаппусу

## *Lamyropappus schakaptaricus* (B. Fedtsch.) Knorr. et Tamamsch





Татаал гүлдүүлөрдөн - Asteraceae Dumort - Сложноцветные

**Статус:** VU. Сейрек кездешкен монотиптүү тукумдун өкүлү.

**Мүнөздөмө.** Көп же эки жылдык ийик сымал жоон тамырлуу өсүмдүк. Сабагынын бийиктиги 50–60 (80) см, жалгыздан, кээде бир рече санда, агыш түктүү, бутактуу. Жалбырактары кабыктуу, төмөнкүлөрүнүн узундугу 5–3 см, туурасы 4,5–15,0 см, жалбырак саптуу, үстү түксүз, алды ак жыш түктүү, taraктай тикендүү кырдуу. Сабактагы ортоңку жана жогорку жалбырактары сапсыз, сөлөкөтү жумурткадай же күрөктөй. Себетинин жазылыгы – 20–30 мм, ороочолору көп, катуу кабыктуу. Желекчелеринин узундугу – 35 мм, кызыл. Урукчаларынын узундугу – 8–10 мм, бозомук. Үкүлөрүнүн узундугу – 18–22 мм.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Июнь-июлда гүлдөп, августта мөмөлөйт. Уругу аркылуу көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Казакстан (Балкаштын түштүк батыш жагындагы чөлдөр) жана Кыргызстанда - Нарын дарыясынын агымынын ортосундагы тоолор, Чаткал (Шакаптар жана Ташкөмүрдүн тереги) жана Фергана тоо кыркалары (Майлуусай суусунун бассейни Жийдесай капчыгайы), Кетментөбө өрөөнү (Көккыя капчыгайы).

**Өсүү шарттары.** Өрөөндөрдөн тоо этектеринин капталдарындагы таштак, кызыл, кара таштуу, чопо топурактар, суулардын өрөөнүндөгү таштак-чополуу, тоо этектериндеги ойдуңдар.

**Саны.** Аз санда кездешет.

**Чектөөчү факторлор.** Малды баш-аламан жайып, жайыттарга оордук келтирүү. Жерлерди өздөштүрүү жана курулуш иштерин жүргүзүү.

**Өстүрүү.** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Атайын коргоо чаралары иштелип чыккан эмес. СССРдин Кызыл китебине (1984), Кыргыз ССРинин Кызыл китебине (1985) киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Популяциясына эсеп жүргүзүп, ботаникалык заказник уюштуруу, декоративдүү өсүмдүк катары атайлап өстүрүү зарыл.

## Ламиропаппус шакафтарский

### *Lamyropappus schakaptaricus* (B. Fedtsch.) Knorr. et Tamamsch

**Статус:** *VU*. Редкий представитель монотипного рода.

**Описание.** Многолетнее или двулетнее растение с веретеновидным толстым корнем. Стебли 50–60 (80) см высоты, одиночные или в числе нескольких, беловато войлочные, ветвистые. Листья кожистые, нижние 5–35 см длины, 4,5–15,0 см ширины, черешковые, сверху голые, снизу беловойлочные, по краю гребенчато-колючие. Средние и верхние листья сидячие, в очертании яйцевидные или лопатчатые. Корзинки 20–30 мм ширины, листочки обвертки многочисленные, твердо кожистые. Венчик до 35 мм длины, пурпуровый. Семянки 8–10 мм длины, сероватые; хохолок 18–22 мм длины.

**Особенности биологии.** Цветет в VI-VII, плодоносит в VIII. Размножается семенами.

**Распространение общее и в стране.** Казахстан (юго-западная часть прибалхашских пустынь) и Кыргызстан – горы в среднем течении реки Нарын, предгорья Чаткальского (в окрестностях Шекафтара и Таш-Кумыра) и Ферганский (бассейн реки Майли-Сай, урочище Джиде-Сай), Кетмень-Тюбинская котловина, (урочище Кок-Кыя).

**Места произрастания.** Пестроцветные склоны от равнин до нижнего пояса гор, в долинах рек и каменисто-глинистых впадинах в предгорьях.

**Численность.** Встречается единично.

**Лимитирующие факторы.** Бессистемный выпас скота, чрезмерная нагрузка на пастбища. Распашка и строительные работы.

**Культивирование.** Сведений нет.

**Меры охраны существующие.** Специальные меры охраны не разработаны. Занесен в Красную книгу СССР (1984), Красную книгу Киргизской ССР (1985).

**Меры охраны рекомендуемые.** Организовать ботанический заказник, провести учет популяций, ввести в культуру, как декоративное растение.

**Источники:** 24, 65, 80.

## Lamyropappus

### *Lamyropappus schakaptaricus* (B. Fedtsch.) Knorr. et Tamamsch

**Status:** VU. It is a rare mosaic-distributed representative of the monotypic genus, ornamental plant. The specific area includes limited territories in deserts near Balkhash Lake (Kazakhstan), in Ketmen-Tyube Hollow (Kok-Kyya locality) at northern macro-slope and spurs of Chatkal Mountain Range and in western part of Fergana Mountain Range (southern piedmonts in basins of Maili-Sai and Dzhide-Sai Rivers). The species occurs by sparse specimens at motley-clayey, loess and stony soils on slopes and in depressions in low-montane zone. Period of flowering: June – July, fruiting in August, propagation is generative (by seeds). Number in nature is small, the species is unstudied in a culture. Limiting factors are excessive pasturage, ploughing-up and weak reproduction in arid conditions. The species is listed in Red Books of USSR and Kyrgyzstan but there are not special protection for it. The creation of botanical wildlife area, inventory of

# Оролгон соссюрея

## *Saussurea involucrata* (Kar.et Kir.) Sch. Bip.





**Татаал гүлдүүлөрдөн - Asteraceae Dumort - Сложноцветные**

**Статусу:** VU. Сейрек кездешкен түр. Кыргызстанда ареалынын чегинде бул түр аз санда, белгилүү гана аймактарда кездешкендиктен, тез аранын ичинде таптакыр жок болуп кетиши мүмкүн.

**Мүнөздөмө.** Бийиктиги 15–35 см ге чейин жеткен, көп жылдык, сабаксыз же жөнөкөй сабактуу, кыймасынан ылдый түшкөн жалбырактуу өсүмдүк. Жалбырагынын узундугу 14 см, туурасы 3 см. Жан тамырындагы жана сабактагы жалбырактары узунча жазы ланцеттей, жазыланган ак кабыктуу жалбырак саптуу. Жалбырагы түкчөлөр менен капталган. Гүлдөрү түтүк сымалдуу, киргилт-кызыл-көк түстө келип, себет топ гүлүнө чогулуп (20 даанага чейин) нык калканчага топтолгон жана 2 катарлуу ири гүл жан жалбырактары менен курчалып турат. Гүл жан жалбырактары ачык, 13-17 санда, эки катар, ийилген, гүл тобу менен чогуу диаметри 21 (26) см ге чейин, жылаңач, жээктери тишчелүү. Урукчалары күрөң, кош көкүлдүү.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Июнь-июль айларында гүлдөп, августта мөмө байлайт. Уругу менен көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Республиканын чегинен тышкары Казакстанда (Түндүк Тяньшань жана Жунгар Алатоосу), Россияда (Чыгыш Сибирде); Кыргызстанда – Күңгөй Алатоо (Чоңаксуу ашуусу), Тескей Алатоо (Торпу, Чоңашуу ж.б. ашуулары), Акшыйрак (Петров мөңгүсү), Сарыжаз, Эңгилчек жана Койлуу сууларынын бассейнинин жогорку нугу.

**Өсүү шарттары.** Эшилме шагыл-таштуу бийик тоо беттеринде, морендерде, альпы жана нивалдык алкактарда.

**Саны.** Жаратылышта өтө чектелген.

**Чектөөчү факторлор.** Жайкысын малды чексиз санда жайып, уюштурулбаган, баш-аламан туризм.

**Өстүрүү.** Эч кандай маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргыз ССРинин Кызыл китебине (1985) киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Түр өскөн популяцияларынын аймактарын коргоо; жыш жана максималдуу кездешкен жерлерде ботаникалык заказниктерди уюштуруу.

## Соссюрея обернутая

### *Saussurea involucrata* (Kar.et Kir.) Sch. Bip.

**Статус:** VU. Редкий вид. В Кыргызстане на границе ареала. Вид встречается в небольшом количестве на ограниченных площадях, может быстро исчезнуть.

**Описание.** Многолетнее бесстебельное или с простым стеблем растение 15–35 см высоты, в обрамлении несколько низбегающими листьями. Листья до 14 см. длины, 3 см ширины. Прикорневые и стеблевые листья продолговатые или широколанцетные, с расширенным белопленчатым черешком. Пластинка покрыта волосками. Цветки трубчатые грязно – фиолетовые. Корзинки многочисленные (до 20), скученные в сжатый щиток, обрамленный двумя рядами крупных прицветных листьев. Прицветные листья светлые, в числе 13 - 17, двухрядные, развернутые, вместе с соцветиями до 21 (26) см в диаметре. Семянки коричневые. Хохолок двойной.

**Особенности биологии.** Цветет в VI–VII, плодоносит в VIII. Размножается семенами.

**Распространение общее и в стране.** За пределами республики встречается в Казахстане (Северный Тянь-Шань и Джунгарский Алатау), в России (Восточная Сибирь) и Китае (Синьцзян); в Кыргызстане – хребты Кунгей Ала-Тоо (перевал Чон-Аксу), Терскей Ала-Тоо (перевалы Торпу, Чон-Ашуу и др.), Ак-Шыйрак (ледник Петрова), долины рек в верховьях бассейнов рек Сары-Джаз, Иныльчек и Куйлю).

**Места произрастания.** Склоны со скалами и россыпями камней, а также морены, в альпийском и нивальном поясах.

**Численность.** Ограниченная.

**Лимитирующие факторы.** Интенсивный летний выпас скота, неорганизованный туризм.

**Культивирование.** Сведений нет.

**Меры охраны существующие.** Внесена в Красную книгу Киргизской ССР (1985 г.).

**Меры охраны рекомендуемые.** Сохранение мест произрастания популяций; организация ботанических заказников в местах с большей численностью вида.

**Источники:** 24, 45, 65, 79.

## Wrapped Alpine Saw-wort

### *Saussurea involucrata* (Kar.et Kir.) Sch. Bip.

**Status:** VU. This ornamental plant is rare vulnerable species at the margin of the specific area (Northern and Central Tien Shan, Xinjiang, Eastern Siberia). In Kyrgyzstan it sporadically occurs in upper part of Sary-Dzhaz River basin, near Petrov’s Glacier and at Terskei Ala-Too Mountain Range (Torpu locality). The species populates stony placers at highland slopes. Period of flowering: June – July, reproduction is generative (by seeds) only; data about cultivation are absent. Number is small. Limiting factors: excessive pasturage in summer period, flower collection (unorganised tourism). This rare species is included into Red Book of the country in 1985. There are offered in addition full complex protection of highlands in territories of occupancy, creation of special botanical wildlife areas in places with abundant populations, and introduction in botanical gardens.

# Олуяата рапонтикуму

**_Stemmacantha aulieatensis_ (Jljin) M. Dittrich**
**(_Rhaponticum aulieatense_ (Jljin))**





**Татаал гүлдүүлөрдөн - Asteraceae Dumort - Сложноцветные**

**Статусу:** EN. Өтө сейрек кездешкен түр. Жоголуп кетүү коркунучунун алдында турат.

**Мүнөздөмө.** Көп жылдык тамыр-сабактуу өсүмдүк. Тамыр сабагы салыштырмалуу тик жайгашып, жогору жер үстүнө жакын бөлүгү көп башчалуу. Сабактары 1–3 кө чейин, узундугу 6 дан 40 см ге чейин жетет. Жалбырактарынын төмөнкү жана жогорку бөлүктөрү сейрек ичке түктүү, канаттай-бөлүктүү; бөлүктөрү текши эмес тишчелүү. Жан тамыр жана төмөнкү сабактагы жалбырактарынын узундугу 8–12 см, туурасы 2–3 см, жалбырак саптуу; сабактагылары болсо сапсыз келип, канаттай-айчыктуу, жээктери быржыктуу. Ороочунун туурасы 3,0–3,5 см, жылаңач. Корзинасынын диаметри 4-7 см. Гүлдөрү сары, кызгылтым-сыя, гүлдөп бүтөөргө жакын сыя-көк темгилдүү.Таажычалары 1,7–2,0 см узундукта. Урукчалары 5–6 (10) см узундукта, агыш-күрөң тактары бар. Көкүлү ак, үч катар, ачык кызгылт-сары кыймалары менен.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Май-июнь айларында гүлдөп, июнь-июлда урук байлайт.Уругу менен көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Кыргыз Алатоосунун батыш бөлүгү, Эчкилүүтоо, Акташ жана Талас тоо кыркасынын Каракоюн дарыясынын бассейни.

**Өсүү шарттары.** Арчалуу токой алкагынын таштак жана шагылдуу тоо беттеринде өсөт.

**Саны.** Жаратылышта аз санда таралган.

**Чектөөчү факторлор.** Адамдын чарбачылык аракеттери: жай мезгилинде жайыттарды ыксыз колдонуу.

**Өстүрүү.** Кыш алдында коллекциялык питомникте себилгенде, жазында текши өнөт. Биринчи жылы өсүмдүктөрү тутам жалбырак байлайт. 5 жыл өткөндөн кийин жалгыздан экземплярлары калат. Сугатты сүйбөйт. Уруктары 5 жылдан кийин деле өнүмдүүлүгүн сактайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргыз ССРинин Кызыл китебине (1985) киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Коргоо чаралары иштелип чыккан эмес. Популяциясынын жаратылыштагы абалын, биологиясын жана көбөйүү өзгөчөлүктөрүн изилдөө. Түрдүн эң көп топтолгон аймактарында ботаникалык заказниктерди уюштуруп, дары өсүмдүк катары Кыргыз Республикасынын УИАнын Ботаникалык багына интродукциялоо.

# Большеголовник аулиеатинский

*Stemmacantha aulieatensis* (Jljin) M. Dittrich
(*Rhaponticum aulieatense* (Jljin))

**Статус:** EN. Очень редкий вид, находится под угрозой исчезновения.

**Описание.** Многолетнее корневищное растение. Корневище относительно вертикальное, толстое вверху многоглавое. Стебли 1–3, от 6 до 40 см высоты. Листья снизу и сверху тонко опушенные, перисто-рассеченные; дольки неравномерно городчато-зубчатые. Прикорневые и нижние стеблевые листья 8–12 см длины, 2–3 см ширины, черешковые; стеблевые – сидячие, перистолопастные, по краю неровно городчатые. Обертка 3,0–3,5 см ширины, голая. Корзинки 4–7 см в диаметре. Цветки жёлтые, с красновато-фиолетовыми, в конце цветения фиолетовыми, вкраплениями. Венчик 1,7–2,0 см длины. Семянки 5–6 (10) см длины, белесые, четырехгранные, слегка ребристые, с коричневатым оттенком. Хохолок желтовато-рыжий многорядный, щетинки его жёсткие.

**Особенности биологии.** Цветет в V–VI, плодоносит в VI–VII. Размножается семенами.

**Распространение общее и в стране.** Западная часть Киргизского хребта, хребты Эчкилетау, Акташ, Таласский хребет (бассейн реки Кара-Коюн).

**Места произрастания.** Каменистые и щебнистые склоны гор в поясе арчёвого леса.

**Численность.** Встречается единично.

**Лимитирующие факторы.** Хозяйственная деятельность человека: чрезмерная нагрузка на пастбища в летний период.

**Культивирование.** При подзимнем посеве в коллекционном питомнике весной появляются дружные всходы. В первый год растения развивают пучок листьев. Через 5 лет остаются единичные экземпляры. Растения не выносят полива. Семена через 5 лет хранения сохраняют хорошую всхожесть.

**Меры охраны существующие.** Внесен в Красную книгу Киргизской ССР (1985).

**Меры охраны рекомендуемые.** Не разработаны. Выяснить состояние популяций, изучить биологию, особенности размножения. В местах наибольшей концентрации вида организовать ботанические заказники, интродуцировать в Ботаническом саду НАН КР, как лекарственное растение.

**Источники:** 24, 64,80.

# Aulie-Ata Stemmacantha Centaury

*Stemmacantha aulieatensis* (Jljin) M. Dittrich
(*Rhaponticum aulieatense* (Jljin))

**Status:** EN. It is critically endangered very rare narrow-spreaded species, distributed in Alexander (only in western part), Etchkili-Too, Ak-Tash and Talas (Kara-Koyun River basin) Mountain Ranges. This ornamental plant occurs by single individuals at stony and metal slopes in the zone of Juniper forest. Period of flowering: May – June, propagation is generative (by seeds); the plant is unstudied in a culture. Limiting factor is anthropogenic influence (excessive pasturage in summer period). At present time any elaborated special methods for the preservation are absent, despite of including into Red Book of the countryin 1985. Study of the biology and propagation in the nature, introduction into a culture in the botanical gardens and creation of protected territories in places with concentrated populations are necessary for the conservation.

# Алай көп башы, тармал чөбү

*Centaurea alaica* Iljin





Татаал гүлдүүлөрдөн - Asteraceae Dumort - Сложноцветные

**Статусу:** VU. Эндем түр.

**Мүнөздөмө.** Бийиктиги 80-100 см ге чейин жеткен көп жылдык өсүмдүк. Жалбырактары узунча-жумуру, шуштугуй, кыры кемирчек-тишчелүү, түбүнө бир аз ичкерген; төмөнкүлөрү – саптуу, бүтүн кырдуу; ортоңкулары – канаттай өтө кыска саптуу же сапсыз, бүтүн кырдуу же түбүндө аз сандаган каптал сегменттүү. Гүлү сары, себет топ гүлүнө чогулган. Ороочтору түксүз, узундугу 2, туурасы 1,5 см ге чейин; сырткы жана ортоңку ороочторунун жалбыракчаларынын өсүндүлөрү жок, кээде ичке чел кабыктай жээктүү; эң ичкилери – өтө чоң эмес өсүндүсү менен. Мөмөсү көкүлүү урукча.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Июнь-июлда гүлдөп, июль-августта мөмөлөйт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Фергана тоо кыркасы: Тар суусунун өзөнү, Алай тоо кыркасы, Тяньшань, Памир-Алай.

**Өсүү шарттары.** Ортоңку жана төмөнкү тоолордогу таштак беттердеги алкактар.

**Саны.** Популяциялары аз санда.

**Чектөөчү факторлор.** Себептери аныкталган эмес.

**Өстүрүү.** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Коргоого алынбаган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Түрдүн сан-өлчөмүн, популяцияларын аныктап, учураган аймактарды коргоого алуу зарыл.

## Василёк алайский

*Centaurea alaica* Iljin

**Статус:** VU. Эндемичный вид.

**Описание.** Многолетнее растение до 80 - 100 см выс. Листья продолговато-овальные, острые, по краю хрящевато-зубчатые, к основанию постепенно суженные; нижние - черешковые, цельные; средние и верхние - на очень коротких крылатых черешках или почти сидячие, цельные или у основания пластинки с немногими, очень мелкими боковыми сегментами. Цветки желтые, собраны в соцветие-корзинку. Обертки голые, до 2 см длины., до 1,5 см ширины.; наружные и средние листочки обертки - без придатка, иногда с узкой перепончатой каймой; самые внутренние - с небольшим перепончатым придатком. Плоды семянки с хохолком.

**Особенности биологии.** Цветет в VI - VII, плодоносит в VII - VIII.

**Распространение общее и в стране.** Ферганский хребет: долина р. Тар, Алайский хребет.

**Места произрастания.** На каменистых склонах в нижнем и среднем поясах гор.

**Численность.** Небольшие популяции.

**Лимитирующие факторы.** Причины не известны.

**Культивирование.** Сведений нет.

**Меры охраны существующие.** Не охраняется.

**Меры охраны рекомендуемые.** Обеспечить сохранение местообитаний и популяций вида, уточнить запасы.

**Источники:** 53, 65, 80.

## Alai Centaury

*Centaurea alaica* Iljin

**Status:** VU. This mosaic-distributed species is local endem of Southern Tien-Shan and North-eastern Alai-Pamirs. It is spreaded in Alai and Fergana Mountain Ranges (Tar River basin). This tall perennial plant has an aesthetic value. Plants populates stony slopes in low- and mid-montane belts. Period of flowering: June – July, fruiting in July – August. Number is insignificant, limiting factors are not revealed. Data about cultivation and any protection measures are absent. The protection of habitats and monitoring, inventory of the specific area and populations, as well as prohibition of flower collection, are offered to conserve the species.

# Олуяата трихантемиси

***Trichanthemis aulieatensis* (B. Fedtsch.) Krasch.**

**(*Pseudoglossanthis aulieatensis* (B. Fedtsch.) Poljak)**





Татаал гүлдүүлөрдөн - **Asteraceae Dumort - Сложноцветные**

**Статусу**: EN. Монотиптүү секциянын өкүлү, сейрек (кууш) кездешкен эндем, жогору декоративдүү өсүмдүк.

**Мүнөздөмө.** Көп жылдык, чачыранды түктүү, бийиктиги 20-40 см ге чейин жеткен, жоон, көп өзөктүү, жыгачтанган тамырлуу өсүмдүк. Көпчүлүк сабагы начар жалбырактанган, сабагынын түбү жыгачтанган, бутактуу, жогору бөлүгүндө жөнөкөй, тик же түбүнөн чыгып, начар жалбырактанган. Жалбырактары түксүз же билинер-билинбес түктүү, топуракка жакындарынын узундугу 10 см, туурасы 2 см ге чейин, канаттай же кош канаттай бөлүктүү, жалбырак сапсыз. Гүл чанактары жалгыздан, ороочторунун узундугу – 6-8 мм, туурасы – 14-23 мм, желекчелери терилүү, четтери кеңири күрөң-буурул жаргак сымал сызмалуу, сырткылары жазы ланцеттей, ичкилери узунча сызыкчадай; гүлдөрү ар түрдүү, четкилери- энеликтери тил сымал кызыл-ак гүл коргондуу; ортоңкулары эки жыныстуу, түтүкчөдөй жыш түктүү гүл коргондуу. Урукчаларынын узундугу 2,5-3,2 мм, кырдуу, жыш түктүү, паппусу – таажы сымал, чел кабыктай түрпүлүү.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Май-июнда гүлдөп, июлда уруктайт. Уругу аркылуу көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы**. Түштүк Казакстан (Кыргыз тоо кыркасынын түндүк бетинин батыш бөлүгү, Алмасай капчыгайы, Сырдарыя Каратоо кыркасы) жана Кыргызстан (Эчкилүүтоо тоо кыркасы, Кыргыз тоо кыркасынын түштүк бетинин батыш бөлүгү, Кararча капчыгайы).

**Өсүү шарттары.** Жылгалуу жана арча токойлорунун таштактуу беттеринде 1400-1800 м абсалюттук бийиктиктер.

**Саны.** Түрдүн саны аз, ал бир нече гана жерлердеги чогултуудан улам белгилүү жана акыркы 15 жылда табылган эмес.

**Чектөөчү факторлор**. Антропогендик. Жогору декоративдүү өсүмдүк катары гүлдөрүн калк массалык түрдө чогултуп, жайыттарда мал көп жайылат. Уругу аркылуу калыбына келүүсү жокко эсе.

**Өстүрүү.** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** СССРдин Кызыл китебине 1975-жылы киргизилген, Казак ССРинин Кызыл китебине 1978-жылы киргизилген, Кыргыз ССРинин Кызыл китебине 1985 жылы киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер**. Түрдүн популяциясына көзөмөлдүк кылып, ал өскөн аймактарын корукка алып, жогору декоративдүү өсүмдүк катары өстүрүү зарыл.

# Волосистоцветочник аулиеатинский

## *Trichanthemis aulieatensis* (B. Fedtsch.) Krasch.
## (*Pseudoglossanthis aulieatensis* (B. Fedtsch.) Poljak)

**Статус:** EN. Представитель монотипной секции, узколокальный эндемик, высокодекоративное растение.

**Описание.** Многолетнее растение, рассеянно-волосистое, до 20–40 см высоты с толстым деревянистым, многоглавым корнем. Стебли слабооблиственные, многочисленные, у основания сильно древеснеющие, разветвленные, выше – простые, прямостоячие или у основания восходящие, слабо олиственные. Листья голые или почти голые, прикорневые 10 см длины, до 2 см ширины, перисто- или дважды перисторассеченные, сидячие. Корзинки одиночные, их обвертки 6–8 мм длины, 14 – 23 мм ширины, листочки кожистые, по краю с широкой темно-бурой перепончатой каймой, наружные широколанцетные, внутренние продолговатолинейные; цветки разнородные, краевые, пестичные с языковым розовато-белым венчиком; центральные обоеполые, с трубчатым густо-волосистым венчиком. Семянки 2,5 - 3,2 мм длины, ребристые, густоволосистые, паппус коронковидный, из пленчатых чешуй.

**Особенности биологии.** Цветет в V-VI; плодоносит в VII. Размножение семенное.

**Распространение общее и в стране.** Южный Казахстан (западная часть северного склона Киргизского хребта, урочище Алмасай, хребет Сырдарьинский Каратау) и Кыргызстан (хребты Ичкили-Тоо и Ак-Таш, западная часть южного склона Киргизского хребта, урочище Кара-Арча).

**Места произрастания.** По ложбинкам и каменистым склонам в арчевниках до абсолютной высоты 1400-1800 м.

**Численность.** Численность вида мала, он известен лишь из нескольких пунктов и по единичным сборам. Последние 15 лет не регистрировался.

**Лимитирующие факторы.** Антропогенные. Массовый сбор цветов населением высокодекоративного растения, вытаптывание скотом при чрезмерной нагрузке на пастбища. Почти отсутствует семенное возобновление.

**Культивирование.** Сведений нет.

**Меры охраны существующие.** Занесён в Красную книгу СССР (1975), Красную книгу Казахской ССР (1978), Красную книгу Киргизской ССР (1985).

**Меры охраны рекомендуемые.** Охрана местообитаний, введение в культуру как декоративное растение, контролировать состояние популяций.

**Источники:** 10, 23, 24, 58, 65, 78.

# Aulie-Ata Pseudoglossanthis Centaury

## *Trichanthemis aulieatensis* (B. Fedtsch.) Krasch.
## (*Pseudoglossanthis aulieatensis* (B. Fedtsch.) Poljak)

**Status:** EN. It is endangered narrowly spreaded species with reducing area and number, ornamental perennial flower, only one representative of separate section between congeners, endemic for North-western Kyrgyzstan and Southern Kazakhstan. It is known from several sites in westernmost part of Alexander Mountain Range (Kara-Archa Ravine), in Syr-Dar Karatau (Kazakhstan) and in Echkiletau Mountain Ridge but was not registered in Kyrgyzstan last fifteen years. The species was observed by very sparse individuals on stony slopes and in narrowly gullies, at 1,400–1,800 m above sea level, up to Juniper open forest belt. Period of flowering: May – June, fruiting in July, propagation is generative (by seeds). Limiting factors: very weak reproduction, excessive pasturage, destruction by cattle trampling-down and flower collection by people. The species is included into USSR Red Data Book in 1975 and Red Book of Kyrgyzstan in 1985, but areas of occupancy are still out of real protection. There are urgent necessary inventory of populations and organiying of effective protection for habitats (prohibition of pasturage etc.) and the introduction into a culture.

# Сары трихантемис

*Trichanthemis aurea* Krasch.





**Татаал гүлдүүлөрдөн - Asteraceae Dumort - Сложноцветные**

**Статусу:** VU. Алай тоо кыркасынын сейрек кездешкен, декоративдүү, (кууш) эндем түр.

**Мүнөздөмө.** Көп жылдык бозомук-жашыл өсүмдүк. Тамыры көп, негизги тамырлуу, каудекси кыска жана ыкташкан. Сабагынын бийиктиги 5-30 см, көп санда, башында жалгыз гүл таажылуу. Жалбырактары ланцеттүү, түктүүлүгүнөн бозомук-жашыл, эки түрдүү канаттай-тилкелүү; биринчи иреттеги сегменттери ажыратылган, сүйрү-жумуртка сымал, четки бөлүкчөлөрү 3-5 санда, сызыкча, учтары кыска түссүз-ачык курч учтуу, сабактарынын жогорку жагында жалбырактары азыраак, тамыр түбүнө жакындары жалбырак саптуу. Гүл таажысындагы четки гүлдөрү тилдүү, тегерек-түтүкчөлүү келет. Урукчаларынын узундугу 2-3 мм, ажыры – 2,5-4 мм узундукта, 8-12 ичке сызыкчалуу чел кабыктуу.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Май-июнда гүлдөп, июль-августта урук байлайт. Уругу аркылуу көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Алай кырка тоосунун түндүк капталдары (Өзбекстан, Кыргызстан). Кыргызстанда – Исфайрамсай жана Шахимардан сууларынын капчыгайында, Үчкоргон, Пулгон жана Кадамжай кыштактарынын тегереги, Катрантоо кыркасы.

**Өсүү шарттары.** Тоо этектеринин таштак-шагылдуу, сланцтардын калдыктарындагы төмөнкү алкактарында кездешет.

**Саны.** Анча көп эмес.

**Чектөөчү факторлор.** Жайыттарда малды көп жаюудан тебеленүүсү. Туристтер жана калктын өсүмдүктүн гүлдөрүн массалык түрдө чогултуп, урук байлоочу өсүмдүктөрдүн санын азайтуусу.

**Өстүрүү.** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** СССРдин Кызыл китебине (1975), Кыргыз ССРинин Кызыл китебине (1985) киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Атайын коргоо аракеттери иштелип чыкпаган. Ботаникалык заказник уюштуруп, декоративдүү өсүмдүк катары өстүрүү зарыл.

# Волосистоцветочник золотистый

## *Trichanthemis aurea* Krasch.

**Статус:** *VU*. Редкий узкоэндемичный вид Алайского хребта, декоративное растение.

**Описание.** Многолетнее серовато-зеленое растение. Корень многоглавый, каудексы короткие и сближенные. Стебли 5 – 30 см высоты, многочисленные, с одиночными корзинками наверху. Листья ланцетные, серовато-зеленые от опушения, дважды перисторассеченные: сегменты первого порядка раздвинутые, продолговатояйцевидные; конечные дольки в числе 3 - 5, линейные, на кончике с коротким прозрачным остроконечием; вверх по стеблю листья уменьшающиеся, прикорневые - черешковые. В корзинках краевые цветки язычковые, дисковые-трубчатые. Семянки 2–3 мм длины: коронка 2,5–4,0 мм длины, рассечёная на 8–12 узколинейных пленок.

**Особенности биологии.** Цветет в V-VI; плодоносит в VII-VIII. Размножается семенами.

**Распространение общее и в стране.** Северный макросклон Алайского хребта (Узбекистан, Кыргызстан). В Кыргызстане – ущелья рек Исфайрамсай и Шахимардан в окрестности сел Уч-Коргон, Пульгон и Кадамжай, хребет Катран-Тоо.

**Места произрастания.** Каменистые склоны, выходы сланцев в предгорьях и нижнем поясе гор.

**Численность.** Очень незначительная.

**Лимитирующие факторы.** Вытаптывание при бессистемном выпасе скота. Массовый сбор цветов населением и туристами снижает число плодоносящих растений.

**Культивирование.** Сведений нет.

**Меры охраны существующие.** Внесен в Красную книгу СССР (1975), Красную книгу Киргизской ССР (1985).

**Меры охраны рекомендуемые.** Специальные меры охраны не разработаны. Организовать ботанический заказник, ввести в культуру как декоративное растение.

**Источники информации:** 24, 65, 78.

# Golden Trichanthemis Centaury

## *Trichanthemis aurea* Krasch.

**Status:** VU. It is rare ornamental plant, narrowly spreaded endem of northern part of Alai Mountains (Kyrgyzstan, Uzbekistan). The species was found in several sites in lower parts of Isfairamsai and Shakhimardan Ravines and at northern slope of Katrang-Too Mountain Range, on stony, metal and metal-clayey slopes. Period of flowering: May – June, fruiting in July – August; propagation is generative (by seeds) only. Number is small. The species is unknown in a culture. Limiting factors: excessive pasturage (trampling-down by a cattle) and mass flower collection. This plant is out of special protection despite of including into Red Book of Kyrgyzstan in 1985. There are offered to create botanical wildlife area in territory of occupancy and to introduce in Botanical garden (valuable ornamental plant).

# Ак маңдайдай пиретрум

## *Pyrethrum leontopodium* (C. Winkl.) Tzvel.





**Татаал гүлдүүлөрдөн** - **Asteraceae Dumort - Сложноцветные**

**Статусу:** **VU.** Эндем түр.

**Мүнөздөмө.** Бийиктиги 3-15 см чейин жеткен көп жылдык өсүмдүк. Өтө жыш, темгилдүү безчелери анча билинбеген, булалангандыктан жалбырактарынын жалпы түзүлүшү байкалбастан, агыш болуп көрүнөт. Тамыр моюнчасындагы тамырларынын узундугу 4 см ге чейин, туурасы 1,5 см, узун, түбү жоон саптуу, жалбырагы сүйрү же ылдый караган жумурткадай, эки ирет (кээде үч ирет) канаттай тилкелүү, акыркы бөлүктөрү сызгычтай-ланцеттүүдөн сүйрүгө чейин, узуну 1 мм ге жетет, учтугуй же учу жок. Сабактагы жалбырактары кичирээк жана анча тилкелүү эмес, сапсыз. Гүлдөрү себеттей топ гүлгө чогулган. Гүл коргону бирден, узун келген жыш кийиздей ак түктүү гүл саптуу. Ороочторунун диаметри 10-20 мм.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Июль-августта гүлдөп, август-сентябрда мөмөлөйт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Тарбагатай, Жунгар Алатоосу, Тяньшань, Памир-Алай. Кыргызстанда – Күңгөй, Тескей Алатоо, Фергана, Кыргыз тоо кыркалары, Сарыжаз жана Кайыңды сууларынын бассейниндеги тоолор.

**Өсүү шарттары.** Суулардын өзөнүндөгү майда шагыл-таштар, мореналар, таштуу бийик тоо алкактарындагы беттер.

**Саны.** Популяциялары аз санда.

**Чектөөчү факторлор.** Мал жайып, гүлүн үзүп-чогултуу.

**Өстүрүү.** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Коргоого алынган эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Түр кездешкен аймактарды коргоп, анын популяцияларын санын иликтеп, гүлүн чогултууга тыюу салуу.

# Поповник (ромашник) эдельвейсовидный

## *Pyrethrum leontopodium* (C. Winkl.) Tzvel.

**Статус:** *VU*. Эндемичный вид.

**Описание.** Многолетнее растение около 3 - 15 см высоты. Листья беловатые от очень обильного войлока, за которым едва просматриваются их очертания, с мало заметными точечными железками. Листья прикорневые до 4 см длины, 1,5 см ширины, на длинных, расширенных у основания черешках; пластинки их в очертании продолговатые или обратнояйцевидные, дважды (иногда почти трижды) перисторассеченные; конечные дольки от линейно-ланцетных до продолговатых, до 1 мм ширины, на верхушке с коротким острием или без него. Стеблевые листья сильно уменьшенные и менее рассеченные, сидячие. Цветки собраны в соцветие - корзинку. Корзинки одиночные, на длинных, обильно беловато-войлочных ножках. Обертки 10 - 20 мм в диаметре, 5,5-6 мм шириной, окутанные обильным рыхлым войлоком. Языковыецветки белые.

**Особенности биологии.** Цветет в VII - VIII, плодоносит в VIII - IX.

**Распространение общее и в стране.** Тарбагатай, Джунгарский Алатау, Тянь-Шань, Памиро-Алай. В Кыргызстане – хребты Кунгей, Терскей Ала-Тоо, Ферганский, Киргизский, горы в бассейнах рек Сары-Джаз и Каинды.

**Места произрастания.** На галечниках по долинам рек, среди камней и щебня, на моренах, каменистых склонах, осыпях в верхнем поясе гор.

**Численность.** Незначительные популяции.

**Лимитирующие факторы.** Выпас скота, сбор цветов.

**Культивирование.** Сведений нет.

**Меры охраны существующие.** Не охраняется.

**Меры охраны рекомендуемые.** Сохранение мест произрастания, мониторинг численности в популяциях вида, запрет на сбор цветов.

**Источники:** 54, 63, 78.

# Edelweiss-like Pyrethrum

## *Pyrethrum leontopodium* (C. Winkl.) Tzvel.

**Status:** VU. This small perennial plant is rare mosaic-distributed species spreaded in Alai-Pamir, Tien Shan, Dhungar and Tarbagatai Mountain Range. In Kyrgyzstan it is known from Alexander, Kungei Ala-Too, Terskei Ala-Too and Fergana Mountain Ranges and Sary-Dzhaz River basin. The species populates screes, metal and stony slopes, pebbles in riverbeds and moraines, in the altimountainous zone. Period of flowering: July – August, fruiting in August – September. All revealed populations are insignificant in number. Data about cultivation and any protection measures are absent. The protection of habitats and monitoring, as well prohibition of flower collection are offered to conserve the species.

# Комаров лепидолофасы

***Lepidolopha komarowii*** **C.Winkl**





**Татаал гүлдүүлөрдөн - Asteraceae Dumort - Сложноцветные**

**Статусу:** EN. Тоолуу Орто Азиянын эндем түрү, эндем орто азиялык тукумдун өкүлү. Декоративдүү.

**Мүнөздөмө.** Бийиктиги 1 м ге чейин жетип, түбүнөн баштап бутактанган бадал өсүмдүк. Бир жылдык бутактары түз, жабышып түктөнгөн, төмөнкү бөлүгү жыш жалбырактанган, ал эми жогору жагында бирин-серин жалбырактуу. Жалбырактары көгүлтүр-жашыл жабышкан түктүү; төмөнкүлөрүнүн узундугу 4-10 см, жалбырак саптуу, сызгычтай бөлүктүү, үчүлүк айчыктуу. Себеттери кыска гүл кармагычта 5-20 калкандай топ гүлгө чогулган. Ороочтору көп катарлуу, цилиндр сымал, алардын жалбыракчалары жыш, ыкталган түкчөлүү. Көкүлү урукчасынан эки эсе кыска.

**Биологиялык өзгөчөлүктөрү.** Июнь-июль айларында гүлдөп, август-сентябрда мөмө байлайт. Уругу аркылуу көбөйөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Памир-Алай: Нуратоо, Койташ, Зарафшан, Гиссар тоо кыркалары жана Батыш Тяньшань: Пскем, Угам, Чаткал жана Сырдарыя Каратоосунун тизмеги (Тажикстан, Өзбекстан, Кыргызстан, Түштүк Казакстан). Кыргызстан үчүн гербарийдик чогултууда бир гана жерден белгилүү (Карасуу суусунун Нарын дарыясына кошулган куймасы).

**Өсүү шарттары.** Тоолордун төмөнкү жана ортоңку алкактарындагы майда жана таштак топурактуу, шагылдуу беттериндеги шлейфтерде өсөт.

**Саны.** Жаратылышта өтө чектелген. Жалпы саны аныкталган эмес.

**Чектөөчү факторлор.** Адамдын чарбачылык аракеттеринин өсүшү. Жайкы мезгилде малдарды эсепсиз жаюу.

**Өстүрүү.** Азыркыга чейин маданиятташтырылып, изилденген эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргыз ССРинин Кызыл китебине (1985) киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Түрдүн эң жыш өскөн аймактарында ботаникалык заказниктерди уюштуруп, Кыргыз Республиканын УИАнын Ботаникалык багына интродукциялоо иштерин жүргүзүү.

# Лепидолофа Комарова

## *Lepidolopha komarowii* C.Winkl

**Статус:** *EN*. Эндемичный вид горной Средней Азии, представитель эндемичного среднеазиатского рода. Декоративен.

**Описание.** Кустарник до 1 м высоты, ветвящийся от самого основания. Годовалые ветви прямые прижато-опушенные, в нижней части густо облиственные, вверху с единичными листьями. Листья сизовато-зеленые, прижато-опушенные; нижние листья 4–10 см. длины, трехрассеченные на линейные доли, черешковые. Корзинки на коротких цветоносах, собраны по 5–20 в щиток. Обертки многорядные, цилиндрические, листочки их густо прижато-опушенные. Цветки желтые. Хохолок вдвое короче семянки.

**Особенности биологии.** Цветет в VI–VII; плодоносит в VIII-IX. Размножается семенами.

**Распространение общее и в стране.** Памиро-Алай: хребты Нуратау, Койташ, Зеравшанский, Гиссарский и Западный Тянь-Шань: хребты: Пскемский, Угамский, Чаткальский и Сырдарьинский Каратау (Таджикистан Узбекистан, Кыргызстан, Южный Казахстан). Для Кыргызстана известны гербарные сборы с одного пункта (в районе слияния рек Кара-Суу и Нарын).

**Места произрастания.** Мелкоземистые, каменистые склоны, осыпи, шлейфы в нижнем и среднем поясах гор.

**Численность.** В природе очень ограничена. Общая численность не установлена.

**Лимитирующие факторы.** Хозяйственная деятельность человека. Интенсивный выпас скота летом.

**Культивирование.** В культуре не исследован.

**Меры охраны существующие.** Внесен в Красную книгу Киргизской ССР (1985).

**Меры охраны рекомендуемые.** Организация ботанических заказников в местах с большей концентрацией популяций, интродукция в ботаническом саду НАН КР.

**Источники:** 24, 65, 78.

# Komarov's Lepidolopha

## *Lepidolopha komarowii* C.Winkl

**Status:** EN. It is little-known representative of Middle Asian endemic genus, distributed in Ugam, Pskem, Chatkal, Kurama, Turkestan, Zaravshan and Hissar Mountain Ranges. In the Republic it is known by herbarium samples from north-westernmost Kyrgyzstan at the Kazakh border (V.I. Tkatchenko’s personal communication) and at the junction of rivers Naryn and Kara-Suu (right tributary of Naryn). It is very rare ornamental shrub plant populates silty-soil and stony slopes and screes in low- and mid-montane zones. Period of flowering: June – July, fruiting in August – September; propagation is generative; the plant in unstudied in a culture. Limiting factors: an increasing of the human economic activity in habitats, the excessive pasturage in summer period. The conservation of the species should be supported by the introduction in Bishkek Botanical garden and by the creation of botanical wildlife areas in places with abundant populations.

# Тиркеме
# Приложение
# Annex

## Татаал түзүлүштүү өсүмдүктөрдүн Кыргызстандын Кызыл китебинен (1985) алынып салынган түрлөрү

## Виды высших растений, выведенные из «Красной книги» Кыргызстана (1985)

**1.** Калямус айыры — ***Acorus calamus* L. — Аир, Ирный корень — Sweet Flag, or Sweet Sedge, or Myrleflag.**

Дүйнөдө кеңири таралган түр. Балким, Кыргызстанга алынып келинген өсүмдүк. Түп дарыясынын нугунан бир жолу гана табылган. Кийинки издөөлөрдөн учураган эмес.

Широко распространённый в мире вид. В Кыргызстане является, по-видимому, заносным. Был отмечен только один раз в пойме реки Тюп. При последующих поисках не найден.

**2.** Алай чырашы — ***Eremurus alaicus* Chalkuziev —Эремурус алайский — Alai Desert Candle**

Түр жакында жалгыз табылуудан аныкталган. Кыргызстанда бул түрдүн популяциясынын бар экендиги, өсүү шарттары жана өсүп-өнүүсү белгисиз.

Вид, недавно описанный по единичной находке. Существование популяций, условия произрастания и угроза существованию вида в Кыргызстане не ясны.

**3.** Иллария чырашы — ***Eremurus hilariae* M. Pop. et Vved.— Эремурус Илларии Hillaria's Desert Candle**

Кыргызстандын территориясында кездешпейт.

На территории Кыргызстана не встречается.

**4. Узун жалбырактуу цефалантера** — ***Cephalanthera longifolia* (L.) Fritsch. — Пыльцеголовник длиннолистный — Long-leaved Helleborine**

Кыргызстанда жана анын чегинен тышкары кеңири таралган түр. Саны туруктуу жана чарбачылык мааниси жок.

Широко распространённый в мире и в Кыргызстане вид со стабильной численностью, не имеющий хозяйственного значения.

**5.** Анжир — ***Ficus carica* L. — Инжир обыкновенный — Common Fig**

Дүйнөдө кеңири таралган түр. Орто Азияда табигый шартта Түркмөнстан менен Тажикстанда гана өсөт. Кыргызстанда накта бир гана дарагы Күрпсай капчыгайында белгилүү, бирок ал да балким мурунку кезден калган маданий өсүмдүк.

Широко распространённый в мире вид. В Средней Азии естественно произрастает только в Туркмении и Таджикистане. В Кыргызстане достоверно имеется только одно дерево в ущелье Курпсай, которое, по-видимому, является остатком старой культуры.

**6.** Гүл жан жалбыракчалуу апийим — ***Papaver bracteatum* Lindl.—Мак прицветниковый — Bract-shaped Poppy**

Кыргызстандын территориясында жапайы түрдө кездешпейт.

На территории Кыргызстана в диком виде не встречается.

**7.** Сызгычтай жалбырактуу чегендир — ***Rhodiola linearifolia* Boriss. — Родиола линейнолистная — Linear-leaved Rosewort**

Кыргызстанда жана анын чегинен тышкары кеңири таралган, саны туруктуу түр.

Широко распространённый в Кыргызстане и за его пределами вид со стабильной численностью.

8. Ит карагат — ***Ribes janczewskii* Pojark. var. *alba* V. Tkatsch. — Смородина Янчевского — White Janczevski's Currant**

Кыргызстанда кездешкен жөнөкөй түрдүн ак мөмөлүү формасы. Кээбирде кара популяцияларынын ичинде пайда болот. Пайда болуп жана кайрадан жоголуп туруу процесстери адамдын иш-аракетине көзкаранды эмес. Ак мөмөлүү жана ак гүлдүү формалар негизинен бардык эле түрлөрдүн арасында учурайт, анткени ал түр ичиндеги өзгөргүчтүктүн таасири. Алардын баарын коргоого алууга жана алыштын да кереги жок.

Является белоплодной формой обычного на территории Кыргызстана вида. Спорадически появляется в обычных черноплодных популяциях. Появление и исчезновение данных форм практически не зависит

от деятельности человека. Белоплодные и белоцветковые формы имеются практически у всех видов растений и являются проявлением внутривидовой изменчивости. Все их невозможно и не нужно брать под охрану.

**9.** Түркстан алма-четини — ***Sorbus turkestanica*** **(Franch.) Hedl. — Рябина туркестанская — Turkestan Mountain-ash**

Кыргызстандын территориясында кездешпейт.

На территории Кыргызстана не встречается.

**10.** Кара өрүк — ***Prunus ferganica*** **Lincz. et Kost. (*Prunoaflatunia*).** — Пруноафлатуния **— Aflatun Cherry, or Fergana Plum**

Бул форма Кыргызстандын территориясындагы дайыма учураган эки түрдүн чогуу өскөн жерлеринде капилеттен болгон гибриддешүүдөн мезгил-мезгили менен пайда болуп турат. Гибриддик формалардын жаралып жана кайрадан жоголуп туруусу адамдын иш-аракетине көзкаранды эмес. Мындан да сейрек кездешүүчү гибриддик формалар кездешет. Алардын баарын коргоого алууга жана алыштын да мааниси жок.

Форма является спонтанным гибридом между двумя обычными на территории Кыргызстана видами и спорадически появляется в местах их совместного произрастания. Появление и исчезновение гибридных форм практически не зависит от деятельности человека. Имеются и другие, редко встречающиеся гибридные формы. Все их невозможно и не нужно брать под охрану.

**11.** Кыргыз тыйынчанагы — ***Hedysarum kirghisorum*** **B. Fedtsch. — Копеечник киргизский — Kirghizian Sweet Broom**

Кыргызстанда кеңири кездешкен түр, кадимки *H. neglectum*. түрүнөн билинер-билинбес айырмаланат. Бийик тоолуу алкактарда, сырттарда, адамдын таасири анча чоң эмес аймактарда өсөт. Мал жебейт, чарбачылык мааниси жок, ошондуктан түздөн-түз жоголуп кетүүсүнө коркунучтар жок.

Широко распространённый в Кыргызстане вид, слабо отличающийся от обычного *H. neglectum*. Произрастает на сыртах в верхнем поясе гор, где антропогенное влияние минимально, растение скотом не поедается и не имеет хозяйственного значения, поэтому реальной угрозы виду не существует.

**12.** Кандым, жузгун — ***Calligonum uzunachmatense*** **V. Tkatsch. — Джузгун узунахматский — Uzun-Akhmat Calligonum**

Кеңири таралган түрдүн атынын синоними болуп саналат. Кыргызстанда ***C. uzunachmatense*** Нарын дарыясынын өзөнүндө, кумдуу жерлерде кездешчү. Азыркы учурда бул жерлер суу сактагычтын алдында калган.

Название является синонимом более широко распространенного вида. В Кыргызстане *C. usunachmatense* встречался только на песках в пойме реки Нарын. В настоящее время эти местообитания затоплены водами водохранилища.

**13.** Анар — ***Punica granatum*** L. — Гранат обыкновенный — Dwarf Pomegranate

Дүйнөдө кеңири таралган түр. Орто Азияда Түркмөнстан менен Тажикстанда табигый өсөт.

Широко распространённый в мире вид. Естественно, в Средней Азии встречается в Туркмении и Таджикистане. В Кыргызстане было достоверно известно единственное дерево в природном биотопе в ущелье Рязан-Сай, но и оно, вероятно, являлось остатком старой культуры.

**14.** Никитина отостегиясы — ***Otostegia nikitinae*** **V. Scharaschova. — Отостегия Никитиной — Nikitina's Otostegia**

Түр кеңири таралган *O. olgae* түрүнөн билинер-билинбес айырмаланат, балким анын формасы (синоними) болушу керек.

Вид слабо отличается от широко распространённого *O. olgae* и, по-видимому, является его формой (синонимом).

**15.** Бөлүк жалбырактуу чөл шимүүрү — ***Eremostachys cephalariifolia*** **M. Pop. — Пустынноколосник головчатколистный — Scalehead-leaved Desert-rod**

Түрдүн аты кеңири таралган жана экологиялык жактан ийкемдүү түрдүн *E. speciosa* Rupr. синоними. Ага Кыргызстанда эч кандай коркунуч жок.

Название является синонимом широко распространенного и экологически пластичного вида *E. speciosa* Rupr., которому в пределах Кыргызстана ничего не угрожает.

**16.** Бийик карандыз — ***Inula helenium*** **L. — Девясил высокий — Elecampagne, Tall Helecampane**

Дүйнөдө жана Кыргызстанда кеңири таралган, саны туруктуу, кээде отоо чөп болгон түр.

Широко распространённый в мире и в Кыргызстане вид со стабильной численностью, иногда является сорняком.












# Экинчи бөлүм
# ЖАНЫБАРЛАР

# Вторая часть
# ЖИВОТНЫЕ

# Second part
# ANIMALS

Илимий редактор
Научный редактор
Scientific editor

**Милько Д. А.**

Түзүүчүлөр
Составители
Compilers

**Аттокуров А. Т.**
*Urocerus sah*

**Калтаев Т. К.**
*Satanas gigas*

**Кенжебаев А. А.**
*Urocerus sah*

**Милько Д. А.**
*Parnassius apollo merzbacheri, Megalodontes kuznetzovi, Polochrum pamirepandum, Masaris longicornis, Rossomyrmex proformicarum*

**Овчинников С. В.**
*Tricholathys relicta, Cephalota galatea, Carabus ferghanicus, Carabus validus, Prionus tschitscherini, Kirgisobia bohnei*

**Орозумбеков А. А.**
*Urocerus sah*

**Токторалиев Б. М.**
*Urocerus sah*

**Торопов С. А.**
*Colias christophi, Parnassius loxias tashkorensis, Papilio alexanor voldemar*

**Челпакова Ж. М.**
*Sonjagaster coronatus, Saga pedo, Satanas gigas*

# Муунак буттуулар

# Членистоногие

# Arthropods

# Түрлөрдүн тизмеси
# Список видов
# **List of Species**

ЖӨРГӨМҮШ СЫМАЛДУУЛАР – **ARANEIDA – ПАУКООБРАЗНЫЕ – ARACHNIDS**

ЖӨРГӨМҮШТӨР – ARANEAE – ПАУКИ – SPIDERS

Диктинидалар – Dictynidae – Диктиниды – Dictynid Spiders

1. Трихолатис реликт жөргөмүшү – *Tricholathys relicta* – Паук Трихолатис реликтовая Ovchinnikov's Relic Spider

КУРТ-КУМУРСКАЛАР – **INSECTA – НАСЕКОМЫЕ – INSECTS**

ИЙНЕЛИКТЕР – **ODONATA – СТРЕКОЗЫ – DRAGON-FLIES**

Тикен куйрук ийнеликтер – **Cordulegasteridae– Булавобрюхи – Spiketail dragon-flies**

**2.** Тикен куйрук ийнелик – *Sonjagaster coronatus* – Булавобрюх увенчанный – Coronate Spiketail

СУБАГАЙ (ТҮЗ) КАНАТТУУЛАР – **ORTHOPTERA – ПРЯМОКРЫЛЫЕ – ORTHOPTEROIDS**

Накта чегирткелер – **Tettigoniidae – Кузнечики настоящие – Grasshoppers**

**3.** Айман чегиртке – *Saga pedo* – Дыбка степная – Matriarchal Katydid, Predatory Bush Cricket

КОҢУЗДАР – **COLEOPTERA – ЖЕСТКОКРЫЛЫЕ (ЖУКИ) – BEETLES**

Күлүк коңуздар – **Cicindelidae – Жуки-скакуны – Tiger Beetles**

**4.** Галатея күлүгү – *Cephalota galatea* – Скакун Галатея – Galatea Tiger Beetle

Дуулдактар - **Carabidae - Жужелицы -Carab Beetles**

5. Фергана бүркөкчү – *Carabus ferghanicus* – Брызгун ферганский – Fergana Ground Beetle

6. Кара алп бүркөкчү – *Carabus validus* – Брызгун могучий – Vigorous Ground Beetle

Мүрутчандар – **Cerambycidae – Жуки-дровосеки, или Усачи – Longicorn Beetles**

**7.** Чичерин мурутчаны – *Prionus tschitscherini* – Усач Чичерина – Tschitscherin's Root Borer

8. Кыргызобия мурутчаны – *Kirgisobia bohnei* – Усач Киргизобия – Kirghizobia Longicorn Beetle

КӨПӨЛӨКТӨР – **ЧЕШУЕКРЫЛЫЕ, ИЛИ БАБОЧКИ– MOTHS AND BUTTERFLIES**

Ак көпөлөктөр – **Pieridae – Белянки – Pierids, Whites**

**9.** Христоф сары көпөлөгү – *Colias christophi* – Желтушка Христофа – Christoph's Clouded Yellow

Калдыркандар – **Papilionidae – Кавалеры, или Парусники – Swallowtails**

**10.** Локсиас калдырканы – *Parnassius loxias* ssp. *tashkorensis* – Аполлон Локсиас, подвид ташкорооский – Loxias Apollo Butterfly

**11.** Мерцбахер (кадимки) калдырканы – *Parnassius apollo* ssp. *merzbacheri* – Аполлон обыкновенный, подвид Мерцбахера – Merzbacher's Apollo Butterfly

12. Кичи махаон – *Papilio alexanor* ssp. *voldemar* – Алексанор, подвид Вольдемар – Voldemar Southern Swallowtail

КОШ КАНАТТУУЛАР **(ЧИРКЕЙЛЕР ЖАНА ЧЫМЫНДАР) – DIPTERA – ДВУКРЫЛЫЕ (КОМАРЫ И МУХИ) – DIPTERANS**

Шер чымындар – **Asilidae – Ктыри – Robber-flies**

**13.** Дөө шер чымыны – *Satanas gigas* – Ктырь гигантский – Eversmann's Giant Robber-fly

ЖАРГАК КАНАТТУУЛАР – **HYMENOPTERA – ПЕРЕПОНЧАТОКРЫЛЫЕ – HYMENOPTERANS**

Мүйүз куйруктуулар – **Siricidae – Рогохвосты – Horntails**

14. Арчачыл мүйүз куйрук – *Urocerus sah* – Рогохвост арчёвый – Juniper Horntail

Тармак муруттуу таарыгычтар – **Megalodontidae – Пилильщики-мегалодонтиды – Lamellicorn Saw-flies**

15. Кузнецов бутак муруттуу таарыгычы – *Megalodontes kuznetzovi* – Мегалодонт Кузнецова – Kuznetzov's Lamellicorn Saw-fly

Сапигида сары аарылар – **Sapygidae – Осы-сапиги – Sapygid Wasps**

**16.** Полохрум сары аарысы – *Polochrum pamirepandum* – Оса Полохрум азиатская – Asiatic Polochrum Sapygid Wasp

Гүлчү сары аарылар – **Masaridae – Цветочные осы – Masarid Wasps**

**17.** Мазарис сары аарысы – *Masaris longicornis* – Оса Мазарис длинноусая – Kuznetzov's Longicorn Wasp

Кумурскалар – **Formicidae – Муравьи – Ants**

**18.** Кара курсактуу кул ээлөөчү кумурска – *Rossomyrmex proformicarum* – Амазонка-Россомирмекс – Russian Rossomyrmex

# Кириш сөз

Жунгар-Тяньшань жана Афган-Түркстан биогеографиялык провинцияларынын чектелишинде, Евразия континентинин тереңинен орун алган Кыргызстандын өзгөчө географиялык абалы жана анын рельефинин бириндеп бөлүнүшү-муунак буттуулар-фаунасынын биологиялык түрдүүлүгүнүн уникалдуулугун айкындап турат. Кээбир аныктоолор боюнча Кыргызстандын артроподофаунасы 30 миң деп эсептелет. Бирок ал жетишерлик изилдене элек, Республиканын ар кайсы аймактарында жыл сайын муунак буттуулардын жаңы түрлөрү табылат, кайбирлери илим үчүн жаңы, экинчилери бөлөк өлкөлөрдөн адамдар аркылуу келген, үчүнчүлөрү аныктала элек белгисиз түр бойдон калат. Мындан 10 жылча мурда жүргүзүлгөн эсептөөлөргө караганда, Республиканын фаунасында 418 жөргөмүштүн түрү [10] жана так аныкталган курт-кумурскалардын 9032 түрү [12] белгилүү (бул ар кандай тирүү организмдердин бардык группаларынын түрлөрүнүн санына караганда эки эсе көп.) Кыргызстандын аларга салыштырмалуу татаал климаттык жайгашуусуна карабастан муунак буттуулар түрлөрүнүн тыгыздыгы дүйнөлүк орточо көрсөткүчтөн үч эсе жогору.

Биохимиялык жана ландшафттык түрдүүлүк ар бир өлкөнүн улуттук байлыктарынын бири, алардын ичиндеги артроподофаунасы да жетишерлик маанилүү орунда турат. Акыркы он жылда жер жүзүнүн жаратылышынын түрдүүлүгү бир топ азаюуга дуушар болууда, мындай терс кубулуш муунак буттуулар фаунасы биринчи иретте курт-кумурскаларга да тийбей койгон жок. Республиканын жаратылышынын биологиялык түрдүүлүгүнүн азаюу, жоголуу темпи жалпысынан алганда салыштырмалуу төмөн, бирок бул процесс өлкөнүн аймактары боюнча ар түрдүүчө өтүүдө.

Эларалык аренада курт-кумурскаларды коргоо маселеси биринчи жолу 1955-жылы курт-кумурскалар жана өсүмдүктөр менен биологиялык күрөшүү боюнча Эларалык комитет тарабынан коюлган [46].

Курт-кумурскалар фаунасын коргоо маселелери тоо энтомофаунасынын гана проблемаларын талкуулоодон башталганы кокусунан эмес (тоо ландшафттарын коргоо боюнча 1968-жылы Ереванда өткөн Бүткүл союздук конференцияда) 1976-жылы жаратылышты коргоонун Эларалык союзунун тоо комитетинин курт-кумурскаларды коргоо секцияларынын биринчи уюштуруу кеңешмеси өткөн (кеңешме эки жылда бир өтүп турат). Окумуштуулар жана жаратылышты коргоо мекемелеринин кызматкерлери үчүн тоо энтомофаунасынын түрлөрүнүн байлыгы жана бир жерге топтолушу менен катар эле коркунучта тургандыгы талашсыз болуп, жоголуп бара жаткан түрлөрдү сактап калуу максатында аларды Кызыл китептин ар кандай даражасына киргизүү эсептелет [64, 84], анткени өлкөнүн Кызыл китеби үзгүлтүксүз иш жүргүзүү үчүн Жаратылышты коргоо мыйзамына таянган (улуттук жана эларалык) официалдуу документ болуп эсептелет, ошондой эле корголуучу объектилер боюнча маалымат берүүчү китеп катары кызмат кылат.

Кыргыз ССРнин Кызыл китебине кирүүчү курт-кумурскалардын 5 түрүнүн биринчи тизмеси камтылган [61]. 1984-жылы курт-кумурскалардын 202 түрүн камтыган СССРдин Кызыл китеби жарык көргөн жана Республиканын территориясында жолугуучу түрлөрү да бар. Ушуга байланыштуу жылдын аягында тиешелүү буйрук чыгып [60], сейрек кездешүүчү жана жоголуп кетүү коркунучунда турган курт-кумурскалардын тизмесине дагы кошумча 14 түрү киргизилген. 1985-жылдын башында жарык көргөн Кызыл китепке [20] болгону алгачкы тизмеси (5 түрү) гана кирген.

Кийинкиси он жылдыкта адистер кээбир муунак буттуу курт-кумурскаларды өзүнчө экосистеманын чегинде [46,5,1 ж.б.] коргоо мүмкүнчүлүктөрү жөнүндөгү тыянакка келишти. Биринчи иретте жаратылышты коргоо тажрыйбасында Кызыл китепке киргизилген курт-кумурскалардын жана башка омурткасыз жаныбарлардын түрлөрүнө абдан чоң көңүл бөлүнгөн. Муунак буттуу жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн, орнитофауна жана ири жаныбарлардын жашоо абалдары корукчулардын илимий иштеринин көңүл борборунда болду.

Көп сандагы сейрек кездешүүчү, эндемикалык жоголуп бара жаткан курт-кумурскалардын түрлөрүн натыйжалуу жана комплекстүү коргоо максатында Кыргызстанда жер бөлүнүү сунуш кылынган [68].

Энтомофаунаны коргоодо топтолгон тажрыйбанын, ошондой эле алардын жаңы түрлөрүнүн Кызыл китепке киргизилген тизмесин кайрадан карап чыгуу жана түзөтүү зарылчылыгы келип чыккан.

Биринчи анализдөө [1,47,48 ж.б.] тизмелердин жетишсиздигин айкын көргөздү. Күмөндүү статус алып жүрүүчү түрлөрдүн тизмеге киргизүү, сейрек кездешүүчү жана жоголуп кетүү коркунучунда турган муунак жаныбарларды тизмеге киргизүүдө так, айкын принциптердин жоктугунда. «Фаунанын коздугу» деген атты алып жүрүүчү омурткасыз жаныбарлардын белгилүү бир көпчүлүк өкүлдөрү эстетикалык баалуулукка ээ жана коммерциялык коллекциялардын нерсеси болуп саналат.

Акыркы жылдары жаратылышты коргоо органдарынын жасалма кызыгуусу гана пайда болгон. Так жана даана аныктоо керек, анткени ошол омурткасыз жаныбарларды чогултуучу коллекциячы-сүйүүчүлөрдүн жана билим алуу, илимий, медициналык максаттарга көпөлөктөрдү, доңуздарды жана көптөгөн омурткасыз жаныбарларды кармоосу, алардын жаратылыштагы түрлөрүнүн өсүшүнө таасир этпейт. Мисалы үчүн, бүткүл курт-кумурскалардын көбөйүшү жана алардын жашоосунун аздыгы, жаратылыштагы өйдө-ылдыйлык, көп сандагы канаттууларга, кескелдириктерге жана башка жаныбарларга жем болушу мүнөздөлөт. Сейрек кездешүүчү омурткасыз жаныбарлардын өсүшүнө алардын жашоо жериндеги экосистеманын бузулушу жана зыянкечтерге каршы жүргүзүлгөн кеңири масштабдагы химиялык тазалоо иштери алар үчүн чоң куркунуч гана пайда кылат.

Мындан ары да ред-листинг жана омурткасыз жаныбарлардын түрүн коргоо жөнүндөгү талкуунун багыты белгиленген, ошондой эле SSC/IUCN сунушу боюнча бир түргө келтирилген жаныбарлар түрлөрүн Кызыл китепке киргизүү каралган [16,75]. Ошону менен катар эле омурткасыз жаныбарлардын түрүн тандап алуунун жалпы критерийлери жана алгоритмикалык ачкычы талкууланды жана сунушталды [73, 29], кайрадан экологиялык жана таксономиялык группадагы түрлөрүнө кайрадан көңүл бурулган [23, 66]. Кыргызстандын Кызыл китебинин биринчи жарык көрүшүндө эле категориялар такыр эле аныкталган эмес [20], түрлөрдүн ар бир бешинчисине «сан жагынан кыскартылып бара жаткан сейрек түрү» деген статус берилген жана «сан жагынан кыскаруу уланып жатат» же «сан жагынан кыскаруу тенденциясы жүрүп жатат» деген субъективдүү мүнөздөмөсү бар [11].

Акыркы он жылдыкта регионалдык Кызыл китепке киргизилген жаныбарлардын майдалануу жана көбөйүү тенденциясы, ошондой эле муунак курт-кумурскалар үчүн дагы практикалык көзкараштан караганда эч негизсиз болуп эсептелет (статусту бөлүштүрүүдө жасалма кыйынчылыктарды туудурат), көп сандагы жаныбарлардын түрлөрүн коргоону эффективдүү уюштуруу эч негизсиз.

Биздин өлкөбүзгө ылайык, Республиканын чет жакасында адамдардын чарбачылык иштеринин натыйжасында кээбир биоценоздор бузулган, ошонун натыйжасында омурткасыз жаныбарлардын түрлөрүнүн жоголушу шексиз (акыркы жылдардагы экономикалык жер реформасы, азыркы абалдарды жана тенденцияны көңүлгө алганда). Бирок, жаратылышта бул жаныбарлардын түрлөрү такыр эле жоголуп кетет дегенге болбойт. Теориялык жактан кээбир омурткасыз жаныбарлардын түрлөрү кайрадан ошол жерге жайгашышы мүкүн. Тилекке каршы, Кыргызстандын энтомофаунасында да мындай түрлөрү бар жана алар SSC/IUCN категориясынын системасында ылайык EX категориясына кошуу керек, атап айтканда RE категориясына [“Regionally Extinct” – “аймактагыжоголупкетүү”]. Мисалы, Psammodius noctu rnes Reiffer жана Masaris Carli Schulthess. Алардын ичинен биринчиси болуп-тилке-тилке муруттуу доңуз - псалемоколимбет – Чүй өрөөнүндө участокторду кум менен ирригациялоодо жана аэропорт курулушунун натыйжасында таптакыр жоголуп кеткен доңуз. Моюнкум чөлүндө бул жаныбарды табигый түрдө калыбына келтирүү мүмкүн эмес жана аны Кызыл китепке киргизүү маанисиз. Экинчи түрү – гул аарысы, «визиттик карточка» байыркы чыгыш – теской аймагында, Ысыккөлдүн жээгинде жашаган (Чолпоната шаарынын чет-жакасы) жана бир топ жылдардан кийин да изилдөөлөрдө кездешкен жок. Алардын жашоо жерлери

абдан күчтүү антропогендик деградацияга (төмөндөөгө дуушар болгон, чынында өлүп жоголгон, калган кээбир түрлөрү Кыргызстандан тышкары жерлерде жашайт.

Республиканын шарттарында бул эки түрүн жасалма жол менен кайра калыбына келтирүү мүмкүн эмес. ЕХ («жоголуп кетүүчү») категориядагы майда өлчөмдөгү, жашыруун жашоочу, жаратылышта сейрек кездешүүчү муунак буттуулардын түрүн көп нерселерге кошууга болбойт. DD категориясы («жетишсиз малыматтар») ушул сейрек түрлөрдүн эң эле көптүгүнүн себебинен чыгарылып калган, мисалы «табигый сейрек» курт-кумурскалардын таксондору азыркы убакытта сан жагынан такталган эмес. Аймактык ред-листинг практикасында монотиптик жана реликттик тукумдардын жана түркүмдөрдүн Кызыл китепке киргизүү генофондду сактап калуу үчүн чоң мааниси бар.

Тескерисинче, Кызыл китептен мурдараак жарык көргөн басылмада аныкталгандай «сейрек түр, жаратылыштын кооздугу» алардын ареалынын жана санынын кыскарышы эч кандай байланышта эмес. Кыргыз Республикасы аянты жагынан анча чон эмес өлкө болгондуктан, омурткасыз жаныбарлардын түрлөрүн гана Кызыл китепке киргизүү ылайыктуу.

Орто Азиянын муунак буттуу жаныбарларынын жоголуп кетүү конкунучунда тургандыгын практика жүзүндө далилденди, анткени CR («кыйын абалды тургандар») жана EN («коркунуч абалында тургандар») бири-биринен бир аз диапазондо гана айырмаланышат, калган категориядагы NT «коркунучка жакын абалда болгондор») жана LC (анча чоң эмес коркунучта болгондор») (LR, төмөндөтүлгөн коркунучтагылар») бири-бирине окшоштор. Кыргызстандагы коргоого муктаж болгон омурткасыз жаныбарлардын түрлөрүн VU («начарыраак») [66] категориясына киргизүү керек деген ойлор айтылды.

ENC («Коркунучтуу абалда турат») анча чоң эмес диапазондук баалосунда бир аз гана айырмачылыктарга ээ, ал эми NTнин («коркунучтуу абалга жакын акыбалда») эки категориясы LC («анча деле коркунуч туудурбаган») жана LR («төмөнкү коркунучтун» алгачкы версиясы») – дээрлик окшош. Ошондой эле Кыргызстандын аймагындагы омурткасыз жаныбарлардын баардык түрлөрүн VU («Алсыздар») категориясына өткөрүш керек деген ойлор айтылды.

Коргоого муктаж болгон муунак буттуулардын жаңы тизмесин түзүү узак убакытты жана чоң жумушту талап кылат. 2002-жылы Бишкекте өткөн Глобалдуу тоо саммитинде (биринчи тегерек столдун иши боюнча) Кыргызстанда Кызыл китептин жаңы жыйнагын бастырып чыгаруу маселеси көтөрүлдү [15]. Ушул эле жылы азайып жана жоголуп бара жаткан түрлөрдү [66] категорияларын, сапаттарын, принциптерин аныктай турган атайын обзор чыгарылды (Кыргызстандагы энтомологдордун коомунун басмасынан) жана Кыргызстандын Кызыл китебине кирген курт-кумурскалардын 12 түрүнүн статусун, санын аныктай турган жаңы обзор чыкты [12]. Жаңы тизмени түзүүгө [123, 70] жана дискуссияга Кыргыз Республикасынын жана Европанын белгилүү токсономисттери, табиятты коргоонун бардык кызматкерлери катышышты. 2004-жылы Кыргыз Республикасынын токой-чарба кызматынын колдоосунда бир нече энтомологдордун маанилүү экспедициясы уюштурулган [44, 45, 70]. Бул экспедициянын максаты 100дөн ашык курт-кумурскаларды түрлөрдү аныктай турган тийиштүү маалыматтарды тактоо эле. Бул тизмеге Кыргызстандын Кызыл китебине кирген баардык түрлөр (19 ССРдин Кызыл китебине кирген (33 түр [26], IUCIVRLTS (10 түр: [76]), коңшу өлкөлөрдүн Кызыл китебине [23 жб.] жазылгандарды жаңы китепке кайрадан кийирүү жана бир нече…

Албетте бир эле сезондо курт-кумурскалардын бул түрлөрүн издеп табуу, алардын көбөйүшүн башкача айтканда популяциясын изилдөө мүмкүн эмес эле, ошентсе да алардын кээбир түрлөрүнүн жашаган жери жана популяциясы аныкталды [44, 45, 70]. Акырында, Кыргызстандын аймагындагы аз сандын жана жоголуп бара жаткан флора менен фаунаны 2005-жылы 27-ноябрда Кызыл китепке киргизүү иши колго алынды. Чогулуштун жыйынтыктоочу резолюциясында төмөнкү сунуштар айтылды: биринчиден, муунак буттууларды Кызыл китептин объектиси катары анын өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана SSC/IUC N175 сунуштарын эске алуу, экинчиден, жаңы жыйнакка 17 токсон кумурскаларын кошуу керек (алардын ичинен 2 түрү I категорияга, 12 – II категорияга, 4 – III категорияга кирет)

жана жөргөмүш сымалдардын 1 түрүн (II категория); үчүнчүдөн мурда Кызыл китепке кирген 15 түрүн, IUCIVRLI5 (4) тобуна кирген 3 түрдөн башкасын алып салуу.

Жарым жылдан кийин өкмөттүн токтому менен [59] муунак буттуулардын жаңы тизмеси Кызыл китептин экинчи чыгарылышына кийирүү иши бекитилди. Курт-кумурскалардын айрым түрлөрү же түрчөсү Кызыл китепке киргизилишине же тескерисинче, кээбирөөлөрүнүн чыгарылышы алардын популяциянын саны азайышы, табигый экосистемага тийгизген таасирине жөрөлгө болду. Алар экологиянын таза сакталышына, өсүмдүктөрдү чыңдаштырууга жардамы чоң, ошондуктан илимий мааниге ээ. Жоголуу коркунучунда турган муунак буттуулардын категориялары SSC/IUCIV [75, 16] сунуштарынын негизинде түзүлдү, бирок, үч гана категорияга бөлүндү:

I категория: «Жок болуу коркунучунда турган» (EN: «Endangered») – бул түрлөрү, алардын Кыргызстандагы популяцияларынын түздөн-түз жоголуп кетүү коркунучунун алдында туруп, ареалында сан өлчөмү өтө чектелип, саны боюнча маалыматтар интенсивдуу деструкциянын жана табыгый жашоо чөйрөсүнүн ареалын чегинде деградацияга учурап, аларга атайын чара көрбөсө сактап калуу мүмкүн эмес.

II категория: «Алсыздар» (VU: «Vulnerable») – биринчи кезекте реликт жана куушлокалдуу эндемдер түрлөр (бир түргө кирүүчү түркүмдөр) арасынан таандык. Алардын көбөйүү жөндөмдүүлүгү жана экологиялык ийкемдүүлүгү начар келип, анча чоң эмес жана улам тарып бара жаткан территорияда, ландшафттарда учурашат. Жакынкы арада антропогендик таасирдин кесепетинен алардын жашоо чөйрөсү деградацияга учурап, бул токсондордун таптакыр жок болуп кетүү коркунучу айкын көрүнүп турат.

III категория «Коркунучу бар же тобокел тобу» (LR–nt: «Lower Risk – Near Treatened») – санынын абалы жана ареалы контролго (текшерүүгө) муктаж болгон (популяциясын иликтөөгө) түрлөр (бир түргө кирүүчү түркүмдөр), бирок азыркы учурда туруктаган жеринде антропогендик таасирдин натыйжасында кескин кыскаруу коркунучу жок, ошондой эле мурда коркунучтун жогорку категориясына киргизилгендер (мисалы, [26]), алардын санынын жана негизги ареалынын туруктуулугу боюнча сандык көрсөткүчү аныкталып, такталган эмес.

Түрлөргө (түрчөлөргө) киргизүүдө коркунучтун жогорку категориясынын экөөсүндө SSC/IUCN сунуш кылган сандардын сандык критерийи толук түрдө колдонулган. Жоголуп кетүү коркунучунун даражасын баалонун тиешелүү кеңири диапазону болгон учурда SSC/IUCN сунуш кылган эскертүү принциби колдонулган: анын жашоо образына тиешелүү маалыматтын аз санда болгон гана учурда да эң жогорку категорияга таксонду киргизүү. Бир катар учурларда адекваттуу жана маалыматтуулук методу көп жылдык мезгилде жайгашкан жерлерин катарга түшүрүү колдонулган.

Ошентип, азыркы учурга чейин Кыргызстандын Кызыл китебине [60] сойлоп жүрүүчүлөргө курт-кумурскалар классынын 19 гана түрү киргизилген, азыр ага жөргөмүштөрдүн 1 түрү жана курт-кумурскалардын 17 түрү киргизилген. Курт-кумурскалардын бул түрлөрү С отряддын 13 бүлөсүнө кирген 15 түркүмдүн өкүлдөрү болуп саналат, ошентсе да биринчи басылыштагы салыштырмалуу алардын сапаттык курамы бир кыйла өзгөртүлгөн (биринчи басылмага киргизилген түрлөрдүн ичинен) экинчи басылышта төртөө калган. Биринчи тиркемеде Кыргызстандын Кызыл китебинин чыгарылган курт-кумурскалардын тизмеси, ар биринин (чыгарылгандыгынын) кыскача негизделиши менен берилген. IUCN RLTS га киргизилген, бирок Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилбеген түрлөрдүн аннотацияланган тизмеси 2-тиркемеде берилген.

Республиканын административдик областтары жана экосистемалардын негизги типтери боюнча муунбуттуулар түрлөрүнүн саны Кыргызстандын Кызыл китебинин бул басылышында төмөнкүдөй жайгаштырылган:

| Область | Экосистемалардын негизги тибиндеги түрлөрдүн саны | | | | | Бардык түрлөр |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Чөлдөр жана жарым чөлдөр | Талаалар | Токойлор жана бадалдар | Шалбалар жана бийик тоолуу аймактар | Суу жегиндеги экосистемалар | |
| Баткен | 1 | 2 | 2 | 1 | 1 | 5 |
| Джалалабат | 3 | 5 | 6 | - | 1 | 9 |
| Ысыккөл | 2 | 4 | 2 | 2 | - | 4 |
| Нарын | 1 | 1 | - | 1 | - | 2 |
| Ош | 2 | 2 | 2 | 1 | 2 | 5 |
| Талас | 1 | 3 | 4 | - | 1 | 6 |
| Чүй | - | 3 | 1 | - | - | 4 |
| Жалпы республика боюнча | 6 | 10 | 10 | 4 | 2 | 18 |

III экспедицияда эскертилген жана Кеңешмеде талкууланган изилдөө объектисиндеги түрлөрдүн абалы азыркы күндө бөтөнчө көңүл бөлүүгө муктаж. Булар азыркы Кызыл китепке кирбей калган (себеби: жеткиликтүү изилденип - үйрөнүлбөгөн, бааланбаган, географиялык жактан маргиналдуу, көчүп жүрүүчү – иммиграциялык түрлөр жана EX, EW, RE категорияларына киргендерден). Булардын тизмеси 3-тиркемеде берилди. Алардын бир бөлүгү – республикалык Кызыл китептин кийинки чыгарылышындагы тизмеге түшүүчү кандидаттар. Аталгандар боюнча сандык критерий жактан формалдуу ылайыктоолордун фактыларын толуктоо, тийиштүү категорияларга киргизүү, коргоо эрежелерин тактоо талап кылынат. Калгандары, бүтүндөй мамлекеттик аймактын масштабында эмес, Улуттук табият парктарында, биосфералык резерваттарда, административдик райондордо ж.б. өзүнчө кичи аймактарда коргоого алынууга тийиш. Ред-листингдин дүйнөлүк тажрыйбасы көрсөткөндөй, артроподофауна боюнча изилдөөлөрдүн кеңейиши жана жаратылышка болгон таасирдин күчөшү улам жаңы чыгарылышта коргоого алынган түрлөрдүн курамынын өзгөрүшүнө жана алардын аймактык тизмесиндеги санынын көбөйүшүнө алып келет. Алсак, Россия Федерациясынын Кызыл китебинин биринчи чыгарылышына (1995) 34 түрдөгү муунак буттуу, ал эми экинчи чыгарышта – 98 түрү [24], Украинанын Кызыл китебине (1996) – 32 түрү [22] , Өзбекстандын Кызыл китебине (2003) – муунак буттуулардын 62 түрү кирген. Кыргызстан боюнча жоголууга дуушар болуусу таксондорго 50 түрдөгү чымын-чиркей; курт-кумурскалар кирет деген ойлор айтылган [11]. Кыргызстан боюнча коргоого муктаж болгон муунак буттуулар түрлөрүнүн саны дагы көбөйөт деп бол болжолдоого болот. Бул көрүнүш популяциянын санынын көбөйүү жагдайынан алганда дагы сакталат. Буга чейинки кардиналдуу өзгөрүүлөрдү эске алганда төмөндө берилген тизменин санат жагынан өзгөрүүсү анчалык байкалбайт дешке болот.

**Д.А. Милько**

## Вводный очерк

Особое географическое положение Кыргызстана в глубине Евразиатского континента, на стыке Афгано-Туркестанской и Джунгаро-Тянь-Шанской биогеографических провинций, а также расчленённый рельеф, определяют уникальное биологическое разнообразие фауны членистоногих. По некоторым оценкам, артроподофауна Кыргызстана насчитывает 30 тысяч видов. Она ещё недостаточно хорошо изучена, и в разных районах Республики ежегодно обнаруживаются новые и новые представители членистоногих, одни из которых оказываются новыми для науки видами, другие – попавшими из других стран вместе с человеком, а видовая принадлежность третьих остается невыясненной... Проведённые около десяти лет назад подсчёты показали, что в фауне республики известно 418 видов пауков (из 199 родов 39 семейств) [10] и 9032 точно определённых вида насекомых [12] (это в два раза больше, чем общее число видов всех остальных групп живых организмов). Концентрация видов членистоногих, несмотря на то что Кыргызстан расположен в зоне со сравнительно суровым для них климатом, в три раза выше среднемирового показателя. Более четверти видов членистоногих республики являются эндемиками, т. е. нигде в мире больше не встречаются.

Биологическое и ландшафтное разнообразие – одно из национальных богатств любой страны, и артроподофауне в нём принадлежит, если не пропорциональное количеству видов, то достаточно важное значение. Однако за последние десятилетия природное разнообразие планеты подверглось значительному истощению, и фауну членистоногих, в первую очередь насекомых, также затронуло это отрицательное явление. Темпы утраты природного биоразнообразия на территории Кыргызстана в целом ещё сравнительно низкие, но этот процесс проходит по районам республики с различной интенсивностью.

На международной арене вопрос об охране насекомых впервые был поставлен Международным комитетом по биологической борьбе с насекомыми и растениями в 1955 году [46]. Не случайно обсуждение вопросов сохранения фауны насекомых началось с анализа проблем именно горной энтомофауны (в 1968 году в Ереване на Всесоюзной конференции по охране горных ландшафтов). В апреле 1972 года состоялось первое организационное совещание Секции охраны насекомых горного комитета Международного Союза охраны природы (совещания этой секции проходят раз в два года). Для учёных и сотрудников природоохранных ведомств стало очевидным, что горная энтомофауна характеризуется, наряду с богатством и концентрацией видов, повышенной уязвимостью. Целям сохранения исчезающих видов служит включение их в красные книги различных рангов [64, 84], так как красные книги являются официальными документами (национальными или международными) перманентного действия, опирающимися на природоохранные законодательства, и служат справочниками по охраняемым объектам.

Первый список насекомых, подлежащих включению в «Красную книгу Киргизской ССР» [61], содержал пять видов. В 1984 году была опубликована Красная книга СССР, включающая 202 вида насекомых, в том числе и встречающиеся на территории Республики виды. В связи с этим в конце того же года было принято соответствующее Постановление [60], согласно которому в список редких и находящихся под угрозой исчезновения были дополнительно включены 14 видов насекомых. Однако в опубликованное в начале 1985 года первое издание Красной книги [20] вошёл только первоначальный список (пять видов).

**Чектөөчү факторлор.** Негизинен талаа массивдерин айдоо менен ошондой эле мал жаюуну көбөйтүүнүн натыйжасында табигый жердеген жерлери жоголуп, түрдүн ареалы жана саны кыскарууда. Инсектициддерди пайдалануунун да таасири бар.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Жүргүзүлгөн эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Айман чегирткеси 1985-жылы республиканын Кызыл китебине киргизилген [60], бирок бул түрдү реалдуу коргоо боюнча эч кандай чаралар ишке ашырылган эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Бул түр жашаган жерлерде бадалдарды кыркууга, мал жаюуга, чөп чабууга жана инсектициддерди колдонууга тыюу салуу менен тезинен майда коруктарды түзүү абзел. Аймандын табигый сейректигин эске алып, анын азыркы таралышын тактоо зарыл.

# Дыбка степная

**_Saga pedo_ (Pallas, 1771)**

**Статус:** *II категория (VU A1c; B2ab(iii,iv); D1+2).* Сокращающийся в численности реликтовый степной вид; внесён в Красную книгу СССР в 1984 году (категория II) [26], в IUCN RLTS (категория VU B1+2bd по оценке, проведённой в 1996 году) [76] и в Красную книгу Республики Узбекистан (категория EN D) [23]. Единственный из 12 видов рода, выходящий за пределы средиземноморского региона.

**Краткое описание внешнего вида взрослой стадии.** Самый крупный вид прямокрылых в республике, длина тела (без яйцеклада) 53–80 мм. Тело сильно вытянутое, стройное, зелёного или желтоватого цвета, с двумя светлыми полосками, проходящими по нижнему краю переднеспинки и по бокам всех брюшных сегментов. Лоб сильно скошенный. Передние и средние бёдра со многими сильными шипами; задние бёдра длинные, тонкие, не прыгательные. Яйцеклад в 3 раза длиннее переднеспинки. Крыльев у этих насекомых нет, лишь иногда сохраняются небольшие их зачатки.

**Распространение общее и в стране.** Южная Европа (включая Пиренейский, Аппенинский, Балканский (без Греции) и Крымский полуострова), Восточное Закавказье, Казахстан, республики Средней Азии, Алтай, юг Западной Сибири в пределах степной и лесостепной зон [26, 46, 21]. В Кыргызстане: ущ. Узун-Ахмат, северный склон Киргизского хр. и Чуйская долина (ущ. Арчалы, ущ. Талдыбулак, с. Сосновка) [42, 45].

**Места обитания.** Дыбка обитает в сухих степных биотопах. В горах поднимается до пояса сухих степей, населяя хорошо прогреваемые склоны.

**Численност.** Крайне низкая, регистрируется нерегулярно [45].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Виду свойственно партеногенетическое размножение, самцы крайне редки. Генерация одногодичная, зимуют яйца в почве, в процессе развития линяют 8 раз, спустя 3–4 недели после последней линьки начинают откладывать яйца. Происходит это вечером или ночью, что характерно для данного рода. Сначала самка с помощью усиков выбирает подходящее для этого место, после чего ощупывает почву кончиком яйцеклада. Затем, вбуравливая яйцеклад в землю, откладывает в среднем 7 яиц, размещая их на различной глубине. Откладка яиц периодически продолжается до осени [47]. Личинки и имаго, подобно богомолам, являются хищниками-засадниками, активны ночью, охотятся на насекомых – прямокрылых и богомолов [23]. Часами могут сидеть неподвижно в траве или на кусте в ожидании своих жертв.

**Лимитирующие факторы.** Численность и ареал сокращаются вследствие исчезновения природных местообитаний, прежде всего распашки степных массивов, а также интенсивного выпаса скота. Имеет значение также обработка инсектицидами в определённое время.

**Разведение (содержание в неволе).** Не проводилось.

**Меры охраны существующие.** Дыбка степная занесена в Красную книгу республики в 1985 году [60], но реальная охрана этого вида не осуществляется.

**Меры охраны рекомендуемые.** В местах обитания Дыбки следует срочно создать микрозаповедники с запретом на вырубку кустарника, выпас скота, сенокошение и обработку инсектицидами. Ввиду естественной редкости Дыбки необходимо уточнить ее современное распространение.

# Matriarchal Katydid, Predatory Bush Cricket

**_Saga pedo_ (Pallas, 1771)**

**Status:** Vulnerable (VU A1c; B2ab(iii,iv); D1+2 – Category II), naturally rare widespread (from South-western Europe up to South-western Siberia) species, which is included into IUCN RLST and some regional Red Lists; populations are mosaic-distributed at lands under economic development; it is largest orthopteroid and only one representative of the family in fauna of the country; it has aesthetic value and scientific zoogeographical importance and for preservation of regional genetic fund. It is parthenogenetic species, predator at all stages, monovoltine, imagoes occur up to autumn; the species inhabit foothills and piedmonts with steppe vegetation, was registered (as single specimens) in Kyrgyzstan in four sites only. Limiting factors: development of virgin lands, ploughing-up, excessive pasture and pesticide treatments. At present it is out of any protection, though was included into Red Book of the country in 1985. To conserve the species urgent creation of micro-reservations (with prohibition of ploughing-up, pasture and haying, and averting of the fire) and study of the current distribution in Kyrgyzstan are necessary.

# Галатея күлүгү

*Cephalota galatea* (Thieme, 1881)





Коңуздар – Coleoptera – Жесткокрылые (Жуки) – Beetles
Күлүк коңуздар – Cicindelidae – Жуки-скакуны – Tiger Beetles

**Статусу:** *I категория (EN B1ab(iv)+2ab(iii,iv)).* Ареалы тар эндемикалык түр. Биотоптордун бузулушунун натыйжасында ареалы жана саны кыскарып, айрым бир жерлерге таандык анча чоң эмес бириндеген чачыранды популяциялардан турат. Түр зоогеографиялык [31] жана генофондду сактап калуу аспектилери боюнча илимий мааниге ээ, энтомофаг, эстетикалык мааниси бар, түркүмдүн Республикадагы жападан жалгыз өкүлү. Өзбекстандын Кызыл китебине киргизилген (категория VUr D2) [23].

**Түрдүн жетилген стадиясынын сырткы түзүлүшү.** Узундугу 17–20 мм күлүк-коңуздарга мүнөздүү сырткы көрүнүшкө ээ. Денеси жылтырак, көк-жашыл түстөн кочкул-көк түскө чейин. Башы чоң жана издүү, көздөрү томпок. Үстүнкү эрини чоң, ак түстө. Муруттары ичке, узундугу үстүнкү канаттарынын ортосуна дейре жетет. Алдынкы аркасы жүрөк сымал арт жагынан ичкерген. Үстүнкү канаттарынын четтери ийининен чокусуна чейин 3–4 жазы тегерек чуңкурчалуу ак тилке менен жээктелген. Денесинин ич жагы жана буттары түкчөлөр менен капталган. Денесинин үстү алдынкы арканын бурчтарында жабышкан сейрек түкчөлөр капталган жерлерин албаганда жылаңач. Жыныстык диморфизм анча байкалбайт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Фергана өрөөнүнүн батыш тарабын курчап турган Алай, Чаткал, Курама тоо кыркаларынын эндемиги (Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан) [31]. Кыргызстанда акыркы мезгилдерде Гавасай жана Сумсар өзөндөрүнүн ортосунда бирин-серин табылгандыгы белгиленген [51, 40].

**Жашаган аймактары.** Деңиз деңгээлинен 400–1100 м бийиктик алкактарындагы жапыз тоолордун, туздуу чопо топурактуу кургак, ачык биотоптуру [51, 40].

**Саны.** Ээлеген аянты жана саны боюнча анча чоң эмес анда-санда учуроочу колониялары кездешет. Колониялардын саны үзгүлтүксүз кыскарууда, кай-бирлери жоголуп да кеткен (Фергана өрөөнүнүн түштүк жагында, өткөн кылымдын 40-жылдарында [23]).

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Жетишерлик изилденген эмес. Жылына бир муун берет [23]. Коңуздардын учуусу жайдын алды менен башталат. Түрдүн фенологиясы жылдын климаттык өзгөчөлүгүнө көзкаранды болот окшойт [51]. Личинкалары белгисиз, имагосу жырткыч, майда курт-кумурскалар менен тамактанат.

**Чектөөчү факторлор.** Жерлерди өздөштүрүү (айдоо, сугаруу) жана пестициддерди пайдалануу [11]. Түрдүн колониялардагы санынын туруксуздугуна, азайышына алып келүүчү кошумча фактор катары коллекционерлердин иши эсептелиши мүмкүн. Галатея күлүгү биотоптору окшош жерлерде бөлөк күлүк коңуздар менен атаандаша албайт окшойт. Табигый душмандары жана оорулары изилденген эмес.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Колдо асыроо жүргүзүлгөн эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Азыркы убакта Кыргызстанда корголбойт.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Колониялары белгилүү болгон жерлерге жетишерлик аянтка (10–20 га) кичи коруктарды уюштуруп, ал жерлер пайдаланууга тыюу салынышы абзел. Коллекционерлерге катуу талап менен уруксат (лицензия) берүү максатка ылайык.

# Скакун Галатея

## *Cephalota galatea* (Thieme, 1881)

**Статус:** *I категория (EN B1ab(iv)+2ab(iii,iv))*. Узкоареальный эндемичный вид, ареал и численность разрозненных небольших локальных популяций которого актуально сокращаются вследствие разрушения биотопов. Таксон имеет научное значение в аспектах зоогеографии [31] и сохранения генофонда. Энтомофаг, имеет эстетическое значение; единственный представитель рода в республике. Занесён в Красную книгу Узбекистана в (категория VUr D2) [23].

**Краткое описание внешнего вида взрослой стадии.** Жук характерного для жуков-скакунов облика, длиной 17–20 мм. Окраска тела от фиолетово-синей до сине-зелёной, с заметным металлическим блеском. Голова крупная с выпуклыми глазами, бороздчатая. Верхняя губа крупная, белая. Усики нитевидные, тонкие, по длине почти достигают середины надкрылий. Переднеспинка суженная кзади, почти сердцевидная. Надкрылья по внешнему краю от плеча до вершины окаймлены белой полосой с 3–4 широко округленными выемками. Низ тела и ноги покрыты белыми волосками. Верх тела голый, кроме передних углов переднеспинки, которые покрыты редкими прилегающими волосками. Половой диморфизм выражен слабо.

**Распространение общее и в стране.** Эндемичен для предгорий Кураминского, Чаткальского и Алайского хребтов, обрамляющих западную половину Ферганской долины (Кыргызстан, Узбекистан, Таджикистан) [31]. В Кыргызстане в последнее время отмечены единичные находки в междуречье рек Гавасай и Сумсар [51, 40].

**Места обитания.** Сухие открытые биотопы на глинистых почвах в низкогорьях, с солонцеватыми участками, на высоте от 400 (в Кыргызстане – от 800) до 1100 м н. у. м. [51, 40].

**Численность.** Встречается спорадическими колониями, небольшими по численности и занимаемой площади. Число колоний непрерывно сокращается, а некоторые уже исчезли (в южной части Ферганской долины – в сороковых годах [23]).

**Образ жизни (жизненные циклы).** Недостаточно изучен. Одно поколение в году [23]. Лёт жуков отмечен в начале лета; очевидно, фенология вида является зависимой от климатических особенностей года [51]. Личинки не известны, имаго хищники, питаются некрупными насекомыми.

**Лимитирующие факторы.** Интенсивное [11] хозяйственное освоение (распашка, мелиорация) земель и обработка пестицидами. Как дополнительный фактор, дестабилизирующий численность вида в колониях, может рассматриваться вылов коллекционерами. В биотопически сходных местообитаниях Скакун Галатея, по-видимому, не выдерживает конкуренции с другими видами жуков-скакунов. Естественные враги и болезни не изучены.

**Разведение (содержание в неволе).** Не проводилось.

**Меры охраны существующие.** В Кыргызстане в настоящее время не охраняется.

**Меры охраны рекомендуемые.** В местах, где обнаружены колонии, организовать микрозаказники В местах, где обнаружены колонии, организовать микрозаказники достаточной площади (10–20 га), в которых полностью запретить землепользование. Строго лицензировать отлов коллекционерами. Необходимо исследовать экологию личинок и изучить конкурентные отношения с другими видами хищных жуков в биотопически сходных местообитаниях.

# Galatea Tiger Beetle

## *Cephalota galatea* (Thieme, 1881)

**Status:** Endangered (EN B1ab(iv)+2ab(iii,iv) – Category I), very locally distributed Fergana endemic species. It is only one representative of the genus in Kyrgyzstan, has aesthetic value and scientific zoogeographical importance and for preservation of regional genetic fund. Imagoes flying in the beginning of summer in clayey low-montane biotopes with salted plots, at 800–1,100 m above sea level, they are active predators, larvae are unknown. Populations are found in area between Sumsar and Gavasai rivers (southern slope of Chatkal Mountain Range), and also the species is known from several sites in adjacent territories of Uzbekistan and Tadjikistan. Galatea Tiger Beetle was not rare in beginning of XX$^{th}$ century but at present the number is small everywhere and strongly decreasing. Limiting factors: agricultural development of virgin lands, melioration, possibly collection by amateurs. Urgent creation of micro-reservations and study of the larval life mode and competitors are necessary for conservation of the species.

## Фергана бүркөкчү

*Carabus (Pseudotribax) ferghanicus* Breuning, 1933





Коңуздар - **Coleoptera - Жесткокрылые (Жуки) - Beetles**
Дуулдактар - **Carabidae - Жужелицы -Carab Beetles**

**Статусу:** *II категория (VU B1ab(iii)+2ab(iii)c(iii,iv); C2b).* Чарбачылык иштерди жүргүзгөн зоналарда бириндеп жашаган, кыска ареалдуу сейрек кездешүүчү түр [11], энтомофаг. Фергана системасындагы тоо кыркалары үчүн эндемикалык, байыртадан калган (реликтүү) олиготиптик түркүмчөсүнүн эки түрүнүн бири [30]. Генофондду сактоо жана зоогеография аспектилери боюнча илимий мааниге ээ.

**Түрдүн жетилген стадиясынын сырткы түзүлүшү**. Узундугу 27–33 мм келген коңуз. Башы жоонураак, үстү жука бырыштуу келип, майда чекиттүү. Алдынкы аркасынын негизинин капталдары азыраак чуңкурайган. Үстүнкү канаты алдынкы аркадан бир аз жазы, орто жери жалпак жана көптөгөн, чоң, терең, бурчтуу чуңкурлары бар узунан кеткен издер менен капталган. Анча жылтырабайт толугу менен кара, жыныстык диморфизм начар өнүккөн.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түрдүн ареалы толугу менен Кыргызстандын чегинде жайгашкан. Фергана тоо кыркаларынын түштүк-батыш бетин, түндүк бөлүгүн болжол менен Жалалабат шаарынан Карасуу көлүнө чейин камтыйт [30, 51].

**Жашаган аймактары.** Деңиз деңгээлинен 1200–2500 м бийиктик алкагындагы токой зонасындагы аскалардын алдында, эшилип түшкөн шагылдарында жана жаңгак токойлорунун, токой-шалбаа стацияларынын алкактарында кездешет. Жаңгак токойлорунан жогору алыстап кетишпейт, ошол жердеги ит мурундун калың өскөн жерлеринде кармалышат [51].

**Саны.** Өтө аз. Бир күндүк (10 км) маршруттук эсептөөлөөрдө 3–6 чейин коңуздар катталган. Ал эми кайра кайталанган эсептөөлөрдө натыйжа тескерисинче болгон [51]. Мал көп жайылган жана токой материалдарын даярдаган жерлерде таптакыр кездешпейт [40]. Популяцияда ургачыларына караганда эркектери бир аз көбүрөөк [51].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Жетишерлик изилденген эмес. Жылына бир муун бериши ыктымал. Личинкалары жана имагосу жер үстүндө, багытталбаган жырткычтар. Коңуздун имагосу майдан августка чейин кездешет.

**Чектөөчү факторлору**. Түрдүн ареалы жаңгак токой массивдерин кеңейтип өстүрүүнүн жана пестициддерди пайдалануунун натыйжасында кыскарууда. Күчөтүлгөн мал жайыттарында, көпчүлүк токой материалдары даярдалган жана санитардык кыркуулар жүргүзүлгөн жерлерде түр кездешпейт [51, 40]. Обочолонгон айрым бир жерге таандык популяциялардын бири экинчисинин таасири менен суюлушу – имбридингдин натыйжасында тукумдун бузулушуна коркунуч туудурат. Коңуздар жана алардын личинкалары курт-кумурскалар менен тамактанган омурткалуу жаныбарлардын күнүмдүк азыгы [51].

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Колдо асыроо жүргүзүлгөн эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргызстанда азыркы убакта корголбойт.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Личинкаларынын тиричилик мүнөзүн жана фенологиясын аныктоо, ошондой эле байыртадан жердеген жалгыз биотобу – жаңгак-жемиш токойлорунун антропогендик өзгөрүүгө дуушар болгон жерлеринде кайрадан өстүрүүнүн эксперименталдык мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу.

# Брызгун ферганский

## *Carabus (Pseudotribax) ferghanicus* Breuning, 1933

**Статус:** *II категория (VU B1ab(iii)+2ab(iii)c(iii,iv); C2b)*. Узкоареальный редкий вид, спорадично обитающий в зоне хозяйственной деятельности [11], энтомофаг. Один из двух видов реликтового олиготипического подрода, эндемичного для системы Ферганского хр. [30], имеет научное значение в аспектах зоогеографии и сохранения генофонда.

**Краткое описание внешнего вида взрослой стадии.** Жук длиной 27–33 мм. Голова утолщённая, сверху тонкоморщинистая и мелкоточечная. Переднеспинка со слабыми выемками по бокам у основания. Надкрылья немного шире переднеспинки, посредине плоские, покрыты продольными рядами многочисленных крупных глубоких угловатых ямок. Полностью чёрный, слабоблестящий. Половой диморфизм выражен слабо.

**Распространение общее и в стране.** Ареал вида полностью расположен в пределах Кыргызстана и охватывает юго-западный макросклон северной части Ферганского хр., приблизительно от г. Жалалабата до оз. Карасу [30,51].

**Места обитания.** Лесо-луговые стации в поясе орехово-плодовых лесов, по опушкам, под скалами и в каменистых осыпях в зоне леса, в высотном диапазоне от 1200 до 2500 м н. у. м. Выше орехово-плодовых лесов далеко не поднимаются и держатся здесь в зарослях шиповника [51].

**Численность.** Очень низкая. При маршрутных учетах попадались от 3 до 6 экз. жуков на 10 км в день, а при повторном посещении этих же мест результаты были отрицательными [51]; на участках, где происходят интенсивный выпас скота или лесозаготовки, не встречается совсем [40]. Самцов в популяциях немного больше, чем самок [51].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Недостаточно изучен. Вероятно, одно поколение в году. Личинки и имаго – наземные неспециализированные хищники. Имаго жуков встречаются с мая по август.

**Лимитирующие факторы.** Ареал вида сокращается вследствие окультуривания массивов ореховых лесов, а также обработки пестицидами. В местах с интенсивным выпасом скота, на участках массовых лесозаготовок и санитарных рубок вид не встречается [51, 40]. Изолированным локальным популяциям при их разреживании угрожает вырождение вследствие имбридинга. Жуки и личинки являются обычной добычей насекомоядных позвоночных [51].

**Разведение (содержание в неволе).** Не проводилось.

**Меры охраны существующие.** В Кыргызстане в настоящее время не охраняется.

**Меры охраны рекомендуемые.** Сохранять массивы орехово-плодовых лесов, по возможности, в первозданном виде, сокращая до минимума лесозаготовительную и животноводческую нагрузку. Целесообразно выяснить фенологию и образ жизни личинок, а также экспериментально рассмотреть возможности реинтродуктивного обитания в ремизах на территориях, где естественный биотоп орехово-плодового леса претерпел антропогенные изменения.

# Fergana Ground Beetle

## *Carabus (Pseudotribax) ferghanicus* Breuning, 1933

**Status:** Vulnerable (VU B1ab(iii)+2ab(iii)c(iii,iv); C2b – Category II), narrowly distributed endemic species. It is one of two representatives of oligotypic relic subgenus and has scientific zoogeographical importance and for preservation of regional genetic fund. Adult beetles occur in the period from May to August in zone of walnut-fruit forests or some higher, in northern part of Fergana Mountain Range, in forest-shrubbery biotopes, in stony scree and under rocks, at 1,200–2,500 m above sea level. Life cycle is poorly known. Imagoes are active predators, larvae are unknown. Isolated populations are under the great risk of extinction owing to anthropogenic disturbance because beetles were not registered in areas where pasturage or tree-cutting are conducting. Other limiting factors: treatment by pesticides and destruction by insectivores. For conservation of this species it is necessary to preserve virgin walnut-fruit forests, and to study the larval life mode and possibilities for re-introduction into disturbed habitats as well.

# Кара алп бүркөкчү

## *Carabus (Pseudotribax) validus* Kraatz, 1884





**Коңуздар** - **Coleoptera** - **Жесткокрылые (Жуки)** - **Beetles**
**Дуулдактар** - **Carabidae** - **Жужелицы** - **Carab Beetles**

**Статусу:** *II категория (VU B1b(iii)+2b(iii,iv); C2b).* Чарбачылык зоналарында бириндеп жашаган ареалы тар сейрек кездешүүчү түр [11], энтомофаг. Фергана тоо кыркалары үчүн эндемикалуу, байыркы олиготиптик түркүмчөнүн эки түрүнүн бири [30], зоогеографиялык жана генофондду сактоо аспектилери боюнча илимий мааниги ээ.

**Түрдүн жетилген стадиясынын сырткы түзүлүшү.** Денесинин узундугу 25–36 мм чоңураак келген коңуздун түрү. Башы жоонойгон, алдынкы аркасынын түбүнөн баштап капталдары боюнча билинер-билинбес чуңкурчалар жайгашкан. Үстүнкү канаттары алдынкы аркасынан бир аз чоң, ортосу чатырга окшоп бир аз көтөрүлүп турат. Үстүнкү канаттарынын бети майда чуңкурчалуу. Толугу менен кара түстө, үстү анча жылтырабайт. Жыныстык диморфизм анча өнүккөн эмес.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түрдүн ареалы толугу менен Кыргызстандын чегинде. Фергана тоо кыркаларынын ортоңку алкагынын эки жагын, ошондой эле анын түндүк-чыгыш тармагы болгон Көкиримди [37] жана Батыш Акшыйрак тоо кыркаларын (Чаарташ тоо кыркалары менен) [81] камтыйт.

**Жашаган аймактары.** Деңиз деңгээлинен 1400–2500 м бийиктикте жайгашкан токой тилкелеринин чет жакаларындагы ачык жерлерди (жаңгак-жемиш, арча, бадал биоценозду) каалашат. Төмөнкү бадалдуу зоналарда өзөн-сууларга тартылышат [51]. Жогору жакта түбү шагылдуу арча токойлоруна чейин кездешет.

**Саны.** Абдан аз. Атайылап издегенде алардын чоңдугуна, көзгө көрүнүктүүлүгүнө карабастан бир күндө 3–4 гана жетилген коңуз кезиккен. Мал көп жайылган айдоо жана чытырман бадалдар кыркылган жерлерде кездешпейт [51]. Популяцияда эркек жана ургачыларынын саны болжол менен бирдей [51].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Жетишерлик изилденген эмес. Жылына бир муун берет. Личинка жана имагосу багытталбаган жырткычтар. Имаголору май – июнь айларында кездешет. Көбүнчө кечкурун аңчылык кылышат, күн бүркөктө күндүзү да чыгышат [51].

**Чектөөчү факторлор.** Түрдүн сейректигинин себептери акырына чейин түшүнүксүз. Түрдүн ареалы токой тилкелериндеги талааларды иштеттүүнүн, пестициддери пайдалануунун натыйжасында кыскарышы ыктымал. Өзүнчө бир жерлерде обочолонгон популяцияга имбридингдин (жакындар менен аргындашуу) натыйжасында тукуму начарлоо, тукум куруу коркунучу келип чыгышы мүмкүн. Коңуздар жана алардын личинкалары менен омурткалуу жаныбарлар азыктанышат.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Колго багуу жүргүзүлгөн эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Азыркы мезгилде Кыргызстанда корголбойт.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Антропогендик оорчулуктарды азайтуу менен кичи коруктарды түзүү, жердеген жерлерин алгачкы калыбында сактоо. Түрдүн таралышын, личинкаларынын тириличилигин тактоо, ошондой эле популяцияларга мониторинг жүргүзүү зарыл.

# Брызгун могучий

## *Carabus (Pseudotribax) validus* Kraatz, 1884

**Статус:** *II категория (VU B1b(iii)+2b(iii,iv); C2b).* Узкоареальный редкий вид, спорадично обитающий в зоне хозяйственной деятельности [11], энтомофаг. Один из двух видов реликтового олиготипического подрода, эндемичного для системы Ферганского хр. [30], имеет научное значение в аспектах зоогеографии и сохранения генофонда.

**Краткое описание внешнего вида взрослой стадии.** Довольно крупный вид жужелиц, длина тела 25–36 мм. Голова утолщённая. Переднеспинка со слабыми выемками по бокам у основания. Надкрылья едва шире переднеспинки и к середине слегка приподняты крышеобразно. Поверхность надкрылий гладкая, лишь со слабыми мелкими ямками. Полностью чёрный, верх слабоблестящий. Половой диморфизм выражен слабо.

**Распространение общее и в стране.** Ареал вида полностью расположен в пределах Кыргызстана и охватывает оба макросклона в срединной части Ферганского хр., а также его северо-восточные отроги – хр. Кокерим (южные предгорья) [37] и хр. Ак-Шийрак-Западный (включая хр. Чаарташ) [81].

**Места обитания.** Предпочитают опушки и открытые поляны в поясе леса, в орехово-плодовых, арчёвых и кустарниковых биоценозах, на высотах от 1400 до 2500 м н. у. м. В нижней кустарниковой зоне тяготеют к водотокам (реки, родники, стоячие водоёмы) [51]. Вверх поднимаются до арчёвников, где встречаются в ложбинах с камнями.

**Численность.** Очень низкая. При целенаправленных поисках за день можно встретить 3–4 экз. взрослых жуков, хотя они крупные и хорошо заметные. На участках, подверженных интенсивному выпасу скота, частичной распашке или вырубке кустарниковых зарослей, не встречается [51]. Соотношение самцов и самок в популяциях примерно равное [51].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Недостаточно изучен. Вероятно, одно поколение в году. Личинки и имаго – наземные неспециализированные хищники. Имаго жуков встречаются в мае – июне; охотящиеся особи наблюдались преимущественно в вечернее время, а в пасмурную погоду и днём [51].

**Лимитирующие факторы.** Причины редкости вида до конца не ясны. Ареал вида, очевидно, сокращается вследствие окультуривания полян в поясе леса и кустарников, а также обработки пестицидами. Изолированным локальным популяциям может угрожать вырождение вследствие имбридинга. Жуки и личинки могут поедаться насекомоядными позвоночными.

**Разведение (содержание в неволе).** Не проводилось.

**Меры охраны существующие.** В Кыргызстане в настоящее время не охраняется.

**Меры охраны рекомендуемые.** Сохранение местообитаний в первозданном виде (создание микрозаказников), с сокращением до минимума антропогенных нагрузок. Необходимо уточнить границы распространения вида, образ жизни личинок и организовать мониторинг популяций.

# Vigorous Ground Beetle

## *Carabus (Pseudotribax) validus* Kraatz, 1884

**Status:** Vulnerable (VU B1b(iii)+2b(iii,iv); C2b – Category II), narrowly spread rare endemic species. It is one of two representatives of oligotypic relic subgenus of scientific zoogeographical importance and importance for preservation of regional genetic fund. The area includes Fergana (middle part), Kokerim (southern slopes), Ak-Shyirak-Western and Tchaar-Tash Mountain Ranges. Adult beetles occur in May and June in a forest and shrubbery belt, often in gullies with stones and near water reservoirs, at 1,250–2,500 m above sea level. Life cycle is poorly known; imagoes are active predators, larvae are unknown. Isolated populations are under a great risk owing to anthropogenic disturbance because beetles was not registered e. g. in areas of intensive pasturage. Other possible limiting factors: treatment by pesticides and destruction by insectivores. Preservation of virgin biotopes in habitats (creation of micro-reservations), more precise definition of an area of distribution and revealing of the larval life mode are necessary for conservation of the species.

# Чичерин мурутчаны

## *Prionus (Pogonartron) tschitscherini* (Semenov, 1889)





Коңуздар – **Coleoptera – Жесткокрылые (Жуки) – Beetles**
Мүрутчандар – **Cerambycidae – Жуки-дровосеки, или Усачи – Longicorn Beetles**

**Статусу:** *II категория (VU B2ab(iii)).* Чарбачылык зоналарында чачыранды жашаган, ареалы тар, сейрек кездешүүчү түр [11]. Республиканын фаунасында беш түрү менен белгилүү байыркы түркүмгө кирет [12], эстетикалык, зоогеографиялык жана генофондду сактоо аспектилери боюнча илимий мааниги ээ.

**Түрдүн жетилген стадиясынын сырткы түзүлүшү.** Узундугу 15,5–18,5 мм келген орточо коңуз, денеси чоң томпок, түсү ачык-күрөңдөн көмүрдөй карага чейин, билинер-билинбес күрөң темгилдүү. Көздөрү чоң, тостойгон жана жакшы өнүккөн. Алдынкы аркасынын туурасынан кеткен капталынын четтеринде майда тишчелери бар. Үстүнкү канаттары ийнинен баштап акырындык менен ичкерип, чокусуна жеткенде тегеректелген, ар бири үчтөн анча жетилбеген кабыргалар менен жабдылган. Канаттары жакшы өнүккөн, учпаганда толугу менен үстүнкү канаттардын алдында бүктөлүп жатат. Эркектеринин мурутчалары узун келип 22–24 муундуу, үстүнкү канаттарынын акыркы бөлүгүнө чейин жетет, бешинчи муундан баштап тыкыс жана узун тиштүү тарак сымал. Ургачысы белгисиз, сырткы кебетеси эркегиненен айырмаланат жана учпайт болуш керек.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түрдүн ареалы толугу менен Кыргызстандын чегинде жайгашкан. Фергана өрөөнүнүн тоо этектерин жана Кичи-Алай, Фергана, Чаткал тоо кыркаларынын жапыз тоолорун камтыйт [57, 51].

**Жашаган аймактары.** Түр бадалдуу сейрек токойлордо [57], талаа тилкелеринде [11], көбүнчө деңиз деңгээлинен 600–1100 м бийиктикте бузулган аскалардын киши тийбеген жер кыртышынын өсүмдүктүү жана таштуу калдыктар менен көтөрүлгөн жерлеринде жашайт.

**Саны.** Өтө аз. Маршруттук каттоолордо таштардын алдында, аскалардын кычыктарында өтө сейрек кездешкен коңуз.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Толук изилденген эмес. Өнүгүүсү бир жылдан ашык болушу мүмкүн. Личинкалары шыбактардын тамырлары менен азыктанышат [57]. Учуусу майдын аягынан августун аягына чейин созулат. Эркектери күндүз жерде коңулдарда жашынып жатышат, күүгүмдөн баштап саат 22–23кө чейин учушат. Ургаачыларын тиричилиги эмгиче белгисиз, балким учушпайт.

**Чектөөчү факторлор.** Түрдүн ареалынын кыскарышын себептери тоо этегиндеги жерлерди өздөштүрүү. Өсүмдүктөр менен жер кыртышынын бузулушу, жайыттарды күчөтүү жана пестициддерди пайдалануу. Личинкалары курт-кумурскалар менен тамактануучу омурткалуу жаныбарлардын азыгы.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Колго багуу жүргүзүлгөн эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Азыркы убакта Кыргызстанда корголбойт. Түрдү Өзбекстандын Кызыл китебине киргизүүгө аракет жасалган [57].

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Мүмкүнчүлүктүн болушунча жердеген жерлерин алгачкы абалында сактоо. Табылган жерлери – Ташкөмүр шаарынын жана Араван айлынын тегерегинде мал жайыттарын кыскартуу, өсүмдүктөргө басым жасоону азайтуу зарыл. Түрдүн фенологиясын жана ургачысынын тиричилик мүнөзүн аныктоо талапка ылайык.

# Усач Чичерина

## *Prionus (Pogonartron) tschitscherini* (Semenov, 1889)

**Статус:** *II категория (VU B2ab(iii))*. Узкоареальный редкий вид, спорадично обитающий в зоне хозяйственной деятельности [11]. Принадлежит к реликтовому роду, представленному в фауне республики пятью видами [12], имеет эстетическое и научное значение в аспектах зоогеографии и сохранения генофонда.

**Краткое описание внешнего вида взрослой стадии.** Жук средней величины, длиной 15,5–18,5 мм; тело коренастое, выпуклое; окраска варьирует от светло-коричневой (наиболее обычная) до смоляно-чёрной с лёгким коричневым оттенком. Глаза большие, выпуклые, хорошо развитые. Переднеспинка сильно поперечная с небольшим зубцом посередине каждого бокового края. Надкрылья от плечей постепенно сужены кзади, на вершине закругленные, на каждом – по три более или менее неполных ребра. Крылья хорошо развитые, в покое полностью сложены под надкрылья. Усики самца довольно длинные, 22–24-члениковые, достигают последней трети надкрылий, начиная с пятого членика, довольно плотно- и длинногребенчатые. Самка не известна, вероятно, не летает и внешне заметно отличается от самца.

**Распространение общее и в стране.** Ареал вида почти полностью расположен в пределах Кыргызстана, характеризуется дизъюнкциями между потенциальными местами обитания и включает окружающие Ферганскую долину предгорья и низкогорья хребтов Кичик-Алай, Ферганского и Чаткальского [57, 51].

**Места обитания.** Вид живет в зоне фисташкового редколесья [51], а также степного пояса [11], как правило, в местах с нетронутым почвенно-растительным покровом, с выходами разрушающихся скал и каменистыми останцовыми возвышенностями, на высотах от 600 до 1100 м н. у. м.

**Численность.** Низкая. В сезон лёта на свет ультрафиолетовой лампы жуки прилетают не каждую ночь. При маршрутных учётах под камнями и в расщелинах скал жуки обнаруживаются крайне редко.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Недостаточно изучен. Продолжительность развития, возможно, более года. Личинки питаются корнями многолетних полыней (*Arthemisia* spp.) [57]. Лёт растянут с конца мая до последней трети августа. Самцы в дневное время прячутся в укрытиях на земле, летают начиная с сумерек до 22–23 часов. Образ жизни самок, которые до сих пор не описаны и, вероятно, не летают, еще более скрытный.

**Лимитирующие факторы.** Ареал вида сокращается вследствие сельскохозяйственного освоения предгорий, нарушения растительного покрова (уменьшение запасов кормовых растений) из-за чрезмерного выпаса, а также обработки пестицидами. Личинки могут поедаться роющими насекомоядными позвоночными.

**Разведение (содержание в неволе).** Не проводилось.

**Меры охраны существующие.** В Кыргызстане в настоящее время не охраняется. Предпринимались попытки внести вид в Красную книгу Узбекистана [51].

**Меры охраны рекомендуемые.** Сохранение местообитаний, по возможности, в первозданном виде. В местах нахождения в районе г. Таш-Кумыра и около с. Араван следует сократить выпас и иную нагрузку на растительность. Необходимо выяснить фенологию и образ жизни самок.

# Tschitscherin's Root Borer

## *Prionus (Pogonartron) tschitscherini* (Semenov, 1889)

**Status:** Vulnerable (VU B2ab(iii) – Category II), narrowly distributed species endemic for piedmonts of eastern surrounding of Fergana Valley (Chatkal, Fergana and Kichik-Alai Mountain Ranges). It is one of five representatives of the relic genus in fauna of Kyrgyzstan, it has aesthetic value and importance in the aspect of regional genetic fund preservation. Adult beetles (females are unknown and possibly apteroid, males are attracted to light) occur in the period from the end May to last third of August in zone of pistachio open forests or steppe-like biotopes, with eroded rocky denudations, at 600–1,100 m above sea level. Ontogenesis vpossibly takes app. over one year, larvae feed on perennial worm-wood roots. Limiting factors: development of virgin lands, disturbance of vegetation by excessive pasture, treatment by pesticides. For conservation of this species it is necessary to preserve virgin habitats (especially in vicinities of Tash-Kumyr town and Aravan village), to study of the life mode of females.



# Кыргызобия мурутчаны

***Kirgisobia bohnei*** **Danilevsky, 1992**



Коңуздар – **Coleoptera – Жесткокрылые (Жуки) – Beetles**
Мүрутчандар – **Cerambycidae – Жуки-дровосеки, или Усачи – Longicorn Beetles**

**Статусу:** *I категория (EN A4bc; B1a+2ab(i,ii,iiii,iv)).* Биотоптордун бузулушунун натыйжасында жашаган жерлери кыскарып бара жаткан, ареалы тар эндемикалык түр. *Kirgisobia* Danilevsky тукуму монотиптүү [11, 78], зоогеография кана генофондду сактоо аспектилеринде чоң илимий мааниге ээ.

**Түрдүн жетилген стадиясынын сырткы түзүлүшү.** Денесинин узундугу 17–22 мм, сыртынан кадимки *Corymbia cardinalis* K.& J.Daniel., 1899 окшош, бирок андан кичине чоңураак. Башы көздөрүн артында алдынкы аркасына жакын. Мурутчалары аарага окшош канаттарынын үстүнө жетпейт. Коңгуроо сымал алдынкы аркасынын үстү чекиттелген ортонку капталдарында мокок тишчелери жайгашкан. Үстүнкү канаттары алдынкы аркасынан жазы, ортосу дөмпөк келип, чоку жагы бир аз ичкерип кетет. Башы, алдынкы аркасы, денесинин алды жана буттары кара, жылтырак эмес, күңүрт түстө. Үстүнкү канаты көбүнчө кызыл-күрөң, кээде алдынкы аркасы менен бир түстө, чоку жагы каралжын. Жыныстык диморфизм анча өнүкпөгөн, эркектеринин муруттары узунураак, денеси ичкерээк келет.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түркүмдүн жана түрдүн ареалы толук Кыргызстандын чегинде. Фергана-Алай кошулган аймакта (Тар суусунун бассейни), түндүк-чыгыш Алай тоо кыркаларынын орто жана ири капчыгайларын камтыйт [78, 51, 45].

**Жашаган аймактары.** Деңиз деңгээлинен 1500–2300 м бийиктик алкагында орто жана ири дарыяларды жээктеп өскөн токой массивдеринде [51, 45], карган жазы жалбырактуу дарактарды сүйөт (*Betula* spp., *Salix* spp., *Fraxinus sogdiana* Bunge, *Crataegus* spp., *Sorbus tianschanica* Rupr.). Мурда капчыгайлардын төмөн жагында суу жээгиндеги токойлордо катталган, бирок көпчүлүгү арча (*Juniperus* spp.), терек (Populus spp.) аралашкан токойлордо кездешкен эмес.

**Саны.** Өтө сейрек. Түр ачылгандан берки 20 жылдын ичиндеги, атайлап иликтөөлөрдө онго жетпеген жандык катталган. Бул биринчи иретте мурда жердеген жерлеринин бузулушунун натыйжасы.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Жетишерлик изилденген эмес. Личинкаларынын өнүгүү мөөнөтү белгисиз. *K. bohnei* бардык кездешүүсү жээктеп өскөн кайыңдарга байланышкан, бирок алардын личинкалары кайың менен аралаш өскөн дарактардын бөлөк түрлөрүндө (мисалы: тал, теректерде) да болушу мүмкүн. Жашаган жеринин бийиктигине жараша учуу мезгили июнь - июль айларына тура келет. Эркектери да ургачылары да күндүз кечке күүгүмгө чейин учушат [51, 45]. Бөлөк мурутчандардан айырмасы (*C. cardinalis* менен) жетилген коңуздардын гүлдөп жаткан чөп өсүмдүктөрүндө азыктанышы белгиленбеген.

**Чектөөчү факторлор**. Суу жээктеп өскөн токой массивдеринин кыскарышы, убактысы өткөн, карыган же кууураган (кайың, тал-терек), дарактарды кыркуу, ошондой эле пестициддерди иштетүү жана өрт. Биотоптордун бузулушунун тездиги катастрофага жакындап келе жатат, бир катар жерлер мисалы Куршаб капчыгайындагы суу жээгиндеги токойлор таптакыр жоголду. Жээктердеги токойлордун, өзөндөрдүн булгануусу жана климаттык өзгөрүүлөр менен сугатка алуунун натыйжасында агын суулардын таптакыр соолуп калышы мүмкүн.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Колдо асыралган эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Азыркы мезгилде корголбойт.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Популяциялар табылган жерлерде аянты 20 га кем эмес кичи коруктарды уюштуруу, тезинен жана толугу менен суу жээгиндеги дарактарды кыркууга тыюу салуу. Личинкаларынын экологиясын, азык курамын билүү, ареалынын чегин тактоо, бөлөк ксилофагдар менен болгон атаандаштык мамилелерин изилдөө жана суу жээктеген токой биотопторуна суу режими менен бирге мониторинг жүргүзүү зарыл.

# Усач Киргизобия

## *Kirgisobia bohnei* Danilevsky, 1992

**Статус:** *I категория (EN A4bc; B1a+2ab(i,ii,iiii,iv))*. Узкоареальный эндемичный вид, места обитания которого интенсивно сокращаются вследствие разрушения биотопов. Род *Kirgisobia* Danilevsky является монотипичным [11, 78] и имеет большое научное значение в аспектах зоогеографии и сохранения генофонда.

**Краткое описание внешнего вида взрослой стадии**. Жук с длиной тела 17–20 мм, внешне похож на обычного *Corymbia cardinalis* K.& J.Daniel, 1899, но крупнее. Голова за глазами с угловидными висками, уже переднеспинки. Усики слабопиловидные, не достигают вершины надкрылий. Посредине боков слабоколоколовидной переднеспинки расположены притуплённые зубцы, поверхность переднеспинки редкопунктированная. Надкрылья заметно шире переднеспинки, посредине выпуклые, к вершине немного сужаются. Голова, переднеспинка, низ тела и ноги черные, слабоблестящие, почти матовые. Надкрылья обычно коричневато-красные, реже одного цвета с переднеспинкой или двуцветные, с зачернёнными вершинами. Половой диморфизм выражен слабо, самцы отличаются более длинными усиками и немного стройнее.

**Распространение общее и в стране.** Ареал рода и вида полностью расположен в пределах Кыргызстана и включает ущелья крупных и средних рек (ареал ленточного типа) в северо-восточных отрогах Алайского хр. и в районе Ферганско-Алайского сочленения (бассейн р. Тар) [78, 51, 45].

**Места обитания**. Крупные массивы пойменных лесов по берегам крупных и средних рек в среднем поясе гор, на высотах от 1500 до 2300 м н. у. м. [51, 45], обязательно с наличием старых и перестойных деревьев лиственных пород (*Betula* spp., *Salix* spp., *Fraxinus sogdiana* Bunge, *Crataegus* spp., *Sorbus tianschanica* Rupr.). Ранее *K. bohnei* отмечался также в нижних частях ущелий в тугайных лесах, но не обнаружен в смешанных массивах с преобладанием арчи (*Juniperus* spp.) и тополя (*Populus* spp.).

**Численность.** Чрезвычайно редок. При специальных поисках за 20 лет со времени описания вида он известен менее чем по десятку экземпляров, в первую очередь из-за того, что в местах, где обнаруживался ранее, местообитания интенсивно уничтожаются.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Недостаточно изучен. Продолжительность развития личинок не известна. Все нахождения *K. bohnei* связаны с берёзами, растущими по берегам рек, однако не исключено, что личинки могут питаться и на других видах деревьев (например, на ивах), произрастающих совместно с берёзой. Лёт жуков происходит в июне – июле, в зависимости от высоты местонахождения. Летают в дневное время и сумерках, как самцы, так и самки [51, 45]. В отличии от многих видов усачей (включая *C. cardinalis*), не отмечено питание взрослых жуков на цветущей травянистой растительности.

**Лимитирующие факторы.** Сокращение площади сплошных массивов лиственных пойменных и тугайных лесов, вырубка старых и перестойных деревьев и сухостоя (в первую очередь берёзы и ивы), а также обработка пестицидами и пожары. Интенсивность разрушения населяемых биотопов приближается к катастрофической; ряд местообитаний, например тугай в ущ. р. Куршаб, уже перестали существовать совсем. Возможно, к деградации прирусловых лесов могут привести загрязнение и обмеление рек вследствие отбора воды и климатических изменений. Естественные враги и болезни не изучены.

**Разведение (содержание в неволе).** Не проводилось.

**Меры охраны существующие.** В Кыргызстане в настоящее время не охраняется.

**Меры охраны рекомендуемые.** В местах, где обнаружены популяции, организовать микрозаказники площадью не менее 20 га, в которых срочно и полностью запретить вырубку пойменного древостоя и уничтожение сухостоя. Необходимо выяснить экологию личинок и состав кормовых пород; уточнить границы ареала, изучить конкурентные отношения с другими видами ксилофагов и проводить мониторинг прирусловых лесных биотопов, включая водный режим.

# Kirghizobia Longicorn Beetle

## *Kirgisobia bohnei* Danilevsky, 1992

**Status:** Endangered (EN A4bc; B1a+2ab(i,ii,iii,iv) – Category I), locally distributed endemic representative of the monotypic genus, which is globally endangered by sharp decreasing of area of occupancy and habitats. This taxon is not found in any other countries and has scientific zoogeographical importance and for preservation of world genetic fund. Beetles flying in June and July in low- and mid-montane bottomland deciduous forests, at 1,500–2,300 m above sea level. Larvae are unknown and live in timber probably of old birches or willows (*Betula*, *Salix*). Very small populations are found in north-eastern spurs of Alai Mountains and in basin of Tar River. Natural enemies are unstudied. Limiting factors: agricultural development and tree-cutting in bottomland forests, possibly fire and treatment by pesticides. Urgent creation of micro-reservations, prohibition of cutting of old and dry birch and willow trees, also all-round monitoring and study of the larval life mode and competitors, are necessary for conservation of the species.

# Христоф сары көпөлөгү

## *Colias christophi* Grum-Grshimailo, 1885





Көпөлөктөр – **Чешуекрылые, или Бабочки– Moths and Butterflies**
Ак көпөлөктөр **– Pieridae – Белянки – Pierids, Whites**

**Статусу:** *II категория (VU B1ac(v)+2ac(v); D2).* Белгилүү бир жерлерде бири-биринен бөлүнүшүп саны боюнча көп эмес популяцияларды пайда кылуучу, Гиссар-Алай тоо системасынын түндүк бөлүгүнүн тар чөйрөсүнүн эндемиги. Христофор сары көпөлөгү Кыргызстанда кездешкен 12 түрүнүн башкалардан айырмаланган эң бөтөнчөсү, эстетикалык мааниги ээ. СССРдин Кызыл китебине 1984-жылы III категория менен [26] жана ошол эле жылы Республикалык Кызыл китепке киргизилген [60].

**Түрдүн жетилген стадиясынын сырткы түзүлүшү.** Алдыңкы канаты 20–24 мм, орто көлөмдөгү көпөлөк. Алдыңкы канаты кызгылт-сары, сырткы тасмасы ак жана жазы, ак тасмадагы тамырчалары кара түскө боелгон, ортоңку бөлүгүнүн жогору жагында тегерек кара көзчөсү (тагы) бар. Арткы канаты агыш-боз түстө, ак субмаргиналдуу тасмасында кара тамырчалар өтөт. Ак тасма менен ортоңку агыш чекиттин ортосунан кара из өтөт. Мурутчалары төөнөгүч сыяктуу, узундугу алдыңкы канатынын үч бөлүгүнө жакын. Тулку-бою кара-күрөң, агыш-боз түкчөлүү. Эркектери ачык түстүү ургаачыларына караганда көлөмү боюнча бир аз кичирээк [53].

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Тажикстан, Кыргызстан [12, 26, 87, 88, 89, 53] жана Өзбекстан (анклав [71]). Түрдүн ареалы Гиссар тоо кыркаларынын түндүк-чыгыш бөлүгүндөгү ичке тоо кыркаларынын эңкейиш беттерин, Заравшанда (Искендер көлүнүн аймагы менен) жана Түркстанда (батыштан Чокмор тоого чейин [26] жана Алай тоо кыркаларынын батыш бөлүгүн (Коллектор тоо кыркаларын кошкондо) камтыйт. Кыргыз кырка тоолорунда жана Алай кырка тоолорунун чыгыш жармында [26 карта] таралышы деген көрсөтмө азыркы маалыматтар аркылуу далилденген эмес. Кыргызстанда Караказык, Теңгизбай ашууларында балким чыгыш Түркстан тоо кыркаларында.

**Жашаган аймактары.** Деңиз деңгээлинен 3300–3600 м бийиктиктеги тоо кыркаларынын таштуу жана шагылдуу, альпы көк шиберлүү аянттары (кээбир особдору деңиз деңгелинен 2700 м бийиктике учуп түшүшү мүмкүн); «ксерофилдүү сейректеген трагакант өсүмдүктүү» жерлер мүнөздүү биотоп катары көрсөтүлүшү чындыкка туура келбейт [26]. Популяциялар бириндеп анча чоң эмес аянттарды ээлешет.

**Саны.** Массалык учуу учурунда жашаган жерлери бузулбаган 100 м² жерде 2–4 имаго катталган [53].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Жетишерлик изилденген эмес. Жаратылышта түр жылына бир муун берет. Гусеницасы экинчи жаш курагында кыштайт. Гусеницалардын тоют өсүмдүктөрү – *Astragalus* sp. (Fabaceae уруусу) [53]; *Onobrychis echidna* Lipsky [26, 1] кыргыз популяциялары үчүн тоют катары далилденген эмес. Учуусу аба ырайынын шартына жараша июндун аягы июлда байкалат. Ургаачылары жумурткаларын тоют өсүмдүктөрүнүн гүлдөрүнө таштайт.

**Чектөөчү факторлор.** *C. christophi* – миграцияга жөндөмсүз отуруукташкан түр, ошондуктан алардын локалдуу популяциялары үчүн эң олуттуу кооптонуучу фактор болуп эсептелет. Популяцияларга эң чоң зыян малдын чексиз жайылышынын натыйжасында жашаган жерлеринин тапталышы, өсүмдүктөрдүн өтө тез деградацияланышы алып келиши мүмкүн. Табигый душмандары жана оорулары изилденген эмес.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Жүргүзүлгөн эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Түр 1984-жылы Республикалык Кызыл китепке киргизилген [60], бирок азыркы мезгилде эч жерде корголбойт.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Көпчүлүк жердеген бийик тоолордо адамдардын чарба иштери, территорияларды рекреациялык пайдалануудан интенсивсиз болгондуктан [53], антропогендик таасирлерди чектөө зарылдыгы мурун эле айтылган [1, 71]. Жердеген жерлеринде тоют өсүмдүктөрүнө басым деңгээлин аныктап, ареалынын кеңейүү мүмкүнчүлүгүн билүү, ошондой эле жасалма интродукцияны пайдалануу.

# Желтушка Христофа

## *Colias christophi* Grum-Grshimailo, 1885

**Статус.** *II категория (VU B1ac(v)+2ac(v); D2)*. Уязвимый вид, узкий эндемик северной части Гиссаро-Алайской горной системы, образующий изолированные друг от друга локальные немногочисленные популяции. Самый своеобразный вид из 12 видов рода, обитающих в Кыргызстане, имеет эстетическое значение. Занесён в Красную книгу СССР 1984 году (категория III) [26], и в том же году – в «Красную книгу Киргизской ССР» [60].

**Краткое описание внешнего вида взрослой стадии.** Бабочка среднего размера, длина переднего крыла 20–24 мм. Передние крылья охристо-оранжевые, внешняя белая перевязь широкая, ограниченная с наружной и внутренней стороны чёрной окантовкой различной ширины, жилки на белой перевязи окрашены в чёрный цвет, в верхней части срединной ячейки круглое чёрное пятно. Задние крылья светло-серого цвета с белой субмаргинальной перевязью и чёрными жилками на ней, между беловатой срединной точкой и белыми перевязями проходит чёрная полоса. Усики булавовидные, длиной около трети длины переднего крыла. Туловище тёмно-бурое в светло-сером опушении. Самцы окрашены ярче и контрастнее самок, немного мельче их по размеру [53].

**Распространение общее и в стране.** Таджикистан, Кыргызстан [12, 26, 87, 88, 89, 53] и Узбекистан (анклав [71]). Ареал вида включает узкие пригребневые полосы склонов в северо-восточной части Гиссарского хр., на Зеравшанском (до района оз. Искандер-Куль включительно) и Туркестанском (на запад до Чукмартау [26]) хребтах и в западной части Алайского хр. (включая хр. Коллекторский). В Кыргызстане – в районах перевалов Кара-Казык и Тенгизбай, а также, вероятно, в восточной части Туркестанского хр. Указания на распространение *C. christophi* в Киргизском хр. и в восточной половине Алайского хр. [26: карта] не подтверждается современными данными.

**Места обитания.** Высокогорные пригребневые участки каменистых и щебнистых склонов, с низкотравными альпийскими лужайками, на высотах 3300–3600 м н. у. м. (залётные особи спускаются до 2700 м н. у. м.); указание «ксерофильной разреженной трагакантовой растительности» в качестве растительности характерных биотопов [26] не соответствует действительности. Популяции спорадично занимают очень небольшие по площади участки.

**Численность.** В период массового лёта максимально отмечаются 2–4 особи имаго на 100 м$^2$ в ненарушенных местах обитания [53].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Недостаточно изучен. В природе вид имеет одно поколение в году. Зимует гусеница второго возраста. Кормовое растение гусениц – *Astragalus* sp. (Fabaceae) [53]; указание на питание листьями *Onobrychis echidna* Lipsky [26, 1], по крайней мере для кыргызстанских популяций, не подтверждено наблюдениями [53]. Стадия пронимфы длится 4–5 дней [53]. Лёт наблюдается в конце июня – июле, в зависимости от конкретных погодных условий сезона. Самки откладывают яйца на бутоны и цветы кормовых растений [53].

**Лимитирующие факторы.** Выявлены недостаточно. *C. christophi* – осёдлый вид, неспособный к миграциям, что является первостепенным фактором риска для локальных популяций. Наибольший урон популяциям может наносить чрезмерный выпас скота, в результате чего быстро деградирует растительный покров в местообитаниях – уязвимых высокогорных биоценозах. Естественные враги и болезни не изучены.

**Разведение (содержание в неволе).** Не проводилось.

**Меры охраны существующие.** Вид занесён в Красную книгу республики в 1984 году [60], но в настоящее время нигде не охраняется.

**Меры охраны рекомендуемые.** В большинстве мест обитания, из-за горного рельефа, интенсивная деятельность человека, включая рекреацию, в настоящее время отсутствует [53]; однако мнения о необходимости ограничения антропогенного влияния высказывались ранее [1, 71]. В местах обитания (целесообразно произвести поиск популяций на Туркестанском хр.) необходимо организовать резерваты, где изучить кормовую базу, допустимый уровень нагрузки на растительность, возможность расширения ареала, в т.ч. с искусственной интродукцией.

# Christoph's Clouded Yellow

## *Colias christophi* Grum-Grshimailo, 1885

**Status:** Vulnerable (VU B1ac(v)+2ac(v); D2 – Category II), sporadically and locally distributed species endemic for northern part of Hissar-Alai Mountains. It is most distinctive representative of the 12 congeners in Kyrgyzstan and has aesthetic value and for preservation of the genetic fund. This monovoltine species hibernates as second instar larva, caterpillars feed on *Astragalus* sp.; butterflies fly in end of June- July at metal and stony slopes near ridge-tops, at 3,300 (2,700)–3,500 m above sea level. Several small populations are located in Kyrgyzstan in east part of Alai Mountains (including adjacent Kollektorsky Range); also presumably in eastern part of Turkestan Range; except this *C. christophi* is also known in adjacent territory of Northern Tadjikistan. Limiting factors: small number and areas of isolated populations, excessive pasturage. The species was included into Red Data Book of Kyrgyzstan in 1984 but protection is still not organized. Searching for populations in Turkestan Mountain Range, creation of mi-cro-reservations and identification of optimal degree of anthropogenic press to vegetation are recommended for the conservation.

# Локсиас калдырканы

## *Parnassius (Kailasius) loxias* Pьngeler, 1901 ssp. *tashkorensis* Kreuzberg, 1984





Көпөлөктөр – **Чешуекрылые, или Бабочки – Moths and Butterflies**
Калдыркандар – **Papilionidae – Кавалеры, или Парусники – Swallowtails**

**Статусу:** *II категория (VU B1ac(v)+2ab(iii)c(v); D2).* Обочолонгон өтө локалдуу, чачыранды таралган түрдүн түрчөсү. Монофагдуулук, анда-санда кездешүүсү жана популяциянын санынын аздыгы, жалпы саны төмөндөбөсө да коркунуч туудуруп турат. *Kailasius* түркүмчөсүнүн өтө сейрек кездешкен 3 түрдүн бири [90] (Кыргызстанда 2 түрү кездешет). Көпөлөктөрдүн арасында өтө кооз жана баалуу түр.

**Түрдүн жетилген стадиясынын сырткы түзүлүшү.** Ортодон чоңураак көлөмдөгү көпөлөк, алдынкы канатынын узундугу 33–35 мм. Канаттарынын жалпы түсү ак. Алдыңкы канатында эки кара тагы ортосуна жана жогору жагына чейин туурасынан кесип өтөт, алды жагында эки ачаланып, ичкиси кичирейип кетет. Эки канатынын четтери айнектей тунук. Арткы канатында эки кичине тегерек, ичке кара түс менен курчалган эки көзчөлүү. Бозомук тарткан арткы канатынын субмаргиналдуу тасмасында катарынан жайгашкан, ички жагы көк түстөгү 4–6 кара көзчөлөрү бар. Ал эми төмөн жагын карай эндүү тилке кетет. Мурутчалары төөнөгүчтөй, узундугу алдынкы канатынын узундугунун үчөөнө жакын. Тулкусу ичке, кара, эркектериники узун агыш түктүү. Ургаачыларында копуляциядан кийин курсагынын аяк жагында агыш өсүндү сперматофрагма пайда болот. Жыныстык диморфизм начар өнүккөн.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түр дизъюнктивдүү, өтө тар ареалда чачыранды таралган, номинативдүү түрчөсү Кыргызстан менен Кытайдын чектеш аймактарында белгилүү кездешет [88, 90]. Түрчө *P. l. raskemensis* Батыш Кун-Лундан табылган бир ургаачысы боюнча жазылган (Кытай) [90], анын жердеген жери анык эмес. *P. l. tashkorensis* Кыргызстанда гана [12,53,71,88,90] Сарыжаз бассейнин сол аймагында, Кайыңды-Катта жана Эңгилчек тоо кыркаларынан үч популяция [37] белгилүү.

**Жашаган аймактары.** Деңиз деңгээлинен 2500–3100 м бийиктиктеги чыгыш орто тоолордун таш-чополуу вертикалдуу, тик кургак беттеринде тоют өсүмдүктөрү өскөн жерлерге байырлашкан [53,28].

**Саны.** Массалык учуу мезгилинде жашаган жерлеринде 1000 м² аянтта 1–3 чейин кездешет, ал эми түрчө жердеген жалпы аянт 20 км² [53] жетет.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Моновольтивдүү түр. Гусеницалары жумуртка кабыгын таштабастан биринчи жылында кыштайт [53]. Аларга түнкү жашоо-тиричилик мүнөздүү. *Corydalis krasnovi* Mikhailova жалбырактары менен тамактанышат, күндүз таштардын алдыларында бекинишет [53]. Имагосунун учуусу төлдөгөн жерлеринде июндун ортосунан августун ортосуна чейин: көпөлөктөр көбүнчө түш чендерде активдүү, жапайы пияздын (*Allium*) жана татаал гүлдүүлөрдүн (*Sonchus*, *Centaurea*, *Ligularia*) ширеси менен азыктанат. Ургаачылары жумурткаларын азык өсүмдүктөрүнүн түптөрүндөгү таштарга таштайт.

**Чектөөчү факторлор**. Отурукташкан жерлеринен жылбай миграцияга жөндөмсүздүгү [53], популяциялардын чачырандысы, жердеген жерлеринин аянтынын тарлыгы жана гусеницаларынын монофагдуулугу. Тоют өсүмдүктөрүнүн популяциялары эрозиялык коркунуч зонасында, биотоптору да жайыт коркунучунда турушу, тоо-кендерин иштетүү жана башкалар. Табигый душмандары, атаандаштары жана оорулары изилденген эмес.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Жүргүзүлгөн эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Иштелип чыккан эмес. Азыркы кезде түр жердеген жерлери корголбойт.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Популяциялардын репродуктивдик потенциалын билүү үчүн жердеген жерлерине микрорезерваттарды түзүү, мониторинг жүргүзүү жана өсүмдүктөр коомчулугуна жасалган басымды тартипке келтирүү зарыл. Ареалын кеңейтүү мүмкүнчүлүгүн аныктоо, ошондой эле жасалма байырлаштырууну колдонуу максатка ылайык.

# Аполлон Локсиас, подвид ташкорооский

## *Parnassius (Kailasius) loxias* Рьngeler, 1901 ssp. *tashkorensis* Kreuzberg, 1984

**Статус:** *II категория (VU B1ac(v)+2ab(iii)c(v); D2)*. Изолированный подвид чрезвычайно локально и спорадично распространнёного вида, который, вследствие монофагии, единичности, точечности и малочисленности популяций, является уязвимым даже при отсутствии снижения численности. Один из трёх [90] редчайших представителей своеобразного подрода *Kailasius* (в Кыргызстане – два вида). Представляет большой научный интерес в аспектах зоогеографии, эволюции, изучения и сохранения регионального генофонда. Один из наиболее эффектных и эстетически ценных видов чешуекрылых.

**Краткое описание внешнего вида взрослой стадии.** Бабочка крупнее среднего размера, длина переднего крыла 33–35 мм. Общий тон крыльев белый. Рисунок переднего крыла состоит из двух чёрных пятен, пересекающих срединную ячейку поперёк около середины и на вершине, и сероватой субмаргинальной перевязи, раздваивающейся кпереди на две ветви, внутренняя из которых значительно редуцирована и бывает иногда развитой лишь в вершинной трети. По наружному краю обоих крыльев проходит стекловидно-прозрачная кайма. На заднем крыле два маленьких округлых красных пятна, окружённых тонким чёрным ободком, и 4–6 чёрных пятен с заметным синим напылением. Усики булавовидные, длиной около трети длины переднего крыла. Туловище изящное, чёрное, у самцов – с длинным светлым опушением. У самок после копуляции на конце брюшка снизу образуется светлый вырост-сперматофрагма. Половой диморфизм выражен слабо, тёмные перевязи на крыльях у самок более яркие.

**Распространение общее и в стране.** Вид имеет дизъюнктивный, очень узкий ареал и распадается на три подвида с точечным распространением. Номинативный подвид известен из сопредельной с Кыргызстаном территории Китая (левобережье р. Сары-Джаз на южном макросклоне хр. Кокшаал-Тоо) [88, 90]. Таксономическое положение подвида *P. l. raskemensis* Avinoff, 1916, описанного по одной самке из Западного Кунь-Луня (Китай) [90], и достоверность его местонахождения не ясны. *P. l. tashkorensis* встречается только в Кыргызстане [12, 53, 71, 88, 90], на небольшой территории в бассейне левых притоков р. Сары-Джаз; известен всего из трёх популяций в западных оконечностях хребтов Каинды-Катта (горы Уроккыр) и Иныльчек-Тоо [37].

**Места обитания.** Строго приурочен к местам произрастания кормовых растений на крутых, почти вертикальных, сухих и эродированных, глинисто-каменистых склонах в среднегорном поясе, преимущественно восточных экспозиций [53, 28], на высотах 2500–3100 м н. у. м.

**Численность.** В период массового лёта отмечаются от одной до трёх особей бабочек на 1000 м$^2$ в ненарушенных местообитаниях, а суммарная область обитания подвида занимает площадь менее 20 км$^2$ [53].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Моновольтинный вид. Зимуют бархатно-чёрные гусеницы первого возраста, не покидая яйцевых оболочек [53]. Гусеницы ведут ночной образ жизни, питаются листьями хохлатки Краснова *Corydalis krasnovi* Mikhailova (сем. Fumariaceae), днём прячутся под камнями [53]. Лёт имаго проходит в местах выплода с середины июня до середины августа; бабочки наиболее активны в полуденное время, питаются нектаром на цветах дикого лука (*Allium*) и сложноцветных (*Sonchus, Centaurea, Ligularia*). Самки откладывают яйца на камни рядом с кормовыми растениями [53].

**Лимитирующие факторы.** Осёдлость и неспособность к миграциям [53], разрозненность популяций, малый размер области обитания и монофагия гусениц. Популяции кормовых растений находятся в зоне эрозионной опасности, биотопы – потенциально под угрозой перевыпаса, горных разработок и т. п. Естественные враги, конкуренты и болезни не изучены.

**Разведение (содержание в неволе).** Не проводилось.

**Меры охраны существующие.** Не разработаны. В настоящее время места обитания *P. l. tashkorensis* не охраняются.

**Меры охраны рекомендуемые.** В местах обитания необходимо создать микрорезерваты, в которых выявить репродуктивный потенциал популяций, проводить мониторинг и регулировать нагрузку на растительность. Следует выяснить возможность расширения ареала, в т. ч. с использованием искусственной интродукции.

# Loxias Apollo Butterfly

## *Parnassius (Kailasius) loxias* Рьngeler, 1901 ssp. *tashkorensis* Kreuzberg, 1984

**Status:** Vulnerable (VU B1ac(v)+2ab(iii)c(v); D2 – Category II), one of three subspecies of very local species endemic for Central Tien Shan; noticeable large butterfly of aesthetic value. All three species of the olygotypic subgenus have scientific zoogeographical importance and for preservation of world genetic fund. Butterflies occur from middle of June to mid- August on steep precipitous stony and clayey eroded slopes with sparse vegetation and host-plants (*Corydalis krasnovi*), at 2,500–3,100 m above sea level. Number and especially areas of occupancy are small. Limiting factors: narrow endemism and monophagy, possibly excessive pasturage and destruction of biotopes. It is out of any protection, but degree of anthropogenic disturbance of habitats is not critical at present time. Monitoring in created micro-reservations, study of the reproductive ability and possibilities for the introduction are necessary for conservation of the species.

# Мерцбахер (кадимки) калдырканы

## Parnassius (s. str.) *apollo (Linnaeus, 1758) ssp.* merzbacheri *Fruhstorfer*, 1906





Көпөлөктөр – Чешуекрылые, или Бабочки – Moths and Butterflies
Калдыркандар – Papilionidae – Кавалеры, или Парусники – Swallowtails

**Статусу:** *III категория (LR-nt).* Белгилүү бир жерге таандык, жоголуп кетүү коркунучу туула элек, бирок популяциялары начарлап бараткан түрчө. Түр *P. apollo* IUCN RLTSтин (1996-жылы VU A2cde категориясында) [76], CITES IIнин Тиркемесине жана бир катар регионалдык Кызыл китептерге киргизилген [26]. Голарктикалык тукумдун 47 өкүлү, өтө кооз, коллекционерлердин сүйгөн түрү [1].

**Түрдүн жетилген стадиясынын сырткы түзүлүшү.** Канаттарынын кулачы 70–75 мм келген ири көпөлөк. Канаттарынын жалпы түсү ак же бозомук кара кабырчыктар менен чачыратылган. Арткы канаттарында кара алкакчада билинер-билинбес ак көзчөлүү эки кызыл тагы бар. Эркектери агышыраак жана ургаачыларынан майдараак, кичирээк, жупташкандан кийин курсагынын үч жагында агыш тырмак сыяктуу өсүндү – сперматофрагма өнүгөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түр бүткүл евросибир ареалы боюнча чачыранды, 60ка жакын жергиликтүү *P. a. merzbacheri* түрчөлөрү кездешет, анын ичине жунгар-түндүк Тяншанң ареалы да кирет [88]. Кыргызстан үчүн көрсөтүлгөн *P. a. transiliensis* түрчөсү [12] көпчүлүк адистер боюнча *P. a. merzbacheri* менен синонимдештирилет [88, 90]; түрчөнүн калган таксондорунун көрсөтүлүшү [55] так эмес аныктоолордун натыйжасы. Кыргызстанда Жумгал, Кастек, Илий, Күнгөй жана Тескей Алатоо кыркаларында кездешет [50, 40]; Атбашы тоо кыркаларында кездешкени так эмес [55].

**Жашаган аймактары.** *P. a. merzbacheri* деңиз деңгээлинен 1000–3000 м бийиктиктеги орто тоолордун алкагында, таштуу тоо беттеринин ар түрдүү шалбааларында кездешет [5, 40, 50].

**Саны.** Табигый жашаган жерлерин бузулбаганда массалык учуу мезгилинде салыштырмалуу (көз болжоо менен) *P. a. merzbacheri* көпөлөгүнүн имагосунун жыштыгы гектарына 100–120 даана [50] жана айрым жылдары саны бир кыйла өзгөрүшү мүмкүн [40].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Жаратылышта моновол’тиндик түр. *P. apollo* биологиясы жана имаголануу алдындагы стадиялары жетишерлик кенен жазылган [18]. Диапаузасы Каркыра жайлоосунда (Күнгөй Алатоо кыркасы) апрелдин ортосунда аяктайт [50]; жаш гусеницалар топ-топ болуп жашашат, седумдар (*Sedum ewersii*, *S. hybridum*, *S. alberti*) жалбырактары жана *Orostachys spinosa* (Crassulaceae) азыктанышы ыктымал [18, 40]. Жетилген гусеницалар июнь айында байкалат. Куурчакча стадиясы 10–16 күнгө созулат, учуусу июндун аягынан күзгө чейин.

**Чектөөчү факторлор.** Орун которууга таптакыр жөндөмсүз жана отурукташкан түр [26]. Түз жерлердеги *P. apollo* популяциялары үчүн өлүп, жоюлуунун башкы себеби – жашаган жерлерин өздөштүрүү, айрыкча чөп чабуу [54], пестициддерди колдонуу [26] сүйүүчүлөр аркылуу кармоолор [1]. Өсүмдүктөрдөгү стенофагия көпчүлүк фитофагдар үчүн уулу болуп, атаандаштардын жоктугуна себеп болот [35]. *P. a. merzbacheri* мите түктүү чымындар, бактерия-вирус оорулары белгиленген [40].

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Колдо багылат. Кыргызстанда обочолонгон (өзүнчө бөлүнгөн) популяцияларды белгилүү бир культурада бир нече муундун аралыгында асыроо боюнча эксперимент ийгиликтүү өткөрүлгөн.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Түр 1984-жылы Республиканын Кызыл китебине киргизилген [60]. Популяциялар Алматы коругунда (Казакстан) [9], Кемин, Каракол, Аларча МУЖПсынын аймагында, Аксуу заказнигинде корголот [50]. *P. apollo* ареалынын бардык мейкиндиги боюнча корукка алынган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Түрчөнүн көпчүлүк жердеген жерлери азыркы мезгилде антропогендик басымдын интенсивдүүлүгү ортодон төмөн, ал эми басым күчөтүлгөн жерлерде (Аламүдүн, Талдыбулак капчыгайларында) жайытты, чөп чабууну, рекреациялык басымды чектөөчү 2–3 микрорезерват түзүү жана сандык каттоо жүргүзүү (мониторинг), тоют өсүмдүктөрүн тактоо, ошондой эле жашаган жерлерине окшош жерлерге кайра байырлаштыруу мүмкүнчүлүгүн үйрөнүү максатка ылайык.

# Аполлон обыкновенный, подвид Мерцбахера

## Parnassius (s. str.) *apollo (Linnaeus, 1758) ssp.* merzbacheri *Fruhstorfer*, *1906*

**Статус:** *III категория (LR-nt)*. Локальный подвид, популяции которого потенциально уязвимы, но не находятся под угрозой исчезновения. Вид *P. apollo* включен в IUCN RLTS (категория VU A2cde по оценке 1996 года) [76], в Приложение II CITES и ряд региональных красных книг [26]. Самый крупный [46] из 47 представителей [90] голарктического рода; эффектный и украшающий природу вид. Объект любительского коллекционирования [1].

**Краткое описание внешнего вида взрослой стадии**. Крупная бабочка с размахом крыльев 70–95 мм. Общий тон крыльев белый или кремоватый, с чёрным рисунком, на задних кряльях по 2 красных пятна, каждое в чёрном ободке и с более или менее выраженным белым глазком. Самцы обычно светлее и немного мельче самок, у которых после спаривания снизу на вершине брюшка развивается светлый ногтевидный вырост-сперматофрагма.

**Распространение общее и в стране.** Спорадичное по всему евросибирскому ареалу вида, образующего около 60 местных подвидов. *P. a. merzbacheri* имеет джунгаро-северотяншанский ареал [88]. Указанный для Кыргызстана подвид *P. a. transiliensis* Eisner [12] многими специалистами [88, 90] синонимизируется с *P. a. merzbacheri*; прочие указанные подвидовые таксоны ([55]: *bartholomaeus* Stichel, *sibirica* Nordmann, *hesebolus* Nordm. и номинативный) – результат неточного определения. В Кыргызстане – по хребтам Киргизскому, Джумгальскому, Кастекскому, Заилийскому, Кунгей и Терскей Ала-Тоо [50, 40]; указание для хр. Ат-Баши [55] – ошибочно.

**Места обитания**. *P. a. merzbacheri* населяет среднегорные лугово-лесные и луго-степные ландшафты, каменистые склоны с высокотравными и субальпийскими лугами на высотах от 1000 до 3000 м н. у. м. [5, 40, 50].

**Численность.** Отмечены (визуально) относительное обилие имаго (100–120 экз./га [50]) бабочек *P. a. merzbacheri* в ненарушенных местах обитания в период массового лёта и значительные колебания численности в отдельные годы [40].

**Образ жизни (жизненные циклы).**В природных условиях – моновольтинный вид. Зимует гусеница первого возраста, часто не покидая яйцевой оболочки, диапауза *P. a. merzbacheri* в урочище Каркыра (хр. Кунгей Ала-Тоо) заканчивается в середине апреля [50]; молодые гусеницы живут группами, питаются листьями очитков (*Sedum ewersii* Ledeb., *S. hybridum* L., *S. alberti* Regel) и, вероятно, *Orostachys spinosa* (L.) C. A. Mey из сем. толстянковых (Crassulaceae) [18, 40], взрослые гусеницы наблюдаются в июне, стадия куколки длится 10–16 дней; лёт – с конца июня до осени. Преимагинальные стадии и биология *P. apollo* описаны достаточно подробно [18].

**Лимитирующие факторы.** В высшей степени осёдлый вид, неспособный даже к незначительным миграциям [26]. Для равнинных, более уязвимых, популяций *P. apollo* главная причина вымирания – сельскохозяйственное освоение мест обитания, особенно сенокошение [54]. Отрицательное влияние имеют также рекреационные нагрузки, обработка пестицидами [26], отлов любителями [1], длительные периоды неблагоприятных погодных условий. Стенофагия (также лимитирующий фактор) на растениях, ядовитых для большинства фитофагов, является причиной почти полного отсутствия конкурентов [35]. На гусеницах *P. a. merzbacheri* пока не зарегистрированы паразитоиды перепончатокрылые, но отмечены мухи-тахины и бактериально-вирусные заболевания [40].

**Разведение (содержание в неволе)**. Имеется положительный опыт. В Кыргызстане успешно проведены эксперименты по содержанию изолированной популяции в культуре на протяжении нескольких поколений [40].

**Меры охраны существующие**. Вид занесён в Красную книгу республики в 1984 году [60]. Популяции имеются на территориях ГПНП Кеминского, Каракольского и «Ала-Арча», и Аксуйского комплексного заказника [50], а такжеохраняются в Алма-Атинском заповеднике (Казахстан) [9]. На всём протяжении ареала *P. apollo* взят под охрану региональными красными списками и на заповедных территориях.

**Меры охраны рекомендуемые.** В большинстве мест обитания подвида в настоящее время интенсивность антропогенного пресса ниже средней, а на участках с усиливающейся нагрузкой (ущ. Аламедин, Талды-Булак) следует создать 2–3 микрорезервата, в которых ограничить выпас, покос, рекреационные нагрузки, проводить количественные учёты (мониторинг), уточнить круг кормовых растений и изучить возможность реинтродукции.

# Merzbacher's Apollo Butterfly

## Parnassius (s. str.) *apollo (Linnaeus, 1758) ssp.* merzbacheri *Fruhstorfer*, *1906*

**Status:** «Lower Risk – near threatened» (LR-nt – Category III), North Tien Shan and Dzhungar subspecies of mosaic-distributed wide-spread noticeable large butterfly, the species is included into IUCN RLTS, Appendix II of CITES and many regional Red Lists. The species is monovoltine; butterflies occur from end of June to autumn in meadow-steppe or meadow-wood biotopes with host-plants (*Sedum ewersii*, *S. hybridum*, *S. alberti*), at 1,000–3,000 m above sea level, in Alexander, Dzhumgal, Kastek, Zailiisky, Kungei and Terskei Ala-Too Mountain Ranges. Number is various in different years, maximal is to 100–120 imagoes per hectare. Any local population can quickly disappear in case of biotop destruction since this species is incapable to migrate. Degeneration of habitats arises from haying and excessive cattle pasture. At present several populations are under the protection in Issyk-Kul Nature reservation. Habitats of some populations are threatened and need to be as micro-reservations with regulation of anthropogenic influence. Monitoring, study of the biology and forage reserve and experiments on the breeding and reintroduction should be continued.

# Кичи махаон

## Papilio (s. str.) alexanor Esper, 1800 ssp. voldemar Kreuzberg, 1989





Көпөлөктөр – Чешуекрылые, или Бабочки – Moths and Butterflies
Калдыркандар – Papilionidae – Кавалеры, или Парусники – Swallowtails

**Статусу:** *II категория (VU B1ab(iii)+2ab(iii)c(iii,iv); C2b).* Өтө чектелген түштүк-батыш палеарктикада таралган саны кыскарып бара жаткан ареалы мозаикалуу түрчөсү [23]; Кыргызстанда түрчөнүн бардык популяциялары аз, бытыранды жана начарлаган. *P. alexanor* 1984-жылы III категория менен СССРдин Кызыл китебине [26] жана Өзбекстандын Кызыл китебине киргизилген [23]. Эффективдүү, эстетикалык жаткан баалуу [13] жана жаратылышты кооздочу Кыргызстанда таралган түркүмдүн эки түрүнүн бири.

**Түрдүн жетилген стадиясынын сырткы түзүлүшү.** Сырткы кебетеси кадимки махаонго окшогон чоң көпөлөк, алдынкы канатынын узундугу 31–37 мм. Канаттары ачык-сары, кара тактары бар. Туурасынын кеткен субмаргиналдык тилкеси көгүш-боз чаң менен капталган. Канатынын ички бурчунун үстүнкү бөлүгү кара түс менен алды жагы сары-кызыл түс менен жээктелген көк көзчөлөрү орун алган. Арткы канаттары бирден куйрукчалары бар. Мурутчалары төөнөгүчтөй, узундугу алдынкы канатынын үч бөлүгүнө жакын. Тулкусу ичке, кара тилкелүү, ийнинин четтери, көкүрөгүнүн капталдары жана курсагы сары түстө. Жыныстык диморфизм начар өнүккөн, ургаачылары эркектеринен чоңураак [53].

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түр Түштүк Европада, Жакынкы Чыгышта, Түркияда, Закавказьеде, Афганистанда жана Орто Азияда чачыранды таралган; *P. a. voldemar* ареалы Батыш Тяньшань менен чектелет. Кыргызстанда Кыргыз жана Талас кырка тоолорунда [53] кездешет. Алай кырка тоолорунун батыш жагында *P. a. judeus* Staudinger, 1893 [12, 87] көрсөтүлүшү анык эмес.

**Жашаган аймактары.** Кыргызстанда деңиз деңгээлинен 800–2000 м бийиктикге түрдүү өсүмдүктүү талааларда жана ксерофил өсүмдүктүү тоо этектеринде жана орто тоолордун таштуу-чополуу тик боорлорун жердешет.

**Саны.** Бардык жерде төмөн, бирин-серин кездешет [87]. Кыргызстандын аймагында онго жакын популяциясы анык белгилүү.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Өнүгүү цикли адатта эки жыл [53]. Көпөлөктөрдүн учуусу жана жумуртка таштоосу майдын аягынан июлдун башына чейин жүрөт. Гусеницалары июлдун башында чыгып, өсүмдүктөрдүн (*Ferula*, *Falcaria*, *Seseli*, *Torilis* [27, 72], Кыргыз кырка тоолорунда – *Ferula* sp. [53]), гүлдөрү, мөмөлөрү менен тамактанышып жалгыздан жашашат. Көпчүлүк убакта чабармандардын, ошондой эле түктүү чымындардын (тукум Tachinidae) [23] мителерин жуктуруп алышат. Курчакчалары күрөң түстө [53], тоют өсүмдүктөрүнүн кургак бөлүктөрүнө жана таштарга жабышып калышат. Көпөлөктөр жапайы пияздын (*Allium*) жана татаал гүлдүүлөрдүн (*Sonchus*, *Centaurea*, *Ligularia*) [27] гүлдөрүнүн нектарлары менен азыктанышат. Эркектеринин аймактык жүрүш-турушу ачык көрүнүп турат; ургаачылары жумурткаларын ачыла элек гүлдөргө жана тоют өсүмдүктөрүнүн өсүп жаткан бөлүктөрүнө ташташат [53].

**Чектөөчү факторлор.** Бир жерде туруктуу болушу, миграцияга жөндөмсүздүгү жана популяциялардын бытыранды болуп кетиши. Ошондой эле жайыттардын тапталышы, ашыкча чөп чабыш жана ички митечилик факторлору да белгиленген [23]. Рекреациялык басымдын өсүшү жана пестициддерди иштетүү да потенциалдык мааниге ээ. Кыргызстандын аймагындагы популяциялар үчүн чөптөрдүн чабылышы актуалдык фактор эмес, гусеницалардын өлүмүнүн 70 %ине мителер себеп болушат [39].

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Колдо багуу эксперимент аркылуу далилденген [23]. Кыргызстанда жаратылыштан жыйнап алынган жумурткалар менен гусеницаларды андан ары куурчакча стадиясына чейин өстүрүп, аларды эки кыштатып имаго алынганы белгилүү [39]. Бул методду интродукциялоодо колдонуу мүмкүн.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Иштелип чыккан эмес. Азыр *P. a. voldemar* жашаган жерлери Кыргызстанда корголбойт. Түрчө Чаткал-Угам улуттук паркынын (Өзбекстан) [23] коргоосуна кирет.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Мониторинг жүргүзүү аркылуу чарбалык иштерди жөнгө салуу менен өсүмдүккө басымды төмөндөтүү, жердеген жерлерге микрорезерваттарды түзүү максатка алайык. Ареалын кеңейтүү жана колдо өстүрүү методун пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо зарыл.

# Александор, подвид Вольдемар

## Papilio (s. str.) alexanor *Esper, 1800 ssp.* voldemar *Kreuzberg, 1989*

**Статус:** *II категория (VU B1ab(iii)+2ab(iii)c(iii,iv); C2b)*. Локальный подвид южного западнопалеарктического вида с мозаичным ареалом и сокращающейся численностью [23]; в Кыргызстане популяции разрозненные, небольшие и уязвимые, на крае видового ареала. Вид включён в красные книги СССР [26] и Узбекистана (категория VU B1ab+2ab(iii)c(iii,iv); D) [23]. Эффектный и эстетически ценный [13] вид, один из двух видов рода в республике.

**Краткое описание внешнего вида взрослой стадии**. Внешне похож на обыкновенного махаона – крупная бабочка, длина переднего крыла 31–37 мм. Крылья бледно-жёлтые с чёрным рисунком и слабым серовато-синим напылением на субмаргинальной поперечной полосе. Заднее крыло несёт хвостик, и на внутреннем углу синий глазок с чёрным окаймлением в верхней половине и красно-оранжевым в нижней части. Усики булавовидные, длиной около трети длины переднего крыла. Туловище изящное, спинная полоса чёрная, опушение плеч, боковые части груди и брюшка окрашены в жёлтый цвет. Половой диморфизм выражен слабо, самки несколько крупнее самцов [53].

**Распространение общее и в стране**. Вид спорадично встречается в Южной Европе, на Ближнем Востоке, в Турции, Закавказье, Иране, Афганистане и в Средней Азии; ареал *P. a. voldemar* ограничен Западным Тянь-Шанем. В Кыргызстане [12, 23, 53, 88] – в западной части Киргизского и Таласского хребтов, на южном склоне хр. Молдо-Тоо [53] и в Сары-Челеке [9]. Указание на нахождение в Кыргызстане, на крайнем западе Алайской долины, подвида *P. a. judeus* Staudinger, 1893 [12, 87] недостоверно.

**Места обитания**. В Кыргызстане – предгорные и среднегорные крутые каменисто-глинистые эродированные склоны гор с разнотравно-степной и ксерофильной растительностью, на высотах 800–2000 м н. у. м.

**Численность**. Повсеместно низкая, встречается единично [87], в Кыргызстане достоверно известно до 10 популяций.

**Образ жизни (жизненные циклы).**Цикл развития обычно двухлетний, т. е. большинство куколок в популяции зимуют дважды, оставшаяся часть – трижды [53]. Лёт бабочек и откладка яиц происходит с конца мая до начала июля. Гусеницы появляются в начале июля, живут одиночно, питаясь цветами и плодами зонтичных растений (виды *Ferula*, *Falcaria*, *Seseli*, *Torilis* [27, 72], на Киргизском хр. – *Ferula* sp. [53]), окукливаются в начале августа. Часто бывают заражены паразитическими наездниками, в том числе *Trogus lapidator* F. из сем. Ichneumonidae [72, 86], а также мухами-тахинами (сем. Tachinidae) [23]. Куколка болотно-коричневого цвета [53], с пояском, прикрепляется к сухим частям кормовых растений и камням. Бабочки питаются нектаром на цветах дикого лука (*Allium*), сложноцветных (*Sonchus*, *Centaurea*, *Ligularia*) [27]. Самцы имеют ярко выраженное территориальное поведение; самки откладывают яйца по одному на бутоны и вегетирующие части кормового растения [53].

**Лимитирующие факторы.** Осёдлость и неспособность к миграциям, разрозненность популяций. Отмечены также факторы перевыпаса, чрезмерного сенокоса и эндопаразитизма [23], потенциальное значение имеют возрастание рекреационных нагрузок и обработка пестицидами. Для популяций на территории Кыргызстана сенокошение не является актуальным фактором, а паразитоиды составляют главный компонент очень высокого (70 %) уровня смертности гусениц [39].

**Разведение (содержание в неволе).** Возможность экспериментально подтверждена [23]. В Кыргызстане проведены работы по выведению и доращиванию собранных в природе яиц и гусениц до стадии куколок, из которых после зимней диапаузы (частично – после двух зимовок) были получены имаго [39]. Метод позволяет значительно сократить гибель гусениц от эндопаразитизма наездников и может быть использован при проведении интродукции.

**Меры охраны существующие.** Не разработаны. Места обитания *P. a. voldemar* в местах современных находок в Кыргызстане не охраняются (состояние популяции в Сары-Челекском заповеднике не известно [9]). Подвид формально находится под охраной в Чаткал-Угамском национальном парке (Узбекистан) [23].

**Меры охраны рекомендуемые.** В местах обитания создать микрорезерваты, в которых снизить нагрузку на растительные сообщества, путём проведения мониторинга с последующей регуляцией хозяйственной деятельности человека. Следует выяснить возможность расширения ареала, в т. ч. с использованием искусственной интродукции.

# Voldemar Southern Swallowtail

## Papilio (s. str.) alexanor *Esper, 1800 ssp.* voldemar *Kreuzberg, 1989*

**Status:** Vulnerable (VU B1ab (iii)+2ab(iii)c(iii, iv); C2b – Category II), local West Tien Shan subspecies of mosaic-distributed wide-spread noticeable large butterfly, which species and subspecies are included into some regional Red Lists. It is one of two congeners in Kyrgyzstan and has aesthetic value and scientific zoogeographical importance and for preservation of regional genetic fund. Butterflies occur in June on stony and clayey low-montane slopes with steppe vegetation and *Umbelliferae* plants, at 800–2,000 m above sea level. Number is small everywhere. Limiting factors: excessive pasturage and endoparasitoids. At present it is out of any protection, but degree of anthropogenic disturbance of habitats is not critical. Monitoring in created micro-reservations, study of the reproductive ability and forage reserve and possibilities for stabilisation of populations including the introduction are necessary for conservation of the species.

# Дөө шер чымыны

**_Satanas gigas_ (Eversmann, 1854)**





Кош канаттуулар **(Чиркейлер жана Чымындар) – Diptera – Двукрылые (Комары и Мухи) – Dipterans**
Шер чымындар – **Asilidae – Ктыри – Robber-flies**

**Статусу:** *III категория (LR-nt).* Кеңири ареалда сейрек кездешүүчү түр, жашаган жерлеринин аянттары тарып-кичирейүүгө багыт алган. 1984-жылы II категория менен СССРдин Кызыл китебине киргизилген [26].

**Түрдүн жетилген стадиясынын сырткы түзүлүшү.** Өлкөнүн фаунасындагы эң чоң чымын, денесинин узундугу 38–50 мм, алдынкы канатынын узундугу 26 мм. Денеси ичке, боз; көкүрөгү чың, ортонку аркасы өтө дөмпөйгөн чоң. Көздөрү абдан чоң, бири-биринен бөлүнүп алдыга чыгып турат. Тумшугу тикирейип, узунураак өтө склеротивдешкен. Буттары узун кылдуу. Тез кыймылдоочу тунук жуп канаттары учпаганда аркасына бүктөлүп жатат. Жыныстык диморфизм начар өнүккөн.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түндүк Африкада, Иранда, Россиянын Европа бөлүгүнүн түштүгүндө, Украинада, Молдовияда, Закавказьеде, Орто Азия, Казакстанда, Монголия жана Түндүк Кытайда кездешет [33, 26, 22]. Кыргызстанда: Талас, Чаткал, Узунакмат дарыяларынын жээктеринде [42, 63], Атойнок тоо кыркалары (Күрпсай капчыгайы [37]), Кыргыз кырка тоолорунун түндүк бети жана Чүй өрөөнү (Петровка айылы [42, 63]), Чоңарык, Кашкасуу, Ысыккөл өрөөнүнүн Батышы [49]. Ички Тяньшань (Жамандаван суусунун жээктери, Сарыбулуң айылы) [42, 63], Фергана алдында [12].

**Жашаган аймактары.** Деңиз деңгээлинен 1900 м бийиктике чейинки тоо этектериндеги бош жаткан дың жерлер жана суюк бадалдуу адырлар.

**Саны.** Эң аз. Бириндеп, анда-санда кездешет.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Жетилген шер-чымындар жана алардын личинкалары эркин жашап жырткычтык менен бөлөк курт-кумурскалар менен азыктанышат. Личинкалары топуракта же чирип бараткан жыгачтарда чоңоёт. Имагосунун учушу июндун аягынан сентябрдын ортосуна чейин байкалат. Коркок, сезгич болуп, карматпайт. Энтомофаг, азыгынын курамында Марокко чегирткеси *Dociostau rus maroccanus* Thunberg ошондой эле көгөндөр (Tabanidae тукуму) [33].Өнүгүүсү бир жылга созулат [26].

**Чектөөчү факторлор**. Талаа массивдерин өздөштүрүү жана айдоо, инсектициддерди пайдалануу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Жүргүзүлгөн эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Түрдүн 1985-жылы [60] Республиканын Кызыл китебине киргизилгенине карабастан коргоо чаралары иштелип чыккан эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Азыркы күндөгү таралышын жана экологиясын изилдөө, алардын жашаган жерлеринде микрорезерваттарды уюштуруу менен ал жерлерди айдоого жана инсектициддерди пайдаланууга тыюу салынышы зарыл.

# Ктырь гигантский

**_Satanas gigas_ (Eversmann, 1854)**

**Статус:** *III категория (LR-nt)*. Вид, редко встречающийся на обширном ареале, местообитания имеют тенденцию к сокращению площади. Занесён в Красную книгу СССР в 1984 году (категория II) [26].

**Краткое описание внешнего вида взрослой стадии.** Самая крупная муха в фауне страны, длина переднего крыла достигает 26 мм, длина тела – 38–50 мм. Стройное тело покрыто густым, серым налётом; грудь крепкая, массивная с сильно выпуклой среднеспинкой. Глаза очень большие, выступающие, отделены друг от друга у особей обоих полов. Хоботок удлиненный, торчащий, сильно склеротизованный. Длинные ноги в волосках и щетинках. Пара прозрачных быстрых крыльев в покое складываются на спину. Половой диморфизм выражен слабо.

**Распространение общее и в стране.** Встречается в Северной Африке, Иране, на юге европейской части России, на Украине, в Молдавии, Закавказье, Средней Азии, Казахстане, на Алтае, в Монголии и Северном Китае [33, 26, 22]. В Кыргызстане – долины рек Талас, Чаткал и Узун-Ахмат [42, 63], Атойнокский хр. (ущ. Курпсай [37]), северный склон Киргизского хр. и Чуйская долина (с. Петровка [42, 63], с. Чон-Арык [49], с. Кашка-Суу [49]), западная оконечность Иссык-Кульской котловины [49], Внутренний Тянь-Шань (долина р. Джаман-Даван, с. Сары-Булун) [42, 63], Приферганье [12].

**Места обитания.** Целинные степи, пустоши и разреженные кустарники на холмах и в предгорьях на высотах до 1900 м [63].

**Численность.** Очень низкая. Встречаются единичные особи.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Взрослые ктыри и их личинки ведут свободный образ жизни, хищничают, питаясь другими насекомыми. Личинки развиваются в почве или разлагающейся древесине. Лёт имаго наблюдается с конца июня до середины сентября. Пуглив; поймать его, тем более с добычей, очень трудно. Энтомофаг, в составе добычи отмечена Мароккская саранча *Dociostaurus maroccanus* Thunberg, а также слепни (сем. Tabanidae) [33]. Развитие длится один год [26].

**Лимитирующие факторы.** Освоение и распашка степных массивов, применение инсектицидов.

**Разведение (содержание в неволе).** Не проводилось.

**Меры охраны существующие.** Не разработаны, несмотря на то, что вид занесён в Красную книгу республики в 1985 году [60].

**Меры охраны рекомендуемые.** Необходимо изучить современное распространение и экологию вида, после чего в местах обитания создать микрорезерваты, запретив распашку и применение инсектицидов.

# Eversmann's Giant Robber-fly

**_Satanas gigas_ (Eversmann, 1854)**

**Status:** «Lower Risk – near threatened» (LR-nt – Category III), naturally rare widespread (from Northern Africa up to Mongolia and Northern China) species, populations of which are mosaic-distributed at lands under economic development. It is noticeable large robber-fly, which species is included into some regional Red Lists, active predator, caught acridids and gad-flies. Flies occur in season from end of June to mid-September; the species inhabits foothills and piedmonts with steppe vegetation, up to 1,900 m above sea level and is registered in Kyrgyzstan in several sites in Talas, Chatkal, Uzun-Akhmat, Fergana and Tchu valleys, in Middle-Naryn and Issyk-Kul hollows. Number is small everywhere. Limiting factors: development of virgin lands, ploughing-up and pesticide treatments. At present it is out of any protection, while was included into Red Book of the country in 1985. To conserve the species, creation of micro-reservations with decreasing of mentioned limiting factors, and study of the current distribution and ecology, are necessary.

# Арчачыл мүйүз куйрук

*Urocerus sah* (Mocsary, 1881)





Жаргак канаттуулар – Hymenoptera – Перепончатокрылые – Hymenopterans
Мүйүз куйруктуулар – Siricidae – Рогохвосты – Horntails

**Статусу:** *III категория (LR-nt)*. Тиричилик чөйрөсү кыскарып бараткан табигий сейрек түр. Зоогеографиялык изилдөөлөр үчүн жаныбар жана бул тукумдун республикадагы фаунасынын төрт өкүлүнүн бири катары аймактык генефондду сактоо аспектисинде мааниге ээ [12]. Айрым адистер тарабынан *U. sah* тын статусун *U. augur* (Klug, 1803) түрчөсүнүн рангасына төмөндөтүлүшү биологиялык жактан негизделбегендик катары бааланууда.

**Түрдүн жетилген стадиясынын сырткы түзүлүшү.** Мүйүз куйруктар тукумуна мүнөздүү түр. Жумуртка салгычын эсепке албаганда, ургаачыларынын денесинин узундугу 20–40 мм ди түзөт, жумуртка салгычы курсакчасынан бир аз узун, канатынын арышы 40–52 мм. Денеси кара түстө, биринчи эки сегменти текши, 8-сегментинин арткы четинен башка бөлүгү, акыркы сегментинин учу жана анын өзүндүсү сары же кызыл-сары түстө. Мурутчалары жана буттары кызгылтым-сары, канаттары саргылтым. Эркеги бир жарым эсе кичине, ал да кара түстө, курсакчасынын ортосу сары-күрөң, мурутчалары каралтым, канаттары күңүрт-боз, сары кошумча түсү жок.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Атлас тоолору, Кичи Азия, Крым, Кавказ, Копетдаг, Батыш Тяньшань, Гиссар-Алай, Батыш Памир [6, 7, 8]; Түндүк Америкага алып барылган [85]. Кыргызстанда Бешарал (Чаткал кырка тоолору) [69] жана Сарычелек [7] коруктарында, Түркстан жана Алай кырка тоолорунун түндүк капталында [7], Кыргызата дарыясынын капчыгайында [69], Фергана кырка тоосунун түндүк капталында [52] кездешет.

**Жашаган аймактары.** Деңиз деңгээлинен 1200–2300 м бийиктик алкактарында өскөн арча токойлорунун төмөнкү жана ортонку тилкелери.

**Саны.** Абдан аз [52].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** *Juniperus semiglobosa* Regel., *J. turkestanica* Kom., жана *J. seravschanica* Kom. арчаларынын абдан алсызданган, куурап бараткан жана жаңы кыркылган дарактарында, ошондой эле, диаметри 20–50 см болгон арчанын дүмүрлөрүндө жашашат. Личинкаларынын тал-теректердин [6] жыгачында жашары жөнүндөгү маалыматтар так эмес. Жылына бир муун берет, жетилген стадияларынын активдүү тиричилик аракети төмөнкү зонасында июндун 3чү декадасында башталып сентябр айына чейин созулса, ал эми ортонку зонада октябрга чейин созулат. Ургаачылары өздөрүнүн жумурткаларын аба ырайы ачык, шамалсыз күндөрү, түштөн кийин, дарактын көлөкө тарабына ташташат [69]. Жумуртка тобу 2–3 даана жумурткадан туруп, 10–14 мм тереңдикке жайгаштырылат. Эмбриологиялык фазасы 12–15 күнгө созулат. Личинкалык жолдору ар кайсы тарапка багытталып, ичи бургу уну менен толтурулган.

**Чектөөчү факторлор.** Экологиялык нишасындагы конкуренттери болуп *Semanotus semenovi* Okun., *Anthaxia conradti* Sem., *Phioeosinus turkestanicus* Sem. ксилофаг көңуздары эсептелет [69, 52]. Душмандарына курт-кумурска жечү канаттуулар, энтомофаг курткумурскалар кирет. Оорулары изилденген эмес. Арчачыл мүйүз куйруктун популяцияларынын санынын кыскарышы арча токойлорунун аянттарынын азайышынан келип чыгышы мүмкүн.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Колдо асыроо жүргүзүлгөн эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Атайын коргоо иш-чаралары жүргүзүлбөгөн. Жашаган жерлери Сарычелек жана Бешарал коруктарында коргоого алынган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Арча токойлорунун төмөнкү жана ортонку тилкелеринде диаметри 20–50 см болгон 3–5 дарактан турган абдан алсызданган, куураган, кар сындырган, шамал жыккан жана таш кулоосунан сынган арчалардан турган токой участокторун коргоого алуу абзел.

# Рогохвост арчёвый

## *Urocerus sah* (Mocsary, 1881)

**Статус:** *III категория (LR-nt)*. Естественно редкий вид с тенденцией к сокращению местообитаний. Имеет значение как объект для зоогеографических исследований и в аспекте сохранения регионального генофонда, один из четырёх представителей семейства в фауне республики [11]. Понижение некоторыми специалистами статуса *U. sah* в ранг подвида *U. augur* (Klug, 1803) представляется необоснованным биологически.

**Краткое описание внешнего вида взрослой стадии.** Крупное сидячебрюхое перепончатокрылое типичного для семейства рогохвостов облика. Длина тела самки без яйцекладки достигает 20–40 мм, яйцеклад немного длиннее брюшка без отростка, размах крыльев – 40–52 мм. Тело чёрного цвета, два первых сегмента – сплошь, 8-й, кроме заднего края, и вершина последнего сегмента вместе с отростком жёлтые или красно-жёлтые. Усики и ноги красновато-жёлтые, крылья рыжевато-жёлтые. Самец в полтора раза мельче, также чёрного цвета, середина брюшка жёлто-бурая, усики черноватые, крылья серовато-затемнённые, без жёлтого оттенка.

**Распространение общее и в стране.** Атласские горы, Малая Азия, Кавказ, Крым, Копетдаг, Западный Тянь-Шань, Гиссаро-Алай, Западный Памир [6, 7, 8]; завезён в Северную Америку [85]. В Кыргызстане – Беш-Аральский (Чаткальский хр.) [69] и Сары-Челекский [7] заповедники, северные склоны Туркестанского и Алайского хребтов [7], ущ. р. Кыргыз-Ата [69], северная часть Ферганского хр. [52].

**Места обитания.** Нижний и средний пояса арчёвых лесов, на высотах 1200–2300 м н. у. м.

**Численность.** Очень низкая [52].

**Образ жизни (жизненные циклы).**Заселяет сильно ослабленные, отмирающие и свежесрубленные деревья *Juniperus semiglobosa* Regel, *J. turkestanica* Kom. и *J. seravschanica* Kom.; а также пни диаметром 20–50 см. Указание на обитание личинок в древесине тополя [6] ошибочно. Одно поколение в году, лёт начинается в нижней зоне лесного пояса в третьей декаде июня и продолжается до сентября, а в средней зоне – с третьей декады июля до октября; самки откладывают яйца в солнечную безветренную погоду, после полудня, преимущественно с затененной стороны ствола [69]. Кладки находятся на глубине 10–14 мм и содержат 2–3 яйца; личиночные ходы идут в различных направлениях, плотно забиты буровой мукой, продолжительность эмбриональной фазы – 12–15 дней [69, 52].

**Лимитирующие факторы.** Конкурентами в экологической нише являются жесткокрылые-ксилофаги *Semanotus semenovi* Okun., *Anthaxia conradti* Sem., *Phloeosinus turkestanicus* Sem. [69, 52]. Враги – насекомоядные птицы, насекомые-энтомофаги. Болезни не изучены. Уменьшение количества популяций арчёвого рогохвоста может происходить вследствие сокращения площади массивов арчи.

**Разведение (содержание в неволе).** Не проводилось.

**Меры охраны существующие.** Специальные меры по сохранению не принимаются. Места обитания находятся под охраной в Сары-Челекском и Беш-Аральском заповедниках и в ГПНП «Кыргыз-Ата».

**Меры охраны рекомендуемые.** В арчёвых насаждениях нижнего и среднего поясов сохранять участки леса, в которых имеются ослабленные, сухостойные, снеголомные, ветровальные и камнеломные деревья, с диаметром стволов 20–50 см, в количестве 3–5 экз./га.

# Juniper Horntail

## *Urocerus sah* (Mocsary, 1881)

**Status:** «Lower Risk – near threatened» (LR-nt – Category III), naturally rare Ancient-Mediterranean species spreaded from North-western Africa up to Western Pamir, one of four representatives of the family in Kyrgyzstan; habitats have the tendency of square decreasing. Imagoes occur in season from end of June to October in lower and middle zones of Juniper forest band, at 1,200–2,300 m above sea level, the species is registered in Kyrgyzstan in several sites in Chatkal, Fergana, Turkestan and Alai Mountains. Limiting factors: competitors (xylophagous beetles also inhabiting Juniper timber), natural enemies (entomophagous birds and insects), reducing areas of Juniper forests with dead wood, weakened and wind-fallen trees. At present time habitats are protected in Kyrgyz-Ata National Park, Sary-Chelek and Besh-Aral Nature Reserves. For conservation of this species it is necessary to preserve forest areas with some number of dead, weakened and wind-fallen old Juniper trees.

# Кузнецов бутак муруттуу таарыгычы

***Megalodontes (Rhipidioceros) kuznetzovi*** Dovnar-Zapolskij, 1930





Жаргак канаттуулар – **Hymenoptera – Перепончатокрылые–Hymenopterans**

Тармак муруттуу таарыгычтар–**Megalodontidae – Пилильщики-мегалодонтиды – Lamellicorn Saw-flies**

**Статусу:** *II категория (VU B1ab(iii)+2ab(ii,iii,iv); D2; E).* Сейрек тар локалдуу Батыш Тяньшандын эндемиги, популяциялардын санын азайышы өтө кооптуу. Байыркы – реликт тукумунун Орто Азиядагы алты түрүнүн бири (Кыргызстанда 2–3 түрү бар [12] ). Түр региондогу жаргакканаттуулардын ичинен эң тар ареалдуу [7]. Зоогеография жана генофондду сактоо аспектилери боюнча мааниси чоң.

**Түрдүн жетилген стадиясынын сырткы түзүлүшү**. Узундугу 13,5–15,2 мм денеси бир топ куушураак, чымыр таарыгыч. Башы чоң, үстү чекиттелген. Чайнагычтары кенен жайгашкан, узун. Мурутчалары сары, узун тарактай чыбырткыларлуу, эркектеринин өсүндүлөрү өнүккөн жана каралжын. Үстүнкү аркасы кыска, көкүрөгүнүн үстү жыш, одурайган чекиттүү. Буттары ичке, сары. Канаттары саргыч-кызгылт тарамдуу, жогору жагында күңүрт темгили бар. Курсагынын узундугу турасынан 1,7–2,0 эсе узун, ургаачысыныкы жазы, эркегиники ичке, созулган, жылтырак. Жумуртка салгычы өтө кыска. Эркегинин церкасы чоң. Денесинин түсү жалпысынан буктөмө канаттуулардын түсүнө окшоп өзгөрөт, үстү кара, бет жагында, чыкыйында ачык сары темгилдүү, кээде маңдайында узунунан кеткен тилкечесинин ортосунда 2 жүп тагы жана үзүлгөн жазы четки тилкелери курсак тергиттеринде жайгашкан.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Ареалы бөлүнгөн аралчалардан турат. Негизги экөө Талас өрөөнүнүн батышында: Кыргыз кырка тоолорунун түндүк бетинде (Казакстандын аймагындагы Аксу-Жабаглы коругунда жана Кыргызстан менен Казакстан чектешкен жерлеринде): дагы бир обочолонгон популяциясы Өзбекстанда Пскем дарыясынын капчыгайынын оң жагында табылган [50]. Или Алатоо кыркаларында көрсөтүлүшү [7] жаңылыштык.

**Жашаган аймактары.** Деңиз деңгээлинен 1200–1400 м бийиктикте, нымдуу тоо этектеринде жыгач-бадал биотопторунда [14, 50] кездешет. Мурда түр жапыз тоолордун бузулбаган жерлеринде жашаган болуш керек, себеби боздоң талаалардын байыркы фаунасынын өкүлү катары эсептелген [7].

**Саны.** Өтө төмөн. Маршруттук каттоолордо 10–15 км жерде бир эле өсүмдүктүн гүлдөрүндө бир мезгилде тамактанып жатышкан 4 экз. чейин имаголор катталган. Ал эми кайталанган каттолордо таарыгычтар кездешкен эмес (көлөмүнүн чоңдугуна жана түсүнүн ачыктыгына карабастан) [50].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Личинкасынын биологиясы *M. kuznetzovi* изилденген эмес, кыштоочу фазасы белгисиз. Түр моновальтивдүү болсо керек, личинкалары руталар (Rutaceae уруусу) тукумундагы өсүмдүктөрдө өнүгөт [7]. Имагосунун учуусу майдын ортосунан июндун аягына чейин, учуулары, көңүлдөнбөгөндөй начар, өсүмдүктөрдүн гүлдөрүндө тамактанышат (*Prangos pabularia*, *Ferula* spp. [50]).

**Чектөөчү факторлор.** Түрдүн табигый сейректиги жердеген жерлеринде малдын көп жайылышы, чөп чабуу жана пестициддерди иштетүүнүн натыйжасында байыркы ареалынын бузулушу (популяциялардын бытыранды болуп кетиши имбридингдин себебинен тукум курут коркунучу) ошондой эле климаттын өзгөрүшүнө болгон сезгичтиги жана стенобионттуулугу. Андан башка чыйырчыктарынын (*Acridothestes tristis*) алардын аарыга окшогон мимикриялык түсүнө карабастан чокуп жеп кетиши [50].

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Жүргүзүлгөн эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Азыркы убакта Кыргызстанда корголбойт. Жашаган жерлери формалдуу түрдө Аксу-Жабаглы коругу (Казакстан) жана Чаткал-Угам жаратылыш резерватынын коргоосунда.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.**Түрдүн жердеген жерлеринде өсүмдүктөрдү комплекстүү коргоо (аянттарды айыл-чарбасына интенсивдүү пайдаланууну төмөндөтүү), микрозаказниктерди уюштуруу, ал жерлерде уу химикаттарды пайдаланууну толугу менен тыюу салуу, имаголануу алдындагы фазасынын биологиясын, микроклиматка багынычтуулугун тактоо, саны боюнча мониторинг жүргүзүү жана личинкалары өнүккөн өсүмдүктөрдү атайлап отургузуу мүмкүнчүлүгүн кароо талапка ылайык.

# Мегалодонт Кузнецова

## *Megalodontes* (*Rhipidioceros*) *kuznetzovi* Dovnar-Zapolskij, 1930

**Статус:** *II категория (VU B1ab(iii)+2ab(ii,iii,iv); D2; E)*. Редкий узколокальный эндемик Западного Тянь-Шаня, с близким к критическому числом популяций. Один из шести среднеазиатских представителей реликтового семейства (в Кыргызстане – 2–3 вида [12]). Имеет самый узкий ареал среди среднеазиатских видов сидячебрюхих перепончатокрылых [7], важное значение в аспектах зоогеографии и сохранения генофонда.

**Краткое описание внешнего вида взрослой стадии.** Пилильщик с коренастым уплощённым телом, длина 13,5–15,2 мм. Голова большая, сверху пунктированная. Жвалы длинные, широко расставленные. Усики рыжеватые, по длине немного меньше ширины головы, длинногребенчатые, отростки более развиты и зачернены у самца. Переднеспинка короткая, грудь сверху в довольно густой и грубой пунктировке. Ноги довольно стройные, жёлтые. Крылья желтоватые с рыжими жилками, у самки с дымчатым пятном у вершины. Брюшко в 1,7–2,0 раза длиннее ширины, по ширине у самки равно груди, у самца более узкое и вытянутое, блестящее. Яйцеклад очень короткий, церки самца хорошо видны сверху. Окраска тела в целом мимикрирующая под складчатокрылых ос – чёрная с варьирущим ярко-жёлтыми пятнами на лице, висках, темени, среднеспинке и полосами на брюшных тергитах.

**Распространение общее и в стране.** Ареал состоит из изолированных «островков». Два основных – на западе Таласской долины: на южном склоне Киргизского и на северном склоне Таласского хр. (в заповеднике Аксу-Жабаглы на территории Казахстана и на границе Кыргызстана и Казахстана); ещё одна изолированная популяция обнаружена в Узбекистане по правому борту ущ. р. Пскем [50]. Указание на нахождение вида в районе хр. Заилийский Алатау [7] ошибочно.

**Места обитания.** Встречается в наиболее влагообеспеченных участках биотопов древесно-кустарникового пояса предгорий [14, 50] на высотах 1200–1400 м н. у. м. В прошлом вид населял, вероятно, также более низкогорные ненарушенные участки, т. к. считался реликтовым представителем фауны степей [7].

**Численность.** Очень низкая. При маршрутных учётах попадались до 4 экз. имаго, одновременно кормящихся на цветах одного растения, на 10–15 км, а при повторных осмотрах этих же мест пилильщики не встречались (несмотря на сравнительно крупный размер и заметную окраску) [50].

**Образ жизни (жизненные циклы).**Биология личинок *M. kuznetzovi* не изучена, зимующая фаза не известна. По-видимому, вид моновольтинный, а личинки развиваются на растениях из сем. рутовых (Rutaceae) [7]. Лёт имаго – с середины мая до конца июня, они летают плохо и неохотно, кормятся на цветах зонтичных (*Prangos pabularia* Lindl., *Ferula* spp.) [50].

**Лимитирующие факторы.** Естественная редкость вида, общее обеднение растительности в местообитаниях из-за перевыпаса и сенокошения, обработка пестицидами, реликтовый характер ареала (разрозненность популяций и потенциальная угроза вырождения вследствие имбридинга), а также чувствительность к изменениям климата и стенобионтность. Кроме того, скворцы-майны (*Acridothestes tristis* L.) склёвывают неповоротливых мегалодонтов с цветов или на лету, невзирая на их мимикрирующую осоподобную окраску [50].

**Разведение (содержание в неволе).** Не проводилось.

**Меры охраны существующие.** В настоящее время в Кыргызстане не охраняется. Места обитания формально находятся под охраной в Аксу-Жабаглинском заповеднике (Казахстан) и в Чаткал-Угамском природном резервате (Узбекистан).

**Меры охраны рекомендуемые.** Комплексное сохранение растительности (снижение интенсивности сельскохозяйственного использования территорий) в местообитаниях вида, организация микрозаказников с полным запрещением использования ядохимикатов. Требуется также уточнить биологию преимагинальных фаз и зависимость от микроклимата, проводить мониторинг численности и, возможно, искусственную подсадку растений, на которых развиваются личинки.

# Kuznetzov's Lamellicorn Saw-fly

## *Megalodontes* (*Rhipidioceros*) *kuznetzovi* Dovnar-Zapolskij, 1930

**Status:** Vulnerable (VU B1ab(iii)+2ab(ii, iii, iv); D2; E – Category II), West Tien Shan endem, which has the most narrow area among Middle-Asian saw-flies. The species has scientific importance in zoogeographical aspect and for preservation of genetic fund. It is found in wood and bush belt of piedmonts at 1,200–1,400 m above sea level, in gorges with the dampest microclimate. Few populations are known in northern slope of Talas Mountain Range at the border of Kazakhstan, in adjacent territory of Aksu-Jabagly Nature Reserve (Kazakhstan), in south-western part of Alexander Mountain Range and in canyon of Pskem River (Uzbekistan). Number is reducing as a result of the general impoverishment of vegetation, anthropogenic press to habitats and pesticide pollution. The stenoky, relic character of the specific area and separation of populations are other limiting factors. At present it is out of any protection in Kyrgyzstan. To preserve this species, it is necessary to arrange comprehensive preservation of the vegetation in habitats, decreasing agricultural use (pasture and haying), to study life-history in immature stages and dependence on microclimate. Perhaps also artificial plantation of host-plants in micro-reservations and remizes would be useful.

# Полохрум сары аарысы

*Polochrum pamirepandum* Kurzenko, 1986





Жаргак канаттуулар – Hymenoptera – Перепончатокрылые – Hymenopterans
Сапигида сары аарылар – Sapygidae – Осы-сапиги – Sapygid Wasps

**Статусу:** *II категория (VU B2ab(iii); C2b; D2).* Азыркы фаунада таралышы кыскарып бара жаткан байыркы түркүмдүн ортоазиялык сейрек кездешүүчү эндемикалык түрү. Зоогеография жана генофондду сактоо аспектилери боюнча илимий мааниги ээ. Белгилүү болгон экинчи түрү (*P. repandum*) Түштүк Европада, Закавказьеде жана дагы бир катар өлкөлөрдө коргоого алынган [74]. Түркүмдүн эң ири өкүлү биоценозду жөнгө салуу менен эстетикалык мааниси чоң.

**Түрдүн жетилген стадиясынын сырткы түзүлүшү.** Денесинин узундугу 16–21 мм орто көлөмдөгү сары аары, ургаачысы эркегинен бир топ чоң, экөө тең сыртынан окшош. Башы чоң, көкүрөгүнөн бир аз ичкерээк, 1,6 эсе узунунан эңдүүрөөк. Мурутчаларынын жогору жагы каралжын, 3,1 эсе башынан узунураак, эркектери кичинекей жогорку 13 бөлүкчөсү менен. Алдынкы аркасы туурасынан узуну үч эсе узун, түз, арт жагынан тилинген, капталдарындагы тегуларына жетип турат, көкүрөгүн узундугу турасынан 1,5 эсе узун, курсагы – 2,1 эсе. Денеси саргыч түк менен капталганы байкалат, көкүрөгү одуракай чекиттүү. Курсагы жыш жана майда чекиттелген. Жалпысынан өңү-түсү кадимки сары аарыдай, денесинин жалпы түсү кара жана сары; чайнагычы, маңдайкы мурутчалары, көздөрүнүн үстүндөгү жана көз чуңкурундагы темгилдери, калканчасынын четтеринде жуптуу темгили, тергиттери менен стерниттеринин четтеринде жазы тасмасы бар, алардын биринчи үчөөнүн орто жерлери үзүлгөн жана буттары тизесинен тартып жылаңач. Канаттары саргыч-күрөң, алдынкылары радиомедиалдуу үчтөн ячейкалуу.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Анда-санда кездешет, жетишерлик изилденген эмес. *P. pamirepandum* Гиссартоо кыркаларынын Кондар жана Батыш Памирден (Тажикстан) 3–4 жерден табылып баяндалып жазылган [32, 82, 50]; Кыргызстан үчүн [12: «*P. repandum* Spin.»] Чаткалтоо кыркаларынын Хожоата [43] капчыгайынан белгилүү, ошондой эле Өзбекстан менен чектеш Каржантоо кыркаларынан, [43] бирок 60 жылдан бери катталган эмес [50].

**Жашаган аймактары.** Кыргызстанда – деңиз деңгээлинен 1100 бийиктик алкагында – суу жээктеген жазы жалбырактуу ачык жерлери бар токойлордо кездешет.

**Саны.** Көлөмүнүн чоңдугуна карабастан өтө сейрек жалгыздан кездешүүчү сары аары.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Полохрум сары аарысы – жыгач-уста аарыларынын *Xylocopa* Latr. уяларынын жалгыздаган инквилиндери. *P. pamirepandum* ээси өлүү жыгачтарда уялаган бир кыйла ири *X. valga* Gerst. Ээсинин уясында же анын жанында өзүнүн коконунда кыштайт, кокону тыкыс, туура эмес шар түрүндө, кара-күрөң, жылмакай, бир аз жылтырак [50]. Коллекциялык маалыматтар боюнча, имагосунун учуусу июндун башына чейин жүрөт. Июндун ортосунда токойлордун ачык жерлеринде эркектери жана ургаачылары югандын (чатырдуулар тукумундагы *Prangos pabularia* Lindl.) гүлдөрүндө кездешет.

**Чектөөчү факторлор.** Санитардык кыркуулар, пестициддердин пайдаланышы; Кыргызстанда табылган жерлериндеги гүлдөгөн өсүмдүктөрдүн интенсивдүү чабылышы, имбридингдин натыйжасында тукум курут коркунучун туудурат жана стенобионттулугун. Табигый душмандары, атаандаштары, оорулары жана митечилигинин экологиялык өзгөчөлүктөрү изилденген эмес.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Жүргүзүлгөн эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** *P. pamirepandum* эч жерде корголбойт. Жердеген жерлери Сарычелек биосфералык коругунун эң төмөнкү бийиктик алкагында формалдуу түрдө коргоо киргизилген [43].

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Сарычелек коругунун төмөнкү буфердик зонасындагы чоң дарактардын карган бутактарын кесүүгө тезинен тыюу салуу, суу жээгиндеги ачык жерлерди, токой массивдеринин четтериндеги аянттарды кеңейтүү.

# Оса Полохрум азиатская

## *Polochrum pamirepandum* Kurzenko, 1986

**Статус:** *II категория (VU B2ab(iii); C2b; D2)*. Редкий уязвимый эндемичный среднеазиатский вид реликтового в современной фауне семейства с сокращающимся распространением; группа имеет научное значение в аспектах зоогеографии и сохранения генофонда. Второй известный вид рода (*P. repandum* Spinola, 1805) распространён в Южной Европе и Закавказье и уже взят под охрану в ряде стран [74]). Наиболее крупный представитель семейства, имеет регуляторно-биоценотическое и эстетическое значение.

**Краткое описание внешнего вида взрослой стадии.** Оса среднего размера с длиной тела 16–21 мм, самки несколько крупнее самцов. Особи обоих полов внешне похожи. Голова массивная, немного уже груди, в 1,6 раза шире длины. Усики с зачернёнными вершинами, в 3,1–3,3 раза длиннее ширины головы, у самца – с маленьким вершинным (13-м) члеником. Глаза с вырезкой по переднему краю. Переднеспинка с почти прямыми переднебоковыми углами, втрое шире длины, сзади плавно вырезана, по бокам достигает тегул; грудь в полтора раза длиннее ширины, брюшко – в 2,1 раза. Тело сверху едва блестящее, голова и грудь с крупной грубой пунктировкой, задние части боков груди и проподеум матовые, брюшко пунктировано нежно и густо. Характер расцветки в целом типично особразный; общий тон тела чёрный, рисунок тела и ноги, начиная от колен, жёлтые. Усики, средние и задние голени сверху и тегулы рыжеватые. Крылья буровато-жёлтые, передние – с тремя радиомедиальными ячейками, с рыжей птеростигмой и почти чёрными жилками.

**Распространение общее и в стране.** Очень спорадичное, недостаточно изученное. *P. pamirepandum* описан из ущ. Кондара в Гиссарском хр. и из Западного Памира (Таджикистан), где найден в 2–3 пунктах [32, 82, 50]; известен для Кыргызстана [12: как «*P. repandum* Spin.»] из ущ. р. Ходжа-Ата на Чаткальском хр. [43], а также из сопредельного Узбекистана (хр. Каржантау [43], где уже более 60 лет не регистрировался [50]).

**Места обитания.** В Кыргызстане [50] – пойменный лиственный лес с полянами, на абсолютной высоте около 1100 м н. у. м.

**Численность.** Чрезвычайно редкая оса, отмечены только единичные встречи, несмотря на заметную окраску и крупный размер.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Осы-полохрумы – одиночные инквилины в гнёздах пчёл-плотников *Xylocopa* Latr. (сем. Anthophoridae), и, вероятнее всего, хозяином *P. pamirepandum* является *X. valga* Gerst., часто гнездящийся, в отличие от других среднеазиатских видов пчёл-плотников, в стволах мёртвых деревьев и брёвнах. Зимует в коконе в гнезде хозяина или рядом, кокон плотный, неправильно-шаровидный, тёмно-бурый с вишнёвым оттенком, гладкий, тускло блестящий [50]. По коллекционным данным, лёт имаго проходит в период с начала июня до начала августа. В середине июня на лесных полянах самцы и самки посещали цветы югана (*Prangos pabularia* Lindl. из сем. зонтичных) [50].

**Лимитирующие факторы.** Санитарные рубки, применение пестицидов; возможно, интенсивное сенокошение (в местах находок вида в Кыргызстане), и вырождение вследствие имбридинга. Реликтовость происхождения вида предполагает стенобионтность и чувствительность к изменениям климата. Естественные враги, конкуренты, болезни и особенности экологии паразитизма не изучены.

**Разведение (содержание в неволе).** Не проводилось.

**Меры охраны существующие.** *P. pamirepandum* в настоящее время нигде специально не охраняется. Места обитания частично находятся под формальной охраной в самой нижней высотной зоне Сары-Челекского биосферного заповедника [43].

**Меры охраны рекомендуемые.** В нижней буферной зоне Сары-Челекского заповедника незамедлительно запретить вырубку старых стволов крупных деревьев, а на приречных полянах и опушках лесных массивов увеличить площади, свободные от сенозаготовок и интенсивного выпаса.

# Asiatic Polochrum Sapygid Wasp

## *Polochrum pamirepandum* Kurzenko, 1986

**Status:** Vulnerable (VU B2ab (iii); C2b; D2 – Category II), one of two representatives of the rarest relic genus, which has scientific importance in zoogeographical aspect and for preservation of the unique genetic fund. Distribution is sporadic, number is very small. The species is known by single specimens from Hissar Mountain Range, Western Pamir, and Western Tien Shan (Tajikistan, Uzbekistan, Kyrgyzstan). Only one registered Kyrgyzstan population occurs in Chatkal Mountain Range in territory of human economic activity, in riverside forest at 1,100 m above sea level. Wasps are solitary inquilines of Carpenter Bees, imagoes were registered on hay-plant flowers in season from beginning of June to beginning of August. Degeneration of habitats of wasps and their hosts arises from wood cutting, pesticide usage and excessive haying. At present time it is out of any protection, but habitats are under formal conservation in the lower altitudinal zone of Sary-Chelek Reservation of Biosphere. It is urgently necessary to prohibit the firewood-cutting of large dry trees, which are nest-substratum for hosts; experimental study of ecology and re-introduction possibilities should be carried out.

# Мазарис сары аарысы

## *Masaris longicornis* (N. Kuznetzov, 1923)





Жаргак канаттуулар – Hymenoptera – Перепончатокрылые – Hymenopterans
Гүлчү сары аарылар – Masaridae – Цветочные осы – Masarid Wasps

**Статусу:** *III категория (LR-nt).* Байыртадан калган анча чоң эмес түркүмдүн (4–5 түрү) ортоазиялык табигый сейрек түрү. Тукум жана түркүм эң байыркы жаргак канаттулар группасынын бири, бор доорунун экинчи жармынан бери белгилүү (100 млн жыл мурда) олиготроф чаңдаткычтар катары эволюциялык калыптанган. Кыргызстанда көрсөтүлгөн (40 жыл мурда) *Masaris* (*M. carli*) түркүмүнүн өкүлү азыркы мезгилде бириндеген биотоптордун деградацияланышына байланыштуу өлүп жок болгондой [50].

**Түрдүн жетилген стадиясынын сырткы түзүлүшү.** Денесинин узундугу 10,5–12,0 мм, орто көлөмдөгү аары, канаттарынын кулачы 20,0–22,5 мм. Жыныстык диморфизм абдан өнүккөн. Ургаачысынын көкүрөгү кара, арт жагында капталдарында билинип турган тишчелери бар. Мурутчалары төөнөгүчтөй, кыска 12 бөлүктүү. Көздөрү чоң, алды жагы терең оюлган, тумшугунун кабынын капталдары кууш жана алды жагына кирип, мурутчаларынын кутучасы өтө узун, денесинин түсү кара саргыч сүрөттүү. Алдынкы аркасы арт жагынан кесилген жана капталдарындагы чоң тегуларга чейин жетет. Канаттары саргыч, алдынкыларында эки радиомедиалдуу ячейкасы, ал эми чокусунда бозомук каралжын түсү ургаачыларында өнүккөн. Эркектеринде сары түстөгү темгилдер басымдуу, арткы капталдарында тишчелери жок, мурутчалары ичке бөлүнбөгөн, узундугу алдынкы канатына тете.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Чачыранды, анча изилденген эмес. Кафирниган дарыясынын капчыгайында (Тажикстан) [19], Каржантау [19]; Талас [12, 19] ошондой эле Алай [50] жана Теской Алатоосунда [12] белгиленген (Ысыккөлдүн түштүк жээгинен төрт ургаачысы боюнча жазылган *M. tianshanicus* Panfilov, 1968 [56, 12] синоним болуп калышы ыктымал).

**Жашаган аймактары.** Деңиз деңгээлинен 1800–3100 м абсолюттук бийиктикке чейинки чөлгө айланган жерлерде, боздоң талааларда, жыгач-бадалдуу тоо алкактарында, бийик субальпы шалбааларында кездешет [50]. Аарылар кургак микроклиматтуу жана жыңалач же чополуу тоо беттеринде кармалышат.

**Саны.** Бүткүл ареалы боюнча өтө төмөн. Мазаристер чачыранды, майда колониялуу, кээде жалгыздан жашаган особдору да кездешет. Жердеген жеринде тоют өсүмдүктөрүнөн 4–5 саатын ортосунда болгону эки жолу 10–15 даана көпчүлүгү эркек особдор катталган [36, 50].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Имагосу июндун экинчи декадасынан августун үчүнчү декадасына чейин кездешет; жеңил борпоң топуракта уялашат, личинкаларын гүлдүн ширеси жана чаңчаларынан аралашкан ботко менен тамактандырышат. Жылына бир муун берет. *Sympegma regelii* (Chenopodiaceae) жана *Dracocephalum integrifolium*, *D. stamineum* [50] жана *Thymus* [56] гүлдөрүндө катталган. Ургаачыларын жерге жакындаган кезде жакшы байкаса болот [50]. Эркектери көбүнчө түшкө жакын активдүү [34].

**Чектөөчү факторлор.** Популяциялардын санына жайыттардын тапталышы, айдоо, сугаруу, инсектициддерди пайдалануу таасир кылат, бирок көпчүлүк жердеген жерлери азыркы мезгилде түздөн-түз антропогендик коркунучта эмес. Табигый душмандардын басымы да алардын санына терс таасирин тийгизет (айрыкча уя инквилиндери) жана бактериалдык, микоздук оруулардын натыйжасында өлүмү өнүгүүсүнүн бардык стадиясында байкалат. Байыркы түрдүн чачыранды, обочолонгон, белгилүү бир жерге таандык популяциялары инбридингдин натыйжасында тукумдун бузулуш коркунучун туудурат.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Жүргүзүлгөн эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Азыркы убакта түр эч жерде корголбойт.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Колониялар табылган ареалдын кээбир жерлеринде (Ысыккөлдүн түштүгүндө, Алайда) жайыттарды тартипке келтирүү жана чөп чабууну чектөө менен эки кичи заказник түзүп, биологиясын, атаандаштарын жана табигый душмандарын аныктоо зарыл.

# Оса Мазарис длинноусая

## *Masaris longicornis* (N. Kuznetzov, 1923)

**Статус:** *III категория (LR-nt)*. Естественно редкий среднеазиатский вид из небольшого (4–5 видов) реликтового рода. В Средней Азии род и семейство являются одной из наиболее древних групп перепончатокрылых, известны со второй половины мелового периода (около 100 млн. лет назад), эволюционно сформировались как опылители-олиготрофы, предшественники пчёл. Второй отмеченный в Кыргызстане (40 лет назад) представитель рода *Masaris* (*M. carli* Schulthess, 1922) в настоящее время, очевидно, уже вымер вследствие деградации изолированного биотопа [50].

**Краткое описание внешнего вида взрослой стадии.** Оса среднего размера с длиной тела 10,5–12,0 мм; размах крыльев 20,0–22,5 мм. Половой диморфизм ярко выраженный. У самки грудь длиннее ширины в 1,28 раза; усики булавовидные, 12-члениковые, по длине равны высоте головы; проподеум с заметными зубчиками на заднебоковых верхних углах. У особей обоих полов окраска тела особообразная, чёрная с жёлтым рисунком, футляр хоботка уплощён с боков и заходит назад за передние тазики. Крылья желтоватые, передние – с длинной дискоидальной и двумя радиомедиальными ячейками, дымчатое затемнение на вершине более развито у самок. У самца жёлтый рисунок более развит, грудь длиннее ширины в 1,55 раза, проподеум без зубчиков, усики по длине равны переднему крылу, с почти нерасчленённой длинной булавой.

**Распространение общее и в стране.** Спорадичное, недостаточно изученное. Известен из ущ. р. Кафирниган (Таджикистан) [19], хребтов Каржантау [19] и Таласского [12, 19], а также Алайского [50] и Терскей Ала-Тоо [12] (описанный по четырем самкам с южного берега оз. Иссык-Куль *M. tianshanicus* Panfilov, 1968 [56, 12] весьма вероятно является синонимом).

**Места обитания.** Опустыненные и остепнённые рефугиумы в древесно-кустарниковом поясе гор или выше [50], также в поясе субальпийских лугов; на абсолютных высотах от 1800 (Прииссыккулье) до 3100 м н. у. м. Осы придерживаются участков с сухим микроклиматом, с обнажёнными склонами или глинистыми обрывами.

**Численность.** По всему ареалу очень низкая. Мазарисы живут маленькими колониями, но встречаются, как правило, одиночные особи. Лишь дважды в местах обитания на куртинах кормовых растениях было зарегистрировано за 4–5 часов 10–15 особей, преимущественно самцов [36, 50]. В другие годы в тех же точках осы не встречались совсем.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Имаго встречаются со второй декады июня до третьей декады августа; гнездятся (строят норки) в почве, предпочитая лёгкую лёссовидную; выкармливают личинок тестом из нектара и пыльцы, которое переносят в зобике. В году одно поколение. Отмечены на цветах *Sympegma regelii* Bunge (Chenopodiaceae) и *Dracocephalum integrifolium* Bunge, *D. stamineum* Kar. et Kir. [50] и *Thymus* L. [56] из Lamiaceae. Перед тем как войти в гнездо, самка обычно присаживается невдалеке ненадолго и может подпустить наблюдателя очень близко [50]. Самцы осторожны, вспугнутые, быстро взлетают вертикально и улетают, наиболее активны около полудня [34].

**Лимитирующие факторы.** На число популяций потенциально влияют перевыпас, распашка, мелиорация и применение инсектицидов, однако большинству местообитаний в Кыргызстане в настоящее время непосредственное антропогенное разрушение не угрожает. Численность лимитируется прессом естественных врагов (особенно инквилинов гнёзд) и смертностью от бактериальных болезней и микозов на всех стадиях развития (вследствие сурового климата высокогорий). Разрозненность изолированных локальных популяций вида создает угрозу вырождения вследствие имбридинга.

**Разведение (содержание в неволе).** Не проводилось.

**Меры охраны существующие.** В настоящее время вид нигде не охраняется.

**Меры охраны рекомендуемые**. Целесообразно в разных точках ареала, где обнаружены колонии (например, на южном берегу оз. Иссык-Куль и на Алайском хр.) создать 2 микрозаказника с минимальным регламентированным выпасом и ограниченным сенокошением, выявить особенности биологии, круг конкурентов и инквилинов.

# Kuznetzov's Longicorn Wasp

## *Masaris longicornis* (N. Kuznetzov, 1923)

**Status:** «Lower Risk – near threatened» (LR-nt – Category III), belongs to rarest representatives of relic family. The genus numbers 4–5 species, which are rare and except one sporadically spreaded Middle-Asian endems. This group has scientific importance in aspects of zoogeography, evolution and for preservation of genetic fund (another congener at present time is extinct in Kyrgyzstan). Colonies sporadically occur in mid-montane zone at places on exposed slopes, at 1,800–3,100 m above sea level, with flowering plants (mainly *Lamiaceae* species); wasps make nests in loess soil. Negative influence to number of these wasps is caused by general impoverishment of vegetation, ploughing-up, melioration, pesticide treatments and probably by some natural enemies, especially nest inquilines. At present it is out of any protection, but narrow habitats are almost undisturbed. Creation of two micro-reservations (e. g. at southern shore of Issyk-Kul Lake and in Alai Mt. Range), prohibition of pasturage, regulation of haying, monitoring, study of the colonial biology, forage reserve, natural enemies and competitors of this species, are expedient.

# Кара курсактуу кул ээлөөчү кумурска

## Rossomyrmex proformicarum *K. Arnoldi, 1928*





Жаргак канаттуулар – **Hymenoptera – Перепончатокрылые – Hymenopterans**
Кумурскалар – **Formicidae – Муравьи – Ants**

**Статусу:** *II категория (VU B2ab(iii); C2b; D2).* Дың жерлер фаунасынын дизьюнктивдүү ареалдуу байыркы өтө сейрек кездешүүчү түрү. Түркүмдө үч түр белгилүү, *R. proformicarum* жана *R. minuchae* Tinaut, 1981 (Пиреней жарым аралынын эндемиги), 1996-жылы VU D2 категориясы менен киргизилген [76]; 1995-жылы Кытайдан жазылган *R. quandratinodum* Xia & Zheng, 1995 статусу тактоого муктаж.

**Түрдүн жетилген стадиясынын сырткы түзүлүшү.** Дене түзүлүшү ичке келген кумурскалар, жумушчулары орто көлөмдө, денесинин узундугу 5,2–5,6 мм. Башы, көкүрөгү жана петиолу кызыл-сары, курсагы (бир сегменттен турган бутакчасынан башкасы) кара, бир аз коло сымал жылтырак. Көздөрү туура өнүккөн, үч көзчөсү бар, башы чоң, көкүрөгүнөн жазы, кежиге жагы чуңкурлуу, муунактуу мурутчаларынын скапусу (базалдуу бөлүкчөсү) анча терең эмес мурутчаларынын чуңкурунан кежигесинин четине чейинки аралыгы кыска, чайнагычы өнүккөн сегиз тиштүү. Буттары агыш-боз, денесинин арка жагында түкчөлөр өнүккөн, айрыкча проподеумунда узунураак. Жумушчу кумурскалары белгилүү, эркектери жана ургаачылары азырынча жазылган эмес [77].

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Жетишерлик изилденген эмес. Түр Төмөнкү Поволжьеден жазылган [77], ошондой эле Ростов областында, Калмакстанда, Батыш жана Түштүк-Чыгыш Казакстанда, Монголияда [80], Кыргызстанда – Чүй өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндө белгилүү (Орловка айлынын тегерегинде) [12].

**Жашаган аймактары.** Rossomyrmex кадимки дың талаалардын топурактарын уялаган Proformica Ruzsky түркүмүндөгү кумурскалардын уюктарында кездешет, Кыргызстанда деңиз деңгээлинен 1150 м жакын бийиктикте анча кенен эмес тилке менен тоо этектеринде кездешет.

**Саны.** Бир нече сааттык каттоодо топурактын үстүндө жана таштардын алдында бир нече особ кездешкен [38], ал эми эки жумадан кийинки кайталанган каттоодо ал жерлерде кумурскалар табылган эмес [50]. Жашаган жерлерине окшогон бөлөк биотоптордо атайлап издөө жыйынтыксыз болгон [45].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Анча изилденген эмес. Тиричилик циклынын көпчүлүгү жердин алдында ээсинин уюгунда өтөт болуш керек. Бул кумурскалар негизинен эртең менен кездешет, мүмкүн алар түнкүсүн көбүнчө активдүүдүр. *R. proformicarum* талаа бал кумурскасынын *Proformica epinotalis* Kuzn.-Ug. [77] жана *P. nasuta* (Nyl.) [80] мите-кул ээлөөчүсү. Чабуул убагында ар бир амазонка-кумурскасы бөлөк кумурсканы тиштей качат; бал кумурскалардын уюгу табылганда, россомирмекстердин бардыгы катышып талоонго алышат, кайра кайтканда ар бири бирден куурчакча «кул» кумурсканы ала кетишет [80]. Кыргызстанда россомирмекс июндун аягында катталган [38].

**Чектөөчү факторлор.** Жашаган жерлери активдүү антропогендик зонага туура келет. Бардык жерлерде күчөтүлгөн жайыт, чөп чабуу, сугаруу жана пестициддер менен булгоонун натыйжасында жаратылыш коомчулуктарынын деградацияланышы катталууда. Түрдүн ээси болгон *P. epinotalis* саны да төмөндөө коркунучунун алдында турат. Республикада белгилүү бөлөк амазонканын эки түрүн (эркектери менен ургаачылары белгилүү болгон кадимкилери) кумурскалардын бөлөк түрлөрү "кул" катары пайдаланышат, алар атаандаша алышпайт.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Жүргүзүлгөн эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Азыркы мезгилде эч жерде корголбойт.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Ээ – кумурскалардын жашаган дың жерлерин табигый алгачкы абалында коргоо. Кошумча издөөлөрдү жүргүзүү, дың жерлердин бардык энтомокомплексин коргоо менен биотопторду деградацияга дуушар кылган бардык факторлорду четтетүү режимин киргизүү; көбөйүүсүнүн биологиясын жана таралышын изилдөө максатка ылайык.

# Амазонка-Россомирмекс

## **Rossomyrmex proformicarum** *K. Arnoldi, 1928*

**Статус:** *II категория (VU B2ab(iii); C2b; D2)*. Редкий реликтовый представитель фауны целинных степей с дизъюнктивным ареалом. В роде всего три вида, *R. proformicarum* и *R. minuchae* Tinaut, 1981 (эндемик Пиренейского полуострова) включены в IUCN RLTS в 1994 году (категория VU D2) [76]; статус описанного из Китая *R. quandratinodum* Xia & Zheng, 1995 нуждается в уточнении.

**Краткое описание внешнего вида взрослой стадии.** Муравьи стройного телосложения, рабочие особи средних размеров, с длиной тела 5,2–5,6 мм. Голова, грудь и петиоль желтовато-красные, брюшко (кроме стебелька, состоящего из одного сегмента) чёрное, со слабым бронзовым блеском. Глаза развиты нормально, имеются три глазка, голова большая, шире груди, с выемкой на затылочном крае, скапус (базальный членик) коленчатых усиков короче расстояния от неглубоких усиковых ямок до затылочного края головы, жвалы с восемью зубцами на развитом жевательном крае. Ноги светло-бурые, скульптура тела малозаметная, на спинной стороне тела развиты волоски, особенно длинные на проподеуме. Самцы и самки не известны [77].

**Распространение общее и в стране.** Недостаточно изученное. Вид описан из Нижнего Поволжья [77], известен также из Ростовской области, Калмыкии (Российская Федерация), Западного и Юго-Восточного Казахстана, Монголии [80]; в Кыргызстане [12] – из восточной части Чуйской долины (окрестности с. Орловка).

**Места обитания**. Россомирмексы встречаются в поселениях муравьёв из рода *Proformica* Ruzsky, строящих гнёзда в почве, в типично степных стациях на целинных почвах, в Кыргызстане – по неширокой полосе на подошве передовой цепи предгорий, на абсолютной высоте около 1150 м н. у. м.

**Численность**. За несколько учётных часов на поверхности почвы и под камнями встретились несколько особей [38], а при повторном обследовании места находки (спустя две недели) Амазонки-Россомирмексы не обнаружены [50]. Предпринятые специальные поиски в других биотопически сходных местах обитания были безрезультатными [45].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Изучен недостаточно. По-видимому, значительная часть жизненного цикла проходит под землей, в гнёздах хозяев. Амазонки-Россомирмексы встречались в основном в утренние часы; возможно, они наиболее активны в тёмное время суток. *R. proformicarum* является паразитом («рабовладельцем») *Proformica epinotalis* Kuzn.-Ug. (Степного медового муравья) [77] и *P. nasuta* (Nyl.) [80]. Во время набегов каждый из муравьёв-амазонок в колонне несёт в челюстях другого; когда гнездо медового муравья обнаружено, все россомирмексы участвуют в его разграблении и на обратном пути каждый из них несёт по куколке муравья-«раба» [80]. В Кыргызстане Россомирмекс отмечен в конце июня [38].

**Лимитирующие факторы**. Места обитания находятся в зоне активного антропогенного влияния, повсеместно отмечается деградация естественных сообществ вследствие перевыпаса, распашки, мелиорации и загрязнения пестицидами. Численность вида-хозяина, *P. epinotalis*, также снижается и подвержена колебаниям. Два других известных в Кыргызстане вида амазонок (более обычных, для которых известны самцы и самки) не используют в качестве «рабов» *Proformica* spp., и конкурентами не являются.

**Разведение (содержание в неволе).** Не проводилось.

**Меры охраны существующие.** В настоящее время вид нигде не охраняется.

**Меры охраны рекомендуемые.** Сохранение в первозданном виде участков целинных степей с поселениями муравьёв-хозяев. Целесообразно провести дополнительные поиски Амазонки-Россомирмекса, а в местах обнаружения организовать микрозаказники, ввести в них режим устранения всех факторов деградации биотопов и охраны всего энтомокомплекса целинных степей, изучить биологию размножения и расселения.

# Russian Rossomyrmex

## *Rossomyrmex proformicarum* **K. Arnoldi, 1928**

**Status:** Vulnerable (VU B2ab (iii); C2b; D2 – Category II), rarest species with disjunctive area. It is representative of oligotypic relic genus, two of three congeners of which are included into IUCN RLTS. Russian Rossomyrmex inhabits virgin steppes; area of habitats is decreasing by economic development of lands; it is registered in Rostov Province (Russia), Kalmyk Republic, Lower Volga region, South-eastern Kazahkstan and in eastern part of Chu Valley in Kyrgyzstan, at 1,150 m above sea level. Number is extremely small; no more populations in Kyrgyzstan were revealed yet. Males and females are unknown; workers are slave-makers for some *Proformica* ant species. At present time the species and habitats are out of any protection. Preservation of virgin steppes is necessary for conservation of Russian Rossomyrmex and host, as well search for other localities, the micro-reservations creation there and study of reproductive biology.

# Тиркеме 1
# Приложение 1
# Annex 1

## Кыргызстандын Кызыл китебинен чыгарылган курт-кумурскалардын түрлөрү
## Виды насекомых, исключённые из Красной книги Кыргызстана
## Insect species excluded from Red Data Book of Kyrgyzstan

1. **Кооз дуулдак, жыттуу сыйда – *Calosoma sycophanta* (Linnaeus, 1758) – Красотел пахучий – Green Caterpillar Hunter** (Coleoptera түркүмү, Carabidae тукуму)

«Саны кыскарып бара жаткан сейрек кездешүүчү түр» статусу менен ошондой эле II категория менен [26] 1981-жылы киргизилген [20]. Кыргызстандын бардык жерлеринде кеңири таралган түр [12, 11 (статусу текшерилген), 41, 44, 45, 70].

Был внесен в 1981 году [61] со статусом «Редкий вид, численность которого продолжает сокращаться» [20]. Внесен также в Красную книгу СССР [26: категория II]. Широко распространенный вид, в Кыргызстане повсеместно не редок [12, 11 (ревизованный статус), 41, 44, 45, 70].

Was included in 1981 [61] with a status «Rare species with reducing number» [20]. Is included in USSR Red Data Book [26: category II]. This species is widespread and everywhere in Kyrgyzstan not rare [12, 11 (the status revised), 41, 44, 45, 70].

2. **Түктүү Регель сараtаны – *Amphicoma* (*Eulasia*) *regeli* Ballion, 1878 – Хрущик мохнатый Регеля – Regel's Shining Leaf Chafer** (Coleoptera түркүмү, Scarabaeidae тукуму)

«Саны кыскарууга багытталган, сейрек кездешүүчү түр» статусу менен [20] 1981-жылы киргизилген [61]. Көп сандуу жазгы түр [11] (статусу текшерилген), 42], Кыргызстанда жоголуу коркунуч жок [41, 45, 70].

Был внесен в 1981 году [61] со статусом «Редкий вид, имеющий тенденцию к сокращению численности» [20]. Многочисленный весенний вид [11 (ревизованный статус), 42], в Кыргызстане не находится под угрозой [41, 45, 70].

Was included in 1981 [61] with a status «Rare species with a tendency of abundance reduction» [20]. It is abundant species in spring time [11 (the status revised), 42], it is not threatened in Kyrgyzstan [41, 45, 70].

3. **Кадимки момчу – *Trichius fasciatus* (Linnaeus, 1758) – Восковик обыкновенный – Striped Cutlassfish** (Coleoptera түркүмү, Scarabaeidae тукуму)

«Саны азайып бара жаткан сейрек кездешүүчү түр» статусу менен [20], 1981-жылы киргизилген. Кеңири таралган [12, 11, 42], Кыргызстанда табигый себептер боюнча саны азыраак [44], түр азыркы мезгилде коркунучта эмес [41, 45, 70].

Был внесён в 1981 году [61] со статусом «Редкий вид, сокращающийся в численности» [20]. Широко распространён [12, 11, 42], в Кыргызстане численность сравнительно невысокая по естественным причинам [44], но вид в настоящее время не находится под угрозой [41, 45, 70].

Was included in 1981 [61] with a status «Rare species with reducing abundance» [20]. It is widespread [12, 11, 42] and has an abundance in Kyrgyzstan in the comparison small but by natural causes [44]; at present the species is out of any threat [41, 45, 70].

4. **Чөптөй жашыл коло сымак – *Protaetia* (=*Netocia*) *prototricha* (Fischer von Waldheim, 1842) – Травянисто-зеленая бронзовка – Troja Emerald Chafer** (Coleoptera түркүмү, Scarabaeidae тукуму)

«Саны азаюуга багыт алган, сейрек кездешүүчү түр» статусу менен [20], 1981-жылы [61] киргизилген. Орто Азиянын кеңири ареалдуу кадимки түрү (же андан да кеңири таралган түрдүн түрчөсү) [41, 44]. Түрдүн ареалынын чети болгон Кыргызстанда азыркы мезгилде саны локалдуу жана жогору [11, 70].

Был внесён в 1981 году [61] со статусом «Редкий вид, имеющий тенденцию к сокращению численности»

[20]. Обычный вид с широким среднеазиатским ареалом (или подвид еще более широко распространённого вида) [41, 44], в Кыргызстане на крае видового ареала, в настоящее время с высокой локальной численностью [11, 70].

Was included in 1981 [61] with a status «Rare species with a tendency of abundance reduction» [20]. It is common species with wide middle-asiatic area (or even a subspecies of more widespread species) [41, 44], while in Kyrgyzstan it is marginal species, e. i. is spreaded at the edge of the area, and is occurs in large number locally [11, 70].

5. **Дельфиус калдырканы – *Parnassius* (*Koramius*) *delphius* (Eversmann, 1843) – Аполлон дельфиус – Banded Apollo Butterfly** (Lepidoptera түркүмү, Papilionidae тукуму)

1984-жылы [26 (II категориясына)] кабыл алынуусунун негизинде киргизилген. Түр Кыргызстандын аймагында бардык бийик тоолордо дээрлик кеңири таралган жана бир нече түрчөсү белгилүү [12, 42, 44]. Түрдүн статусу текшерилген Кыргызстанда коркунуч критерийлерине жооп бербейт жана коргоого муктаж эмес [11 (статусу текшерилген), 41, 70].

Был внесён в 1984 году [60] на основании занесения в Красную книгу СССР [26: категория II]. Вид на территории Кыргызстана распространён практически по всем высокогорьям и представлен несколькими подвидами [12, 42, 44]. Ревизованный статус вида в Кыргызстане не соответствует критериям находящегося под угрозой и нуждающегося в охране [11 (ревизованный статус), 41, 70].

Was included in 1984 [60] as listed in USSR Red Data Book [26: category II]. The species is spreaded in Kyrgyzstan practically in all highlands, and is represented by several subspecies [12, 42, 44]. In Kyrgyzstan the status revised is not appropriated to criteria of the threatened species need to be protected [11 (the status revised), 47, 70].

6. **Кара калдыркан – *Parnassius* (*Driopa*) *mnemosyne* (Linnaeus, 1758) – Аполлон черный, мнемозина – Clouded Apollo Butterfly** (Lepidoptera түркүмү, Papilionidae тукуму)

1984-жылы [26 (II категориясына)] кабыл алынуусунун негизинде киргизилген [60] Кыргызстандын аймагында кеңири таралган түр – бир нече түрчөсү бар тукумдун кадимки эки түрүнүн бири, коркунуч факторлору байкалбайт [12,11 (статусу текшерилген), 41, 42, 45, 70].

Был внесён в 1984 году [60] на основании занесения в Красную книгу СССР [26: категория II]. Широко распространённый вид, на территории Кыргызстана – один из двух самых обычных видов семейства, представлен несколькими подвидами; факторов угрозы не существует [12, 11 (ревизованный статус), 41, 42, 45, 70].

Was included in 1984 [60] as listed in USSR Red Data Book [26: category II]. This widespread species is one of two most common congeners in Kyrgyzstan, and is represented by several subspecies. There is not any threat factors for this species [12, 11 (the status revised), 41, 42, 45, 70].

7. **Актиус калдырканы – *Parnassius* (s.str.) *actius* Eversmann, 1843 – Аполлон актиус – Actius Apollo Butterfly** (Lepidoptera түркүмү, Papilionidae тукуму)

1984-жылы [26 (II категориясына)] кабыл алынуусунун негизинде киргизилген. Кыргызстандын бийик тоолорунда кадимки түр, бир нече түрчөсү менен белгилүү [12, 41, 45] Кыргызстанда түрдүн статусу текшерилген [11] коркунуч категорияларына жооп бербейт жана коргоого муктаж эмес [11, 41, 70].

Был внесён в 1984 году [60] на основании занесения в Красную книгу СССР [26: категория II]. Обычный вид в высокогорьях Кыргызстана, представлен несколькими подвидами [12, 42, 45], в Кыргызстане ревизованный статус вида [11] не соответствует критериям находящегося под угрозой и нуждающегося в охране [11, 41, 70].

Was included in 1984 [60] as listed in USSR Red Data Book [26: category II]. It is common species in highlands and represented in Kyrgyzstan by several subspecies [12, 42, 45]. The revised status of this species in Kyrgyzstan [11] is not appropriated to criteria of the threatened species need to be protected [11, 41, 70].

8. **Тяньшань калдырканы – *Parnassius* (s.str.) *tianschanicus* Oberthьr, 1879 – Аполлон тяньшанский – Celestial Apollo Butterfly** (Lepidoptera түркүмү, Papilionidae тукуму)

1984-жылы [26 (II категориясына)] кабыл алынуусунун негизинде киргизилген [60]. Түр Кыргызстандын тоо аймактарында салыштырмалуу көп санда, бир нече түрчөсү белгилүү, жоголуп кетүү коркунучу жок [12, 11 (статусу текшерилген), 41, 42, 45, 70].

Был внесён в 1984 году [60] на основании занесения в Красную книгу СССР [26: категория II]. Сравнительно многочисленный вид на горных территориях Кыргызстана, представлен несколькими подвидами, не находится под угрозой [12, 11 (ревизованный статус), 41, 42, 45, 70].

Was included in 1984 [60] as listed in USSR Red Data Book [26: category II]. It is abundant species in the comparison, in montane territory of Kyrgyzstan. It is represented by several subspecies and is out of any threat [12, 11 (the status revised), 41, 44, 45, 70].

9. Кадимки махаон – ***Papilio* (s.str.) *machaon* Linnaeus, 1758 – Махаон обыкновенный – Common Swallowtail** (Lepidoptera түркүмү, Papilionidae тукуму)

«Саны азайып бара жаткан сейрек кездешүүчү түр» статусу, ошондой эле II категория [26] менен 1981-жылы [20, 61] киргизилген. Кыргызстандын аймагында кеңири таралган түр – тукумдун кадимки эки түрүнүн бири [12], үч түрчөсү менен бардык бийик алкактарда кездешет, коркунуч факторлору байкалбайт [11 (статусу текшерилген), 41, 42, 44, 45, 70].

Был внесён в 1981 году [61] со статусом «Редкий вид, сокращающийся в численности» [20]. Внесён также в Красную книгу СССР [26: категория II]. Широко распространённый вид, на территории Кыргызстана – один из двух самых обычных [12] видов семейства во всех высотных поясах, представлен тремя подвидами, факторов угрозы не существует [11 (ревизованный статус), 41, 42, 44, 45, 70].

Was included in 1981 [61] with a status «Rare species with reducing abundance» [20]. It is included also into USSR Red Data Book [26: category II]. This widespread species is one of most common congeners in Kyrgyzstan, in all vertical belts. It is represented by several subspecies and any threat factors a absent [11 (the status revised), 41, 42, 44, 45, 70].

10. Сколия дөө аарысы – ***Scolia maculata* (Drury, 1773) – Сколия-гигант – Mammoth Wasp** (Hymenoptera түркүмү, Scoliidae тукуму)

1981-жылы [26] кабыл алынуусунун негизинде киргизилгени [60] жаңылыш, себеби Кыргызстанда жок [12, 11, 44, 70]. Анын ордун алмаштыруучу сырткы кебетеси сколияга окшогон *Megascolia* (*Regiscolia*) *rubida* (Gribodo, 1893) коркунуч критерийлерине жооп бербейт жана коргоого муктаж эмес [41, 44, 45, 50].

Был внесён в 1984 году [60] на основании занесения в Красную книгу СССР [26] ошибочно, т. к. в Кыргызстане отсутствует [12, 11, 44, 70]. Статус замещающего его внешне похожего вида сколий *Megascolia* (*Regiscolia*) *rubida* (Gribodo, 1893) не соответствует критериям находящегося под угрозой и нуждающегося в охране [41, 44, 45, 50].

This species was included in 1984 [60] as listed in USSR Red Data Book [26] by a blunder, because it is absent in Kyrgyzstan [12, 11, 44, 70] but substituted by similar scoliid species *Megascolia* (*Regiscolia*) *rubida* (Gribodo, 1893). The status of *M. rubida* in Kyrgyzstan is not appropriated to criteria of the threatened species need to be protected [41, 44, 45, 50].

11. Жалбырак кескич аары – ***Megachile* (*Eutricharaea*) *rotundata* (Fabricius, 1784) – Мегахила округлая — Alfalfa Leafcutting Bee** (Hymenoptera түркүмү, Megachilidae тукуму)

1984-жылы [26 (II категориясына)] кабыл алынуусунун негизинде [60] киргизилген. Кеңири таралган түр, Кыргызстанда түрдүн статусу текшерилген, коркунуч критерийлерине жооп бербейт жана коргоого муктаж эмес [11, 41, 44, 45, 70].

Был внесен в 1984 году [60] на основании занесения в Красную книгу СССР [26: категория II]. Широко распространенный вид, ревизованный статус вида в Кыргызстане не соответствует критериям находящегося под угрозой и нуждающегося в охране [11, 41, 44, 45, 70].

Was included in 1984 [60] as listed in USSR Red Data Book [26: category II]. Widespread species, revised status of which [11] in Kyrgyzstan is not appropriated to criteria of the threatened species need to be protected [41, 44, 45, 50].

12. Караалжын жыгач уста аарысы – ***Xylocopa* (s.str.) *violaceae* (Linnaeus, 1758) – Ксилокопа фиолетовая – Violet Large Carpenter Bee** (Hymenoptera түркүмү, Anthophoridae тукуму)

1984-жылы [26 (II категориясына)] кабыл алынуусунун негизинде [60] киргизилгени жаңылыштык, себеби түр Кыргызстанда кездешпейт [12, 11, 50, 41 ж.б.]. Сырткы кебетеси окшош түр – жыгач

уста аарысы (*X.* (s.str.) *valga* Gerstaecker, 1872), ошондой эле [26] II категория менен киргизилген. Кыргызстандын бардык жерлеринде кездешүүчү кадимки түр [12, 11, 42, 45] санын кыскарышы байкалбайт [11, 41, 44, 70].

Был внесен в 1984 году [60] на основании занесения в Красную книгу СССР [26] ошибочно, т. к. в Кыргызстане отсутствует [12, 11, 50, 41 и др.]. Внешне похожий вид – Пчела-плотник (*X.* (s.str.) *valga* Gerstaecker, 1872, также занесенный в Красную книгу СССР [26] с категорией II) – почти повсеместно обычен в Кыргызстане [12, 11, 42, 45] и не имеет тенденций к сокращению численности [11, 41, 44, 70].

This species was included in 1984 [60] as listed in USSR Red Data Book [26] by a blunder, because it is absent in Kyrgyzstan [12, 11, 50, 41 etc.]. The most similar bee species is *X.* (s.str.) *valga* Gerstaecker, 1872, which is included in USSR Red Data Book [26] too, with a category II. *X. valga* is common species in Kyrgyzstan everywhere [12, 11, 42, 45], and has no tendency to number reducing [11, 41, 44, 70].

13. Түктүү армян аарысы – ***Bombus* (s.str.) *armeniacus* Radoszkowski, 1877 – Шмель армянский – Armenian Bumblebee** (Hymenoptera түркүмү, Apidae тукуму)

1984-жылы [26 (II категориясына)] кабыл алуусунун негизинде [60] киргизилген. Кеңири таралган түр, Кыргызстанда сейрек эмес [45], коркунуч факторлору байкалбайт [11 (статусу текшерилген)], жалпысынан түрдүн санынын кыскарышы болбогондуктан коргоо зарыл эмес [41, 70].

Был внесен в 1984 году [60] на основании занесения в Красную книгу СССР [26: категория II]. Широко распространенный вид [12, 11, 42], в Кыргызстане не редок [45], факторы риска отсутствуют [11 (ревизованный статус)], а в целом при отсутствии данных о сокращении численности вида нет необходимости его охраны [41, 70].

Was included in 1984 [60] as listed in USSR Red Data Book [26: category II]. This widespread species [12, 11. 42] is not rare in Kyrgyzstan; any threat factors are absent [11 (the status revised)]. Generally there is not necessary to protect this species, at absence of data over the abundance reducing [41, 70].

14. Сарыгыч түктүү аары – ***Bombus* (*Thoracobombus*) *muscorum* (Linnaeus, 1758) – Шмель моховой – Moss Carder Bee** (Hymenoptera түркүмү, Apidae тукуму)

1984-жылы [60] II категорияга кабыл алынгандыгына байланыштуу [26] киргизилген. Эң кеңири таралган түр [12, 11, 42], Кыргызстанда коркунуч фактору жок [11 (статусу текшерилген)], түрдүн санынын кыскарышы күтүлбөйт, коргоонун зарылчылыгы жок [41, 70].

Был внесён в 1984 году [60] на основании занесения в Красную книгу СССР [26: категория II]. Очень широко распространённый вид [12, 11, 42], в Кыргызстане сравнительно обычен [45], факторов риска нет [11 (ревизованный статус)], сокращение численности вида маловероятно, и нет необходимости его охраны [41, 70].

Was included in 1984 [60] as listed in USSR Red Data Book [26: category II]. This species is widely spreaded [12, 11. 42] and in Kyrgyzstan is common species in the comparison [45]; any threat factors are absent [11 (the status revised)]. Generally there is not necessary to protect this species as the abundance reducing is hardly probable [41, 70].

15. Түктүү эбелек тишчен аары – ***Bombus* (*Cullumanobombus*) *serrisquama* F. Morawitz, 1888 – Шмель пластинчатозубый – Lamellident Bumblebee** (Hymenoptera түркүмү, Apidae тукуму)

1984-жылы [60] II категорияга кабыл алынуусунун негизинде [26] киргизилген. Кеңири таралган түр [12, 11, 42], Кыргызстанда сейрек эмес [45], коркуч факторлору жокко эсе [11 (статусу текшерилген)], жалпысынан санынын кыскарышы боюнча маалыматтын жоктугуна байланыштуу, аны коргоонун зарылчылыгы жок [41, 70].

Был внесён в 1984 году [60] на основании занесения в Красную книгу СССР [26: категория II]. Широко распространённый вид [12, 11, 42], в Кыргызстане не редок [45], факторы риска отсутствуют [11 (ревизованный статус)], а в целом при отсутствии данных о сокращении численности вида нет необходимости его охраны [41, 70].

Was included in 1984 [60] as listed in USSR Red Data Book [26: category II]. This widespread species [12, 11. 42] is not rare in Kyrgyzstan; any threat factors are absent [11 (the status revised)]. Generally there is not necessary to protect this species, at absence of data over the abundance reducing [41, 70].

# Тиркеме 2
# Приложение 2
# Annex 2

## Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилбеген, бирок 2004-жылы IUCN RLTS киргизилген курт-кумурскалардын түрлөрү

## Виды насекомых, занесённые в 2004 IUCN RLTS, не включаемые в Красную книгу Кыргызстана

## Insect species of 2004 IUCN RLTS, not included into Red Data Book of Kyrgyzstan

1. **Чычырканак күлүк калдырканы – *Hyles hippophaes* (Esper, 1789) – Бражник облепиховый – Seathorn Hawk-moth** (Lepidoptera түркүмү, Sphingidae тукуму)

1996-жылкы текшерүүнүн баалосу боюнча DD категориясы менен IUCN RLTSке киргизилген [76]. Түр кеңири таралган, ареалы да кеңейүүдө [42, 50]. Кыргызстанда эки түрчө *H. h. bienerti* Staudinger, 1874 жана *H. h. shugnana* Scheljuzhko, 1933 менен белгилүү [12, 42], алардын саны жана ареалы туруктуу [41]. Кошуна Өзбекстандын да Кызыл китебине жогорудагыдай себептер менен киргизилген эмес [23].

Внесён в IUCN RLTS (категория DD по оценке, проведённой в 1996 году) [76]. Вид широко распространён и даже расширяет свой ареал [42, 50], представлен в Кыргызстане двумя подвидами, *H. h. bienerti* Staudinger, 1874 и *H. h. shugnana* Scheljuzhko, 1933 [12, 42], численность и ареал которых стабильны [41]. В соседней стране, а именно в Узбекистане, не включён в Красную книгу [23] по аналогичной причине.

Assessed for IUCN RLTS in 1996 as species of the DD category [76]. The species is widespread and moreover the area is expanding [42, 50]. This species is represented in Kyrgyzstan by two subspecies, *H. h. bienerti* Staudinger, 1874 and *H. h. shugnana* Scheljuzhko, 1933 [12, 42], which have stable number and area [41]. It is not included into Red Data Book of adjacent Uzbekistan [23] by the analogous reason.

2. **Матурна көпөлөгү – *Hypodryas maturna* (Linnaeus, 1758) – Шашечница матурна – Scarce Fritillary** (Lepidoptera түркүмү, Nymphalidae тукуму)

1996-жылы жүргүзүлгөн текшерүүнүн баалосу боюнча DD категориясы менен IUCN RLTSке киргизилген [76]. Эң кеңири таралган түр. Кыргызстандын аймагындагы мурда *H. m. staudingeri* (Wnukowsky, 1929) түрчөгө караган популяциялар, азыркы мезгилде *Euphydryas asiatica* (Staudinger, 1881) деген бөлөк түргө карайт [50, 88] башкача айтканда *H. maturna* түрү Республиканын фаунасынан чыгарылган [12]. *Eu. asiatica* көп кездешпейт, бирок азыркы убакта Кыргызстанда коркунуч туудуруучу маалыматтар жок [40].

Внесён в IUCN RLTS (категория DD по оценке, проведённой в 1996 году) [76]. Очень широко распространённый вид. Популяции с территории Кыргызстана, относимые ранее к подвиду *H. m. staudingeri* (Wnukowsky, 1929), в настоящее время считаются принадлежащими другому виду, *Euphydryas asiatica* (Staudinger, 1881) [50, 88], т. е. вид *H. maturna* исключён из списка фауны республики [12]. *Eu. asiatica* встречается нечасто, но в настоящее время данных для оценки категории угрозы в Кыргызстане недостаточно [40].

Assessed for IUCN RLTS in 1996 as species of the DD category [76]. This species is very widespread. Populations from Kyrgyzstan territory were formerly considered as *H. m. staudingeri* (Wnukowsky, 1929), but at present are stated as *Euphydryas asiatica* (Staudinger, 1881) [50, 88], i. e. *H. maturna* is excluded from the faunal checklist of the Republic [12]. *Eu. asiatica* occurs not often in comparison but at present time there are no enough data to estimate an extinction risk category for this species in Kyrgyzstan.

3. Оттой жупсуз көпөлөк – ***Thersamonolycaena* (=*Lycaena*) *dispar* (Haworth, 1802) – Червонец непарный — Large Copper** (Lepidoptera түркүмү, Lycaenidae тукуму)

1996-жылы жүргүзүлгөн текшерүүнүн баалосу боюнча LR/nt категориясы менен IUCN RLTSке киргизилген [76]. Кеңири таралган түр, Кыргызстанда [17] *Th. d. rutila* (Werneburg, 1864) түрчөсү менен белгилүү [12], ареалы жана популяциялары Республикада туруктуу [40, 41].

**Түрдүн жетилген стадиясынын сырткы түзүлүшүнүн кыскача баяны.** Тоо жана тоо этектериндеги өзгөчө ыңгайлашкан форма [10]. Өзүнүн көлөмү боюнча өтө чоң эмес, ургаачылары 15 см ге чейин жетет, эркектери 24-25 см. Кабырчыктары жок, күрөң-жашыл денесинде жана сүзгүчтөрүндө каралжын темгилдери бар. Жалпак башы 4 мурутчалуу. Жонундагы сүзгүчүнөн бир аз аралыкта узун кеткен өзүнчө май сүзгүчү жайгашкан. Көкүрөк сүзгүчтөрү жабышчаак тегерек формада.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Нарын, Чаткал, Карасуу дарыяларынын бассейндеринде [10] жана Суусамыр, Атбашы, Өзгөн, Акбуура сууларында кездешет. Өзбекстандын, Казакстандын, Тажикстандын сууларынан жолуктурууга болот.

**Жашаган аймактары.** Борбордук Азиянын тоо жана тоо этектериндеги түбү таштуу агын сууларда жашайт.

**Саны.** Кыргызстанда кеңири таралган, саны бир погондук метрге бирден төрт даанага чейин туура келет.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Түркстан жаяны таштардын алдына жабышып алып курт-кумурскалардын личинкалары кээде майда ит чабактар менен тамактанат. Урук чачуу мезгили июнь айында, уругу кесек – 2,7 мм. Чоң топтуу үйүрлөрдү пайда кылышпайт. Жаш өспүрүмдөрү хирономиддин жана курт-кумурскалардын личинкалары менен азыктанышат [10].

**Чектөөчү факторлор.** Дарыянын түбүндөгү таштардын суунун агымы менен болгон кыймылдуулугу, суулардын булгануусу, балык уулоо, личинкаларын коңуздардын жеп кетиши.

**Асыроо (колдо багуу).** Асыроо болгон эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Түр Кыргызстандын Кызыл китебине 1985-жылы киргизилген [4].

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Кармоого тыюу салуу, чогулган жана урук чача турган жерлерин коргоо. Статусун аныктоо үчүн санын тактоо жана кичи коруктарды уюштуруу зарыл.

# Туркестанский сомик

## *Glyptosternum reticulatum* McClelland

**Статус:** 2 [VU: E]. Единственный представитель рода в Кыргызстане.

**Краткое описание взрослой формы.** Узкоспециализированная горная и предгорная форма [10]. Небольшая по размерам рыба, самки достигают в длину 15 см, самцы – 24–25 см. Чешуя отсутствует, на коричневато-зеленоватом теле и плавниках темные пятна. Уплощенная голова с четырьмя парами усиков. Имеется длинный жировой плавник, отделенный от спинного небольшим промежутком. Грудные плавники образуют подобие присоски.

**Распространение общее и в стране.** Бассейны рек Нарын, Кара-Дарья, Чаткал [I0], Кара-Суу, Джумгал, Суусамыр, Ат-Баши, р. Ак-Бура под г. Ош. Довольно многочислен в р. Нарын под Уч-Курганом, под г.Узгеном. Водоемы Казахстана, Узбекистана, Таджикистана.

**Места обитания.** Горные и предгорные реки Центральной Азии, участки с каменистым грунтом.

**Численность.** От одного до четырех экз/м реки.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Залегая под камнями, питается мелкими личинками насекомых, иногда заглатывает гольцов. Нерестится в июне, икра крупная – 2,7 мм. Больших скоплений не образует. Молодь питается личинками хирономид, поденок и других насекомых [10].

**Лимитирующие факторы.** Подвижность грунта речного русла, загрязнение воды, любительский лов, выедание молоди личинками жуков.

**Разведение (содержание в неволе).** Не проводилось.

**Меры охраны существующие.** Вид внесен в Красную книгу Киргизской ССР в 1985 г. [4].

**Меры охраны рекомендуемые.** Запрещение вылова, охрана мест скоплений и нереста. Установление численности для уточнения статуса, организация микрозаповедников.

# Turkestan Catfish

## *Glyptosternum reticulatum* McClelland

**Status:** Category 2 [VU: E], mosaic- distributed stenoic Central-Asian montane endemic species; only one representative of the family in fauna of the country. The specific areas include Uzbekistan, Tadjikistan, Kyrgyzstan, Afghanistan, Pakistan and Northern India. In Kyrgyzstan it populates mountains and foothill parts of Chatkal, Ak-Buura, Kara-Darya, Naryn, Kara-Suu, Kokomeren, Jumgal and At-Bashi Rivers, with shift flow and stony grounds; active at night. This is small bottom-living fish (male body-length of up to 25 cm, and female – up to 15 cm) has pectoral fins specialised for stonesucking. No value for fishery. Spawning period is June, fertility is 120–180 (2.7 mm in diameter) eggs. The species use for food the larvae of water insects, rarely caught minnows. Stock in Kyrgyzstan achieves 1–4 individuals per linear metre. Limiting factors: unsteadiness of river-grounds, water pollution, destruction of natural regime of river flows as a result of hydro-building, amateur fishing. The species is unknown in captivity in Kyrgyzstan; included into Red Book of the Kyrgyz SSR in 1985. To conserve the species it is essential to prohibit amateur fishing, protect sites of spawning and feeding and specify the abundance

Илимий редактор
Научный редактор
Scientific editor

Милько Д. А.

Түзүүчүлөр
Составители
Compilers

Милько Д. А.,
Панфилов А. М.

# Жерде-сууда жашоочулар жана сойлоп жүрүүчүлөр

# Амфибии и рептилии

# Amphibians and Reptiles

# Түрлөрдүн тизмеси
# Список видов
# List of Species

ЖЕРДЕ СУУДА ЖАШООЧУЛАР – **AMPHIBIA – ЗЕМНОВОДНЫЕ – AMPHIBIANS**

**КУЙРУКСУЗ АМФИБИЯЛАР – ANURA – БЕСХВОСТЫЕ – TAILLES AMPHIBIANS**

Кур бакалар – **Bufonidae – Жабы – True Toads**

**1.** Жашыл кур бака – *Bufo viridis* Laurenti, 1768 – Зелёная жаба – Green Toad

Кадимкм бакалар – **Ranidae – Лягушки настоящие – True, or Typical, Frogs**

**2.** Кызыл колтук бака – *Rana asiatica* Bedriaga, 1898 – Центральноазиатская лягушка – Middle Asia Wood, or Asiatic Brown, Frog

СОЙЛОП ЖҮРҮҮЧҮЛӨР – **REPTILIA – ПРЕСМЫКАЮЩИЕСЯ – REPTILES**

ТАШ БАКАЛАР – **TESTUDINES – ЧЕРЕПАХИ – TURTLES AND TORTOISES**

Кургакчыл таш бакалар – **Testudinidae – Черепахи сухопутные – True Land Tortoises**

**3.** Орто Азия таш бакасы – *Agrionemys horsfieldi* (Gray, 1844) – Среднеазиатская черепаха – Steppe, or Afghan, Tortoise

КАБЫРЧЫКТУУЛАР – **SQUAMATA – ЧЕШУЙЧАТЫЕ – LIZARDS AND SNAKES**

Агамалар – **Agamidae – Агамовые – Dragon Lizards**

**4.** Саид-Алиевдин жумуру баш кескелдириги – *Phrynocephalus saidalievi* Sattorov, 1981 – Круглоголовка Саид-Алиева – Said-Aliev's Toad Agama (Said-Aliev's Sunwatcher)

Боз эчкемерлер – **Varanidae – Вараны – Monitors, or Goannas**

**5.** Боз эчкемер, Боз земзем – *Varanus griseus* (Daudin, 1803) ssp. *caspius* (Eichwald, 1831) – Серый варан – Transcaspian Desert Monitor

Жылан кескелдириктер – Angunidae – Веретинициевые – Lateral Fold Lizards

**6.** Бутсуз кескелдирик, Жылан сымал кескелдирик – *Pseudopus apodus* (Pallas, 1775) – Желтопузик – Sheltopusik, or Armour Glass-lizard

Сцинктер – **Scincidae – Сцинковые – Skinks**

**7.** Кадимки тартак сцинк – *Novoeumeces schneideri* (Daudin, 1802) ssp. *princeps* (Eichwald, 1839) – Длинноногий сцинк Шнайдера - Schneider's Gold Skink

Жыландар – **Boidae – Ложноногие змеи – Boas**

**8.** Чыгыш кумчул муунткучу – *Eryx tataricus* (Lichtenstein, 1823) – Восточный удавчик – Tatary Sand Boa

Суу жылан сымалдуулар – **Colubridae – Ужеобразные змеи – Typical, or Colubrid, Snakes**

**9.** Чарала сойлок – *Spalerosophis diadema* (Schlegel, 1837) ssp. *schiraziana* (Jan, 1865) – Пятнистый, или Диадемовый, полоз – Diadem, or Clifford's Rat, Snake

Чаар жыландар – **Viperidae – Гадюки – Vipers, or Adders**

**10.** Ренарддын боздоң чаар жыланы – *Vipera ursinii* (Bonaparte, 1835) ssp. *renardi* (Christoph, 1861) – Степная гадюка Ренарда – Renard's Meadow Viper

# Кириш сөз

Кыргызстандын герпетофаунасы жалпысынан алганда жупунураак келет, бул аймактын физикалык жана климаттык өзгөчөлүктөрү (климаты катаал, бийик тоолуу), ошондой эле омурткалуулар классындагы жылуулукту сүйүүчү жерде–суудa жашоочулардын жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн жашоо тиричилиги менен түшүндүрүлөт.

Эгерде дүйнө жүзүндө беш миңге жакын жерде–суудa жашоочулар жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн түрү болсо, республикада болгону төрт гана түрү кездешет. Калыбы, алардын бири (көл бакасы, *Rana ridibunda* Pallas, 1771) бул аймактарга адам менен түндүк-батыштан келсе керек. Азыр планетада сойлоп жүрүүчүлөрдүн 7350–7800 түрү кездешсе, Орто Азияда 90дон ашуун түрү, ал эми Кыргызстанда 37 түрү белгилүү. Бул сандык көрсөткүчтүн салыштырмалуу аздыгына карап, акыркы деп саноого болбойт. Анткени, биринчиден, акыркы он жылдык ичинде сойлоп жүрүүчүлөрдүн системасы кариологиялык жана молекулярдык, генетикалык ыкмалар менен интенсивдүү изилденүүдө, таксондордун рангдарын тактоо жыштыгы али да болсо азайа элек. Экинчиден, республиканын жерде-суудa жашоочуларынын жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн түрлөрүнүн арасында инвазивдүү түр да (Түркстандын жылаңач манжа геккону *Cyrtopodion fedtschenkoi* (Strauch, 1887)) кездешип, келечекте Кыргызстандын аймагына башка түрлөрдүн кошулуусун четке кагууга болбойт. Кыргызстандагы алгачкы сойлоп жүрүүчүлөр боюнча жыйынтыкталган кыскача маалыматта [25] отуздан ашпаган түрү анык катталган. Акыркы он жылдыкта ата мекендик герпетология туш болгон кыйынчылыктарга карабастан (заманбап адабияттардын жетишсиздиги, энциклопедиялык бюджеттин кризиси, серпентариянын жоктугу ж. б.), Кыргызстандын герпетофаунасын изилдөөнү улантууда.

Омурткалуулардын башка класстарынан айырмаланып, сойлоп жүрүүчүлөрдүн жана жерде суудa жашоочулардын арасында негизги реликт катары эсептелген таксондордун үлүшү зор. Мезозой эрасында сойлоп жүрүүчүлөр жердеги үстөмдүк кылуучу топ болгон, бирок, табигый эволюция процессинде көпчүлүгү өлүп жок болушкан. Учурда, адамдын үстөмдүгү астында, сойлоп жүрүүчүлөрдүн көп түрдүүлүгү кескин кыскарууда. Цивилизация жаратылышка катуу кысым көрсөтүп, сойлоп жүрүүчүлөр жана жерде-суудa жашоочулардын көп бөлүгү динозаврлар сымал өлүп жок болуу коркунучунда турушат. Алсак, эң эле жөнөкөй эсептегенде, акыркы үч он жылдыкта адамдын тескери таасири астында дүйнөлүк герпетофаунанын отуз түрү жок болуп кеткен.

Глобалдык жана регионалдык герпетофаунанын санынын кескин кыскаруусунда сойлоп жүрүүчүлөрдүн жана жерде суудa жашоочулардын табигый жашоо аймактарынын трансформацияланышынан башка дагы бир нече факторлор маанилүү ролду ойношот. Бул факторлор: интродуцияланган жырткычтар жана атаандаштар, ошондой эле особдордун табигый чөйрөдөн жок кылынышы. Бир жагынан жергиликтүү калкта, мисалга алсак Кыргызстанда, сойлоп жүрүүчүлөр жана жерде-суудa жашоочулардын зыяндуулугу, же болбосо, тескерисинче оккульттук-медициналык керемет касиеттери жөнүндө негизсиз ой-пикирлер айтылып келет. Башка жагынан алсак, «сүйүүчүлөр» сойлоп жүрүүчүлөрдү жана жерде-суудa жашоочуларды террариумдарда багуу максатында кармап [4, 15], герпетофаунага алда канча зыян алып келишүүдө. Жыйырманчы кылымдын 60-жылдарында башталган «террариумдук тополоң» адистерди бир кыйла тынчсыздандырган ири чектөөчү фактор болгон, ал эми 1973-жылы 1-июлда Вашингтон Конвенциясы (CITES) (Жоголуу коркунучунда турган флора жана фаунанын түрлөрүн эл-аралык сатуу боюнча конвенциясы) күчүнө кирген. Учурда конвенциянын тизмелерине (I–III тиркемелери) дүйнөлүк фаунанын 4 %ине жакын сойлоп жүрүүчүлөрү жана жерде-суудa жашоочулары кирген.

Кыргызстандын герпетофаунасынын кыскаруусу менен катар регионалдык абал төмөнкү фактор менен да татаалданат: сойлоп жүрүүчүлөрдүн жарымынан көбү өздөрүнүн табигый жашоо чөйрөлөрүнүн четинде таралып, көп мезгилде популяциялары бир кыйла катаал рельефте курчалып калат. Орто Азияда биологиялык көп түрдүүлүгү салыштырмалуу ичке «жашоо тилкесинде» топтолгон. Бул «жашоо тилкеси» кургак чөлдөр менен зор тоо системаларынын ортосунда жайгашкан. Тоо этектеринде чарбачылык интенсивдүү өнүгүп, ушул эле аймактар сойлоп жүрүүчүлөрдүн

жана жерде-суудa жашоочулардын 90%инин жашаган жерлери болуп саналат. Азыркы мезгилде республикада жерде-суудa жашоочулардын жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн санынын кыскаруу процессине мамлекеттик деңгээлде маани берилүүдө. Алгач, бул жаныбарлардын бул тобунун өкүлдөрү коргоодогу жаныбарлардын тизмесине 1968-жылы кирген [11], ал эми 1981-жылы Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин Токтому менен Кызыл китепке киргизиле турган сейрек кездешүүчү жана жоголуу коркунучунда турган жерде-суудa жашоочулардын жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн түрлөрүнүн тизмеси бекителген. Бул тизмеге жыландын 2 түрү жана эчкемер (ЖКЭСтин Кызыл китебиндеги) киргизилген [11, 4].

Ошентип, жакында бул тизмени кайра карап чыгуу муктаждыгы келип жетти [7]. Коргоого муктаж болгон жерде-суудa жашоочулардын жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн жаңы тизмесин түзүүнүн алдында узакка созулган кеңири иш жасалды. 2004-жылы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик токой кызматынын жардамы менен Кызыл китептеги жана анын жаңы басылышына киргизиле турган түрлөрдүн популяциясынын жана жашаган чөйрөсүнүн учурдагы абалы тууралуу маалыматты чогултуу максатында бир нече атайы экспедициялар жүргүзүлгөн. Бул иштин натыйжасы ушул эле жылдын аягында «Кызыл китепке киргизүү үчүн сейрек жана жоголуу коркунучунда турган фауна жана флоранын тизмесин кайра карап чыгуу» деп аталган кеңешмеде жыйынтыкталган [17]. Бул кеңешменин материалдарынын негизинде түзүлгөн Кызыл китепке кире турган сойлоп жүрүүчүлөрдүн жана жерде-суудa жашоочулардын жаңы тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен 2005-жылы апрел айында бекитилген [21].

Мурунку тизмеге салыштырмалуу, Кызыл китепке кире турган сойлоп жүрүүчүлөрдүн жана жерде-суудa жашоочулардын таксондорунун саны дээрлик үч эсе көбөйгөн. Алардын сандык көрсөткүчтөрү 1-таблицада салыштырылып, ал эми республиканын административдик областтары, ошондой эле экосистеманын негизги типтери боюнча жерде-суудa жашоочулардын жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн түрлөрүнүн таркалышы 2-таблицада көрсөтүлдү.

**Таблица 1. Жерде-суудa жашоочулардын жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн таксондорунун сандык көрсөткүчтөрү**

| | Кыргызстандын бардык фаунасында | Кыргызстандын Кызыл китебинде көрсөтүлгөн | |
|---|---|---|---|
| | | 1981-жылкы тизмеде [11,22] | 2005-жылкы тизмеде[21] |
| Түркүм | 14 | 2 | 9 |
| Тукум | 24 | 2 | 10 |
| Түрү | 41 | 3 | 10 |

**Таблица 2. Кызыл китепке кирген жерде-суудa жашоочулардын жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн түрлөрүнүн областтар жана экосистемалардын типтери боюнча таркалышы**

| Область | Экосистемалардын негизги тибиндеги түрлөрдүн саны | | | | | Бардык түрлөр |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Чөлдөр жана жарым чөлдөр | Талаалар | Токойлор жана бадалдар | Шалбаалар жана бийик тоолуу аймактар | Суу жээгиндеги экосистемалар | |
| Баткен | 7 | 2 | - | - | - | 7 |
| Жалалабат | 4 | 4 | 1 | - | 1 | 5 |
| Ысыккөл | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Нарын | - | - | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Ош | 6 | 1 | - | - | - | 6 |
| Талас | 3 | 4 | - | - | 1 | 5 |
| Чүй | 4 | 6 | 1 | - | 3 | 6 |
| Жалпы республика боюнча | 8 | 7 | 2 | 1 | 3 | 10 |

Анын ичинен 2 түрү алынды: Карелиндин сойлогу (*Coluber karelini* (Brandt, 1838) – Spotted Desert Racer, жана Кызыл жон сойлок (*C. rhodorachis* (Jan, 1865) – Cliff Racer).

Colubridae тукумунун Squamata түркүмчөсүнө кирген бул эки түр тең 1981-жылы [22] «Бирден экземплярда кезиккен сейрек түр» статусу менен [11] Кызыл китепке кирген. Бирок, учурдагы маалыматтар боюнча [7, 17, 20] бул түрлөрдүн популяциясынын абалы атайын коргоого муктаж эмес.

Кызыл китепке кирген ар бир таксон жоголуу коркунучунун категорияларынын бирөөнө киргизилген. Бул категориялар SSC/IUCN [26] тарабынан сунуш кылынган усулдун жардамы менен тобокелдикти баалоонун сандык критериялары колдонулуп, аныкталган. Бул критерийлердин системасын колдонуу глобалдык жана регионалдык масштабда түрлөрдү баалоону, кийинки изилдөөлөрдө түрлөрдүн статусунун өзгөрүшүлүшүнүн тенденциясын байкоону, ошондой эле эларалык Кызыл тизмелерге түрлөрдүн улуттук баалоону киргизүүнү шарттайт [12]. Сандык критерийлер толугу менен колдонулду. Бирок, жок болуу коркунучунун деңгээли салыштырмалуу кеңири диапазондо болгон учурларда SSC/IUCN сунуш кылган алдын алуу принциби пайдаланылган. Бул эң аз маалымат болсо дагы таксонду эң жогорку категорияга коюу принциби. Мындан сырткары, кээ кездерде узак убакыт бою түрлөр табылган аймактарды карталоо ыкмасы колдонулган. Категориялардын түрлөрү бул жерде берилбейт, анткени алар SSC/IUCNге толук тийиштүү [26].

Фаунанын төрттөн бир бөлүгүн Кызыл китепке киргизүү менен калган түрлөр жакшы абалда деп эсептөө туура эмес. Албетте, экологиялык жактан бир кыйла ийкемдүү түрлөр да кездешет. Бирок, учурда Кыргызстанда SSC/IUCNдин DD («Маалыматтар жетишсиз»), NT («Коркунучтуурга жакын абалда») же LC («Азыраак коркунуч туудуручу абалда») категорияларына кирүүчү түрлөр да кездешет. Алардын статусу келечекте, маалыматтар жетиштүү болгон учурда аныкталат. Биологиялык ар түрдүүлүк конвенциясына кирген мамлекеттер (алардын ичинде Кыргызстан (1996-жылы)) тийиштүү иш-чараларды пландуу түрдө жүзөгө ашыруу (биологиялык ар түрдүүлүктүн компоненттерине мониторинг жүргүзүү) милдеттерин моюндарына алышкан. Мындан тышкары, локалдык масштабда герпетофаунанын көптөгөн өкүлдөрүнүн санынын кыскаруусу байкалууда. Бул алардын жоголуп коркунучунун бар экендигин көрсөтөт. Тиркемеде өзгөчө көңүл бурууну талап кылган, дагы изилдөөгө жана Кыргызстанда коргоо чараларына муктаж болгон жерде-суусуда жашоочулардын жана сойлоп жүрүүчүлөрдүн таксондорунун тизмеси берилген. Учурда, республиканын масштабында бул түрлөр орчундуу коркунучта эмес, бирок кээбир жерлерде гана (Улуттук парктарда, биосфералык резерваттарда, административдик райондордо ж.б.) коргоого алынышы мүмкүн. Балким ушундай жол менен бул түрлөрдү республиканын Кызыл китебинин кийинки чыгарылышына киргизүүнүн муктаждыгы жок болот.

**Д.А. Милько**

# Вводный очерк

Герпетофауна Кыргызстана является в целом обеднённой, что объясняется физико-климатическими особенностями территории, значительную часть которой занимают высокие горы с суровым климатом, и образом жизни земноводных и пресмыкающихся, являющихся наиболее теплолюбивыми животными из классов позвоночных животных. Так, в мире известно почти 5000 видов земноводных, в то время как в республике встречаются всего четыре вида, один из которых (озёрная лягушка, «сборный» вид *Rana ridibunda* (Pallas, 1771), по-видимому, проник сюда с северо-запада вместе с человеком. Количество ныне живущих на планете видов рептилий достигает, по различным оценкам, 7350–7800, в Средней Азии их известно не менее 90 видов, в Кыргызстане – 37. Несмотря на это сравнительно небольшое число, не следует его считать окончательным. Во-первых, в последние десятилетия система рептилий интенсивно исследуется, в частности, с применением кариологических и молекулярно-генетических методов, и частота, с которой ревизуются ранги таксонов, ещё не начала уменьшаться. Во-вторых, среди пресмыкающихся республики также есть инвазивный вид (туркестанский геккон *Cyrtopodion fedtschenkoi* (Strauch, 1887)), и не исключено вселение некоторых других видов на территорию Кыргызстана в будущем. В первой сводке по рептилиям Кыргызстана [25] число достоверно зарегистрированных в республике видов не превышало 30. Исследование герпетофауны Кыргызстана продолжается, несмотря на очевидные трудности, с которыми столкнулась отечественная герпетология в последние десятилетия (дефицит современной литературы, кризис экспедиционного бюджета, отсутствие серпентария, оборудования и т. п.).

По сравнению с другими классами позвоночных животных, среди земноводных и пресмыкающихся велика доля таких современных таксонов, которые являются, по существу, реликтовыми. В мезозойскую эру рептилии являлись господствующей группой на Земле, но множество их групп вымерли в процессе естественной эволюции. Неуклонно сокращается разнообразие рептилий и в настоящее время, в эру господства человека. Цивилизация теснит дикую природу жесточайшим образом, и для всё большего количества видов амфибий и рептилий уже неминуема перспектива последовать судьбе динозавров. По самым скромным оценкам [4, 27], за последние три с половиной десятилетия по вине человека исчезли 30 видов мировой герпетофауны. Кроме трансформации естественных местообитаний амфибий и рептилий (включая загрязнение водоёмов), в сокращении глобальной и региональной герпетофауны важную роль играют многие другие факторы. В числе прочих, среди них и пресс со стороны интродуцированных хищников и конкурентов (основная причина сокращения и исчезновения популяций аборигенных видов на островах), и прямое изъятие особей из природной среды, т. е. по сути истребление и отлов, независимо от цели. С одной стороны, в среде местного населения, например, в Кыргызстане, бытуют необоснованные мнения о вредности или, наоборот, оккультно-медицинских свойствах, земноводных и пресмыкающихся, и предрассудочная неприязнь к ним, вследствие чего почти каждая встреча человека и, например, змеи становится для рептилии последней. С другой стороны, значительный вред герпетофауне наносится любителями [4, 15], отлавливающими земноводных и пресмыкающихся для содержания в террариумах. Начавшийся в 60-х годах прошлого века «террариумистический бум» превратился в масштабный лимитирующий фактор, обеспокоивший специалистов, и в уже 1 июля 1973 года вступила в силу Вашингтонская конвенция о международной торговле видами дикой фауны и флоры, находящимися под угрозой исчезновения (CITES). В соответствующие списки (Приложения I–III) в настоящее время включено около 4 % видов амфибий и рептилий мировой фауны.

Региональная ситуация с сокращением разнообразия герпетофауны в Кыргызстане осложняется также и тем, что около половины видов рептилий распространены здесь на крае своих естественных ареалов, и часто образуют изолированные популяции в области с сильно развитым и пересечённым рельефом. В Средней Азии биоразнообразие сконцентрировано в сравнительно узкой «полосе жизни» между зоной аридных пустынь и мощными горными системами, откуда поступает вода, т. е. между двумя областями с неблагоприятным климатом. В соответствии с этим обстоятельством область у подножия гор является зоной интенсивного хозяйственного освоения, и здесь же находятся места обитания до 90 % видов земноводных и рептилий. В республике на государственном уровне давно уделяется внимание процессу сокращения численности и области обитания амфибий и рептилий. Впервые представители этой группы животных попали в списки находящихся под строгой охраной видов в 1968 году [11], а в 1981 году Постановлением Совета Министров Киргизской ССР [22] был утверждён список редких и находящихся

под угрозой исчезновения видов пресмыкающихся, подлежащих включению в Красную книгу. В этот список вошли 2 вида змей и серый варан (подвид, занесённый в Красную книгу МСОП) [11, 4].

Постепенно, но достаточно скоро назрела необходимость пересмотра этого списка [7]. Составлению нового списка нуждающихся в охране видов амфибий и рептилий Кыргызстана предшествовала длительная и обширная работа, и одним из важных мероприятий по пути к этому явилось проведение в 2004 году при содействии Государственной лесной службы КР нескольких специальных экспедиций, для сбора необходимой информации о современном состоянии популяций и мест обитания видов занесённых в Красную книгу и предложенных ко включению в новое издание. Итоги этой работы были подведены в конце того же года на рабочем Совещании по пересмотру списка редких и исчезающих видов фауны и флоры для включения в Красную книгу Кыргызстана [17]. Новый список видов земноводных и пресмыкающихся Красной книги, по составленный на основе материалов Совещания, был утвержден Постановление Правительства Кыргызской Республики в апреле 2005 года [21].

По сравнению с предыдущим списком число таксонов земноводных и пресмыкающихся, занесённых в Красную книгу республики, увеличилось более чем втрое. Их количественная представленность сопоставлена в таблице 1, а распределение количества видов (из списка настоящего издания) по административным областям республики и по основным типам экосистем – в таблице 2.

**Таблица 1. Количественная характеристика представленности таксонов земноводных и пресмыкающихся**

| | Всего в фауне Кыргызстана | Представлены в Красной книге Кыргызстана | |
|---|---|---|---|
| | | В списке 1981года [11,22] | В списке 2005 года [21] |
| Семейства | 14 | 2 | 9 |
| Роды | 24 | 2 | 10 |
| Виды | 41 | 3 | 10 |

**Таблица 2. Распределение видов амфибий и рептилий Красной книги по областям и типам экосистем**

| Область | Число видов в основных типах экосистемы | | | | | Всего видов |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Пустыни и полупустыни | Степи | Леса и кустарники | Луга и высокогорья | Околоводные экосистемы | |
| Баткенская | 7 | 2 | - | - | - | 7 |
| Джалалабатская | 4 | 4 | 1 | - | 1 | 5 |
| Иссыккульская | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Нарынская | - | - | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Ошская | 6 | 1 | - | - | - | 6 |
| Таласская | 3 | 4 | - | - | 1 | 5 |
| Чуйская | 4 | 6 | 1 | - | 3 | 6 |
| Всего | 8 | 7 | 2 | 1 | 3 | 10 |

Качественный состав видов Красной книги также претерпел изменение – из него были исключены 2 вида:

Поперечнополосатый полоз (*Coluber karelini* (Brandt, 1838) — Карелиндин сойлогу — Spotted Desert Racer), и Краснополосый полоз (*Coluber rhodorachis* (Jan, 1865) — Кызыл жон сойлок — Cliff Racer).

Оба вида принадлежат к сем. Colubridae отряда Squamata и были занесёны в 1981 году [22] со статусом «Редкий вид, известный по единственному экземпляру» [11], однако современные данные [7, 17, 20]

свидетельствовали о том, что состояние их популяций в Кыргызстане не соответствует статусу нуждающихся в специальной охране.

Каждый из включённых в красную книгу таксонов был отнесен к одной из категорий угрозы исчезновения, определённой с использованием количественных критериев оценки риска по методике, рекомендованной SSC/IUCN [26]. Использование этой формализованной системы критериев позволяет унифицировать оценки видов в региональном и глобальном масштабе, отразить тенденцию изменения статуса вида при последующих оценках и другими экспертами, а также включать национальные оценки видов в международные Красные списки [12]. Количественные критерии использовались в полном объёме, а в случаях, когда существовал относительно широкий диапазон оценки степени угрозы исчезновения, применялся рекомендованный SSC/IUCN предупредительный принцип: внесение таксона в самую высокую заслуживаемую категорию, даже если имелось лишь небольшое количество информации относительно его образа жизни. Кроме того, в ряде случаев в качестве адекватного и информативного метода было использовано картирование мест находок за многолетние периоды. Формулировки категорий здесь не приводятся, т. к. они буквально соответствуют используемым SSC/IUCN [26].

Включение в Красную книгу одной четвертой части видов фауны отнюдь не означает, что состояние остальных видов является благополучным. Конечно, есть экологически пластичные виды, приспосабливающиеся к обитанию даже в антропоценозах. Однако есть и такие, которые сейчас в Кыргызстане классифицируется  по системе категорий SSC/IUCN как относящиеся к категориям DD («Недостаток данных»), NT («Находящиеся в состоянии, близком к угрожаемому») или LC («Вызывающие наименьшие опасения»). Оценка их статуса будет сделана в будущем, когда восполнится дефицит фактического материала. Государства, которые присоединились к Конвенции по биологическому разнообразию, в том числе и Кыргызстан (в 1996 году), тем самым взяли на себя обязательство планомерного осуществления комплекса соответствующих мероприятий, в том числе и проведение мониторинга широкого круга компонентов биоразнообразия (не только уже включённых в красные списки). Кроме того, численность многих представителей герпетофауны, в целом ещё достаточно многочисленных, несомненно сокращается локально, что указывает на их уязвимость. В Приложении дан перечень таксонов пресмыкающихся, нуждающихся в особом внимании к их состоянию, дополнительном изучении и определении мер охраны в Кыргызстане. В настоящее время этим видам не угрожает серьезная опасность в масштабе всей республики, но они могут быть взяты под охрану на отдельных территориях – в Национальных природных парках, биосферных резерватах, административных районах и т. п. Возможно, таким образом появится шанс избежать необходимости включения их в последующее издание Красной книги республики.

**Д.А. Милько**

# Тиркеме
# Приложение
# Annex

## Айрыкча көңүл бурууга, кошумча изилдөөгө жана Кыргызстанда коргоо чараларына муктаж болгон сойлоп жүрүүчүлөрдүн таксондорунун тизмеси

## Перечень таксонов пресмыкающихся, нуждающихся в особом внимании к их состоянию, дополнительном изучении и определении мер охраны в Кыргызстане

## Reptile taxa requiring the special attention to their condition, additional study and definition of protection measures in Kyrgyzstan

SQUAMATA
Agamidae
*Phrynocephalus strauchi* Nikolsky, 1905
*Laudakia himalayana* (Steindachner, 1869)
Gekkonidae
*Alsophylax* (*Altiphylax*) *tokobajevi* Jeriomtschenko et Szczerbak, 1984
Lacertidae
*Eremias buechneri* Bedriaga, 1907
*E. multiocellata* Gunther, 1872 ssp. *szczerbaki* Jeriomtschenko et Panfilov, 1992
Colubridae
*Coluber ladacensis* (Anderson, 1871)
*C. rhodorhachis* (Jan, 1865)
*C. nummifer* Reuss, 1832
Viperidae
*Vipera lebetina* (Linnaeus, 1758) ssp. *turanica* Cernov, 1940

# Маалымат булактары
# Источники информации
# Information sources


1. Банников А. Г., Даревский И. С., Ищенко В. Г., Рустамов А. К., Щербак Н. Н. Определитель земноводных и пресмыкающихся фауны СССР. – М.: Просвещение, 1977. – 414 с.

2. Брушко З. К., Кубыкин Р. А. Каталог герпетологической коллекции Института зоологии Академии наук Казахской ССР. – Алма-Ата: Наука, 1988. – 43 с.

3. Васильев Д. Б., Соколов А. А. Черепахи, ящерицы, змеи: Содержание, кормление, лечение в домашних условиях. – М.: Аквариум, 2000. – 144 с.

4. Даревский И. С., Орлов Н. Л. Редкие и исчезающие животные. Земноводные и пресмыкающиеся: Справ. пособие. – М.: Высшая школа, 1988. – 463 с.

5. Ерёмченко В. К., Панфилов А. М. Некоторые методологические вопросы таксономии и филогении круглоголовок на примере *Phrynocephalus helioscopus* (Pallas, 1771) (Sauria: Agamidae) // Наука и новые технологии. – 1999. – № 3. – С. 116-122.

6. Ерёмченко В. К., Панфилов А. М., Цариненко Е. И. Каталог коллекции земноводных и пресмыкающихся Зоологического музея Института биологии Академии наук Республики Кыргызстан // Конспект исследований по цитогенетике и систематике некоторых азиатских видов Scincidae и Lacertidae. – Б.: Илим, 1992. – С. 91-176.

7. Ерёмченко В. К., Панфилов А. М., Цариненко Е. И. Новые данные по распространению редких и узкоареальных видов пресмыкающихся Кыргызстана в Тянь-Шане и Северо-Восточном Алае // Вестник КГНУ. – Серия 3: Естеств. науки. – Вып. 2: Биологические науки. Биотехнология. – 2000. – С. 25-28.

8. Заповедники СССР. Заповедники Средней Азии и Казахстана / Под ред. В.Е. Соколова и Е.Е. Сыроечковского. – М.: Мысль, 1990. – 399 с.

9. Кадастровый справочник охотничье-промысловых животных Узбекистана / Сост. Е.А. Черногаев. – Ташкент: Фан, 1992. – 156 с.

10. Красная книга Казахстана. Том 1: Животные. Часть 1: Позвоночные. (изд. 3-е, перераб. и доп.) / Гл. ред. А.Ф. Ковшарь. – Алматы: Канжык, 1996. – 327 с.

11. Красная книга Киргизской ССР: Редкие и находящиеся под угрозой исчезновения виды животных и растений / Под ред. А.М. Мамытова и др. – Ф.: Кыргызстан, 1985. – 136 с.

12. Красная книга Таджикской ССР: Редкие и находящиеся под угрозой исчезновения виды животных и растений / Под ред. И. А. Абдусалямова и др. – Душанбе: Дониш, 1988. – 336 с.

13. Красная книга Республики Узбекистан: Редкие и исчезающие виды растений и животных. Т. 2: Животные / Под ред. Ж.А. Азимова и др. – Ташкент: Chinoz ENK, 2003. – 250 с.

14. Красная книга СССР: Редкие и находящиеся под угрозой исчезновения виды животных и растений. Т. 1. / Гл. ред. А. М. Бородин и др. – М.: Лесн. пром-ть, 1984. – 392 с.

15. Кудрявцев С. В., Фролов В. Е., Королёв А. В. Террариум и его обитатели: Справочное пособие. – М.: Лесн. пром-сть, 1991. – 349 с.

16. Кузьмин С. Л. Земноводные бывшего СССР. – М.: Товарищество научных изданий КМК, 1999. – 298 с.

17. Материалы (заключение об анализе данных, проведённом в ходе дискуссий) рабочего Совещания по пересмотру списка редких и исчезающих видов фауны и флоры для включения в Красную книгу Кыргызстана (Бишкек, 27.11.2004). — Кыргызстандын фауна жана флорасынын жоголуп бара жаткан жана сейрек кездешүүчү түрлөрүн Кызыл Китепке киргизүү үчүн өткөрүлгөн Кеңешменин материалдары (Бишкек, 27.11.2004). — Materials of Workshop on the revision of the list of animal and plant species rare and threatened with extinction, to including into Red Data Book of Kyrgyzstan (the conclusion about data analysis carrying out during the discussion) (Bishkek, November 27, 2004).

18. Материалы, опубликованные на веб-сайтах <http://www.wildryno.net/>, <http://www.kingsnake.com/> и <http://big-snake.narod.ru/> в период с января по декабрь 2005 года.

19. Оригинальные данные Д.А. Милько. — Д.А. Милконун өздүк материалдары. — D.A. Milko's original data.

20. Оригинальные данные А.М. Панфилова. — А.М. Панфиловдун өздүк материалдары. — A.M. Panfilov's original data.

21. Постановление Правительства Киргизской Республики «Об утверждении списков редких и находящихся под угрозой исчезновения видов животных и растений для занесения в Красную книгу Кыргызской Республики» (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтом «Кыргыз Республикасынын Кызыл китебине киргизүү үчүн жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн сейрек кездешүүчү жана жоголуу коркунучунда турган түрлөрүнүн тизмесин бекитүү жөнүндө») № 170 от 28.04.2005.

22. Постановление Совета Министров Киргизской ССР «Об утверждении списков редких и находящихся под угрозой исчезновения видов животных и растений, подлежащих включению в „Красную книгу Киргизской ССР“» № 181 от 13.10.1981.

23. Сатторов Т. Новый подвид такырной круглоголовки из Ферганской долины // Вестн. зоологии. – 1981. – № 1. – С. 82-85.

24. Сатторов Т. К экологии и распространению круглоголовки Саид-Алиева в Северном Таджикистане // Изв. АН Тадж. ССР. – 1984. – № 12. – С. 71-75.

25. Яковлева И. Д. Пресмыкающиеся Киргизии. – Ф.: Илим, 1964. – 270 с.

26. 2001 IUCN Red List Categories and Criteria (version 3.1) (Adopted by SSC/IUCN in 51 Session of the IUCN Council. Swiss, Gland 9.02.2000) – IUCN, 2003. <www.redlist.org>. Downloaded 2004.

27. 2004 IUCN Red List of Threatened Species. – IUCN, 2004. <www.redlist.org>. Downloaded on 02.10.2005.

28. Borkin L. J., V. K. Eremchenko, N. Helfenberger, A. M. Panfilov and J. M. Rosanov. On the distribution of diploid, triploid, and tetraploid Green Toads (*Bufo viridis* Complex) in South-Eastern Kazakhstan // Rus. J. Herpetol. – 2001. – Vol. 8. № 1. – pp. 45-53.

29. Griffith H., A. Ngo & R. W. Murphy. A cladistic evaluation of the cosmopolitan genus *Eumeces* Wiegmann (Reptilia, Squamata, Scincidae) // Rus. J. Herpetol. – 2000. – Vol. 7. – № 1. – pp. 1-16.

30. Mertens R. Herpetologische Mitteilungen. V: Zweiter Beitrag zur Kenntnis der geographischen Formen von *Eumeces schneideri* Daudin // Senckenbergiana. – 1924. – № 6. ss. 182-184.

31. Mertens R. Dritte Mitteilung ьber die Rassen der Glattechse *Eumeces schneideri* // Senckenbergiana. – 1924. – № 27. – ss. 53-62.

# Жашыл кур бака

## *Bufo viridis* Laurenti, 1768





**Куйруксуз амфибиялар – Anura – Бесхвостые – Tailles Amphibians**
**Кур бакалар – Bufonidae – Жабы – True Toads**

**Статусу:** *VU B2ab (ii ,iii, iv); D2* категориясы; Акыркы мезгилде кескин түрдө популяциясынын жыштыгы төмөндөгөн Кыргызстандагы сейрек түрү. Таксономиялык жагынан толук изилденген эмес [28], эволюциялык изилдөөлөрдүн объектиси катары мааниге ээ, ошондой эле регионалдык генофонду сактоо катары да; республиканын фаунасында *Bufonida* тукумунун эки түрдүн бир өкүлү.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы**. Европадан, Түндүк Африкадан, Алдынкы Азиядан тартып Орто Азияга чейин [16] таралган, бул жерлерде таралышынын ареалы Чу жана Көп суулардын өрөөндөрү, Моюнкум чөлүнүн түштүк чек аралы менен чектелген [6, 20, 28]. Кыргызстанда Чүй өрөөнү, Кыргыз Алатоосунун этеги жана Талас суусунун нугу менен Казакстандын чегине чейин. Бул райондордогу жашыл кур бакаларды мурун "*turanensis*" жана "*asiomontanus*" формаларына киргизишчү, булар *B-danatensis Pisanetz* синоними болчу (Кыргызстандын башка территорияларында жашоочу данатин кур бака).

**Жашаган аймактары.** Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн антропогендик ландшафттары, деңиз деңгээлинен 1200 м.ге чейинки бийиктикте, Кыргыз Алатоосунун этектеринде жапыз чөптүү талаалар.

**Саны**. Бул комплектеги түрлөр үчүн, Кыргызстандагы жашыл кур бака аз сандуулугу менен мүнөздөлөт. Ак-Суу дарыясынын төмөнкү жагында көбөйүү жерлеринде максималдык жыштыгы 1 гектарга 10-12 жуп особдор туура келет. Кыргыз Алатоосунун этектеринде, Жыламыш, Аламүдүн ж.б. суусу аралаган капчыгайлар бою эсепке алынган маршрута 1 сааттын ичинде (туурасы 5м келген тилке боюнча) 1-3 төн 15 чейин особдор кездешет [ 20]. Акыркы 12-16 жылдын ичинде санынын төмөндөшү  жана ареалынын кыскарышы байкалды (Кыргызстанда).

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Чээнден чыгуу жана көбөйүшүнүн башталышы жылдын фенологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша – марттан тартып май айына чейин болот. Көбөйүү цикли узак. Көбөйүү мезгилинен сырткары күүгүмдө активдүү, ал эми жайкы ысык айларда жашоо тиричилигин түнкүсүн өткөрөт. Бир таштаган икрасынын саны 3-12 миңге жетет. Бир айлыктардын кургакка чыгышы июндан баштап август бою. Кумурскалар, кенелер, гусеницалар, дуулдактар, кыпчуурлар, моллюскалар чоңдорунун азыгынын негизги объектилери [1,20]; көнөк баштар болсо детрит жана балырларды жешет [16].

**Чектөөчү факторлор.** Көбөйүүгө ыңгайлуу жерлердин азайышы: ирригациялык иштер, тоо суулардын агышынын өзгөрүшү, жерлерди айдоо, жашоо жерлеринин булганышы; Тетраплоиддик *Bufo danatensis* түр менен конкуренция түзүү, машина жолдорунда тебеленип өлүшү.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Бирин-серин маалыматтар бар [15,18]; Кыргызстанда жүргүзүлбөйт. КР УИАнын Биология-топурактануу институнун түр аралык аргындаштыруу боюнча бир катар тажрыйбалардын натыйжасында маалыматтар алынган [20].

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Коргоонун атайын чаралары иштелип чыга элек. Токмок заказнигинин территориясында жашаган аймактары жана популяциялары жалпы режими менен коргоолууда.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Төмөнкү (Аксуунун нугу боюнча Түлөк кыштагынын аймагы) жана тоо (Аламүдүн же Жыламыш сууларынын капчыгайлары) популяциясынан коргоого алынган жер бөлүп берүү.

# Зелёная жаба

## *Bufo viridis* Laurenti, 1768

**Статус:** *Категория VU B2ab(ii,iii,iv); D2.* Редкий в Кыргызстане вид, с резким снижением плотности популяций в последнее время. Недостаточно изучен таксономически [28], имеет значение, как объект эволюционных исследований, и в аспекте сохранения регионального генофонда, один из двух представителей семейства Bufonidae в фауне Республики.

**Распространение общее и в стране.** От Европы, Северной Африки, Передней Азии до Средней Азии [16], где ареал распространения ограничен долинами рек Чу и Копа, южной границей пустыни Мойынкум [6, 20, 28]. В Кыргызстане – Чуйская долина до предгорий Киргизского хр. и пойма р. Талас на границе с Казахстаном. Зелёных жаб из этих районов ранее относили к формам «*turanensis*» и «*asiomontanus*», являющимся синонимами *B. danatensis* Pisanetz (Данатинская жаба, обитающая на остальной территории Кыргызстана).

**Места обитания.** Антропогенные ландшафты в Чуйской и Таласской долинах, низкотравные степи в предгорьях Киргизского хр., на высотах до 1200 м н. у. м.

**Численность.** Зелёная жаба в Кыргызстане характеризуется сравнительно низкой для видов этого комплекса численностью. В местах размножения в низовьях р. Ак-Суу максимальная плотность достигает 10–12 пар особей на гектар. В предгорьях Киргизского хр., по ущ. рек Джыламыш, Аламедин и др. за один час маршрутного учёта (на транссектах шириной 5 м по береговой полосе) встречались от 1–3 до 15 особей [20]. В течение последних 12–16 лет отмечается снижение численности и сокращение ареала (в Кыргызстане).

**Образ жизни (жизненные циклы).** Выход с зимовки и начало размножения зависят от фенологических особенностей года, обычно наблюдаются с марта по май. Период размножения растянут. Вне периода размножения ведёт сумеречную активность, а в жаркие летние месяцы характерен ночной образ жизни. Количество икры в кладке – 3–12 тысяч яиц. Выход сеголеток на сушу – с июня по август. Основные объекты питания взрослых – муравьи, клопы, гусеницы, жужелицы, уховёртки и моллюски [1, 20]; головастики поедают детрит и водоросли [16].

**Лимитирующие факторы.** Сокращение пригодных для размножения мест вследствие ирригационных работ, зарегулирования стоков горных рек, распашки земель, а также загрязнение мест обитания, конкуренция с тетраплоидным видом *B. danatensis* и гибель на автодорогах.

**Разведение (содержание в неволе).** Имеются отрывочные данные [15, 18]; в Кыргызстане не проводится. В БПИ в ряде экспериментов по межвидовой гибридизации достигнуты положительные результаты [20].

**Меры охраны существующие.** Специальные меры охраны не разработаны. Местообитания и популяции на территории Токмакского заказника охраняются в общем режиме.

**Меры охраны рекомендуемые.** Выделение охраняемых участков в низинной части области обитания (в пойме р. Ак-Суу около с. Тюлек) и в горной (в ущельях р. Аламедин или Джыламыш).

# Green Toad

## *Bufo viridis* Laurenti, 1768

**Status:** *Vulnerable (category VU B2ab (ii, iii, iv); D2),* west-Palaearctic species, rare and, in addition, insufficiently studied in Kyrgyzstan, with sharply reducing stock. The species is valuable for evolutionary researches and preservation of regional genetical fund. Territories of occupancy in the country are limited by anthropoid landscapes in Tchu Valley and in extreme lower part of Talas Valley; Green Toad populates also low-herb steppes at northern slope of Alexander Mountain Range, up to 1,200 m above sea level. Adults complete hibernation from March to May, they are night-active insectivores; period of reproduction is prolonged. Maximal number is up to 10–12 pairs per hectare (in vicinity of Tyulek village); fertility is 3–12,000 eggs per set. Limiting factors: pollution and reducing of habitats, melioration, ploughing-up, competitors (*B. danatensis* Pisanetz) and autobahn-mortality. At present time it is protected by common routine in Tokmak wildlife area only. To protect Green Toad it is offered to create reservations in low-land part of the area (in Ak-Suu River valley) and one in mountain (in a gorge of the Alamedin or Jylamysh River).

# Кызыл колтук бака

## *Rana asiatica* Bedriaga, 1898





**Куйруксуз амфибиялар – Anura – Бесхвостые – Tailles Amphibians**
**Кадимки бакалар – Ranidae – Лягушки настоящие – True, or Typical, Frogs**

**Статусу:** *VU Blab (iv)* категория. Саны жана жашаган аймактары кескин кыскарып бараткан, кууш жана дизъюктивдүү ареалду мозаика (бөлөк-бөлөк) түрүндө таралуучу түр. Кыргызстанда белгилүү болгон популяцияларын дээрлик теңин сактоодо атайын коргоо чараларын колдонуу зарыл. Суулардын булганышынын табигый биоиндикатору (биологиялык аныктоочусу) [20], Казакстандын Кызыл китебине киргизилген.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түштүк-чыгыш Казакстанда түрдүн ареалы бир нече обочолонгон бөлүктөрдөн турат (батыш тарапта Чүй өрөөнүнөн тартып Чыгыш Балхашка чейин), Түндүк-чыгыш Кыргызстанда жана Батыш Кытайда (Синцзян жана Ганьсу) [16]. Кетментөбө өрөөнүнүн эң батышында анык табылышы аныктоону талап кылат [16]. Кыргызстанда Чүй өрөөнүндө Бишкек шаарынын чыгышына карай Токмокко чейин, Ысыккөл өрөөнүндө көлдүн жээктери жана көлгө куюлган суу нуктарынын бойлору. Бардык жерлерде анда-санда кездешет. Кочкор өрөөнүндө Чу жана Кочкор сууларынын, жана Жумгал суусунун жогору жана ортоңку агымынын жайылмасынын жээктери [1, 6, 20].

**Жашаган аймактары.** Жалпысынан-суу өрөөндөрүнүн токойлуу жерлерин, талаалрды жана чөлдөрдү, деңиз деңгээлинен 350м ден 3000м чейин диапазондогу бийиктикти мекендейт [20]; Жер астында суу чыккан Чүй - Ысыккөл өзөөнүнүн табигый, булганбаган биоценоздордун суу биотоптору [20].

**Саны.** Бардык жерде төмөн жана азайып бара жатат [16]. Ананьев кыштагынан тартып (Чыгыш Ысыккөлдүн) Түп суусуна чейин, 1984-1985 жылдары көбөйүүчү жерлеринде 1 гектарга 400-500 особдор тура келген, ал эми 1986 жылы эсепке алынган маршруттарда бирин-серин гана особдор кездешкен. Учурда, Кочкор өрөөнүндө популяциясынын орточо жыштыгы 1 гектарга 24 особь, Жумгал өрөөнүндө-6 особь, Чүй өрөөнүндө-17 особ туура келет [17, 20].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Жашоосунун көпчүлүк убактысын кургакта өткөрөт, күндүз жана кечки маалда активдүү. Жашаган жерлерине жараша чээнден март-май айларында чыгат. Икрасын май-июнь айларында таштайт. Бир жолку таштаган икрасынын саны 600 - 1200 жетет. Личинканын өрчүшү 40 күнгө жакын созулат. Метаморфозасынын бүтүшү – июнь - август бою. Көлчүктөрдө, чанда кургактагы чуңкурларда топтошуп кыштоосун өткөрөт (чээнге киришин) [16, 19]. Азыгынын негизги бөлүгүн курт-кумурскалар (какач канаттуулар, түз канаттуулар, кату канаттуулар ж.б.) түзөт [1, 20].

**Чектөөчү факторлор.** Көл бакасы *Rana ridibunda Pall* интродуцияланган түр менен конкуренттик кылууга жөндөмсүздүгү (Ысыккөл өрөөнү), жашаган жерлеринин булганышы (Чүй өрөөнү). Табигый душмандары: түлкү, кулаалылар, бор баштар [1, 20], суу жыландар жана гельминттер [16]. Санынын өзгөрүлүшүнүн негизги себептери-ирригациялык иштер, суулардын агымынын өзгөрүлүшү, малдын жайылышы, жолдордо өлүп жоголушу жана кишинин түздөн-түз кол салуусу (элдик дарылоо үчүн колдонушу [16 ж.б.]).

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Кыргызстанда жүргүзүлгөн эмес [20]. Террариумдарда сейрек түр [18].

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Учурда, Кыргызстанда атайын коргоо чаралары көрүлгөн эмес, Ысыккөл коругунун [8, 16] жана Токмок заказнигинин [20] жалпы режими астында жашаган аймактары коргоого алынган. Казакстандын Кызыл китебине киргизилген [10].

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** IUCNRLTS жана Кыргызстандын Кызыл китебине киргизүүгө сунуш кылган [16]. Чүй өрөөнүндө локалдык топтошкон популяциялары үчүн (каражыгач токойу жана Кант шаарынын тушунда Чү суусунун бойлору), ошондой эле Жумгал жана Кочкор суусунун Чу дарыясына кошулган (куюлган) жерлеринде жаратылышты пайдалануунун регламенттерилген аянты жетиштүү участкаларды уюштуруу. Жергиликтүү калк арасына түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

# Центральноазиатская лягушка

## *Rana asiatica* Bedriaga, 1898

**Статус:** *Категория VU B1ab(iv).* Мозаично-распространённый вид с дизъюнктивным и сравнительно узким ареалом, численность и область обитания которого сокращаются. Сохранение почти половины из известных в Кыргызстане популяций, по-видимому, невозможно без осуществления специальных мер. Естественный биоиндикатор загрязнения вод [20], внесён в Красную Книгу Казахстана [10].

**Распространение общее и в стране.** Ареал вида состоит из нескольких изолированных частей в Юго-Восточном Казахстане (от Чуйской долины на западе до Восточного Прибалхашья), Северо-Восточном Кыргызстане и Западном Китае (Синцзянь и Ганьсу) [16]. Нахождение в самой западной точке, в Кетмень-Тюбинской котловине, требует подтверждения [16]. В Кыргызстане – спорадично в Чуйской долине от г. Бишкек на восток до г. Токмак, в Иссык-Кульской котловине (также спорадично) по побережью и руслам рек, впадающих в оз. Иссык-Куль, в Кочкорской долине по поймам рек Чу и Кочкор, и в пойме р. Джумгал в верхнем и среднем течении [1, 6, 20].

**Места обитания.** В целом – облесённые места в долинах рек, в степях и пустыне, в высотном диапазоне от 350 до 3000 м н. у. м. [20]; в Чу-Иссыккульском бассейне – естественные, не загрязнённые околоводные биотопы биоценозов в зонах выклинивания грунтовых вод [20].

**Численность.** Повсеместно низкая и снижающаяся (см. [16]). На участке от с. Ананьево до р. Тюп (Восточное Приссыккулье) в 1984–1985-х годах в местах размножения достигала 400–500 экз./га, а в 1986 году на учётных маршрутах встречались единичные особи. Средняя плотность популяций в настоящее время в Кочкорской долине – 24 экз./га, в Джумгальской котловине – 6 экз./га, в Чуйской – 17 экз./га [17, 20].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Большую часть жизни проводит на суше, активны днём и в вечерние часы. Зимовка заканчивается, в зависимости от условий обитания, в период с марта до мая, откладка икры – с мая по июнь. В кладке 600–1200 икринок. Развитие личинок длится около 40 суток. Окончание метаморфоза – с июня по август. Зимуют группами в лужах, реже в ямах на суше [16, 19]. Основу питания составляют насекомые (чешуекрылые, прямокрылые, жесткокрылые и др.) [1, 20].

**Лимитирующие факторы.** Вытеснение интродуцированным конкурентом, озёрной лягушкой *R. ridibunda* Pall. (в Иссык-Кульской котловине), загрязнение мест обитания (в Чуйской долине). Естественные враги: лисицы, луни, сорокопуты [1, 20], водяные ужи и гельминты [16]. Общие причины снижения численности – ирригационные работы, зарегулирование стока рек, выпас скота, гибель на автодорогах и прямое преследование человеком (для целей традиционной медицины [16 и др.]).

**Разведение (содержание в неволе).** В Кыргызстане не проводилось [20]. Редкий вид в террариумах [18].

**Меры охраны существующие.** В настоящее время в Кыргызстане специально не охраняется, места обитания охраняются общим режимом Иссык-Кульского заповедника [8, 16] и Токмакского заказника [20]. Внесён в Красную книгу Казахстана [10].

**Меры охраны рекомендуемые.** Вид был рекомендован к внесению в IUCN RLTS и в Красную книгу Кыргызстана [16]. Для локальных популяций в Чуйской долине (Карагачевая роща и пойма р. Чу в районе г. Кант), а также в пойме р. Джумгал и у впадения р. Кочкор в р. Чу – создание участков достаточной площади с регламентированным природопользованием. Проведение разъяснительную работы среди местного населения.

# Middle Asia Wood, or Asiatic Brown, Frog

## *Rana asiatica* Bedriaga, 1898

**Чектөөчү факторлор.** Каздардын саны азайуусуна жазында алардын жумурткасын чогултуу, аңчылык кылуу. Азыркы учурда Сөңкөлдө уялоого ыңгайлуу аралчаларды талкалоо, балыкчылардын жана чабандардын болушу таасирин тийгизишет [3, 8].

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Колго бакса жакшы көбөйөт. Өткөн кылымдын 80-жылдарынын аягында Ысыккөл коругунда тоо казын көбөйтүүгө питомник уюштурулган. Бир нече жылдардын ичинде жаштарынын бир бөлүгүн Сөңкөлдөгү жапайы куштарга кошушкан. Акча каражатынын жетишпегендигинен илимий деңгээлде анын көбөйтүүсү жолго салынбай калган.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** 1975-жылдан тартып Кыргызстандагы тоо каздары сейрек жана жоголуп бара жаткан түрлөрдүн тизмесине, ал эми 1985-жылы КК киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Каздардын белгилүү уялоочу жерлерин коргоого алуу. Кыргызстанда азыркы учурдагы таралышын изилдөө, көчүшүүнүн мөөнөтүн жана уя салышын тактоо, колго кармап тукумдатуунун методикасын иштеп чыгуу.

# Горный гусь

## *Anser indica* (Latham, 1790)

**Статус:** *VI категория, Near Threatened: R*. Представитель комплекса видов тибетского происхождения. Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** Распространен в высокогорных районах стран Центральной Азии. Территория Кыргызстана – периферийная часть ареала его гнездования. Места его обитания сохранились на озерах Сон-Куль (3016м) и Чатыр-Куль (3530м) [4, 13].

**Места обитания.** Высокогорные озера, альпийские луга с осокой и др. растительностью. Гнездятся на небольших островках, которые в настоящее время разрушаются волнами. [2,5,6].

**Численность.** В 1992-96 гг. численность Сонкульской популяции состояла из 44-49 особей, из которых 3-5 пар были гнездящимися. В период 2002-2003гг. отмечен прилет 15-17 особей, но не гнездились, в 2004 г.- 2 птицы. Численность Чатыркульской популяции за последние десятилетия держится на уровне 300-350 особей, что соответствует уровню ее численности в 60-х годах [4, 50]. В период 1997-2003 гг. минимальная численность популяции составляла 282-342 особи, из которых 38-45 пар были гнездящимися.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Прилет в марте, отлет в ноябре. Брачный период продолжается 10-12 дней и с середины марта – в начале апреля начинается откладывание яиц. Кладка – из 4-6 яиц, птенцы появляются в начале июня. На озере Чатыр-Куль кладка яиц начинается на две недели позже.

**Лимитирующие факторы.** Врагами являются хищные птицы и звери, в основном ворон, болотный лунь, лисица. Основной причиной сокращения численности популяции горных гусей является чрезмерное антропогенное освоение территории в местах гнездования. На оз. Сон-Куль популяция практически уничтожена рыбодобывающими предприятиями [3, 8].

**Разведение (содержание в неволе).** В европейских странах широко используется в качестве декоративного вида на городских прудах и зоопарках. В Кыргызстане содержится 12 особей в питомнике Иссыккульского заповедника. В 1992-2002гг. от трех размножающихся пар получено 112 птенцов [9].

**Меры охраны существующие.** Придание местам гнездования на озерах Сон-Куль и Чатыр-Куль статуса резерватов национального значения (СССР) с отнесением их к списку водно-болотных угодий группы «Б» и с введением на них режима заказников (1971); принятие Государственной программы в соответствии с Постановлением Правительства № 505 от 05.10.85 г. по восстановлению численности популяции горных гусей (1985); создание питомника горных гусей в Иссык-Кульском заповеднике для их воспроизводства и последующей реинтродукции на оз. Сон-Куль (1988) [12]; введение режима заповедания на озерах Сон-Куль и Чатыр-Куль (1989).

**Меры охраны рекомендуемые.** Ограничить рыбную ловлю на оз. Сон-Куль внегнездовым периодом. Соблюдать заповедный режим на обоих озерах. Информировать широкие круги общественности о мероприятиях направленных на сохранение горных гусей.

# Bar-headed Goose

## *Anser indica* (Latham, 1790)

**Status:** *VI category, Near Theatened: R*. Monotypic species. Breeds in Song-Kul and Chatyr-Kul Lakes at 3,000 m (9,800 feet) above sea level. There are 5-6 islands in Song-Kul and 10-12 small islands in Chatyr-Kul Lakes, which are used as nesting territories. The geese number has reduced from 44-49 birds in 1992-96 in Song-Kul, out of which 3-5 pairs actually nested, to 15-17 ones in 2002-03, no pair attempted to nest. Chatyr-Kul populations are stable – around 300-350 geese. In 1997-2003 the number ranged between 282-342 birds, and number of nesting pairs – between 38-45 ones. Breeding season starts in April. There are 4-6 eggs in the nest. Enemies are raven, harrier, fox. There is heavy human impact in Song-Kul. Twelve geese are in captivity at Issyk-Kul zapovednik (protected area). During 1992-2002 three breeding pairs delivered 112 fledglings. The bar-headed goose is in the current Kyrgyz Red Data Book of 1985.

[1] Stepanyan L.S. [7] considers the species as part of genera *Eulabeia* Reichenbach, 1853 [93].



# Аккуу

## *Cygnus cygnus* Linnaeus, 1758



Каз сымалдар – Anseriformes – Гусеобразные
Өрдөктөр – Anatidae – Утиные

**Статусу:** *VII категория, Least Concern, LC.* Монотиптүү түр. Дүйнөлүк фаунанын уруусунун 7 түрүнүн жана Кыргызстандын фаунасынын 3 түрүнүн бири.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Кыргызстанда Сөңкөлдө кээбир жуптары уялашылган. Келгин учурунда республиканын бардык жерлеринде кездешет. Ысыккөлдө массалык түрдө кыштайт [2]. Жайында кээбир учурда ири көлмөлөрдө кездешет.

**Жашаган аймактары.** Өсүмдүктөргө бай, ири көлмөлөрдүн тайыз жерлери. Сөңкөлдө осока өскөн көлдүн тайыз жерлерине уялайт [14].

**Саны.** Сөңкөлдө бир-эки жуп 1999 жылына чейин уялган. Ысыккөлдө күзүндө 1400гө жакын куштардын чогулушу белгилүү.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Жыныстык жагынан 4-жылда барып жетилет. Уясына 7ге чейин жумуртка тууйт. Республикада анын табигый душмандары жок. Көбүнчө суудагы жана жээктеги өсүмдүктөр менен азыктанат.

**Чектөөчү факторлор.** Катуу суукта Ысыккөлдүн тайыз жерлерин муз каптаганда ачкадан өлүшөт. Кээде сууга тоңгон же ачкадан алсыздаган аккуулар бүркүттөргө жем болушат. Браконьерлик.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Колдо оңой көбөйөт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** 1985-жылы Кыргыз ССРинин Кызыл китебине жана Казакстандын Кызыл китебине киргизилген. Аңчылыкка тыюу салынган. Караталжапырык жана Ысыккөл коруктарынын территориясында коргоого алынган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Ысыккөлдө кыштоо мезгилинде коргоону күчөтүү. Сонкөлдүн батыш жээгине кидик заповедник уюштурууга зарыл. Кыштоочу жана уялоочу жерлерине мезгил-мезгили менен мониторинг жүргүзүү.

## Лебедь-кликун

### *Cygnus cygnus* Linnaeus, 1758

**Статус:** *VII категория, Least Concern, LC*. Редкий гнездящийся вид. Один из семи видов рода в мировой фауне и один из трех в фауне Киргизии. Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** Широко распространен по лесной и степной зоне Евразии. В восьмидесятые-девяностые годы 20 века 1-2 пары гнездились на оз. Сон-Куль, в последние годы там не встречен. Во время пролета встречается на всех крупных водоемах республики. Массовая зимовка на оз. Иссык-Куль [2]. Летом иногда встречается на крупных водоемах.

**Места обитания.** Мелководья крупных водоемов, заросшие подводной растительностью. На Сон-Куле гнездился на мелководьях заросших осокой [14]. Зимовки на мелководьях оз. Иссык-Куль.

**Численность.** До 1999 года одна-две пары гнездились на оз. Сон-Куль. На Иссык-Куле осенью встречается до 1400 птиц.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Обычен во время сезонных миграций и на зимовке. Половая зрелость наступает на четвертом году жизни. В кладках до семи яиц. Для гнездования выбирает обширные мелководья покрытые надводной растительностью. Воспитывают птенцов оба родителя. Питается водными и прибрежными растениями.

**Лимитирующие факторы.** Зимой на Иссык-Куле гибнут от голода во время сильных морозов, когда мелководья покрываются льдом. Зимой, ослабленные голодом лебеди становятся добычей беркутов и орланов. Браконьерство. Естественных врагов в республике практически нет.

**Разведение (содержание в неволе).** Легко приручается и хорошо размножается в неволе.

**Меры охраны существующие.** Внесен в Красную книгу Киргизской ССР в 1985 г. Внесен в Красную книгу Казахстана. Охраняется на территории Иссык-Кульского заповедника.

**Меры охраны рекомендуемые.** Усилить охрану зимовок на озере Иссык-Куль. Создание ООПТ на западном берегу оз. Сон-Куль. Регулярный мониторинг на местах гнездования и зимовок.

## Whooper Swan

### *Cygnus cygnus* Linnaeus, 1758

**Status:** *VII category, Least Concern, LC.* Monotypic species. Rare breeding species. Two-three pairs of Whooper Swan bred earlier in Song-Kul Lake in 80-90-s of the last century, but at the moment there are no signs. Migrates and winters in Issyk-Kul Lake in big numbers – up to 1,400 birds. Nests up to 7 eggs. Both sexes take care of eggs and fledglings. Limiting factors are hunger during very cold winters, when water of Issyk-Kul near shores is covered by ice, as well as poaching. There are no natural enemies in Kyrgyzstan. The species is included into current Kyrgyz Red Book of 1985. It is recommended to create protected area in Song-Kul Lake, which is now a target for mass traditional mountainous tourism.

# Аккөз өрдөгү

## *Aythya nyroca* (Guldenstadt, 1770)





Каз сымалдар – Anseriformes – Гусеобразные
Өрдөктөр – Anatidae – Утиные

**Статусу:** *VI категория. Near Threatened, NT.* Кыргызстандын фаунасында уруунун 4 түрдүн бирөө. Монотиптүү түр.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Африканын түндүгүндөгү Марокко, Түндүк-Чыгыш Алжир, Түндүк-Батыш Тунис, Түштүк Ливия жана чыгышта Сауд Аравиясында локалдык түрдө таралган. Евразиянын Пириней жарым аралынан түштүккө, чыгышка карай – Обь суусунун башталышы, Алтайдын этеги, Урунгу өрөөнү, Хуанхенин башталышы. Түндүктө - Батыш Европанын райондоруна чейин, Урал тоо кыркасынын жана Чаны көлүнүн аралыгы, түндүккө карай 56-параллелге чейин, чыгыш жакка карай түндүк чеги, түштүккө өтүп Алтай жана Зайсан тоо этектерине жетет. Түштүккө жакын Жер Ортолук деңиз жээктерине чейин, Кичи Азия, Түндүк Иран, Афганистан, Кашмир жана Ладакха. [7, 15]. Кыргызстанда Чүй өрөөнүндө, Ысыккөлдө учуп өткөндө кездешет. Ички Тяньшанда сырт көлдөрдө [2, 6, 16].

**Жашаган аймактары.** Суу өсүмдүктөргө бай көлдөрдө жашайт.

**Саны.** Күзүндө учуп өтүүдө көбүрөөк кездешет. Жазында Чүй өрөөнүндө 15 особго чейин кездешет [21], ал эми жайдын биринчи жарымында өрдөк бир топ аз санда болот. Ысыккөлдө ал аз санда, 5 км маршрутта болгону 1-2 жуптан ашпайт [2, 17,18]. Күзүндө бийик тоолордогу Соңкөл менен Чатыркөлдө 15-20дан 40-50гө чейинки санда учуп өтүүдө дайыма кездешет. Июль айынан тартып куштардын түлөшү байкалат [6].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Көчмөн түр. Кыштоо учурунда бүт Индия боюнча, Пакистанда жана Бангладеште, ошондой эле Янцзы дарыясынын өзөнүндө кездешет [19,20]. Кыргызстанга жазында биринчилерден болуп апрелдин 1-3 декадасында келет. Түндүк жакта уялап бүткөн, түлөгөн куштар жайкысын бийик тоодо көлдөрдө кездешет. Сентябрь-октябрь айларында күзгү көчүшү байкалат. [3,6].

**Чектөөчү факторлор.** Аккөз өрдөктүн азыктанышына жана түлөшүнө жагымдуу көлдөргө чарбачылык жана рекреационалык басым жасоонун күчөшү.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Кыргызстанда колдо багылбайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** IUCN тизмесине киргизилген [1].

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Кыргызстанда аңчылыкка ылайыктуу өрдөктөрдүн түрлөрүн тизмеден алууга тийиш, жаратылышты коргоо чараларын жүргүзүү жана жергилүктүү айылдардын арасына Соңкөл менен Чатыркөлдөгү өрдөктөрдү сактоо максатына ылайыктуу чараларды жүргүзүү, массалык түрдө түлөп жаткан учурда аларды коргоо. Жаратылышты коргоо боюнча активисттерди кызыктыруу.Аккөз өрдөктүн учуп өтүү жерлеринде мониторинг жүргүзүү максатында санын дайыма эсепке алуу. Чүй өрөөнү менен Ысыккөлдө май айында байкалган, Чүй өрөөнүндө кармалган өрдөктүн эркеги жетилген уруктугу болгону уялай турганын далилдеп турат, ошондуктан Кыргызстандын түндүк жагында алардын уялоочу жерлерин издөө иштерин жүргүзүү бирден бир маанилүү багыттардын бири [2, 18].

# Белоглазая чернеть

## *Aythya nyroca* (Guldenstadt, 1770)

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT.* Монотипичный вид. Один из четырех видов рода в авифауне Кыргызской Республики.

**Распространение общее и в стране.** В Северной Африке на севере Марокко, Северо-восточный Алжир, Северо-западный Тунис, локально в южной Ливии и на востоке Саудовской Аравии. Евразия с юга Пиренейского полуострова, на восток – до верхнего течения Оби, подножий Алтая, долины Урунгу, верховьев Хуанхэ. На север – до средней части Западной Европы, до районов Пскова, Смоленска, Калуги, Рязани, Казани, Уфы, между Уральским хребтом и оз. Чаны к северу до 56-й параллели, на восток от озера северная граница ареала опускается к югу в область предгорий Алтая и к Зайсану. К югу до побережья Средиземного моря, Малой Азии, северного Ирана, Афганистана, Кашмира и Ладакха. Северная граница ареала неустойчива, а восточные пределы требуют уточнения [7, 15]. В Кыргызской Республике встречается на пролете в Чуйской долине, Приисыккулье, сыртовых озерах Внутреннего Тянь-Шаня [2, 6, 16].

**Места обитания.** Предпочитает озера, водохранилища и пруды с богатой водной растительностью и населенной мелкими водными животными.

**Численность.** Белоглазая чернеть чаще встречается на пролете осенью, нежели весной. В Чуйской долине весной отмечались стайки до 15 особей [21], в 1 половине лета чернеть весьма малочисленна. На Иссык-Куле она встречается в гораздо меньших количествах, не более 1-2 пар на протяжении 5-ти километрового маршрута [2, 17, 18]. Осенью на высокогорных озерах Сон-Куль и Чатыр-Куль чернеть в стайках от 15-20 до 40-50 отмечается на пролете регулярно. Линные птицы наблюдаются с июля месяца [6]

**Образ жизни (жизненные циклы).** Мигрирующий вид. На зимовке отмечается практически по всей Индии, в Пакистане и Бангладеш, а также в бассейне реки Янцзы [19, 20]. Весной первые птицы появляются в Кыргызской Республике в 1-3 декадах апреля. Отгнездившись в северных широтах, линные птицы появляются летом на высокогорных озерах. Осенние миграции наблюдаются в сентябре-октябре месяцах. Кормовые предпочтения – вегетативные части водных растений, семена бобовых, гречишных, бурачниковых, лютиковых, наблюдались остатки эфедры и хвоща, реже – ручейники, их личинки и моллюски, мелкая рыбешка [2, 17, 19].

**Лимитирующие факторы.** Усиливающаяся рекреационная и хозяйственная нагрузка на водоемах, пригодных для линьки и кормежки белоглазой чернети.

**Разведение (содержание в неволе).** В Кыргызской Республике в неволе не содержится.

**Меры охраны существующие.** Охраняется, наряду с другими видами, в заповедниках и заказниках Кыргызстана. Другие специальные меры не предусматриваются. Включена в Список глобально угрожаемых видов IUCN, VI, NT [1].

**Меры охраны рекомендуемые.** Следует исключить из списка охотничьих видов уток Кыргызской Республики, осуществлять целевые природоохранные мероприятия и проводить разъяснительные мероприятия среди местного населения у озер Сон-Куль и Чатыр-Куль, в местах массовой линьки данного вида и активно привлекать активистов в природоохранные мероприятия. Необходимо проводить регулярные учеты численности чернети в местах пролета, с целью дальнейшего мониторинга состояния мигрирующих популяций. Белоглазая чернеть наблюдалась в мае месяце в Чуйской долине и в Приисыккулье. Самец, добытый в Чуйской долине, имел увеличенные семенники, что не исключает возможности гнездования чернети в этих местах, поэтому поиск вероятных мест гнездования в Северном Кыргызстане следует считать приоритетным направлением [2, 18].

# Ferruginous Duck

## *Aythya nyroca* (Guldenstadt, 1770)

**Status:** *VI category, Near Threatened, NT*. Monotypic species. Migrates through Chu, Issyk-Kul Valleys, highland lakes of Inner Tien-Shan. There were flocks observed up to 15 birds in Chu valley during spring time. The number of ducks in Issyk-Kul is 1-2 pairs for 5 km transect. Big flocks of Ferruginous Ducks consisting of 15-50 birds are seen in autumn in highland lakes higher 3,000 m (9,800 feet) above sea level. The species is not held in captivity in the country. No special conservation measures are currently undertaken. It is recommended to exclude the species from the list of hunting birds, conduct awareness campaigns in order to help hunters to identify the bird before game shooting and minimize such cases.

# Узунтумшуктуу кытай

***Mergus serrator* Linnaeus, 1758**





Каз сымалдар – Anseriformes – Гусеобразные
Өрдөктөр – Anatidae – Утиные

**Статусу:** *VII категория, Least Concern, LC.* Монотиптүү түр.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түндүк Америкада жана Евразиянын түндүгүндө жашайт. Республикабызда Ысыккөл ойдуңунда уялайт. Мурда Ысыккөлдөн башка дагы майда көлдөрдө кездешчү. Азыркы мезгилде көлдүн чыгыш бөлүгүндө гана сакталып калган.

**Жашаган аймактары.** Көлдөрдө уялайт, уясын бадалдардын арасына салат.

**Саны.** Белгисиз, 10-15 уялоочу жуптан ашпашы мүмкүн.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Май-июнь айларында уялай баштайт. Төшүнөн жулуп алынган тыбыт менен төшөлгөн уясын жээктеги калың өскөн өсүмдүктөрдө жайгаштырат. Уяда 8-10 жумуртка болот. Көпчүлүк учурда бир ургаачы менен жүргөн 20-30 ар түрдүү курактагы балапандардын тобун көрүүгө болот. Мунун себеби түшүнүксүз, ургаачыларынын өлүмү менен байланыштыруу кыйын, анткени мындай кубулуш кеңири тараган. Көпчүлүк узунтумшук кытай алалар Ысыккөлдө кышташы мүмкүн. Майда балыктар жана омурткасыздар менен азыктанат [2,6].

**Чектөөчү факторлор**. Негизинен азык үчүн чумкуганда балык кармоочу торлорго түшүп зыянга учурайт. Жээктеги өсүмдүктөрдү жок кылуу жана тынчсыздандыруучу фактору да таасирин тийгизет.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Багылган эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Ысыккөл мамлекеттик коругунда коргоого алынган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Жай мезгилинде, балапан чыгаруу маалында Түп булуңунда балыкты тор менен кармоону чектөө. Санын изилдөө жана тараган аймактарда мониторинг уюштуруу.

## Длинноносый крохаль

### *Mergus serrator* Linnaeus, 1758

**Статус:** *VII категория, Least Concern, LC.* Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** Населяет Северную Америку и север Евразии. В республике гнездится в Иссык-Кульской котловине. Ранее населял не только озеро Иссык-Куль, но и более мелкие водоемы. В настоящее время сохранился в восточной части озера.

**Места обитания.** Гнездится на водоемах, гнезда устраивает на земле в зарослях кустарников.

**Численность.** Не известна, но вероятно, не превышает 10-15 гнездящихся пар.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Гнездится в мае-июне. Гнезда устраивает в зарослях прибрежной растительности, выстилая их пухом выщипанным с груди и брюха. В гнездах 8-10 яиц. Часто можно видеть объединенные выводки из 20-30 разновозрастных птенцов с одной самкой. Причины этого не совсем понятны, так как объяснить это гибелью самок трудно, поскольку подобное явление широко распространено. Вероятно, большинство длинноносых крохалей зимует на Иссык-Куле. Питается водными животными мелочью рыб и беспозвоночными [2, 6].

**Лимитирующие факторы.** В основном гибнут в рыболовных сетях при нырянии за пищей. В меньшей степени влияет на численность уничтожение прибрежной растительности и фактор беспокойства.

**Разведение (содержание в неволе).** Не известно.

**Меры охраны существующие.** Охраняется на участках Иссык-Кульского государственного заповедника.

**Меры охраны рекомендуемые.** Ограничение ловли рыбы сетями в Тюпском заливе в летний период на время выведения птенцов. Организация мониторинга в местах распространения, и учет численности.

## Red-breasted Merganser

### *Mergus serrator* Linnaeus, 1758

**Status:** *VII category, Least Concern, LC.* Monotypic species. Red-breasted Merganser is resident species. Breeds in eastern part of Issyk-Kul Region in May-June. The estimated number is 10-15 breeding pairs. Builds nest under bushes near of lake coastline. Eggs – 8 to 10. Limiting factors: death in fish nets when diving. It is recommended to limit fishing with nets in Tyup bay during the nesting season.

# Акбаштуу өрдөк

*Oxyura leucocephala* (Scopoli, 1769)





Каз сымалдар – Anseriformes – Гусеобразные
Өрдөктөр – Anatidae – Утиные

**Статусу:** *IV категория, Endangered, EN, 2bcde.* Монотиптүү түр.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түндүк Африка, Түштүк Европа, Алдынкы жана Орто Азияда, Казакстанда, Түштүк Сибирде уялайт. Иранда, Пакистанда, Индияда жана Жер Ортолук деңизде кыштайт, бул жерлерде мүмкүн отуруктуу [22, 23]. Кыргызстанда сейрек түр. Акыркы жылдары Сорбулак көлүндө (Алматыдан алыс эмес жер), Чыгыш Казакстандын көлмөлөрүндө жазгы жана күзгү учуп өтүшү Ысыккөл ойдуңу жана Чүй өрөөнү аркылуу өтөт деген болжол бар [2].

**Жашаган аймактары.** Жээктери камыш, жекен өскөн көлмөлөргө учуп өтүүдө токтошот. Акыркы жылдары аны суусактагычтарда байкашкан.

**Саны.** Өткөн кылымдын 90-жылдарынын ортосуна чейин анын саны азайган [22, 23]. Кыргызстанда бирин-серин кездешкени белгилүү [2]. Бирок, акыркы жылдары көпчүлүк орнитологдордун байкашына караганда чор тумшук өрдөк учуп өтүшүндө көп санда – 100дөн 4500гө чейин болгону белгилүү [24, 25].

**Чектөөчү факторлор.** Балык улоодо жашаган жерлеринин начарлашы, көлмөлөрдүн айланасындагы камыштарды өрттө, аңчылык кылуу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Колдо көбөйтүү жана зоопарктарда багуу боюнча маалыматтар жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** 1985-жылы Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген. Бул түр жаратылышты коргоонун эларалык бирикмесинин тизмесине киргизилген, себеби бүт ареалдар боюнча анын саны кескин кыскарган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Чор тумшук өрдөктүн учуп өтүү убагында Чүй өрөөнү жана Ысыккөлгө жакын жерлердеги көлмөлөрдө жазгы аңчылыкка тыюу салуу.

# Савка

## *Oxyura leucocephala* (Scopoli, 1769)

**Статус:** *IV категория, Endangered, EN, 2bcde.* Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** Гнездится в Северной Африке, Южной Европе, Передней и Средней Азии, Казахстане, Южной Сибири, зимует в странах Средиземноморья, Иране, Пакистане и Индии, где, по-видимому, живет и оседло [22, 23]. В Киргизии редкий пролетный вид. Регулярные встречи савки на весеннем и осеннем пролете в последние годы на оз. Сор-Булак (недалеко от Алма-Аты), на водоемах Восточного Казахстана позволяют предполагать более заметный пролет этого вида через Иссык-Кульскую котловину и Чуйскую долину [2], что подтверждает встреча пары савок в ноябре 2005 г.

**Места обитания.** На пролете может останавливаться на водоемах, берега которых поросли тростником, рогозом, в последние годы ее часто встречают на водохранилищах.

**Численность.** До середины 90-х годов имела тенденцию к уменьшению [22, 23], в Киргизии отмечены единичные встречи [2]. Однако в последние годы многие орнитологи сообщают о довольно большом количестве савок на пролете: от 100 до 4500 птиц [24, 25].

**Образ жизни (жизненные циклы).** В Кыргызстане редкий пролетный вид, может встречаться на отдыхе весной и осенью на водоемах Иссык-Кульской, Чуйской и Ферганской долин.

**Лимитирующие факторы.** Ухудшение мест обитания из-за рыболовства, выжигания тростников вокруг водоемов, охоты [22, 23].

**Разведение (содержание в неволе).** Информации о разведении в неволе и о содержании в зоопарках нет.

**Меры охраны существующие.** В 1996 г. включена в Красную книгу Казахстана, а также и Туркмении и в список глобально угрожаемых видов IUCN.

**Меры охраны рекомендуемые.** Запрет весенней охоты на водоемах Чуйской долины и Прииссыккулья, где возможен пролет савок.

# White-headed Duck

## *Oxyura leucocephala* (Scopoli, 1769)

**Status:** *IV category, Endangered, EN, 2bcde.* Monotypic species. Rare migrating bird in Chu Valley and Issyk-Kul Region. There were few records in the past. However, last observations prove the numbers of ducks migrated ranging from 100 to 4,500 (!) birds. Fishing, which deteriorates the habitat quality and burning the reeds, are major limiting factors. It is recommended to prohibit the hunting in spring in those sites, where White-headed Duck may occur.

# Көк өрдөк

## *Gavia arctica* (Linnaeus, 1758)





Көк өрдөк сымалдар – Gaviiformes – Гагарообразные
Көк өрдөктөр – Gaviidae – Гагаровые

**Статусу:** *III категория, Critically Endangered, CR: R.* Кыргызстандын территориясында тукум курут болуунун чегинде. Номинативдүү түрчөсү кездешет. Чоңдугу үй өрдөгүндөй.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Норвегиянын, Швециянын, Финляндиянын, Германиянын, Польшанын, европалык Россиянын түндүк бөлүгүнүн ири көлмөлөрүндө тараган. Уралдан ары ареалы түштүккө карай жылат да, Батыш жана Чыгыш Сибирди камтыйт. Түндүк Казакстанда жашайт. Кыргызстанда номинативдүү түрчөсү Ысыккөлдө кездешет.

**Жашаган аймактары.** Ысыккөлдө Түп жана Жыргалаң булуңдарында уялайт [2]. Кышында көлдүн бардык жеринде кездешиши мүмкүн.

**Саны.** Азыркы учурдагы саны белгисиз, кыштоодо гана кездешип, уялабай калышы мүмкүн. Мурда 5-6 жуп уялачу [6].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Жыныстык жактан үч жашында жетилет. Апрелдин ортосунан баштап уялайт. Адатта 2 жумуртка басат. Балык жана суудагы омурткасыздар менен азыктанат [26].

**Чектөөчү факторлор.** Чектеш мамлекеттердин территорияларында Жашаган аймактарынын бузулушу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Ысыккөл коругунда корголот.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Азыркы учурдагы популяциянын абалын аныктоо. Көк өрдөктүн топтошкон жеринде тор менен балык уулоого тыюу салуу.

# Чернозобая гагара

## *Gavia arctica* (Linnaeus, 1758)

**Статус:** *III категория, Critically Endangered, CR: R.* Близок к вымиранию на территории Кыргызстана. Встречается номинативный подвид. Птица размером с домашнюю утку.

**Распространение общее и в стране.** Распространена на крупных водоемах Норвегии, Швеции, Финляндии, Германии, Польши, северной части европейской России. За Уралом ареал опускается к югу и охватывает Западную и Восточную Сибирь. Обитает в северном Казахстане и Прибалхашье. В Кыргызстане встречается номинативный подвид на Иссык-Куле.

**Места обитания.** На Иссык-Куле гнездилась в Тюпском и Джергаланском заливах [2]. Зимой, может, встречаться по всему озеру.

**Численность.** Современная численность не известна, вероятно, в настоящее время не гнездится, встречаясь только на зимовке. Ранее гнездилось 5-6 пар [6].

**Образ жизни (жизненные циклы).**Половой зрелости достигает в трехлетнем возрасте. Гнездится с середины апреля. В кладке обычно 2 яйца. Питается гагара рыбой и водными беспозвоночными [26].

**Лимитирующие факторы.** Разрушение местообитаний на территории прилегающих государств. Гибель птиц в рыболовных сетях.

**Разведение (содержание в неволе).** Данных нет.

**Меры охраны существующие.** Охраняется в Иссыккульском заповеднике.

**Меры охраны рекомендуемые.** Выяснить современное состояние популяции. Запрет рыбного промысла сетями в местах концентрации.

# Black-throated Loon

## *Gavia arctica* (Linnaeus, 1758) *ssp. arctica* (Linnaeus, 1758)

**Status**: *III category, Critically Endangered, CR: R.* Breeding species in Kyrgyzstan, critically endangered from Kyrgyz ornithologists point of view. Five or six pairs bred in Tyup and Djergalan Bays of Issyk-Kul Lake in the past. No evidence of breeding nowadays is reported. Limiting factor is destruction of nesting habitats. Winters in big numbers, occurs throughout the Lake. Uses fish and water invertebrates for food. Starts nesting in April, producing 2 eggs. It is recommended to limit net fishing in the sites, where Loon’s concentrations is high.

# Кызгылт фламинго

*Phoenicopterus ruber* Linnaeus, 1758





**Фламинго сымалдар – Phoenicopteriformes – Фламингообразные**
**Фламинголар – Phoenicopteridae – Фламинговые**

**Статусу:** *VI категория, Nearly Threatened, NT: R.* Сейрек кездешчү, кокусунан учуп келген куш.Кыргызстанда фламинго тукумунан бир гана түрү.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түштүк Европада, Африкада, Түштүк Азияда жана чыгышта Бирмага чейин. Мурунку СССРде Арал-Каспий ойдуңу, Карабогазгол кысыгы жана Казакстандын айрым көлдөрүндө. Чыгыш жана Түштүк-Батыш Каспий деңизинин жээктеринде саны көп, ошондой эле Иран жана Индияда кыштайт [2]. Кыргызстанга фламинго кокусунан учуп келип түшкөн куш. В.Н. Шнитников [27] фламинго Нарын менен Ысыккөлдө кездешет деп көрсөткөн. 1933-жылы февралда Ысыккөлдө табылган фламинго биздин коллекцияда бар, ошондой эле 1954-жылы күзүндө Кокуйкөлдө (Ысыккөлдүн түштүк-батыш жээгинде) 4 фламингонун учуп келип түшкөнү белгилүү [2]. 1998-1999-жылы кышында Балыкчы шаарынын аймагында 12 куш, 2002-2003-жылы бир фламинго болгону белгилүү [28, 29].

**Жашаган аймактары.** Аралдарына уялайт [4, 22].

**Саны.** Саны изилденген эмес. Санынын өзгөрүлүшүнүн себептери. Жашоого ылайыктуу жерлери жок.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Кеңири жайылган, көп терең эмес, жакшы жылыган туздуу көлдөрдө уялайт. Фламингонун колониясынын түзүлүшү туруксуз, себеби ал суунун деңгээлине жана анын туздуулугуна көзкаранды. Киши жана жырткычтар баралбаган же жете албаган майда, жээктери тайыз жерлерге колониясын түзөт. Уялары чоң, конус формасында. Буларды бир гана жай пайдаланат. Кээбир учурда уя салышпайт, жумурткаларын түз эле кумга таштaшат. Уясында 1-3 жумуртка. Бир айга жакын эркеги жана ургаачысы алмак-салмак басып чыгарат [22]. Фламингонун негизги жеми – майда рак сымалдуулар, моллюскалар, туздуу сууда жашоочу чымындардын личинкалары, суу өсүмдүктөрдүн уруктары. Жемин суу жана баткак менен аралаш салып, аны тумшугу менен чыпкалайт [22].

**Чектөөчү факторлор.** Ысыккөлдөн башка туздуу көлдөрдүн жоктугу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Дүйнөдө көп зоопарктарда, ошондой эле мурунку СССРге кирген республикаларда багылат.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргызстандын, Казакстандын, Өзбекстандын жана Түркмөнстандын Кызыл китептерине киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Кыштоочу жана миграция жерлерине убактылуу заказниктерди уюштуруу.

# Обыкновенный фламинго

## *Phoenicopterus ruber* Linnaeus, 1758

**Статус:** *VI категория, Nearly Threatened, NT: R*. Единственный вид семейства фламинго. в Кыргызстане

**Распространение общее и в стране.** Распространен в Южной Европе, Африке, Южной Азии и на востоке до Бирмы. В бывшем СССР населял Арало-Каспийскую низменность, залив Кара Богоз-Гол и некоторые озера Казахстана. Зимует в большом числе, у восточного и юго-западного побережий Каспийского моря, а также в Иране и Индии [2]. В Кыргызстан залетает подвид *Phoenicopterus ruber roseus* Pallas, 1811. В.Н. Шнитников [27] отмечает фламинго по Нарыну и Иссык-Кулю. В наших коллекциях имеется птица, добытая в феврале 1933 г. на Иссык-Куле и отмечен залет четырех фламинго на оз. Кокуй-Куль (юго-восточное побережье Иссык-Куля) осенью 1954 г. [2]. Зимой 1998-99 гг. возле г. Балыкчи держалось 12 птиц, 2002-2003гг. – одна птица [28, 29].

**Места обитания.** Колонии располагаются в местах, малодоступных человеку и наземным хищникам, на островах с низкими пологими берегами [22, 4].

**Численность.** Численность не изучена. Причина изменения численности - нет соответствующих условий для обитания.

**Образ жизни (жизненные циклы).**Редкая залетная птица**.** Фламинго гнездится на обширных мелко, хорошо прогреваемых соленых озерах. Участки нахождения колоний фламинго непостоянны, что зависит от колебания уровня водоемов и изменения их солености. Гнезда массивные и конической формы. Такие постройки используются только одно лето. Иногда птицы не строят гнезда, откладывают яйца прямо на песок. В кладке 1-3 яйца. Насиживают их самец и самка около месяца [22]. Основной корм - мелкие ракообразные и моллюски, личинки соленоводных мух, семена водных растений. Пища захватывается, вместе с водой и илом, и процеживается через клюв [22].

**Лимитирующие факторы.** Отсутствие пригодных для обитания озер.

**Разведение (содержание в неволе).** Содержится во многих зоопарках мира, в.т.ч. и в СНГ.

**Меры охраны существующие.** Занесена в Красную Книгу Казахстана, Кыргызстана, Туркменистана и Узбекистана.

**Меры охраны рекомендуемые.** Создать временные заказники в местах их пролета и зимовок. Запретить всякую охоту на них. Занести в Красную Книгу.

# Greater Flamingo

## *Phoenicopterus ruber* Linnaeus, 1758 ssp. *roseus* Pallas, 1811

**Status:** *VI category, Nearly Threatened, NT: R.* Vagrant species. A few birds were observed in eastern part of Issyk-Kul Lake in 1998-1999 and 2002-2003 in winter. There were 12 birds in the first case and 1 – in the second. There is out-dated information on observing it in Naryn oblast. Greater Flamingo included into Red Books of Kyrgyzstan, Kazakhstan, Turkmenistan and Uzbekistan. It is recommended to establish mini protected areas in those sites where birds may occur.



# Кара кунас

## *Ciconia nigra* (Linnaeus, 1758)



**Кунас сымалдар – Ciconiiformes – Аистообразные**
**Кунастар – Ciconiidae – Аистовые**

**Статусу:** *VI категория, Near Threatened, NT: R.* КР-сынын фаунасындагы уруунун эки түрүнүн бирөө. Монотиптүү түр.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Бирин-серин. Локалдык популяциясы Түштүк Африкада. Пириней жарым аралынын батыш бөлүгү. Эльба өрөөнүнөн Австрия, Словения, Хорватия, Албаниядан чыгышты карай Алданга чейин; Амурдун, Приморьенин капшыты. Түндүккө карай Ленинград, Вологда жана Киров областтарына чейин, Урал өзөнү, Урал кыркаларынын аймактары жана Батыш Сибирден 61-параллелге чейин, Енисей өзөнүнөн Тунгус Подкаменный өрөөнүнө чейин, Волга өзөнү. Түштүк тарапта Албания, Болгария, Кичи Азия, Түндүк Иран жана Афганистанга чейин, Тяньшань, Алай системасынын түштүк беттери, Гоби Алтайы, Кентей, андан кийин ареалдын чеги түштүккө карай кетип, батыштагы Цинхайга чейин, андан кийин Ганьсудан түндүк Хубейге чейин [7, 45]. Кыргыз Республикасында уялоо учурунда Ысыккөлдө, Борбордук, Ички жана Батыш Тяньшанда, Памир-Алайда кездешет [2, 3, 6, 31, 32].

**Жашаган аймактары.** Бийик тоолуу жана токойлуу алкактагы обочолонгон суу-саздуу жайларда болушу мүнөздүү, ошондой эле жарларга жана зоолорго жакын болушат.

**Саны.** Маалымат өтө аз. Айрым маалыматтар боюнча КРсында 25 жупка чейин каракунастар жашаганы белгилүү [6]. 1996-жылы август-сентябрь айларында Киров суусактагычынын аймагында 20 особго чейин кунастардын жолукканы байкалган [18]. Чыгыш Ысыккөлдүн орто бийик тоолорунун саздуу шалбааларында сейрек кездешет, болгону 1км$^2$ 0,3 особь [31].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Африкада, Түндүк Индияда, Пакистанда, Непалда кыштайт, келгин куш. Ошондой эле түштүк Кытайда, Тайванда, Түндүк Лаосто жана Вьетнамда кыштайт [2, 15, 19, 20]. Апрель-март айларында учуп келет [23]. Уялары бак-дарактан турган материалдан салынган. Кыргызстанда июнда уяда темир канат же учууга даяр балапандар табылган. Уяда 2-5 балапан, алар июлдун аягында канат кагып калышат. Сентябрь айына чейин чоңдору менен жаштары уялаган жерлерине жакын болушат, алардын учуп кетиши октябрь-ноябрда [2, 3, 6, 19].

**Чектөөчү факторлор.** Уялоого ыңгайлуу жерлерди кургатуу же аларды чарбага керектөө максатында пайдалануу. Сейрек болсо да, киши тарабынан түздөн-түз кырып жоготуу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Европанын зоопарктарында ийгиликтүү көбөйүшү боюнча мисалдар бар. Кыргызстанда колдо багылбайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген. 1948 жылдан баштап анчылыкка тыюу салынгын [3].

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Кунастардын уялоочу жерлерин жана ага жакын жайларды чарбачылыкка пайдалануудан чыгарып, анын ордуна чакан заказниктерди түзүү. Ал жерлерди айыл өкмөтүнүн коргоочу жер фондусуна киргизүү. Эгерде мындай жерлер менчикке кирсе, анда жер ээлери менен зарылчылык жөнүндө маек жүргүзүп аларга кирешенин альтернативдүү башка жолдорун сунуш кылуу зарыл.Бүткүл уялоочу жерлерин картага түшүрүү, көбөйүшүнүн биологиясын, кышташын жана спутник антеннасынын жардамы менен көчүү жолдорун изилдөө. Уялоочу, учуп өтүүчү жана кыштоочу жерлеринде каракунасты сактоо боюнча регион аралык стратегияны иштеп чыгуу.

# Черный аист

## *Ciconia nigra* (Linnaeus, 1758)

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT: R.* Один из двух видов рода в авифауне Кыргызской Республики. Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** Спорадическое. Локальная популяция в Южной Африке. От Пиренейского полуострова до Приморья. К северу до Ленинградской, Вологодской и Кировской областей, долины Подкаменной Тунгуски, бассейна Вилюя. К югу до Албании, Болгарии, Малой Азии, северного Ирана и Афганистана, южных отрогов Алайской системы, Тянь-Шаня, Гобийского Алтая, Кентея, до восточного Цинхая, далее к Ганьсу вплоть до северного Хубея [7, 45]. В Кыргызской Республике встречается на гнездовье в Приисскыкулье, Центральном, Внутреннем и Западном Тянь-Шане, на Памиро-Алае [2, 3, 6, 31, 32].

**Места обитания.** Предпочитает изолированные водно-болотные угодья в лесном и высокогорном поясах (преимущественно на сыртах), нередко вблизи скал и обрывов.

**Численность.** Сведения по численности скудны. По некоторым данным, в Кыргызской Республике обитает до 25 пар черных аистов [6]. В то же время до 20 особей наблюдались в районе Кировского водохранилища в августе-сентябре 1996 г. [18]. На заболоченных лугах среднегорья Восточного Приисскыкулья обилие 0,3 ос./кв.км [31].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Перелетная птица, зимующая в Африке, Северной Индии, Пакистане, Непале, к востоку до Мьянмы, а также в южном Китае, Тайване, Северном Лаосе и Вьетнаме [2, 15, 19, 20]. Прилетает в апреле-марте [23]. В июне в гнездах аиста уже находили либо оперенных птенцов, либо подлетков. Количество птенцов колеблется от 2 до 5. Молодых, вставших на крыло, аистов уже наблюдали в конце июля. Взрослые и молодые особи кочуют около мест гнездовий до сентября месяца, отлетает черный аист в октябре-ноябре [3, 6]. Питается преимущественно мелкой рыбой, лягушками, моллюсками, реже насекомыми, грызунами и другой подходящей по размеру добычей [2, 19].

**Лимитирующие факторы.** Осушение пригодных для гнездования участков, их использование в хозяйственных целях. Реже – прямое истребление со стороны человека.

**Разведение (содержание в неволе).** Имеются примеры успешного разведения в зоопарках Европы. В Кыргызской Республике в неволе не содержится.

**Меры охраны существующие.** Вид занесен в Красную Книгу Кыргызстана [3]. Добыча на территории республики запрещена с 1948 г.

**Меры охраны рекомендуемые.** Следует исключить из хозяйственного использования места гнездовий аистов и прилегающих к ним кормовых угодий, создав на их основе минизаказники, включив эти земли в неприкосновенный земельный фонд айыл-окмотту. Если такие земли находятся в частной собственности, то необходимо провести разъяснительную работу с владельцами участков и предложить им альтернативные источники получения дохода. Необходимо нанести на карту все места гнездования, изучить биологию размножения, места зимовок и миграционные пути, с помощью спутниковых антенн, необходимо разработать межрегиональную стратегию сохранения черного аиста в местах гнездовья, пролета и зимовок.

# Black Stork

## *Ciconia nigra* (Linnaeus, 1758)

**Status:** *VI category, Near Threatened, NT: R.* Monotypic species. Breeds in Issyk-Kul oblast, Central, Inner, Western Tien Shan, Pamir-Altai Mountains. Prefers wetlands in forest, subalpine and alpine belts, close to cliffs and precipices. There are up to 25 pairs breeding in Kyrgyzstan. Twenty individuals were recorded on the shore of Kirov water reservoir in Talas oblast. Black Stork is rare in wet meadows of Eastern part of Issyk-Kul Region (0.3 individuals per km$^2$). Arrives in April-March. Nest is thick twigs platform. Lays 2-5 eggs. Fledglings are found in nests already in June. Flying juveniles are seen at the end of July. Uses small fish, frogs, mollusks, rarer – in insects, small rodents for food. Limiting factors are drainage of suitable for nesting habitats, rarer – illegal game shooting. No instances of holding it in captivity. Included in Kyrgyz Red Book, hunting is prohibited since 1948. It is recommended to create mini protected areas around nesting sites. If such land is privatized it is necessary to conduct awareness campaign and suggest to owners alternative sources of income. It is also necessary to map existing nests and develop interregional conservation strategy of the species.



# Ак кунас

## *Ciconia ciconia* (Linnaeus, 1758)



**Кунас сымалдар – Ciconiiformes – Аистообразные**
**Кунастар – Ciconiidae – Аистовые**

**Статусу:** *IV категория, Endangered, EN: R.* Кыргызстанда башка ареалдардай эле *Ciconia ciconie asiatica* Severtzov, 1873 түрчө жоголуп бара жаткандардын бири. Орто Азиялык эндемикалык түрчө – Евразиялык кеңири ареалду түрдүн эки түрчөсүнүн бири.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Орто Азия, Казакстан, Кытай (Кашкар). XX кылымдын 30-жылдары Кыргызстанда Чүй өрөөнүнүн батыш тарабында кездешчү, азыр жоголуп кеткен. Ош областынын Өзбекстан менен чектеш Фергана районунда анча көп эмес санда сакталып калган. 1971-жылы 25-26-апрелдерде ак кунастар учуп өтүшүндө. Ысыккөлдүн түштүк-батыш жээгинен кездешкен, мүмкүн бул куштар уялоочу талгар популяциясынан. 1999, 2000 жана 2004 ж. Ош-Бишкек жолдун ЛЭПтин тарабында ак кунастын жаны уя колониясы пайда болунган [3, 28, 49, 50].

**Жашаган аймактары.** Маданий ландшафттагы суу өрөөнүндөгү түздүк жана тоо этектери. Мурун уясынын көпчүлүгү кишинин эски конуштарында жайланышкан, азыр болсо уяларын ЛЭПтин устундарында (түркүктөрүндө) 2-3 уядан салып калышты.

**Саны.** Кыргызстандын чегинде акыркы 10 жыл ичинде анын уялашы жөнүндө эч маалымат жок, өтө сейрек кездешет [3]. 1999-жылы Базаркоргон суу сактагычтан алыс эмес ЛЭПтин бетон жана темир түркүктөрүндө ак кунастын 8 уясы табылган [51]. Кыргызстанда саны боюнча маалымат жок, болжол менен 10-20 жуп бар, түрчөнүн жалпы саны бүт ареал боюнча 1-2 миңден ашпайт [23].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Бул түрчөнүн кышташы Индокытайда өтөт, акыркы жылдары анын кышташы Орто Азияда өткөнү байкалган [8]. Жазында марттын башында уя салууга келет. Уяларын тамдардын үстүнө, мечиттерге, эски дарактарга, ЛЭПтин түркүктөрүнө салат. Уясында 2-5 жумуртка, аны эркеги жана ургаачысы алмак-салмак басып чыгарат, 70-72 күн болгондо балапандары уяларынан учушат. Уядагы балапандарынын өлүү 40 %ке чейин жетет [5]. Август-сентябрда кыштаганга учуп кетет. [5,6].

**Чектөөчү факторлор.** Саздарды кургатуу, уялоочу жерлердин деградациясы, күрүч чектерин пахта талаалары менен алмаштыруу, азыктарынын азайышы. Айыл чарбасында уулу химикаттарды кеңири колдонуусу, ЛЭПтин түркүктөрүнө урунуп өлүшү, электриктердин эски уяларын талкалоосу, кээде кишинин түздөн-түз кол салуусу [23, 33].

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Ушул түрчөнүн көбөйүшү боюнча маалымат жок, бирок алгачкы түрчөсү Европанын бир катар зоопарктарында көбөйүүдө.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** 1948-жылдан тартып Кыргызстандын бүткүл территориясында аңчылык кылууга тыюу салынган. 1952-жылдан тартып Кыргыз ССР Совет Министрлигин токтому менен бул куштарды кырууга тыюу салынган (эң жогорку жоопкерчилик түзүлгөн). 1975-жылдан тартып ак кунас республикада өзгөчө коргоого алынган түрлөрдүн тизмесине киргизилген, ал эми 1985-жылы Кыргызстандын ККине киргизилген [22, 23, 33, 34].

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Болгон уялоочу жерлерин таап, аларды коргоого алуу. Жергиликтүү элдердин арасына кеңири пропаганда жүргүзүү.Ак кунастын уяларын текшерүү (инвентаризациялоо) жүргүзүү, санына жана калган тукумдарынын жашашына мониторинг жарыялоо, уялоого жагымдуу жерлерди уя салуу үчүн түркүктөрдү орнотуу.

# Белый аист

## *Ciconia ciconia* (Linnaeus, 1758)

**Статус:** *IV категория, Endangered, EN: R.* Один из 2 видов рода, встречающихся в Кыргызстане. Обитает подвид *Ciconia ciconia asiatica* Severtzov, 1873.

**Распространение общее и в стране.** Средняя Азия, Казахстан, Китай (Кашгария). В Киргизии в 30-х гг. XX в. встречался в западной части Чуйской долины, сейчас исчез. Сохранился в небольшом количестве в Приферганских районах Жалал-Абадской и Ошской областей, на границе с Узбекистаном. В 1999, 2003 и 2004 гг была найдена увеличивающаяся колония вдоль трассы Бишкек – Ош (возле с Шамалды-Сай) [3] и в 2004 г. еще одно место гнездования в Баткенской области (28, в печати). Пролетных аистов (4 и 8) встретили 25-26 апреля 1971 года на юго-западном берегу оз. Иссык-Куль, возможно, это были птицы из Талгарской гнездовой популяции [6, 49, 50].

**Места обитания.** Предгорные и равнинные участки речных долин в культурном ландшафте. Прежде основная часть гнезд располагалась в старых поселениях человека, сейчас птицы освоили для этого столбы ЛЭП, на некоторых построены по 2-3 гнезда.

**Численность.** Чрезвычайно редок, за последние десятилетия не было сведений о гнездовании в пределах Кыргызстана [3]. Нам удалось в 1999 г. обнаружить 8 гнезд аиста недалеко от Базаркурганского водохранилища на бетонных и металлических опорах ЛЭП [51]. Данных по численности в Киргизии нет, предположительно 10-20 пар, общая численность подвида по всему ареалу не превышает 1-2 тыс. птиц [23].

**Образ жизни (жизненные циклы)**. Зимовки этого подвида расположены в Индокитае, в последние годы отмечены случаи зимовки в пределах Средней Азии [52]. Весной на гнездовье появляется в начале марта. Гнезда устраивает на крышах домов, водонапорных башнях, мечетях, старых деревьях, столбах и опорах ЛЭП. В кладке 2-5 яиц, насиживают и самец и самка, птенцы покидают гнездо через 70-72 дня. Смертность птенцов в гнездах до 40% [53]. Отлет на зимовку в августе-сентябре. Питается амфибиями, ящерицами, змеями, мелкой рыбой, крупными насекомыми (жуки, прямокрылые и др.), паукообразными (фаланги), грызунами [53, 54].

**Лимитирующие факторы.** Осушение болот, деградация мест гнездования, сокращение кормовой базы из-за замены рисовых чеков хлопковыми полями и широкого применения ядохимикатов в сельском хозяйстве, гибель птиц на столбах ЛЭП и разрушение электриками старых гнезд, порой прямое преследование человеком [23, 33].

**Разведение (содержание в неволе).** Информации о разведении этого вида в регионе нет, тогда как номинативный подвид успешно размножается в ряде зоопарков Европы.

**Меры охраны существующие.** С 1948 г. запрещена охота на всей территории Киргизии. Постановлением Совета Министров Киргизской ССР установлена исковая ответственность за уничтожение этих птиц с 1952 г. С 1975 г. белый аист занесен в Список особо охраняемых видов республики, с 1985 – в Красную книгу Кыргызстана. Занесен в Красные книги Казахстана [22, 23], Узбекистана и Таджикистана [33, 34].

**Меры охраны рекомендуемые.** Выявление и взятие под охрану всех мест гнездовий. Широкая пропаганда необходимости охраны среди местного населения, особенно в Ошской и Джалал-Абадской областях.

# White Stork

## *Ciconia ciconia* (Linnaeus, 1758), *ssp. ciconia* (Linnaeus, 1758)

**Status:** *IV category, Endangered, EN: R.* Breeds in Fergana valley. Colony of 8 pairs of White Stork was found along Osh-Bishkek road nesting on electrical poles in 1999, 2003 and 2004. Another nest was found in Batken oblast. Twelve migrating birds recorded in spring of 1971 on the shore of Issyk-Kul Lake. Prefers plains and uplands in cultivated landscape. Built nests next in the villages in the past. Probably there are 10-20 breeding pairs in Kyrgyzstan. Lays 2-5 eggs, both sexes share domestic duties, juveniles leave the nest in 70-72 days. Fledglings mortality is 40%. Departs in August-September. Uses frogs, lizards, snakes, small fish, large insects, rodents for food. Limiting factors are drainage of wetlands, degradation of nesting sites, reduction of feeding opportunities because of substitution of rice fields with cotton ones, death at electrical poles, nest destruction by electricians. No data on captivity breeding in Kyrgyzstan. Included into Kyrgyz Red Book of 1985. It is recommended to protect nesting sites, increase public awareness in the south particular.



# Кашыктумшуктуу кытан

***Platalea leucorodia* Linnaeus, 1758**



Кунас сымалдар – **Ciconiiformes – Аистообразные**
Ибистер – **Threskiornithidae – Ибисовые**

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT: R.* Кыргызстанда уруунун жалгыз өкүлү. *Platalea leucorodia leucorodia* Linnaeus, 1758 номинативдүү түрчөсү учуп өтөт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Ареалы үзгүлтүктүү. Батыш Сахаранын түндүк жээгиндеги аралдар, Дахлак Архипелагынан түштүккө карай Баб-эль-Мандеб кысыгына чейин Кызыл деңиздин түштүк бөлүгүндөгү аралдар. Евразияда Гвадалквивиранын чаты, Гибралтардын жээги, Рейндин чаты жана Чыгыш Австриядан, муруңку Югославия, Албания республикаларынан чыгышты көздөй Түштүк Приморьеге, түндүк-чыгыш Кытайдын борбордук бөлүгүнө, Хуанхэ өрөөнүнө, төмөнкү Брахмапутра өрөөнүнө жана Ганга чатына чейин, Пакистан, Бангладеш, Мьянма. Түндүктөн Австрияга, Венгрияга, Днестрдин ылдый жагына, Днепрдин ылдый жагына, Азов деңизинин түндүк жээгине, Волга-Урал дарыя арасында Чоң жана Кичи Узенге же болжол менен 50-параллелге чейин, Илектин төмөнкү бөлүгүнө, түндүк Казахстанда 53-параллелге, чыгышты көздөй Кургальджинге, Зайсанга, Абакандын чатына, Тувага, Даур талаасына, Зеянын төмөн бөлүгүнө чейин, Амур өрөөнүндө Уссуринин чатына, Ханка көлүнө чейин [7, 19]. Кыргызстанда *Platalea leucorodia leucorodia* Linnaeus, 1758 кээде учуп өтүүдө жана кыштоодо Чүй өрөөнүндө, Ысыккөл ойдуңунда жана Ички Тянь-Шандын сырт көлдөрүндө кездешет. Өткөн кылымдын ортосунда, балким, Ысыккөлдүн батышында уялоочу, бирок азыркы учурда уялоого жарактуу аймактар кургатылган [2, 6].

**Жашаган аймактары.** Суу жана саздак жерлер, көбүнчө дарыялардын төмөнкү агымдары, чополуу жээктүү көлмөлөрдү артыксынтат.

**Саны.** Системдүү маалымат жок.

**Меры охраны существующие.** Занесен Красную книгу СССР (1984 г.) [39]. Внесен в Приложение 2 “Конвенции о международной торговле видами дикой фауны и флоры, находящимися под угрозой исчезновения”[3]. В Кыргызстане охраняемых территорий нет.

**Меры охраны рекомендуемые.** Охрана мест зимовки. Пропаганда охраны вида средствами массовой информации. Организация питомника по разведению в неволе. Определить действительную численность на местах зимовок и организовать подкормку. Изучить лимитирующие факторы.

## Pallas’s Fish Eagle

### *Haliaeetus leucoryphus* (Pallas, 1771)

**Status:** *V category, Vulnerable, VU, CI.* One of the two species of *Haliaeetus* genera in Kyrgyzstan. Monotypic species. Rare migrating and wintering bird in Kyrgyzstan. Although there are old data on Pallas’s Fish Eagle occurrence during nesting time in Issyk-Kul oblast. Prefers lakes and rivers with dense reeds, forests. No exact data on numbers are reported. Lэmэtэng factors: direct game shooting, reduction of suitable habitats. Included into USSR Red Book of 1984. It is recommended to protect winter roosting sites, increase public awareness, to feed them during winter time, organize nursery for breeding and re-introduction purposes.



# Аккуйруктуу суубүркүт

## *Haliaeetus albicilla* (Linnaeus, 1758)



**Шумкар сымалдар – Falconiformes – Соколообразные**
**Карчыгалар – Accipitridae – Ястребиные**

**Статусу:** *VI категория, Nearly Threatened, NT.* Саны азайып бара жаткан сейрек кездешчү куш. Дүйнөлүк фаунанын суубүркүттөрүнүн 8 түрдөн бир түрү жана Кыргызстандын фаунасынан 2 түрдүн бирөө. Номинативдүү түрчөсү кыштайт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түндүккө карай Кольск жарым аралга чейин, Евразиянын жарымынан түштүктү көздөй Орто Азия жана Монголияга чейин жетет [63]. Кыргызстанда Чүй өрөөнү менен Ысыккөлдө жана Түштүк Кыргызстандын сууларында кездешет [2].

**Жашаган аймактары.** Балыктарга жана сууда сүзүүчү куштарга бай, уя салууга ыңгайлуу, бийик бак-дарактары же жарлары бар көлдөрдүн, дарыялардын жана деңиздердин жээктери [66].

**Саны.** Республика боюнча болгону 25-30 особго чейин кыштайт [3, 61].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Кышташ үчүн гана учуп келет. Уясында 1ден 4кө чейин жумуртка, аны 35-40 суткада басып чыгарат.

**Чектөөчү факторлор.** Көлмөлөрдүн жээктерин чарбага пайдалануу, азыгынын жетишпестиги, түздөн-түз кырып жоготуу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Колго багып көбөйтөт [23].

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргызстанда алынган аңчылыктын эрежесине ылайык атууга тыюу салынган. «Жапайы фаунанын жана флоранын жоголуп бара жаткан түрлөрдү соода-сатык кылуу боюнча эларалык конвенциясынын» 1-тиркемесине киргизилген [3].

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Кыштоочу жерлерин сактоо, коргоо. Массалык маалымат каражаттары аркылуу түрдү коргоо боюнча пропаганда жүргүзүү. Колго багып көбөйтүү боюнча питомникти уюштуруу.Кыштоочу жерлеринде чыныгы санын аныктоо жана жем берүүнү уюштуруу. Чектөөчү факторлорду изилдөө.

# Орлан белохвост

## *Haliaeetus albicilla* (Linnaeus, 1758)

**Статус:** *VI категория, Nearly Threatened, NT.* Редкая птица с сокращающейся численностью. Один из восьми видов орланов в мировой фауне и один из двух видов в фауне Кыргызстана, зимует номинативный подвид *H. a. albicila* (Linnaeus, 1758). В списке IUCN по Кыргызстану отсутствует [1].

**Распространение общее и в стране.** На север доходит до Кольского п-ва, половина Евразии к югу до Средней Азии и Монголии [63]. В Кыргызстане встречается в Чуйской долине, Иссык-Куле и на водоемах юга Кыргызстана [2].

**Места обитания.** Берега морей, рек и озер, богатых рыбой и водоплавающей птицей, с высокими деревьями или скалами, удобными для гнездования [66].

**Численность.** Всего по республике зимует по меньшей мере 25-30 особей [3]. Вместе с тем, на прудах рыбхоза под Бишкеком наблюдались 7 зимующих птиц одновременно, из которых только 2 особи были взрослыми [61].

**Образ жизни (жизненные циклы)**. Прилетает только на зимовку. В кладке от 1 до 4 яиц. Продолжительность насиживания 35-40 суток.

**Лимитирующие факторы.** Хозяйственное освоение побережий водоёмов, недостаток кормов. Прямое уничтожение.

**Разведение (содержание в неволе).** Размножаются в неволе [23].

**Меры охраны существующие.** Занесен в КОТ всемирного значения [15]. Правилами охоты в Кыргызстане отстрел запрещен. Внесен в приложение 1 “Конвенции о международной торговле видами дикой фауны и флоры, находящимися под угрозой исчезновения” [3].

**Меры охраны рекомендуемые.** Охрана мест зимовки. Пропаганда охраны вида средствами массовой информации. Организация питомника по разведению в неволе. Определить действительную численность на местах зимовок и организовать подкормку. Изучить лимитирующие факторы.

# White-tailed Eagle

## *Haliaeetus albicilla* (Linnaeus, 1758), ssp. *albicilla* (Linnaeus, 1758)

**Status**: *VI category, Nearly Threatened, NT.* Rare wintering bird in Chu Valley and Issyk-Kul oblast. Prefers lakes and rivers with fish and waterfowl. There are at least 10-15 birds wintering in Kyrgyzstan. Lays 1-4 eggs, incubates for 35-40 days. Illegal game shooting, economical development of lakes and rivers are major limiting factors. There are cases of breeding in captivity but not in Kyrgyzstan. It is proposed to protect roosting sites during the winter, increase public awareness, establish nursery for breeding and re-introducing purposes.



# Көк жору

***Gypaetus barbatus* (Linnaeus, 1758)**



**Шумкар сымалдар – Falconiformes – Соколообразные**
**Карчыгалар – Accipitridae – Ястребиные**

**Статусу:** *VI category, Near Threatened, NT: R.* Кыргызстандын фаунасынын уруусунда бир гана өкүлү. *G.b. aureus* (Hablizl, 1783) түрчөөсү кездешет.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Ареалы чачыранды. Түндүк Африканын тоолуу аймактары, түштүккө карай Дракон тоолоруна чейин. Европада Пириней жарым аралдардын тоолору; Кипрге кокусунан учуп келгени байкалган. Азиянын батышында Кичи Азиядан тартып, чыгышында Син-Тибет тоолоруна, түндүккө карай Палеарктиканын бийик тоолоруна, түштүк жакта Синай жарым аралына, Түндүк Ирак, Түштүк Иран, Борбордук жана Афганистанга, Гималайдын жана Юнкандын түштүк бетине чейин. Ошондой эле, Кызыл деңиздин чыгыш жээктеринен түштүк жагынын жармына чейин уяларын салат [7, 15, 64]. Кыргыз Республикасында Батыш, Түндүк, Борбордук жана Ички Тяньшандын бийик тоо кыркаларында, ошондой эле Памир-Алайда кездешет [2, 3, 42].

**Жашаган аймактары.** Тяньшань тоо системасынын бийик тоолуу аймактарында кездешет, көбүнчө тилке кеткен рельефтерде жашоосуна мүнөздүү; анда-санда жапайы ача туяктуулар жашаган (жайылган) түзөңдөрдө, ошондой эле мал чарбасынын жайыттарында да кездешет.

**Саны.** Көк жору адатта бийик тоолордо отуруктуу куштардын бири, ошондуктан анын санына атайлап эсеп жүргүзүлгөн эмес. Анын саны республиканын түштүк тарабында көбүрөөк. Эгерде түндүк тарапта маршруттук эсепте (1км$^2$ да 0,01-0,4 особь) 1-2 куш байкалса, ал эми түштүктө 3-5 особдон кем эмес. Ноокат районундагы Мазарсай жайытында 27-28-сентябрда 12ге чейин көк жору байкалган, анын ичинен 5өө чоңдору болгон. 1992-жылы август-октябрь айларынын ичинде республика боюнча байкоо жүргүзүлгөн маалда 34 көк жору катталган, анын ичинен 21 чоңдору, 12 особдордон – 1-3 жаш жана бирөө ошол жылдагы балапаны болуп чыккан [31, 42].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Отуруктуу түр. Биринчи уясын кышында эле салат. Басышы 2 айга чейин созулат [23]. Уясында 1-2 жумуртка, бирок учууга чейин анын бирөө гана аман калат. Балапандары август-сентябрь айларында басылып чыгышат. Кыргызстанда көк жорунун популяциясынын жаштык структурасы боюнча жүргүзүлгөн байкоолорго караганда, чоңдору (жетилгендери) жыл сайын эле көбөйүүгө катышпагандыгы белгилүү болду[16, 65].

**Чектөөчү факторлор.** Жапайы туяктуулардын санынын кыскарылышынын эсебинен тоют базасынын азайышы. Ошону менен бирге, малдын санынын көбөйүшү анын санына жагымдуу таасирин тийгизбей койбойт, себеби өлгөн мал утилизацияланбай калат [16,31]. Кээде адамдар тарабынан түздөн-түз жок кылынышы.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Зоопарктарда ийгиликтүү эле көбөйүшөт. Кыргызстанда колдо өстүрүлбөйт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргыз Кызыл китебине киргизилген [3].

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Уялаган жерлерин сөзсүз түрдө коргоого алуу, байкоо жүргүзүүнү уюштуруу, андан алынган каражаттарды жасалма жол менен тамактандырып экологиялык туризмди өнүктүрүү. Ошондой эле жергиликтүү эл куштарды өлгөн малдын эти менен камсыз кылуусун уюштуруу.

# Бородач

## *Gypaetus barbatus* (Linnaeus, 1758)

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT: R.* Единственный представитель рода в фауне Кыргызской Республики. Обитает подвид *G.b. aureus* (Hablizl, 1783).

**Распространение общее и в стране.** Ареал разобщен. Горные области Северной Африки, к югу до Драконовых гор. Горы Пиренейского полуострова в Европе. В прошлом гнездился в Альпах и на Сицилии. В Азии от Малой Азии и Йемена на западе до Сино-Тибетских гор на востоке, к северу до высоких гор юга Палеарктики, Афганистана, южного склона Гималаев, до северной части Юньнани [7, 15, 64]. В Кыргызской Республике встречается на всех крупных хребтах Западного, Северного, Центрального и Внутреннего Тянь-Шаня, а также Памиро-Алая [2, 3, 42].

**Места обитания.** Предпочитает высокогорные и среднегорные области Тяньшанской горной страны и Памиро-Алая, придерживаясь расчлененного рельефа, реже равнин, заселенных дикими парнокопытными, а также места отгонного животноводства.

**Численность.** Специального подсчета бородачей не проводилось, в то же время последние наблюдения подтверждают, что бородач является обычной оседлой птицей высокогорий. Численность его выше на юге страны. Если на севере наблюдаются 1-2 птицы на маршруте учета (0,01-0,4 ос./кв.км), то на юге группы птиц в 3-5 особей не редки, а в урочище Мазарсай Ноокатского района 27-28 сентября одновременно наблюдалось до 12 бородачей, из которых 5 были взрослыми. Всего за время наблюдений, в течение августа-октября 1992 года, по всей республике было отмечено, по крайней мере, 34 бородача, из которых 21 были взрослыми, 12 особей – 1-3 летними и только одна особь была слетком этого года [31, 42].

**Образ жизни (жизненные циклы)**. Оседлый вид. Первые кладки появляются в зимнее время, насиживание продолжается до 2 месяцев [23]. В гнезде может находиться 1-2 яйца, но до вылета обычно выживает только один птенец. Слетков можно наблюдать в августе-сентябре. Судя по наблюдаемой возрастной структуре популяции бородача в Кыргызской Республике, очевидно, что взрослые бородачи размножаются не каждый год [16, 65].

**Лимитирующие факторы.** Сокращение кормовой базы, за счет снижения численности диких парнокопытных. В то же время увеличение поголовья частного скота благоприятно сказывается на его численности, так как павший скот зачастую не утилизируется [16, 31]. Реже – прямое истребление со стороны человека.

**Разведение (содержание в неволе)**. Успешно разводится в зоопарках. В Кыргызской Республике в неволе не содержится.

**Меры охраны существующие.** Занесен в Красную Книгу Кыргызстана [3]. Добыча на территории республики запрещена с 1968 г.

**Меры охраны рекомендуемые.** Необходимо осуществлять охрану мест гнездовий, в том числе за счет средств, полученных за организацию наблюдения за бородачами, как части индустрии экологического туризма, в местах искусственного прикорма. Следует привлечь жителей местных общин как потенциальных организаторов подобных экотуров и поставщиков падали домашнего скота в специально обустроенные места прикорма. Провести точечное картирование мест гнездования. Проводить информационную кампанию по результатам исследований среди местного населения по вопросам охраны данного вида.

# Lammergeier

## *Gypaetus barbatus* (Linnaeus, 1758), ssp. *aureus* (Hablizl, 1783)

**Status:** *VI category, Near Threatened, NT: R.* Occurs in all major ridges of Western, Northern, Central, Inner Tien Shan, as well as in Pamir-Alai Mountains. Prefers highlands of Tien Shan and Pamir-Alai Mountainous Systems, next to wild goats and sheep. Lamergeier is one of the usual resident birds of prey in highlands. The density of it in the north of the country is 0.01-0.4 individuals per km$^2$. There were bigger flocks recorded in the south, altogether 34 Lamergeiers were observed for August-September, 1992. Out of those, 21 were adults, 12 – 1-3 years old and only one – juvenile of this year. Starts to nest quite early in winter time, lays 1-2 eggs but only one chick usually survive. Juveniles are seen in August-September. Feeds in carcasses, occasionally hunts after marmots, hares, and other appropriate prey. Limiting factors are reduction of wild sheep and goats stocks. Lamergeier is not held in captivity in Kyrgyzstan. Included in Kyrgyz Red Book of 1985. Hunting after it has been prohibited in Kyrgyzstan since 1968. It is recommended to protect breeding colonies, organize ecological tourism by making hides near sites with artificial feeding. It is necessary to obtain exact figures on numbers of Lamergeier populations in Kyrgyzstan.



# Журтчу, тарпчы

***Neophron percnopterus*** **(Linnaeus, 1758)**



**Шумкар сымалдар – Falconiformes – Соколообразные**
**Карчыгалар – Accipitridae – Ястребиные**

**Статусу:** *V категория, Vulnerable, VU: R.* Кыргызстандын фаунасынын бир уруусунун бир өкүлү, анын ареалынын чеги түндүк-чыгыш жактан өтөт. Номинативдүү түрчөсү кездешүүдө.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Сахара кумдуу чөлү жана нымдуу тропикалык токойлордон башка Африкада. Евразия, Чыгышка карай Пириней жарым аралынан тартып Жунгар Алатоосуна чейин, Борохор, Тескей Алатоо кыркалары, Алай кырка тоосунун чыгыш жагы, Батыш Памир жана чыгышка карай Гималайдын түштүк бетине чейин. Түндүккө карай борбордук Францияга, Түндүк Италия, Югославиянын ортосуна чейин; Румынияга, Днестр өзөнүн түштүккө карай Черновцыга, Крым, Чоң Кавказ, Мангышлак, Каратоо кыркасы, Чүй-Илий тоолорунан Жунгар Алатоосуна чейин. Түштүктү көздөй Жер Ортолук деңиздин жээктери, Кичи Азияга, Түштүк Аравияга, Түндүк Азиянын океан менен чектелген жерине чейин; Индостан жарым аралында; Жашыл булуң, Канар, Балсар, Сицилия, Сонотра аралдары, Кипрде убактылуу учуп келгени байкалган [1,2]. Ошентип, Кыргызстандын түндүк-чыгышында анын ареалы жайгашкан. Бул жерлерде бардык ареалдары ээлейт, бирок башка жорулурга караганда жапыз тоолордо кездешет [9].

**Жашаган аймактары.** Республиканын чөлдүү тоо этектери жана орточо бийик тоолордо, ландшафттары тилкеленген жерлерде жашашат. Субальпы шалбаасында анда-санда кездешет.

**Саны.** Маалымат өтө аз. 1955-жылы 20-мартта П.П.Тарасов Балыкчы шаарынын аймагында тарпчынын 20 особдон турган тобун байкаган. Болжолдоп айтканда, ал анын учуп бара жаткан мезгилинде байкаган [3]. Биздин маалыматтар боюнча, анын уялоочу популяциясынын жорулардын башка түрлөрүнө караганда саны бир топ төмөн. 1992-жылы изилделген 44 капчыгайдын тарпчы биринде гана болгону белгилүү. Ошол эле жылы 15-сентябрда Ош областында Араван районундагы Араван өзөнүндөгү 1000 м бийиктиктеги Дангитуямоюн капчыгайында бир жуп чоң куш бир балапаны менен табылган. Эртеси үчөө тең учуп кетишкен. Андан кийин табылган эмес [4]. Ысыккөлдүн чыгышында тарпчы өтө сейрек кездешет (1км$^2$ жапалак арчалуу аянтта 0,002 особь) [5].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Келгин куш. Аскаланган тоолорго уя салат.

**Чектөөчү факторлор.** Жапайы ача туяктуулардын санынын азайышы анын азыктык базасын азайышына алып келет, аны максатсыз атуу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Кыргызстанда колго багылбайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргызстанда коргоо үчүн атайын чаралар колдонулган эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Уялоочу жерлерин картага түшүрүү зарыл, көбөйүү мезгилинде тынчын алуучу факторлорду болтурбас максатында зоологиялык чакан заказниктердин картасына уялоочу жерлеринин реестрин көрсөтүү керек. Жергиликтүү элдин арасына тарпчынын популяциясын сактоо боюнча түшүндүрүү кампаниясын жүргүзүү.Тарпчынын жергиликтүү популяциясы санын, таралышын, уялоонун биологиясын, мүмкүнчүлүк болсо, морфологиялык белгилерин изилдеш өтө зарыл. Ошондой эле, анын санынын өсүшүн карап жана өсүшүнө көмөк бере турган чараларды сунуш кылыш керек (жасалма түрдө жем даярдоо, уялоочу жерлерин түзүү ж.б.). Ошондой эле уялоочу жерлеринде, учуп өтүү жана кыштоочу мезгилинде түрдү коргоо максатында стратегия иштеп чыгуу үчүн тарпчы кыштаган өлкөлөрдөгү орнитологиялык бирикмелер менен сөзсүз байланышта болуу зарыл болуп эсептелет.

# Стервятник

## *Neophron percnopterus* (Linnaeus, 1758)

**Статус:** *V категория, Vulnerable, VU: R.* Единственный представитель рода в фауне КР. Обитает номинативный подвид *N. p. percnopterus* (L., 1758).

**Распространение общее и в стране.** Африка, за исключением пустыни Сахара и влажных тропических лесов. Евразия от Пиренейского полуострова к востоку до Джунгарского Алатау, хребтов Борохоро, Тескей Ала-Too, восточной части Алайского хребта, Западного Памира и вдоль южного склона Гималаев к востоку до бассейна нижней Брахмапутры. К северу до центральной Франции, северной Италии, Югославии, Румынии, долины Днестра, Крыма, Большого Кавказа, Мангышлака, Каратау, Чу-Илийских. К югу до Средиземного моря, Малой Азии, южной Аравии, восточнее к югу до океанического побережья Южной Азии и мыса Кумари на п-ве Индостан. [7, 15]. В КР стервятник находится на северо-восточной окраине своего ареала. Встречается здесь повсеместно, но предпочитает меньшие высоты, чем другие грифы [2].

**Места обитания.** Преимущественно пустынные предгорья и среднегорья с резко расчлененным ландшафтом. Реже залетает в субальпийский пояс.

**Численность.** По численности сведения чрезвычайно скудны. Стая стервятников из 20 птиц встречена 20 марта 1955 г. в окрестностях г. Балыкчы, Иссыккульской области [2]. Из 44 обследованных урочищ в 1992 году, стервятник встретился только в одном. Взрослая пара с одним слетком наблюдалась 15 сентября 1992 года в урочище Данги Туя Муюн на высоте 1000 м н.у.м в бассейне реки Араван, Араванского района Ошской области [16]. В Восточном Приссыккулье стервятник чрезвычайно редок в арчевых стланиках (0,002 ос./кв.км) [31]. Весной 2005 г. две птицы встречены по дороге Ош-Эски-Ноокат [48].

**Образ жизни (жизненные циклы)**. Перелетный вид. Полезный падальщик. Предпочитает открытые стации, постоянный спутник культурных ландшафтов. Строит гнездо из огромного количества высохших прутьев, грязных тряпок, шерсти в скалах, либо на искусственных возвышенностях заброшенных городищ и мавзолеев. В гнезде два яйца. О кладке и выводке заботятся оба родителя [19].

**Лимитирующие факторы.** Сокращение кормовой базы, за счет снижения численности диких парнокопытных. Отстрел ради развлечения.

**Разведение (содержание в неволе)**. В Кыргызской Республике в неволе не содержится.

**Меры охраны существующие.** Специальные меры по охране стервятника в Кыргызстане не предпринимались.

**Меры охраны рекомендуемые.** Необходимо закартировать выявленные места гнездования и внести такие места в реестр зоологических минизаказников, с целью исключения фактора беспокойства в период размножения. Следует провести разъяснительную информационную кампанию среди местных жителей и жамаатов о важности сохранения местной популяции стервятника и о возможности их участия в охранных мероприятиях. Проводить мероприятия, способствующие росту численности (искусственное прикармливание, создание площадок для возможного гнездования и т.п.). Следует также связаться с орнитологическими сообществами тех стран, где зимуют стервятники, с целью разработки совместной стратегии по охране вида на местах гнездовий, пролета и зимовок.

# Egyptian Vulture

## *Neophron percnopterus* (Linnaeus, 1758), ssp. *percnopterus* (Linnaeus, 1758)

**Status**: *V, Vulnerable, VU: R.* Nesting bird, which prefers low- and midlands of Kyrgyzstan. It is northern-eastern edge of the species area worldwide. Numbers of this species is low compared to other vulture species. Out of 44 sites investigated in Kyrgyzstan in August-September 1992, only once Egyptian Vulture was seen in Dangi Tuya Muyun locality in Aravan River in the south at 1,000 m above see level. A pair of birds was feeding juvenile near the nest on September 15, 1992. In the north its density is 0.002 individuals per $km^2$ in junipers shrubs. Lays 2 eggs in stick platform based on rocks or abandoned human constructions. Both sexes take care of next generation. Good carcass eater. Reduction of wild animals stocks and poaching are major threats. No special measures to protect Egyptian Vulture were undertaken in Kyrgyzstan. It is recommended to map all existing nests and include those sites into the list of mini protected areas, to conduct public education campaigns.

# Кумай

***Gyps himalayensis*** **Hume, 1869**





**Шумкар сымалдар – Falconiformes – Соколообразные**
**Карчыгалар – Accipitridae – Ястребиные**

**Статусу.** *VII категория, Least Concern, LC.* Монотиптүү түр. Кыргыз Республикасынын фаунасындагы уруунун тибеттен келип чыккан бир өкүлү.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Гималай, Гиндукуш, Тибет, Куньлунь, Алтынтаг, Наньшань, Тяньшань, Алай, Түркстан, Фергана, Кыргыз тоо кыркалары, Тескей, Алатоодо, Борбордук жана Ички Тяньшань тоо кыркаларында кездешет [7,3].

**Жашаган аймактары.** Тяньшандын субальпы жана альпы алкактарында, жапайы туяктуулардын жашаган жана үй жаныбарларынын чогулган жерлеринде кездешет. Ачык зоолордо уялайт.

**Саны.** 1980-жылдын аягында Тескей Алатоо жана Борбордук Тяньшанда кумайдын саны боюнча эсеп жүргүзүлгөндө, ал негизинен бийик тоолуу алкактарда 1-2 особдордон турганы белгилүү болгон (маршруттук эсептөөдө 1км² 0,1-0,9 особго жакын). 1992-жылы зоологиялык эларалык экспедициянын катышуучулары көбүнчө изилделген бийик тоолуу аймактан 13-55 особдорду каттоого алышкан. Анын көпчүлүгү 2130-2460 м бийиктикте, Ноокат районундагы Акжылга жайытында экен. Ошол жерде 28-сентябрда уялоочу колониянын четинде 26 куш байкалган [16, 31].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Отуруктуу куш. Жалгыздап же бир нече жуптарды түзүп, топтошуп уялашат. Уялоосунун биологиясы боюнча маалымат өтө аз. Марттан тартып балапандарын басышат. Май айында уясында 1 жумуртка табылган. 1992-жылы сентябрдын аягында Акжылга жайытында он чакты уясы менен жорунун колониясы табылган. Ошонун ичинен биреөндө гана чоңойгон балапаны болгон, ага чоңдору тамагын ташыганы байкалган. Калган уяларда балапандары учууга жарап калган. Жору тарптар менен азыктанат. Көзү курч болгондуктан, бир эле учурда тарптын жанына 8-20 особго чейин чогулушу мүмкүн [2,28].

**Чектөөчү факторлор.** Негизги факторлордун бири жапайы жана үй жаныбарларынын тарптарынын бар же жок болушу. Ошондой эле карышкырларга салынган ууланган жемди жеп өлүшү. Кээде кишинин түздөн-түз кол салып, кырышы.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Зоопаркта оңой эле көбөйүшү болгонуна мисалдар бар. Кыргызстанда колдо багылбайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргыз, Казак, Өзбек Кызыл китептерине киргизилген. Жумурият боюнча анчылыкка тыюу салынат.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Уялоочу колониялары жайланган жерлерди чакан заказникке айлантып, коргоого алуу зарыл. Ошондой эле кызыккан жергиликтүү адамдарды, кумайларды байкоого жайларды курууга чакырыш керек, ошону менен бирге алардын тынчтыгына кам көрүү. Андай кызыккан кишилер экологиялык турларды уюштурууга да салымын кошушат, атайын жем бере турган жерлерине өлүп калган малдын этин ташып турушат. Мындай иштен түшкөн каражаттардын бир бөлүгү фонддун эсебине түшүш керек. Массалык түрдө уялоочу жерлерин картага түшүрүү, көбөйүшүнүн биологиясын изилдөө, кумайдын ареалын тактап бөлүү, ак кажырдын таралган жерлери менен интеграциясын аныктап чыгуу, эки түрдүн ортосундагы карым-катнаштарды билүү, эки түрдүн ортосундагы аргындашууну каттоо.

# Гималайский гриф

## *Gyps himalayensis* Hume, 1869

**Статус:** *VII категория, Least Concern, LC.* Единственный вид рода в фауне Кыргызской Республики – представитель комплекса видов тибетского происхождения. Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** Гималаи, Гиндукуш, Тибет, Кунь-Лунь, Алтын-Таг, Наньшань. На Тянь-Шане населяет Алайский, Туркестанский, Ферганский, Кыргызский хребты, Тескей Ала-Тоо, хребты Центрального и Внутреннего Тянь-Шаня [3, 7].

**Места обитания.** Населяет субальпийский и альпийский пояса Тянь-Шаня, в местах обитания диких парнокопытных и скопления домашних животных. Предпочитает гнездиться в местах со скальными обнажениями.

**Численность.** На Тескей Ала-Тоо и Центральном Тянь-Шане в конце 80-х гг. кумай регулярно встречался на маршрутах в высокогорных поясах в количестве 1-2 особей (в пересчете - 0,1-0,9 ос./кв.км). В 1992 г. зарегистрировано 55 особей, преимущественно в высокогорьях на 13 обследованных участках из 44. Наибольшей концентрации гриф достигал в урочище Ак-Джилга Ноокатского района Ошской области на высотах 2130-2460 м н.у.м., где 28 сентября одновременно наблюдалось 26 птиц в окрестностях гнездовой колонии [16, 31].

**Образ жизни (жизненные циклы)**. Оседлая птица. Гнездится как отдельными парами, так и колониями до нескольких десятков пар. Сведения по гнездовой биологии крайне скудны. Насиживание начинается в марте. В мае находили гнездо грифа с одним яйцом. В конце сентября 1992 г. была обнаружена колония грифов в урочище Ак-Джилга, с двумя десятками гнезд. Только в одном из них наблюдался подлеток, которого все еще кормили взрослые особи. Остальные ювенальные особи, очевидно, уже поднялись на крыло. Питается падалью. Обладая острым зрением, грифы могут концентрироваться у падали до 8-20 особей одновременно [2, 28].

**Лимитирующие факторы.** Основным лимитирующим фактором является сокращение диких и домашних животных. Могут быть жертвами, в результате поедания отравленных приманок для волков. Реже – прямое истребление со стороны человека.

**Разведение (содержание в неволе)**. Имеются примеры успешного разведения в зоопарках. В Кыргызской Республике в неволе не содержится.

**Меры охраны существующие.** Вид занесен в Красную книгу Кыргызстана [3], а также в Красные книги Казахстана и Узбекистана. Добыча на территории республики запрещена повсеместно.

**Меры охраны рекомендуемые.** Необходимо осуществлять охрану гнездовых колоний, объявив такие места мини-заказниками, в том числе за счет средств, полученных за организацию наблюдения кумаев любителями-орнитологами в местах гнездовий и искусственного прикорма. Следует привлечь заинтересованных жителей из местных общин для строительства схронов для лучшего наблюдения за кумаем, при этом, не доставляя ему беспокойства. Они же могут выступить в качестве организаторов экологических туров и поставщиков трупов домашнего скота в специально обустроенные места прикорма, при условии, что часть заработанных средств будет оставаться в распоряжении общины в составе общинных фондов, если таковые имеются. Необходимо картировать места массового гнездования, изучить биологию размножения, разграничить ареал кумая, выявить места интерградации с белоголовым сипом, выяснить вопросы взаимоотношения этих двух видов, зарегистрировать возможные случаи гибридизации этих видов.

# Himalayan Griffon

## *Gyps himalayensis* Hume, 1869

**Status:** *VII category, Least Concern, LC.* Monotypic, resident species in highlands of Northern, Western, Inner, Central Tien Shan and Pamir-Alai mountains, higher then 1,800-2,200 m (5,900-7,200 feet) above see level. The Himalayan Griffon density in Northern Tien Shan is 0.1-0.9 individuals per km$^2$. There are several nesting colonies identified in Pamir-Alai Mountains, the quantity of Griffons in observed flocks range from several birds to 26. The Griffon much depends on carcass availability that is why it occurs in the areas with high density of wild sheep and goats. The species is included into current Red Book of Kyrgyzstan of 1985. It is suggested to create small protected areas in localities, where nesting or roosting sites are identified, encourage local community to display dead domestic animals at the sites, organize special watching place and attract ecological tourists. Money received should be re-invested back to maintain a protection of the species.



# Ак кажыр

## *Gyps fulvus* (Hablizl, 1783)



**Шумкар сымалдар – Falconiformes – Соколообразные**
**Карчыгалар – Accipitridae – Ястребиные**

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT: R* Кыргызстанда *G.f.fulvus* (Hablizl, 1783) түрчөсү кездешүүдө.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түндүк Африка Мароккодон чыгышты карай Кызыл деңиздин жээгине чейин. Түштүккө карай Мароккодо 20-параллелге чейин, Сахара Атласына чейин, Түштүк Туниске чейин жана Кызыл дениздин жээги боюнча түштүккө карай Суданга чейин. Евразияда Пиреней жарым аралынан чыгышты көздөй Саур жана Тарбагатайга, Монгол Алтайына, Чыгыш Тянь-Шанга, Батыш Памирдин Алай системасына чейин жана Гималайдын түштүк жантаймасы боюнча батыш Ассамга чейин. Кыргызстанда – Тянь-Шандын түндүк жана түштүк четинде кээ бир жерлерде кумай менен интерградацияланат [2, 7, 16].

**Жашаган аймактары.** Түндүк жана түштүк Тянь-Шандын жапыз жана орто тоолорунда, жапайы ача туяктуулардын жана үй жаныбарларынын жайылган жерлеринде жашашат. Уялоо үчүн кескин бөлүнгөн ландшафттуу жерлерди артыксынтат.

**Саны.** Саны боюнча маалымат толук эмес. Мурда ак кажыр Кыргыз кырка тоолорунда уялоочу жана табылчу [2]. 1992 жылы Араван районунун Данги Туя Муюн өзөнүндө 1100 м бийиктикте эл аралык зоологиялык экспедициянын мүчөлөрү 15 ак кажырдан турган топту каттаган. Дагы 4 канаттуу Фергана өрөөнүнүн тоо этектеринде байкалган [16, 48].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Отурукташкан канаттуу. Өзүнчө жуп болуп да, бир канча жуптан турган колония менен да уялайт. Уялоо биологиясы боюнча маалымат абдан аз. Жумурткаларын басуу мартта башталат. Ак түстөгү бир жумуртка басат. Июлдун башында уча албаган жаш канаттууларды табышкан. Тарп менен азыктанышат. Кажырларга мүнөздүү адаттарга ээ [2, 19].

**Чектөөчү факторлор.** Негизги чектөөчү фактор болуп жапайы же үй жаныбардарынын тарпынын бардыгы же жоктугу саналат. Карышкырларга даярдалган уулуу азыкты жеп алуусунун натыйжасында зыянга учурашы мүмкүн. Кээде адам тарабынан кырылуусу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Көпчүлүк зоопарктарда багылат. Кыргыз Республикасында колдо кармалбайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Атайын коргоо иш-аракеттери каралган эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Уялоо колониясын коргоо үчүн бул аймактарды кичи-заказник катары кабыл алуу керек, ошону менен бирге орнитологдор үчүн ак кажырларга байкоо жүргүзүүнү уюштуруудан жана канаттууларды атайын азыктандыруу жерлеринен түшкөн каражаттардын эсебинен коргоо иш-аракеттерди жүргүзүү зарыл. Ак кажырга анын тынчын албоодон байкоо жүргүзүү үчүн изилдөөчү жай куруугa жергиликтүү коомчулуктардын ичинен кызыккан жашоочуларды тартуу керек. Массалык уялоо жерлерин картага түшүрүү, көбөйүү биологиясын изилдөө, ак кажырдын жашоо аймагын чектөө, кумай менен интерградациялануу жерлерин иликтөө, бул эки түрдүн өз ара катнашуу суроолорун изилдеп чыгуу, бул эки түрдүн аргындашуусунун мүмкүн болгон учурун каттоо керек.

## Белоголовый сип

### *Gyps fulvus* (Hablizl, 1783)

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT: R.* Один из двух видов данного рода в Кыргызстане, обитает номинативный подвид *Gyps fulvus fulvus* (Hablizl, 1783).

**Распространение общее и в стране.** Северная Африка от Марокко к востоку до побережья Красного моря. К югу в Марокко до 20-й параллели, до Сахарского Атласа, южного Туниса и вдоль побережья Красного моря к югу до Судана. Евразия от Пиренейского полуострова к востоку до Саура и Тарбагатая, Монгольского Алтая, Восточного Тянь-Шаня, Алайской системы Западного Памира и вдоль южного склона Гималаев до западного Ассама. В Кыргызстане – на северной и южной окраинах Тянь-Шаня, местами интерградирует с кумаем [2, 7, 16].

**Места обитания.** Населяет низкогорья и среднегорья северного и южного Тянь-Шаня, в местах обитания диких парнокопытных и скопления домашних животных. Предпочитает гнездиться в местах, с резко расчлененным ландшафтом.

**Численность.** Сведения по численности неполны. В прошлом сип отмечался на гнездовье и добывался на Киргизском хребте [2]. В 1992 году встречена группа сипов из 15 птиц в урочище Данги Туя Муюн Араванского района на высоте 1100 м н.у.м. (0,5-1 особи/кв.км) [48]. Еще 4 птицы наблюдались в предгорьях Ферганской долины [16].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Оседлая птица. Гнездится как отдельными парами, так и колониями до нескольких десятков пар. Сведения по гнездовой биологии крайне скудны. Насиживание начинается в марте. Откладывает одно яйцо. В начале июня находили молодых, но еще нелетных птиц. [2, 19].

**Лимитирующие факторы.** Основным лимитирующим фактором является наличие падали диких и домашних животных. Могут быть жертвами, в результате поедания отравленных приманок на волков. Реже – прямое истребление со стороны человека.

**Разведение (содержание в неволе)**. Содержится во многих зоопарках. В Кыргызской Республике в неволе не содержится.

**Меры охраны существующие.** Специальных мер охраны не предусмотрено.

**Меры охраны рекомендуемые.** Необходимо осуществлять охрану гнездовых колоний, объявив такие места мини-заказниками, в том числе за счет средств, полученных за организацию с помощью заинтересованных жителей местных общин наблюдения за сипами любителями-орнитологами в местах гнездовий и искусственного прикорма.

## Eurasian Griffon

### *Gyps fulvus* (Hablizl, 1783), ssp. *fulvus* (Hablizl, 1783)

**Status:** *VI, Near Threatened, NT: R* low- and midlands of Northern and Southern Tien-Shan, sympatric with *Gyps himalayensis* in some areas, prefers to nest on rocks next to wild goat and sheep populations. The species is resident, occurs not higher then 1,500-2,000 m (4,900-6,600 feet) above see level. The estimated density in highlands of Southern Tien-Shan is 0.5-1 individuals per km$^2$ [48]. Much dependent on carcass availability, vulnerable because of illegal poaching or poisoning. No special protection measures are currently observed. It is suggested to create small protected areas in localities where nesting or roosting sites are identified, encourage local community to display dead domestic animals at the sites, organize special watching place and attract ecological tourists. Money received should be re-invested back to maintain a protection of the species.



# Таз кара

## *Aegypius monachus* (Linnaeus, 1758)



**Шумкар сымалдар – Falconiformes – Соколообразные**
**Карчыгалар – Accipitridae – Ястребиные**

**Статусу:** *VI, Near Threatened, NT*. Кыргызстандын фаунасынын бир уруунун бир өкүлү.Монотиптүү түр.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Африкада – Марокко менен Египеттин түндүк жагы, Евразияда Пириней, Балкан жарым аралынан тартып чыгышка карай Хангай, Гоби Алтайына, Ганьсуга, Бутанга жана Ассамага чейин. Түндүккө карай Славенияга, Румынияга, Крымга, Чоң Кавказдын жана Балкандын, Копетдагдын, Бадхыздын, Каратоонун түндүк бетине чейин; Чүй-Илий тоолоруна, Жунгардын Алтайга, Тарбагатайга, Алтайга, Саянга, Хангайга жетет. [7, 15]. Кыргызстандын бардык территориясына адатта кара жору уялаганга келет [2, 16].

**Жашаган аймактары.** Тяньшандын субальпы жана альп алкактарында, жапайы ача туяктуулар жашаган жана үй жаныбарлар чогулган жерлерде кездешет.

**Саны.** Кыргызстанда атайын саны эсепке алынган эмес. Бирок, 1992-жылы 17-августтан 16-октябрга чейин изилделген 44 жайыттан 10дон 21ге чейин кара жору катталган. Ал көбүнчөсү бийик тоолордо, мисалы, деңиз деңгээлинен 3200 м бийикте Каракол жайытында кездешкен, ошондой эле ал өтө бийик эмес, мисалы Фергана өрөөнүндө 1250 м бийиктикте Кызылкыя жайытында болгону катталган. Дайыма кара жору гималай жорусу менен кошулуп топту түзөт. Байкоо жүргүзүүнүн натыйжасында жорулардын жашын аныктоо өтө татаал, бирок бир нече жаштары жана бир балапаны аныкталган [16]. Ысыккөлдүн чыгышынын альпы шалбаасында кара жору өтө сейрек кездешет (1 $км^2$ 0,02 - 0,04 особь). Ошондой эле токойдо ал өтө сейрек кездешет [31]. 2003-жылы 21-июнда Кыргыз тоо кыркаларында 2000 м бийикте Кашкасуу колотунда бир кара жору өлгөн жылкынын үстүндө учуп жүргөнүн көрүшкөн, бирок кишилер анын этин жегенге тоскоол кылышкан.

**Чектөөчү факторлор.** Жапайы туяктуу жаныбарлардын санынын азайышы. Кызык үчүн гана атып жоготуу.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Отуруктуу куш. Ал уясын дарактарга (көбүнчөсүн арчага), анда-санда зоолорго салат. Көбүнчөсүн уясын кургак арчадан салат, анын ичин тоо эчкилердин жана койлордун жүнүнөн төшөйт. Уясын эрте салат, биринчи жумуртканы февраль-мартта тууйт. Уясында адаттагыдай бир эле жумуртка. Балапандарын апрель-майда басып чыгарат, алар август-сентябрда учканга жарап калат.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Кыргызстанда колго багылбайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Атайын коргоо иш-аракеттери каралган эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Уялоочу жерлерин картага түшүрүп, анан чакан заказниктер болуш үчүн өзгөчө коргоого алынган территория кылып реестрге киргизиш керек. Уялоочу жерлерин сөзсүз түрдө коргоо; байкоо жүргүзүүнүн эсебинен алынган каражаттарды жасалма жол менен тамактандырып экологиялык туризмди өнүктүрүү, ошондой эле жергиликтүү жамааттарды кызыктыруу керек. Атайын жем жечү жерлерди куруп, ал жакка өлгөн малдын тарптарын таштап, куштун жашоосуна шарт түзүү.Кара жорунун популяциясынын санын тактоо, уя салуунун биологиясын изилдөө, гималай жорусу менен түр арасындагы карым-катнаштарды изилдөө.

# Черный гриф

## *Aegypius monachus* (Linnaeus, 1758)

**Статус:** *VI, Near Threatened, NT*. Единственный представитель рода в фауне КР. Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** На севере Морокко и Египта, в Евразии – Пиренейский полуостров, от Балканского полуострова к востоку до Хангая, Гобийского Алтая, Ганьсу, Бутана и Ассама. К северу до Славонии, Румынии, Крыма, северного склона Большого Кавказа, Копетдага, Бадхыза, Каратау, Чу-Илийских гор, Джунгарского Алатая, Тарбагатая, Алтая, Саяна, Хангая. К югу до побережья Средиземного моря, Малой Азии, Сирии, Загроса, Белуджистана, Афганистана, Кашмира и юго-восточного Тибета [7, 15]. На гнездовье обычен по всей территории КР [2, 16].

**Места обитания.** Населяет субальпийский и альпийский пояса Тянь-Шаня, в местах обитания диких парнокопытных и скопления домашних животных.

**Численность.** Специальных учетов численности в Кыргызской Республике не проводилось. С 17 августа по 16 октября 1992 г. учтен 21 черный гриф в 10 урочищах из обследованных 44 по всей стране. В том числе, на высоте 3200 м н.у.м. в урочище Каракол, а также на более низких высотах, в Ферганской долине на высоте 1250 м н.у.м. в урочище Кызыл-Кыяк. Обычно черный гриф парил в смешанных стаях с гималайским грифом. Были отмечены несколько молодых птиц и, по крайней мере, один слеток [16]. В Восточном Прииссыккулье черный гриф очень редок в альпийском поясе (0,02-0,04 ос./кв.км). Реже его можно наблюдать в лесном поясе [31]. Один черный гриф парил над трупом павшей лошади в урочище Кашка-Суу Кыргызского хребта на высоте 2 тысяч метров 21 июня 2003 г. в местообитании с древовидной арчой.

**Образ жизни (жизненные циклы)**. Оседлый вид. Черный гриф строит гнезда на деревьях (чаще на арче), реже в скалах. Гнездо сооружается обычно из арчевых веток, лоток выстилается шерстью горных козлов и домашних овец. Гнездится довольно рано, откладывает первые яйца в феврале-марте. В кладке обычно одно яйцо. Птенцы появляются в апреле-мае, встают на крыло в августе-сентябре.

**Лимитирующие факторы.** Снижение численности диких копытных животных. Отстрел ради развлечения.

**Разведение (содержание в неволе)**. В Кыргызской Республике в неволе не содержится.

**Меры охраны существующие.** Специальные меры по охране данного вида в Кыргызстане не предпринимались.

**Меры охраны рекомендуемые.** Места гнездовий следует нанести на карту и занести в реестр особо охраняемых территорий в качестве миниазказников. Необходимо осуществлять охрану мест гнездовий, в том числе за счет средств, полученных за организацию наблюдения черных грифов, как части индустрии экологического туризма, в местах искусственного прикорма. Следует привлечь жителей местных общин как потенциальных организаторов подобных мероприятий и поставщиков падали домашнего скота в специально обустроенные места прикорма. Необходимо установить численность популяции черного грифа, изучить гнездовую биологию, выяснить межвидовые взаимоотношения с гималайским грифом.

# Cinereous Vulture

## *Aegypius monachus* (Linnaeus, 1758)

**Status**: *VI, Near Threatened, NT.* Monotypic, resident species, prefers subalpine and alpine belts of the highlands, next to populations of wild goats and sheep. Although in the south it may occur in midlands, at 1,250 m above see level. It was observed in 10 sites out of 44 investigated sites by Swiss-Czech-Kyrgyz expedition in August-September, 1992, altogether 21 Vultures were identified. It slides in the stocks together with Himalayan Griffon. One juvenile was identified, the rest were immature or mature birds. The density of Cinereous Vulture in alpine belt of Issyk-Kul Region is 0.02-0.04 individuals per km$^2$. It is rarer in forest belt. Nests are on the top of juniper trees, rarer on rocks. Lays 1 egg in February-March. Juveniles leave the nest in August-September. Limiting factors are reduction of ungulate animals, illegal game hunting. It is not held in captivity in Kyrgyzstan, special protection measures were not undertaken in the past as well. It is recommended to map found nests, mini protected areas need to be established around those sites. Necessary to encourage local communities to display dead domestic animals at the sites, organize special watching place and attract ecological tourists. Money received should be re-invested back to maintain a protection of the species.



# Жыланчы

*Circaetus gallicus* (J.F. Gmelin, 1788)



Шумкар сымалдар – Falconiformes – Соколообразные
Карчыгалар – Accipitridae – Ястребиные

**Статусу:** *V категория, Vulnerable, VU: R.* Саны кыскарып бара жатат. Кыргызстандын фаунасында бир уруунун жалгыз гана өкүлү.*C.g.heptneri* Dementiev, 1932 түрчөсү кездешүүдө.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Африка, Евразия, Кичи Азия, Иран, Пакистан, Индия, Аравияда кыштайт. Кыргызстандын түндүк жагында Чүй жана Талас өрөөндөрүндө кездешкени катталган, ошондой эле Ысыккөлгө жакын түштүк региондо кездешет. Кыргыз, Талас, Фергана, Чаткал жана Пскем тоо кыркаларында уялоо мезгилинде табылган [66].

**Жашаган аймактары.** Тоо этегиндеги адырлар жана чөлдөр. Республиканын түштүгүндө деңиз деңгээлинен 1500-2000 м бийикте жаңгак-токойлорунда уялоо мезгилинде кездешет [66].

**Саны.** Кыргызстанда анын саны такталган эмес. Байкоого караганда акыркы 5 жылдын ичинде 2 особь гана кездешкен, ал эми 1998-жылы Нооруз капчыгайынын тоо этектеринде, 2001-жылы бир особь Бешарал коругунда, 2002-жылы Пскем тоосунун капчыгайында эки особь кездешкен. Бардык жерлерде анын саны анча көп эмес жана азайуу тенденциясы байкалат.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Кыргызстанда апрелдин башында учуп келишет [66]. Майдын биринчи ондугунда уя сала баштайт. Уясында көбүнчө бир гана жумуртка, аны бир жарым айга жакын басып чыгарат. Сойлоп жүрүүчүлөр менен азыктанат.

**Чектөөчү факторлор.** Түздөн-түз кыруу, уяларын талкалоо, тынчсызданууча фактору. Чарбачылык менен байланышту тоют базасын кыскартуу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** 1986-жылдан тартып Республиканын территориясында аңчылык кылууга тыюу салынган. Сарычелек коругунун аймагында коргоого алынган. «Жапайы фаунанын жана флоранын жоголуп бара жаткан түрлөрүн соода-сатык боюнча эларалык конвенциясынын» 2-тиркемесине киргизилген [2].

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Республика боюнча санын тактап чыгуу, биологиясын изилдөө, уялоо мезгилинде жасалма уяларга көнүктүрүү. Азык база абалын аныктап жана өзгөрүлүшүн тактап чыгуу.

# Змееяд

## *Circaetus gallicus* (J.F. Gmelin, 1788)

**Статус:** *V категория, Vulnerable, VU: R***.** Единственный представитель рода в фауне Кыргызстана, подвид - *Circaetus gallicus heptneri Dementiev, 1932*

**Распространение общее и в стране.** Африка, Евразия, Малая Азия, Иран, Пакистан, Индия. Зимует в Африке, Аравии. В Кыргызстане зафиксированы встречи на севере Республики в Чуйской и Таласской долинах, в Приисcыккулье. По южному региону отмечались повсеместно. На гнездовьях найдены в Киргизском, Таласском, Ферганском, Чаткальском и Пскемском хребтах [66].

**Места обитания.** Основные места обитания -сухие предгорья, пустынные горы, в орехово-плодовые леса, на высоте 1500-2200 м н. у. м. [66].

**Численность.** В условиях Кыргызстана численность не изучена. По наблюдениям последних пяти лет было встречено две особи, по предгорьям ущелья Нооруз 1998 г, в 2001 г. Беш-Аральском заповеднике одна особь, в 2002 г. Пскемский хребет ущелье две особи. Повсеместно численность его не велика и имеет тенденцию к снижению.

**Образ жизни (жизненные циклы).** В Кыргызстане появляются в начале апреля [66]. Гнездится начинают в первой декаде мая. В кладке чаще одно яйцо. Насиживание продолжается около полутора месяцев, птенцы появляются в конце июня в начале июля. Питаются преимущественно рептилиями.

**Лимитирующие факторы.** Прямое уничтожение, разорение гнезд, фактор беспокойства. Сокращение кормовой базы в связи с хозяйственным освоением угодий.

**Разведение (содержание в неволе).** Сведений нет.

**Меры охраны существующие.** Занесен в Красную книгу СССР, в Красную книгу Казахстана. На территории Республики добыча запрещена с 1986 г. Охраняется на территории Сарычелекского заповедника. Включен в приложение 2 “Конвенции международной торговле видами дикой фауны и флоры, находящимися под угрозой исчезновения“ [3].

**Меры охраны рекомендуемые.** Уточнение численности по Республике, изучение биологии, возможность привлечения для гнездования в искусственные гнездовья. Выяснить состояние и тенденции изменения кормовой базы.

# Short-toed Eagle

## *Circaetus gallicus* (J.F. Gmelin, 1788), ssp. *heptneri* Dementiev, 1932

**Status:** *V category, Vulnerable, VU: R.* Occurs in Chu and Talas Valleys and Issyk-Kul oblast, as well as throughout the south of the country. Nests are found in Kyrgyz, Talas, Fergana, Chatkal and Pskem Mountainous Ridges. Prefers dry lowlands and uplands up to 1,500-2200 m above sea level. No data on exact numbers are, several individuals were sporadically observed in different places for the last few years. Arrives in Kyrgyzstan in April, nests in May, and lays 1 egg. Incubation period is about a month. Uses for food predominantly reptiles. Illegal game shooting, destruction of nests, reduction numbers of reptiles are limiting factors. Included into USSR Red Book of 1984, in Kyrgyzstan hunting is prohibited since 1986. It is recommended to make artificial nests to attract Short-toed Eagle to nest.

# Кубарган кулаалы

***Circus macrourus* (S.G. Gmelin, 1771)**





**Шумкар сымалдар – Falconiformes – Соколообразные**
**Карчыгалар – Accipitridae – Ястребиные**

**Статусу:** *VI категория. Near Threatened, NT.* Кыргыз Республикасынын фаунасында уруунун төрт өкүлүнүн бири. Монотиптүү түр.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Евразияда Дунайдын төмөнкү агымынын өрөөнүнөн чыгышты көздөй Түндүк-Батыш Монголияга чейин, болжол менен Түштүк-Батыш Байкалга чейин. Түндүккө карай Припятье өрөөнүнө чейин, Белорусия жана Урал тоо кыркаларынын ортосунда 55-параллелге чейин, Урал тоо кыркалары жана Енисей өрөөнүнүн ортосунда 57-параллелге чейин. Түштүктөн Кара деңиздин түндүк жээгине, Крымга, Түштүк Байкалдын тышына, Ирандын Каспий алдынкы провинцияларына, Камыш-Самар көлдөрүнө, Эмбанын жогорку бөлүгүнө, Жезказганга жана Уралга, Арал деңизинин түндүк-чыгыш жээгине, Сырдарыя өрөөнүнө, Тарбагатайга жана Түндүк-Батыш Монголияга чейин. Кыргызстанда – Чүй, Атбашы дарыяларынын өрөөндөрү, Ысыккөл ойдуңу, Ички Тяньшандын сырттары [2, 7, 31, 43].

**Жашаган аймактары.** Түздүктөрдү, жапыз жана орто тоолуу ачык жерлерди артык көрөт, маданий территорияларда да сейрек эмес, кээде бийик тоолорго көтөрүлөт.

**Саны.** Саны боюнча системдүү маалымат жок. Адатта Чүй дарыясынын жана Ысыккөл көлүнүн өрөөндөрүндө кездешет. 2005-жылы Бишкектен алыс эмес көлмөлөрдө өткөрүлгөн жайкы жана күзгү байкоо жүргүзүүлөрдө кубарган кулаалынын эркектерин эки жолу байкашкан. Бир жаш канаттуу көлмөлөрдүн биринин жээгинде белгиленген [67].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Уялоочу түр. Жерде отурганды артыксынтат, кээде бадалдарда жана дарактарда отурат. Канаттарын жайып, айыл чарба аянттарын тынымсыз айланып учат, азыгын көрүп, абада кыймылсыз калат да, тик ылдый түшүп кол салат. Чычкан сымал кемирүүчүлүргө, кескелдириктерге, бакаларга, чегирткелерге, башка канаттуулардын балапандарына аңчылык жасайт. Апрелден июлга чейин уялайт. Чөптөрдөн жана жалбырактан жасалган уясын жерде, көбүнчө талааларда салат. Күрөң тактары бар ак түстөгү 4-5 жумуртка тууйт.

**Чектөөчү факторлор.** Уялоо жерлеринде тынчсыздандыруучу факторлордун көптүгү, айрыкча, үй жаныбарлары уялары үчүн коркунуч туудурат. Кээде киши тарабынан кырылуусу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Кыргыз Республикасында колдо багылбайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Республикада атайын коргоо чаралары жок. Түр IUCNдин Кызыл Китебине VI категориясына Near Threatened, NT киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Уялоого ылайыктуу жерлерди коргоо керек, уялоо аймактарда адамдын жана үй жаныбарларынын жүрүшүн чектөө. Аныкталган уяларды картага түшүрүү жана кубарган кулаалынын санына мониторинг жүргүзүү.

# Степной лунь

## *Circus macrourus* (S.G. Gmelin, 1771)

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT.* Один из 4 представителей рода в фауне Кыргызской Республики. Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** Евразия от долины нижнего течения Дуная к востоку до северо-западной Монголии и предположительно юго-западного Забайкалья. К северу до долины Припяти, между Белоруссией и Уральским хребтом до 55-й параллели, между Уральским хребтом и долиной Енисея – до 57-й параллели. К югу до северного побережья Черного моря, Крыма, южного Забайкалья, прикаспийских провинций Ирана, до Камыш-Самарских озер, верховьев Эмбы, Джезказгана и Урала, северо-восточного побережья Аральского моря, долины Сырдарьи, до Тарбагатая и северо-западной Монголии. В Кыргызстане – долины рек Чу, Ат-Баши, Иссыкульская котловина, сырты Внутреннего Тянь-Шаня [2, 7, 31, 43].

**Места обитания.** Предпочитает равнинные и низко- и среднегорные открытые стации, нередок на окультуренных территориях, реже поднимается в высокогорья.

**Численность.** Системных сведений по численности нет. Является обычной птицей на пролёте в долинах р. Чу и озера Иссык-Куль. Самцов степного луня дважды наблюдали на прудах под городом Бишкек на летне-осенних учетах 2005 года. Одна молодая птица, была отмечена на берегу одного из прудов [67].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Возможно, гнездящийся вид. Предпочитает сидеть на земле, реже – на кустарниках и деревьях. Без устали осуществляет облет сельхозугодий на вытянутых неподвижных крыльях, замирает в одной точке в воздухе, увидев добычу, закладывает крутые виражи, набрасываясь на нее. Охотится на мышевидных грызунов, ящериц, лягушек, кузнечиков, птенцов других видов птиц. Гнездится с апреля по июль. Строит гнезда на земле, преимущественно на полях из листьев и травы. Откладывает 4-5 яиц белого цвета с коричневатыми пятнами.

**Лимитирующие факторы.** Высокий фактор беспокойства на местах гнездовья, в частности домашние животные представляют опасность для гнезд. Реже – прямое истребление со стороны человека.

**Разведение (содержание в неволе).** В Кыргызской Республике в неволе не содержится.

**Меры охраны существующие.** Специальных мер охраны в республике нет. Вид занесен в Красную Книгу IUCN в VI категорию Near Threatened, NT.

**Меры охраны рекомендуемые.** Необходимо осуществлять охрану мест, пригодных для гнездовий, ограничить пребывание человека и домашних животных на местах гнездовья. Необходимо картировать выявленные гнезда и проводить мониторинг численности степного луня.

# Pallid Harrier

## *Circus macrourus* (S.G. Gmelin, 1771)

**Status:** *VI category, Near Threatened, NT.* Monotypic species. Occurs in rivers valleys of Chu, At-Bashi, Issyk-Kul Regions, in highlands of Inner Tien Shan. Prefers open plains, low-, and midlands, cultivated landscape, rarer in highlands. No systematic data on numbers. Males of Pallid Harrier and one juvenile were observed twice at the census transects in summer-autumn 2005. Nesting bird. Prefers to sit on ground compare to bush or tree. Feeds in lizards, frogs, grasshoppers, nestling birds. Builds nest from leaves and grass on the ground in agriculture fields. Lays 4-5 eggs. Limiting factors are disturbance at the nest sites by humans and domestic animals, such as cattle and dogs, rarer – direct killing as potential chicken lifter. No holding in captivity is evident. Special conservation measures were not undertaken so far. It is recommended to protect nesting sites, limit human and domestic animals influence during nesting time, to map identified nests and conduct monitoring of Pallid Harrier's numbers.



# Күрөнкөкүрөктүү кыргый

*Accipiter badius* (J.F. Gmelin, 1788)



Шумкар сымалдар – Falconiformes – Соколообразные
Карчыгалар – Accipitridae – Ястребиные

**Статусу:** *VI категория Near Threatened, NT: R.* Кыргызстандын авифаунасында тукумдун 10 түрүнүн бири. *A.b.cenchroides* (Severtzov, 1873) түрчөсү кездешүүдө.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Орто жана Түштүк Азияда Арал деңизинен, Сумбара өрөөнүнөн, Талыштан, Фарстан чыгышты карай Гуанси жана Индокытай жарым аралынын чыгыш жээгине чейин. Түндүк тараптан Сырдарыя өрөөнүнө, Караталга, Илге, Балкашка, Гималайдын түштүк жантаймасына, Юньнанга, Гуансиге чейин. Түштүккө карай Түндүк Йеменге, Фарска, Пакистанга чейин, Индияда жана Бангладеште, түштүк-чыгышта Түштүк Азиянын океан жээгине чейин, Мьянмада. Африкада Сахарадан түштүктү көздөй, Аравиянын түштүк-батыш бөлүгү. Шри-Ланка, Никобарские, Хайнань аралдары [7, 15, 19, 20, 43]. Кыргыз Республикасында анда-санда Фергана өрөөнүндө уялоосу ыктымал. Маданий ландшафттык өзөндөрдү артыксынтат, түндүк бөлүктө учуп өтүүдө жана уялоодо сейрек кездешет, бийик тоого көтөрүлбөйт, мисалы, Гималайда деңиз денгээлинен 1300 м бийиктикке чейинки жерлерде жашайт [2, 7, 41]. Чүй өрөөнүндө уялоо мезгилинде табылган [95].

**Жашаган аймактары.** Бир аз токойлуу жапыз жана бийик тоолуу ландшафттык өзөндөр, токойлуу жантаймалуу саванналар, көпчүлүк учурда маданий зоналар [2, 15].

**Саны.** Азыркы учурдагы саны боюнча маалымат жок. 1930-жылга чейин Д.П. Дементьев жай мезгилинде Ош шаарынын тегерегинде табылган чүйлүлөрдүн терилеринин сериясын алган [2].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Ургаачысы эркегинен чоңураак. Бир аз гана токойлуу ачык жайларда жашайт, туташ токойлордон алыс. Аңчылыкка ылайыктуу жери – кишинин турак жайына жана айыл-чарба жерлерине жакын жайгашкан бийик бактардын топтору. Жалбырак арасынан карап туруп, азыгы коркунучту байкагыча тике ылдый түшөт. Кескелдириктерге, майда кемирүүчүлөргө жана канаттууларга аңчылык кылат. Балапандарын азыктандырууда короолордон жөжөлөрдү ташышы мүмкүн. Уясын бактын башына салат. Үчтөн төрткө чейин кубарыңкы агыш көк түстөгү, кээде боз майда тактары бар жумуртка тууйт. Эркеги да, ургаачысы да тукумуна бирдей кам көрөт, бирок жумуртканы ургаачысы гана басып чыгарышы мүмкүн [19].

**Чектөөчү факторлор.** Уялоого ылайыктуу жерлерге күчөп жаткан чарбалык басым, мыйзамсыз атуу жана кармоо.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Кыргыз Республикасында колдо багылбайт. Чүйлүнү жергиликтүү жашоочулар тарабынан аң куш катары колдонгон учурлары да кездешүүсү мүмкүн.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Чүйлүнү коргоо үчүн атайын иш-аракеттер жүргүзүлгөн эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Маданий ландшафттагы уялоо жерлерин уруксатсыз кыш мезгилинде бак кыюулардан сактоо керек, уялоо учурунда чүйлү тарабынан үй канаттууларынын санына келтирилген зыянды фермерлерге компенсациялоонун системасын ойлоп чыгуу керек. Фергана өрөөнүндөгү уялоо жерлерин иликтөө, табылган уяларды картага түшүрүү, бул түрдүн санынын ар бир жылдык динамикасына мониторинг жүргүзүү зарыл.

# Туркестанский тювик

## *Accipiter badius* (J.F. Gmelin, 1788)

**Статус:** *VI категория Near Threatened, NT: R.* Один из десяти видов рода в авифауне Кыргызской Республики, обитает подвид *Accipiter badius cenchroides* (Severtzov, 1873).

**Распространение общее и в стране.** Средняя и Южная Азия от Аральского моря, долины Сумбара, Талыша и Фарса к востоку до Гуанси и восточного побережья Индокитайского полуострова. К северу до долины Сырдарьи, Каратала, Или, Балхаша, южного склона Гималаев, Юньнани, Гуанси. К югу до Северного Йемена, Фарса, Пакистана, включая Индию и Бангладеш, восточнее к югу до океанического побережья Южной Азии и далее включая Мьянму. Африка к югу от Сахары, юго-западная часть Аравии. Острова: Шри-Ланка, Никобарские, Хайнань [7, 15, 19, 20, 43]. В Кыргызской Республике, по всей вероятности, спорадично гнездится в Приферганье, предпочитая окультуренные ландшафтные урочища, редок на пролете и на гнездовье в северной части, высоко в горы не поднимается [2, 7, 41]. Найден на гнездовании в Чуйской долине [95].

**Места обитания.** Равнинные, низко- и среднегорные ландшафтные урочища, слегка облесенные; саванны с лесными склонами, часто в культурной зоне [2, 15].

**Численность.** Современные данные по численности отсутствуют. До 1930 г. Д.П. Дементьев получал серию шкурок тювиков, добытых в летнее время в окрестностях г. Ош [2].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Самка крупнее самца. Излюбленное место охоты – группа высоких деревьев в соседстве с поселениями и сельхозугодьями. Выглядывая из листвы, пикирует вниз прежде, чем жертва замечает опасность. Охотится за ящерицами, мелкими грызунами и птицами, выкармливая птенцов, может таскать цыплят из подворий. Строит гнезда в кронах деревьев, яиц – от 3 до 4, бледно-голубые, иногда с серыми крапинами. Самец и самка одинаково заботятся о потомстве, но насиживает яйца, по-видимому, только самка [19].

**Лимитирующие факторы.** Усиливающаяся хозяйственная нагрузка на пригодные для гнездования местообитания, вырубка деревьев в зимнее время, нелегальный отлов и отстрел.

**Разведение (содержание в неволе).** В Кыргызской Республике в неволе не содержится. Возможно, имеются случаи использования тювиков в качестве ловчих птиц в местах их обитания местными жителями.

**Меры охраны существующие.** Специальных мер по защите тювика не предпринимались.

**Меры охраны рекомендуемые.** Места гнездования данного вида в культурных ландшафтах необходимо защищать от нелегальных вырубок в зимнее время, продумать систему компенсаций фермерам за нанесенный ущерб поголовью цыплят в гнездовое время. Следует выявить места гнездования в Ферганской долине, нанести на карту выявленные гнезда, провести мониторинг ежегодной динамики численности данного вида.

# Shikra

## *Accipiter badius* (J.F. Gmelin, 1788), ssp. *cenchroides* (Severtzov, 1873)

Status: *VI category, Near Threatened, NT: R.* Most probably nests sporadically in Fergana Valley in the plains and lowlands, prefers cultivated landscape. Very rare during migrating and nesting period in the north of the country. No data on numbers available. In 30-s Dr. Dementiev D.P. received series of Shikra’s skins obtained in summer time in Fergana Valley. Likes groves of large trees in the neighborhood of villages and cultivation. Hunts after lizards, nice, birds. Can be chicken lifter from the farms. Nest is untidy loose platform of twigs in the tree. Lays 3-4 eggs. Both sexes share domestic duties. Limiting factors are increased human impact on suitable habitats, felling trees in winter, illegal captivity and game shooting. Probably, Shikra is used for hunting purposes in the south. No special conservation measures are undertaken so far. It is recommended to prohibit felling suitable for nesting trees in winter time, think about compensation mechanisms to farmers, whose poultry farm is affected by Shikra, map found nests.

# Чаар бүркүт

## *Aquila clanga* Pallas, 1811





**Шумкар сымалдар – Falconiformes – Соколообразные**
**Карчыгалар – Accipitridae – Ястребиные**

**Статусу:** *VI категория. Near Threatened, NT.* Кыргыз Республикасынын фаунасында уруунун төрт өкүлүнүн бири. Монотиптүү түр.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Евразияда түштүк Финляндиядан, Польшадан, Румыниядан, мурунку Югославия Республикаларынан чыгышты карай Приморьеге жана Түндүк-Чыгыш Кытайга чейин. Россия Федерациясынын европалык бөлүгүндө түндүктү көздөй 64-параллелге чейин, Обь өрөөнүндө 62-параллелге, Енисей өрөөнүндө 63-параллелге чейин, Байкал башында 54-параллелге, Байкал тышында 53-параллелге, Амур өрөөнүндө жана, болжол менен, Приморьеде 49-параллелге чейин. Түштүктө Македонияга, Добруджиге, Украинада болжол менен 50-параллелге, Волга өрөөнүндө 53-параллелге, Батыш Сибирде жана Түндүк Казакстанда 52-параллелге чейин, Түштүк-Батыш Алтайга, Кентейге, Хебей провинциясынын түндүк бөлүгүнө чейин. Түндүк Индияда, Пакистанда, Непалда, Бангладеште жана Мьянмада отурукташкан канаттуу болуп эсептелет [7, 19]. Кыргыз Республикасында көбүнчө Чүй өрөөнүндө, кээде Ысыккөл ойдуңунда учуп өтүүдө кездешет. Мурда Кыргыз жана Алай тоо кыркаларында уялагандыгы жөнүндө маалымат бар [2, 31].

**Жашаган аймактары.** Түздүктөрдү, жапыз жана орто тоолуу ландшафттарды артыксынтат, сууга жакын жашайт.

**Саны.** Чаар бүркүттүн саны боюнча маалымат абдан аз. Ысыккөлдүн чыгышындагы карагай токойлорунда чаар бүркүттүн саны бир квадраттык километрде 0,007 канаттууну түзөт [31]. 2005-жылдын ноябрында А. Остащенко Жаңыжер айылынын тегерегинде Чүй дарыясынын жээгинде бир чаар бүркүттү байкаган.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Миграциялаган түр. Суу канаттуулары, майда таранчы сымалдар, бакалар менен азыктанат, көпчүлүк учурда өзүнөн кичирээк жырткычтардын азыгын тартып алат. Бактын башында отуруп шаңшыйт. Апрелден баштап уялайт. Бактын башына бутактардан жана чырпыктардан жасалган, чоң уя салат. Уясынын ортосундагы ойдуңду жалбырактар менен төшөйт. 1-2 ак түстөгү, кээде кызгылт темгилдүү жумуртка басат.

**Чектөөчү факторлор.** Уялоо үчүн ылайыктуу жерлердин азаюусу. Кээде – киши тарабынан кырылуусу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Кыргыз Республикасында колдо багылбайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Республикада атайын коргоо чаралары жок. Түр IUCNдин Кызыл Китебине 6-категориясына Near Threatened киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Уялоо үчүн ылайыктуу жерлерди коргоо, суу боюндагы токойлордо бак кыюуга тыюу салуу керек.

# Большой подорлик

## *Aquila clanga* Pallas, 1811

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT.* Один из 4 представителей рода в фауне Кыргызской Республики. Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** Евразия от южной Финляндии, Польши, Румынии, республик бывшей Югославии, к востоку до Приморья и северо-восточного Китая. В европейской части Российской Федерации к северу до 64-й параллели, в долине Оби до 62-й параллели, в долине Енисея – до 63-й параллели, в Предбайкалье – до 54-й параллели, в Забайкалье – до 53-й параллели, в долине Амура и предположительно в Приморье – до 49-й параллели. К югу до Македонии, Добруджи, на Украине примерно до 50-й параллели, в долине Волги до 53-й параллели, в Западной Сибири и Северном Казахстане до 52-параллели, до юго-западного Алтая, Кентея, северной части провинции Хэбэй. Является оседлой птицей в Северной Индии, Пакистане, Непале, Бангладеш и Мьянме [7, 19]. В Кыргызской Республике встречается на пролете преимущественно в Чуйской долине, реже в Иссыккульской котловине. Имеются сведения о его гнездовании в прошлом на Киргизском и Алайском хребтах [2, 31].

**Места обитания.** Предпочитает равнинные и низко- и среднегорные ландшафты, придерживаясь околоводных стаций.

**Численность.** Сведения по численности больших подорликов весьма скудны. В Восточном Прииссыккулье численность подорлика в еловых лесах составляет 0,007 ос./кв.км [31]. В ноябре 2005 г. А. Остащенко наблюдал одну птицу в прибрежных зарослях реки Чу, в окрестностях с. Джанги-Джер.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Мигрирующий вид. Кормится преимущественно водоплавающими птицами, мелкими воробьиными, лягушками, очень часто забирает добычу у более мелких хищных птиц. Часто издает резкий клекот, сидя на вершине дерева. Гнездится весной, начиная с апреля, строит возле макушки деревьев массивное гнездо из веток и прутьев, с центральным углублением, выстланным листьями. Насиживает 1-2 белого цвета яйца, иногда в красноватую крапинку.

**Лимитирующие факторы.** Сокращение пригодной для гнездования среды. Реже – прямое истребление со стороны человека.

**Разведение (содержание в неволе).** В Кыргызской Республике в неволе не содержится.

**Меры охраны существующие.** Специальных мер охраны в республике нет. Вид занесен в Красную Книгу IUCN в 6 категорию Near Threatened.

**Меры охраны рекомендуемые.** Необходимо осуществлять охрану мест, пригодных для гнездовий, запретить вырубку прирусловых лесов.

# Spotted Eagle

## *Aquila clanga* Pallas, 1811

**Status:** *VI category, Near Threatened*. Migrating bird in Chu valley, rarer in Issyk-Kul oblast. There is old information about breeding of the species in Kyrgyz and Alai Mountainous Ridges. Prefers plain, law- and midlands, next to well-watered areas. The information about numbers is scarce. It is extremely rare in spruce forests of eastern part of Issyk-Kul oblast (0.007 individuals per km$^2$). One bird was seen in November 2005 in floodplain forests of Chu River. Hunts after waterfowl, passerines, frogs, often pirating food from other birds of prey. Nest is massive platform of sticks and twigs built near the top of tree. Lays 1-2 eggs. Limiting factors are reduction of suitable habitats, rarer – direct destruction by humans. No evidence of holding it in captivity in Kyrgyzstan. Special conservation measures were not undertaken in the country. It is recommended to protect suitable for nesting habitats, prohibit felling trees in floodplains of the rivers and lakes.



# Кара куш

***Aquila nipalensis* Hodgson, 1833**



**Шумкар сымалдар – Falconiformes – Соколообразные**
**Карчыгалар – Accipitridae – Ястребиные**

**Статусу:** *VI категория, Near Threatened, NT: R***.** Сейрек кездешүүчү түр. Кыргызстандын фаунасында бир уруунун төрт түрүнүн бирөө. *A.n.orientalis* Cabanis, 1854 түрчөсү кездешүүдө.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Кургак боздоңдор жана Евразиянын түндүк чөлдөрү, Дунай дарыясынын ылдыйкы агымынан тартып Байкал жана Сары деңиздин жээктерине чейин, түштүктү карай түндүк-батыш, чыгыш жана Түштүк Африканы көздөй, Орто жана Борбордук Азиянын чөлдөрүндө [68]. Кыргызстанда учуп келген мезгилде гана учурайт [62].

**Жашаган аймактары.** Тоо этектериндеги ачык жерлер [62].

**Саны.** Чүй өрөөнүндө келгин мезгилде гана кездешет [62]. 1995-жылы Жарлыкайынды капчыгай этегинде 11 особу, ал эми 2001-жылы Виноградный айылынын айланасында 2 особу катталган.

**Чектөөчү факторлор.** Түздөн-түз кыруу, уяларын талкалоо, ЛЭП зымдарына урунуп өлүшү.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Келгин куш. Уясын жерге, чоң эмес бадалдардын арасына, жарларга салат. Азыгынын негизин орто өлчөмдөгү кемирүүчүлөр түзөт [66].

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргызстандын территориясында мамлекеттик коргоого алынган жаныбарлардын тизмесине 1975-жылы киргизилген. «Жапайы фаунанын жана флоранын жоголуп бара жаткан түрлөрдү соода-сатык боюнча эларалык конвенциясынын» 1-тиркемесине киргизилген [3].

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Браконьерлер менен күрөшүү. Массалык-маалымат каражаттары аркылуу эл арасына түрдү коргоо боюнча пропаганда жүргүзүү. Уялоочу жерлерин мүмкүн болушунча таап коргоо, ӨКЖА түзүү.

# Степной орел

## *Aquila nipalensis* Hodgson, 1833

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT: R..* Один из четырех видов рода в фауне Кыргызстана. Обитает подвид *Aquila nipalensis orientalis*[1] Cabanis, 1854.

**Распространение общее и в стране.** Сухие степи и северные пустыни Евразии от низовьев р. Дунай до Забайкалья и берегов Желтого Моря, на юг проникает до Сев.-Зап., Восточной и Южной Африки, пустынь Средней и Центральной Азии [68]. В Кыргызстане встречается только на пролете [62].

**Места обитания.** Открытые пространства предгорий [62].

**Численность.** В Чуйской долине встречается на пролете [62]. В 1995 году по предгорьям ущ. Жарды-Каинды было зафиксировано 11 особей, 2001 г. в окрестностях с. Виноградное зарегистрировано 2 особи.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Пролетная птица. Гнезда устраивает на земле, небольших кустах и скалах. Основу питания составляют грызуны средних размеров [66].

**Лимитирующие факторы.** Прямое уничтожение, разорение гнезд, гибель на проводах и опорах ЛЭП.

**Разведение (содержание в неволе).** Сведений нет.

**Меры охраны существующие.** Редкий вид. Включен в Красную книгу СССР [39]. Занесен в 1975 г. в Список животных, подлежащих государственной охране на территории Кыргызстана. Включен в приложение 1 “Конвенции о международной торговле видами дикой фауны и флоры, находящимися под угрозой исчезновения” [3].

**Меры охраны рекомендуемые.** Борьба с браконьерством. Пропаганда охраны вида средствами массовой информации среди населения. Выявить возможные места гнездовий, создать ООПТ.

[1] Степанян Л.С. [7] сводит этот вид к подвиду *Aquila rapax* (Temminck, 1828) [93].

# Steppe Eagle

## *Aquila nipalensis* Hodgson, 1833, ssp. *orientalis* Cabanis, 1854

**Status:** *VI category, Near Threatened, NT: R.* Migrating bird in lowlands of Chu valley. No systematic data on numbers available. Eleven Eagles were seen in Jardy-Kaindy gorge in 1995, 2 – close to Vinogradnoe Village in 2001. Builds nest on ground under bushes and rocks. Uses for food rodents. Limiting factors are illegal game hunting, nest destruction, death at electricity wires and poles. No data on captivity available. Included into USSR Red Book of 1984. It is recommended to fight with illegal poachers, increase pubic awareness.



# Кара шакылдак

*Aquila heliaca* Savigny, 1809



**Шумкар сымалдар – Falconiformes – Соколообразные**
**Карчыгалар – Accipitridae – Ястребиные**

**Статусу:** *V категория, Vulnerable, VU, C1.* Монотиптүү түр. Саны азайып бара жаткан сейрек кездешчү түр. Кыргызстандын фаунасынын бир уруунун 4 түрдүн бири.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Молдавиянын токойлуу талаадан тартып чыгыш Байкалга чейин, Мароккодо, Евразияда. Кыргызстанда негизинен Чүй өрөөнү боюнча жана Ысыккөлдүн аймагында дайыма учурайт [66].

**Саны.** Кыргызстан боюнча маалымат жок. 1997-жылы Бишкек шаарынын четиндеги тоо этектеринде келгин мезгилинде бир гана куш катталган.

**Жашаган аймактары.** Деңиз деңгээлинен 2000 м бийиктиктен өйдө көтөрүлбөйт, адатта өсүмдүктөргө бай тоо этектерине көчүшөт.

**Чектөөчү факторлор.** Азык-зат базасынын азайышы. Уяларынан балапандарын алып жок кылуу. ЛЭП зымдарына урунуп, өлүмгө дуушар болушу.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Келгин куш. Жазында мартта учуп келет, сентябрда кайрадан учуп кетет. Уясында 1-3 жумуртка, аны 43 күндө басып чыгарат. Көбүнчө майда кемирүүчүлөр менен азыктанат.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Көбөйү мезгили белгисиз.

**Коргоо үчүн колдонгон чаралар.** СССРдин Кызыл китебине киргизилген [39]. 1975-жылы Кыргызстандын территориясына кирүүчү мамлекеттик коргоого алынган жаныбарлардын тизмесине киргизилген, «Жапайы фаунанын жана флоранын жоголуп бара жаткан түрлөрдү соода-сатык кылуу боюнча эларалык конвенциясына» киргизилген [3].

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Браконьерлер менен күрөш жүргүзүү. Уяларын таап, аларды коргоо. Колго багып көбөйтүүнүн ыкмаларын иштеп чыгуу. Республиканын территориясында уялоочу жерлерин таап жана анын санын аныктоо. Санын чектөөчү факторлорду аныктап табуу.

# Могильник

## *Aquila heliaca* Savigny, 1809

**Статус:** *V категория, Vulnerable, VU, C1.* Редкий вид, численность которого сокращается. Один из четырех видов рода в фауне Кыргызстана. Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** Лесостепная полоса от Молдавии до вост. Забайкалья. Марокко, Евразия. В Кыргызстане встречается в основном по Чуйской долине и в Приссыккулье [66], более часто- на юге страны.

**Места обитания.** Предпочитает держаться предгорных районах высоко в горы не поднимается до 2000 м. н. у. м. Придерживается участков с древесной растительностью [66].

**Численность.** По Кыргызстану сведений нет. В 1997 г. по предгорьям г. Бишкек зафиксирована одна птица на пролете, отмечен на зимовке возле Токтогульского водохранилища.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Перелетная птица. Весной прилетает в марте, отлет начинается в сентябре. Кладка состоит из 1-3 яиц, насиживание длится 43 дня. Питается преимущественно грызунами средней величины.

**Лимитирующие факторы.** Сокращение кормовой базы. Разорение гнезд путем изымания птенцов. Гибель на опорах ЛЭП.

**Разведение (содержание в неволе).** Случаи разведения не известны.

**Меры охраны существующие.** Занесен в Красную книгу СССР [39]. Занесен в 1975 г. в Список животных, подлежащих государственной охране на территории Кыргызстана. Включен в “Конвенцию о международной торговле видами дикой фауны и флоры, находящимися под угрозой исчезновения” [3].

**Меры охраны рекомендуемые.** Борьба с браконьерством. Разработка методов разведения в неволе. Выявить факторы, лимитирующие численность.

# Eastern Imperial Eagle

## *Aquila heliaca* Savigny, 1809

**Status:** *V category, Vulnerable, VU, C1.* Monotypic species. Rare migrating and nesting bird in lowlands of Chu Valley and Issyk-Kul Region. Systematic data on numbers are not available. One bird was observed in uplands near Bishkek in 1997. Arrives in March, departs in September, occasionally winters. Lays 1-3 eggs, incubates for 43 days. Uses rodents for food. Limiting factors: illegal removal of chicks by smugglers, death at electrical poles. No data on holding Eagles in captivity. Included into USSR Red Book. It is recommended to fight with poachers and smugglers, identify and protect nesting sites, develop techniques on breeding in captivity.



# Бүркүт

*Aquila chrysaetos* (Linnaeus, 1758)



Шумкар сымалдар – Falconiformes – Соколообразные
Карчыгалар – Accipitridae – Ястребиные

**Статусу:** *VI category, Near Threatened, NT: R.*. Кыргызстандын фаунасында бир уруунун төрт түрдүн бири. *A.c.daphanea* Severtzov, 1873 түрчөсү кездешүүдө.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Евразияда, Түндүк Америкада, Түндүк-Батыш Африкада кеңири таралган [69]. Кыргызстандын бардык тоо кыркаларында кеңири таралган [4].

**Саны.** Маалымат жок. Кыргыз тоо кыркаларынын түндүк бетинде 5 капчыгайда 1996-жылы октябрда экспедиция учурунда 11 бүркүт катталган. 1999-жылы март-апрелде Тескей Ала-Тоосунда 15 бүркүт катталган. 2001-жылы Бешарал коругунда 3 особь табылган.

**Жашаган аймактары.** Токойлуу тоонун аскалары, субальпы жана альпы зоналары [2].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Отурукташкан куш. Жумурткасын март-апрелде тууйт. Уясына 1-2 жумуртка тууп, аны 40-45 суткада басып чыгарат. Балапандары уясында 75 суткага чейин болушат. Негизги азыгы – суур, улар жана коендор.

**Чектөөчү факторлор.** Түздөн-түз кыруу, капканга түшүшү, бүркүтчүлөр уялардан балапандарын алышы, тынчын алуучу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** СССРдин Кызыл китебине [39] киргизилген.«Жапайы фрунанын жана флоранын жоголуп бара жаткан түрлөрдү соода-сатык кылуу боюнча эларалык конвенциясынын» 2-тиркемесине киргизилген. Коруктардын, заказниктердин жана мамлекеттик жаратылыш парктардын территорияларында коргоого алынган [3].

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Уя салуучу жерлерди коргоону күчөтүү. Эл арасына аны коргоого алыш үчүн жумуштарды жасоо боюнча түшүнүк жүргүзүү. Мергенчи-бүркүтчүлөргө бүркүттөрдү кармап багуу боюнча эрежесин регламенттештирүү. Уялоонун кадастрын түзүү. Чектөөчү факторлорду изилдөө.

# Беркут

## *Aquila chrysaetos* (Linnaeus, 1758)

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT: R.* Один из четырех видов рода в фауне страны. В Кыргызстане обитает подвид *Aquila chrysaetos daphanea* Severtzov, 1873.

**Распространение общее и в стране.** Широко распространена в Евразии, Сев. Америке, Сев.-Зап. Африке [69]. В Кыргызстане широко распространен по всем горным системам [4].

**Места обитания.** Скалы, расположенные в лесном поясе гор, в субальпийской и альпийской зонах [2].

**Численность.** Достоверных сведений нет. Численность относительно невелика, еще недавно она быстро сокращалась. В результате экспедиционных работ в октября 1996 года удалось зарегистрировать 11 беркутов в 5 ущельях по северному макросклону Киргизского хребта. В 1999 году по Тескей Ала-Тоо в марте-апреле зарегистрировано 15 беркутов. В 2001 году зарегистрировано 3 особи в Бешаральском заповеднике.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Оседлая птица. Откладка яиц в марте-апреле. В кладке 1-2 яйца. Насиживание длится 40-45 суток. Птенцы находятся в гнезде 75 суток.Основной объект питания-сурок, а также улары, зайцы.

**Лимитирующие факторы.** Прямое уничтожение, гибель в капканах у привад. Изъятие птенцов из гнезд охотниками-беркутчи, фактор беспокойства.

**Разведение (содержание в неволе).** Сведений нет.

**Меры охраны существующие.** Занесен в Красную книгу СССР [39]. Включен в приложение 2 “Конвенции о международной торговле видами дикой фауны и флоры, находящимися под угрозой исчезновения”. Охраняется на территории заповедников, заказников и государственных природных парков [3].

**Меры охраны рекомендуемые.** Усиление охраны мест гнездовий. Разъяснительная работа среди населения о необходимости охраны. Регламентация правил преобретения и содержания беркутов охотниками-беркутчи. Составление кадастра гнездовий. Изучение лимитирующих факторов.

# Golden Eagle

## *Aquila chrysaetos* (Linnaeus, 1758), ssp. *daphanea* Severtzov, 1873

**Status:** *VI category, Near Threatened, NT: R.* Resident bird, occurs throughout Kyrgyzstan mountains. Prefers rocky sites in forest, subalpine and alpine belts. No systematic data on numbers are available. Eleven Golden Eagles were seen in Kyrgyz Mountainous Ridge, 15 birds in Issyk-Kul oblast in 1999, 3 birds – in Besh-Aral zapovednik (protected area). Lays 1-2 eggs in March-April, incubates those for 40-45 days, juveniles leave nests in 75 days. Removal juveniles from nests by local hunters for hunting purposes, death in traps, direct killing are major limiting factors. No breeding in captivity is known. Included into USSR Red Book of 1984, Kyrgyz Red Book of 1985. It is proposed to strengthen Gooden Eagle nests protection efforts, conduct public education campaigns, and develop policy and rules for local traditional Eagle hunters, map nest sites.



# Сымал бүркүтү

## *Hieraaetus fasciatus* (Vieillot, 1822)



**Шумкар сымалдар – Falconiformes – Соколообразные**
**Карчыгалар – Accipitridae – Ястребиные**

**Статусу**: *VI category, Near Threatened, NT: R.* Кыргыз Республиканын авифаунасындагы туйгундар тукумунун эки түрүнүн бири.Номинативдүү түрчөсү*Hieraaetus fasciatus fasciatus* (Vieillot, 1822).

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Африкада Сахаранын кумдуу мейкиндигин жана экватордук нымдуу токой аймактарын албаганда, Евразиядагы Пиреней жарым аралынан чыгышты карай, Кытайдын чыгышына чейин. Түндүк жагы түштүк Францияга, түштүк Италияга, Грецияга, Кичи Азияга, түндүк Иракка, түндүк Иранга, Копетдагга, Наратау, Фергана (Каратау) тоо кыркалары, Сырдарыянын Келес суусу куйган жеринде, Гималайдын түштүк беттеринде, түндүк Бирмада, Янцзы өрөөнүндө. Түштүк жагы Жер Ортолук деңизинин жээктерине чейин, Палестина, Кызыл деңиздин жээктери (Аравиянын аймагында бирин-серин, чачыранды), Түштүк Иран, Түштүк Пакистан, Индия, Борбордук Бирма, түштүк жагы Түштүк-Чыгыш Кытайга чейин. Аралдар: Балеар, Сардиния, Сицилия, Крит, Кипр, болжол менен Корсика, кичине Зонд аймактарында таралган [2, 7, 19, 20, 43, 70]. Алай системасы номинативдүү түрчөнүн ареалына киргендиктен, Кыргыз Республикасынын түштүгүндө чачыранды уялашы ыктымал [7].

**Жашаган аймактары.** Жапыз жана орто тоолордун жыгач өсүмдүктүү жана аскалуу жерлери. Бийик тоолордон качат, кышкысын түзгө түшүшөт.

**Саны.** Саны боюнча маалымат жок. Ош областынын Шахимардан дарыясынын капчыгайынан бирөө кармалганы белгилүү [2].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Калыбы чачыранды уялоочу жырткыч, ареалынын түштүгүндө туруктуу отуруктанкан. Көлөмү айры куйруктан бир аз чоң. Бардык жерде сейрек кездешет. Өтө күчтүү, кыймылдуу жана тайманбаган жырткыч куш. Көлөмү жагынан өзүнөн чоң сүт эмүүчүлөргө жана канаттууларга, көпчүлүк учурда уядагы шериги менен бирдикте, буктурмага алуу же аңдуу жолу менен аңчылык кылат. Тамак катары ири канаттууларды жана анча чоң эмес сүт эмүүчүлөр талаа коёндорун, суурларды жакшы көрөт. Каз, илек-илек сыяктуу ири канаттууларга да кол салышы мүмкүн, ошондой болсо да эчкимерди бөлөктөрдөн артык көрөт. Дарактардын уч жагынан жана аскалардын бери чыгып турган жерлерине, бутактардан, чырпыктардан көлөмдүү чоң уя салышат. Жумурткасы негизинен экөө, ак түстүү, сүйрү. Ургаачысы жана эркеги тукуму үчүн бирдей кам көрүшөт [19, 20].

**Чектөөчү факторлор.** Уя салууга жарактуу жерлерине чарбачылык жактан күчөтүлгөн басымдын жасалышы, уруксатсыз жашыруун атуу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Кыргыз Республикасында колдо багылган эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Мурда коргоо чаралары жүргүзүлгөн эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Түрдүн уя салуучу жерлерин активдүү чарбалык пайдалануудан чыгарып, ал жерлерге коргоолуучу аймак деген статусту берүү зарыл.

## Ястребиный орел

### *Hieraaetus fasciatus* (Vieillot, 1822)

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT: R.*. Один из двух видов рода в авифауне Кыргызской Республики, обитает номинативный подвид *Hieraaetus fasciatus fasciatus* (Vieillot, 1822).

**Распространение общее и в стране.** Африка, исключая песчаные пространства Сахары и области влажных экваториальных лесов. Евразия от Пиренейского полуострова к востоку до восточного Китая. К северу до южной Франции, южной Италии, Греции, малой Азии, северного Ирака, северного Ирана, Копетдага, хребта Нуратау, Ферганы (Каратау), на Сырдарье в устье Келеса, южного склона Гималаев, северной Бирмы, долины Янцзы. К югу до побережья Средиземного моря, Палестины, вдоль побережья Красного Моря (спорадичен на территории Аравии), южного Ирана, южного Пакистана, Индии, центральной Бирмы, южной части юго-восточного Китая. Острова: Балеарские, Сардиния, Сицилия, Крит, Кипр, предположительно Корсика, малые Зондские [2, 7, 19, 20, 43, 70]. В Кыргызской Республике, по всей вероятности, спорадично гнездится на юге, так как Алайская система входит в ареал номинативного подвида [7].

**Места обитания.** Низко- и среднегорные ландшафтные урочища с древесной растительностью и скальными выходами. Избегает высокогорий, зимой спускается на равнины.

**Численность.** Данные по численности отсутствуют. Известен один экземпляр, добытый в ущелье р. Шахимардан в Ошской области [2].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Очевидно, спорадично гнездящийся хищник, оседлый на юге ареала. Повсеместно очень редок. Очень сильный, смелый и активный хищник, охотящийся за млекопитающими и птицами, которые превышают его по размеру, либо с засады, либо активным преследованием, часто – в дуэте с гнездовым партнёром. Кормовые предпочтения – крупные птицы и небольшие млекопитающие, такие как зайцы-толаи, сурки. Может охотится на таких крупных птиц как аисты и гуси, отдает предпочтение врановым. Строит массивное гнездо из веток на вершине деревьев или на скальных выступах, яиц обычно два, овальные и белые. Самец и самка одинаково заботятся о потомстве [19, 20].

**Лимитирующие факторы.** Усиливающаяся хозяйственная нагрузка на пригодные для гнездования местообитания, нелегальный отстрел.

**Разведение (содержание в неволе).** В Кыргызской Республике в неволе не содержится.

**Меры охраны существующие.** Меры ранее не предпринимались.

**Меры охраны рекомендуемые.** Места гнездования данного вида необходимо вывести из активного землепользования и придать им статус охраняемых территорий. Следует уточнить статус пребывания данного вида в пределах страны, нанести на карту выявленные гнезда, провести мониторинг ежегодной динамики численности данного вида.

## Bonelli's Eagle

### *Hieraaetus fasciatus* (Vieillot, 1822), ssp. *fasciatus* (Vieillot, 1822)

**Status:** *VI category, Near Threatened, NT: R.* Probably, sporadically nests in Alai Mountain System. Prefers forestry low- and midlands with rocks. Avoids highlands, visits plains in winter. No data on numbers is available. One specimen was collected in Shakhimardan River Gorge. Resident bird, very powerful and bold, hunts after mammals and birds, which are larger then itself in size. Rarely heard, builds massive stick platform on trees or cliff ledges. Lays normally 2 eggs, both sexes share domestic duties. Limiting factors are increasing anthropogenic pressure on suitable for nesting habitats, illegal game hunting. No information on captivity holding is available. So far, no measures on conservation of the species are observed. It is recommended to identify nesting sites, exclude it from cultivating business and establish protected areas. It is necessary to map those nests and conduct annual monitoring of Bonelli's Eagle numbers.

# Кидик бүркүт

## *Hieraaetus pennatus* (J.F. Gmelin, 1788)





**Шумкар сымалдар – Falconiformes – Соколообразные**
**Карчыгалар – Accipitridae – Ястребиные**

**Статусу:** *VI категория, Near Threatened, NT: R.* Аз изилделген куш. Монотиптүү түр [47]. Кыргызстандын фаунасында бир уруунун жалгыз өкүлү.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Европанын түштүгүндө, Африкада, Орто жана Түштүк Азияда, Жаңы Гвинея жана Австралияда, республиканын токойлуу тоолорунда кездешет.

**Жашаган аймактары.** Ар кандай типтеги токойлордо, көбүнчө жалбырактуу, ийне жалбырактуу токойлордо сейрек кездешет.

**Саны.** Кыргызстандын шарттарында саны такталган эмес. Ар кандай жактарда анын саны көп эмес. Акыркы үч жылдын ичинде 2 особь 2001, 2002 жж. кездешкен [62].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Көчмөн куш. Республиканын территориясына апрелде келет. Уяларын көбүнчө жалбырактуу, чанда гана ийне жалбырактуу дарактарга салат. Уясында 1-2 жумуртка болот. Куштар менен, чанда гана майда кемирүүчүлөр жана сойлоп жүрүүчүлөр менен тамактанат.

**Чектөөчү факторлор.** Түздөн-түз кыруу, уяларын талкалоо.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Коргоо үчүн атайын чаралар колдонулган эмес, бирок республика боюнча аны кармоого тыюу салынган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Коруктардын территорияларында коргоону уюштуруу. Уялоочу жерлерге ӨКЖА уюштуруу. Чектөөчү факторлорду аныктоо, түрдүн биологиясын толугу менен изилдөө.

# Орел-карлик

## *Hieraaetus pennatus* (J.F. Gmelin, 1788)

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT: R.* Монотипичный вид [47]. Редкая малоизученная птица. Один из двух представителей рода в фауне Кыргызстана.

**Распространение общее и в стране.** Обитает на юге Европы, в Африке, Средней и Южной Азии, Новой Гвинее и Австралии. В Кыргызстане обитает в горных лесах республики.

**Места обитания.** Населяет леса разных типов: лиственные, реже хвойные.

**Численность.** В условиях Кыргызстана численность его не изучена. Повсеместно численность его не велика. В последние три года были зафиксированы встречи двух особей в 2001, 2002 гг. [62].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Перелетная птица. Появляется на территории республики в апреле. Гнезда устраивает преимущественно на лиственных деревьях, реже на – хвойных. В кладке 1-2 яйца. Питается преимущественно птицами, реже мелкими грызунами и рептилиями.

**Лимитирующие факторы.** Прямое уничтожение, разорение гнезд.

**Разведение (содержание в неволе).** Сведений нет.

**Меры охраны существующие.** Охраняется в ряде заповедников и национальных парков. Специальные меры по охране не принимались, но добыча по республике запрещена.

**Меры охраны рекомендуемые.** Организовать охрану на территориях заповедников. На местах гнездовий создать ООПТ. Детально изучить биологию вида с целью выявления лимитирующих факторов.

# Booted Eagle

## *Hieraaetus pennatus* (J.F. Gmelin, 1788)

**Status:** *VI category, Near Threatened, NT: R.* Monotypic species. Rare bird, scantily explored. Inhabits in mountainaous decidious and rarer – in coniferous forests. Numbers are not avaialble. For the last three years only 2 birds were recorded in 2001 and 2002. Breeding bird, arrives in April, lays 1-2 eggs. Uses for food birds, rarer – in rodents and lizards. Nest destruction and illegal game shooting are major limiting factors. There is no data on breeding in captivity. No special measures to protect the species were undertaken, but hunting after Booted Eagle is prohibited. It is recommended to establish protected areas around nesting sites.

# Чоң тоодак

***Otis tarda* Linnaeus, 1758**





**Турна сымалдар – Gruiformes – Журавлеобразные**
**Тоодактар – Otidae – Дрофиные**

**Статусу:** *III, Critically Engendered, CR: R, A1.* Номинативдуу түрчөсү кездешүүдө.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Африкада – түндүк Марокко, Евразияда –Пиреней жарым аралынын түштүк бөлүгү, Эльба бассейнинен, Австриядан, Словакиядан чыгышты көздөй түштүк Приморьеге чейин. Түндүккө карай түндүк Польшага, Гомель районуна, Чернигов областынын ортонку бөлүгүнө чейин, Брянск, Тула, Рязань, Пенза областтарынын түштүк бөлүктөрүнө, түштүк Башкирияга чейин, батыш Сибирде 55-параллелге чейин, Минусинск районуна, Барнаулга, Чыгыш Саяндын түштүк тоо этегине, Жогорку Ангаранын төмөнкү агымынын өрөөнүнө чейин, түндүк-чыгышка карай 54-параллелге чейин, төмөнкү Зея өрөөнүнө, Ханкай ойдуңуна чейин. Түштүктөн Жер Ортолук деңиздин жээгине чейин, түштүк Азербайжанга, түндүк Иранга чейин. Каспий деңизинен чыгышыраак түштүккө карай Урал тоо этегине, Эльбанын орто агымына, Тургай жана Иргиздин тоо этектерине чейин, чыгыш Казакстанда 47-параллелге чейин. Тяньшань аркылуу түштүктөн Гоби чөлүнүн түндүгүнө чейин, Чоң Хингандын түштүк-батыш тоо этегине чейин, Хэйлуньцзяндын түндүк-чыгыш провинциясына, түштүк Приморьеге чейин. Индияда жана Пакистанда – отурукташкан түр [7, 15, 19]. Кыргыз Республикасында Чүй жана Ысыккөл өрөөндөрүндө, Ички Тяньшандын бийик тоолуу сырт зоналарында жана Өзгөндүн тегерегинде кездешчү [2].

**Жашаган аймактары.** Бир аз бадалдуу жарым чөлдүү жана талаалуу ачык жерлерди артыксынтат.

**Саны.** Азыркы учурдагы саны боюнча так маалымат жок. Ошону менен бирге, тоодак бардык жерде өтө сейрек кездешери анык. Мисалы, Түндүк Кыргызстан боюнча көп жылдык байкоо жүргүзүүлөрдө тоодак бир дагы жолу кездешкен эмес, Кыргызстандын жалпы территориясы боюнча 44 аймакта канаттуулардын санын иликтөө үчүн өткөрүлгөн байкоо жүргүзүүлөрдө тоодактын күз мезгилинде бул аймактарда болуусу катталган жок. Нарын областындагы жана Ысыккөл ойдуңундагы изилдөөлөр да тоодактын бул жерлерде кыштоосун аныктаган жок [16, 18, 31, 56, 71, 72].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Адатта кичине 3-4 канаттуудан турган топ менен жашашат. Кээде, өзгөчө кышында жана учуп өтүүлөрдө чоң топторго (25-30 канаттуу) чогулушат. Абдан жакшы чуркайт, оор көтөрүлөт, бирок абада болгон соң, кубаттуу учат. Азык тандабайт, бирок дан жана башка эгиндерди артыксынтат, ошондой эле коңуздар, кескелдириктер ж.б. менен азыктанат. Тоодак – полигамдуу канаттуу, эркеги бир нече ургаачыга көңүл бурат. Ургаачылар кара-күрөң темгилдүү, күрөңүрөөк бир, кээде эки жумуртка тууйт. Жумуртканы ургаачылары гана басып чыгарат.

**Чектөөчү факторлор.** Мыйзамсыз атуу, уяларын бузуу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Так маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Атайын коргоо чаралары каралган эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Кичи заказниктерди түзүү аркылуу уялоо жана учуп өтүү жерлерин коргоо зарыл. Тоодактардын массалык учуп өтүү маалында кайсы дыйкандардын эгин талааларына зыян келтирерин аныктоо жана бул жоготууларды компенсациялоо үчүн механизмди иштеп чыгуу. Бардык жерде тоодакка аңчылык жасоого тыюу салуу. Тоодакка аңчылык кылгандар үчүн чоң айып санкцияларын киргизүү керек жана алынган каражаттарды жаратылышты коргоо иш-аракеттерине жумшоо зарыл. Республикада уялоо аймактарын аныктоо, табылган уяларды картага түшүрүү, бул түрдүн санынын ар бир жылдык динамикасына мониторинг жүргүзүү. Кыргызстандын шартында тоодактын тиричилик өзгөчөлүктөрүн изилдөө керек.

# Дрофа

## *Otis tarda* Linnaeus, 1758

**Статус:** *III, Critically Engendered, CR: R, A1.* В Кыргызстане обитает номинативный подвид *Otis tarda tarda* Linnaeus, 1758.

**Распространение общее и в стране.** В Африке – северное Марокко, в Евразии – южная часть Пиренейского полуострова и от бассейна Эльбы, Австрии, Словакии, к востоку до южного Приморья. К северу до северной Польши, средней части Черниговской области, южных частей Брянской, Тульской, Рязанской, Пензенской областей, южной Башкирии, в западной Сибири до 55 параллели, района Минусинска, Барнаула, Восточного Саяна, восточнее к северу до 54-й параллели, нижней Зеи, Ханкайской низменности. К югу до побережья Средиземного моря, Малой Азии, Азербайджана, Ирана. Восточнее Каспийского моря до низовьев Урала , низовьев Тургая и Иргиза, в восточном Казахстане до 47-й параллели. Через Тянь-Шань к югу до северной окраины пустыни Гоби, Большого Хингана, провинции Хэйлуньцзян, Приморья. В Индии и Пакистане – оседлый вид [7, 15, 19]. В Кыргызской Республике встречался в Чуйской и Иссыккульской долинах, высокогорной сыртовой зоне Внутреннего Тянь-Шаня, на юге в окрестностях Узгена [2].

**Места обитания.** Предпочитает открытые полупустынные и степные стации, с редкой кустарниковой растительностью, перемежающиеся с посевами.

**Численность.** Точных современных сведений по численности нет. Вместе с тем, можно констатировать, что повсеместно дрофа чрезвычайно редка, так например, при многолетних маршрутных учетах в северной части Кыргызстана, дрофа не была встречена ни разу, проведенные в 44 точках по всей территории Кыргызстана учеты численности птиц, также не выявили пребывание дроф в осенний период. Предпринятые учеты в зимний период в Иссыккульской котловине и Нарынской области также не выявили зимовку дрофы [16, 18, 31, 56, 71, 72].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Обычно держится в маленьких группах по 3-4 птицы, иногда, особенно зимой и на пролетах, собирается в группы до 25-30 голов. Очень хорошо бегает, тяжело взлетает, но взлетев, летит очень мощно, ритмично махая широкими крыльями. Всеядна, но отдает предпочтение растительной пище – зерновые и другие посевные, также в диету включаются жуки, ящерицы и др. Дрофа – полигамная птица, самец ухаживает за несколькими самками. Самки откладывают только одно, реже два оливково-коричневатых яйца, с темно-коричневыми крапинками. Яйца насиживают только самки.

**Лимитирующие факторы.** Распашка пригодных для гнездования стаций, разорение гнезд, браконьерство.

**Разведение (содержание в неволе).** Достоверных сведений не имеется.

**Меры охраны существующие.** Специальных мер охраны не предусматривалось

**Меры охраны рекомендуемые.** Необходимо осуществлять охрану мест гнездовий и пролета путем создания миниказаников. Выявить фермеров, чьи посевы страдают от посещения дроф и продумать механизмы компенсации потерь во время массового пролета. Необходимо повсеместно запретить отстрела, ввести крупные штрафные санкции за охоту на дроф. Следует нанести на карту выявленные гнезда, проводить мониторинг ежегодной динамики численности.

# Great Bustard

## *Otis tarda* Linnaeus, 1758, ssp. *tarda* Linnaeus, 1758

**Status:** *III category, Critically Endangered, CR: R, A1.* Inhabited steppe zones in Chu Valley, Issyk-Kul Region, highlands of Inner Tien Shan, in the south of the country – around Uzgen town. Prefers open semidesert and steppe biotopes with scarce shrubs and cultivated zones. No data on numbers available. It is extremely rare. Transect surveys of birds' populations in Kyrgyzstan for the past 2 decades did record a single bird seen or heard neither in breeding nor in winter seasons. Usually flocks consisting of 5-30 up to 300 birds were seen regularly both in migrating and winter seasons. Great Bustard is polygamy bird, male mates with several females, each of them lays 1 or sometimes 2 eggs, which are incubated only by females. Among limiting factors are ploughing up natural habitats suitable for nesting, nests destruction, illegal game shooting. There are no data on holding the bird in captivity. Special protection measures were not undertaken yet. It is recommended to protect existing semidesert and steppe zones from ploughing them up, identify those farmers, whose fields are subject for Great Bustard's negative impact and figure out possible mechanisms of compensations, if a crop loses are much too high. It is necessary to streamline commercial hunting after Great Bustards, introduce serious fines for illegal poaching.

# Жорго тоодак

***Chlamydotis undulata* (Jacquin, 1784)**





**Турна сымалдар – Gruiformes – Журавлеобразные**
**Тоодактар – Otidae – Дрофиные**

**Статусу:** *III категория, Critically endangered, CR: R, A1.* Кыргызстанда *Chlamydotis undulata macqueenii1* (J.E. Gray, 1832) кездешүүдө.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түндүк Африка түштүктү карай түндүк тропикке чейин, Синай жарым аралы, Уэнтевентура жана Лансароте аралдары. Евразияда Кичи Азиянын чыгыш бөлүгүнөн, Сириядан, Палестинадан чыгышты көздөй Ички Монголияга чейин. Казахстандын түштүк жарымында уялоодо жана учуп өтүүдө, түндүктөн Тайсуган кумдарына, Иргиздин ылдый жагына, Түндүк Прибалхашье жана Зайсан ойдуңуна чейин кездешет [7,43]. Белуджистанда уялайт, Пакистанда, Индиянын Раджастанында жана Гуджиратында кыштайт, Кашмирде жана Делинин тегерегинде кездешет [19]. Кыргызстанда көбүнчө Ысыккөл ойдуңунда кездешчү [2].

**Жашаган аймактары.** Такырдуу чөлдөр жана жарым чөлдөр, тоо кыркаларынын чөлгө айланган этектери, кээде күзүндө жана кышында дан өсүмдүктөрү өстүрүлгөн жерлерде кездешет.

**Саны.** Азыркы учурда жорго тоодактын саны кыскарды, эң эле сейрек кездешүүчү канаттуу. Негизинен Ысыккөл ойдуңунда жалгыз особдор кездешет. 1988-жылы жалгыз канаттуу коруктан тышкары Ысыккөл районунун Торуайгыр айылынын тегерегинде бир ай бою жашаган. Ушул эле жерде 1988-жылы Тору-Айгырда 5 жорго тоодак арпа эгилген талаада кездешкен. 1991-жылы жалгыз канаттуу ушул айылдын айланасында байкалган.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Ачык жерлерди артыксынтат, караңгы түнү жана түштө активдүү эмес, түндөсү айдын жарыгында азыктанат. Тынчсызданган маалда башын маскировкалайт, денесинин түсү чөйрө менен аралашып кетүүгө жардам берет. Тамак тандабайт, бирок өсүмдүктү артыксынтат, буудайдын башы, мөмөлөр менен азыктанат, бирок кумурскаларды, коңуздарды, чегирткелерди, кескелдириктерди жана чоң эмес жыландарды этибар калтырбайт. Үн чыгарбайт. Уясы - жөн гана болгон өсүмдүктүн алдындагы кум же шагылдагы чуңкур жер. Уясында 3-4 күрөң түстөгү темгилдүү жумуртка бар.

**Чектөөчү факторлор.** Антропогендик факторлордун таасиринин, анын ичинде жашоого ылайыктуу жерлерди айдоо, законсуз атуунун натыйжасында бул түрдүн саны кыскарууда. Жаратылышты коргоонун жана пропаганданын начардыгы.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Кыргызстанда изилденген эмес.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Чаралар колдонулган эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Бул түрдүн учуп өтүүдө жана уялоодо же кыштоодо иликтелген популяциялары сакталган райондордо заказниктерди түзүү. Мындай кыштоо жана уялоо жерлерди аныктоо. Түрдүн Кыргыз Республикасындагы жашоо аймагын жана таралышын тактап изилдөө.

# Дрофа-красотка

## *Chlamydotis undulata* (Jacquin, 1784)

**Статус:** *III категория, Critically Endangered, CR: R, A1.* В Кыргызстане обитает *Chlamydotis undulata macqueenii* (J.E. Gray, 1832).

**Распространение общее и в стране.** Северная Африка к югу до северного тропика, Синайский полуостров, острова Уэнтевентура и Лансароте. Евразия от восточной части Малой Азии, Сирии, Палестины к востоку до Внутренней Монголии. Гнездится и встречается на пролете в южной половине Казахстана, к северу до песков Тайсуган, низовьев Иргиза. Северного Прибалхашья и Зайсанской котловины [7, 43]. Гнездится в Белуджистане, зимует в Пакистане, Раджастане и Гуджирате Индии, встречается в Кашмире и окрестностях Дели [19]. В Кыргызстане встречались преимущественно в Иссыккульской котловине [2].

**Места обитания.** Такырные пустыни и полупустыни, опустыненные предгорья хребтов, изредка осенью и зимой встречаются на стерне, где были посевы зерновых культур.

**Численность.** В настоящее время численность дрофы-красотки сократилась, исключительно редкая птица. В основном встречаются одиночные особи в Иссыккульской котловине. В 1988 году одиночная птица держался долго в течении месяца вне заповедника в окрестности с. Тору-Айгыр Иссыккульского района. Тут же в 1988 году с. Тору-Айгыре на ячменном поле дрофа-красотка держалась в количестве 5 особей. В 1991 г. одиночная птица держалась в районе с. Тору-Айгыр на стерне.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Предпочитает открытые стации, не активен в темное ночное время и в полдень, предпочитает кормится ночью при луне. В случае беспокойства, маскирует голову, так как окрас туловища помогает слиться с окружающей обстановкой. Всеядна, однако предпочитает растительную пищу, пшеничные колосья, ягоды, но не игнорирует муравьев, жуков, кузнечиков, ящериц и небольших змей. Очень молчалива. Гнездо – простое углубление в песке или щебня под имеющейся растительностью. Яиц в гнезде 3-4, коричневатой окраски, с пестринками.

**Лимитирующие факторы.** Влияние антропогенного фактора приводит к сокращению численности этого вида, включая распашку пригодных для обитания стаций, незаконный отстрел. Низкая организация охраны природы и пропаганда.

**Разведение (содержание в неволе).** В Кыргызстане не изучено.

**Меры охраны существующие.** Не предпринимались.

**Меры охраны рекомендуемые.** Создать заказник в районах, где еще сохранились популяции данного вида, выявленных либо на пролете и гнездовье, либо на зимовке. Выявить такие места зимовки и гнездовья. Подробно изучить места обитания и распространения вида в Кыргызской Республике.

# Houbara Bustard

## *Chlamydotis undulata* (Jacquin, 1784), ssp. *macqueenii* (J.E. Gray, 1832)

**Status:** *III category, Critically Endangered, CR: R, A1.* Prefers deserts and semi-deserts of Issyk-Kul oblast during migration and winter time. Data on numbers are irregular and scarce. A single bird was recorded feeding for a month near Toru-Aigyr village in 1988; another group consisting of 5 birds was seen not far from that place in the agricultural fields. One Houbara Bustard was recorded in the place in 1991. Uses for food field crops, cherries, can eat ants, beetles, lizards etc. Nest is a depression in sand or stones under existing scarce vegetation. Lays 3-4 eggs. Limiting factors are ploughing up desert and semidesert habitats, illegal poaching, law quality of protection management and low public awareness. No captivity holding is known. There were no special protection measures in Kyrgyzstan. It is recommended to establish protected areas in the natural habitats with high concentration of the species populations.

## Кадимки безбелдек

*Tetrax tetrax* Linnaeus, 1758





Турна сымалдар – Gruiformes – Журавлеобразные
Тоодактар – Otidae – Дрофиные

**Статусу:** *VI категория, Near Threatened, NT.* Монотиптүү түр. Кыргызстанда 30-40 жылдан бери уялабайт. Орто Азияда сейрек безбелдек уруусунун түрчөсүнөн бирөө.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Кыргызстанда жарым кылым мурда өтө көп санда эмес Суусамырда, Ысыккөлдө, Ош областынын айрым чөлкөмдөрүндө, Талас жана Казакстан менен чектеш Чүй өрөөнүндө уялаган [2,49]. Азыркы убакта республиканын территориясында уялоосу далилделген эмес. Ысыккөлдө жана Чүй өрөөнүндө учуп өтүүдө өтө эле сейрек. Коңшу Казакстанда уялайт жана дайыма кездешет [66]. Евразиянын чегинде анын ареалы бир топ чоң. Венгриядан тартып батышка карай Обь, Омск дарыяларына чейин. Таралышынын түштүктөгү чеги Воронеж, Саратов жана Омскийге чейин жетет. Поволжьеде дайыма болот. Шериктеш мамлекеттерден сырткары Кытай, Афганистан, Сирия жана Палестинде жашайт.

**Саны.** Уялоочу жерлеринде кездешпейт. Бул куштар күзгү учуп өтүшүндө бирин-серин гана байкалат. 1975-жылы 15-ноябрда С.Н. Аксенов 40 куштан турган безбелдектин тобун Чүй өрөөнүндөгү Панфилов районундагы Күрпүлдөк айылынын четинде люцерна талаасында учураган. Чүй өрөөнүндө Жаңыжер айылынын четинде люцерна талаасында 21 жыл мурун сентябрдын аягында В.Н. Катаевский 7 кушту көргөн. 1999-жылы Кыргызстандын Түндүк-Батыш жагында Казакстан менен чектешкен Маймак айылынын четинде А.Н. Ковшарь менен В.И. Тороповалар бир безбелдекти катташкан [51]. Санынын өзгөрүлүшүнүн себептери. Безбелдектин саны мурунку жылдары жана кошуна Казакстанда азайган. Акыркы убакта анын саны Батыш, Түндүк жана Түштүк Казакстанда көбөйүүдө [73]. Уялоого Түндүк Кыргызстанга кайрадан келиши мүмкүн. Негизги себеби − антропогендик факторлордун таасир этиши.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Талаалуу же жарым чөлдү кеңири территорияларга жайылышы мүнөздүү. Солодка, төөтикендин, мятликтин жана башка чөп өсүмдүктөрү өскөн жерлерде кездешет. Канаттуу өтө сак. Кыргызстанда безбелдектин биологиясы жөнүндө маалымат өтө аз. Апрелде учуп келишет [2], уясын жерге эчнерсе төшөбөй эле салат [49], анда негизинен 3-5 жумуртка болот [2, 66, 74]. Чүй өрөөнүндө уясы майдын ортосунда эле салынат [2]. Күзүндө безбелдектин топтолушу талаада, көбүнчө бедеде кездешет. Негизинен курт-кумурскалар менен азыктанат, кээде өсүмдүктөрдү, мисалы люцернанын жалбырактарын жейт [2, 66]. Күздүн аягында кыштоо үчүн түштүк өлкөлөргө учуп кетишет.

**Чектөөчү факторлор.** Жагымдуу территорияларды казуу, уялаган жерлерине мал жаюу жана браконьерлик.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Шериктеш мамлекеттер боюнча маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргызстандын фаунасынын өзгөчө коргоого алынган түрлөрдүн тизмесине киргизилген. Сейрек жана жоголуп бара жаткан куштардын тизмесинде. Биологиясын изилдөө жана жасалма шарттарда көбөйтүүгө аракет жасоо, андан кийин ылайыктуу жерлерге коё берүү.

# Стрепет

## *Tetrax tetrax* Linnaeus, 1758

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT*. В Кыргызстане, по видимому, уже 30-40 лет не гнездится. Один из видов рода – редких в Средней Азии. Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** В Киргизии еще полвека назад в небольшом количестве гнездился на Сусамыре, Прииссыккуле, в отдельных районах Ошской области, в Таласском регионе и в Чуйской долине на границе с Казахстаном [2,49]. В настоящее время случаи гнездования на территории республики не подтверждены. Крайне редок на пролетах в Прииссыккуле и в Чуйской долине. Встречается и гнездится в соседнем Казахстане [66]. Вообще ареал его значительный в пределах Евразии. От Венгрии на запад до р. Оби на востоке. Северная граница распространения доходит до Воронежа, Саратова и Омска. Обычен в Поволжье. За пределами стран СНГ южнее обитает в Китае, Афганистане, Сирии и Палестине.

**Места обитания.** Предпочитает участки целинной степи с полынно-эфемеровой растительностью.

**Численность.** Уже не встречается на гнездовании. Отмечены отдельные случаи встречи этих птиц на осенних пролетах. С.Н. Аксенов 15 ноября 1975 г. встретил стаю стрепетов около 40 птиц на поле люцерны в окрестностях с. Курпульдек в Панфиловском районе в Чуйской долине. В.Н. Катаевским отмечено 21 год назад в конце сентября на поле люцерны в окрестностях с. Джаны-Джер в Чуйской долине 7 птиц. А.Н. Ковшарь и В.И. Торопова в Северо-Западной части Кыргызстана на границе с Казахстаном в окрестности с. Макмал 1999 г. зарегистрировали одного стрепета [51]. Численность стрепета в те годы одновременно упала и в соседнем Казахстане. В последнее время имеет место повышения численности на западе, севере и даже на юге Казахстана [73]. Возможно стрепет снова появляется на гнездовании в северном Кыргызстане. Основная причина – значительное воздействие антропогенного фактора.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Предпочитает обширные территории степного или полупустынного характера. Держится в местах, поросших солодкой, верблюжьей колючкой, мятликом и другими травянистыми растениями. Птицы очень осторожны. Летят невысоко над землей, создавая своеобразный свист. Сведений по биологии стрепета в Кыргызстане довольно мало. Прилетают в апреле, [2], гнезда устраивают на земле почти без подстилки [49]. В кладке в основном от 3 до 5 яиц [2,66,74]. В Чуйской долине кладки были уже в середине мая [2]. К осени стайки стрепетов встречаются на полях , чаще люцерны. Питаются стрепеты в основном насекомыми, но иногда поедают и растительную пищу, например, листья люцерны [2,66]. К концу осени отлетают к местам зимовок в южные страны.

**Лимитирующие факторы.** Распашка видопригодных территорий, выпас скота в местах гнездования и браконьерство.

**Разведение (содержание в неволе).** Нет данных по странам СНГ.

**Меры охраны существующие.** Включен в список особо охраняемых видов фауны Кыргызстана. Находится в списке редких и исчезающих птиц.

**Меры охраны рекомендуемые.** Изучать его биологию и попытаться добиться размножения в искусственных условиях с дальнейшим выпуском в характерные места обитания.

# Little Bustard

## *Tetrax tetrax* Linnaeus, 1758

**Status:** *VI category, Near Threatened, NT*. Monotypic species. Most probably, does not breed in Kyrgyzstan for the last 30-40 years. In the past bred in Suusamyr Valley, Issyk-Kul Region, Talas and Chu Valleys, as well as in Fergana Valley. Extremely rare during migration period in Chu Valley and Issyk-Kul oblast. Prefers steppe zones with scarce vegetation. Information about numbers is scarce. Seven birds were seen in agriculture field near Djangi-Djer village 20 years ago, 1 bird – in 1999 near border with Kazakhstan. Little Bustard is very shy bird. Arrives in April, nests on ground, and lays 3-5 eggs. Uses for food insects but does not ignore vegetation matter as well. Limiting factor is ploughing up suitable habitats, overgrazing and poaching. Hunting was prohibited in the USSR. It is recommended to study biology of the Little Bustard, try to breed it in captivity and re-introduce them back.

# Кадимки тартартоок

## *Crex crex* (Linnaeus, 1758)





**Турна сымалдар – Gruiformes – Журавлеобразные**
**Суутартар – Rallidae – Пастушковые**

**Статусу:** *VI категория. Near Threatened, NT.* Кыргыз Республикасынын фаунасында уруунун жалгыз өкүлү. Монотиптүү түр.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Евразияда Пиринейден чыгышты көздөй Вилюйдүн жогорку жана орто бөлүгүндө жана түштүк-чыгыш Байкалдын Ангаранын жогорку агымынын бассейнинде Чонанын өрөөнүнө чейин. Түндүктөн Норвегиянын, Швециянын жана Финляндиянын түштүк бөлүгүнө чейин, Карелияда 62-параллелге, Онега жана Түндүк Двинага, Печоранын өрөөнүндө 63-параллелге, Урал тоо кыркаларында 61-параллелге, Батыш Сибирде жана Енисей өрөөнүндө 62-параллелге, Төмөнкү Тунгусканын бассейнинде 62-параллелге, Чона өрөөнүндө 63-параллелге чейин. Түштүктөн Жер Ортолук деңиздин түндүк жээгине, түндүк Италияга, түндүк Грецияга, Кичи Азияга, түндүк-батыш Иранга, Хорасанга чейин. Каспий деңизинен чыгышты карай түштүктөн Волганын чатына, Уралдын чатына, Мугоджар, чыгыштан 50-параллелге чейин. Иртышты бойлой ареалдын түштүк чек арасы Зайсанга чейин түшөт да, андан Жетисуунун түштүк-батышына чейин, Гиссар тоо кыркаларына чейин созулат. Ареалдын чыгыштагы түштүк чек арасы Чыгыш Тяньшань, Түштүк Алтай, Ангаранын жогорку агымынын өрөөнү боюнча өтөт. Британ, Оркней, Гебрид аралдары [7]. Кыргыз Республикасында уялоодо жана учуп өтүүдө Чүй өрөөнүндө, Ысыккөл ойдуңунда, Суусамырда, Нарын жана Атбашы дарыяларынын жайылмасында кездешет [2, 31, 75].

**Жашаган аймактары.** Жапыз жана орто тоолордун селитебдүү эмес антропогендүү жана шалбаалуу өзөндөрдү артыксынтат.

**Саны.** Ысыккөлдүн жээгинде (1 км$^2$ де 2 канаттуу), талааларда (1 км$^2$ де 3 канаттуу), токой-шалбаа-талаа тилкесиндеги шалбааларда адатта кездешүүчү түр [14, 31, 48]. Учуп өтүү учурунда кадимки тартартооктун саны көбөйөт. Май айында ондогон кадимки тартартооктор Чүй өрөөнүнүн саздарында азыктанышат [75]. Тяньшандын карагай токойлорунда бул түрдүн саны аз, кээбир гана жерлерде адатта кездешет [76].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Уялоочу жана учуп өтүүчү түр. Кадимки таратартоок майдын башында учуп келет да, 15-20 күндөн кийин, көпчүлүк учурда түнкүсүн үйүгүшүүсүн баштайт. Чөптүн арасында чуркап жүрүүнү артыксынтат, кээде учат. Жайдын аягына чейин жүрүшөт. Негизинен курт-кумурскалар менен азыктанышат, бирок айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн уруктары менен да азыктанат. Адатта 8-10 жумуртка тууйт. Жөжөлөрү июндун экинчи жарымында чыгышат. Кадимки тартартооктор сентябрдын башында учуп кетишет.

**Чектөөчү факторлор.** Тартартоок жана анын балапандары кулаалыга жана башка жырткыч канаттууларга жем болушат. Үй жаныбарлары кадимки тартартооктун талаадагы жана шалбаадагы жумурткалары үчүн коркунуч туудурушу мүмкүн.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Кыргыз Республикасында колдо багылбайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Республикада атайын коргоо чаралары жок. Түр IUCNдин Кызыл китебинин VI категориясына Near Threatened киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Уялоого жарактуу жерлерди коргоо керек.

# Коростель

## *Crex crex* (Linnaeus, 1758)

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT.* Единственный представитель рода в фауне Кыргызской Республики. Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** Евразия от Пиринеев к востоку до долины Чоны в верхней и средней частях Вилюя и бассейна верхнего течения Ангары в юго-восточном Предбайкалье. К северу до южных частей Норвегии, Швеции и Финляндии. В Карелии до 62-й параллели, до устьев Онеги и Северной Двины, в долине Печоры до 63-й параллели, в области Уральского хребта – до 61-й параллели, в Западной Сибири и в долине Енисея – до 62-й параллели, в бассейне Нижней Тунгуски – до 62-й параллели, в долине Чоны – до 63-й параллели. К югу до северного побережья Средиземного моря, северной Италии, северной Греции, Малой Азии, северно-западного Ирана, Хорасана. Восточнее Каспийского моря к югу до устья Волги, устья Урала, Мугоджар, восточнее до 50-й параллели. Вдоль Иртыша южная граница ареала опускается до Зайсана и от последнего протягивается к юго-западу Семиречья, к югу до Гиссарского хребта. Восточнее южная граница ареала проходит в области Восточного Тянь-Шаня, южного Алтая, долины верхнего течения Ангары. Острова: Британские, Оркнейские, Гебридские. [7]. В Кыргызской Республике встречается на гнездовье и пролете в Чуйской долине, в Иссыккульской котловине, на Суусамыре, в поймах Нарына и Атбаши [2, 31, 75].

**Места обитания.** Предпочитает неселитебные антропогенные и луговые ландшафтные урочища низко- и среднегорья.

**Численность.** Обычен в прибрежных зарослях озера Иссык-Куль (2 особи/кв.км), на полях (3 особи/кв.км), на лугах лесо-лугово-степного пояса [14, 31, 48]. На пролете численность коростеля возрастает. В мае месяце, десятки коростелей кормятся на болотах Чуйской долины [75]. В ельниках Тянь-Шаня численность коростеля везде невысокая, лишь местами он обычен [76].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Гнездящийся и пролетный вид. Коростель прилетает в начале мая, через 15-20 дне после прилета, начинает токовать, преимущественно в ночное время. В густой траве коростель предпочитает бегать, взлетает реже. Птицы держатся до конца лета. Кормится преимущественно насекомыми, но также питается семенами сельскохозяйственных культур. В гнезде обычно 8-10 яиц. Птенцы выводятся во второй половине июня. Отлетают коростели в начале сентября.

**Лимитирующие факторы.** Коростель и его птенцы являются идеальной мишенью для луней и других хищных птиц, предпочитающих схожие местообитания. Домашние животные могут представлять угрозу кладкам коростеля на полях и лугах.

**Разведение (содержание в неволе).** В Кыргызской Республике в неволе не содержится.

**Меры охраны существующие.** Специальных мер охраны в республике нет. Вид занесен в Красную Книгу IUCN в VI категорию Near Threatened.

**Меры охраны рекомендуемые.** Необходимо осуществлять охрану мест, пригодных для гнездовий.

# Corncrake

## *Crex crex* (Linnaeus, 1758)

**Status**: *VI Category, Near Threatened, NT.* Monotypic species. Migrates and breeds in Chu and Suusamyr Valleys, Issyk-Kul Region, floodplain vegetation of Naryn and At-Bashi Rivers. Prefers cultivated and meadows habitats in low- and midlands. Common in shore bushes of Issyk-Kul Lake (2 individuals per square km), in the fields (3), in the meadows of forest belt. During migration the bird numbers grow, dozens of Corncrakes feed in marshes of Chu Valley in May. It is rare in spruce forests. Arrives in the beginning of May and starts to display, usually during night time. Prefers running among grass rather than flying. Uses for food insects, rarer in seeds of the crops. Lays 8-10 eggs, fledglings appear for the second half of June. Departs in September. Limiting factors are birds of prey, domestic animals. There is no information on holding it in captivity. No special protection measures were developed and introduced in the past. It is recommended to protect nesting sites.



## Каркыра

**_Anthropoides virgo_ (Linnaeus, 1758)**



Турна сымалдар – **Gruiformes – Журавлеобразные**
Турналар – **Gruidae – Журавлиные**

**Статусу:** *VI категория, Near Threatened, NT: R.* Монотиптүү түр. Кыргызстандын фаунасында уруунун бир гана өкүлү.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Евразиянын жана Түндүк Африканын талаалары менен жарым чөлдөрү. Индия менен Пакистанда кыштайт. Кыргызстанда деңиз деңгээлинен 3000 м ге чейинки бийикте талаалар менен шалбалуу талааларда жашайт.

**Жашаган аймактары.** Боздоңдорго, шалбалуу талааларга, кээбирде саздарга жана чарбалык талааларга уя салат. Жаз-күз учуп өтүү мезгилинде маданий өсүмдүктөр эгилген жайытта оттошот.

**Саны.** Чүй өрөөнү, Суусамыр, Кетментөбө, Ысыккөл ойдуңунда, Соңкөлдө, Арпада, Аксай өрөөнүндө, Атбашы, Нарын дарыяларынын өзөндөрүндө уялайт. Уялоочу куштардын жалпы саны 100 жупка жакын. Жазгы жана күзгү учуп өтүүдө көп санда болот. Чүй өрөөнүндө жазгы учуп өтүүсүндө 60000 особдон кем болбойт.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Жыныстык жагынан 3 жылда жетилет. Суудан алыс эмес, ачык, жайык жерге уялайт. Бир же эки балапан басып чыгарат. Жайдын аягында куштар топко биригишет.

**Чектөөчү факторлор.** Өрөөндүү райондордо уялоочу жерлерин казып, айдоо кылуу жана тоолуу райондордо малдын жайылышы. Киши тарабынан түздөн-түз кырып жоготуу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Зоопарктарда оңой эле көбөйүшөт. Кыргызстанда колдо багылбайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** 1985-жылы Кыргыз ССРинин Кызыл китебине киргизилген. Казакстандын Кызыл китебине да жазылган. Аңчылык кылууга тыюу салынган. Караталжапырык коругунун Соңкөл аймагынын территориясында бир нече жуп коргоого алынган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Коргоо үчүн атайын чаралар талап кылынбайт. Республиканын территориясында уялоочу популяциясынын санын тактоо өтө зарыл.

## Журавль-красавка

### *Anthropoides virgo* (Linnaeus, 1758)

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT: R.* Один из двух видов рода в фауне Киргизии. Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** Степи и полупустыни Евразии и Северной Африки. Зимует в Индии и Пакистане. Гнездится в Казахстане. В Киргизии населяет степи и лугостепи до высоты 3000 м н. ур. м. и выше. Гнездится в Чуйской долине, Суусамырской и Кетмень-Тюбинской котловинах, Иссык-Кульской области, на оз. Сон-Куль, в Арпе и Ак-Сайской долине, в долинах рек Ат-Баши, Нарын.

**Места обитания.** Гнездится в степях, лугостепях, сазах и сельскохозяйственных посевах, на открытых участках с хорошим обзором, недалеко от воды. Во время миграций охотно кормится на посевах зерновых культур**.** Часто образует скопления на берегах крупных водоемов.

**Численность.** Общая численность гнездящихся птиц в Кыргызстане менее 100 пар. На весеннем и осеннем пролетах многочислен. Весной в Чуйской долине пролетает не менее 60 000 особей [77].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Половой зрелости достигает в трехлетнем возрасте. В кладке обычно 2 яйца. Высиживают и воспитывают потомство оба родителя. В выводке один или два птенца [2]. В конце лета птицы объединяются в стаи. Весенний пролет проходит по долинам в конце марта - апреле. Осенью в августе начале сентября пролетает по всему Кыргызстану. Зимует в Индии, Пакистане. Питается различными беспозвоночными и семенами растений.

**Лимитирующие факторы.** Распашка мест гнездования в долинных районах и выпас скота в горных районах. Редко прямое истребление со стороны человека.

**Разведение (содержание в неволе).** Легко разводится в зоопарках и питомниках.

**Меры охраны существующие.** Охраняется на территории Сон-Кульского участка Каратал-Жапырыкского заповедника и в Иссык-Кульском заповеднике.

**Меры охраны рекомендуемые.** Ограничение выпаса скота и снижение фактора беспокойства в местах гнездования. Необходимо выяснить численность и локализацию гнездящейся популяции на территории республики.

## Demoiselle - Crane

### *Anthropoides virgo* (Linnaeus, 1758)

**Status:** *VI category, Near Threatened, NT: R.* Monotypic species. Breeds in Chu, Suusamyr, and Ketmen Tyobyo Valleys, Issyk-Kul oblast, Song-Kul Lake, as well as Arpa, Aksay, At-Bashi, and Naryn rivers. Prefers steppe, meadows, marshes and cultivated fields that are close to the water. During migration lives on crop field, often groups near water. The estimated nesting numbers are about 100 pairs. At least 60,000 birds migrate through Chu Valley in spring time. Lays 2 eggs, both parents share domestic duties. Spring migration starts in the end of March-April, autumn one – in August-September. Feeds in invertebrates, plant seeds. Limiting factors are ploughing up of the nesting sites, overgrazing. Rarer – game shooting. Easily breeds in captivity. Protected in Song-Kul and Issyk-Kul protected areas. It is recommended to limit cattle grazing around nesting sites.

# Жылкычы чулдук

***Burhinus oedicnemus* (Linnaeus, 1758)**





**Чулдук сымалдар – Charadriiformes – Ржанкообразные**
**Жылкычы чулдуктар – Burhinidae – Авдотки**

**Статусу:** *V category, Vulnerable, VU: R, A1.* Ошол эле учурда кыргыз орнитологдордун айтуусуна караганда бул түр аярлуу деп эсептелет, саны азаюуда, IUCNдеги азыркы статусун кайра карoo керек. Тукумдун жалгыз өкүлү. Орто чоңдукта, узун буттуу канаттуу. Жыныстык диморфизм өнүккөн эмес. Денесинин үстү узун кара темгилдүү боз-күрөң, ал эми асты агыш келет. Кыргызстанда *Burhinus oedicnemus harterti* Vaurie,1963 [7] деген түрчөсү кездешет.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Евразиянын талааларында жашайт. Кыргызстанда Ысыккөл котловинасында, Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн талааларында жана Фергана тарапта кездешет. Негизинен күзгү учуп өтүүдө белгиленет.

**Жашоо аймактар.** Талаалар, жарым чөлдөр. Уялоо мезгилинде Чүй өрөөнүнүн түндүгүндө кездешкендиги жөнүндө маалымат бар [75].

**Саны.** Жаратылышта аз байкалуучу канаттуу. Саны тууралуу маалымат жок.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Келгин куш. Жазында апрель айында келет да, сентябрда учуп кетет. Тиричилигин жашыруун жүргүзөт, коркунуч туулса, курчап турган чөйрөсүнө аралашып жашынып калат. Ошондуктан, жакындан да бул канаттууну байкоо кыйын. Бир басканда 4кө чейин жумуртка тууйт. Балапандарын ата-энесинин экөө тең өстүрүшөт. Уялоо мезгилинде Чүй өрөөнүнүн түндүгүндө кездешкендиги жөнүндө маалымат бар. Негизинен омурткасыздар жана өсүмдүктөрдүн уруктары менен азыктанат.

**Чектөөчү факторлор.** Талааларды жана жарым чөлдөрдү айдоо.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Коргоого алынган эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Иштелип чыккан эмес. Жылкычы чулдуктун республикада болуу мүнөзүн жана жашоо аймактарын изилдеп чыгуу зарыл.

## Авдотка

### *Burhinus oedicnemus* (Linnaeus, 1758)

**Статус:** *V категория, Vulnerable, VU: R, A1.* В то же время согласно сведениям кыргызских орнитологов, вид считается уязвимым, численность его сокращается, необходимо пересмотреть существующий IUCN статус. Единственный представитель семейства. Половой диморфизм не развит. В Кыргызстане встречается подвид *Burhinus oedicnemus harterti*[1] Vaurie, 1963 [7].

**Распространение общее и в стране.** Населяет степные территории в Евразии. В Кыргызстане встречается в Иссык-Кульской котловине, в степях Чуйской и Таласской долин и в Приферганских районах [2]. В основном отмечена на осеннем пролете.

**Места обитания.** Степи полупустыни и возможно поля. Имеются сведения о встрече в гнездовое время на севере Чуйской долины [75].

**Численность.** Трудно заметная в природе птица. Сведений по численности не имеется.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Перелетная птица. Весной, прилетает в апреле, улетает в сентябре. Ведет скрытный образ жизни, при опасности затаивается, сливаясь с окружающим фоном. Поэтому даже с близкого расстояния заметить птицу трудно. В кладке до 4 яиц. Птенцов выращивают оба родителя. Имеются сведения о встрече в гнездовое время на севере Чуйской долины. Питается в основном беспозвоночными и семенами растений.

**Лимитирующие факторы.** Распашка степей и полупустынь.

**Разведение (содержание в неволе).** Сведений нет

**Меры охраны существующие.** Не охраняется

**Меры охраны рекомендуемые.** Не разработаны. Необходимо выяснить местообитания и характер пребывания авдотки в республике.

## Eurasian Stone Curlew

### *Burhinus oedicnemus* (Linnaeus, 1758), ssp. *harterti* Vaurie, 1963

**Status**: *V category, Vulnerable, VU: R, A1*. Kyrgyz ornithologists are in position to reconsider the current status appealing to IUCN because its numbers have stable tendency to decrease. Migrating bird, observed in steppes of Chu and Talas Valleys, Issyk-Kul oblast, and in Fergana Valley. Prefers semidesert and steppe landscapes, probably, cultivated zones as well. No systematic data on numbers are available. Very shy bird, difficult to sight even from close distance. Both sexes share domestic duties. There is information about Stone Curlew occurrence during nesting time in Chu Valley. Uses for food invertebrates and plat seeds. Limiting factor is ploughing up natural habitats suitable for nesting and roosting. There is no data on captivity holding in Kyrgyzstan. Currently, is not protected. It is recommended to figure out habitats and learn more about the species.

# Орок тумшук чулдук

## *Ibidorhyncha struthersii* Vigors, 1832





**Чулдук сымалдар – Charadriiformes – Ржанкообразные**
**Оролтумшуктуу чулдуктар – Ibidorhynchidae – Серпоклювы**

**Статусу:** *V category, Vulnerable, VU: R, D1.* Саны анча көп эмес стенобионт, жашаган жерлери бузулса, жоголуп кетүүгө коркунуч туулат. Азиянын тоолуу аймактарында бир типтеги уруунун бир өкүлү. Монотиптүү түр.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Борбордук Азиянын эндемиги. Кыргызстанда Борбордук, Ички, Түндүк Тяньшань жана Алай бийик тоолорунда жашайт; Батыш Тяньшанда болбойт. Уялоочу жерлери белгилүү: Чоңкемин, Чоңаксуу, Каркыра, Сарыжаз, Түргөн Аксуу, Каракол, Арашан, Жетиөгүз, Алабаш өрөөнү, Нарын, Атбашы, Аксай, Каракужур, Арпа, Алай [3, 78, 79, 80, 81].

**Жашаган аймактары.** Деңиз деңгээлинен 2000-3000 м бийикте көптөгөн тоо таштуу дарыялардын аралчалары.

**Саны.** Кыргызстанда орок тумшук чулдуктун саны 23-25 жуптан ашпайт деген болжол бар. Акыркы жылдары жүргүзүлгөн эсеп боюнча көптөгөн тоо дарыяларда 100 жуптан кем эмес. Кыргызстанда жашашы белгилүү, ошонун ичинен эң чоң популяциясы Чоңкемин (20,22 жуп), Каркыра менен Алабаш өрөөндөрүндө 6-9 жуп, калган жерлерде 1-3төн жуп [23, 78, 82, 83, 84]. Чоңкемин популяциясы боюнча салыштырмалуу маалыматтар көрсөткөндөй 4 жыл бою анын санынын туруктуулугу байкалат [78].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Май-июнь айларында көбөйүү мезгили, суу аралчаларына майда таштардан уя салат. Уясында 4, же 3 жумуртка, эркеги менен ургаачысы алмак-салмак басып чыгарат [84]. Түр канаттуулардын, ийнеликтердин, капталдап сүзгүчтөрдүн личинкасы жана башка суудагы омурткасыздар менен азыктанат [85]. Отуруктуу куш, кышында уялоочу жеринде же суунун ылдый жагында кездешет.

**Чектөөчү факторлор.** Суулардын багыты, табигый жана жасалма гидрологиялык режиминин өзгөрүлүшү, өзгөчө уялоо мезгилинде. Уялоонун ийгиликтүү бүтүшүнө кечки кар менен коштолгон үшүктүн жүрүшү жагымсыз шарттардын бири болуп эсептелет. Суу аркылуу малды айдап өткөндө малдын тепсендисинде жана балапандарына иттин кол салышы да жагымсыз фактор [82]. Элдин куштардын тынчын алышы, сагызгандын, кара карганын жана башка куштардын орок тумшуктун уяларын талкалоосу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Сарычат-Эрташ коругунун, Каракол жана Чоңкемин Улуттук жаратылыш парктарынын территорияларында коргоого алынган. Казакстан менен Тажикстандын Кызыл китептерине киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Каркыра суусу боюнча сезондук чек аралык (Казакстан менен бирге) заказник уюштуруу, себеби ал жерлерде республика боюнча орок тумшук саны боюнча экинчи орунду ээлейт.

# Серпоклюв

## *Ibidorhyncha struthersii* Vigors, 1832

**Статус:** *V категория, Vulnerable, VU: R, D1.* Немногочисленный стенобионт, подверженный опасности исчезновения при разрушении мест обитания. Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** Эндемик Центральной Азии. В Киргизии населяет высокогорья Центрального, Внутреннего, Северного Тянь-Шаня и Алая и отсутствует в Западном Тянь-Шане. Известные места гнездования: Чон-Кемин, Чон-Ак-Су, Кар-Кыра, Сары-Джаз, Тургень-Ак-Су, Каракол, Арашан, Джеты-Огуз, Алабашская долина, Нарын, Ат-Баши, Ак-Сай, Кара-Куджур, Арпа, Алай. [3, 78, 79, 80, 81].

**Места обитания.** Галечниковые отмели горных рек с многочисленными островками в пределах высот 2000 – 3000 м над у.м.

**Численность.** Предполагалось, что численность серпоклюва в Киргизии не превышает 23-25 пар [3]. Проведенные в последние годы учеты на многих горных реках позволяют утверждать, что в Киргизии обитает не менее 200 пар серпоклювов, наиболее крупная популяция в Чон-Кемине (20-22 пары), в Алабашской долине (6-9 пар), в остальных местах по 1-3 пары [23, 78, 82, 83, 84]. Сравнительные данные по Чонкеминской популяции [78] показывают стабильную численность ее на протяжении почти 40 лет.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Оседлая птица, зимой совершающая иногда незначительные вертикальные кочевки. Гнездо - ямка, вымощенная мелкими камушками - обычно устраивается на незатопляемых островках, период размножения -май, июнь. Кладку из 4-х, реже 3-х яиц насиживают обе птицы [84]. Питаются личинками ручейников, стрекоз, бокоплавами и другими водными беспозвоночными [85].

**Лимитирующие факторы.** Естественные и искусственные изменения гидрологического режима и русла рек, особенно в период гнездования. Поздние заморозки со снегопадами также неблагоприятно сказываются на успешности гнездования. Наблюдается гибель гнезд и птенцов от собак и под копытами скота во время скотопрогона через галечники [82]. Частое беспокойство птиц людьми способствует разорению гнезд серпоклюва сорокой, черной вороной и другими пернатыми хищниками.

**Разведение (содержание в неволе).** Данных нет.

**Меры охраны существующие.** Серпоклюв охраняется на территории Сарычат-Эрташского заповедника, Каракольского и Чонкеминского национальных природных парков. Внесен в Красные книги Казахстана и Таджикистана.

**Меры охраны рекомендуемые.** Организация сезонного трансграничного (совместно с Казахстаном) заказника по реке Каркыра, где обитает вторая по численности в республике популяция серпоклюва.

# Ibisbill

## *Ibidorhyncha struthersii* Vigors, 1832

**Status:** *V category, Vulnerable, VU: R, D1.* Monotypic species, resident bird, occurs in Central, Inner, Northern Tien Shan and Alai Mountainous Ridge. Nests were observed in Chong-Kemin, Chong-Ak-Suu, Karkyra, Sary-Djaz, Turgen-Ak-Suu, Karakol, Arashan, Djety-Oguz, Alabash, Naryn, At-Bashi, Ak-Sai, Kara-Kujur, Arpa Rivers and in Alai Mountains. Prefers pebbly banks of mountainous rivers with islands within a range 2,000-3,000 m (6,500-9,800 feet) above sea level. There are at least 200 breeding pairs in Kyrgyzstan. Nest is a small depression with small stones in pebbly islands. Nesting period is May-June. Eggs – 3-4, both parents share domestic duties. Uses for food the larvae of dragonflies, other water invertebrates. Limiting factors are natural and artificial changes of hydrological regime of the rivers, late frosts with snowing, domestic animals like sheep and dogs. No data on holding it in captivity. Currently, Ibisbills are protected in Sarychat-Ertash zapovednik (protected area), Karakol and Chong-Kemin National Parks. Included into Kazakh and Tadjik Red Books as well as in Kyrgyz one. It is recommended to pay more attention to Ibisbill's populations in Karkyra river at the border with Kazakhstan.



# Чөл ызгыты

**Vanellus gregarius (Pallas, 1771)**



Чулдук сымалдар – **Charadriiformes – Ржанкообразные**
Маарактар – **Charadriidae – Ржанковые**

**Статусу:** *III category, Critically Endangered, CR, A3bc.* Жоголуп бара жаткан түрлөрдүн бири. Казакстан жана Россиянын эндемиги.Уруудан бир гана түр, монотиптүү түр.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Толук изилденген эмес. Өткөн кылымдын 70-жылдары Ысыккөлдүн батыш жээгинде чоң ызгытты жолуктуруу жөнүндө маалымат бар. 2003-жылы 9-майда 3 особь Ананьев айылынын аймагында жолукканы белгилүү (Ысыккөлдүн түндүк жээги) [87].

**Жашаган аймактары.** Талаа жана жарым чөлдүү зоналарда жашоосу мүнөздүү. Ушундай жерлер Тянңшандын тоо этектери талапка жооп берет. Уялоочу жерлери – шор участкалуу кургак боздоңдор, өсүмдүктөр өтө сейрек өскөн жерлер. Бардык боздоңдордо жайкы жана күзгү көчүү мезгилде жолугушу мүмкүн. Учуп өтүү убагында көлмөлөргө жакын жайланышат, бирок кургак участкаларда.

**Саны.** Маалымат жок. Бардык жерлерде саны азайууда. Казакстанда 70-жылдарга салыштырганда 4 эсе азайды [89].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Жылдын өзгөчөлүктөрүнө, жашаган жерлерине жараша уялоого марттын башынан майдын ортосуна чейин учуп келет. Казакстанда Наурзум жана Кургалжын коруктарында уялашат. Кыргызстандын территориясында уялашы байкалган эмес. Уясын чуңкурга же өлөң чөптүн арасына салат. Уялаганда оң чактыдан турган колонияны түзөт [87]. Уясында 4 жумуртка, аны 21-25 күн басып чыгарат. Биринчи тууган жумуртка жарабай калса, кайтадан тууйт. Басып чыгарганга ургаачысы жана эркеги алмак-салмак басып чыгарат [39]. Азыгынын негизин курт-кумурскалар түзүшөт. Кара коңуз, шиш тумшук коңуздар, чегирткелер, коңуздар, көпөлөктөрдүн гусеницалары ж.б. [90].

**Чектөөчү факторлор.** Уялоочу жерлерге мал жаюу, чар каргалар уяларын талкалашы [67, 88].

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Россияда 3 жумуртканы инкубациялап 2 балапан чыгарылган, анын бирөө чоңойтулган [90].

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Аңчылык кылууга тыюу салынган. СССРдин жана Казакстандын Кызыл китебине киргизилген. Казакстандагы Наурзум жана Кургалжын коруктарында уялаган жерлери коргоого алынган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Талааларды өрттөп жана мал жайуудан сактоо. Эл арасына коргоо боюнча пропаганда жүргүзүү.Түргө мүнөздүү жерлерди изилдөө.

## Кречетка

### *Vanellus gregarius* (Pallas, 1771)

**Статус:** *III категория, Critically Endanagered, CR, A3bc.* Эндемик Казахстана и России. Единственный представитель рода, монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** Степи Евразии от Украины до Восточного Казахстана. В Кыргызстане не изучено, имеются отрывочные сведения о встрече кречетки на западном берегу оз. Иссык-Куль в 70-х годах. [87].

**Места обитания.** Свойственна степной и полупустынной зонам, в сущности, под такие требования попадают предгорья Тянь-Шаня, со степным характером растительности. Типичные места гнездования – сухие степи с участками солончаков, места с сильно разреженной растительностью. Во время летних и осенних кочевок, может быть встречена повсюду в степных участках. На пролетах держится поблизости от водоемов, но на сухих участках [86].

**Численность.** Точных данных нет. Численность повсюду уменьшается, в Казахстане уменьшилась в сравнении с 70-ми годами в 4 раза [88]. В 2003 году 9 мая три особи встречены в районе с. Ананьево (северный берег оз Иссык-Куль), имеется фото [89].

**Образ жизни (жизненные циклы).** В зависимости от места, особенностей года, прилетает на места гнездования с начала марта до середины мая. Гнездится в Казахстане в Наурзумском и Кургальджинском заповедниках. На территории Кыргызстана на гнездовании обнаружена не была. Гнездо устраивает в углублении и на ровной поверхности часто под прикрытием куртинки травы. Гнездятся часто колониями иногда в несколько десятков гнезд[87]. В кладке 4 яйца, период инкубации 21-25 дней. При гибели первых кладок могут быть повторные. В насиживании принимают участие самец и самка[39]. Основу питания составляют насекомые: чернотелки, долгоносики, саранчовые, жуки, гусеницы совок [90].

**Лимитирующие факторы.** Выпас скота в местах гнездования, разорение гнезд грачами. [67, 88].

**Разведение (содержание в неволе).** В России проводилась инкубация 3-х яиц, выведено 2 птенца, один из которых выращен [90].

**Меры охраны существующие.** Охота запрещена. Вид находится в Красной книге СССР и Красной книге Казахстана. Охраняется на местах гнездования в Наурзумском и Кургальджинском заповедниках.

**Меры охраны рекомендуемые.** Охрана степных участков от пожаров и перевыпаса скота. Пропаганда среди населения. Необходимо обследовать участки характерные для пребывания этого вида.

## Sociable Plover

### *Vanellus gregarius* (Pallas, 1771)

**Status:** *III category, Critically Endangered, CR, A3bc.* Monotypic species. Endemic in Russia and Kazakhstan. Seen in Issyk-Kul oblast. Prefers semi-desert and steppe habitats with scarce vegetation and salt-marshes. No data on exact numbers, but it has reduced. For instance in Kazakhstan the numbers has been reduced 4 times for the last 30 years. There were 3 birds registered on northern shore of Issyk-Kul Lake in 2003. No evidence on nesting in Kyrgyzstan yet. Nest is small depression on the ground under the grass, breeds often in colonies, lays 4 eggs, incubation period is 21-25 days. If the first egg laying is lost, Sociable Plover can go for the second one. Both sexes share domestic duties. Feeds in insects, beetles, grasshoppers, larvae. Limiting factor is overgrazing, natural enemy is Rook, which hunts after eggs and nestlings. There is one successful captivity breeding case in Russia. Included into Kazakh and USSR Red Book. It is recommended to protect suitable habitats against fire and overgrazing, conduct public awareness campaigns, and investigate sites suitable for nesting.

# Ичкетумшуктуу төөчулдук

*Numenius tenuirostris* Vieillot, 1817





Чулдук сымалдар – Charadriiformes – Ржанкообразные
Маарактар – Charadriidae – Ржанковые

**Статусу:** *III категория. Critically Endangered, CR, C2a(ii); D.* Кыргыз Республикасынын фаунасында уруунун 3 өкүлүнүн бири. Монотиптүү түр.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Болжол менен Батыш Сибирдин тайга зонасынын түштүк бөлүгүндө Урал кырка тоолорунан чыгышты көздөй Обь өрөөнүнө чейинки мейкиндикте уялайт. Тара жана Барнаул райондорунда уялоосу далилденген. Кээде гана көлмөлүү, саздуу түздүктөрүндө учуп өтүүдө кездешет [7, 43]. Кыргыз Республикасында Ысыккөл ойдуңунда кокусунан учуп кирген канаттуулар учурайт, Чүй өрөөнүнүн көлмөлүү, саздуу жерлеринде да кездешиши мүмкүн [4].

**Жашаган аймактары.** Жапыз жана орто тоолордун көлмөлүү жана саздуу жерлерин артыксынтат.

**Саны.** Саны боюнча маалымат жок.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Кыргызстан үчүн кокусунан учуп кирүүчү канаттуу экендиги шексиз. Себеби, республикабыздын территориясы ичкетумшуктуу чулдуктун уялоо жеринен Батыш Африкадагы кыштоо аймактарына чейинки миграциясына мүмкүн болгон жолдон тышкары жатат [91]. Ошону менен бирге, келечекте да мындай учуп кирүүлөр жокко чыгарылбайт. Ошондуктан, бул түрдүн сейректигин эске алып, бул канаттуукa, эс алуу жана азыктануу жерлерине зыян келтирген ар кандай иш-аракеттерди жасоо эң эле тилексиз.

**Чектөөчү факторлор.** Мыйзамсыз атуу, азыктанууга ылайыктуу жерлерди кургатуу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Кыргыз Республикасында колдо багылбайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Республикада атайын коргоочу чаралар жок. IUCNдин Кызыл китебинин III категориясына *Critically Endangered, CE* киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Учуп өтүү убактысында эс алуу жана азыктанууга жарактуу жерлерди коргоо, ичкетумшуктуу чулдуктун жашоосуна ылайыктуу жерлерди кургап кетүүдөн сактоо максатында суу ресурстары боюнча иш алып жүрүүнү иреттөө керек. Жергиликтүү жашоочулардын арасында түшүндүрүү иш-аракеттерин жүргүзүү зарыл, ичкетумшуктуу чулдук байкалган учурлардын бардыгы Кыргызстандын илимий мекемелерине же тийиштүү өкмөттүк эмес уюмдарга баяндалышы керек.

# Тонкоклювый кроншнеп

## *Numenius tenuirostris* Vieillot, 1817

**Статус:** *III категория, Critically Endangered, CR, C2a(ii); D*. Один из 3 представителей рода в фауне Кыргызской Республики. Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** Гнездится предположительно на пространстве, занятом южной полосой таежной зоны Западной Сибири от Уральского хребта к востоку до долины Оби. Фактические доказательства гнездования имеются для районов Тары и Барнаула. Изредка встречается на пролете в водно-болотных угодьях равнинного Казахстана [7, 43]. В Кыргызской Республике встречаются залетные особи в Иссыккульской котловине, не исключены одиночные встречи в водно-болотных угодьях Чуйской долины [4].

**Места обитания.** Предпочитает водно-болотные угодья, низко- и среднегорья.

**Численность.** Сведений по численности нет.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Для Кыргызстана, несомненно, залетный вид, так как территория республики лежит вне обычных путей миграции тонкоклювого кроншнепа с мест гнездований к местам зимовки в Западной Африке [91]. Вместе с тем, такие залеты не исключаются и в будущем, поэтому принимая во внимание исключительную редкость данного вида, любые действия, приносящих вред, как самой птице, так и местам ее отдыха и кормежки, крайне нежелательны.

**Лимитирующие факторы.** Нелегальный отстрел, осушение мест, пригодных для кормежки.

**Разведение (содержание в неволе).** В Кыргызской Республике в неволе не содержится.

**Меры охраны существующие.** Специальных мер охраны в республике нет. Вид занесен в Красную Книгу IUCN в III категорию *Critically Endangered, CE.*

**Меры охраны рекомендуемые.** Необходимо осуществлять охрану мест, пригодных для отдыха и кормежки во время пролета, упорядочить менеджмент водных ресурсов, с целью исключения осушения стаций, пригодных для обитания тонкоклювого кроншнепа. Необходимо проводить разъяснительную работу среди местного населения, все случаи обнаружения тонкоклювого кроншнепа должны быть немедленно доложены в научные учреждения и профильные неправительственные организации Кыргызстана.

# Slender-billed Curlew

## *Numenius tenuirostris* Vieillot, 1817

**Status:** *III category, Critically Endangered, CR, C2a(ii); D.* Monotypic species. Extremely rare vagrant bird in Issyk-Kul oblast. Prefers wetlands. No data on numbers is available. Kyrgyzstan is located out of major Slender-billed Curlew's migrating routs. However, vagrant cases are not excluded in future both in Issyk-Kul oblast and Chu Valley. That is why any actions negatively affecting either the bird and/or its habitats are extremely undesirable. Limiting factors are drainage of suitable for roosting habitats and illegal poaching. No special protection measures are undertaken so far. It is important to protect those sites suitable for Curlew's feeding and roosting against drainage and poor water management. It is recommended to conduct public awareness campaigns, all recorded cases should be immediately reported to Kyrgyz scientific institutions and environmental NGOs.

# Караканаттуу ачачулдук

## *Glareola nordmanni* J.G. Fischer, 1842





Чулдук сымалдар – Charadriiformes – Ржанкообразные
Ачачулдуктар – Glareolidae – Тиркушки

**Статусу:** *VIII категория. Data Deficient, DD.* Кыргыз Республикасынын фаунасында уруунун эки түрүнүн бири. Монотиптүү түр.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Евразияда төмөнкү Дунай өрөөнүнөн чыгышты көздөй жогорку Обдун өрөөнүнө чейин. Түндүккө карай Полтава областына жана Воронеж областынын түштүк бөлүгүнө чейин, Волга жана Урал дарыяларынын ортосу 55-параллелге чейин, Костанай районуна, Чаны көлүнө, Камень-на-Обиге чейин. Түштүк тараптан Кара деңиздин түндүк жээгине, Чоң Кавказдын түндүк тоо этектерине, Устюрттун түндүгүнө, Арал деңизи жакта 45-параллелге чейин, Сырдарыя өрөөнү боюнча жогору карай Казалинскке, Тургайдын төмөн жагына чейин, Сарысу жана Зайсан ойдуңдары. Учуп өтүүдө Казакстандын бардык жеринде кездешет [7, 43]. Кыргыз Республикасында учуп өтүүдө өрөөндүү жерлерде учурайт [35, 36].

**Жашаган аймактары.** Суу жана суунун жанындагы мейкиндиктерди артыксынтат.

**Саны.** Саны боюнча системдүү маалымат жок.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Учуп өтүүчү түр. Көбүнчө курт-кумурскалар менен азыктанат.

**Чектөөчү факторлор.** Жашоого ыңгайлуу аймактарга тийгизген антропогендик таасир: жер иштетүү, мал жаюу, атып өлтүрүү. Жакалуу ачачулдук менен конкуренттүү карым-катнашта турушу мүмкүн.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Кыргыз Республикасында колдо багылбайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Республикада атайын коргоо чаралары жок. Түр IUCNдин Кызыл китебинин 8-категориясына Data Deficient киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Кичи заказниктерди түзүү аркылуу эс алуу жана уялоо жерлерине адамдын иш-аракетинин тийгизген таасирин чектөө. Мындай аймактарды жана караканаттуу ачачулдуктун республикада болуу мүнөзүн аныктоо.

# Степная тиркушка

## *Glareola nordmanni* J.G. Fischer, 1842

**Статус:** *VIII категория, Data Deficient, DD.* Один из двух видов рода в фауне Кыргызской Республики. Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** Евразия от долины нижнего Дуная к востоку до долины верхней Оби. К северу до Полтавской, южной части Воронежской областей, в Волжско-Уральском междуречье до 55-й параллели, до района Костаная, оз. Чаны, района Камня-на-Оби. К югу до северного побережья Черного моря, северных предгорий Большого Кавказа, северного чинка Устюрта, в области Аральского моря до 45-й параллели, по долине Сырдарьи вверх до Казалинска, до низовьев Тургая, Сарысу и Зайсанской котловины. На пролете встречается в Казахстане повсеместно [7, 43]. В Кыргызской Республике встречается на пролете в долинной части [35, 36].

**Места обитания.** Предпочитает околоводные пространства.

**Численность.** Системных сведений по численности нет.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Пролетный вид. Кормится преимущественно насекомыми.

**Лимитирующие факторы.** Антропогенное воздействие на пригодные для существования местообитания: распашка, перевыпас, отстрел. Возможны конкурентные взаимоотношения с луговой тиркушкой.

**Разведение (содержание в неволе).** В Кыргызской Республике в неволе не содержится.

**Меры охраны существующие.** Специальных мер охраны в республике нет. Вид занесен в Красную Книгу IUCN в 8 категорию *Data Deficient.*

**Меры охраны рекомендуемые.** Рекомендуется свести к минимуму влияние человеческой деятельности на местообитания, пригодные для гнездования и отдыха, путем создания минизаказников. Необходимо выяснить такие местообитания и характер пребывания тиркушки в республике.

# Black-winged Pratincole

## *Glareola nordmanni* J.G. Fischer, 1842

**Status:** *VIII category, Data Deficient, DD*. Monotypic species. Rare migrant in plains of Kyrgyzstan. Prefers wetlands and neighboring dry habitats. No systematic data on numbers are available. Feeds in insects, competitive relationships with *Glareola pratincola* (Linnaeus, 1766) are not excluded. Limiting factors are ploughing up suitable habitats, overgrazing, occasional game shooting. The species is not held in captivity in the country. There are no special protection measures undertaken either. It is necessary to develop protection measures and identify habitats where Black-winged Pratincole may occur and even nest.



# Чоң карабаштуу чардак

***Larus ichtyaetus* Pallas, 1773**



**Чулдук сымалдар – Charadriiformes – Ржанкообразные**
**Чардактар – Laridae – Чайковые**

**Статусу:** *VI Near Threatened, NT: R..* Кыргыз Республикасында уруунун 6 түрүнүн бири. Монотиптүү түр.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Крымдан жана Азов деңизинен чыгышты карай Маркаколго, түндүк-батыш Монголияда Чоң Көлдөрдүн ойдуңуна, Урюгнорго жана Кукунорго чейин. Түндүктөн Россия Федерациясынын европалык бөлүгүндө 47-параллелге чейин, Волга-Урал дарыя арасында Камыш-Самар көлдөрүнө, Уилдин бассейнине, Ик, Салтаим, Чаны көлдөрүнө чейин. Түштүктөн Каспий деңизинин түштүк жээгине, Амударыянын чатына, Ысыккөлгө, Кукунорго чейин. Кыргызстанда негизинен Чүй өрөөнүндө жана Ысыккөл ойдуңунда регулярдуу түрдө кездешет. [2,6,7,31,40,43]. Соңкөлдө жаш канаттууларды кездештирүү анын уялоосу жөнүндө айтып турат.

**Жашаган аймактары.** Көл жана көлмөлөрдүн, кээде дарыялардын жээктери [44].

**Саны.** Чүй өрөөнүндө чоң карабаштуу чардак 2004-жылдын февралынан апрель айына чейин регулярдуу түрдө жума сайын байкоо жүргүзүүлөрдө 2 ден 55 ке чейинки санда кездешкен [6]. Ысыккөлдө Кара-Булуң тумшугунун айланасында көп санда кездешчү (10 км жээк сызыгында 27 особ)[31]. 1972-жылдын күзүндө жалгыз чоң карабаштуу чардак Чатыркөл көлүндө байкалган [6].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Адатта тиричилигин жалгыз, кээде, өзгөчө учуп өтүү маалында, чоң эмес үйүрлөр менен жүргүзөт. Башка чардактарга караганда чоң көлмөлөрдү артыксынтат. Балык, майда рак сымалдар жана коңуздар менен азыктанат. Пиратчылыктан жийиркенбейт [2, 19].

**Чектөөчү факторлор.** Уялоого ылайыктуу жерлерде тынчсыздандыруучу факторлордун күчөшү: көлмөлөрдүн жээктерин рекреациялык колдонуу, түздөн-түз кыруу жана уяларын бузуу. Конкуренттери, мителери жана оорулары жөнүндө маалымат жок.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Кыргыз Республикасында колдо багылбайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргызстанда бул түрдү коргоо боюнча атайын чаралар колдонулган эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Уялоо аймактарын картага түшүрүү жана кичи заказниктер катары өзгөчө корголуучу территориялардын реестрине киргизүү керек. Уялоо жана учуп өтүү жерлерин коргоо, жергиликтүү жашоочулардын, балыкчы жана аңчылардын арасында түшүндүрүү иш-аракеттерин жүргүзүү зарыл.

# Черноголовый хохотун

## *Larus ichtyaetus* Pallas, 1773

**Статус:** *VI, Near Threatened, NT: R.*. Один из 6 видов рода в Кыргызской Республике. Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** От Крыма и Азовского моря к востоку до Маркаколя, котловины Больших Озер в северо-западной Монголии, Урюгнора и Кукунора. К северу в европейской части Российской Федерации до 47-й параллели, в Волжско-Уральском междуречье до Камыш-Самарских озер, до бассейна Уила, до озер Ик, Салтаим, Чаны. К югу до южного побережья Каспийского моря, дельты Амударьи, Иссык-Куля, Кукунора. В Кыргызстане встречается регулярно на учетах, главным образом в Чуйской долине и Иссыккульской котловине [2, 6, 7, 31, 40, 43]. Встреча молодых на Сон-Куле свидетельствует о гнездовании.

**Места обитания.** Побережья озер и водоемов, реже – рек [44] .

**Численность.** В Чуйской долине черноголовый хохотун регулярно встречался на еженедельных учетах с февраля по апрель 2004, его численность колебалась с 2 до 55 особей за учет [6]. На Иссык-Куле в окрестностях мыса Кара-Булун был многочислен (27 особей на 10 км береговой линии,) [31]. Одиночный хохотун наблюдался на озере Чатыр-Куль осенью1972 г. [6].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Обычно ведет одиночный образ жизни, реже – в небольших стаях, особенно на пролете. Предпочитает большого размера водоемы, по сравнению с другими чайками. Питается рыбой, мелкими ракообразными и жуками. Не гнушается пиратским поведением [2, 19].

**Лимитирующие факторы.** Усиливающийся фактор беспокойства на местах пригодных для гнездовья: рекреационное использование побережья водоемов, прямое истребление и разорение гнезд. Сведения по конкурентам, паразитам и болезням отсутствуют.

**Разведение (содержание в неволе).** В Кыргызской Республике в неволе не содержится.

**Меры охраны существующие.** Специальные меры по охране данного вида в Кыргызстане не предпринимались.

**Меры охраны рекомендуемые.** Места гнездовий следует нанести на карту и занести в реестр особо охраняемых территорий в качестве минизаказников. Необходимо осуществлять охрану мест гнездовий и пролета, проводить разъяснительную работу с местным населением, рыбаками и охотниками.

# Great Black-headed Gull

## *Larus ichtyaetus* Pallas, 1773

**Status:** *VI category, Near Threatened, NT: R.* Monotypic species. Resident species regularly recorded at bird censuses in Chu Valley and Issyk-Kul oblast. Prefers wetlands with lakes and ponds, rarer – rivers' banks. Great Black-headed Gull has been regularly recorded on ponds' shores near Bishkek from February to March 2004 with numbers oscillated from 2 to 55 birds. The density of the species in Issyk-Kul Lake is 27 individuals per 10 km of the Lake's shore. One bird was seen on the shore of Chatyr-Kul Lake in autumn 1972. Uses for food the fish, water invertebrates, and beetles. Limiting factors are economical development of suitable for nesting and roosting shores of the lakes and ponds, overgrazing, nest destruction. No data on competitors, parasites and diseases are available. Not held in captivity. Special protection actions were not observed so far. It is recommended to map nesting sites and establish mini protected areas around nest colonies. There is a need in public awareness campaigns among community members, fishermen and hunters.

# Булдурук

## *Syrrhaptes paradoxus* (Pallas, 1773)





Көгүчкөн сымалдар – Columbiformes – Голубеобразные
Кара бооролор – Pteroclidae – Рябковые

**Статусу:** *V категория, Vulnerable, VU: R.* Монотиптүү түр. Аз санда жана аз изилделген түр.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Республиканын түндүк-чыгыш жагында жашайт [3]. Уялоо учурунда Ысыккөлдүн батыш жээктеринде, Атбашы, Нарын дарыяларынын жана Кочкор өрөөнүндө кездешет. Кышында жана күзүндө республиканын башка райондорунда да учурайт [92].

**Жашаган аймактары.** Уялоочу биотоптору таш-шагылдуу 1600-1900 м бийикте караган өскөн жапыз тоолор, айрым жерлерде бадалдар болбойт [3].

**Саны.** Так маалымат жок, бирок бардык жерлерде саны аз. Кездешкен топтордо бир нече жуптан он чакты жана андан да көп жуп саналат [3].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Негизинен отуруктуу, кээбир жерлерде көчмөндүк кылуучу түр. Уялоочу мезгили марттын аягынан июлдун аягына чейин созулат. Жумурткасын марттын аягынан тартып бүт апрель бою тууйт. Айрым жуптар мүмкүн жумурткаларын бир жылда эки жолу тууйт. Уясында 3, чанда эле 2 жумуртка, аны ургаачысы менен эркеги алмак-салмак басып чыгарат, ал бир айга жакын созулат [86]. 2000-жылы 7-апрелде Ысыккөлдүн батыш жээгинде эрте чыккан тыбыт түктүү балапандар табылган. Алар адаттагыдай июнь бою кездешет [92]. Чөл өсүмдүктөрүнүн кайчылаш гүлдүүлөр, чанактуулардын майда уруктары менен азыктанышат. Мезгил-мезгили менен суу ичкенге бир топ аралыкка учушат, чоңдору балапандарына жемсөөсүнө суу алып келип беришет [57].

**Чектөөчү факторлор.** Жашаган жерлеринде малдын оттошу, иттер балапандарын жеп жоготушу жана браконьерлик.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Казакстан жана Россиянын зоопарктарында мезгил-мезгили менен багылат. 2000-жылы 3-5 күндүк балапандарды багуу жүргүзүлгөн. 2000-жылы 7-апрелде салмагы 23 жана 31 гр. эки балапандар табылган. Колго багылып, 3 жыл жашаган. Жүргүзүлгөн байкоого караганда колго кармоого алардын жакшы ыңгайланышы белгилүү, ошондуктан аларды колдо көбөйтсө болот [92].

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Республикада мергенчиликтин эрежесине ылайыктуу булдурукту атууга тыюу салынган. 1975-жылдан тартып өзгөчө коргоочу түрлөрдүн тизмесине киргизилген [86].

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Уялоочу территорияларга мал жаюуга тыюу салынат. Браконьерлик менен күрөш жүргүзүү жана түрдү коргоо боюнча пропаганданы кеңири жүргүзүү.

# Саджа

## *Syrrhaptes paradoxus* (Pallas, 1773)

**Статус:** *V категория, Vulnerable, VU: R,* Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** Обитает в северо-восточной части республики. [3] На гнездовании встречается на западном побережье оз.Иссык-Куль, в долинах рек Ат-Баши и Нарын, встречается также в Кочкорской котловине. В зимнее и осеннее время нередко встречается в других районах республики [92]

**Места обитания.** Гнездовым биотопом являются широкие каменисто-щебнистые плоскогорья на высоте 1600-1900м. н. у. м., с кустиками караганы, анабазиса и солянок, а в некоторых случаях совершенно без кустарниковой растительности [3].

**Численность.** Точных данных нет, но всюду низкая. Во встреченных стаях насчитывается от 4-6 до двадцати и более особей [3].

**Образ жизни (жизненные циклы).** В основном оседлая, местами кочующая птица. Период гнездования сильно растянут, с конца марта до конца июля. Откладка яиц начинается рано: с конца марта и весь апрель. Возможно, некоторые пары откладывают яйца дважды в год. В кладке три, редко два яйца. Насиживание около месяца, в насиживании принимают участие как самка так и самец.[86] Наиболее ранние пуховые птенцы были найдены на западном побережье оз. Иссык-Куль -7 апреля 2000г. Обычно птенцы встречаются весь июнь [92]. Питаются мелкими семенами пустынных растений: крестоцветных, бобовых, бурачниковых. Регулярно летают на водопой, иногда на значительные расстояния, птенцам взрослые птицы приносят воду в зобу [57].

**Лимитирующие факторы.** Выпас скота, пастушеские собаки, которые уничтожают молодняк, и браконьерство.

**Разведение (содержание в неволе).** Птицы периодически содержатся в зоопарках Казахстана и России. Выращивание птенцов с 3-5 дневного возраста было проведено нами в 2000г. Два птенца были найдены 7.04.2000 года их вес был 23 и 31 гр. В неволе птицы прожили 3 года. По проведенным наблюдениям выявлена хорошая адаптация к содержанию в неволе, возможно разведение [92].

**Меры охраны существующие.** Правилами охоты отстрел саджи в республике запрещен. С 1975 года внесена в список особо охраняемых видов [86].

**Меры охраны рекомендуемые.** Запрет выпаса скота на гнездовых территориях. Усиление борьбы с браконьерством и широкая пропаганда охраны вида.

# Pallas's Sandgrouse

## *Syrrhaptes paradoxus* (Pallas, 1773)

**Status**: *V category, Vulnerable, VU: R.* Monotypic species. Breeds in western part of Issyk-Kul Region, valleys of Kochkor, At-Bashi and Naryn Rivers. In winter time spreads around the country. Nesting site is stone-detritus deserts in a range between 1,600-1,900 m (5,200-6,200 feet) above sea level, next to *Caragana* and other scrubs. Data on numbers are scarce and irregular. Flocks observed had been consisted of from several to dozens pairs. Lays 3, rarer 2, eggs, incubates for a month, both sexes share domestic duties. First nestlings were recorded on April 7, 2000. Usually nestlings are recorded in June. Uses for food the plant seeds. Overgrazing, domestic dogs and poaching are major limiting factors. There is successful case of holding Sandgrouse in captivity. Two chicks were taken from the nest and kept for 3 years. The birds demonstrated a good adaptation to the captivity; there are good chances to breed them in future. Included into Kyrgyz Red Book of 1985, hunting is prohibited in the country. It is recommended to cease grazing at nesting sites, fight with poachers and increase public awareness.

# Актөштүү карабоор

## *Pterocles alchata* (Linnaeus, 1758)





Көгүчкөн сымалдар – Columbiformes – Голубеобразные
Кара боорлор – Pteroclidae – Рябковые

**Статусу:** *VI категория, Near Threatened, NT: R* Аз сандуу түр, аз изилденген. *P.a.caudatus* (S.G. Gmelin, 1774) түрчөсү кездешүүдө.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түштүк Европа, Кичи, Алдынкы жана Орто Азия. Кыргызстандын территориясында Нарын областында жана Атбашы дарыясынын жайылмасында учуп өтүү мезгилинде гана кездешет [92].

**Жашаган аймактары.** Башка кара боорлорго караганда кумдуу жерлер менен көбүрөөк байланышкан. Көпчүлүк учурда чополуу жана шор жерлер менен кезектешип турган дөңдүү кумдарда жашайт. Сууга жакын жерлерде уялайт [86]

**Саны.** Так маалымат жок, бирок бардык жерде аз санда.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Жазда марттын аягында апрелдин башында кездешет. Колония болуп уялайт, уясын кумдуу дөңдүн жантаймасында же чополуу жерлерде, көбүнчө өсүмдүктөрдүн көлөкөсүндө салышат. Бир басканга 2-3 жумуртка тууйт. Ата-эне экөө тең 21-23 күн басышат. Балапандары чоңойгондо үйбүлөлөр чогулуп көчүшөт [86]

**Чектөөчү факторлор.** Изилденген эмес.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Атайын коргоо иш-аракеттери иштелип чыккан эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Түрдү коргоону пропагандалоо.

## Белобрюхий рябок

*Pterocles alchata* (Linnaeus, 1758)

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT: R***.** Вид с низкой численностью, малоизученый. В Кыргызстане обитает подвид *Pterocles alchata caudacutus* (S.G. Gmelin, 1774).

**Распространение общее и в стране.** Южная Европа, Малая Передняя и Средняя Азия. В пределах Кыргызстана встречается только на пролете в Нарынской области и пойме р. Ат-Баши. [92].

**Места обитания.** Более других рябков этот связан с песчаными пространствами. Обитает преимущественно в бугристых песках, которые чередуются с глинистыми и солончаковыми участками. Гнездится в непосредственной близости от воды. [86]

**Численность.** Точных данных нет, но всюду низкая.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Весной встречается в конце марта – начале апреля. Гнездится колониями, гнезда устраивает на склонах песчаных бугров или на глинистых площадках, обычно в тени растений. В кладке 2-3 яйца. Насиживают оба родителя 21-23 дня. Семьи с подросшими птенцами объединяются и кочуют [86].

**Лимитирующие факторы.** Не изучены.

**Разведение (содержание в неволе).** Данных нет

**Меры охраны существующие.** Специальные охранные мероприятия не разработаны.

**Меры охраны рекомендуемые.** Шире пропагандировать охрану вида.

## Pin-tailed Sandgrouse

*Pterocles alchata* (Linnaeus, 1758), ssp. *caudatus* (S.G. Gmelin, 1774)

**Status:** *VI category, Near Threatened, NT: R*. Species with a law numbers, scantily explored. Recorded during migrating season in Naryn oblast and At-Bashi River valleys. Prefers sandy habitats, breeds next to water. No data on numbers are available. Lays 2-3 eggs, incubates for 21-23 days, both parents are responsible for domestic duties. Limiting factors are not investigated. No data on holding in captivity. It is recommended to increase public awareness about the species protection.

# Чыгыш карабоор

## *Pterocles orientalis* (Linnaeus, 1758)





**Көгүчкөн сымалдар – Columbiformes – Голубеобразные**
**Кара боорлор – Pteroclidae – Рябковые**

**Статусу:** *VI категория. Near Threatened, NT.* Аз сандуу, аз изилденген түр. Кыргызстанда *Pterocles orientalis arenarius* (Pallas, 1775) түрчөсү кездешет.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Пиреней жарым аралы, Африка, Кичи, Алдыңкы, Орто Азия, Түштүк Казакстан жана Кавказ сырты. Республикабыздын түндүк-чыгыш бөлүгүндө жашайт. Уялоодо Ысыккөлдүн батыш жээгинде, Атбашы жана Нарын дарыяларынын өрөөндөрүндө, ошондой эле Кочкор ойдуңунда кездешет [92].

**Жашаган аймактары.** Уялоочу биотоп болуп деңиз деңгээлинен 1500 м бийиктиктен 2000 м бийиктикке чейинки чополуу, кемпир муштум, төө куйрук жана баялыш өскөн тайпак тоолор, кээбир учурларда бадалсыз жерлер эсептелет. Кыл куйруктан айырмаланып, тоо-этектеринде аз өсүмдүктүү чоң эмес түздүктөрдө уялоону артыксынтат [92].

**Саны.** Так маалымат жок, бирок бардык жерде саны төмөн. Кездешкен үйүрлөрдө бир нече жуптан ондогон жупка чейин жана андан көбүрөөк болот [92].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Жазында эрте келет, марттын ортосунда эле кездешет. Учуп өтүү апрелдин ортосуна чейин уланат. Уялоого салыштырмалуу кеч киришишет, көбөйүү маалы абдан чоюлган. Бул кайталап жумуртка туушу менен түшүндүрүлөт [86]. Үч, кээде эки жумуртка тууйт. Негизинен ургаачысы басат, эркеги аз убакытка гана аны алмаштырып турат. Балапандарына экөө тең кам көрөт. Суугa жубу менен же топтошуп учуп барышат, балапандарына сууну жемсөөсүндө алып келишет [92]. Азыктануусунун негизин чөл өсүмдүктөрүнүн уруктары түзөт, бүчүрлөрдү жешет, күзүндө жыйналган жана мал тебелеген талааларда да азыктанышат [86].

**Чектөөчү факторлор.** Жашаган аймактарында мал жайуу, жаш карабоорлорду жок кылуучу чабандардын иттери жана браконьерчилик.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Атайын коргоо иш-аракеттери иштелип чыккан эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Уялоо аймактарында мал жаюуга тыюу салуу. Браконьерликке каршы күрөшүүнү күчөтүү, түрдү коргоону кеңири пропагандалоо.

# Чернобрюхий рябок

## *Pterocles orientalis* (Linnaeus, 1758)

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT.* Вид с низкой численностью, малоизученый. В Кыргызстане обитает подвид *Pterocles orientalis arenarius* (Pallas, 1775).

**Распространение общее и в стране.** Пиренейский полуостров, Малая Африка, Малая, Передняя, Средняя Азия, Южный Казахстан и Закавказье. Обитает в северо-восточной части республики. На гнездовании встречается на западном побережье оз.Иссык-Куль, в долинах рек Ат-Баши и Нарын, встречается также в Кочкорской котловине [92].

**Места обитания.** Гнездовым биотопом являются глинистые предгорные плоскогорья на высоте от 1500 до 2000 м. н. у. м., с кустиками караганы, анабазиса и солянок, а в некоторых случаях совершенно без кустарниковой растительности. В отличии от саджи предпочитает гнездиться в предгорно-адырной зоне на небольших ровных участках со скудной растительностью [92].

**Численность.** Точных данных нет, но всюду низкая. Во встреченных стаях насчитывается от нескольких до двадцати и более особей [92].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Весной прилетают рано, встречаются уже в середине марта. Пролет проходит почти месяц до середины апреля. К гнездованию приступают сравнительно поздно, период размножения сильно растянут, это объясняется повторными кладками [86]. В кладке три яйца, иногда два. Насиживает в основном самка, самец заменяет ее на непродолжительное время. Ухаживают за птенцами оба родителя. На водопой летают парами или небольшими стаями, птенцам воду приносят в зобу.[92] Основу питания составляют семена пустынных растений, иногда птицы поедают побеги, осенью нередко кормятся на убранных, стравленных скотом полях [86].

**Лимитирующие факторы.** Выпас скота в местах обитания, пастушеские собаки, которые уничтожают молодняк и браконьерство.

**Разведение (содержание в неволе)**. Данных нет.

**Меры охраны существующие.** Специальные охранные мероприятия не разработаны.

**Меры охраны рекомендуемые.** Запрет выпаса скота на гнездовых территориях. Усиление борьбы с браконьерством и широкая пропаганда охраны вида.

# Black-bellied Sandgrouse

## *Pterocles orientalis* (Linnaeus, 1758), ssp. *arenarius* (Pallas, 1775)

**Status:** *VI category, Near Threatened, NT.* Species with low numbers, scantily explored. Breeds in western part of Issyk-Kul oblast, valleys of Kochkor, At-Bashi and Naryn Rivers. Prefers clay uplands within the range 1,500-2,000 m (4,900-6,600 feet) above sea level with scarce scrubs. No systematic data on numbers are available. Flocks recorded had consisted of from several birds to dozen and more pairs. Arrives in the mid of March, migrates till mid of April. Lays 3, sometimes 2 eggs. Female predominantly incubates, sometimes male replace her, and both sexes take care of nestlings. Uses for food the plant seeds, often in the fields. Limiting factors are overgrazing, domestic dogs, and poaching. No data on holding in captivity. There are no protection measures foreseen. It is recommended to limit cattle grazing around nesting sites, fight with poachers and increase public awareness.

# Актөштүү көгүчкөн

*Columba leuconota* Vigors, 1831





Көгүчкөн сымалдар – Columbiformes – Голубеобразные
Көгүчкөндөр – Columbidae – Голубиные

**Статусу:** *VII, Least Concern, LC***.** Кыргызстандын фаунасында уруунун 6 түрүнөн бирөө.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Памир-Алай, Гималай, Тибет. 1985-жылы Кыргызстанда Алай өрөөнүнүн чыгышында жашашы айкын болгон. Ошол эле жерде 1999-жылы 3 куштун болушу билинген [76-94].

**Жашаган аймактары.** Бийик тоолордун аска-зоолору, 3 мин м жогоруу.

**Саны.** Сейрек кездешет, саны белгисиз.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Кыргызстанда изилделген эмес.

**Чектөөчү факторлор.** Белгисиз.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** 1985-жылы Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген. Тажикстандын Кызыл китебине жазылган.Аңчылык кылууга тыюу салынган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Санын эсепке алуу, коргоо максатына ылайык уялоочу жерлерин тактап билүү. Эл арасына түрдү сакташ үчүн пропаганда жүргүзүү. Түрдү коргош үчүн уялоочу жерлерине ӨКЖА уюштуруу. Ареалын, санын жана биологиясынын өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

## Белогрудый голубь

### *Columba leuconota* Vigors, 1831

**Статус:** *VII, Least Concern, LC.* Один из шести видов рода в фауне Киргизии. Обитает номинативный подвид *Columba leuconota* Vigors, 1831.

**Распространение общее и в стране.** Памиро-Алай, Гималаи, Тибет. В Киргизии достоверно установлено обитание в восточной части Алайской долины в 1985 г. [76, 94].

**Места обитания.** Скалистые горы в высокогорье, на высоте выше 3 тыс. м.

**Численность.** Очень редок. Возможно, появляется спорадически в различных частях ареала. В июне 1985 г. за 5 дней в восточной части Алайской долины (вост. Кызылсуу) встречено 5 птиц, 4 из них – в ущелье Нуры, 1 – по Коксу. 14 июня 1983 г. отмечена одиночная птица на перевале Аккыя в 200 км на северо-восток от Нуры [76, 94].

**Образ жизни (жизненные циклы).** 14 июня 1985 г. в каньоне правого притока р.Нура (Чоналайский хр.) найдено гнездо на скальном уступе с 2 яйцами, с которого слетела насиживавшая птица. [94]. Гнездо сооружено из корешков трав, толщина более 10 см, что может свидетельствовать о неоднократном использовании для гнездования.

**Лимитирующие факторы.** Не известны.

**Разведение (содержание в неволе).** Данных нет.

**Меры охраны существующие.** Охота запрещена.

**Меры охраны рекомендуемые.** Не установлены. Необходимо провести исследования по выявлению ареала, численности и особенностей биологии в предполагаемых местообитаниях.

## Snow Pigeon

### *Columba leuconota* (Vigors, 1831), ssp. *leuconota* (Vigors, 1831)

**Status**: *VII, Least Concern, LC.* Occurs in Pamir-Alai Mountainous System. Prefers rocky habitats in highlands. Rare species, no data on numbers and nesting biology are available. There is no also information on limiting factors and breeding in captivity. Included in Kyrgyz Red Book of 1985. It is recommended to research and identify area, numbers and nesting biology of the species.

# Эверсманндын к#гүчк#нү

**_Columba eversmanni_ Bonaparte, 1856**





**Көгүчкөн сымалдар – Columbiformes – Голубеобразные**
**Көгүчкөндөр – Columbidae – Голубиные**

**Статусу:** *V категория, Vulnerable, VU, A2bcd+3bcd*. Кыргызстандын фаунасында уруунун 6 түрүнүн бири. Монотиптүү түр.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Афганистан жана Пакистан, Кашкар, Кашмир жана Ладак. Кыргызстанда Чүй, Талас өрөөнүндө жана Ферганада кездешет. XX кылымдын аягында Чүй жана Аксуу дарыяларынын жээктериндеги жарларда уялаган. 2003-жылы Фергана тоо кыркаларынын этектеринде Көкарт дарыясынын жарлуу жээктеринде уялашы байкалган.

**Жашаган аймактары.** Дарыяларын жээктерине уяшалат [2].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Чүй өрөөнүндө Чүй жана Аксуу дарыяларында уялоосу белгилүү [75]. Дарактардын коңулдарына, эски имараттарга да уя салышы мүмкүн. Уясында 2 жумуртка. Балапандарын экөө тең багат. Бир жайдын ичинде экөө тең балапандарын 2-3 жолу чыгарууга жетишет. Өсүмдүктөрдүн жана маданий кылкандуу өсүмдүктөрдүн уруктары менен азыктанышат. Күзүндө август-сентябрда учуп кетишет. Иран, Афганистан жана Индостандын түндүк жагында кышташат.

**Чектөөчү факторлор.** Аңчылык кылуу куштардын тизмесине киргендиктен, такталган эмес.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Казакстандын Кызыл китебине киргизилген.Түрдү сактап калыш үчүн атайын колдонгон чаралар жок. Спорттук аңчылык жүргүзүү.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Аңчылыкка кирүүчү түрлөрдүн тизмесинен алып салуу.Азыркы таралышын жана санын билүү үчүн изилдөөлөрдү жүргүзүү. Түрдү сактоого керектүү чараларды иштеп чыгуу.

# Бурый голубь

## *Columba eversmanni* Bonaparte, 1856

**Статус:** *V категория, Vulnerable, VU, A2bcd+3bcd***.** Уязвимый. Один из шести рода в фауне Киргизии, имеющий преимущественно центрально-азиатский ареал. Монотипичный вид.

**Распространение общее и в стране.** Казахстан, Узбекистан, Таджикистан, Афганистан, Пакистан, Кашгария, Кашмир и Ладак. В Кыргызстане встречается по Чуйской и Таласской долинам и в Приферганье. В конце 20 века гнездился по береговым обрывам рек Чу и Ак-Су. В 2003 году встречен по обрывистым берегам реки Кек-Арт в предгорьях Ферганского хребта.

**Места обитания.** Речные обрывы по низкогорным долинам [2]. Может гнездиться в дуплах деревьев.

**Численность.** В начале семидесятых годов 20 века был довольно многочисленнен на осеннем пролете в Чуйской долине. В последние годы в Чуйской долине на гнездовье не встречен. Численность в республике не известна. Падение численности отмечено также в Казахстане.

**Образ жизни (жизненные циклы).** В Чуйской долине гнездился в речных обрывах Чу и Ак-Су [75]. Может гнездиться в дуплах деревьев и заброшенных строениях. В кладке 2 яйца. Птенцов выкармливают оба родителя. За лето пара может выводить птенцов два раза. Питается семенами растений и культурных злаков. Осенью отлетают в августе-сентябре. Зимуют в Иране, Афганистане и на севере Индостана.

**Лимитирующие факторы.** Не установлены. Отрицательно влияет на численность охота в местах гнездования и пролета и разрушение мест гнездования. Падение численности возможно связано с хищничеством майны, широко распространившейся в последние 30 лет.

**Разведение (содержание в неволе).** Сведений нет.

**Меры охраны существующие.** Специальных мер по охране вида нет.

**Меры охраны рекомендуемые.** Провести исследования по выявлению современного распространения и численности. Разработать меры по сохранению вида.

# Pale-backed Pigeon, Yellow-eyed Pigeon

## *Columba eversmanni* Bonaparte, 1856

**Status:** *V category, Vulnerable, VU, A2bcd+3bcd.* Monotypic species. Breeds in Chu, Talas and Fergana Valleys. Prefers river precipices in lowlands. Can nest in hollows of tree-trunk. It was numerous species during autumn migration in Chu Valley in the past. No data on numbers are known nowadays. It has been declining in Kazakhstan. Lays 2 eggs, both parents take care of the eggs and nestlings. Can breeds twice for a summer time. uses for food the plant seeds. Departs in August-September. Limiting factors are unknown but the most probably, hunting after Pigeons during nesting time and Mynah’s activities lead to decrease in numbers. No data on holding in captivity are available. So far, there are no protection measures undertaken. It is recommended to develop such measures and research a current distribution of the species.



# Чоң үкү

***Bubo bubo* (Linnaeus, 1758)**



Үкү сымалдар – **Strigiformes** – **Совообразные**
Үкүлөр – **Strigidae** – **Совиные**

**Статусу:** *VII категория. Least Concern, LC.* Кыргызстанда *Bubo bubo hemachalanus* Hume, 1873 түрчөсү жашайт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Европа, Түндүк Африка, Азия – түндүктөн токойдун чегине чейин, түштүктөн Түндүк Аравия, Индостан жана Индокытайга чейин. Кыргызстанда Ысыккөлдө, Каракужурда, Атбашыда, Соңкөл жана Аксай өрөөндөрүндө, Кыргыз, Алай жана Чаткал тоо кыркаларында уялайт [2, 56]. Чоң үкүнүн жаңы түктөрү Төлөк айылынын (Чүй өрөөнү) тегерегинде 2002-жылдын июнь айында табылган [59]. Бул чоң үкүнүн ушул жерде уялоосун болжолдоого мүмкүндүк берет. Сасык жумурткасы бар ташталган уя Алабука айылынын тегерегинде (Жалалабат обл.) табылган [55].

**Жашаган аймактары.** Кыргызстанда жай мезгилинде анда-санда тоолуу-токойлуу ландшафттарда кездешет. Аскалуу жерлерди, чополуу жарларды жана үңкүрлөрдү артыксынтат. Кышында көпчүлүк учурда тоо арасындагы өрөөндөргө түшөт, эл отурукташкан жерлерде кездешет. Ылайыктуу азыгы болгон кезде бийик тоолордо кыштайт [56].

**Саны.** Белгисиз, бирок бардык жерде сейрек. Ошентсе да, Янушевич ж.б. [57] чоң үкүнү тоодо адатта кездешүүчү канаттуу катары белгилейт (саны боюнча маалымат жок).

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Отурукташкан канаттуу, кышында маанилүү эмес вертикалдуу миграцияларды жасайт. 2-5 жумуртканы апрелде тууйт, ургаачысы 33-35 күн басат [57]. Балапандары апрелдин аягында – майдын башында чыгат да, үч ай бою уялоо аймагында калат. Азыктануусунун негизи – майда сүт эмүүчүлөр (чычкандар, момолойлор), кээде канаттуулар (таандар, майда таранчы сымалдар ж.б.).

**Чектөөчү факторлор.** Чоң үкүнүн саны олуттуу деңгээлде коёндун санынан көзкаранды: депрессия жылдары чоң үкүнүн саны да азаят. Жергиликтүү калк чоң үкүнүн түктөрүн улуттук кийимдерди кооздоо, тумарларды жасоо үчүн колдонушат [23]: балапандарды уяларынан алышат, чоңдорун кармашат. Чоң үкүлөрдүн ЛЭП өткөргүчтөрүндө, автоунаалардын алдында калып өлгөн учурлары белгилүү.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** КМШнын зоопарктарында чоң үкүлөр бир катар жылдар бою ийгиликтүү көбөйүүдө [58].

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Чоң үкү Сарычелек, Чаткал, Нарын, Каракол, Чоңкемин, Кыргызата ж.б. коруктарынын жана улуттук парктарынын территориясында жашайт. Казакстандын Кызыл китебине катталган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Атайын чоң үкүлөрдү өстүрүүчү жайларды түзүү, түктөрдү тирүү үкүлөрдөн алуу, жергиликтүү калктын арасында түрдү сактоо боюнча түшүндүрүү иш-аракеттерин жүргүзүүнү күчөтүү.

# Филин

## *Bubo bubo* (Linnaeus, 1758)

**Статус:** *VII, Least Concern, LC.* В Кыргызстане обитает *Bubo bubo hemachalanus* Hume, 1873

**Распространение общее и в стране.** Европа, Северная Африка, Азия – до границы леса на севере и до Северной Аравии, Индостана и Индокитая на юге. В Кыргызстане гнездится в Прииссыккулье, Кара-Куджуре, Ат-Баши, долинах Сон-Куля и Ак-Сая, Кыргызском, Алайском и Чаткальском хребтах. [2,5,6]. Свежие перья филина обнаружены в окрестностях с.Тюлек (Чуйская долина) в июне 2002 г. [5,9], что позволяет предположить здесь его гнездование. Покинутое гнездо с яйцом-болтуном обнаружено в окр. с. Алабука (Джалал-Абадская обл) [55].

**Места обитания.** В Кыргызстане в летнее время спорадично встречается в горно-лесных ландшафтах, предпочитая участки с наличием скал и глинистых обрывов, пещер. Зимой часто спускается в межгорные долины, встречаясь и у населенных пунктов, хотя при наличии пищевой базы, остается зимовать в высокогорьях [56].

**Численность.** Неизвестна, везде редок, хотя Янушевич и др. [57] определяют филина как обычную в горах птицу (без данных по численности).

**Образ жизни (жизненные циклы).** Практически оседлая птица, зимой нередко совершающая незначительные вертикальные миграции. В условиях гор откладка яиц в апреле, количество яиц в кладке 2-5, насиживает самка в течение 33-35 дней [57]. Птенцы появляются в конце апреля - начале мая и в течение трех месяцев остаются на гнездовом участке. Основа питания – мелкие млекопитающие (зайцы, мыши, полевки), реже птицы (галки, мелкие воробьиные и др.)

**Лимитирующие факторы.** В годы депрессии численности зайца уменьшается и численность филина. Перья филина используются местным населением для украшения национальных костюмов, и изготовления талисманов [23]. Известны случаи гибели филинов на проводах ЛЭП, под колесами машин.

**Разведение (содержание в неволе).** В некоторых зоопарках СНГ филины успешно размножаются в течение ряда лет [58].

**Меры охраны существующие.** Филин обитает на территории нескольких заповедников и национальных парков: Сарычелекский, Бешаральский, Нарынский, Каракольский, Чонкеминский, Кыргызатинский и др.

**Меры охраны рекомендуемые.** Создание питомников для филинов с прижизненным получением перьев, усиление пропаганды идей сохранения вида среди местного населения.

# Eurasian Eagle-Owl

## *Bubo bubo* (Linnaeus, 1758), ssp. *hemachanus* (Hume, 1873)

**Status:** *VII, Least Concern, LC.* Resident bird, breeds in Issyk-Kul oblast, Kara-Kujur, At-Bashi, Kyrgyz, Alai and Chatkal Mountainous Ridges as well as Song-Kul and Aksai Valleys. It may breeds in Chu Valley as well. Prefers mountainous areas with forests next to cliffs, clay precipices, caves. In winter time it moves downward into valleys, close to villages. Although if there is adequate feeding base, it stays in highlands. Exact numbers are unknown. Lays 2-5 eggs in April, female incubates for 33-35 days. Nestlings appear in the end of April – beginning of May. Uses small rodents, hares, birds for food. Eurasian Eagle-Owl numbers depend on those of hare, there is a correlation between the two numbers. The bird feathers are used to decorate traditional folk costumes and making talismans, that is why adult and nestlings are subject for captivity. Another limiting factor is death at electricity poles and wires because of car accidents. There are successful cases of captivity breeding in Almaty. The Owl occurs in protected areas of Kyrgyzstan, included in Kazakh Red Book. It is recommended to breed them in captivity in order to get feathers from live birds, increase pubic awareness.

# Мыкый үкү

## *Strix aluco* Linnaeus, 1758





Үкү сымалдар – Strigiformes – Совообразные
Үкүлөр – Strigidae – Совиные

**Статусу:** *VII категория. Least Concern, LC.* Кыргызстанда *Strix aluco harmsi* (Zarudny, 1911) түрчөсү жашайт.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Уялоо ареалы үзгүлтүктүү жана Европанын, Азиянын жана Түндүк-Батыш Африканын чегинде жатат, түндүктөн Норвегияга, Швецияга, Санкт-Петербургга, Ишимге чейин, түштүктөн Түркияга, Түндүк Иранга чейин, андан ары мыкый үкү Чыгыш Иранда жана Батыш Афганистанда жок да, чыгышты көздөй Түркстанда, Батыш Тяньшанда, Пакистанда, Индияда, Кытайда жана Кореяда кездешет [45]. Кыргызстанда адатта Чаткал жана Фергана тоо кыркаларынын жаңгак токойлорунда, кээде Чүй өрөөнүндө кездешет [2]. Кыш мезгилинде Гүлчөдө жана Өзгөндө кездешкендиги жөнүндө маалымат бар.

**Жашаган аймактары.** Токой канаттуусу, Кыргызстандын шартында эски жаңгак токойлорун артыксынтат.

**Саны.** Белгисиз.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Кыргызстанда көбөйүү убактысы аныкталган эмес. Казакстандын коңшу райондорунда көбөйүү маалындагы үндөр майдын аягында, ал эми июлдун башында уча алган балапандар белгиленген. 2-6 жумуртка тууйт, 30 күн басат, бир айдан кийин балапандар уяны таштайт да, көпкө чейин уялоо аймагында болушат [45]. Азыгы ар түрдүү: майда сүт эмүүчүлөр жана канаттуулар, кээде сойлоп жүрүүчүлөр, жерде-сууда жашоочулар жана коңуздар, бирок негизги бөлүгүн майда кемирүүчүлөр момолойлор жана чычкандар, биздин шартта түркстан келемиши түзөт [2].

**Чектөөчү факторлор.** Көңдөйлүү эски бактарды кыюу, негизги азыгы болгон кемирүүчүлөрдүн депрессиясы.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Белгисиз.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Мыкый үкү Сарычелек жана Падышата коруктарынын территориясында жашайт.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Токойлордун эски бөлүктөрүндө жасалма көңдөйлөрдү түзүү.

## Серая неясыть

### *Strix aluco* Linnaeus, 1758

**Статус:** *VII, Least Concern, LC.* В Кыргызстане обитает *Strix aluco harmsi* (Zarudny, 1911).

**Распространение общее и в стране.** Гнездовой ареал разорван и лежит в пределах Европы Азии и Северо-Западной Африки, на севере до Норвегии, Швеции, Санкт-Петербурга, Ишима, на юге- до Турции, Северного Ирана, затем перерыв: неясыть отсутствует в Восточном Иране и Западном Афганистане и появляется восточнее: в Туркестане, Западном ТяньШане, Пакистане, Индии, Китае и Корее [45]. В Кыргызстане это обычная птица орехоплодовых лесов Чаткальского и Ферганского хребтов, иногда встречается в Чуйской долине [2]. Есть данные о зимних встречах из Гульчи и Узгена.

**Места обитания.** Лесная птица, в условиях Кыргызстана предпочитает старые захламленные орехоплодовые леса.

**Численность.** Неизвестна.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Сроки размножения в Кыргызстане не установлены. В соседних районах Казахстана брачные крики отмечены в конце мая, а в начале июля – уже летные птенцы. Число яиц в кладке 2-6, самка насиживает 30 дней, птенцы через месяц покидают гнездо и долго держатся на гнездовом участке [45]. Пища разнообразная: мелкие млекопитающие и птицы, реже рептилии, амфибии и жуки, но основу питания все же составляют мелкие грызуны: полевки и мыши, в наших условиях и туркестанские крысы [2].

**Лимитирующие факторы.** Вырубка старых лесов с дуплистыми деревьями, депрессии основных видов питания-грызунов.

**Разведение (содержание в неволе).** Неизвестно.

**Меры охраны существующие.** Серая неясыть обитает на территории Сарычелекского и Падышатинского заповедников.

**Меры охраны рекомендуемые.** Развешивание дуплянок в захламленных старых участках леса.

## Tawny Owl

### *Strix aluco* (Linnaeus, 1758), ssp. *harmsi* (Zarudny, 1911)

**Status:** *VII, Least Concern, LC.* Common bird in walnut forests of Chatkal and Fergansky Mountainous Ridges sometimes occurs in Chu Valley. Wintering birds were seen in Gulcho and Uzgen villages. Data on numbers are unknown. Nesting biology is also not available. In Kazakhstan males display calls are heard in the end of May. Lays 2-6 eggs, female incubate for 30 days, juveniles leave the nest in a month. Uses for food the small rodents and Turkestan Rat. Limiting factors are felling old trees with hollows in tree-trunks, depression of rodents' numbers. No evidence about captivity holding. It is protected in Sary-Chelek and Padysha-Ata zapovedniks (protected areas). It is recommended to hang artificial nests in mature parts of the walnut forests.



# Акканаттуу тоңкулдак

**Dendrocopos leucopterus (Salvadori, 1870)**



**Тоңкулдак сымалдар – Piciformes – Дятлообразные**
**Тоңкулдактар – Picidae – Дятловые**

**Статусу:** *VII, Least Concern, LC.* Монотиптүү түр [47].

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Ички Азиянын Орто жана Батыш бөлүгү. Батыш Узбойдон, Арал деңизинин түштүк жана чыгыш жээктеринен чыгышты карай Богдошань тоо кыркасына жана Лобнор көлүнө чейин. Түндүктөн Сырдарыянын чатына, Чунун ылдый жагына, Балхаштын түштүк жээгине, Борохоро тоо кыркаларына чейин. Түштүктү көздөй Копетдагдын этегине, Паропамиздин этегине, Гиндикуштун түндүк тоо этегине, Алтынтаг тоо кыркаларынын түндүк этегине чейин [7, 43]. Кыргызстанда кээде Нарын жана Атбашы дарыяларынын жайылма токойлорунда, Кыргызстандын түштүгүндөгү жаңгак токойлорунда көбүрөөк кездешет. Алай жана Фергана тоо кыркаларында, Бишкекте кездешкен [2, 16].

**Жашаган аймактары.** Жалбырактуу токойлордо жашайт. Бийик тоолорго деңиз деңгээлинен 2800 м бийиктикке чейин көтөрүлөт.

**Саны.** Системдүү маалымат жок. Жаңгак токойлорунда жана Фергана тоо кыркаларынын жана өрөөнүнүн бактарында адатта кездешүүчү канаттуу (1-3 особ/кв.км) [48].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Отурукташкан түр. Уялоо биологиясы боюнча маалымат үзгүлтүктүү. Жалбырактуу бактардын көңдөйлөрүндө уялайт, жупташуу апрелдин ортосунда жүрүшү мүмкүн. Жумуртка туу мезгили белгисиз. Чоңдорунан айырмаланбаган жаш канаттуулар токойдо июлдун ортосунда кездешет. Өзгөчө зыяндуу курт-кумурскалар менен, жаңгактын данеги жана жапайы данектүү өсүмдүктөрдүн мөмөсү менен азыктанат [2].

**Чектөөчү факторлор.** Уялоого ылайыктуу көңдөйлүү эски бактарды контролсуз браконьердик кыюуу.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Кыргызстанда бул түрдү коргоо боюнча атайын чаралар колдонулган эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Санитардык иш-аракеттерди жүргүзүүдө дагы эски бактарды контролсуз кыюууну чектөө, токойдун климакстык стадиядагы бөлүктөрүндө кичи заказниктерди түзүү. Биотехникалык иш-аракеттерди орнитологдор менен макулдашуудан кийин жүргүзүү.

.

# Белокрылый дятел

## *Dendrocopos leucopterus* (Salvadori, 1870)

**Статус:** *VII, Least Concern, LC.* [47]. Монотипичный вид [47].

**Распространение общее и в стране.** Средняя и западная части Внутренней Азии. От западного Узбоя, южного и восточного побережий Аральского моря к востоку до хребта Богдошань и оз. Лобнор. К северу до устья Сырдарьи, низовий Чу, южного побережья Балхаша, хребта Борохоро. К югу до подножий Копетдага, северного подножия Паропамиза, северного подножия Гиндукуша, северного подножия хребта Алтынтаг [7, 43]. В Кыргызстане изредка встречается в пойменных лесах рек Нарын и Ат-Баши, более многочислен в орехово-плодовых лесах на юге Кыргызстана, встречался на Алайском и Ферганском хребтах [2, 16], в г. Бишкек.

**Места обитания.** Обитает в лиственных лесах. Поднимается высоко в горы до 2800 м н.у.м.

**Численность.** Системных сведений нет. Обычен в орехо-плодовых лесах и садах Ферганского хребта и долины (1-3 особи/кв. км) [48].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Оседлый вид. Сведения по гнездовой биологии отрывочны. Гнезда устраивает в дуплах лиственных деревьев, спаривание происходит, по-видимому, в середине апреля. Период кладки яиц неизвестен. Молодые птицы, неотличимые от взрослых, встречаются в лесу в середине июля. Питается в основном насекомыми, особенно вредителями леса, нередко – ядрами ореха и плодами диких косточковых [2].

**Лимитирующие факторы.** Бесконтрольная браконьерская вырубка старых деревьев с подходящими для гнездовья дуплами.

**Разведение (содержание в неволе).** Сведений нет

**Меры охраны существующие.** Специальные меры охраны не предпринимались.

**Меры охраны рекомендуемые**. Ограничить бесконтрольную вырубку старых деревьев, даже в целях санитарных мероприятий, создать минизаказники в частях леса, находящихся в климаксной стадии. Биотехнические мероприятия проводить только по согласованию с орнитологами.

# White-winged Woodpecker

## *Dendrocopos leucopterus* (Salvadori, 1870)

**Status:** *VII, Least Concern, LC.* Monotypic species [47]. Resident bird in walnut forests in the south of Kyrgyzstan, rarer – in floodplain forests of Naryn and At-Bahsi Rivers. Prefers deciduous forests, can occur up to 2,800 m above sea level. No systematic data on numbers. Density of White-winged Woodpecker in walnut forests and orchards is 1-3 individuals per km$^2$. Nesting biology is unknown. Juveniles are recorded in mid of July. Uses for food the insects, rarer – in nuts, and fruits. Major limiting factor is illegal felling of mature trees with suitable hollows in trunks. No evidence of captivity holding. So far, no special protection measures were undertaken. It is suggested to cease illegal felling of mature trees, even sanitary tree felling needs to be coordinated with ornithologists. It is necessary to establish mini protected areas in climax parts of the forests. [93].

# Чоң чаар тонкулдак

***Dendrocopos major*** **(Linnaeus, 1758)**





**Тоңкулдак сымалдар – Piciformes – Дятлообразные**
**Тоңкулдактар – Picidae – Дятловые**

**Статусу:** *VI, Near Threatened, NT: R.* Жалпы 18 түрчөлөр белгилүүдө.Кыргызстанда тяньшандык чоң чаар тоңкулдак жашайт - *P.m.brevirostris* (Reichenbach, 1854).

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Чоң чаар тоңкулдак КМШнын батыш чек араларынан тартып, Камчатка жана Сахалинге чейинки территорияда жашайт. Түндүктөн токой-тундрасына жетет, түштүктөн чек арасы Украина, Поволжье, Урал аркылуу өтүп, Иртышка да жетип, Тяньшанга келет. КМШдан тышкары Түндүк-Батыш Африкада, Кичи Азияда, Монголиянын, Кытайдын, Жапандын ж.б. бөлүктөрүндө тараган. 18 анча айырмаланбаган расасы белгилүү [2, 46].

**Жашаган аймактары.** Кыргызстандын территориясынан эки экземпляр белгилүү: Тескей Алатоодон (Северцев 10.07.1876) жана Кыргыз тоо кыркаларынан (ММУнун зоомузейинин коллекциясы). Биздин коллекцияда чоң чаар тоңкулдактын бир гана коллекциясы бар. ММУ жана РИАнын коллекциясында бул тоңкулдактын 1912-жылдын 22-январынан жана 6-мартынан Текес дарыясынын өрөөнүнөн (Казакстан) 3, ал эми Чыгыш Тяньшандан жана Кытайдан бир нече экземпляры бар. Чыгыш Ысыккөлдүн карагай токойлорунда кездешиши мүмкүн.

**Саны.** Маалымат жок.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Карагай жана жаңгак токойлорунда жашайт. Негизинен курт-кумурскалар, өзгөчө зыяндуу курт-кумурскалар менен азыктанат

**Чектөөчү факторлор.** Белгиленген эмес.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Карагай жана жаңгак токойлорунда Жашаган аймактарын коргоо.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Жашаган аймактарын коргоо. Карагай, жаңгак жана жайылма токойлорду бак кыюудан сактоо боюнча биотехникалык иш-аракеттерди жүргүзүү жана токойлорду калыбына келтирүү.

# Большой пестрый дятел

## *Dendrocopos major* (Linnaeus, 1758)

**Статус:** *VI, Near Threatened, NT: R.* Кыргызстан населяет *Dendrocopos major brevirostris*[1] (Reichenbach, 1854). Известно 18 недостаточно различающихся рас.

**Распространение общее и в стране.** Большой пестрый дятел в пределах СНГ населяет территорию от западных границ до Камчатки и Сахалина. На севере достигает лесотундры на юге граница проходит по Украине, Поволжью, Уралу, доходит до Иртыша, вклинивается в Тянь-Шань. Вне СНГ населяет Северо-Западную Африку, Малую Азию, часть Монголии, Китая, Японии и др. С территории Кыргызстана известно 2 экземпляра: с Теской Алатоо (Северцов 10.07.1876 года) и с Киргизского хребта (коллекция зоомузея МГУ). В нашей коллекции имеется всего один большого пестрого дятла. В коллекциях МГУ и ЗИН РАН имеется 3 экз. этого дятла с долины реки Текес от 22 января и 6 марта 1912 года (Казахстан), а также ряд экземпляров с Восточного Тянь-Шаня в пределах Китая [2, 46].

**Места обитания.** Возможно встречается в еловых лесах Восточного Прииссыккулья.

**Численность.** Сведений нет.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Обитает в ельниках и орехо-плодовых лесах. Питается в основном насекомыми, особенно вредителями леса.

**Лимитирующие факторы.** Не установлены.

**Разведение (содержание в неволе).** Сведений нет.

**Меры охраны существующие.** Охрана мест их обитания в еловых и орехо-плодовых лесах.

**Меры охраны рекомендуемые.** Охрана среды их обитания. Биотехнические мероприятия по охране еловых, орехоплодовых и пойменных лесов от бесхозной вырубки и их воспроизводство.

# Great Spotted Woodpecker

## *Dendrocopos major* (Linnaeus, 1758)

**Status:** *VI category, Near Threatened, NT: R.* Occurrence status is not clear. Two Woodpeckers were collected: one from Issyk-Kul oblast, another one from Kyrgyz Mountainous Ridge. Prefers spruce forests. Data on numbers are unknown. Information about limiting factors is not available. It is proposed to protect suitable for nesting forest habitats against unlimited felling trees.



# Узункуйруктуу чымынчы

***Terpsiphone paradisi*** (Linnaeus, 1758)



Таранчы сымалдар – **Passeriformes – Воробьинообразные**
Монархтар – **Monarchidae – Монарховые**

**Статусу:** *VI, Near Threatened: NT: R.*. Кыргызстанда *T.p.leucogaster* (Swainson, 1838) кездешүүдө.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Казакстанда, Өзбекстанда жана Тажикстанда жашайт. Кыргызстанда түрдүн ареалынын чеги чыгыш-түштүктө өтөт. Батыш Тяньшанда, мүмкүн Талас жана Кыргыз тоо кыркаларынын чыгыш жагында кездешет.

**Жашаган аймактары.** Жалбырактуу токойлор жана бактар, көлмөлөр жана тоолуу дарыялардын жээктери.

**Саны.** Республикада белгисиз, бирок ага мүнөздүү жерлерде адаттагыдай эле кездешет. Чектелүү территорияларда да таралган.

**Чектөөчү факторлор.** Браконьерлик, түргө жагымдуу территориялардын кыскарылышы.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Келгин куш, уялоочу мезгили узакка созулат. Майдын экинчи-үчүнчү декадасында уя салышы башталат. Уясында 2-3 жумуртка.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** 1985-жылы Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген. Тажикстандын Кызыл китебине жазылган. Сарычелек жана Бешарал коруктарынын территориясында коргоого алынган. Республиканын территориясында кармоого тыюу салынган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Эл арасына түрдүн уялоочу жерлерин коргоого алуунун зарылчылдыгы жөнүндө пропаганда жүргүзүү. Коргоону күчөтүү, браконьерликке каршы күрөш жүргүзүү. Республикада түрдүн ареалын аныкташ үчүн кошумча изилдөөлөрдү жүргүзүү, санын жана статусун тактап аныктоо.

# Райская мухоловка

*Terpsiphone paradisi* (Linnaeus, 1758)

**Статус:** *VI, Near Threatened: NT: R.* Один вид семейства Монарховых *MONARCHIDAE* в фауне Киргизии [36]. Обитает подвид *Terpsiphone paradisi leucogaster* (Swainson, 1838).

**Распространение общее и в стране.** Обитает в Казахстане, Узбекистане и Таджикистане. В Киргизии проходит юго-восточная граница ареала вида. Распространена по Западному Тянь-Шаню, возможно по западной части Таласского и Киргизского хребтов [2].

**Места обитания.** Обитает в лиственных лесах и садах по берегам водоемов и горных рек.

**Численность.** В республике не известна, но в подходящих местообитаниях довольно обычная птица. На сопредельных территориях обычная птица.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Период гнездования растянут. В кладке обычно 2-3 яйца.

**Численность.** Несомненно, редкий и, вероятно, стенобионтный вид. В местах излюбленного обитания весьма обычен, так, за 5 ночей в сентябре 1992 г. в скальных предгорьях Араванского района было отловлено в паутинные сети 18 особей, из которых 12 были взрослыми самцами, 3 – молодыми самцами, 2 – взрослые самки и 1 – молодая [42, 43].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Ведет сумеречный и ночной образ жизни. Размножение в условиях Кыргызстана слабо изучено, вероятно, начинается в конце мая – начале июня, в июле молодые начинают питаться самостоятельно. Так, в Душанбе, О.П. Богданов находил самок с эмбрионами и новорожденными в начале июня [40]. Охотятся зверьки, летая над землей на высоте 0,4–1 м. Завидев добычу, быстро приземляется на 2–5 секунд для ее поимки, затем взмывает на высоту 3–7 м, жует добычу на лету, полет в это время медленный, парящий. Анализ фекалий 13 экземпляров указывает на преобладание в диете стрелоуха сольпуг (Arachnidae – 21,9%, Acrididae –18,8%), скорпионов (Arachnidae и Aranidae – по 9,2%). В целом, диета зверьков состоит наполовину из представителей арахнид, другую половину составляют насекомые: жуки, имаго чешуекрылых и др. [43]. Зимует одиночно в лессовых пещерах.

**Лимитирующие факторы.** Естественные враги, конкуренты и болезни не изучены. Не исключаются случаи физического уничтожения людьми зверьков, образующих колонии в пределах населенных пунктов.

**Разведение (содержание в неволе).** Не разводится.

**Меры охраны существующие.** Занесен в КК Киргизской ССР [9].

**Меры охраны рекомендуемые.** Создание минизаказников в подходящих местообитаниях, охрана убежищ, разъяснительная работа среди населения сел и поселков, соседствующих с местами обитания данного вида.

## Desert Long-eared, or Hemprich's Arrow-eared, Bat

### *Otonycteris hemprichi* (Peters, 1859)

**Status:** *VII category, «Lower Risk – Least Concern», LR/lc*. This comparatively large (body length is 69 mm) light-coloured bat is very rare resident species in Kyrgyzstan. It is included in IUCN RLTS, locally distributed stenoeic west-south-Palaearctic (from Northern Africa up to Kashmir) representative of the monotypic relic genus. In Kyrgyzstan Desert Long-eared Bat was registered in southern spur of Chatkal Mountain Range (vicinity of Tash-Kumyr town) in 1966 and in vicinities of Aravan village in 1992, where it populates semi-desert slopes with sparse Pistachio forest; retreats are clefts in rocky, sandstone or schistose denudations. Bats hibernate one by one in loess caves, period of reproduction starts in May – June, young animals begin feeding on their own in July, males/females ratio is 5 in population examined (18 individuals captured per five nights, in pet habitat). These bats have specific hunt behaviour (low searching fly and catching at land surface), half of their prey consists of arachnids (scorpions, sun spiders, orb-web spiders), other half is insects (mainly acridids). Ecology and limiting factors are insufficiently studied in Kyrgyzstan, probably colonies in settlements are destructed by human. It is not held in captivity in Kyrgyzstan, special protection measures were not undertaken. For conservation of the species options offered are creation of micro-reservations in habitats and awareness building work for local people.

# Кош эрин жарганаты

*Tadarida teniotis* Rafinesque, 1814





Кол канаттуулар – Chiroptera – Рукокрылые
Бучуктар жарганаттар – Molossidae – Бульдоговые летучие мыши

**Статусу:** *VII категория, Lower Risk/least concerned, LR/lc.*

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Евразиянын, Түндүк Африканын тоолуу аймактары. Орто Азия өлкөлөрүнүн бардыгында жана Казахстанда кездешет, бардык жерде сейрек кездешүүчү түр катары эсептелет [10]. Мурда Ош шаарынын тегерегинде үңкүрлөрдө гана кездешет деген пикир тараган [9]. Акыркы изилдөөлөр көрсөткөндөй [42], бул түр Кыргызстандын территориясы боюнча дээрлик бардык жерде кездешет.

**Жашаган аймактары.** Жапыз жана орто тоолордун аскалуу аймактарында (кээде деңиз деңгээлинен 3000 м бийиктикке чейин) жашайт, аскалардын жаракаларында жана үңкүрлөрдө жайгашат.

**Саны.** 1992-жылы Кыргызстандын бардык территориясы боюнча жүргүзүлгөн Швейцар - Чех - Кыргыз экспедициясынын жыйынтыгы боюнча изилденген 44 ландшафттык өзөндүн ичинен кош эрин жарганаты 22синде 700 м бийиктиктен 2500 м, бир жолу 3000 м ге жакын бийиктикке чейинки диапазондо кездешкен. Ысыккөл облусунун Тоң районунун бир жеринде жана Ош облусунун Араван районунун 3 өзөнүндө бул жаныбардын көп сандаган чакырыктары түнү бою угулуп турган. Изилденген территориялардын сегизинде чакырык регулярдуу түрдө, ал эми он аймакта кээде гана угулган. Торго кармалган жарганаттардын ичинен кош эрин жарганаты тутулуу боюнча экинчи орунга ээ болгон да, 81 кош эрин жарганат кармалган. Арашан дарыясынын жана анын аскалуу жээктеринин үстүндө учуп жүргөн жүздөн ашык особь (1992-жылы 21 сентябрда) байкалган [42].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Өзгөчө ареалынын түндүгүндө келгин түр [11]. Кыргызстандын үңкүрлөрүнүн биринде майдын аягынан августтун ортосуна чейин кездешкен [36, 44]. Көбөйүү биологиясы начар изилденген, ургаачылары июнь айында бирди тууй тургандыгы белгилүү [4, 9, 11]. Бир нече ургаачы жана бир эркеги бар чоң колониялар менен жашайт. Аңчылыкка 20 км ден алыс аралыкка учушу мүмкүн [10].

**Чектөөчү факторлор.** Адамдардын үңкүрлөргө тез барып турушу [36], балким, колонияларга жакын жайгашкан айыл-чарбада гербициддерди жана пестициддерди колдонуу [9, 37].

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** 1975-жылдан бери өзгөчө коргоого алынган түрлөрдүн тизмесине киргизилген, Кыргыз ССРинин Кызыл Китебине (1985), ошондой эле Казахстан, Узбекистан, Тажикистан жана Туркменияныи Кызыл Китептерине киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Үңкүрлөрдү жана жашоого ылайыктуу аймактарды коргоо. Жергиликтүү жашоочулардын арасында түшүндүрүү иш-аракеттерин жүргүзүү.

# Широкоухий складчатогуб

## *Tadarida teniotis* Rafinesque, 1814

**Статус:** *VII категория, Lower Risk/least concerned, LR/lc.*

**Распространение общее и в стране.** Горные районы Евразии, Северной Африки. Встречается во всех странах Средней Азии и в Казахстане, и везде считается редким видом [10]. Ранее превалировало мнение, что встречается только в пещерах, в окрестностях г. Ош [9]. Согласно последним исследованиям [42], этот вид встречается практически повсеместно, по всей территории Кыргызстана.

**Места обитания.** Типичный обитатель гор и придерживается скальных участков в низкогорье и среднегорье (иногда до 3000 м. н. у. м.), селится в трещинах скал, на потолках пещер [4, 11, 37].

**Численность.** По результатам работы Швейцарско-Чешско-Кыргызской экспедиции 1992 г. из 44 обследованных ландшафтных урочищ по всей территории Кыргызстана, складчатогуб встречался в 22, в диапазоне от 700 до 2500 м. н. у. м., однажды – около 3000 м. В одной точке Тонского района Иссыккульской области и в 3 урочищах Араванского района Ошской области многочисленные позывы животного были слышны на протяжении ночи. В 8 обследованных участках позыв был слышен регулярно, наконец, в 10 местообитаниях – только отдельные позывы. Из числа отловленных в паутинные сети летучих мышей складчатогуб, занимал второе место по попадаемости, всего был отловлен 81 зверек. Наконец, более ста особей наблюдались визуально (21 сентября 1992 г.) летающими над рекой Арашан и ее скальными берегами [42].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Перелетный вид, особенно на севере ареала [11]. В одной из пещер Кыргызстана встречался с конца мая до середины августа [36, 44]. Биология размножения изучена слабо, известно, что самки приносят по одному детенышу в июне [4, 9, 11]. Живёт большими колониями, где на несколько самок может быть один самец. На охоту может летать за 20 км [10].

**Лимитирующие факторы.** Частая посещаемость пещер человеком [36], возможно, применение гербицидов и пестицидов в сельском хозяйстве по соседству с колониями [9, 37].

**Разведение (содержание в неволе).** Данных нет.

**Меры охраны существующие.** С 1975 г. вид включен в Список особо охраняемых видов, внесен в КК Киргизской ССР (1985), а также в КК Казахстана, КК Узбекистана, КК Таджикистана и КК Туркмении.

**Меры охраны рекомендуемые.** Охрана пещер и подходящих местообитаний. Проведение разъяснительной работы среди местного населения.

# European Free-tailed bat

## *Tadarida teniotis* Rafinesque, 1814

**Status:** *VII category, Lower Risk/least concerned, LR/lc.* It is comparatively large, naturally rare migratory locally distributed south-Palaearctic mastiff bat species, was considered extremely rare in Kyrgyzstan up to present times. This globally vulnerable colonial species is listed in many regional Red Books along the area of distribution. In Kyrgyzstan these bats were observed in 22 sites out of 44 throughout the country by Swiss-Czech-Kyrgyz zoological expedition in 1992. This typical mountain species populates in rocky localities in low- and mid-mountain belts, sometimes up to 3,000 m above sea level; roosting spots are deep rocky clefts and ceilings of caves. There were numerous calls head during the night in 4 sites, regular calls – in 8 sites isolated calls were heard in 10 sites out of those 22. Among bat species captured by mist nets, European fee-tailed Bat occupied the second place by number, altogether there were 81 animals captured. Finally, over 100 bats were observed visually along Aravan river in Aravansky rayon. Seasonal biology (hibernation, migration etc.) is insufficiently studied; period of reproduction begins in May – June, females bore 1–2 cubs in June, young bats achieve reproduction age in one year time, bats catch night flying insects. Limiting factors: disturbance in retreats by human (disturbed bats left caves), probably pesticide treatment in surrounding agricultural lands. It is not held in captivity in Kyrgyzstan, special protection measures were not undertaken despite the species has formal status of protected species in the country since 1975 year and is listed in Red Books of USSR and Kyrgyzstan. To conserve the species it is necessary to prevent human visits in caves populated by bats and awareness building work for local people.

# Чөө

## *Cuon alpinus* (Pallas, 1811)





**Жырткычтар сымалдар – Carnivora – Хищные**
**Иттер – Canidae – Псовые**

**Статусу:** *III категория Critically Endangered, CR: R.* Кыргызстан боюнча IUCN маалыматтары көрсөткөндөй (айткандай) (IUCN 2004, 2004 IUCN Red List of Threatemed Species – www.redlist.org. Downloaded on 22 November 2005). Акыркы 50 жылдын ичинде Кыргызстандын территориясында чыныгы катталуусу жөнүндө фактылар жок. Кыргызстандын жана КМШдин фаунасында уруунун бир гана өкүлү.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Мурунку таралган ареалы – Тяньшань менен Алайдын бүт тоо системасы. Болжолдуу мурунку таралган жерлери – Алай сырты тоо кыркасы, Алай өзөндөрүнүн башы, Аксай суусунун өрөөнү, Нарын жана Талас Алатоо кыркалары, Кетментөбө ойдугунун тоо беттери, Фергана тоо кыркаларынын түндүк беттеринде Казакстан менен чектеш территорияда кезиккени көрсөтүлгөн [2].

**Жашаган аймактары.** Альпы жана субальпы алкактарынын талаалуу биотоптору, токойлуу алкактын жогорку бөлүгү. Туяктуу жандыктар менен бир жерде таралган.

**Саны.** Жоголуп кеткен түрлөрдөн болушу мүмкүн. 1922 жылдан 1956 жылга чейин сыйлык алыш үчүн өткөзгөн карышкырдын терисинин арасында алты тери чөөнүкү болуп чыккан. Бирок, теричилердин туура аныкташканына толук ишенүүгө болбойт.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Кыргызстанда изилденген эмес. Адабияттарда көрсөтүлгөн маалыматтар боюнча чөө күндүзү да, түнкүсүн да активдүү, 500 км ге чейин же андан да ашык алыстыкка көчүүгө жөндөмдүү. Кууту январь-февралдарга туш келет, 62-64 күн көтөрүп, 3-9 күчүк тууйт. Жыныстыгы 1-2 жылда жетилет. Көбөйүшүнөн сырткары 5-10дон турган үйүрдү (30 особго чейин) түзөт. Жапайы туяктууларга, негизинен текелерге аңчылык кылат.

**Чектөөчү факторлор.** Чөөгө карышкыр менен иттердин конкуренциясы, болжолдогондо адам тараптан түздөн-түз куугунтуктоо.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Кыргызстанда колдо багылбайт. Айрым дүйнөлүк зоопарктарда ийгиликтүү көбөйүшөт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** IUCN Кызыл китебине EN категорияда көрсөтүлгөн. «Жапайы фаунанын жана флоранын жок болуп бара жаткан түрлөрүнүн эларалык соода-сатык кылышы боюнча конвенциянын 2-тиркемесине киргизилген (СИТЕС). 1975-жылдан бери Кыргызстанда атууга жана кармоого тыюу салынган, 1985-жылы Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** ӨКЖА (өзгөчө алынган жаратылыштык территорияларда) жасалма жол менен көбөйтүү жана репродукциялоо. Республиканын территориясында чөө жашаган жерлерди билүү максатына ылайык кеңири анкета алууну жүргүзүү. Кыргызстанда көбөйтүүнүн биологиясынын өзгөчөлүктөрүн жана курчаган чөйрөгө ыңгайланышын изилдөө.

# Красный волк

## *Cuon alpinus* (Pallas, 1811)

**Статус:** *III категория Critically Endangered, CR: R.* За последние 50 лет факты достоверной регистрации на территории Кыргызстана отсутствуют. Единственный представитель рода в фауне Кыргызстана и СНГ.

**Распространение общее и в стране.** Ареал былого возможного обитания – вся горная система Тянь-Шаня и Алая. Места предполагаемых встреч, отмеченных в прошлом, – Заалайский хр., верховье Алайской долины, долина р. Аксай, верховье р. Нарын, хребты Тескей, Киргизский и Таласский Ала-Тоо, горные склоны Кетмен-Тюбинской котловины, верховье р. Чаткал, восточные склоны Ферганского хр. В 1953 г. отмечался в верховьях Наралисая [1], в 1977 г. – на Ангренском плато, в конце 80-ых годов – на северных склонах Угамского хр. сопредельной с Казахстаном территории [2].

**Места обитания.** Остепненные биотопы альпийского и субальпийского поясов, верхняя часть лесного пояса. Сопряжены с местами концентрации копытных.

**Численность.** Вероятно, исчезнувший вид. С 1922 по 1956 гг. среди шкур обыкновенного волка, предъявленных на получение премии за добычу, было зарегистрировано 6 шкур данного вида, впрочем выражаются сомнения в правильности их идентификации приемщиками шкур.

**Образ жизни (жизненные циклы)**. Активен в дневное и ночное время, может совершать кочевки до 500 км и более. Гон приходится на январь–февраль, продолжительность беременности – 62–64 дня, численность щенков в помете – 3–9. Половой зрелости достигает в 1–2 года. Вне периода размножения образует стаи в 5–10 (до 30) особей. Объекты охоты – дикие копытные, в основном козероги.

**Лимитирующие факторы.** Конкуренция со стороны обыкновенного волка, собак и, предположительно, прямое преследование со стороны человека.

**Разведение (содержание в неволе).** В Кыргызстане не разводится. В некоторых зоопарках мира успешно размножается.

**Меры охраны существующие.** Внесен в КК IUCN, в категории EN. Внесен в Приложение 2 Конвенции о международной торговле видами дикой фауны и флоры, находящими под угрозой исчезновения (СИТЕС). Отстрел и отлов в Кыргызстане запрещен с 1975 г., в 1985 г. внесен в КК Киргизской ССР.

**Меры охраны рекомендуемые.** Искусственное разведение и реинтродукция в ООПТ. Широкое анкетирование с целью выявления мест появления этого вида на территории республики с последующим наблюдением. Изучение особенностей биологии размножения в неволе и адаптации в природную среду.

# Asiatic Wild Dog

## *Cuon alpinus* (Pallas, 1811)

Status: *III category Critically Endangered, CR: R.* Occurred in Tien Shan and Pamir-Alai mountain systems in the past. Prefers steppe type habitats in subalpine and alpine belts and upper part of forest belt next to wild populations of ungulate animals. Most probably in Kyrgyzstan species are extinct. Six skins were identified as Asiatic Wild Dogs among wolf skins obtained in 1922-1956 from hunters for bonuses. Those cases were doubtful because of ability to make right identification based on skin collectors. Active during the day and night time, able to roam for 500 km and more. Mating season starts in January-February, pregnancy lasts for 62-64 days, females deliver 3-9 puppies. Animals become mature after 1-2 years. Groups consist of 5-10 (up to 30) individuals after mating season. Uses mostly for food the wild goats. Limiting factors are competition with wolfs, poaching. No cases of captivity breeding. Hunting is prohibited since 1975, included in Kyrgyz Red Book in 1985. Recommendations- captivity breeding and reintroduction, survey through questionnaires distribution to identify dwelling animals.

# Аюу

## *Ursus arctos* Linnaeus, 1758





**Жырткычтар сымалдар – Carnivora – Хищные**
**Аюулар – Ursidae – Медвежьи**

**Статусу:** *VII категория, Lower Risk/least concerned, LR/lc.* Ареалы менен саны кыскарып бара жаткан түр. *U.a.isabellinus* Horsfeld, 1826 түрчөсү кездешүүдө. Республиканын территориясында аюунун сейрек түрчөсү.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Негизинен бийик тоолорду мекендейт. Аюулар Кыргызстанда өрөөндөрдөн башка бүткүл территорияларды ээлейт. Аюулар жашаган жерлер белгилүү: Тескей жана Күнгөй Алатоо, Нарын, Атбашы, Кыргыз, Талас, Чаткал, Фергана, Алай жана Заалай сыртындагы тоо кыркалары [3]. Кыргызстандан тышкары Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Кытай, Индия, Непал, Пакистан жана Афганистан [4, 5].

**Жашаган аймактары.** Негизинен бийик тоолуу аймактар.

**Саны.** Өткөн кылымдын 70-жылдарында Чаткал тоо кыркаларынын жаңгак-мөмөлүү токойлорунда аюунун саны бир кыйла көп болгон. Ушул зоналарда 1 миң гектарда түрдүн жыштыгы 0,6-0,8 башка жеткен. Сарычелек коруктун 10-12 миң гектар территориясында түргө жагымдуу жерлерде 26 баш саналган. 1964-жылы Фергана тоо кыркаларынын чыгыш бетинде аңчылыктардын изилдөөлөрү боюнча 200 миңге жакын гектар аянтта аюунун жалпы саны 200-250 башты түзгөн. Ошондой эле Фергана тоо кыркасынын калган территорияларында, дагы Бабашата, Чандалаш, Пскем жана Талас тоо кыркаларында жашашы белгилүү. Тескей Алатоо, Кыргыз тоо кыркаларында жана Ички Тяньшанда 40 миң гектар территорияда 1-2 аюу гана саналган [4]. Акыркы 10 жыл ичинде бардык жерлерде саны кескин азайды [6]. Аюунун саны төмөн, бул жырткычка мүнөздүү эмес.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Суткалык жашоо тиричилиги даана бөлүнгөн эмес. Эртең менен жана кечкисин азыктанууга чыгат. Туруктуу сезондук көчүүнү аюулар жасашпайт, белгилүү гана жерлерде болот, бирок тоют издеп же бир нерсени кууп убактылуу башка жерлерге көчүшөт. Жашоо тиричилик өзгөчөлүктөрүнүн бир кызыктуу жагы – анын кышкы чээнге кириши. Адегенде анча терең эмес кышкы уктоого кирет, андан кийин кыштын жарымына жеткенде, алар бара-бара катуу уктоого өтүшөт. Көбүнчө кышкы ийинин жардын же зоолордун жаракаларына салат. Аюунун кууту июнь-июль айларында жүрөт. Ушул убакта бир нече эркектери ургаачысын ээрчип жүрөт. Кээбирде эркектеринин ортосунда өлүмгө алып келүүчү талаш-тартыштар болот. Декабрдын аягында – январдын башында аюунун ийининде мамалагы туулат. Аны 6 ай көтөрөт. Ургаачысы көбүнчөсүн 2, чанда 3 көзү ачыла элек келген мамалакты тууйт, ар биринин салмагы 500 г дан ашпайт. Жыныстык жагынан алар 3 жашка жеткенде жетилет [3].

**Чектөөчү факторлор.** Браконьерлик.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Колдо көбөйтүү боюнча маалыматтар белгилүү.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** СССРдин жана Кыргыз ССРинин Кызыл китептерине киргизилген. 1986-жылдан тартып азыркы убакытка чейин ага аңчылык кылууга тыюу салынган. Кыргызстандын коруктары менен заказниктеринде башка жаныбарлар менен бирге коргоого алынган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Анын чогулган жеринде жаңы коруктар менен заказниктерди уюштуруу. Жергиликтүү элдердин арасына түшүнүк иштерин жүргүзүү. Ушул түрчөнүн биологиясы начар изилденгендиктен көңүл буруу зарыл.

# Бурый медведь

## *Ursus arctos* Linnaeus, 1758

**Статус:**. *VII категория, Lower Risk/least concerned, LR/lc.* Редкий подвид медведя *Ursus arctos isabellinus* Horsfeld, 1826 обитает на территории республики.

**Распространение общее и в стране.** Населяют Казахстан, Узбекистан, Таджикистан, Китай, Индия, Непал, Пакистан и Афганистан [4,5]. Почти вся территория Кыргызстана, за исключением долин, освоенных под земледелие. Известные места: хребты Терскей и Кунгей Ала-Тоо, Нарынский, Атбашинский, Киргизский, Таласский, Чаткалский, Ферганский, Алайский и Заалайский [3].

**Места обитания.** В основном высокогорья.

**Численность.** Имеет тенденцию к сокращению. В 70х годах прошлого столетия численность была довольно высокая в орехо-плодовых лесах по Чаткальскому хр. В этих зонах плотность вида достигала до 0,6–0,8 животных на 1 тыс. га видопригодных угодий. В Сарычелекском заповеднике на территории 10–12 тыс. га насчитывалось 26 особей. На восточных склонах Ферганского хр., по материалам охотобследования 1964 г., на площади около 200 тыс. га общая численность животных составила 200–250 голов. Медведь обычен был и на всей остальной территории Ферганского хр., а также на Бабашатинском, Чандалашском, Пскемском и Таласском хребтах. По Терскей Ала-Тоо, Киргизскому хр. и Внутреннему Тянь-Шаню на территории 40 тыс. га насчитывалось 1–2 медведя [4]. За последнее десятилетие численность повсеместно значительно сократилась [6].

**Образ жизни (жизненные циклы)**. Нет четкого разграничения суточного образа жизни. На кормежку выходит чаще в утренние и вечерние часы. Постоянных сезонных перемещений не делает, в основном придерживается определенных мест, однако бывают случаи, когда в поисках корма или преследования звери временно переходят на другие участки. Одной из наиболее интересных особенностей жизнедеятельности является зимняя спячка, она носит характер неглубокого зимнего оцепенения, которое постепенно возрастает ко второй половине зимы, тогда животное спит крепче. Зимние убежища устраивает чаще в расщелинах скал. Гон проходит в июне–июле, в это время, при наличии нескольких самцов, ухаживающих за самкой, часто происходят ожесточенные драки, оканчивающиеся иногда смертью одного из противников. Половозрелость наступает в возрасте трех лет [3]. В конце декабря – начале января у самки в берлоге появляются двое, реже трое слепых детенышей, вес которых не превышает 500 г. Срок беременности длится 6 месяцев.

**Лимитирующие факторы.** Браконьерство, сокращение видопригодных территорий.

**Разведение (содержание в неволе)**. Известны случаи разведения в неволе.

**Меры охраны существующие.** Занесен в КК Киргизской ССР и КК СССР [7]. С 1986 г. охота запрещена. В заповедниках и заказниках Кыргызстана взят под охрану.

**Меры охраны рекомендуемые.** Создание новых заповедников и заказников концентрации животных, ужесточение борьбы с браконьерством. Проведение разъяснительной работы среди населения. Изучение биологии этого подвида.

# Brown Bear

## *Ursus arctos* Linnaeus, 1758

Status: VII category, Lower Risk/least concerned, LR/lc. Dwells in highlands of over 3,000 m (9,800 feet), almost across the whole Kyrgyzstan. Occurs in Teskei, Kungei, Naryn-Too, At-Bashi, Kyrgyz, Chatkal, Fergana, Alai and Zaalai Mountainous Ridges. Information about numbers is quite out-dated. In the 70-s of the last century the species density was 0.6-0.8 individuals per 1,000 ha of suitable habitats. There were 26 bears in Sary-Chelek zapovednik (protected area). There are 1-2 animals per 40,000 ha of suitable habitats in Teskei and Kyrgyz Mountainous Ridges and in Inner Tien Shan. The numbers have reduced for the last decade. Feeds in the mornings and evenings, resident, rare roams after the feed. Hibernates in winters. Mating season starts in June-July, males fight against each other, sometimes killing an opponent. Pregnancy is 6 months. Females deliver 2-3 bear-cubs in February in den. Bear becomes mature at 3 years. Limiting factors are poaching, transformation of suitable habitats. There are cases of captivity breeding. Included in the USSR and Kyrgyz SSR Red Books. It is recommended to establish new protected areas and reservations and improve public awareness.

# Суусар

## *Martes (Martes) foina* Ezxleben (1777)





**Жырткычтар сымалдар** – **Carnivora** – **Хищные**
**Кундуздар** – **Mustelidae** – **Куньи**

**Статусу:** Түр сейрек кездешүүчү, бирок жоголуп бара жатуучу.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Европанын жана Азиянын тоолуу райондорунда кездешет. Кыргызстанда бардык тоо кыркаларында жашайт.

**Жашаган аймактары.** Анын эң жагымдуу биотоптору – ортонку жана бийик тоолордо, таштуу жана шагылдуу таштар.

**Саны.** Республика боюнча саны төмөн, 10 км$^2$ бир особдон аз келет. Түштүктөгү тоолордо бул көрсөткүчтөр бир топ жогору жана Борбордук менен Чыгыш Тяньшанда суусарлар абдан аз [6,3].

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Чээнге кирбөөчү жырткыч катары жыл бою ал активдүү. Негизинен чычкан сымал кемирүүчүлөр жана чыйпылдак чычкандарга аңчылык кылууга жөндөмдүү, алар таштуу зоналардын жана шагылдардын арасынан табышат. Азыктануусунда көрүнүктүү орунду куштар ээлейт. Суусар жекече участкаларды ээлейт, бирок ар кандай себептер менен бир-бирине өтүп турушат. Күүгүмдө жана түнкүсүн активдүү, күндүз жашыруун жерлерде жүрүшөт. Суусарлардын кууту июль-августта өтөт, кийинки жылы чөндөлөйлөрү апрель-майда гана туулат. 2-5 туушат, алардын көздөрү бир айдан кийин гана ачылат. 3 айдан кийин өз алдынча жашап калышат [8]. 2-3чү жылы жыныстык жагынан жетилип калышат [8,9].

**Чектөөчү факторлор.** Төмөнкү тукумдуулугу, азык базасынын жетишсиздиги, браконьерлер жана суук, калың кардуу кыш.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Колдо аларды керектүү жаныбар катары кармашпайт.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Атайын коргоо чаралары иштелип чыккан эмес.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Иштелип чыккан эмес.

# Каменная куница или белодушка

## *Martes (Martes) foina* Ezxleben (1777)

**Статус:**. *VII категория, Lower Risk/least concerned, LR/lc.* Редкий вид с невысокой численностью.

**Распространение общее и в стране**. Горные районы Европы и Азии. В Кыргызстане обитает по всем хребтам [3]. В Кыргызстане обитает подвид *Martes (Martes) foina intermedia* Severtzov, 1873.

**Место обитания.** Излюбленные биотопы – каменистые крупно-обломочные нагромождения и осыпи в среднегорье и высокогорье.

**Численность.** Довольно низкая, менее одной особи на 10 км$^2$. Несколько выше эти показатели в горах на юге республики и очень мало ее в Центральном и Восточном Тянь-Шане [6,3].

**Образ жизни (жизненные циклы).** Незимоспящий хищник, активен в течение круглого года. Охотится в основном на мышевидных грызунов и пищух, преследуя их среди скал и осыпей. Заметное место в питании занимают также птицы [8]. Имеет индивидуальные участки, но по разным причинам может совершать переходы. Активна в сумерках и ночью, днем находится в убежищах. Гон проходит в июне – августе, молодые рождаются только на следующий год в апреле – мае. В помете 2 – 5 детенышей, которые прозревают месяц спустя, а через три месяца живут самостоятельно [8]. На второй, третий год становятся половозрелыми [8,9].

**Лимитирующие факторы.** Видимо, низкая плодовитость, недостаточная кормовая база, браконьерство и суровые многоснежные зимы.

**Разведение (содержание в неволе).** Не представляет хозяйственного интереса, не разводят.

**Меры охраны существующие.** Не разработаны.

# Beech marten

## *Martes (Martes) foina* Ezxleben (1777)

**Status:** VII category, Lower Risk/least concerned - LR/lc. Rare species, occurs in all mountainous ridges in Kyrgyzstan. Prefers stony-rocky habitats in mid- and highlands. Density is low, less than 1 individual per 10 km$^2$, it is higher in the south, very low on Central and Eastern Tien Shan. Marten is active thoroughwort the year. Feeds in small rodents and pikas pursuing them among stones and rocks. Does not avoid hunting after birds. Marten has individual spots but may roam from place to place. Mating season starts in June-August, young animals appear in April-May. There are 2-5 young animals in the droppings, which start to see light after one month. Limiting factors are low prolificacy, dearth of food, poaching and severe cold winters. No special protection measures are undertaken. It is recommended to reduce grazing around suitable habitats and fight against poachers.

# Чаар күсөн

## *Vormela peregusna* Guldenstaedt, 1770





Жырткычтар сымалдар – Carnivora – Хищные
Кундуздар – Mustelidae – Куньи

**Статусу**: *III категория, Critically Endangered, CR: R, C1*, Республиканын территориясында өлүп жоголгонго жакын уруунун бир гана түрү.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Түштүк-Чыгыш Европанын, Алдынкы, Ортонку жана Борбордук Азиянын талаалары, жарым чөлдөрү жана чөлдөрү. Мурун Кыргызстандын Чүй, Талас өрөөндөрүндө жана Түркстан кыркаларынын адырларында жашаган [3]. Акыркы 10 жылдыкта Чүй өрөөнүндө жана Чаткалдын түштүк тарабында таралышы белгилүү.

**Жашаган аймактары.** Талаалар жана жарым чөлдөр. Дарыялардын өрөөндөрүндө бадалдуу токойлордо кездешет.

**Саны.** Белгисиз.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Жашоо тиричилигин түнкүсүн өткөрүүчү жаныбар. Кумчулдар, сары чычкандар, кош аяктар жана башка майда жаныбарлар менен азыктанышат. Февраль-мартта жаштары туулат. Негизинен 3-8 тууйт, кээде гана 14кө чейин жетет.

**Чектөөчү факторлор.** Белгисиз. Жашоочу жерлерин айдоо анын популяциясынын санына тескери таасир этет.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Маалымат жок.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** 1985-жылдагы Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген [9]. Өзбекстан, Казакстан жана Тажикстандын Кызыл китептерине киргизилген.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Иштелип чыккан эмес. Болжолдуу жашоо жерлерин изилдөө иштерин жүргүзүү. Зарыл керектүү коргоо чараларды иштеп чыгуу.

# Перевязка

## *Vormela peregusna* Guldenstaedt, 1770

**Статус:** *III категория, Critically Endangered, CR: R, C1*. Близок к вымиранию. Единственный вид в роде.

**Распространение общее и в стране.** Степи, полупустыни и пустыни Юго-Восточной Европы, Передней, Средней и Центральной Азии. В Кыргызстане в прошлом обитала в Чуйской, Таласской долинах и адырах Туркестанского хр. [3]. В последнее десятилетие известны встречи в Чуйской долине и на южных склонах Чаткальского хр.

**Места обитания.** Степи и полупустыни. Встречается в кустарниковых зарослях по долинам рек.

**Численность.** Не известна.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Ведет преимущественно ночной образ жизни. Питается песчанками, сусликами, тушканчиками и другими мелкими животными. Молодые появляются в феврале – марте. В помете 3 – 8 детенышей, иногда до 14.

**Лимитирующие факторы.** Распашка мест обитания.

**Разведение (содержание в неволе).** Сведений нет.

**Меры охраны существующие**. Внесен в КК Киргизской ССР в 1985 г. [9]. Занесен в КК Казахстана, КК Узбекистана и КК Таджикистана.

**Меры охраны рекомендуемые.** Проведение обследования предполагаемых мест обитания, в результате – разработка необходимых охранных мероприятий.

# Marbled Polecat

## *Vormela peregusna* Guldenstaedt, 1770

**Status:** *III category, Critically Endangered, CR: R.* Inhabits in Chu, Talas Valleys, and Turkestan Mountainous Ridge. Nowadays occurs only in Chu Valley and southern slopes of Chatkal Mountainous Ridge. Prefers stepper and semi-desert habitats, in floodplain vegetation along rivers banks. Stocks are unknown. Nocturnal animal, uses for food the jirds, ground squirrels, jerboas and other small animals. Females deliver 3-8, up to 14 young animals in February-March. Limiting factors are unknown, however, ploughing up the suitable habitats negatively impacts polecats. No data on captivity breeding is available. Included into Kyrgyz Red Book of 1985, as well as Kazakh, Uzbekistan and Tajikistan ones. No other special protection measures are undertaken or developed. It is necessary to research suitable habitats, obtain data and develop recommendations based on these.

# Кундуз

## *Lutra lutra* Linnaeus, 1758





Жырткычтар сымалдар – Carnivora – Хищные
Кундуздар – Mustelidae – Куньи

**Статус:** *III категория Critically Endangered, CR: R, C1.* Кыргызстанда *Lutra lutra seistanica* Birula, 1912 түрчөсү жашайт. Борбордук Азиянын эки түрчөсүнүн бири.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Казакстан, Тажикстан. Кыргызстанда мурда Ысыккөл бассейнинин көлмөлөрүндө, Чаткалда, Нарында жана Алай өрөөнүндө жашачу. Азыркы учурда Кыргызстанда Алай өрөөнүндө, Кызылсуу дарыясынын түштүк-батыш бөлүгүндө кездешет. Чаткал жана Үзөңгүкууш дарыяларынын бассейндеринде сакталып калышы мүмкүн [3, 9].

**Жашаган аймактары.** Балыкка бай, жайылмасы бадалдуу жана бак-дарактуу же аска тектеринин сыныктары бар дарыялардын жана көлдөрдүн жээктери.

**Саны.** Азыркы учурда бир нече жуптан көп эмес.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Изилденген эмес.

**Чектөөчү факторлор.** Адам тарабынан кырылуусу, балыктын санынын азайышы.

**Өстүрүү (колдо багуу).** Белгисиз.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Аңчылык жасоого тыюу салынган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Алай өрөөнүндө ӨКЖА түзүү. Азыркы кездеги ареалын иликтөө үчүн Алай өрөөнүнүн территориясын изилдөө. Чаткал өрөөнүндө жана Сарыжаз дарыясынын бассейнинде болжолдуу жашоо аймактарын тактап изилдеп чыгуу.

# Среднеазиатская выдра

## *Lutra lutra* Linnaeus, 1758

**Статус:** *III категория Critically Endangered, CR: R, C1.* В Кыргызстане обитает подвид *Lutra lutra seistanica* Birula, 1912. Один из двух подвидов Центральной Азии.

**Распространение общее и в стране.** Казахстан, Таджикистан. В Кыргызстане ранее обитала на водоемах бассейна Иссык-Куля, Чаткала, Нарына и в Алайской долине. В настоящее время – в Алайской долине, юго-западной части р. Кызыл-Суу. Возможно, сохранилась в бассейне р. Чаткал, Узенге-Кууш [3, 9].

**Места обитания.** Берега рек и озер, богатых рыбой, с пойменными зарослями деревьев и кустарников или обломками скальных пород.

**Численность.** В настоящее время сведений нет.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Не изучен.

**Лимитирующие факторы.** Истребление человеком, истощение рыбных запасов.

**Разведение (содержание в неволе).** Не известно.

**Меры охраны существующие.** Охота запрещена.

**Меры охраны рекомендуемые.** Создание ООПТ в Алайской долине. Обследование территории Алайской долины для установления современного ареала. Проведение детального обследования предполагаемых мест обитания в Чаткалской долине и бассейне р. Сары-Джаз.

# Common otter

## *Lutra lutra* Linnaeus, 1758

**Status**: *III category Critically Endangered, CR: R.* Inhabited in rivers and lakes of Issyk-Kul, Chatkal, Naryn and Alai Basins in the past. Occurs in Alai valley along Kyzyl-Suu river, probably, Chatkal and Uzenge-Kuush rivers nowadays. Prefers river banks and lake shores with floodplain vegetation, or rocky spots. There are no more than several pairs breeding in Kyrgyzstan. Species biology is not explored. Poaching and reduction of fish supply are major limiting factors. Captivity breeding is unknown. Hunting is prohibited. It is recommended to establish protected area in Alai valley, investigate

# Маныл

*Otocolobus manul (Pallas, 1776)*





Жырткычтар сымалдар – Carnivora – Хищные
Мышыктар – Felidae – Кошачьи

**Статусу:** *VI категория, Near Threatened, NT.* Ареалы боюнча сейректерге кирет. Кыргызстандын фаунасында майда мышыктарынын 3 түрүнүн бири.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Кемин капчыгайын курчаган бийик тоолуу зоналарда, Ысыккөл ойдуңунда, Ички Тяньшанда, андагы Сарыжаз, Эңгилчек, Адыртер, Көйкап, Койлуу, Акшыйрак, Ыштаккарасай, Тарагай, Кызылбел, Жетим, Үзөңгүкууш, Нарынтоо, Атбашы, Какшаал тоолорунда. Ошондой эле түштүк Кыргызстандын тоо системаларында: бийик тоолуу Алайда, Түркстан тоо кыркаларынын түндүк беттеринде, Каракулжа, Тар дарыяларынын башталышында, бирок маалыматтар анык эмес. Бардык жерде бирин-серин болуп таралган [4,9,10].

**Жашаган аймактары.** Манып адатта жапыс тоолордун арасындагы талаалуу жерлерде жашайт, бирок Тяньшандын шарттарында ал бийик тоолордун арасындагы талаалар менен ачык сырттарды ээлешет. Токойсуз тоолордун зоолуу бетинде, шагылдуу тоо беттеринде, суунун бойлорунда, суулар таралган, кар аз түшкөн бадалсыз жерлерге умтулушат [1, 3]. Зоолордун кычыктарында, кээде суурлардын ийиндеринде жашашат. Адам бийик тоолорду өздөштүрүшү менен бирге манып сырт зонасынан сүрүлүп чыгат, себеби тоют базасы азайат жана тынчын алуучу факторлор таасирин тийгизет.

**Саны.** Бул түнкүсүн жүрүүчү сейрек жырткыч, жашыруун жүргөндүктөн анын саны жөнүндө маалыматтар чектелген жана так эмес. Суурга аңчылык кылууда кошо кармалат, бирок аз санда. 1977-1979-жылдары Ички Тяньшандын бийик тоолуу райондорунда атайын жүргүзүлгөн санынын эсеби алардын айрым жайыттарда бир топ санда болгонун көрсөткөн. Мисалы, Сарычат боюнча 14 миң гектар аянтта 10-12 манып сакталганы белгилүү [9]. Бирок, 1998-жылы май-июнда ушул эле жерде эсеп жүргүзүлгөндө бир дагы манып жолуккан эмес (Еремченконун оозеки билдирүүсү). А.Верещагиндин оозеки билдирүүсү боюнча [13] манып Сарычатэрташ коругунун аз кардуу сырткы зонасында анча көп эмес санда кездешкен.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Республика боюнча маалыматтар дээрлик аз. Адабияттарда берилген маалыматтар боюнча отуруктуу тиричилиги менен белгилүү, бирок калың кардуу кыштарда кар азыраак түшкөн райондорго оошот. Ийиндерин аска-зоолордун жаракаларына жасашат, суурдун калган ийиндерин пайдаланышы мүмкүн. Февраль-мартта кууту башталып, апрель-майда 3-4, чанда 2ден 10го чейин тууйт. Негизги азыгы – чыйпылдак, момолой чычкандар ж.б. чычкан сымалдуу кемирүүчүлөр, канаттуулар. Анын атаандаштары – түлкү, кадимки суусар, душмандары – карышкырлар, түлкүлөр, иттер, ири жырткыч куштар. Коркунуч туулганда качып кутулушат [4, 5].

**Чектөөчү факторлор.** Браконьерлик, койчулардын иттеринен өлүшү, калың кардуу кыш [4, 5].

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Колдо оңой эле көбөйөт. Өткөн кылымдын 80-жылдарынын башталышында дүйнөлүк зоопарктарда 54 манып багылган [2].

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** Казакстан, Өзбекстан жана Түркмөнстандын Кызыл китептерине киргизилген. Кыргызстанда 1972-жылдан тартып маныпга аңчылык кылууга тыюу салынган. 1975-жылдан тартып өзгөчө коргоого алынган түрлөрдүн тизмесине кирген, ал эми 1985-жылы – Кыргызстандын Кызыл китебине киргизилген. Нарын жана Сарычатэрташ коруктарынын территорияларында коргоого алынган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Сырт зоналарында суурларга аңчылык кылууга тыюу салынган атайын заказниктерди уюштуруу.

# Манул

## *Otocolobus manul (Pallas, 1776)*

**Статус:** *VI категория, Near Threatened, NT.* Редкий вид по всему ареалу.

**Распространение общее и в стране.** В Кыргызстане населяет высокогорную зону хребтов Кеминского ущ., Иссыккульской котловины, Центрального и Внутреннего Тянь-Шаня, в том числе Сары-Джаз: Энильчек, Адыр-Тер, Кейкап, Койлю, Ак-Шыйрак, Ыштак-Карасай, Тарагай, Кызыл-Бель, Джетим, Узенгю-Кууш, Нарын-Тоо, Ат-Баши, Кок-Шаал-Тоо. Возможно, обитает и в горных системах Юга Киргизии: в высокогорье Алая, на северных склонах Туркестанского хр., в верховьях р. Кара-Кульджа, Тар, но сведения недостоверны [4, 9, 10]. Всюду распространен спорадически.

**Места обитания.** Обычно живет в степных участках невысоких гор, но в условиях Тянь-Шаня занимает высокогорные степи и сырты. Поселяется на скалистых безлесых склонах гор, по каменистым россыпям, на остепненных склонах сыртов, по речным поймам, отдавая предпочтение бесснежным, слабозакустаренным участкам близ поселений сурков [9, 11]. Живет в расщелинах скал, осыпях, иногда в сурчиных норах.

**Численность.** Сведения случайны, ограниченны и зачастую недостоверны. Попутно, в небольшом количестве, регулярно отлавливается при промысле сурков. Специальные учеты численности в 1977 – 1979 гг. в высокогорных районах Внутреннего Тянь-Шаня показали, что в некоторых урочищах плотность обитания его довольно высокая: по Сарычату на площади 14 тыс. га учтено 10 - 12 особей [9]. Однако в мае - июне 1998 г. в этих же местах не было встречено ни одного [12]. По устному сообщению А. Верещагина [13], в небольшом количестве обитает в малоснежных участках сыртовой зоны Сарычат-Эрташского заповедника.

**Образ жизни (жизненные циклы).** Ночной хищник, ведет скрытный образ жизни. Живет оседло, но в многоснежные зимы порой переселяется в менее заснеженные районы. Логово устраивает в расщелинах скал, возможно, в брошенных норах сурков. Гон – в феврале – марте, в апреле – мае рождается 3 – 4, реже – от 2 до 10 котят. Основной корм – пищухи, сурки, полевки, другие мышевидные грызуны, птицы.

**Лимитирующие факторы.** Антропогенные: браконьерство, промысел сурка; освоение высокогорья, а также многоснежные зимы [14, 15], конкуренты (лисица, каменная куница), враги (волки, лисицы, собаки, крупные хищные птицы), фактор беспокойства.

**Разведение (содержание в неволе).** В неволе успешно размножается. В зоопарках мира в начале 80-х гг. содержалось 54 особи [4, 10].

**Меры охраны существующие.** Внесен в КК Казахстана, КК Узбекистана, КК Туркменистана. Запрещена охота с 1972 г. В 1975 г. включен в Список особоохраняемых видов, в 1985 г. внесен в КК Киргизской ССР. Охраняется на территории Нарынского и Сарычат-Эрташского заповедников.

**Меры охраны рекомендуемые.** Введение запрета на промысел сурка в сыртовой зоне, создание специальных заказников.

# Pallas’s cat

## *Otocolobus manul (Pallas, 1776)*

**Status:** *VI category, Near Threatened, NT.* Rare species throughout area, inhabits highlands of Kemin Gorge, Issyk-Region, Central and Inner Tien Shan, including Sary-Jaz, Enilchek, Adyr-Ter, Keikap, Kuilu, Ak-Ashyirak, Yshtyk Karasay, Taragai, Kyzyl-Bel, Jetim, Uzyengyu-Kuush, Naryn-Too, At-Bashi, Kokshaal-Too Mountainous Ridges. Probably occurs in the high mountains of Alai, northern slopes of Turkestan Mountainous Ridges, upper river streams Kara-Kulja and Tar, but data are not reliable. Distribution is sporadic. Usually lives in steppe habitats of low mountains, but in Tien Shan, it prefers alpine steppe and syrts (highland plains and hills) zones along with stone taluses, selects snowless scarse scrubby spots next to marmot colonies. Occupies rocky clefts, marmot burrows. Nocturnal predator, extremely reserved, that is why all data on stock are occasional and not reliable. However, special census efforts undertaken in 1977-1979 proved existence of 10-12 Cats in Sarychat locality within area of 14,000 ha. There was no single Cat observed in 1998 in the same census site. Another source states that there are several animals in snowless spots in Sarychat-Ertash zapovednik (protected area). Almost no data available on breeding biology for Kyrgyzstan. This is resident species. Usually mating season starts in February-March, females deliver usually 3-4, and rarer 2-10 kittens. Uses for food pikas, marmots, small rodents, birds. Limiting factors are direct poaching and poaching after its major prey - marmots, Sheppard dogs, winters with too much snow, and competitors such as wolfs, foxes, large birds of prey. There are successful captivity breeding cases throughout the world. Included into Red Books of Kazakhstan, Uzbekistan, Turkmenistan and Kyrgyzstan. Hunting has been prohibited in Kyrgyzstan since 1972. It is recommended to cease commercial hunting after marmots and establish special protected areas.

# Сүлөөсүн

*Lynx lynx* Linnaeus, 1758





Жырткычтар сымалдар – Carnivora – Хищные
Мышыктар – Felidae – Кошачьи

**Статусу:** *VI категория, Nearly Threatened, NT.* Сүлөөсүндүн саны анча көп эмес болгонуна карабастан азырынча санынын төмөндөшү байкалбайт. Республиканын территориясында сүлөөсүндүн сейрек түрчөсү.

**Жалпы жана өлкөдө таралышы.** Бүт Кыргызстан боюнча негизинен орто бийик тоолуу токойлор жана бадалдуу тоолордо жашайт. Сырткары Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Тибет, Гималай, Индия, Пакистан жана Афганстанда кездешет [16].

**Жашаган аймактары.**Сүлөөсүн кеңири таралганы менен бардык жерлерде саны аз санда. Ар бир эле капчыгайларда жолуга бербейт [6]. Анын таралышы азыгынын болушу менен байланыштуу. Эгерде ал аз болсо, тоо кыркаларынын бойлоп башка участкаларга көчүшөт [6].

**Саны.** Жашоочу 100 гектар жерге 0,1-0,02 особдон ашыгыраак келет. Мисалы, Шамшы, Кегети, Ысыката, Аламүдүн, Аларча, Аксуу, Жарлыкайынды, Кыргыз тоо кыркаларынын түндүк бетинде 20 сүлөөсүн катталган [6]. Бул факт анын аз санда экенин жана жашыруун жашап жүрүшүн айкындайт. Чоңкеминде сүлөөсүн дайыма болот. Талас аймагында жана Нарын дарыясынын башында карагайлуу токойлордо анын саны биртоп жогору [6]. Бул жырткычка мүнөздүү болуп саны аз.

**Жашоо тиричилиги (жашоо циклдары).** Түркстан сүлөөсүнүн биологиясы толук изилденген эмес. Бул түрчө Европалыктан айырмаланып дарактуу-бадалдуу токойлордо көбүрөөк болгону менен токойлордо дайыма жашоочулардан болуп саналбайт. Сүлөөсүн ар кандай биотоптордо кездешет. Аны карагайлуу, арчалуу жана жалбырактуу токойлордо же бадалдардан эле турган участкаларда табылган. Ал эми токойсуз райондордо таштуу зоолордо жашынышат [6]. Сүлөөсүн көбүнчөсүн ортонку бийиктикте жашайт, кээбирде тоо этектеринде да келет, ошондой эле бийик тоолордун этектеринде жапалак арчалуу же таштуу келген зоокаларга жашынат. Бул жырткыч көпчүлүк учурда жашоо-тиричилигин түнкүсүн жана күүгүмдө жүргүзөт. Күндүз капчыгайларда, көбүнчөсүн калың токойлордо же чоң-чоң таштуу жерлердин арасында жашынат. Азык базасы жетиштүү болсо, көп алыс кетпейт, отуруктуу жашайт. Эгерде жетишпесе, башка райондорго көчмөндүүлүк кылат (көчүшөт) [3, 6, 7, 17, 18]. Сүлөөсүндүн кууту кыштын аягында – жаздын башында башталат [6]. Болжолу, 70 күндөн кийин 2ден 3кө чейин балдарын тууйт [9, 17], кээбирде алардын саны 4-5 ке жетет [17]. Энеси менен балдары келерки жылга чейин бирге жүрүшөт. Сүлөөсүндүн негизги азыктары – ар түрдүү омурткалуу жаныбарлар, негизинен сүт эмүүчүлөр түзүшөт, ошондой эле куштар. Жырткычтын эң жакшы көргөн табылгасы – коёндор, алар аз болуп калса эликке, бөдөнөгө, кекиликке, чычкан сымал кемирүүчүлөр жана майда таранчы сымал куштарга кол салат. Бийик тоолордун этегине өтсө эчкилерди жана жаш текелерди кармап жешет, ушул жерлерде уларга да аңчылык кылат [3, 6].

**Чектөөчү факторлор.** Жашоочу жерлеринде азык базасынын мүмкүн жетишсиздиги жана карышкырлардын конкуренциясы. Браконьерлер сүлөөсүндү абдан сейрек атышат.

**Көбөйтүү (колдо багуу).** Колдо көбөйтүү боюнча маалымат бар.

**Уюштурулган коргоо аракеттери.** СССРдин жана Кыргыз ССРинин Кызыл китептерине киргизилген. 1986-жылдан тартып азыркы убакка чейин сүлөөсүнгө аңчылык кылуу тыюу салынган. Кыргызстандын коруктарында жана заказниктерде башка жаныбарлар менен ал кошо коргоого алынган.

**Коргоо үчүн зарыл аракеттер.** Тоолордун ортонку бөлүгүндө жаңы коруктар менен заказниктерди түзүш керек, себеби бул жерлерде сүлөөсүн коргоого алынат. Браконьерлер тапкан сүлөөсүндүн анча-мынча териси жергиликтүү элдин колуна түшөт. Ошондой эле түшүндүрүү иштерин жүргүзүү зарыл. Бул түрчөнүн биологиясы начар изилденгенине жана жашаган жерлеринде анын биоценоздук ролуна көңүл буруш керек.

# Рысь

## *Lynx lynx* Linnaeus, 1758

**Статус:** *VI категория, Nearly Threatened, NT.* На территории республики обитает редкий подвид *Lynx lynx isabellinus* Blyth,1874.

**Распространение общее и в стране.** Казахстан, Узбекистан, Таджикистан, Тибет, Гималаи, Индия, Пакистан и Афганистан [16]. На территории Кыргызстана распространена в лесных районах.

**Места обитания.** Населяет в основном среднегорные лесные и закустаренные участки горных хребтов. Встречается не в каждом, даже крупном, ущелье [6]. Её присутствие связано с наличием достаточного корма, при недостатке которого мигрирует на другие участки вдоль хребтов [6].

**Численность.** Немногочисленное животное, но снижение численности пока не происходит. В местах обитания – более 0,1–0,02 особей на 1000 га [6]. Около двух десятков рысей зарегистрировано, например, в ущ. Шамси, Кегеты, Иссык-Ата, Аламедин, Ала-Арча, Ак-Суу, Жарлы-Каинды, на северном макросклоне Киргизского хр.[6].

